*"Манас" эпосу үчүн эркинен ажырап, курман болгон белгилүү агартуучулар*
***Ишеналы Арабаев,***
***Токчоро Жолдошев,***
***Касым Тыныстанов,***
***Евгений Поливанов,***
***Ташым Байжиев,***
***Зияш Бектеновдордун***
*жаркын элестерине арнаймын.*

Түзүүчү.





**Арабаев Ишеналы (1882-1933)**
Кыргыздын туңгуч агартуучусу, Уфадагы «Медресе Галиядан» билим алган. 1911-ж. кыргыздын биринчи «Алиппесин» жазган. Молдо Кылычтын «Кисса зилзаласын» Казань шаарынан чыгарган. 1922-жылы Сагынбайдын «Манасын» жаздырган, Тыныбектин «Семетейинин» кыргызча, орусча үзүндүсүн Ташкенде, Москвада чыгарткан. 1924-жылы Кыргыз автономия республикасын түзүүгө катышкан. 1933-жылы эл душманы катары камакка кеткен.



**Поливанов Евгений Дмитриевич (1891-1938)**
Чыгыш тилдерин изилдөөчү жана адабиятчы, профессор, «Манас» эпосун изилдөөдө, кыскартылган кошмо вариантын даярдоодо, орус тилине которууда чоң эмгек кылган, өзү да түздөн-түз которгон, атайын тезис жазган. 1937-жылы камакка алынып, 1938-жылы Москвада атылган.



**Тыныстанов Касым (1901-1938)**
Кыргыз тил илимин изилдөөчү, адабиятчы, жазуучу, профессор, кыргыз фольклорун, «Манас» үчилтигин чогултууда, илимий изилдөөдө чоң эмгек кылган, басмага котортууга даярдаган, 1931-ж. Манастын үзүндүсүн театрга койгон, 1935-ж. Бүткүл союздук конференцияда «Манас» жөнүндө илимий доклад жасап, эпосту чогултуу, изилдөө, басмага чыгаруу, которуу, окутуу боюнча чечимдерди иштеп чыккан. 1937-жылы камакка алынып, 1938-жылы азыркы Ата-Бейитте атылган.



**Жолдошев Токчоро (1903-1937)**
Адабиятчы, сынчы, агартуучу, советтик, партиялык ишмер, Сагынбайдын «Манасын» жазууга камкордук кылган, эпостун варианттарын чогултуу, изилдөө, басмага чыгаруу боюнча башкы редактор, биринчи редакция, комиссияларды түзгөн, көзөмөлдөгөн. Тоголок Молдонун, Тыныбектин, Боогачынын адабий мурастарын басмага чыгарткан. 1937-жылы камалып, атууга кеткен.



**Байжиев Ташым (1909-1952)**
Агартуучу, жазуучу, «Манас» эпосун, кыргыз фольклорун изилдөөчү, кыргыз тил, адабият жана фольклор боюнча окуу китептерин түзгөн, илимдер академиясында «Манас» жана фольклор секторун башкарган, илимий эмгектерди жазган. 1950-жылы улутчул катары 10 жылга кесилип, 1952-жылы Караганда түрмөсүндө каза болгон.



**Бектенов Зияш (1911-1994)**
Агартуучу, кыргыз тили, адабияты, «Манас» жана фольклор боюнча окуу китептерин түзгөн, Сагынбайдын айтуусундагы «Манасты» кара сөз менен жазып, орус тилине которгон. 1950-жылы улутчул катары он жылга кесилип, беш жыл түрмөдө отуруп, 1955-жылы боштондукка чыгып, дагы беш жыл үй түрмөсүндө отурган.

# Манас, Семетей, Сейтек дастаны

*(Хрестоматиялык окуу китеп)*

Түзгөн *Мар Байжиев*

*Билим берүү окуу жайлары үчүн кошумча окуу куралы катары Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин буйругу менен бекитилген.*

«Седеп» фонду
Бишкек – 2011

УДК
ББК

***Рецензенттер:***

**Кыдырбаева Р.З.** – КРУАнын мүчө-корреспонденти, филология илимдеринин доктору

**Абдыракунов Т.** – филология илимдеринин кандидаты, БГУнун доценти,

Б

***«Манас, Семетей, Сейтек дастаны».***

Түзгөн: М. Байжиев – Кыргыз эл жазуучусу, УКАнын академиги, БГУнун ардактуу профессору. – Б.: 2011. – 416 б.

ISBN

Редактору *Э.Кылычев, БГУнун доценти.*

Сүрөтчүсү *Б. Куренкеев.*

Кыргыз элинин оозеки түрүндө жаралып, нечен кылымдардан бери жашап келе жаткан «Манас», «Семетей», «Сейтек» үчилтик дастанынын белгилүү варианттарынын негизинде түзүлгөн хрестоматиялык окуу китеби.

***Кыргызстан элдеринин маданий мурасын жана тилин сактоо боюнча Мар Байжиев түзгөн «Седеп» фондусу***

Б

**УДК**
**ББК**

ISBN

© «Седеп» фонду, 2011.

# «Манас» эпосунун жаңы варианты

***(Кириш сөз)***

Закымдап учкан мезгил өтүп, улам доорлор, кылымдар алмашкан сайын кыргыз элинин атактуу Улуу дастаны «Манас» эскирбей, кайра жаңырып, жаңы муунга, жаңы түскө ээ болуп айтылып, кагазга түшүрүлүп да, окулуп терең акыл-насааттуу акылмандыкка, кандай заман болбосун адам баласын аруулукка, айкөлдүккө, ыйман-ынсапка эл-журтун сүйүүгө үндөп турат.

1925-жылы Сагынбай Орозбаковдун «Манасы» кагазга түшү-рүлөөрү менен Касым Тыныстановдун дастан боюнча хрестоматиялык окуу китебин чыгаруу зарыл деген сунушуна Кыробкомдун катчысы Төрөкул Айтматов кол коёт. Башка манасчылардан эпостун варианттары жазыла баштайт. Бирок, компартиянын Совет бийлигинен мурда жаралган көркөм мурастарга болгон саясаты кескин өзгөрүп, К. Тыныстановдун театрдагы «Манасы» сахнадан алынат.

1935-жылы өткөн Бүткүл союздук конференцияда «Манас» эпосу элдик чыгармабы, же өткөн доордогу бай-манаптардын саясатын даңазалаган дастанбы?» деген маселе талкууланат. Конференцияны Б. Исакеев башкарып, К. Тыныстанов доклад жасайт. Өтө курч талкуудан соң конференциянын катышуучулары бир добуштан: «Манас», «Семетей», «Сейтек» үчилтиги кыргыз элинин нак көркөм чыгармасы деген пикирге келет; кол жазмаларды иргеп, тактап, бир нукка келтирип, саясатка ылайыксыз жерлерин тазалап, сөз арбытып кайталанган жерлерин, эпостун мазмунуна тиешеси жок окуяларын кыскартып, кыргыз элинин адеп-ахлагына, абийирине шек келтирген эпизоддорду

оңдоп, Чоң Казаттын кайгылуу натыйжасын, маанисин тактап, Сагынбай менен Саякбайдын варианттарынын негизинде окуу китебин чыгаруу боюнча комиссия түзүлөт.

1937-жылы Кыргызстан компартиясынын бюросу «Манас» эпосунун орусча котормосу («Чоң казат») бузукулук менен даярдалган, кайрадан оңдолуп, комитет бекитмейинче басмага берилбесин»,— деген чечимге келет. Бирок ошол эле жылы сталиндик репрессиялар башталып, Сагынбайдын «Манасын» жаздырган Ишеналы Арабаев, эпостун изилдөөчү-адабиятчылар Токчоро Жолдошев, Касым Тыныстанов, Евгений Поливанов, республиканын жетекчилери Баялы Исакеев, Жусуп Абдрахманов, Төрөкул Айтматов, Морис Белоцкий, Хасан Жээнбаев, Максим Аммосовдор, «Манас» комитетинин мүчөлөрү «эл душмандары» катары атуу-га кетишет.

1941-жылы эпостун варианттарын тактап, «Семетейдин» ва-рианттарын Шапак, Акмат Рысмендеевдерден жаздырып жаткан Т. Байжиев, Сагынбайдын айтуусундагы «Манасты» кара сөз менен жазып бүтүргөн З. Бектеновдор согушка кетишет. Китептер чыкпай калат.

1937-жылдан бери басмада оңдолбой жаткан «Чоң казаттын» орусча котормосу 1946-жылы Москвадан жарык көрөт, Сталиндик сыйлыкка көр-сө-түлөт. Бирок сыйлыктын ордуна саясий дооматтар коюлат. Манас — баскынчы, кытай элин күчтөп, мусулмандыкка киргизген зордукчул, мындай дастанды элге тараткан Сагынбай, Саякбайлар улутчу, динчин реакционерлер; деген саясий күнөө коюлат.

Т. Байжиев менен З. Бек-тенов түзгөн окуу китепте Сагынбай менен Саякбайды атактуу манасчылар дешкени үчүн улутчулдар катары он жылга кесилет, алардын кыргыз тили, кыргыз адабияты, фольклор боюнча түзгөн окуу китептери мектептердин короолорунда өрттөлөт...

1952-жылы Бүткүл союздук конференция: «Манас» дастаны кыргыз эли жараткан көркөм чыгарма, бирок аны өткөн заманда бай-манаптар, «беттери ачылган улутчу эл душмандары» бузган, — деген корутунду чыгарат.

1960-жылы «Манас» үчилтигинин саясатка ылайыкталган курама варианты проф. Б. М. Юнусалиевдин жалпы редакциялоосу менен 4 том болуп биринчи жолу жарык көрөт.

Кийнки жылдары жалпы окурмандарга багышталып басмадан чыккан. «Манас» училтигинин варианттары китептин соңунда аталды. (413 бет).

«Манастын» сюжети боюнча кара сөз менен жазылган жана автордук чыгармалар өзүнчө сөз.

Ал эми «Манас», «Семетей», «Сейтек» дастандары хрестоматиялык окуу китеби катары биринчи жолу чыгышы.

К. Тыныстанов, Т. Айтматовдор «Манас» боюнча окуу китебин чыгаруу демилгеси 85 жылдан кийин ишке ашты десек болот.

Колуңуздагы хрестоматиялык оку китебин түзүүдө жазуучу М. Байжиев эпостун басмадан жарык көргөн варианттарын дыкат карап чыгып, композициясын, мазмунун чыгармачылык менен иштеп чыккан.

Кыргыздын жеңилбес айкөл баатыры Манас Чоң казатка чыгып, кандай кыянатка кабылды?

Эмне себептен Семетей чыккынчылыктан курман болду? Кыргыз эли кандай үмүт менен 12 жаштагы Сейтекти кан көтөрдү?

Манастын керээзи, элдин ой-тилеги, үмүтү, Бакайдын батасы азыркы заманда ишке аштыбы, орундалдыбы?

М. Байжиевдин вариантында булардын баарына ачык, далилдүү жооп алууга болот. Дастан ашыкча кайталоолордон, логикалык жактан туура келбеген элементтерден тазаланып, тартипке салынган. Эгер эпос-тогу кайсы-бир эпизод Сагынбайда кездешсе, ошол эле эпизод Саякбайда жок болгонун билебиз. Мына ушундай учурларда түзүүчү башка манасчылардын айтууларына кайрылат, өз бүтүмүн профессионал жазуучу катары ишенимдүү, далилдүү түзөт.

Үчилтиктин мазмуну Т. Байжиев жана З. Бектенов түзгөн «Манас» насааты» бөлүгү менен толукталды.

Бул китептин жарыкка чыгышы байыркы жомоктогу улам кайра жаралган Феникс кушту элестетет. Демек, К. Тыныстановдун «Манас» боюнча окуу китебин чыгаруу аракети 85 жылдан кийин ишке ашып отурат.

Урматтуу окурман, колуңуздардагы китеп биз жогоруда кеп кылгандай, кандуу да, кайгылуу да, тар да, тайгак да жол басып келди. Ошондуктан түзүүчү Мар Байжиев бул окуу китебин «Манас» эпосу үчүн куугунтукка учурап, эркинен ажырап, курман болгон кыргыз элинин белгилүү агартуучулары: Ишеналы Арабаевдин, Токчоро Жолдошевдин, Касым Тыныстановдун, Евгений Дмитриевич Поливановдун, Ташым Байжиевдин, Зияш Бектеновдордун жаркын элестерине арналды.

**Эсентур КЫЛЫЧЕВ**



**Сагынбай Орозбак уулу**
**(1867-1930)**



**Саякбай Карала уулу**
**(1894-1971)**

# МАНАС





## ЖОМОК БАШЫ

Байыркынын жомогу
Айтпай кетсек болобу,
Көбү төгүн, көбү чын,
Көпчүлүктүн көөнү үчүн.
Көрүп келген киши жок,
Көбөйткөн менен иши жок.
Жармы төгүн, жармы чын,
Жарандардын көөнү үчүн.
Жанында болгон киши жок,
Жалганы менен иши жок.
Уламадан уккан сөз,
Улам бирге жуккан сөз.
Карылардан алган сөз,
Калк ичинде калган сөз.
Арбын жомок, толгон сөз,
Ат көтөргүс болгон сөз.
Азамат эрге конгон сөз.
Эрендерден калган сөз,
Энчи кылып алган сөз.
Как жүрөккө конгон сөз,
Кайнап ичке толгон сөз.
Жоого чыккан баатырдын
Жанжөкөрү болгон сөз.
Белес, белден, бороондон
Беш удургуп өткөн сөз.
Баласына атасы
Мурас кылып кеткен сөз.
Атпай журтка эп болуп,
Унутулбай жеткен сөз.
Канча кылым бул жомок
Калың элге дем болгон.
Кажыбаган эрлери
Кайрат берээр бел болгон.
Ошол күндөн ушул күн
Төккөн кумдай күн өттү,
Түгөнбөс нечен түн өттү,
Санжыргалуу шер өттү,
Эчен түркүн эл өттү.
Алышканын жок кылган
Албан түркүн эр өттү.
Элүү жылда эл жаңы,
Жүз жыл өтсө жер жаңы.
Бабалардан уланган
Биз экенбиз бер жагы.
Канчалык эрлер көз жумуп,
Кандары суудай агылды...
Найзалар төшкө сайылды,
Кылычтар шылый чабылды.
Ошол күндөн ушул күн
Коо бузулуп, сай болду,
Асты үстүнө айланып,
Сай бузулуп, тоо болду,
Тоо бузулуп, коо болду.
Калдайып жаткан жериңдин
Кайсы жери соо болду?!
Аты калып, өзү жок,
Ар кандай элдер жоголду,
Деңиз соолуп, чөл болду,
Чөл бузулуп, көл болду,
Түз бузулуп, төр болду.
Байыркынын алпы көп,
Баш айланткан салты көп,
Ок тиштешкен анты көп,
Айтаар сөздөн шашпайлы,
Айкөл Манас баатырдын
Баянынан баштайлы.

## АЛООКЕ КАНДЫН КЫРГЫЗДАРДЫ ЧАПКАНЫ

Түпкү атасы түгөл кан,
Түбүнөн Кыдыр даарыган,
Түпкү атасы Кыргыздан
Туулуптур Каракан,
Каракандан Угузкан,
Угузкандан Аланча,
Аланчадан Байгур кан.
Байгур кандан Бабыр кан,
Бабыр кандан Төбөй кан,
Төбөй кандан Көгөй кан,
Андан Чыйыр, Шыгай кан,
Үчүнчүсү Ногой кан.
Орозду, Үсөн, Бай, Жакып
Ногой кандан тараган.
Кайраты мыкты, заары күч,
Катылганды кылган түз
Кабылан экен Ногой кан
Жалтанбас болуп туулган,
Жалпыга даңкы угулган.
Кыжырына тийгенде,
Душманга салган чуулган.
Ал Ногой кан өлгөндө,
Кайра келбес чын жайды
Кайран киши көргөндө,
Кара кытай, манжуудан
Алооке деген кан чыгып,
Айбатынан жан чыгып,
Талдын баарын кулатып,
Тамдын баарын уратып,
Капарсыз жаткан кыргызды
Такыр чаап алды эми.
Ошондо кытай Алооке
Ордону бузуп, күл кылып,
Катындардын баарысын
Жетим-жесир тул кылып,
Түркүгүн сууруп алды эми,
Дүмөктү башка салды эми.
Каны жок каңгып, карайлап,
Талоон болду кайран эл!
Адырдагы жылкысын
Алооке тийип кетти эми.
Короодогу малдарын
Токтотпой айдап өттү эми.
Калдайган калың кыргызга
Кыйын мүшкүл салганы.
Кыйла жанды кырды эми,
Кыздарды олжо кылды эми.
Кайраттуусун байлады,
Кармап алып жайлады.
Алардан калган балдарды
Дене-кул кылып алганы.
Эркинче жаткан кыргыздын
Ушинтип шору кайнады.
Журттун баары чабылып,
Өлөйүн деп өлө албай,
Өкүмү жок курган журт,
Мүшкүл болду ушундай!
Жай-жайынан кыргыздын
Жалпы баарын көчүрүп,
Арга калбай жашаарга
Алды кетип Бапанга,
Бирөө тентип Алтайга,
Бирөө тентип Каңгайга,
Бирөө тентип Эренге,
Бирөө түшүп кетти тереңге...
Үсөндүн колун байлады,
Оркондү көздөй айдады.

Байдын колун байлады,
Желпиниш көздөй айдады.
Тун уулу кайран Орозду
Айдалды ыраак ал дагы.
Акбалта менен Жакыптын
Колдорун артка байлады,
Айылы менен көчүрүп,
Тегеректеп айдады.
Жер жүзүнө даңкайтып,
Баткызбай айдап баратты.
Эки күнү бир жерге
Жаткызбай айдап баратты.
Адыр-будур бел ашты,
Мунарык тарткан чөл басты.
Иленин башы Үч-Арал
Алтай деген жер экен.
Ал Алтайды жердеген
Калмак, манжуу эл экен.
Кыргыз чыккан кырк үйлүү
Кара калмак, манжуудан
Эчкинин тоңгон майын жеп,
Саанчы кирип, сүт ичип,
Эптеп жанын бакты эми
Жылкысын жайып күч минип.
Алтайда кыргыз ичинен
Акылманы Акбалта.
Кыргыздан келген көк бука,
Көк буканы союшуп,
Абаң Балта кыргызга
Акыл айтып турганы:
– Кайгырсак да, бышсак да,
Кайра кыргыз табылбайт.
Оокаттын өтөт азабы,
Кетмендеп жерди казалы.
Жан багуучу карыппыз,
Кара калмак, манжуунун
Ортосунда калыппыз.
Атагы Алтай жер экен,
Кара калмак, манжуу журт
Аштык билбес эл экен.
Оруп-жыйган эгиндин
Табагын тайга сатабыз.
Акыңды эмгек кайтарат,
Пайдасын жерден алабыз
Ар үйдө мал союлат
Ачкан курсак тоюнат…
Анда Жакып кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
– Азып келген кыргыздар
Акбалта тилин алалы.
Агызып терди маңдайдан
Аштыкты айдап салалы,
Арбытып малды табалы.
Капанын баарын таштайлы,
Жер айдап биз баштайлы!
Ошентип кыргыз баарысы
Кызматка кирди жамысы.
Шамыянын шайлатып,
Кош өгүзүн айдатып,
Жердин жүзүн ачтырып,
Уучтап тукум чачтырып,
Жаздан жайга жарышып,
Күздө түшүм алышып,
Айдап алган эгиндин
Кочушун койго сатышып,
Табагын тайга сатышып,
Короосу малга толуптур
Сандыгы толо сары алтын.
Көңүлү жай болуптур
Санкара күтүп, Жакыптын

Санаасы кабыл болуптур.
Сандыгынын баарысы
Сары алтынга толуптур.
Алтайда манжуу, калмакка
«Бай Жакып» атка конуптур.
Калса да малга бай болуп,
Турганы Алтай жер болуп,
Тутушканы бул жерде
Манжуу, калмак эл болуп,
Өсөөр күнү жок болуп,
Өлөөр күнүн ойлонуп,
Канча жыл жүрдү кайгырып,
Бир балага зар болуп.
Чындап тилеп баланы
Жүрсө да бала көргөн жок,
Арданып Жакып өлгөн жок.
Эгемден бала сурады:
«Ажал анык, чара жок,
Аман жүрөөр санаа жок.
Акыретке бет алсам,
«Атакелеп» артымдан
Наалып калаар бала жок.
Кара жаак айбалта
Кайкалатып ким аштайт?!
Камоодо жүргөн журтумду
Капа кылбай ким баштайт?!».
Байбичеси Чыйырды
Байынан бир күн кеп сурайт:
– Неге мынча капалуу
Күңгүрөндүң? – деп сурайт.–
– Куруп калсын дүнүйө,
Куубаш Жакып атандым.
Жашым жетти кырк сегиз,
Күндө-түндө тыным жок,
Дүнүйө күттүм куп тегиз.
Акыретке бет алсам,
Алтын, күмүш, пул калат.
Айдаган малга ээ болуп,
Алтайдагы кул калат.
Оболоп учкан ак шумкар
Таптап салаар кишим жок.
Жаш күнүмдөн мал жыйдым
Бала менен ишим жок.
Мал жыйган ишим чала экен,
Дүнүйө ээси бала экен.
Артында бала жок болсо,
Дүнүйөсү курусун,
Бузулуп калган калаа экен.
Калктын баары сени айтат
«Катыны жүрөт туубас!» деп.
Эки катын алганым,
Туяк көрбөй зарладым.
Бай Жакыптын айтканы
Байбичесин муңайтты:
– Мендей курган кемпирди
Мээнетке кудай жаратты.
Элүүгө жашым жеткени,
Эчактан бери түңүлдүм,
Эсимден бала кеткени.
Эркелеткен токолуң
Эмдиге туубай неткени?
Бакдөөлөт аты коюлуп,
Бала тууп бергенсип,
Басып жүрөт чоюлуп.
Ачууланды Бакдөөлөт:
– Мен шордууну «нетти» деп!..
Эжеке, сенин жолуң кууп,
Этегимен кан чыкпай
Жолуңу жолдоп кеттим! – деп,
Бакдөөлөтү силкинди.

Муну укканда байбиче
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Жүүнү бошоп жыгылды
Жүк түбүнө бүгүлүп:
«Уга көр, Кудай, зарымды,
Аман коюп чалымды,
Жашарта көр жанымды?!
Алда, берсең тилегим,
Аябайм сенден барымды,
Төрт түлүктүү малымды!» –
Деп боздоду Чыйырды.

## ЖАКЫП, ЧЫЙЫРДЫ, БАКДӨӨЛӨТТҮН ТҮШ КӨРГӨНҮ

Ыйлап жатып байбиче
Уйкуга көзү батканда,
Ак сакалдуу бир адам
Пайда болду жанында:
– Барбардигер Теңирим
«Ыйлаба» – деди силерди,
Мени буйруп жиберди.
Аяктай шарап ак алма,
Алгын колго, карма – дейт,–
Курсагың тойсун жалма – дейт. –
Айтканымды бил – деди,–
Алтымыш кулач ажыдаар
Ат ордуна мин – деди.
Түшүндө жеген ак алма
Курсагына толуптур.
Алдындагы мингени
Ажыдаар өзү болуптур.
Ачууланып оп тартса,
Ай-ааламды соруптур.
Ал аңгыча ойготуп,
Бай Жакып жаткан ордунан
Баш көтөрүп козголду:
– Кайгырбачы, кемпирим,
Кадыр Алда буюрса,
Кайра толоор кемтигиң.
Байбиче, билгин ушуну,
Кондурат экен Кудайым
Башыңа дөөлөт кушуңу.
Урматтуу бир түш көрдүм
Уктабай бекер уйкуну!
Бакдөөлөт анда муну айтат:
– Мен да жакшы түш көрдүм,
Башкача сонун иш көрдүм.
Бозала туйгун, боосу жез,
Боору кара, мойну кез.
Оң колуңа алыпсың,
Обону көздөй салыпсың.
Байбичеңдин үйүндө,
Балдагы алтын туурда
Баса конбой талпынат.
Үйдөн туруп талпынса
Үйүмдөгү эки куш
Кайра качып жалтанат.
Аябай малды соёлук,
Түлөө өткөрүп коёлук.

* * *

Жергесинде Жакыптын
Жетимиш үйлүү киши экен.
Элүү жашка чыкканча,
Тогуз жылкы, токсон кой,
Уйдан союп жетини,
Төөдөн союп экини.
Ак түлөөгө чакырды
Он эки уруу кыргызды.

Тарттырып элге табакты,
Түшүн Жакып бай айтты:
– Түшүмдө куш алыпмын,
Түмөндүү жерге салыпмын.
Кукулуктап үн чыкса,
Куштан бөлөк үнү бар.
Куйрук-башы жалтылдап,
Куудан аппак жүнү бар.
Алтымыш кулач жибек боо
Аягына тагыпмын.
Ай мунарын жем кылып,
Аябай сыйлап багыпмын.
Асмандагы канаттуу
Айбатынан уча албайт.
Жерде жүргөн аяктуу
Желип чыгып кача албайт.
Коноорго туур жайлапмын,
Алача моюн ак шумкар
Ага кошо байлапмын.
Кана, журтум, жоруңар
Канаты күмүш ак туйгун
Качан келип коноорун!
Байбичем байкуш түш көрүп,
Башкача сонун иш көрүп:
Алма жеп, ичи толуптур,
Алтымыш кулач ажыдаар
Ат ордуна болуптур.
Ал эмине болучу,
Акылмандар отурсуң,
Бу түшүмдү жоручу?
Токолум сонун түш көрүп,
Үйүндө эки куш көрүп,
Боору кара, мойну кез,
Болот текөөр, боосу жез,
Капшытка туура жайлаптыр,
Катыным экөөн байлаптыр.
Бул эмине болучу,
Муну, журтум, жоручу?..
Жакып бай айтып токтолду,
Жар-жоронун баарынан
Айтаарга киши жок болду.
Аш кайнамга жеткенде,
Алардын шайы кеткенде,
Акбалта кепти баштады:
– Бай Жакып түшү түш экен,
Оңунан келчү иш экен.
Куш болгондо – баладыр.
Азыр бала жогунан
Бай Жакып көөнү аладыр.
Ай тийген жердин баарысын
Алат экен балаңыз.
Күн тийген жердин баарысын
Күтөт экен балаңыз.
Алтымыш кулач жибек боо
Аягына такканың,
Ай мунарын жем кылып,
Азем менен бакканың.
Алтымыш жашка чыкканча
Аким болуп, журт сурап,
Алат экен дүйнөнү.
Ажыдаарды ат кылып,
Байбичең минип жүргөнү –
Шол баланын орою
Дүнүйө жүзүн сүргөнү.
Ажыдаардай айбаттуу
Эркек уул эр болуп,
Не кыйындын баарысы
Эсеп берип, эл болуп,
Карайт экен көзүнө.
Кара тоодой касиет

Конот экен өзүңө...
Бай Жакып боздоп ыйлады
Акбалта айткан сөзүнө.
Байлап койгон ак шумкар
Жакыптын келди эсине:
– Ак шумкар кошо байладым,
Муну да жоруп бер – деди. –
Бакдөөлөттүн түшүндө
Байланган эки куш – деди,–
Муну байкачы, кандай иш? – деди.
Акбалта туруп кеп айтат:
– Бакдөөлөт туур эки уул,
Алат экен ал экөө
Агасынын орунун.
Көкүрөк черин жазгандай
Көрүпсүңөр үчөөңөр
Дүйнөдө түштүн сонунун.

## МАНАСТЫН ТӨРӨЛГӨНҮ

Чыйырды кош бой болгону
Тамам үч ай жетиптир.
Байбиченин көңүлү
Жесем деп жолборс жүрөгүн,
Мындан башка самабайт,
Башка тамак жарабайт.
Жетпей жолборс жүрөгү,
Жин тийгенсип байбиче
Жеригинен жүдөдү.

Жылкычы кабар бергени:
«Каңгайдын Кара мергени
Жолборс атты» дегени.
Чыйырды аны укканда,
– Жарып жолборс жүрөгүн
Алып кел,– деди,– өзүмө!
Жылкычы буга таң калды,
Акысына жамбы алды.
Ара конуп ортого,
Барса, жолборс жатыптыр,
Зыңкыйып муздап катыптыр.
Жолборстун жүрөк алыптыр,
Жолго кайра салыптыр.
Алдынан тосуп байбиче
Жүрөктү колго алганы:
Оозу капкак казанга
Суу куюп жүрөк салганы.
Чала-була бышырып,
Жанга бербей жалмады.
Байбиченин талгагы
Ошол замат канганы...

* * *

Бала бойго бүткөнү
Тогуз айга жетиптир.
Толгоосу эми жеткенин
Байбичеси сезиптир.
Акбоздон бээ союлду,
Алтындан бакан коюлду.
Аны кармап Чыйырды
Айгайын салып чоюлду.
Коңшу аялдар жыйылды.
Козголгон сайын байбиче
«Кокуйун!» айтып ыйынды.
Бала туйлап кеткенде,
Байбиче көзү сүзүлдү.
Белдемчинин бүчүсү
Беш жеринен үзүлдү.
Айгайын баспай байбиче
Түндүктү карай түйүлдү.

Аны сайын байбиче
Азабын жеп үн салды:
– Башымды жутчу балабы,
Же жарып ичтен алабы?!
Жанымды жечү балабы,
Какчаңдаган куу Жакып,
Бакдөөлөт менен калабы?!
Жети күн тартты толгоону,
Жергеси чарчап болгону.
– Толгоосу эми толду – деп,–
Туур күнү болду – деп,–
Бердикенин катыны
Беленденип калыптыр.
Акымбектин катыны
Курсагын оңдоп калыптыр.
– Кудай берсе тубар – деп,
Акбалтанын катыны
Куруп калган Жакыптын
Кулагына салыптыр.
«Байбичең тууйт» дегенде,
Бай Жакып ыйлап заңгырап:
«Эркек» деп бирөө жүгүрсө,
Жарылып кетээр жүрөгүм.
Айылда туруп нетейин,
Жыгылсам да, талсам да,
Кайрат кылып калсам да,
Элге шылдың болбостон
Ээнге чыгып кетейин».
Ушуну айтып бай Жакып
Кыл аркан керме шайлатты,
Кырк карабоз быштыны
Сүйүнчүгө байлатты:
– Кыз тууса, үйдө калыңар,
Кыймылдаба баарыңар.
Эркек болсо чабыңар,
Талаадан мени табыңар,
Сүйүнчүсүн алыңар.
Жакып бай жолго салыптыр,
Жоргобоз айгыр үйүрү
Жолунан чыгып калыптыр.
Кара жалдуу кула бээ
Кайкалактап алыптыр.
«Болду акыры, болбоду,
Кула бээм бүгүн тубар – деп,–
Эркек болсо кулуну
Энчилейин балама.
Айманбоз деп ат коём
Жаңы тууган кулунга.
Катыным тууса эркекти,
Калың жылкы малымдын
Жоргобоз атын жоёюн,
Мындан кийин айгырын
Камбарбоз деп коёюн».
Туруп, жатып кула бээ
Тууй турган окшоду.
Артынан барып бай Жакып
Атынан түшө калганы.
Аны таштап салыңар,
Байбичеси Чыйырды
Баянын угуп алыңар.
Каканак суусу шар этти,
Баланын үнү «бар» этти,
Карынды катуу сүзгөнү,
Эки колун толтура
Кан чеңгелдеп түшкөнү.
Бала жерде туйлады,
Бар-бар этип ыйлады.
«Эркек бекен, кыз бекен,
Мага качан айтат?» – деп,
Байбиче жашын тыйбады.

Көрө салган катынга
Эркектиги билинип,
Чочогу чыкты чороюп,
«Эркек экен» дегенде,
Эстен танып Чыйырды
Жатып калды сороюп.
«Байбичеге нетти? – деп,–
Мартуу басып кетти» деп,
Катындын баары чочуду.
Байбиче башын көтөрүп,
Эсин жыйып жоошуду:
– Антандабай, катындар,
Аныктап көрчү, капырлар.
Жерден алгын тез! – деди. –
Дамбылданын зайыбы,
Киндигин өзүң кес,– деди.
Оромолун колго алып,
Ороюн десе баланы,
Ошо кезде бу бала
Оң колун сууруп алганы.
– Кокуй алат, нетти! – деп,–
Отуздагы жигиттей
Колун сууруп кетти! – деп,
Канымжан айта салганы.
Бакырып жаткан баланы
Бакдөөлөт жерден алганы.
Он бештеги баладай
Көтөргөндө салмагы.
«Берген экен кудайым
Берекелүү баланы!» –
Көзү каткан Бакдөөлөт
Көтөрүп өөп алганы.
Үч карын майды удаалап
Оозандыра салганы.
Баланы алып Чыйырды
Оң эмчегин салганда.
Адегенде сүт чыкты,
Экинчисин салганда,
Эмчегинен кан чыкты.
Чыдай албай ошондо
Байбичеден жан чыкты.
Айылдагы адамдар
Арбып-дарбып ат минип,
Адырга чапты анталап,
«Бай Жакып кайда кетти?» деп,
Баары жүрөт бакырып.
Кедеңдей басып Сулайка
Өз үйүнө барыптыр
Үтүрөйүп Акбалта
Үйдө отуруп алыптыр.
Көрө сала Сулайка:
– Опей! – деп чочуп калыптыр. –
Дүнүйөгө тойдуңбу?
Сүйүнчүгө бай Жакып
Кырк карабоз байлаган.
Кырк жылкыдан бирди албай
Кандайсың шоруң кайнаган!
Акырайып Акбалта
Катынын карап калганы:
– Кара баскан Сулайка,
Карасаңчы кудайды!
Тоюнбаган топор бар,
Куудуңдап жүргөн куулар бар,
Мал көрбөгөн жакыр бар,
Айылда жүргөн зөөкүр бар,
Короолош турган коңшу бар,
Коёбу мага ушулар?!
Барбадым да албадым,
Азыр атка минерге
Келбейт менин дарманым!

Канча күндөн шол жакка
Каралашып жүрөсүң,
Кана сенин алганың?
– Мына менин олжом! – деп,
Эки элечек, бир чепкен
Сулайка таштап салганы.
Бармак болду Акбалта
«Барбаймын» деп айта албай.
Байлануу турган Көкчолок,
Басыгы ылдам шайтандай.
Акбалта чал бокчоюп,
Аттанып чыкты чокчоюп.
Айылга жакын көмүскө
Азганактай жабырда,
Аткулактуу шабырда,
Кара жалдуу кула бээ
Аксур кулун тууптур.
Шыйрагын оңдоп шыпырып,
Тумшугун сыгып, телчитип,
Энесине ээрчитип,
Отурган экен бай Жакып.
Акбалта көрүп акырды,
«Сүйүнчү!» деп бакырды:
– Айтканымды туюнчу,
Бактылуу Жакып, сүйүнчү!
Карыганда байбичең
Кабылан тапты, сүйүнчү!
Аны укканда бай Жакып
Акылдан танып оңолду:
– Сүйүнчүңө, Акбалта,
Алтындан алчы бир калта.
Камбарбоздун үйрүнөн
Каалап туруп тогузду ал!
Айталаада нетели,
Тезирээк үйгө жетели.

* * *

Жакут ичик жамынып,
Жаккан оттой камыгып,
Баласын алып болукшуп,
Отурган экен үйүндө
Байбичеси толукшуп.
–Уулумду келе мага?! – деп,
Баланы Жакып алганы
Бакырып ыйлап калганы.
Кубанып Жакып ыйлады,
Кучакта бала туйлады.
Байкайын деп баланы
Бай Жакып көзүн салганы:
«Маңдайы жазы, башы kууш,
Бар боюнда турат тууш.
Кочкор тумшук, кош кирпик,
Көркү калча, көзү тик,
Жалаяк ооз, жар кабак
Эр мүнөзү көрүнөт.
Алакан жазык, колу ачык,
Аттанып чыкса, жолу ачык,
Алп мүнөзү көрүнөт.
Кең көкүрөк, жайык төш
Аркасы кең, бели түз,
Айбаты катуу, заары күч
Пил мүчөсү көрүнөт.
Жолборс моюн, жоон билек,
Жооруну калың, таш жүрөк,
Жылма кабак, жылдыз көз,
Бөрү кулак, жолборс төш
Бөлөкчө түрү бар экен. –
Кут кылган болсо Кудайым,
Кудайдан жашын сурайын,
Кеткенден алаар кегимди,
Өткөндөн алаар өчүмдү.

Кудайым өзү берди!» деп,
Баласын жыттап калды эми.
Сөз айтты Жакып сүйүнө:
– Той берем быйыл жайында
Үчаралдын оюнда.
Кабарымды уккандар
Калбасын – деди,– үйүнө.
Туурасы Эртыш суу болсун,
Аягы Орол тоо болсун.
Бир чети Тибет чөл болсун,
Күн чыгыш жагы Кытайдын
Камбылдын мунар бел болсун.
Чакыраарым тоюма
Ошондон берки эл болсун.
Жакып бай туусун аштады,
Жайында тойду баштады.
Жети жүз очок ойдурду,
Жетимиш үйлүү кыргызын
Эт бышыртып койдурду.
Калмактан канча кол келди,
Казак, кыргыз мол келди.
Калмакка казан астырды,
Жер очоктун баарысын
Жергенттикке каздырды.
Көргөн дагы арманда,
Көрбөгөн да арманда.
Топтолду кыргыз бөлүнүп,
Той аяктап калганда,
Баланы Жакып алыптыр,
Этегине салыптыр:
– Ат коюңар,– деп айтып,
Конокторго барыптыр.
Отурган эрлер дегдеди,
Оозуна бир ат келбеди.
Ат коё албай алдырап,
Акылмандын баарысы
Карап турду жалдырап.
Жеке мерсент балага
Ат коё албай көпчүлүк
Камалып турган чагында,
Асасы колдо шалдырап,
Пайда болду думана
Отурган элдин жанына:
– Берсеңер эгер уруксаат,
Мен коёюн атын – деп,
Думана айтты бу кепти.
– Ат коюңуз, макул, – деп,
Адамдын баары чуу эти.
– Пайгамбардын сүрөтү –
Баш жагына «мем» келсин.
Олуянын сүрөтү –
Ортосуна «нук» келсин.
Арыстандын боруму –
Аягына «сен» келсин.
Ал үчөөнү кошкондо,
Аты болсун «Манас»! – деп,–
Алда Таала сактасын,
Алас, алас, алас – деп,–
Ар балаадан калас! – деп,
Бата кылды думана.
Алакан жайып дүркүрөп,
Ат коюлду «Манас» деп.
Көздөн кайым жок болду
Эми эле турган думана.

* * *

Жакыптын тою тарады,
Жалпыга кетип кабары.
Токтотуп калың кыргызды
Акбалта мындай кеп айтты:

– Паана берип жараткан,
Элди табат экенбиз!
Киндик кесип, кир жууган
Жерди табат экенбиз!
Билсең кадыр түн келди,
Ойлоп көрсөң, Жакыбым,
Жакшылык тиер күн келди.
Көз көргүс жерде душман бар,
Уламадан кеп уктум,
Алыста жаткан Эсенкан,
Бул кыргыздын журтунан
Бала издетет деп уктум.
«Кыргыздан Манас чыгат – деп,–
Ошол Манас туулса,
Бээжинге бүлүк салат» деп,
Канына айтып далайды
Билген экен көзү ачык
Казыналык аярды.
Манасты издеп Эсенкан
Калайманды салат дейт.
Тутанып өлгөн кызталак
Туш-тушка кабар кылат дейт.
Асты, кыргыз баласы,
Айта көрбө «Манас» деп.
Кыргыздын баары чогулуп,
Кызыр чалган баланы
«Чоң Жинди» атка койолу.
Жашы он экиге келгенде,
Билбегенин билгизип,
Эл күткөн жолго салалы.
Кайнаган калың душмандан,
Кагышса, кекти алалы.
Он төрткө жашы келгенде,
Кармашта жүрүп катыгат,
Карап тургун ошондо,
«Кабылан Манас» атыгат!
Балтанын сөзү бап болду,
Баарынын оозу жап болду.
Манастын атын бурмалап,
«Чоң Жинди» деген ат койду.

## МАНАСТЫН БАЛА ЧАГЫ

Айдан, айдан ай өтүп,
Ай мезгили болуптур.
Бала Манас ошондо
Жетиге жашы толуптур.
Бала да болсо башынан
Пендеден башка сыягы.
Ар мүчөсүн карасаң,
Адамдан башка турганы.
Кээ бир күнү карасаң,
Кездей белин буунат,
Керээли кечке жуунат.
Адал-арам түк билбей
Ар бир түрлүү иш кылат
Байлатпаган жиндидей,
Кыялына келгенин
Кылбай койбойт билгендей.
Балкайган жапжаш баланын
Шер экенин ким билди!
Эч нерседен жалтанбас
Эр экенин ким билди!
Бешке чыга келгенче,
Берениң Манас баскан жок,
Балача чуркап шашкан жок.
Сегизге жашы келгенде,
Күйүп турган чок болду.
Күлдү кыргыз ичинде
Мындай тентек жок болду.

Кырк баланы кырк үйдөн
Бир күнү жыйнап алыптыр.
Чоң Алтайдын талаага
Чогулуп оюн салыптыр.
Кара калмак, манжуудан
Сексен бала барыптыр.
«Тентип келген бурут – деп,–
Бул буруттун балдарын
Чуркуратып курут!» деп,
Жаалына алып бир даары
Жалынса болбой урганы.
Ошондо Манас бакырды:
«Кыргыздап!» ураан чакырды,
Кара чокмор алганы,
Карсылдата салганы.
Быт-чыт болду быркырап.
Далайдын көзү чыгыптыр,
Далайдын колу сыныптыр.
Сексен бала чуркурап,
Качыптыр баары дыркырап.
«Бай Жакыптын бул уулу
Бир балакет кылат» деп,
Калайык ушак кылыптыр.
Бай Жакып байкап күйгөнү,
Бардык сөзүн калтырбай
Байбичеге сүйлөдү:
– Аңдасам, балаң акылы аз,
Жөнүн таппайт, дөөлөт мас.
Кордук көрдүм жашыман,
Азап тарттым башынан.
Маңгулда жүрдүм мал багып,
Манжуулардын журтунда
Канча жүрдүм жан багып!
Азып келип, мал күттүм –
Алтайым жакшы жер эле.
Нээти таза, ичи кең
Калмагым сонун эл эле.
Бөйөндүн уулу Чаянды,
Калмак деп көөнүм жерибей,
Жашыман жаным таянды.
Кызматын актап кылган соң
Бакдөөлөт кызын маа берип,
Чаяндан таптым аялды.
Кутура берсе Чоң Жинди
Кайнатат экен шорумду!
Чачат экен чунак уул
Санкара жыйган малымды.
Төктүрөт экен чунак уул
Бул калмакка канымды!
Баркын билбейт дүйнөнүн,
Мал азабын балага
Бир тарттырып көрөлү.
Малдын баркын билгизип,
Ошпурга малай берели.
«Макул экен бул сөз» деп,
Байбиче кабыл алганы.
Чакырды Жакып баланы,
Жакыптын айткан балага
Мындай болду талабы:
– Жылкы жок бизде, төө да жок,
Жүздөн ашпайт коюбуз.
Ошпур деген чоң бай бар,
Козусун барып, багып кел,
Акысына кой берет –
Ошону үйгө алып кел! –
Деп ошентип табыштап.
Ошпурга берди бай Жакып
Чоң Жинди аттуу баланы.
Чыйырды ыйлап чыркырап,
Ошпурга барып жалынды:

– Айланайын Ошпурбай!
Өлгөндө көргөн баламдын,
Тентегин тыйаар чама жок,
Аманат бердим колуңа!
Акыл айтып иштетип
Түшүргүн түз жолуна!

* * *

Ошпурда жүрүп Манасың
Он эки жашка келиптир.
Урунаарга тоо таппай,
Урушаарга жоо таппай,
Койчулардан кырк бала
Жыйнап алып талаага
Торпок минип топоңдоп,
Чуулдап салып оюнду,
Чоң Жиндиге көп үйүр
Болгон бала чогулду.
Кырк баланын баарысы
Тегеректеп Манасты
Ойноп оюн, чаң салып,
Козудан кармап союшуп,
Шишке сайып тоюшуп,
Кунан чаап, ойноп бакырат,
Бакырганын байкасаң:
«Манастап!» ураан чакырат.
Аны көрүп Ошпурдун
Жүрөгү түштү болкулдап,
Боконо сөөгү солкулдап:
«Оңбогурдун баласы
Оолугуп жини кармаса,
Өз билгенин бул бала
Кылып салат турбайбы!
Бай Жакыптын козусун
Кырып салат турбайбы!
Баланды тыйып алгын деп,
Бай Жакыпка барайын.
Куу баладан кутулуп,
Анан тынчтык алайын». –
Деп ойлонуп Ошпуру
Барды Жакып байына:
– Өзүңөрдө кой багып,
Жүргөн мен бир жакырмын.
Айталаага кырк бала
Алачыктан салыптыр.
Ортосунда жинди уулуң
Султан болуп алыптыр.
Этке тойгон кырк бала
Жөө күлүк чаап бакырат,
«Манастап!» ураан чакырат.
Уулуңдун аты Чоң Жинди,
Манас атын ким билди?!
Жинди уулуңду тыйбасаң,
Кытай, калмак, манжуу журт
Балээни башка салбасын,
Баланды мойсоп албасын.
Муну укканда байбиче
Бай Жакыпка кеп айтты:
– Малың арбын, балаң жок,
Зарлап көрдүк Манасты.
Аман жүрсө жалгызың,
Үзүлгөнүң уланат,
Чачылганың жыйылат.
Уулум тентек чыкты деп,
Кайгырбагын малыңа,
Адалга бур пейлинди,
Атаганат дүнүйө,
Алтайды айттың жерим деп,
Калмакты жүрдүң элим деп!
Бул Алтай бизге жер эмес,

Калмагың бизге эл эмес.
Уу чылайт идиш күбүңө,
Бу калмак жетет түбүңө!
Буза бербей санаамды
Алып келгин баламды.
Байкап туруп бу кепти
Бай Жакып алды оюна:
«Баламды алып келейин,
Байбиченин колуна
Соо-саламат берейин».
Ошол күнү кечинде
Бай Жакып жете барганы
Койчу Ошпурдун үйүнө
Манасты атка мингизип
Кайра тартты жайына.
Кере күндүк жол эле
Бара турган арасы.
Айылынан түшчүлүк
Жылкы жатаар талаасы.
Ал талаадан көрүштү
Асман баскан туманды.
«Бул эмине тозоң?» деп,
Сурап калды Манасы.
Аңдап турса, артынан
Кулун, тайлар куюгуп,
Кунан, бээлер буюгуп,
Токтоттурбай жылкыны,
Ортого салып токмоктоп,
Жылкычы башы Ыйманды
Он чакты калмак кууганы,
Таңыркап Манас турганы:
– Эмне үчүн калмактар
Бул байкушту урганы?
Кимдин малы бул мал? – деп,
Атасынан сурады.
Чынын айтты бай Жакып:
– Биздин жылкы бу мал – деп,–
Алты зубун калмакка
Жайыт акы, суу акы
Отуз байтал, беш аттан
От майына беремин.
Ошону да азсынтып,
Коруган тура бу жерин!
«– Мал биздики» дегенге,
«– Малсызбыз – деп өткөндө,–
Калп айтканбы атам?» деп,
Таңыркап Манас калганы.
– Жылкыны кызыл май кылып,
Эмне болуп кетти? – деп,
Жер коруган калмакка
Желдирип Жакып барганы
Бай Жакыпты калмактар
Тегеректеп калганы.
Озунуп барып бир калмак
Жакыпка камчы салганы.
Аны көрүп жаш Манас
Укурук колго алганы.
Манжуунун Кортук башчысын
Качырып келип жаш Манас
Как төбөгө салганы.
Башка бекем чабылды,
Мээси ташка жабылды.
«Кармап алып баланы,
Башына шири салсак!» деп,
Карап турган Манаска
Калмактын баары чамынды.
Туруп бербей Манастын
Чапканы түштү чалкадан,
Урганы түштү узундан.
Беш жылкычы, бир Манас

Менменсиген калмакты
Бел ашырды качырып.

* * *

Алтай жерин жердеген
Алты зубун калмагы
Бир айылга чогулду
Акыл-кеңеш салганы:
– Жер талашып, эр өлдү,
Кунду кандай салабыз?
Бай Жакыптын жылкысын
Баарын тийип алабыз! –
Деп ошентип таң эртең
Жебелерин асынып,
Элүүдөн, жүздөн топтошуп,
Калмактар жолго салганы.
Аралдагы Жакыптын
Айлын талап алмакка
Чабуул коюп калганы.
Мына ошондо жаш Манас
Көк найза колго алганы,
Айманбозду чуратып,
«Манастап!» ураан салганы.
Алдыга жөнөп калганы.
Баары кирди бакырып,
Кылкандай найза жапырып,
«Манастап!» ураан чакырып.
Айбатына тура албай
Калмактан келген калың жоо
Ат соорусун салганы,
Артына качып калганы.

* * *

Манжуунун ары бетинде,
Каңгайдын бери четинде
Эсенкандын элчиси,
Кара калмак, манжуунун
Жер кайтарган ченчиси –
Корук башы Кочку экен,
Кочкуга зайсан барыптыр:
– Буруттун пейли тарыптыр,
Жылкычы башы Кортуктун
Мээсин жарып салыптыр.
Кордукту Кортук көрүптүр,
Коктуда жатып өлүптүр.
Дегенде, Кочку карарып,
Жети асаба туу алып,
Жети жүздөй кол алып,
Жети жүздүн башчысы –
Жеткилеңи чоң Кочку,
Кочку келип калганы.
Добулбас үнү кагылып,
Сырбараң үнү жаңырып,
Бузукту Кочку баштады.
Жергедеки кыргыздар
Жандан кечип таштады.
Керегe-уугун кыйратып,
Келин-кызын ыйлатып,
Керүүдөгү жылкыны
Баарын тийди чуратып,
Жакыпты турду кууратып:
– Кызы талак, куу бурут,
Жүргөнүң бузук бу, бурут!
Дегениме көн, бурут!
Балаң тентек Чоң Жинди
Азыр бизге бер, бурут!
Сурагыма көнөсүң,
Айтканымды бересиң!
«Баламдын аты Жинди» деп,
Падышабыз Эсенкан

Алдап жүргөн экенсиң.
Манасыңды бербесең,
Айтканыма көнбөсөң,
Азыр табам жайыңды,
Чыгарамын сызгырбай
Сөөгүңдөгү майыңды!
Ал аңгыча болгон жок,
Он экиде жаш Манас,
Минген аты Айманбоз,
Жоо-жарагын шайланып,
Кынсыз кылыч байланып,
Сырнайзаны колго алып,
Качырып кирди бакырып.
Арт жагында кырк бала
«Манастап!» ураан чакырып,
Ат мингени дагы бар,
Өгүз минген дагы бар,
Кыжылдаган кармашта
Кырк баланын баары бар.
Ошол келген Кочкунун
Мурунунун таноосу
Бурулуш жылга буткулдай,
Кезиккенди ал Кочку
Аты менен жуткандай:
– Сексен Манас болсоң да
Түбүңө чогуу жетемин!
Жакып чалды баш кылып,
Баарыңды байлап кетемин!
Каарланып күпүлдөп,
Дабыштанып дүпүлдөп,
Жекеге чыкты эр Кочку
Төбө чачы сүксүңдөп.
Бала Манас көкжалың
Жебеден мурун жетти эми,
Жеткен жерден Кочкуну
Көмө коюп өттү эми.
Адырайган чоң Кочку
Аттан кулап кетти эми.
Манаска Жакып муну айтат:
– Карангүн, мүшкүл чыр салып,
Кочкуну союп таштадың!
Калың каздың орумду,
Кайнатмак болдуң шорумду!
Ордолуу журтка катылып,
Чечтирмек болдуң тонумду!
Кейип Жакып турганда,
Акбалта кирди күүлөнүп,
Ачуусу келип сүйлөнүп:
– Эселек Жакып, не дейсиң?!
Эркек бала шок болсун,
Шок болбосо ал бала
Туула электе жок болсун!
Аман болсо Манасың
Өчкөн отуң тамызат,
Өлгөн жаның тиргизет.
Кулжуңдаба, Жакыбым,
Малдын баарын чачалык.
Медер кылып Манасты
Кыргызды көздөй качалык.
Бул Алтайга турганда
Не муратка жетелик!
Курган жан аман барында,
Кыргызга кирип кетелик!
Акбалтанын айтканын
Көңүлүндө эп кылып,
Азганакай кыргыздар
Эртелеп жолго камынды
Көчө турган ой кылып.

## БАЛА МАНАС ЭСЕНКАНДЫН БААТЫРЛАРЫН ЖЕҢГЕНИ

Нук пайгамбар тушунда
Топон суу толкуп ашканда,
Жердин жүзүн басканда,
Топон суусу жете албай,
Бээжинди каптап кете албай
Чынмачын деген жер калган,
Тогуз жүз түтүн эл калган.
Ошол элден уланган
Калың кытай журтунун
Улугу экен Эсенкан.
Алты жылдык азапты
Азыр айтып берүүчү
Аярлары бар экен.
Илийи бичик колго алып,
Бичигинен билиптир,
Эсенкандын алдына
Сыйкырчы аяр кириптир:
– Атактуу Манас кан чыгат,
Ал бурутта туулат.
Манас туулуп чоңойсо,
Эгерим бизди оң кылбайт.
Манас атка мингенде,
Тыргоотуң тыйпыл кырылат.
Анын колдогону – Кожосан,
Чын жолдошу – кырк чилтен.
Ошол Манас туулса,
Каарды катуу салбайбы,
Капкайда кегин албайбы!
Ошол Манас чоңойсо,
Уйпалайт Бээжин шаарыңды,
Талкан кылат баарыңды,
Улугунду, каныңды!
«Бээжинге сурак салат» деп,
Мына чоң даңзага катталды!
Топон суу кирбес жериңди
Тополоң кылчу эр ошол!
Тыңчыларың жиберип,
Айдатып келгин Бээжинге,
Манас аттуу баланы.
Кырк аркан бойлуу чоң зындан
Терең орго салалы!
Ошондо улук Эсенкан
Чогултуп алып бардыгын,
Угузду мындай жардыгын:
– Балбандарым, баарың ук,
Узун кулак карың ук!
Сыйкырчы, тыңчы баарың кел,
Көзү ачыктан миңиң кел!
Аты Манас баласын
Буруттардан кармап кел!
Тирүү койбой Манасын
Тындым кылып салбасам!
Ал Манасты таппасаң,
Тыргоот, манжуу, көп кытай,
Менден ажал табасың!
Таппай келсең көрөсүң,
Тыптыйпыл менден өлөсүң!
Калмактардын хан Жолой,
Ишенгеним сен элең.
Ыгын тапсаң, жайлап кел.
Айласын тапсаң, Манасты
Акыры тирүү байлап кел.
Куру келсең, балбаным,
Кылычтап башың аламын.
Барабан бекем кагылып,
Эшикке панар жагылып,
Бээжинден чыкты миң аяр

Пилге жүктөп, ок алып,
Билимдүүсүн чогуу алып,
Соодагерлер өңдөнүп,
Дөңгө менен Жолоюу,
Шибээден бар Музкиндик,
Тыргооттон бар Солобо,
Тогузкерден Бозкертик,
Солондон бар Ороккыр
Кытайлардан чоң Дөөдүр,
Боз качырчан Маамытбек,
Кериги бар, төөсү бар,
Канча түркүн дөөсү бар –
Котолошкон балбаны
Бурутту карай жол жүрүп,
Баланы издеп калганы.

* * *

Ошол кезде Манастын
Айманбозу жайлануу,
Кырк баланын тулпарлар
Керме толо байлануу.
Кырк таман чийип ордону
Атып жаткан кези экен.
Тамашага уландар
Батып жаткан кези экен.
Кызыкка Манас батканда,
Чүкө чертип жатканда,
Эсенкандын кырк нары,
Кырк нарынын астында
Кыйла баалуу Кызыл нар,
Эки жүз балбан артта бар,
Атып жаткан ордонун
Ортосун жара бастырды.
Ачуусу менен эр Манас
Чүкөнү катуу черткени,
Чүкө учту чыркырап,
Эсенкандын Кызыл нар
Чүкө тийген жилиги
Талкаланды быркырап.
Манасты кармап алууга
Эки жүз балбан жүгүрдү.
Аны көрүп кырк бала
«Өлдүк» деп жандан түңүлдү.
Кыраан Манас баштады
Чоюн чокмор ойнотуп,
Жанындагы кырк бала
Эсин жыйды жанданып,
Кыжылдаган кытайга
Кошо кирди кол салып.
Бала Манас талкалап,
Балбанды кырып жатканда,
Дөөдүр качып кутулду
Жетимиш жерден жара жеп.
Жетип келип чоң Дөөдүр
Түркүгү алтын чатырга
Кирип барды жүгүнүп,
Жолой, Дөңгө баатырга:
– Манас менен кармашсам,
Каарды катуу баштады!
Эки жүз эрдин баштарын
Ышкындай үзүп таштады!
– Кызыталак буруттан
Коркупсуң көзүң жумулуп!
Он экиде бала экен,
Манасын байлап алалык.
Колго тийсе атасын,
Курмандыкка чалалык.
Кадырлуусун кыралы,
Кызыкталак бурутту
Кара элечек кылалы!

Деп ошентип эр Жолой
Алдындагы Ачбуудан
Ойку-кайкы бастырып,
Калың колду шаштырып.
Чыңыроо тартып жез найдан,
Чымчык учпас кең сайдан
Кол-кошууну козголуп,
Жөнөп калды шол жайдан.

* * *

Манаска Жакып мындай дейт:
– Айтканына көнөлүк,
Сулуу кыздан бир тогуз
Тартуу кылып көрөлүк.
Кыйналып калган жан элек,
Тирүү болуп жерде жок,
Кырылып калып жүрбөйлүк!
– Кокуй, ата, не дейсиң?!
Жоого намыс бергиче,
Ажалдан мурун өлөйүн!
Малым менен жанымды
Олжого кантип берейин!
Зордукчу кара кытайга
Согушту мыктап саламын,
Телпейген кара кытайдан
Теңдигим тартып аламын!
Коркпо, ата, кейибе!
Найзалашып топ бузам,
Тагдыр жетсе, окко учам!
Ошол кезде кылкылдап
Кытай каптап калганы.
Жору куйрук Жоон алп,
Кайчы кулак Каман алп
Качырып уруш салганы.
Бала Манас көкжалды
Ортосуна алганы.
Колдун артын эр Жолой
Айдап алган чагы экен.
Койбочудай кармашса,
Жайнап алган чагы экен.
Кол алдында чоң Дөңгө
Кежиге чачы үксүйүп,
Келе жатат түктүйүп.
Мурунунан чыккан буу
Кол ыштыктай буркурап,
Кыргын тийген эмедей
Артынан кошуун чуркурап.
Кылкүрөң менен чамынып,
Манаска найза сайууга
Жеткен экен камынып.
Көк темирден туулга
Көмкөрө кийип алыптыр.
Көмө койчу эмедей
Күркүрөп келип калыптыр.
Кыраан Манас жаш бала
Айманбоз оозун бурду эми.
Тоодой болгон Дөңгөгө
Токтолбой найза сунду эми:
«Кендир курдун бети – деп,–
Өпкөнүн бержак чети – деп,–
Жан жеринин тушу – деп,–
Өлөр жери ушу» – деп,
Катуу сайып өткөнү.
Кылкүрөңдүн үстүнөн
Дөңгө кулап түшкөнү.
Дөңгө аттан түшкөндө,
Кылычты Манас алганы,
Башын чаап салганы.
Кылкүрөңдү Манас шер
Олжолоп алды жетелеп.

Кылкүрөң коштоп чыкканча,
Кудай бетин көргөзбө,
Камышты көр, селди көр,
Каптап келген элди көр,
Каардуу Жолой бакырып,
«Какандап!» ураан чакырып,
Каарды катуу салды эми.
Кайнап келген көп балбан
Манасты курчап калды эми.
Айманбоз менен ойнотуп,
Жеткен жерин сойлотуп,
Ортосунда зор Манас
Опол тоодой көрүнүп.
Каарына чыдабай
Балбандар качып бөлүнүп.
Эр Манастын кырк баатыр
Кара таандай кытайды
Кайра айдады жапырып.
Жетик Жолой чоң балбан
Ачбууданга камчы уруп,
Качырган каман төштөнүп,
Алуучу аюу көздөнүп,
Колунда сунган найзасы
Карагайдай көрүнүп,
Жекеге чыгып алыптыр.
Каарына каапырдын
Жер майышып калыптыр.
Кыраан Манас жаш бала
Теке маңдай барганда,
Жолой баатыр муну айтат:
– Антаңдабай сен, бурут,
Атыңдын оозун бура тур,
Алдакы жерге тура тур!
Дегениме көн, Манас,
Буруттугуң чын болсо,
Кезегиңди бер, Манас!
Жекеме жеке беттешип,
Жеке сайыш кылалык.
Жолдондогон Жолойдун
Дегенине көнгөнү,
«Каалаганың болсун» деп,
Кезегин Манас бергени:
– Аябай найза сай, Жолой,
Аяп калсаң эгерде,
Энеңди алып кал, Жолой!
Бардык күчүң сал, Жолой,
Жыга сайып кал, Жолой,
Өз убалың өзүңө
Жыга албасаң, эр Жолой!
Ушинтип Манас күүлөнүп,
Айманбоз оозун бурду эми.
Кызыр чалган кабылан
Кылт этпей туруп берди эми.
Кезегин берип эр Манас
Былкылдабай турганы.
Мыктап Жолой сайганда,
Кыйшак этип койбоду.
Эр Жолойдун Ачбуудан
Тизеси жерге орноду.
Калмактын ханы Жолойдо
Кылайган арга калбады.
Калтаңдаган шум Жолой
Качаар жагын камдады.
Айманбоз санга бир салып,
Найзасын оңдоп колго алып,
Ач арстан төштөнүп,
Алгыр бүркүт көздөнүп,
Атылып Манас жетти эми.
Калмактардын чоң Жолой
Ээрден көчүк кылтайып,

Үзөңгүдөн бут тайып,
Эки өңүрү далбактап,
Эки көзү алактап,
Куюшканын кармады.
Көзү кетти тунарып,
Өңү кетти кубарып,
Ырп этээр алы калбады.
Түгөнгөн тоонун урчуктан,
Дүмүрөйгөн тумшуктан
Качып калган Жолойду
Кабылан Манас кууду эми.
Баарынан тулпар Айманбоз
Башын жерге салыптыр,
Арбытып арыш алыптыр.
Эти кызып ээлигип,
Эң эле катуу жээлигип,
Камыштай кулак жапырып,
Куюндай жерди сапырып,
Тынбай чуркап калыптыр.
Айры белес тайпаңдан
Айкөл Манас кабылан
Алты айлантып кууду эми.
Жети кайкаң дөбөгө
Жеткилең Манас баатырың
Жети айлантып кууду эми.
Жакындап Манас калганда,
Көсөл экен эр Жолой
Айласын таппай шашты эми,
Токойго кире качты эми.
Жолборсуңдун астына
Эч ким жоолоп барбады.
Жолугуша келгенде,
Жоосу тирүү калбады.

* * *

«Кара кытай, манжуудан
Кутулуп эми калдык» деп,
Курган кыргыз той кылып,
Мойнуна курун салынып,
Жаратканга жалынып,
Үзүлгөнү уланды,
Ушинтип кыргыз кубанды.
Манас-Манас болду эми,
Манас атка конду эми.
Ак калпакты кийди эми,
Алчайып атка минди эми.
Эки тизгин, бир чылбыр
Өз колуна алды эми.
Орунтуктуу эр болду,
Он эки мүчө тең болду.
Күйүттүү кыргыз биригип,
Күтүп алаар шер болду.
Толкуган кара кытайга
Тоону бузаар сел болду.

* * *

Манжунун каны Нескара,
Чабдар аты бар экен.
Уламыштан кеп уккан
Укмуш артык жан экен.
Нескара кебин элге айтат,
Арык казган жерде айтат:
– Ала-Тоодон сүрүлгөн
Түбүң түшкөн бурутта
Түмөндөгөн жылкы бар,
Толуп жаткан мүлкү бар.
Чоң-Алтайдын бетинде,
Чоң-Дабранын четинде
Манас деген бала бар,

Акылы жарым чала бар.
Өңкөй балдар кашында,
Быйыл он үч жашында.
Мен ошого барамын,
Тийип жылкы аламын.
Атакеси Жакыптын
Эшектей кардын жарамын.
Жалгыз туума Манасты
Тирүү байлап саламын.
Чоңойсо, бараар жерине,
Чачылган бурут элине.
Балтыры сыйса жерине
Балакет болоор көбүңө.
Алтайды көздөй баралы,
Айдап жылкы алалы.
Бейкут жаткан болобу,
Бекер этке тоёлу.
Ээликкен Манас баланын
Эртелеп көзүн оёлу! –
Аттанып калды Нескара
Алыска сапар жол алып,
Калкыган калың кол алып.
Нескаранын калың кол
Бай Жакыптын Кең-Арал
Аягы менен өтүптүр.
Эки күнү жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Маңгулга кирип кетиптир.
Жайытта маңгул жылкысын
Тийип алып качыптыр.
Эми Жайсаң кеп айтат,
Ачууланып бек айтат:
– Ушул жактын тоолорун
Көргөн кишиң жок беле
Кайнаган калың колуңда?
Катыла албайм, коркомун,
Бала Манас баатырга!
Кармап берер алым жок
Айлымды чаап алсаң да!
Айтканын угуп Нескара:
– Бери жакын бастыр… – деп,
Кылтыйып турду жылмая.
Кармаарын билип шекинип,
Качты Жайсаң тоо жакка,
Токойго кирди бекинип.
«Кармап алып сойбой!» деп,
Нескара калды өкүнүп.
Ченебей талап олжону
Нескаранын көп колу
Ошо күнү конушту
Жайсаңбайдын айлына,
Ою менен болушту.
Катындар ыйлап чуркурап,
Балдар ыйлап чыркырап,
Колго түшпөй калгандар
Кокту, жылга, тоо-ташка
Качып кирди дыркырап.
Нескара баштап манжуулар
Эртесинде аттанып,
Эрдемсинип шаттанып,
Он бешке толгон жаштуудан,
Олоңдой кара чачтуудан,
Көчтөн чыккан көрктүүдөн,
Көмкөрө кундуз бөрктүүдөн
Жүз отуз кыз алыптыр.
Эмчеги тикче, эти арык,
Маралдай бою керилген
Эптүү сулуу келинден
Эки жүз түшүп калыптыр.
Төөлөрдү тегиз бакыртып,

Эшектерин акыртып,
Уй мөөрөдү күңгүрөп,
Кой маарады дүңгүрөп,
Кишинетип жылкысын,
Кишилерин байлатып,
Жылдырып малын айдатып,
Көкөлөткөн көп тууну
Колду жолдон көрүп ал
Кулак тунган көп чууну.
Баатыр Манас жаш бала
Айманбоз минип болкоюп,
Ак найза колдо койкоюп,
Айбаттанып акырып,
Жазайылды жаткырып,
Күлдүр мамай мылтыкты
Күркүрөтө аттырып,
Нескаранын колунун
Жолун тосуп чыгыптыр.
Алтай казак калкынан
Камбардын уулу Айдаркан,
Айдаркандын Көкчөсү
Кырк жигиттин башы экен,
Он алтыда жашы экен,
Кыргызга тууган, дос болуп,
Манас менен кол курап,
Ал да кошо чыгыптыр.
Аларды көрүп Нескара
Чабдарга камчы уруптур.
Нескаранын Чабдар ат
Шайтандай учкан мал экен.
Канаттуу куштай сызылып,
Жөнөп калган чагы экен.
Айманбозун чуратып,
Артынан Манас жеткени:
«Алтын кемер чети – деп,–
Айдалынын бети» – деп,
Сырнайза сайып өткөнү,
Кансыраган Нескара
Октой учкан Чабдарды
Оозун жыйып алыптыр.
Четиндүү кыя чер менен,
Кийик баспас жер менен
Өөдөнү көздөй салыптыр.
Каран калган Айманбоз
Өөдөдө өксүп калыптыр.
Нескара качып кеткен соң
Кошууну турду калтырап.
«Жан соогалап!» буркурап,
Турган манжуу, калмагы:
– Катылбайбыз эми! – деп,
Койдой баары чуркурап.
Бала Манас ошондо:
– Алты миң ашык саныңар,
Качып кетти каныңар.
Айткан сөзүм эп болсо,
Мага кара баарыңар!
Көрсөтпөймүн тозокту
Көзүңдөн жашың тыйгын – деп,
Туткундун баарын бошотту.
Тууган болуп душманы
Кубанып таркап кеткени.
Кыргызда Манас баатырдын
Кабары көпкө жеткени.

* * *

Арадан алты ай өткөндө,
Өткүр Манас жаш бала
Жолдошу сексен төрт болуп,
Жол салган жагы өрт болуп,
Алгыр куштан алышып,

Очогор мылтык асынып,
Бүркүт алып шаңшытып,
Аң уулоого чыгышты
Тайгандарын каңшытып.
Ит агытып, куш салып,
Бөрү, түлкү көп алып,
Кызыкка балдар батканда,
Асты бардыр жыйырма беш,
Аягы Манас он беште,
Балдар салды тамаша:
– Бүгүн жети кондук биз,
Бул отурган сексен төрт
Атын сойгон бирөөнү
Ак тердикке салсакчы,
Аким кылып, хан шайлап,
Улук кылып алсакчы!
Мартың болсо, союңар,
Сараң болсоң, коюңар.
«Атымды сойбойм такыр!» деп,
Баары болбой качкан соң,
Манаска келди кезеги:
– Сексен төрттүн ичинде
Сен экенсиң кичүүсү.
Урматтап улук кылалы,
Соёсуңбу атыңды,
Бай Жакыптын уланы?
Анда Манас кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
– Атын союп, кан болуш
Адам угаар кеп эмес!
Талгак болсоң, ач болсоң
Бир жылкынын этине,
Айманбозду соёюн,
Ат минбесем коёюн!
Айтканын угуп Кутубий
Ордунан тура калганы:
– Жөө калтырып Манасты,
Атын сойсок оңбойбуз,
Эгерим эки болбойбуз!
Жетегимде боз бышты,
Дал Манастын быштысы!
Айманбозду коюңар,
Боз быштыны союңар.
Байрак байлап, туу тутуп,
Баатыр Манас баланы
Кан көтөрүп коюңар.
Кабылан Манас баланы,
Качканына болбостон,
Ак тердикке салышты,
«Каныбыз!» деп дүркүрөп,
Кан көтөрүп алышты.
«Кан нөкөрү – бизбиз!» деп,
Кашындагы боз балдар
Каткырып жыргап калышты.

## МАНАСТЫ КАН КӨТӨРҮҮ

Камбарбоздун үйрүнөн
Кармап келип тогузду,
Баарын бирдей сойдуруп,
Жер очогун ойдуруп,
Алтайлыктын элинен
Атуулдан түк койбой
Алды Акбалта чакырып:
– Алтайда жаткан эл,– деди,–
Аяк-башың жыйналып,
Эсебиң канча, бер – деди.
Алтайлыкты санаса,
Аяк-башын караса,
Токсон алты миң болду.

Акбалта анда кеп баштайт,
Кеп баштаса деп баштайт:
– Төгөрөктүн баарынан
Түрө келдиң, калайык.
Айлананын баарынан
Арбын келдиң, калайык.
Эсенкандан кол келип,
Эчен кыйла мол келип,
Эрегишип жоо болдук,
Жоо келсе, кайдан соо болдук!
Тукум калбай кырылып,
Тумшугубуз катпайлык.
Ургаачыңды күң кылып,
Таң атпаган түн кылып,
Эркегиңди Эсенкан
Таманга басып, жүн кылып,
Сатыкка салып, кул кылып,
Сандыкка салып, пул кылып,
Санабай малың айдатып,
Сайкашкаңды жайлатып,
Айдап жүрүп кырбасын
Ар тарапка сайлатып.
Башчысыз эл марыбайт,
Башаламан жарыбайт.
Баштуу журт жоого кор болбойт,
Жаактуу киши зар болбойт,
Жабылса душман жан койбойт.
Калкалайм десең жаныңды,
Калдайган журтум, биригип,
Кайраты бар бирөөнү
Кан көтөрүп алалы.
Кандыкка бириң чыгыңар,
Калп айтпаган чыныңар,
Казатка чыгаар тыңыңар,
Беттешкен жоого белдүүңөр,
Белдешкен доого демдүүңөр,
Өткүр чечен тилдүүңөр,
Өкүмөт жөнүн билчүүңөр!
Акбалта мындай дегенде,
«Кан боломун калкка – деп,–
Кандай да болсо чыдаймын
Калк башкарган наркка» деп,
Айтаар адам болгон жок.
«Баланча болсун башчы» деп,
Башкага ыраа көргөн жок.
Боз балдар анда кеп айтат,
Болгон ишти деп айтат:
– Аң уулап жүрүп баарыбыз
Бир быштысын Манастын
Айталаада сойгонбуз.
Манастын өзүн баарылап,
Кан көтөрүп койгонбуз.
Көтөргөн Манас каныбыз
Аяк менен башыңа,
Кары менен жашыңа
Келээр бекен эби? – деп,
Саламат уулу Айнакул
Сан журтка айткан сөзү бул.
– Каныбыз Манас болсун! – деп,
Калктын баары дүңгүрөп,
Жапырт айта салганы.
– Бир тай союп Манасы
Кандыкты кыргыз алды! – деп,–
Сараңдык кылып сойбопсуң,
Казак куру калды! – деп,
Көкчөнү Камбар жемелеп,–
Туубай калсын сени! – деп,
Капаланды Камбаркан,–
Кай жериңде кеми?! – деп.
Акбалта айтып калыс кеп,

Айгайлады мындай деп:
– Кан кылбайбыз дегениң
Азыр айткын сөзүңдү.
Атап коюп кандыкка
Артынан калбаа салбасын.
«Аны койбойт элек» деп,
Арманың ичте калбасын!
Арстан Манас жаш бала
Жыйынга басып барганы:
– Астымда жөлөк ага жок,
Ажал келсе, дабаа жок.
Артымда иним жаш жатыр,
Башыма мүшкүл иш түшсө,
Сууруп алаар азаптан
Тууганымда дарман жок.
Карып калган Жакыпта
Кайрат кылаар шайман жок.
Талаада тай сойдум,– деп,–
Кан көтөрүп койдуң, – деп,
Өз напсиме тартпаймын.
Тоодой токонаалатты
Өз мойнума артпаймын.
Казак, кыргыз бир тууган,
Калмагың бар, маңгул бар,
Каңгай менен тыргоот бар,
Кан болуучу жан бардыр,
Бирөө чыксын бел бууган.
Бошотуп мени койгун – деп,
Бала Манас айтты кеп.
Чогулган элдин баарысы
Камалышып калышты:
«Жаштык кылса баласы,
Карыса да Жакыпты
Кан көтөрүп алалы.
Не болсо да Жакып бай,
Дүнүйөсү колдо бар.
Кабылан Манас баланы,
Кайрат кылаар душманга,
Баатыр коюп салалы!»
– Көтөрдүк анда канды! – деп,–
Кан болуучу жанды! – деп,
Алты кулач ак кийиз
Астына жая салышып,
Агала сакал Жакыпты
Акбалта менен Бердике
Жетелешип алышып,
Көпчүлүк аны сүйрөдү.
– Көтөрбөңөр мени! – деп,
Көсөл Жакып сүйлөдү. –
Көргөнсүңөр, калайык,
Көп зарладым бала деп.
Каралдым турса кашымда,
Убалыма калбаңар
Карып калган жашымда. –
Муну айтып бай Жакып
Бурчактап жашын тыйбады.
Кордукта жүргөн курган чал
Кубангандан ыйлады.
Казак, кыргыз чогулуп,
Калмак, маңгул жабылып,
Ак кийиздин үстүнө
Бай Жакыпты салганы.
Баласы Манас баатырды,
Атасына биргелеш,
Отургузуп алганы.
Жети кадам басканда:
– Болду, балдар, болду! – деп,
Жеткилең Жакып карыя
Жерге түшүп калганы.
Көтөрүп алып көпчүлүк

Жеке Манас баланы
Алиги турган жыйынды
Жети айланып барганы.
«Кан таажысы ушу» деп,
Эр Манастын башына
Жыгалуу бөрктү кийгизди.
«Мураабызга жеттик!» деп,
Калайык урмат билгизди.
Тойду Жакып баштады,
Ногойдон калган көк тууну
Оболото аштады.
Токсон бээни сойдуруп,
Сарандыгын таштады.
Тогуз күндө той таркап:
«Кандуу журт болуп калдык – деп,–
Кабылан Манас балага
Бийликти берип салдык» – деп,–
Келгендер кетти жайына.

## МАНАСТЫН КОШОЙ БААТЫРГА БАРГАНЫ

Алтайдагы кыргыздын
Акылманы Балта экен.
Жазы жаак, жалпак тил,
Жаңылбаган чоң чечен.
Абаң Балта кеп баштайт,
Акырын сүйлөп, бек таштайт:
– Журт башчысы өлгөндө,
Кызык кылып биздерди
Кытай, калмак бөлгөндө,
Бирөөбүз кеттик Эренге,
Бирөөбүз кеттик тереңге,
Бирөөбүз кеттик Каңгайга,
Бирөөбүз келип тыгылдык
Кара калмак Алтайга.
Уламадан уласак,
Билгендерден сурасак,
Ала-Тоону жер кылып,
Жүргөн кыргыз бар дешет.
Алооке менен алышып,
Сүргөн кыргыз бар дешет.
Катагандын кан Кошой
Белгилүү балбан эр дешет.
Колума темир күрсү алган,
Тоону кылган ташталкан.
Коргонду таштан салган дейт,
Азган-тозгон кыргызга
Акылман Кошой карыя
Башчы болуп калган дейт.
Биз айдалып кеткенде,
Бул Алтайга жеткенде,
Кыйла жыл баштан өткөндө,
Келгендерден кеп уккам,
Үрбү кан аман деп уккам.
Үрбүнүн жайын айтайын:
Эки Кемин жайлаган,
Эгиз кара ат байлаган.
Күрүчүн күздө айдаган,
Күлүгүнө күрүчтүн
Күрмөгүн берип байлаган.
Жалгыз жүрүп көбөйгөн,
Жарды жүрүп байыган
Таздын уулу эр Үрбү,
Атагы чыгып эр болуп,
Кайрат кылып, бел болуп,
Калкын баккан кези дейт.
Кагылайын Манасым,
Ала-Тоо жолун чалып кел,
Туугандан кабар алып кел!

Сапарың болсун оңунан,
Жоо чыкпасың жолуңан.
Акбалтадан муну угуп,
Арстан Манас аттанды,
Ээрчиткени кырк бала,
Бөөт-чөөт көл басып,
Адыр-будур бел ашып,
Көкжалың Манас жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Эрикпей эчен күн жүрүп,
Сонун эл, сонун жер көрдү,
Аркырап аккан суу көрдү,
Аркайган Ала-Тоо көрдү.
Көргөнгө көзү кубанып,
Ашуу ашып, таш басып,
Бет алып чыкты көкжалың
Үч-Каркыра жерине.
Жергелеше чыгыптыр
Жылтырканы, шыбагы
Белден болуп чириптир.
Бетегеси, тулаңы
Жалбырагы жаргактай
Жаткан экен Каркыра
Кара курту бармактай,
Балтырканы билектей,
Маралы үркүп, чу койсо,
Мала кашка инектей.
Кызыл-Кыя кымбат жол,
Кылт этип ашып түштү дейт.
Ошондо баатыр оолугуп,
Ысык-Көлгө жолугуп:
«Береке экен, бел экен,
Пенде жүрчү жер экен.
Ортосу көпкөк көл экен,
Түгөнгүс ырыс, кен экен.
Жаныбарым Ысык-Көл
Жер соорусу турбайбы,
Жердеген киши тунбайбы!
Өйүз-бүйүз жери тар,
Жерине сан кол бата албай
Алек болчу жер экен.
Туш-туштан душман кол салса,
Өзөндүн баары жол экен».
Ушуну ойлоп эр Манас
Ысык-Көл бойлоп, жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Адыр-адыр бел басып,
Өңгүл-дөңгүл тоо ашып,
Алыстан көзү чалганы
Дарбазалуу ордону,
Чеч-Дөбөнүн боюнда
Айландырган коргонду.
Кароолчусу эрте-кеч,
Угаар кулак, көрөөр көз
Куу байталчан Кутунай
Анталаңдап Кошойго
Жеткенде айтат мамындай:
– Оргуп чыккан чаң көрдүм,
Орою суук жан көрдүм
Атайы келген жоо болсо,
Таш коргонуң талкалап,
Кум коргонуң кулатып,
Такыр кырып кетет ко,
Түбүбүзгө жетет ко!
Баатыр Кошой абакең
Эрендерди жыйнатып,
Жыйылгандын баарысы
Жоо-жарагын алышып,
Белести тосуп калышып,
Беренин Кошой караса,

Айманбоз тулпар мингени,
Ок өтпөс торко кийгени,
Карааны тоонун теңиндей,
Каарына алса жегидей.
Ошондо Кошой кеп айтат,
Кеп айтканда эп айтат:
– Аты угулуп, күттүргөн,
Качан келет деп жүргөн,
Курган Жакып жалгызы,
Кудуреттин пендеси,
Кыргыз журттун ырысы,
Жоо кетпесе, бел чечпей
Эл четинде туруучу
Манас шердин өзү экен!
Караан, тууган, жер издеп,
Туйгунум келген кези экен!
Көрүнөө кудай бериптир,
Калкым, эстеп тилегиң,
Кабылан Манас келиптир.
Муну Кошой айтканы,
Эр Кошойдон бөлөгү
Аттан түшүп чуркурап,
Сүйүнгөндөн буркурап,
Тизеси жерге бүгүлдү.
Өөдө-төмөн дүргүшүп,
Уйгу-туйгу жүгүрдү.
Ак сакалы жаркылдап,
Абаң Кошой ошондо
Келгин каздай каркылдап,
Жоо-жарагын шайланып,
Ачалбарс кылыч байланып,
Алтын жаак айбалта
Билекке кынай чалынып,
Астынан чыкты Манастын
Көрүшүүгө камынып:
– Көрбөсөм да болжоймун,
Көңүлүмдө ойлоймун,
Жалгыз уулу Жакыптын,
Балам Манас, эсенби?
Туулдуң, баатыр, Алтайда,
Башынан келбей бул жайга
Безип жүрөөр жан барбы?!
Мээнет күн, Манас, эл кайда?!
Келе, Манас, колуңду,
Кубандым бүгүн десемби!
Курдашым Жакып, Акбалта,
Кургурларым эсенби?
Кабылан абаң Кошойго
Кан Манастын кеби бул,
Айтып турган жери бул:
– Абам Кошой, карыям,
Айла тапкыч олуям,
Маңдайга чыксам, бараан бол!
Казатка чыксам, караан бол!
Кытай түмөн, кыргыз аз,
Айлы кандай конуучу?
Караан кылам мен кимди,
Айла кандай болуучу?
– Кокуй күн, Манас, не дейсиң?!
Бул кебиңди ким уксун?!
Бир караңгы түн уксун!
Жүр, чырагым, болбосо,
Коргонду көздөй баралы,
Конуп кепке каналы.
Каран калган кыргыздын
Бир айласын табалы.
Абасы андай деген соң,
Кырк баласы артында,
Кошой, Манас ээрчишип,
Коргонго келип калганда,

Ат үстүнөн көтөрүп,
Арстан Манас баатырды
Алптар, дөөлөр алганда,
Баатыр Манас балага
Токсон кара буканы
Чапкан экен садага.
Сүйлөдү Кошой абаңыз,
Аңгемесин караңыз:
– Таалайга бүткөн жан болсоң,
Таап ал Талас жериңди.
Күтүп алгын, кулунум,
Күрдөөлдүү кыргыз элиңди!
Менин жайым сурасаң,
Жетик белим курчанып,
Жер жайнаган манжуура
Жеке киргем кол салып.
Манжуу каптап келгенде,
«Калбайын – деп,– тутулуп»,
Көйкаптын тоосун бет алып,
Качып кеттим кутулуп.
Жетимиш күнү аралап,
Качпаска кантти абакең,
Жетимиш жерден жара жеп.
Толкуган калмак, мен жалгыз,
Томукту жара ок тийип,
Толгоно албай калганбыз.
Ал күндүн несин айталык,
Селбип минген буудан жок,
Серпишип кирип, кол салсам,
Караан болоор тууган жок.
Кечээ кара калмак, манжуу журт
Кечүүдөн чапты көчүмдү,
Келберсиген кытайдан
Алалбай келем өчүмдү.
Будурду тиктеп, белди издеп,
Бууданым, сендей эрди издеп,
Ала-Тоону жакалап,
Кас буудандын баарысын
Кайра баштан такалап,
Бекерге жатып албадым.
«Кырааным качан келет?» деп,
Кулагымды салгамын.
«Тууган үчүн, журт үчүн
Кыйратып кыргын салсам – деп,
Акбалта, Жакып, эр Манас
Дарегин таап алсам» деп,
Ошону ойлоп жүргөмүн.
«Шер экени чын болсо,
Келет ко» деп билгемин.
Келбесең, издеп барууга
Дарексиз кеткен туугандын
Бир дарегин табууга,
Азган-тозгон кыргыздын
Эрлерин жыйып алгамын.
Туйгунум Манас, сен үчүн
Баатырларды камдадым.
Аз айтканым билип ал,
Арстаным Манас, тилимди ал.
Козголуп манжуу, калмагың
Колун жыйып албасын,
Элиңе кордук салбасын,
Билгенин кытай кылбасын,
Тукумуң койбой кырбасын,
Кайра тартып сен кеткин,
Ашып-шашып Алтайга
Азырынча сен жеткин.
Кара калмак, манжууну
Четтеп көчүп алганда,
Оркондун тоосун таянып,
Оркоюп көчүп калганда,

Кечикпей жолуң чалаармын.
Кары абаң Кошой өлбөсөм,
Алты айдан кийин бараармын.
Кабылан Манас, кулунум,
Туулганың билгемин.
Азганакай элиңе
Туу болот деп жүргөмүн.
Көз көрө элек бала элең,
Жылкымдан каалап берейин,
Керкабылан минип кет.
Келипсиң Кошой абаңа,
Тон жабамын, кийип кет.
Капшыра келген жоо болсо,
Качырып найза сайып бер.
Алтайда калың тууганды
Айлантып аман алып кел.
Жылгындуу Кең-Кол, Талас бар –
Мекен кылып, конуп бер.
Шер болуп, Манас, туулдуң,
Кыргызга караан болуп бер.
Бабаңдан калган жериң тап,
Чоң атаң өткөн Ногой кан,
Ошондон калган элиң тап.
Калкыңа ээлик кылбастан
Калмакта жүрөөр жөн барбы?
Каран күн, Манас, элиң тап,
Калкыңы билээр ким калды?
Бедер туткан белимсиң,
Бейпайга калган бул элди
Ажыратаар шеримсиң.
Ногой кан атаң өлгөндө,
Каптаган кытай келгенде,
Ногой кандын балдарын
Бытыратып бөлгөндө,
Кабар да жок, сөз да жок,
Ошол кезде түңүлгөм:
«Кайра келбес бир жайга
Кайран балдар кетти» деп,
Ат бороюн сыдырдым,
«Туугандан кабар тапсам» деп,
Турбай жерди кыдырдым.
Тууган таппай безиктим,
Туура пейлим ак экен,
Туйгунум, сага кезиктим.
Колума менин сен тийсең,
Сексенге жашым барса да,
Түз кирип, найза сунаармын.
Түгөнүшөөр жоо чыкса,
Туу түбүндө былк этпей
Тууңду кармап тураармын.
Үзүлгөндү улайлы,
Чачылганды жыйалы,
Жоголгон жокту табалы,
Журт айласын кылалы! –
– Жолуңду Кудай ачсын! – деп,
Батасын абаң бек айтты. –
Айдоодо жүргөн кыргыздар,
Аманат сага! – деп айтты.

## МАНАС МЕНЕН БАКАЙДЫН ТАБЫШКАНЫ

Кан Кошойдон бата алып,
Кыраан Манас көкжалың
Кайрат менен аттанып,
Астындагы Айманбоз
Куландай кулак жапырып,
Куюндай жерди сапырып,
Желгенине жел жетпей,
Желдей сызды Алтайга.

Басканына мал жетпей
Бачым сызды далайга.
Жылдыздын белин ашканда,
Көк тулпар сындуу ат минген,
Көк сүлөөсүн бөрк кийген,
Кынсыз кылыч байланган
Белестен чыкты бир адам.
«Урааны ким, дайны ким?
Тукуму мунун ким экен?
Какандагы туулган
Калмактан келген шум бекен?
Баатырдыгы башкача,
Балбандыгы бир канча
Пендеден артык шер экен,
Чоңдугу тоодой эр экен.
Астыга салса, акжолтой
Көкжалдыгы көрүнөт.
Акыреттик дос болуп,
Тууганым болуп калса» деп,
Баатыр Манас сырттаның
Айманбоз оозун бурду эми.
Ээр белдей мойнокто
Беренди күтүп турду эми.
Байдын уулу эр Бакай,
Ат арытып, жер кезип,
Айкөл Манас төрөгө
Жетип чоро болууга,
Аркалап айыл конууга
Издеп келген кези экен.
Бакайдын жайын билгенде,
Манас айтты кубанып:
– Туйгунум, Бакай абаке!
Эки тизгин, бир чылбыр
Эл бийлигин алыңыз,
Эрдене тайтаң өзүмдү
Эптүү жолго салыңыз.
Туйгунум Бакай абаке,
Астыма салсам, акжолтой
Шерим Бакай экенсиз.
Аркама салсам, сан колдой
Шерим Бакай экенсиз.
Кара жаак айбалта
Кайкалатып аштаңыз.
Казак менен кыргыздын
Өзүңүз колун баштаңыз! –
Ошол жерде эки эрен
Келеме шарып кармашып,
Чыбык кырка салышып,
«Убада бекем болсун» деп,
Колдорду канга малышып,
Дос болушту эрендер.
Бакайды кошуп жанына
Алтайга Манас жеткенде,
Айдыңы көпкө кеткенде,
Алтайлыктан эл калбай
Улуу жыйын топ болду,
Манаска кеп токтолду:
– Кыргыз, казак, жалпы журт,
Корстон болбо дүйнөгө.
«Короодо коюм калат» деп,
Комсоо кепти сүйлөбө.
Колунан келсе каканчын
Аяй турган ою жок.
Алы келсе кытайдын
Албай турган кеги жок.
Кайнап жаткан какандын
Текес кан деген дуудусу:
– «Кыргыз, кыпчак, казагын
Колуна берип азабын
Кыйраталы баарын!» деп,

Жибериптир кабарын
Чиренип Чүйдү ээлеген
Акунбешим паашага.
Арбагы бийик Ала-Тоо
Албай кантип коёбуз!
Бабадан калган Түркстан
Барбай кантип коёбуз!
Оролго чейин жерибиз,
Алтымыш уруу алашты
Алдырган экен кытайга
Мурдагы өткөн элибиз.
Эдил, Жайык – эки суу
Эзелки жериң мына ушу.
Аны да кытай алыптыр,
Ээлеп жатып калыптыр.
Узун-Тоо менен Кер-Көлдү,
Сүргөн экен бу кытай
Ошондогу элиңди.
Түрк уулун кытай кул кылып,
Кууратқан экен элиңди!
Кытайды кууп салалы,
Кайтарып жерди алалы.
Жерибизден айрылып,
Кыяматта жүргөнчө,
Кыргыз уулу болгону
Кырылып өлүп калалы!
Баласагын калааңды,
Ташкен менен Коконду,
Самаркан менен Алайды
Басып жаткан кытайдын
Окуталы сазайын!
Тагдыр, Алда буйурса,
Казат кылбай тынбайлы.
Бул Алтайда жериң жок,
Бет алышып салышсак,
Белге таңуу кылууга
Белгилүү кыргыз элиң жок!
Кара таандай кол келсе,
Калайман салып, мол келсе,
Кандай айла кылабыз?!
Ала-Тоого жетпесек,
Айбалта чабаар ыктуулар,
Айбаты артык мыктуулар
Айылда жатып албасын!
Алыска сапар жүрөбүз,
Курал-жарак, минээрге ат,
Азыгын арбын камдасын!
Көк асаба, кызыл туу
Аягын жерге сайбасам,
Алтымыш уруу журтумдун
Азганын бүтүн жыйбасам,
Атадан калган Ала-Тоо
Алтайдан барып албасам!
Төшү түктүү жер урсун,
Төбөсү ачык көр урсун!

## АТА–МЕКЕНДИ ДУШМАНДАН ТАЗАЛОО

Эки ай мурун эр Манас
Элге кабар салды эле.
Чубак менен Ажыбай
Чакырууга барды эле.
Кошуунун алып жайнатып,
Жер майышкан кол алып,
Ак асаба, кызыл туу
Айгайлаган чуу менен,
Көк асаба, кызыл туу,
Көк жаңырган чуу менен.
Кыргыз топтоп, мол келди.

Желек туудан бөлүнбөй,
Жердин жүзү көрүнбөй
Алтайдын Арал талаасы
Эр жигитке жык толду.
Азаматтын баарысы
Азыгын жанга байлашып,
Кылычты белге чалышып,
Айбалта, найза, шалк этме
Жарагын бойго алышып,
Колкуржунду бүктөшүп,
Кошколоңдун баарысын
Кош атына жүктөшүп,
Күрөөкү соот жаркылдап,
Күлүк буудан алкылдап,
Кемерлер белде шаркылдап,
Кең багалек балкылдап,
Найзанын учу чабышып,
Аскердин башы кагышып,
Ногойдон калган кызыл туу
Оболотуп аштады.
Бакай жолду баштады.

## ТЕКЕС КАНДЫН МАНАСТАН ЖЕҢИЛГЕНИ

Үчтурпанды жердеген,
Урушуп адам жеңбеген,
Карасууда калаасы,
Каар аярдын баласы
Кутурган Култаң качыптыр,
Терс Майоодо Текес кан,
Темселеп ага барыптыр.
Манасты айтып майышып,
Текестин бутун кучактап,
Ыйлап Култаң айтыптыр:
– Камданбасаң курудуң,
Алтайдан чыкты кыргыздар,
Кабарга келип турумун!
Үстүңдөн караар улугуң
Акунбешим эр – деди,–
Ага кабар бер! – деди. –
Суң кытайдан кан койгон
Орго баатыр каның бар,
Ага да кабар бер! – деди.
Аны укканда калтырап,
Коркту Текес жалдырап:
– Камданалы, кокуй! – деп,
Чакыртып Куяс аярды
Доргосун дароо чаптырып,
Күнчүлүк жерге аткарды.
Көзгө атаар мерген машынан,
Көз жалтанбас башынан,
Айтууга даңгыл сөздүүдөн,
Алысты көргөн көздүүдөн
Дүрбөтүп баарын калганы.
Түн ортосу болгондо,
– Түк коркпо! – деп Текести,
Мактанып Куяс барыптыр.
Сээр окуп, сыйкырлап,
Арып дуба салыптыр:
Мейли терек, мейли тал
Адам болуп калыптыр.
Мейли камыш, мейли чий,
Мейли куурай, мейли чөп
Аскер болду сансыз көп.
Куястын көрүп өнөрүн,
Куруп кеткен Текес кан
Унутуп койду өлөөрүн.
«Келсе эле бурут өлдү» деп,
Кенебей жатып алганы.
Кер-Көлдө маңгул Оргого

Издеп кабар салбады.
Акунбешим паашага
Айтып киши барбады.
Төртүнчү күнү Текеске
Манас жете барганы.
Калдайган колду көргөндө,
Таңыркап туруп калганы.

Күлдүрдүн уулу Чалыбай,
Күлдүргүчү Ажыбай,
Кыраандын бири Кутубий,
Кыпчактардын Тазбаймат,
Каратоко Мажиги,
Кайраты ашык Чалиги
Кабылан Манас баатырга
Кан Айдаркан баш болуп,
Баары келди акылга:
– Аяк-башы күнчүлүк
Кошуун басып калыптыр.
Айталаага кол батпай
Адам толуп алыптыр.
Кан Текеске мынча кол
Кайдан келип толду? – деп,–
Кашайгырга катылбай
Кайтсак кандай болду? – деп.
Кабагына Манастын
Каары келе калганы:
– Катындын кылаар иши бул!
Качып кайда кетесиң?!
Каптап чыкса мынча кол,
Кандарым, шондо нетесиң?!
Жер алдында жатпасаң,
Малың менен башыңды
Көрүнбөс жерге катпасаң,
Мынча черүү коёбу,
Асманга чыга качпасаң! –
Ачуулана сүйлөнүп,
Айманбоз менен күүлөнүп,
Бармак болуп калганы,
Бастырып жолго салганы.
Абасы Бакай кеп айтат:
– Ай, токтогун! – деп айтат. –
Кароолду мен бир чалайын,
Көрүнүп коюп аларга
Качкан болуп калайын.
Кууп калса артыман
Тосуп уруш салаарсың.
Тос-тос кылып баарысын,
Ажыратып алаарсың. –
Аны айтып эр Бакай
Жаракты белге чалынып,
Жаратканга жалынып,
Көкчолок атты чуратып,
Артынан чаңын буратып,
Колго жакын жеткени:
«Көрүп мени турса да
Неге мени качырбайт?» –
Деп ойлонуп шер Бакай
Жарым бута жапжакын
Жанына барып туруптур.
«Качырсам» деп кыялы
Кабылан найза сунуптур.
Жайнап турган көп кошуун
Жалпы найза сундурду,
Мындай шумдук ким кылды?!
«Атсамбы?» деп кан Бакай
Колуна мылтык кармады.
Жабыла мылтык сундуруп,
Калмактар кесеп калганы.
«Кантээр экен дагы?» деп,

Абаңыз кылыч алганы.
Карап турган көп черүү
Кылыч алды, кыңк этпейт,
Кыйкырбаса эр Бакай,
Унчугуп бирөө былк этпейт.
Абаң Бакай билди эми:
«Амал экен бул иш» деп,
Борс-борс этип күлдү эми.
«Адам эмес, кол эмес,
Өнөр экен бул,– деди. –
Турат экен жазганбай,
Күрөшсөң күрөш кылгандай,
Атып ийсең аткандай,
Акылын мунун таппасак,
Аскерди бөөдө кыргандай»–
Деп ойлонуп эр Бакай
Арстан Манас баатырга
Көргөнүн айтып барды эми.
Черүүнүн байкап баарысын,
Аябай төгүп дарысын,
Өздөрү оолак качышып,
Өзөн бойлоп жатышып,
Дүрбөй түшүп, от берди,
Дүнүйө жүзү солк деди.
Шамал тийди күркүрөп,
Сыйкырлаган береги
Камыш, чийи, куурайы,
Кайың, талы, тереги
Жалпы күйдү дүркүрөп.
Алтайдан келген эрендер,
Бууданды минген берендер
Текес кандын калаага
Чабуул коюп калышты
Жер жаңыртып чуркурап.
Чакчалакей калмактар
Талаага качты дыркырап.
Эр Манастын колунун
Арбындыгын көргөн соң,
Жаалына чыдабай
Куясты Текес жарганы.
Текес кандын ордого
Эр Манастын кошууну
Куюлуп кирип барганы.
Кутулаарга жер койбой
Бекем курчап алганы.
Өжөрлөнүп Текес кан
Өзүнө бычак салганы.
Ошондо Манас кеп айтат,
Кеп айтканда бек айтат:
– Кылыч чаппай, ок атпай,
Кыйынсынып жаа тартпай
Алдырып салган ким дейсиң,
Албаңар жарты ийнесин!
Не кылабыз калмактын
Эзелтен жыйган дүйнөсүн! –
Андан соң Манас кайрылды
Калмактардын калкына. –
Текес өлдү дуудуңар,
Текши көрүп турдуңар.
Катыны менен балдары
Кашында карап турдуңар.
«Паашабыз өлдү» дедиңер,
Башы жок калса денеңер,
Тирилигиң болбостур.
Жакыныңдан кан танда,
Көтөрүп тууңу байлагын,
Көпчүлүк, каның шайлагын!
Карача деген бар экен,
Насили кыргыз уруудан,
Кезегинде Алооке,

Аны да кууп айдаган,
Токсон миң үйлүү жан экен.
Буга чейин бу чалда
Доотайлык мансап бар экен.
Ошону улук кылууга,
«Карысаң да болгун» деп,
Калмактар айтып калганда,
Болоор менен болбостун
Ортосунда турганда,
Болууга моюн сунганда,
Жакына жакын барганы
Сайкал аттуу баласы.
Билип калса тек-жайын
Намыска бекем Сайкалы,
Бирге ойноп, бир чоңойгон
Балдарына калмактын
Кастарын тигип, жоолашып,
Эрегишип калаарын
Абдан сезип атасы
Ичине сырды батырып,
Айтпай жүргөн жашырып.
Тал чыбыктай ийилген,
Эркекче кийим кийинген,
Ак, кызылы бөлүнгөн,
Айнектей көзү көрүнгөн
Нурдуу кызыл бети бар,
Ууздан аппак эти бар
Кыз Сайкал келип кеп айтат:
– Кантесиң, ата,– деп айтат,–
Өкүмдөн жутап калгандай,
Өлүп калган Текестин
Тонун тоноп алгандай
Жакшы болбос мунуңуз,
Жайыңызга туруңуз!
Бир атадан туулган
Акылдуусу, акмагы
Алты уул бар эле.
Улуусу Текес кан эле,
Эң кенжеси алардын
Акылы бар даанасы,
Он сегизде чамасы,
Тейиш аттуу бала эле.
– Баарың каршы болбосоң,
Кан көтөрдүм Тейишти! –
Деп Карач жар салганы.
– Алып кел – деп,– каныңды –
Арыстан Манас, Айдаркан
Экөө тең айтып калганы.

Текес кандын иниси
Тейиш аттуу баланы
Ак кийизге салганы,
Омпоңдошуп калмактар
Үч айлантты калааны.
Текестен калган кызыл туу
Айчыгын алтын аштады,
Калмактар тойду баштады.

## МАНАС МЕНЕН КЫЗ САЙКАЛ

Күндүк жерден алыстан
Күлүгү келет жарышкан.
Балбандары көп болду
Багалектен чалышкан.
Жамбы атыш, толгон оюндун
Байгелерин алышкан.
Оюндун шарты ушундай:
Сарт менен кыргыз өнөктөш,
Казак, калмак бир болду.
«Баатыр сайыш болсун» деп,

Башчылары токтолду.
Он жетиде жашы бар,
Башында тулум чачы бар,
Сарыбуурул аты бар
Сайкал чыкты каркыбар.
Жоого кийчү жарагын
Кийиптир баарын, карагын.
Жекесан бутта чойкоюп,
Желектүү найза койкоюп,
Кыз Сайкал туруп алыптыр.
Сайышууга жан чыкпай
Сабыркашып турду эми.
Эч ким чыкпай койгон соң,
Байгенин баары калмакка,
Кете турган болгон соң,
Көкжалың Манас арданды:
– Туубай калсын баарыңды,
Сайыштырып катынга
Кетирдиңер арымды! –
Сырттан Манас аттанды,
Айманбоз минип болкоюп,
Сырнайза колдо койкоюп.
Жанчымак болуп төрөнү
Кыз Сайкал катуу көгөрдү:
«Алтайдан келип, биздерди
Атышпай-этпей жадаткан,
Куяс менен Текести
Акыретке караткан.
Өлтүрүп Манас каныңы,
Тынчытайын жаныңы!
Оюндан окус кылайын,
Кыргыздын журтун кырайын!»
Муну ойлонуп кыз Сайкал
Сарыбуурул тулпарга
Санына камчы салганы.
Сарала байрак найзаны
Колго имерип алганы.
Астын тосуп, Сайкалды
Карап көрсө, кыз экен,
Как сулуунун өзү экен.
Ошондо Манас ой кылды:
«Өзүм алчу кыз экен,
Катуу сайсам нетээр? – деп,–
Кокус өлүп кетээр? – деп,–
Өлүп кетсе бекер» – деп,
Талуу жерин мээлебей
Оңдоп найза кармады.
Оңолбогон Сайкал кыз
Кагып ийип найзаны,
Кабылан Манас баатырга
Найза шилтеп калганы.
Найза тийди төшүнө,
От чагылды баатырдын
Ошол жерде көзүнө.
Кайра тартып калышты,
Кыйкырган бойдон кыз Сайкал
Кыраанга найза сайганы,
Оң колтугун жырылтып,
Аркасынан Манастын
Оркоюп чыгып калганы.
Кармашкан бойдон кыз, жигит
Жанашалап жарышып,
Тай чабым жерге барышып,
Калмактын Сайкал балбаны
Кабылан Манас баланы
Оң далыдан алганы,
Ат күчүнө салганы,
Оодара тартып алууга
Оңтойлотуп калганы.
Ошонгуча болбоду

Акбалтанын Чубагы
Октой атын чуратып,
Ортого жетип барганы:
– Эңиш эмес, сайыш! – деп,
Сайкалга сөзүн айтканы.
Сайкалдын сайган найзасын
Жылдырып суруп алыптыр,
Суурулган жерден кан кетти,
Кенебей турган эр Манас
Ичи күйүп калыптыр.
Майданга жетип барыптыр.
Аны көрүп акырып,
«Зубундап!» ураан чакырып,
Кыз Сайкал жөнөп калыптыр.
Мурунтадан бу Манас,
Аял жандуу куу Манас
Сулуусуна суктанып,
Сундурган найза бош кармап,
«Жараттуу кылбай алсам» деп,
Аяп жүргөн эр Манас
Ачуусу келип калыптыр.
Жаалданып эр Манас
Төшкө найза неткени.
Дөөкүрсүгөн кыз Сайкал
Тоодой болгон Сары аттын
Соорусуна кеткени.
Төшүнө найза кагылып,
Көзүнөн оту чагылып,
Эсинен Сайкал жаңылып,
Буруп башын Сары аттын
Бучкакка камчы салганы,
Буластаган Сайкал кыз
Элине качып барганы.
Айманбоз атын аргытып,
Артынан чаңын баргытып,
Куба Манас барыптыр:
– Колунан келсе, жыксын! – деп,
Коркпосун Сайкал, чыксын! – деп,
Ат ойнотуп эр Манас
Айгайлап туруп алыптыр.
«Өлтүрсө да барбайм» деп,
Көсөм сулуу Сайкал кыз
Аттан түшүп алыптыр.
Аны көрүп баарысы
Калмактан Тейиш, Карача
Майданда турган Манаска
Барып калды өтүнүп:
– Сайышууга Сайкал жан
Чыкпайт экен, баатыр,– деп,–
Калың калмак жыгылдык,
Алдың намыс акыр,– деп.
Анда Манас кеп айтат,
Ызаланып бек айтат:
– Же жыгылып, же жыкпай
Кете албаймын! – деп айтат.
Карача бай сөз айтты:
– Сандыргалуу Манаска
Сабыр кыл деп айталы,
Белек кылып баатырга
Сайкалдын атын тарталы.
Арачылар бул сөздү
Абдан макул алышты.
Атын алып Сайкалдын
Арстан эрге барышты:
– Көктүк кылба, баатыр,– деп,–
Көпчүлүк жаалап калышты.
Анда Манас муну айтты:
– Айтууңарга көндүм,– деп,–
Тартууңарды көрдүм,– деп,–
Сайкал минген тулпарды

Кайра өзүнө бердим,– деп,–
Атын берди өзүнө.
Андан кийин кыз Сайкал
Арстан Манас баатырдын
Көрүнбөдү көзүнө.
«Сайкал кызды алсам» деп,
Манастын жүрдү көөнүндө.
«Качан Манас келет» деп,
Арман менен күн санап,
Күтүп жүрдү Сайкал кыз
Манаска жар болууга
Купуя сыры болгон дейт.
Атасына Сайкалдын
Жуучу түшүп, жан келсе,
Туш-туш жактан кан келсе,
Жашылала суп көйнөк
Кийбей койгон эмеспи.
«Башымды кессе, көнбөйм» деп,
Тийбей койгон эмеспи.
«Эр Манас!» деп зарланып,
Күйүп жүрүп өткөн дейт.
Манас, Манас болсо да,
Армандуу жарды алалбай,–
Капага ичи толгон дейт.
«Кайрылбай Манас кетти» деп,
Карача кандын Сайкал кыз
Күдөрүн үзүп койгон дейт.
Аты Кызыр думана
Кыз Сайкалдай байкушту
Кабылан Манас баатырга
Түшүндө нике кыйган дейт.
«Кыяматтык жарсыңар,
Акыретте баш кош» – деп,
Көксөөсүн экөөн тыйган дейт.

## МАНАС ОРГО КАНДЫ, ЧҮЙДӨГҮ АКУНБЕШИМДИ, ТАШКЕНДЕГИ ПАНУС КАНДЫ ЖЕҢГЕНИ

Эр Манастын кошууну,
Тейиш кандын тоюнда
Оюн-күлкү көп болуп,
Алты күн бүткөн соңунда
Кер-Көлдү көздөй бет алып,
Жүрмөк болуп калышты,
Көптүгүнөн аскердин
Бет алган жери жол болду.
Жер кайкалап дүңгүрөп,
Добул согуп күңгүрөп,
Керней тартып бапылдап,
Сурнайдын үнү такылдап,
Жарактын баары жаркылдап,
Асабалар калкылдап,
Мукабил найза солкулдап,
Буудан аттар болкулдап,
Тууну тууга урушуп,
Тозоңду тоодой бурушуп,
Чуудан кулак тунушуп,
Бөлүнүп барат колдору,
Үч канат болуп жолдору.
Каркыра басып калкылдап,
Каруу-жарак жаркылдап,
Оң жак канат жол менен
Бара жатыр эр Көкчө
Жүз элүү миң кол менен.
Төрө Манас, эр Бакай
Төрт жүз миң аскер кол менен
Куюлуп алып жөнөдү
Кулусун жакы жол менен.

Аскерине карасаң,
Аяк-башы ат чабым,
Туруна канат сап тартып,
Төш таянып лыкылдап,
Күңгөй бойлоп күркүрөп,
Күйгөн оттой дүркүрөп,
Кыраан Бакай жол баштап,
Айнакул баатыр кол баштап,
Арстан Манас аскери
Бара жатыр былкылдап.
Жүз элүү миң кол менен
Үрбү баатыр бөлүндү.
Сол канат болгон жолунда
Ала-Бел ашуу көрүндү.
Баарына башчы эр Манас,
Башка уруудан маңгул бар,
Баатыр Жайсаң даңгыл бар,
Күлдүр, Калдыр беги бар.
Манжуулардан кошулган
Бала Мажик эри бар,
Баштатан Дөгөн кары бар.
Таятасы Манастын
Булгар каны Эштектин
Жамгырчысы дагы бар.
Каракалпак Бердике,
Каңгайлардан Келдике.
Нойгуттардан Чубак бар,
Аргын Каракожо бар,
Найман, дуулат кошо бар.
Андан бөлөк бу жактан
Алтайлыктын баары бар,
Биринен бири калышпас
Жалтанбаган баатырлар.
Кол салбай жоого, токтошуп,
Манастын колу конгондо,
Кароолду мыктап койгондо.
Кер-Көлдөгү Орго кан,
Орго кандын Көк-Дөбө,
Ошо жерге туу тиккен
Калмакта кыйын бу төрө.
Дөңүнө Орго барыптыр,
Добулду катуу кагыптыр:
– Акыл качып башымдан
Алсырап азыр турамын.
Кылым кыргыз эл деген,
Түпкү атасы булардын
Түркстанды жердеген.
Азып-тозуп ар жакка
Тентип кетип келбеген.
Билбейбиз кайда жүргөнүн,
Азыркысын угабыз
Алтай тоосун жердеген
Аты Манас бирөө дейт,
Адам уулу жеңбеген.
Аргасын кандай кылабыз,
Табыңар мунун айласын,
Сурадым кайрат силерден. –
Бул сөздү айтып Орго кан
Дүңгүрөтө кагыптыр
Урушка сокчу барабан.
Үч жүз миң экен аскери,
Үргөлүп атка мингени.
Чоң уруштун кернейин
Кернейчи тартып ийгени.
Оргодон бөлөк жан калбай
Баары урушка киргени.
Төрө Манас элдери,
Айкырып найза салышты,
Аралашып калышты.
Замбирек үнү күркүрөп,

Калкандар сынды быркырап,
Кан төгүлдү шыркырап,
Жебенин огу кыркырап,
Мылтыктын огу чыркырап,
Жер титиреп күңгүрөп,
Кулак тунду дүңгүрөп.
Урушкан жери ушу элдин
Эки суунун арасы,
Тасманын сары талаасы.
Колу сынып коркурап,
Козголо албай буркурап,
Буту сынып буралып,
Боору менен суналып,
Сойлоп аткан андан көп.
«Үйдү көрбөй өлдүм» деп,
Ойлоп аткан андан көп.
Кыйынсынган кытайга
Кыргынды кыргыз салганда,
Баатыры Орго турбады,
Кайкалаган качырга
Капталга камчы урганы.
Манасты кайсап жечүдөй
Найзаны сунду ченебей.
Камчы урганда боз качыр
Чымын-куюн чурады.
Айманбоз санга бир салып,
Сырнайзаны колго алып,
Бек беттешип Оргого
Берениң Манас жетти эми.
Жүрөгүнүн толтосун
Жара сайып өттү эми.
Туу жыгылды, кан өлдү,
Аралда калмак аскери
Каны өлүп, кайрат кыла албай
Жапырт качып калыптыр.
Акунбешим паашага
Баш калкалап барыптыр.
Ат-тонунан айрылып,
Өзү барды кай бирөө.
Кулагынан айрылып,
Көзү барды кай бирөө.
Сол колунан айрылып,
Оңу барды кай бирөө.
Оң колунан айрылып,
Солу барды кай бирөө.
Башын бууп кур менен
Бөрксүз барды кай бирөө.
Мурунунан айрылып,
Көрксүз барды кай бирөө.
Эки буттун бири жок,
Чолок барды кай бирөө.
Эптүү айткан сөзү жок,
Нокок барды кай бирөө.
Башы-көзү кызыл кан,
Жашып барды кай бирөө.
«Балакетке калдык!» деп,
Шашып барды кай бирөө.
Омуроого ок тийип,
Онтоп барды кай бирөө.
Оозуна келген кепти айтып,
Оттоп барды кай бирөө.
Төртөө-бешөө чогулуп,
Топтоп барды кай бирөө.
Төрөсүнөн айрылып,
Жоктоп барды кай бирөө.
«Бир тууганым өлдү!» деп,
Боздоп барды кай бирөө.
Акунбешим аяры
Көргөнүн айтып ыйлады:
– Агып, ташып, каптаган

Сел көрө элек экенбиз!
Ар тараптан арбыган
Эл көрө элек экенбиз!
Ажалдан башын тартпаган
Эр көрө элек экенбиз!
Арбын черүү, улуу топ
Кол көрө элек экенбиз!
Айгайлашып урушкан
Жоо көрө элек экенбиз!
Аркабыздан аз күндө
Келеби деп коркомун.
Сазайыңды колуңа
Береби деп коркомун!
Аны укканда Акун шаа
Акылы кеткен кезеги.
Кайраттанып аздан соң
Калкына тилин безеди:
– Тулпар минип, туу аштап,
Түп көтөрө сап тартып,
Урушканда көрөрбүз.
Омдоп кыргыз кол келсе,
Өжөрлөнүп урушуп,
Ажал жетсе өлөөрбүз!
Ушинтип айтып Акун шаа
Катчыга катын жаздырды,
Кандык мөөрүн бастырды.
Тоосу менен оюна
Токсон жигит чаптырды:
– Каптап бурут кол келсе,
Кабарды ылдам салыңар.
Он эки миң кол алып,
Ала-Белге барыңар.
Жарагың болсун колуңда,
Күнү-түнү уктабай
Күзөт кылгын баарыңар!
Шамың шаа, сен балбансың,
Салышкандын баарына
Акыр заман салгансың.
Кызыл-Суўда Боонду
Жолдош кылып алгансың.
Он алты миң кол алып,
Капчыгай чыккан коосунан,
Кызыл-Омпол тоосунан
Кароолду катуу кармагын.
Өткөрүп ийсең бурутту,
Бурут бизди курутту!
Шамың шаа жүрдү жолуна,
Боон баатыр жайсаңын
Эки миң аскер кол менен
Кошуп алды жанына.
Ошо кезде келатты
Арстан Манас жаш баатыр
Элкин күнгөй жол менен,
Миңдеген аскер кол менен,
Айгайлаган чуу менен
Ак асаба туу алып,
Көк жаңырган чуу менен
Көк асаба туу алып,
Чүйдү көздөй бет алып.
Калмакта Шамың шаа төрө
Кароолго чыгып барыптыр
Кызыл-Омпол дөбөгө.
Келе жаткан аскердин
Түрүн көрүп алыптыр
Дүрбү салып көзүнө:
«Айбаты катуу, заары күч,
Арбын экен колу!» – деп,
Жүрөгү түшүп калыптыр.
Качып жолго салыптыр.
Келе жатып эр Манас

Төрт ачакей жол көрдү:
Ар тарабын караса,
Адыр-адыр коосу бар,
Киши өтпөс бийик тоосу бар.
Абасы Бакай кеп айтат:
– Аңдаңар, балдар,– деп айтат. –
Ар жылгага миң аскер
Өрдөп чыгып барыңар.
Беш-алты миң кол барып,
Тоонун башын алыңар.
Так ушундай кылбастан,
Капчыгайга кокустан,
Каптап кирсек окустан,
Тосоту болсо тоосунда
Таш кулатып, ок атып,
Талкалап бизди салбасын.
– Айтканыңдай болсун – деп,
Эр Манас кабыл алганы,
Жүз элүү миң кол менен
Артуу белге салганы.
Кырк миң аскер кол менен
Кыраан Бакай жөнөдү
Тилке-тилке коо менен,
Чыкканы тоонун башы экен,
Чылкый мөңгү, таш экен.
Кырктын башы Айнакул
Жетимиш миң кол менен
Бет алган жагы Байдамтал.
Эки күн, эки түн жүрүп,
Айнакул, Бакай баарысы,
Ошпур баштап карысы
Кооптонгон тоосунан
Аман-эсен чыгышты
Капчыгайдын оозунан.
Күндүн мурду чалганда
Арстан Манас баатыры
Кырга чыгып караса,
Акунбешим паашанын
Көрүндү жаткан калаасы.
Кашатка туусун сайыптыр
Тагылык аттуу баатыры
Көп аскер менен жол тосуп,
Чымыркаңып калыптыр.
Кырдан туруп кан Манас
Байракты төмөн жапырды.
Кыргыздын колу кылкылдап,
Кыядан чыкты былкылдап.
Тагылык баатыр акырды:
– Токтотпой тоого кама! – деп,–
Ат мылтык! – деп бакырды.
Жебенин огу кыркырап,
Мылтыктын огу зыркырап,
Эр Манастын аскери
Беттешти калың жоо менен.
Мылтыктын үнү басылбай,
Төбөдөн түтүн ачылбай
Ойдо, дөңдө турушту,
Ок жаадырып урушту.
Каарданып эр Манас
Мукабилдүү сырнайза
Булгап колго алганы,
Тулпарга камчы салганы,
Туусун көздөй калмактын
Туйгун эр жөнөп калганы.
Калмактан баатыр Тагылык
Калган экен камынып,
Сыр кундактуу көк бараң
Тарс дедире бир коюп,
Элден чыкты бөлүнүп.
Көк түпөктүү көк найза

Көтөрүп алып колуна.
Көсөмсүнгөн куу калмак
Кыраан Манас көкжалдын
Ошондо келди оңуна.
Оңу болбой неткени,
Айманбоз октой жеткени.
Манастын сайган найзасы
Сыртынан чыгып кеткени.
Туу түбүндө калмактар
Жамгырдай кылып жаа тартты,
Мөндүрдөй кылып ок атты.
Ошондо Манас кабылан
Элүү миң аскер кол менен
«Мөндүлөтүп» калмакты
Көк адыр ылдый чубатты,
Тиккен туусун кулатты.

* * *

Кабылан Манас баатырдын
Туш-тушка кеткен колу бар.
Айдаркан уулу эр Көкчө,
Айбаты журттан бөлөкчө,
Ал кошулду Манаска.
Кыпчактардын Үрбү кан
Бул кошулду Манаска.
Жортуулга чыкса, ак жолтой,
Жоого тийсе, сан колдой
Абакеси кан Бакай
Ал кошулду Манаска.
Төрөсү баштап, төрт баатыр
Дөгүрсүгөн кытайдын
Төгүп канын баратыр.
Ымалайдын Кайып кан,
Карабөрк кызыл тартуулап,
Манаска болгон кайната,
Күлдүрдүн уулу Чалыбай,
Күлдүргүчү Ажыбай,
Каратоко Мажиги,
Камбардын уулу Чалиги,
Акбалтанын Чубагы,
Айнакул баатыр бу дагы.
Улак кандын Бердибек,
Сыны-сыргак, өзү шер,
Атагы калган Сыргак деп.
Алтайдан келген кыраандар
Кырдагы кытай аскерин
Ойду көздөй сүрүптүр.
Ойдогусун ондурбай
«Ойбойлотуп» түрүптүр.
Алты күн мурда кытайдын
Калкынын баары үркүптүр.
Ээн калган шаарына
Эр Манас баштап кириптир.
Акунбешим падыша
Кырк беш жылы кан болуп,
Казынасы карк толуп,
Уруштун камын жегени
Үч ай он төрт күн болуп,
Туу көтөрүп дүңгүрөп,
Туш-тушунан күңгүрөп,
Ак жалдуу кара ат минип,
Башында алтын таажысы,
Алтын айчык тон кийип,
Көмкөрө калкан тартынып,
Көпкөк темир артынып,
Улуктарын ээрчитип,
Барды майдан четине.
Кайраттанып бакырып,
Кыйратчудай акырып,
Турду туунун бетине.

Көптүгүнө ишенип,
Көжөлүп качпай турганы.
Урушка сокчу добулбас
Дүңгүрөтө урганы.
Кытай, кыргыз эки аскер,
Бузулгандай жер жүзү,
Бирин бири каптады.
Жыгылганын тургузбай
Тебелеп-тепсеп таптады.
Ага иниден айрылып,
Бирин бири таппады.
Бир чекеси уруштун
Шагардын кара коосунда,
Башы Маран тоосунда.
Орто жери Ой-Талаа
Орчун шаар, көп калаа.
Аягы Кара-Кырчында,
Кара-Кашат сыртында.
Жүз миңден аскер отуз төрт,
Жүргөн жер болду кызыл өрт.
Толгон экен кыргынга
Сары-Өзөн Чүйдүн талаасы.
Кызыл канга жуулду
Кыргыз, кытай арасы.
Азууларын аркайтып,
Ат өлүптүр сулайып.
Муруттарын чычайтып,
Эр өлүптүр булайып.
Качып берди курган шаа
Манастын түшүп астына.
Сүрү катуу эр Манас
Айманбоз менен жетиптир,
Аркага найза нетиптир.
Ак жал кара атынан
Акун шаа кулап кетиптир.
Арт жагынан акырып,
Айнакул жетти бакырып,
Акун шаанын ал жерде
Кылычтап башын кесиптир.
Кыргын түшкөн талаада
«Кыргын чалым болгун» деп,
Эр Манас айтып өтүптүр.
Ошондон кийин бул киши
Айнакул аты өчүптүр,
Кыргылчал атка көчүптүр.
Кыргыздын кыраан Манасы
Талаа толгон кытайга
Чакчалакей салганда,
Кытай, калмак чыркырап
Качып калды зыркырап.
Калганы калды тутулуп,
Качканы качты кутулуп.

* * *

Меркиш, Мерке, Шамың шаа,
Дабагасы кошо да –
Улук сөрөй төрт каңгай:
– Чантуудан бирди койбо! – деп,
Акылдашып алышты.
Казак менен кыргызды,
Кары-жашын калтырбай,
Ойлоду тегиз кырышты.
Кетелик аттуу бир калмак
Кеңешти угуп калыптыр:
– Качып кетип кутул – деп,
Кудуңбай кыргыз досуна
Келип кабар салыптыр.
Кудуңбай өзү бай экен,
Элүү киши чаптырды.
Түрк уулунан түк койбой,

Алаш урук болгондун
Баарына кабар айттырды.
Катын, бала, кары, жаш,
Кыргыз, казак аралаш
Үркүп качты бүлүнүп,
Уругу башка кытайдын
Душмандыгы билинип.
Улук сөрөй төрт баатыр
Алты жүз миң аскерин
Асыр кылып алыптыр.
Кыргызды кырып кирмекке
Даярданып калыптыр.
Ташкендеги Панус кан
Тебелеп-тепсеп кыйла жыл
Кыргыздын жерин караткан.
Маңгул, тыргоот, калмактан
Төрт жүз миң аскер кол курап:
– Алтайдан келген чантууга
Акыр заман салам! – деп,–
Акунбешим паашанын
Кунун кууп алам! – деп,
Кытай, дөөтай, калдайы,
Чыйраксынган далайы
Кылкылдаган туу менен,
Кайгайлаган чуу менен
Кырмак болуп жөнөттү
Чүй тарапта кыргызды.

* * *

Чыйырчыктын тоосунда
Алаштын арбын эли бар,
Баймырза деген беги бар.
Чалабай деген балбанды,
Чакыртып аны алганы.
Чапкылашып баарысы
Көкөтөйгө барышты.
Жанадилдин баласы,
Жалпы кыргыз зардалы,
Көп жашаган жан экен,
Көк ала сакал чал экен.
Көкөтөйдүн күткөнү
Көп дүнүйө, мал экен.
Караса да кытайга,
Кытайдан кийген кандык чен.
«Көкө дөө» деп аталып,
Түмөнгө малы толгон дейт,
Түркстандын журтуна
Байлыгы маалым болгон дейт.
Кыргыз, казак ал чалга
Акылдашып барганда:
– Ташкенде Панус каны – деп,–
Арбып-дарбып кытайлар
Аскер жыйып алды – деп. –
Аскеринин баарысы
Өзөндүү жолго салышты,
Кыргыздан жалгыз жан кошпой
Жортуулга жөнөп калышты.
Кытай, калмак дүрбөөнүн
Билдиңизби жай-жөнүн?
Көкөтөй анда кеп айтат:
– Көбүңөр уккун – деп айтат.–
Аз күндөн бери угамын,
«Отуз уул кыргыздын
Оюгунан чыкты деп,
Он бир шаар даңгытты
Ойрон кылып жыкты деп,
Алтайдагы кыргыздан
Аты Манас мыкты» деп.
Чүй боорунда кыргызды
Кытайлар азыр жыйды дейт.

Манастан көргөн кордуктун
Өчүн андан алууга,
Кыргыз, казак тукумун
Туташ кырып салууга
Кеңешин кытай кылды дейт.
Оболдон курган коргонуң
Он эки капка Ташкенди
Кыйла заман жыл болгон
Кытайдын бизден алганы,
Кыргызга кордук салганы.
Букара болдук каңгайга,
Буйругун туттук ар заман.
Башка түшүп калбасын
Башкача кыйын тар заман.
Кыйла күндөн бер жакка
Кытайдын пейли бузулду.
Кан ордосу жагына
Кыргыздын башын кылайтпайт,
Кокус барып калгандар
Кордук көрбөй соо кайтпайт.
Панус деген канына
Башта жакын болгондор
Бара албай калдык жанына.
Сактыкта кордук жок деген,
Өзөндүү Ташкен шаарыңа
Өрт күйдүрүп салбасын,
Манастан көргөн кордуктун
Өчүн бизден албасын.
Тоодогу элдин баарысы
Сак болуп, жолду карасын.
Башкы атабыз Каракан,
Эр Турандан тараган.
Он биринчи атабыз
Арбагы бийик Алаш кан.
Кабарлашкын жер-жерге,
Уругу алаш элдерге,–
Айтты ушинтип карысы.
– Карынын сөзү акыл – деп,
Макул көрдү баарысы.
Билеги жоон балбанын,
Билими артык зардалын,
Маңдайы жайык баатырын,
Малай, жакыр, бакырын,
Тилге жүйрүк чеченин,
Тик качыраар нечени,
Айла табаар аярын,
Атышкан жоого даярын
Астыртадан сүйлөшүп,
Балбандары жөнөлдү
Барскан, күрсү сүйрөтүп.
Баатырлары жөнөлдү
Найзаларын өңөрүп.
Кыргыз, казак – алаш эл
Аскери кумдай көбөйүп.
Камбылдар кылыч байланып,
Каруу-жарак шайланып,
Мергендер мылтык алышты,
Панустан кеткен аскердин
Артынан жөнөп калышты.

* * *

Аны таштап салыңар,
Арстан Манас каныңар,
Андан кабар алыңар.
Бууданды минип кенебей,
Булут көчкөн немедей
Найзанын учу чабышып,
Аскердин башы кагышып,
Саадакчы саадак асынып,
Сап-сап болуп бастырып,

Чыңыроо тартып, най менен
Бара жатыр баатырлар
Казак, кыргыз калкы бар.
Манжурия, маңгуттан
Кыргызга өткөн канчалар,
Өңкөй баатыр каркыбар.
Түн болсо жылдыз санашып,
Күндүз жолду карашып,
Желек туудан бөлүнбөй,
Жердин жүзү көрүнбөй
Толкуган дайра аскери
Тууну тууга уруңтуп,
Суулуу жердин топосун
Баткак кылып жууруптуп,
Байкап көргөн душмандын
Заманасын куурултуп,
Каран салып калмакка,
Суң кытайдын колунан
Ташкенди кайрып алмакка
Бара жатыр батышка
Башчы – Манас Жолборсу,
Өңчөй шерлер – Жолдошу.
Ташкендин Панус каны бар,
Урушмакка чыкканы,
Төрт жүз миң аскер саны бар,
Бара жатты жабылып,
Чүй кыргызын кырганы.
Алты жүз миң кол качкан
Акунбешим канынан.
Төрт жүз миңге кошулду
Алты жүз миң кол барып.
Басылбаган улуу чуу,
Панус кандын кызыл туу
Көтөрүлдү калкылдап.
Арасынан аскердин
Төрт жүз керней бапылдап,
Кыргызды көздөй ок атты,
Ок тийген жерлер казылды,
Обо көчкөн немедей
Күн күркүрөп басылды.
Мылтыктардын түтүнү
Туман түшүп ачылды.
Ал жердеги кыргыздар
Ар тарапка чачылды.
Панус кандын аскери
Ат коюшуп качырды.
Кабылан Манас баатырың:
Кылычты кындан алганда,
Кыйкырып жөнөп калганда,
Ат коюшту канча жан,
Аксакалы Айдаркан,
Баштап кирди Бакай кан,
Кыргыз, казак баарысы
Шыпкала чапты турбастан.
Суудай агып кызыл кан,
Ал күнү болгон урушТан
Жердин жүзү бузулган.
Кыргыздын колу кытайдын
Оюн тоого жапырды.
Тоосун ойго жапырып,
Тозоңун көккө сапырды.
Үч күн, үч түн тынчыбай
Уруш менен жүрүштү.
Кытайдын колун кыйратып,
Үч күндүк жерге сүрүштү.
Кыргыз, кытай эки журт,
Көптүгүн көрсөң кара курт.
Канчанын каны төгүлдү,
Төртүнчү күнү болгондо
Эки кол эки бөлүндү.

Көкөтөйдүн көп колу
Камады арттан кечилди.
Ташкенди көздөй кача албай
Кытайдын жолу бекилди.
Көздөн учту кытайдын
Ташкен деген калаасы.
Сары калдай калмагы,
Сапырылып баарысы,
Боздоп үркту далайы.
Арстан Манас башында
Аккан дайра сел болуп,
Каптап барат кытайды,
Кара шамал жел болуп.
Өлгөндөн калган кытайы,
Маңгул, калмак аралаш,
Качып кетип баратыр.
Дүнүйөгө карабай
Чачып кетип баратыр.
Кечээ качкан орунун
Бүгүн барып кыргыздар
Басып кетип баратыр.
Кыргыз, казак биригип,
Кыргын салып кытайга,
Каран салып калмакка,
Балаа кылды маңгулга.
Көпкөк желек туу менен,
Кыйкырык, ызы-чуу менен,
«Кыргыздаган!» дуу менен
Кыраан Манас жөнөдү.
Кара байрак туу менен,
«Казактаган!» чуу менен
Көкчө баатыр жөнөдү.
Ак асаба туу менен,
Айгайлаган чуу менен
Кыпчак Үрбү жөнөдү.
Баатыр Бакай, Баймырза
Башчы болуп колуна,
Баштап алып жөнөдү
Кең Ташкендин жолуна.
Калаага кирди капташып,
Он эки капка Ташкенге.
Олут эмес эзелтен
Түрк уулунан башка элге.
Түбүн түптөп таш менен
Түрк баласы салдырган.
Үстүн кумдан куйдурган.
Таштан түбүн кылгандан
Ташкен атка калтырган.
Кастык кылып калмактар,
Какандагы кытайга
Эки жүз жыл алдырган.
Суң кытайдын Панус кан
Дале такта отурган.
Ал бейкапар турганда,
Айгай салып көп алаш
Калаага кирген чагында,
Кернейдин үнү бапылдап,
Сурнайдын үнү такылдап,
«Манастап!» ураан чакырып,
Көчөнүн ичин көчүрүп,
Көккө чаңын сапырып,
Аскер кирип алыптыр.
Такта отурган Панус кан
Талып түшүп калыптыр.
Ташкендин ичи дуу болуп,
Дабыр-дүбүр чуу толуп,
Таң атырды көпчүлүк,
Дабырты бийик көп түрүк.
Эр Манастын кошууну
Нечен күн өрүүн болду дейт.

Чыйырчык, Ташкен жерине,
Андагы кыргыз элине
Көкөтөй баатыр карыны
Кан көтөрүп койду дейт.
Көкөтөйдүн көк туусу
Көтөрүлдү калкылдап.
Манастын колу жол тартты
Алтайды көздөй шартылдап,
«Ала-Тоого көчсөк» – деп,
Жеңиштүү эрлер жаркылдап.

## КЫРГЫЗДАР АЛТАЙДАН АЛА–ТООГО КЕЛГЕНИ

Абаң Кошой карыя
Адамдан башка олуя:
«Каза жетсе, өлөм – деп,–
Кабылан Манас баатырга
Караан болуп берем» деп,
Көк темирдей куралып,
Он эки миң кол алып,
Жалпы кыргыз бүткөндү
Өз жерине көчүрүп,
Кайран абаң эр Кошой
Бөөт-бөөт бел менен
Келип калган кези экен...
Акбалта, Жакып, Бакайдын
Эңсегени Ала-Тоо,
Байкуш кыргыз куулган,
Чыңырып эне тууган жер.
Эренче тонун кийишип,
Желбеген жорго минишип,
Тынбай көчүп өтүшүп,
Кичи-Жылдыз, Чоң-Жылдыз
Агын суусун кечишип,
Өгүз-Ашуу, Тай-Ашуу
Катар ашып келди эми.
Иленин башы Үч-Арал
Өрүүн боло берди эми.
Үч-Жыргалаң, Коңуздуу
Бойлой көчүп жүрдү эми.
Ат боройлоп сыдырып,
Тегиз көчүп кыдырып,
Ылдый карай бет алса,
Каркылдаган карга жок,
Куркулдаган кузгун жок,
Сары-Өзөн-Ата дээр экен,
Кең Иленин жээги экен.
Аккан суунун боюна,
Чоң өзөндүн оюна
Чогула журт конду дейт,
Жеткилең өрүүн болду дейт.
Ат баспаган жер экен,
Алмасы чирип, көң экен.
Жаңгагы кулап, сай толгон
Элсиз ээн талаасы
Берекелүү көрүнгөн.
Килемдей чөбүн тебелеп,
Кенен жайлап, ким конгон?
Жеткилең Манас ушунда
Жети күн түнөп жатыптыр.
Көч токтотуп, эл жыйып,
Үч күнү жыйын ачыптыр.
Шиберге оонап жатышып,
Эркинче кумар жазышып,
Кепти ортого салышты,
Кеңеш кылып калышты.
Манасты тосуп алдынан
Ак сакалы жаркылдап,
Абаң Кошой баркылдап:

– Эмгектеген бала бар,
Өбөктөгөн кары бар.
Алышкан душман далай бар,
Айла кандай болмокчу?
Аржагы Талас, Атбашы
Алоокенин колунда,
Капчыгай оозун алалы,
Өзөнгө малды салалы.
Катарлаш конуш алалык,
Кароолду катуу салалык.
Азган-тозгон аз элге,
Караан болуп калалык!
Эки тизгин, бир чылбыр,
Ээ, кулунум эр Манас,
Эми колго алгының!
Эңкейип калган абаңды
Эңишээр жерге салгының!
Кыргыз бүткөн тукуму
Кандыкты сага беребиз!
Казына камдап, кол жыйна,
Кайратты мыкты мол жыйна!
Бекине турган жерди тап,
Бели бекем эрди тап.
Катуу бороон, катуу күн,
Канчалык өтөөр башыңан.
Кыр-кырда кыргыз элиңе
Кызыккан жандар дагы бар.
Кылчайбай канды агызаар
Кызталактын баары бар.
Бууданын демдеп суутуп,
Байлап жатат Алооке.
Калмак менен маңгулун
Шайлап жатат Алооке.
Секиге чыга конгондо,
Элиңди түгөл башкарып,
Өз алдынча болгондо,
Астыңдагы Алооке
Тим койбос сени жепжеке.
Сары-Өзөндүн аржагы
Кадимки Талас, Кең-Кол бар,
Калкка жеткен кабары.
Жердей көр ошол жериңди,
Күтө көр кыргыз элиңди!
Таласты күтүп, чеп кылгын,
Төрт тарабын бек кылгын!
Беттеп душман келбеген,
Бейкабар адам желбеген,
Өңдүрүн адам чалбаган,
Өрдөп эч ким барбаган
Таласты конуш кыла көр.
Азган-тозгон аз элди
Айланаңа жыя көр.
Өзүңө өрнөк Таласка
Бара жүргөн ушул жол.
Беренім Манас, аман бол!
Ажалы жетсе абаңдын,
Өз колуң менен коёрсуң…
Нойгут журттан айрылган
Акбалта сөздү баштады:
– Балам Манас, береним,
Менин да ушул дегеним.
Алооке камап келгенде,
Калың журт жалпы чабылган.
Акбалта менен Жакыптын,
Ойлой келсем, эр Манас
Таалайына табылган.
Бир күйүт бар ичимде,
Балам Манас, байкачы:
Журтумду ойлоп турамын.
Алтайга барып, жер кылдык,

Кара калмак, манжууну
Канча жылы эл кылдык!
Кабылан Манас чырагым,
Бир өзүңдү дем кылдык.
Ат жалын тартып мингенден
Адалга бурдуң пейлиңди.
Кара кытай, манжуунун
Сандаган колун кыйратып,
Ажыраттың элиңди.
Үзүлгөндү уладың,
Чачылганды жыйнадың.
Балам Манас, өзүңдөн
Өтүнгөнү турамын.
Сагынам Сар-Кол жеримди,
Көп эстейм нойгут элимди.
Тукумуң өнүп, өскөн жер
Көп термелтет көңүлдү.
Нойгутума барайын.
Жолдош кылып, сен берсең,
Кутубийди алайын!
Курган нойгут элиме
Кан көтөрүп салайын.
Кейиген журтту эптейин.
Чегишээр жоонун жолунда
Чебиңди сенин бектейин.
Акбалта айтып ар кыл сөз
Уруксат сурап токтоду.
Курбусу Жакып муну угуп,
Ичи күйүп, чок болду:
– О, Акбалта курдашым!
Алтайда тентип жүргөндө,
Кадырым билген сырдашым!
Көкжалым Балта, эсен бол,
Көрүнөө сенден айрылдык.
Айлыңа кетсең, Акбалта,
Аңгеме дүкөн курай жүр,
Алыста Манас балаңдын
Ал-абалын сурай жүр.
Өөдө чыкса, өбөк бол,
Ылдыйга түшсө, жөлөк бол.
Калкыңа сен да караан бол,
Канча жыл аздык эл-журттан,
Курдашым Балта, аман бол!
Акбалта, Жакып бул жерде
Айкалышып көрүшүп,
Болкулдашып ыйлашып,
Моюн эттен өбүшүп,
Кутубий ээрчип артынан
Акбалта кетти элине.
Адам өлөөр шерт кылып,
Убаданы бек кылып,
Кан Кошой кетти жерине.

* * *

Бер жакта калган кыргыздар
Бет ала көчтү Таласты,
Медер кылып ошондо
Жакыптын уулу Манасты.
Алыстан аңсап келишип,
Аман жетти Таласка.
Келишимдүү кең Талас
Турган экен жайкалып,
Жакшынакай төрлөрү
Жаткан экен чалкайып.
Өрөөндөрүн карасаң,
Токою бар, талы бар,
Ал токойдун ичинде
Жан-жаныбар баары бар.
Чырпыгы бар чынардай,
Чынарлары мунардай.

Чымчыгына карасаң,
Алтайдагы улардай.
Туш-тушуна карасаң,
Айланган тоо чеп экен.
Кулак угуп, көз көргөн
Канча жерден бек экен.
Көкжал Кошой абаңдын
Бая айтканы эп экен.
Тыяк жагын карасаң,
Кан-Жайлоонун кайкысы,
Ушул жерден айрылган
Кайран кыргыз журтуңдун
Тумшугунун тайкысы!
Быяк жагын карасаң,
Үч-Кошойдун бөксөсү.
Муну жайлап тургандын
Болоор бекен өктөсү!
Туура жагын карасаң,
Карабуура, Чаткалы,
Көз жетпеген аскалар
Көктү тиреп жатканы.
Ай, жаныбар кең Талас
Жер соорусу турбайбы,
Жердеген адам тунбайбы!
Манаска Талас жер болуп,
Жергелей келип эл конуп,
Төрткүлдүн төмөн жагына,
Туу тикти кыргыз жаңыдан
Туйгуну Манас тагына.

## АЛООКЕ КАНДЫН ТҮРКСТАНДАН КАЧКАНЫ

Айбаты катуу Алооке
Маргаланда так миниП,
Тунуп турган кезеги.
Каяшаяк бергенди
Койдой союп Алооке
Кырып турган кезеги.
Өз билгенин Алооке
Кылып турган кезеги.
Алтышаар, Маргалаң
Темир аркан торунда,
Алоокенин колунда.
Кутула албай курган эл
Алоокенин алымы,
Артып барат залими.
Коконго кордук салыптыр,
Алты миң жамбы, миң кундуз
Ай сайын алым алыптыр.
Ургаачыдан узду алды,
Зордук кылып талкалап,
Оймок ооз, бото көз
Ойкуштаган кызды алды.
Алоокенин заарынан
Бүт журт тентип сандалды.

* * *

Арстан Манас баатыры
Кабар кылды калкына,
Калың кыргыз жалпыга,
Атасы Жакып карыга,
Акылмандын баарына.
Башчысы Бакай дагы бар,

Баатырлардын баары бар.
Ушу бүгүн жыйылды
Атпай кыргыз балдары.
Ошондо Манас кеп айтты:
– Кеңешиме келгениң,
Кенен уккун, – деп айтты,–
Алооке элчи жиберди:
«Конгон жерден көчкүн! – деп,–
Бачымыраак кеткин! – деп,–
Же кол куушуруп, бел бүгүп,
Алдыма менин келгин!» деп.
Журтум, буга не дейсиң?
Оболтон, элим, билесиң
Алоокенин кордугун.
Көтөрөм кантип мен анын
Кыргызга кылган зордугун!
Ыйык кыргыз жеримди
Тебелетип душманга
Кор кылып карап жаткыча,
Күүлөнгөн күчүн көрөйүн,
Күнүм бүтсө өлөйүн!
Кара кытай, калмакка
Калайманды салбасам,
Кара жаным тынчыбас,
Анжыянда Алооке,
Калаасын бузуп албасам!
Атадан калган жер экен,
Ынтызар болдум алууга!
Көрбөгөндү көрүпсүң,
Көрүнөө көбүң өлүпсүң.
Алдырып коюп каңгайга
Намысың жоктон көнүпсүң!
Акбалта уулу эр Чубак
Ордунан туруп кеп айтты:
– Ой, калайык! – деп айтты –
Эсирген экен Алооке
Ээсин жерден көчкүн деп!
«Кай жактан келсең сен өзүң,
Кайрылбастан кеткин!» деп,
Кашына барсак канетет?
Чубак мындай деген соң,
Көпчүлүк камын жеген соң,
Макул көрдү баарысы,
Жашы менен карысы.
Ошондо Манас баатыры
Асемин элдин арттырды,
Алтын ооз кернейди
Арылдата тарттырды.
Кан Манастын кырк чоро
Жалаң тулпар минишип,
Арстан Бакай абакең
Алтын туусун көтөрүп,
Айкөл Манас алдыда
Алоокени карата
Аттанып чыкты майданга.
Аяр экен Алооке
Алыстан көзүн салыптыр.
Айбатын көрүп кыргыздын
Апкаарып коркуп калыптыр.
Манастын сүрүн караса,
Ажыдаары, жылааны
Артынан сойлоп алгандай.
Көсөө куйрук көкбөрү –
Көкжал эрдин жөкөрү
Капталдан ээрчип алгандай.
Алпкаракуш арбайып,
Асмандан бутун салгандай.
Кара башыл ак буура
Калжаң уруп качырып,
Каршы алдынан көрүнөт.

Кара чаар жолборсу –
Караса, жүрөк сөгүлөт.
Алоокенин алдында
Сексен аяр сыйкырчы
Бичигин тиктеп тирмийип,
Кабар салып туруптур:
– Аярлар келдик алдыңа,
Кадимки Манас келатат.
Ал келсе бизди оң кылбайт,
Кызыталак бурутту
Чабышып адам жеңе албайт.
Ошол Манас канкору
Капканын оозун ачпасын,
Жыйган алтын казынаң
Жылас кылып чачпасын!
Жамгыр кылып, жаа тартып,
Мөндүр кылып, ок атып,
Жабылып бурут кетпесин!
Төбөбүздөн баспасын,
Төрт түлүктү чачпасын!
Калдайды каран кылбасын,
Калтырбай такыр кырбасын!
Манастын кыраар себеби,
Түгөнбөс сизде кеги бар.
Маргалаң бизге жер эмес,
Манас сизге эл эмес.
Токтобой качып биз эми
Каканга кирип баралы.
Мында туруп нетели!,
Тезирээк, ханым, кетели!
Аңдай албай Алооке
Акылынан адашты:
– Катылбайын кол салып,
Кара жанга шор салып!
Баштабайын согушту,
Балакетке жол салып!..
Деп ошентип Алооке
Добулбас бекем карктырды.
Капкачысы, сакчысы,
Кароолчусу, сынчысы
Калбай баары жыйылды.
Тулпарга жүгүн артышып,
Дүрбөп-дарбап шашышып,
Кылыччандар кылкылдап,
Кыйынсынган эрлери
Пилге дүйнө артышып,
Качмай болду тырпырап.
Алооке кандын кашында
Жети миң кытай, сан калдай
Качыр менен төөлөргө
Алтын жүктөп антаңдап,
Желдеттери, калдайы
Шаша-буша бат жүктөп,
Кан Алооке карыга
Тулпар токуп, ат тандап,
Улугу болгон Алооке
Беренжини салынып,
Бээжинге качты камынып.
Аскерлери кыбырап,
Бир бирине шыбырап:
«Качып жүрүп маминтип,
Кантип өлөөр экенбиз!
Каканчыга жеткенче
Алты айчылык жол эле,
Бээжин ысык жер эле,
Кытай ыраак эл эле,
Кээ бир жери Бээжиндин
Кырк күнчүлүк чөл эле,
Жандуулар чыдап барбаган,
Кезиккен аман калбаган,

Кумга койгон кумганы
Куркурап ысып кайнаган.
Эси жок жаман айдады,
Эс-акыл бизде калбады.
Чама чарчап, ал бүтүп,
Белде калаар бекенбиз?!
Таңдай кургап, көз жайнап,
Чөлдө калаар бекенбиз?!
Жаш күчүктөй кыңылдап,
Арам өлөөр бекенбиз?!
Бээжинге жетпей бержакта
Жаман өлөөр бекенбиз?!»
Кошуунун минтип кейитип,
Кызыталак Алооке
Анжыян таштап артына
Күндөп-түндөп качканда,
Сайылган бойдон бак калып,
Куралган бойдон так калып,
Тигилген бойдон тал калып,
Кулпуланбай там калып,
«Кыргыз кырып салат!» деп,
Далай бел ашып өткөндө,
Жылгын-Талаа, Таш-Кечүү,
Ак-Жар ченге жеткенде,
«Кутулдук кулдан эми» деп,
Жүк түшүрүп, жатты дейт.
Алооке кандын артынан
Сары изине чөп салып,
Арстан көкжал Манас кан
Саргара кууп жетти дейт.
Чатырдагы тагынан
Түшө калып Алооке
Тизелери бүгүлдү,
Бели жерге ийилди:
– Душманыңмын мен – деди,–
Душман да болсом, жан соога!
Амандык бергин сен,– деди. –
Катылбадым, карадым,
Тынч болууну самадым.
Орчун Кокон, Анжыян
Түпкү атаңдын жери эле,
Ээлеп алып бербедим.
Ырайым кылсаң, турайын,
Жоолошпой моюн сунайын.
Жол берсең, кетип тынайын.
Алтайдан берки жерди алдың,
Албан түрлүү элди алдың.
Корктум салган колуңдан,
Уруксат бергин, өтөйүн
Өзүңдүн баскан жолуңдан.
Атканы жазбас мергеним
Башкы балам Боокени
Өзүңө тартуу берейин,
Ак үйлүүгө алгының,
Баркын кийин билээрсиң.
Убада сөздө турбасам,
Азыр мына башыма
Акыр заман салгының!
Ошондо Манас кеп айтат:
– Жалбарып жаның сурадың,
Жайыңды көрүп турамын.
Келтирсем эгер жинимди,
Кең Анжыян боорунан
Кетирбес элем бириңди.
Кыргыздын жерин жерде деп,
Укукту сага ким берди?!
Көп чукуба жарамды,
Көмкөрүп салам калааңды.
Көчүп алып, тез жогол,
Көргөзбөгүн караанды!

– Урушпайлык, карайлык,
Орконду көздөй тарайлык! –
Бул сөздү айтып Алооке
Калкынын көөнүн басыптыр.
«Тирүүлөй өлүк болбойм» деп,
Боокесин таштап Манаска,
Түн киргенде качыптыр.
Кытайлар барат кылкылдап,
Араба менен былкылдап,
Кербен сымал чубашып,
Эки ай жарым жол жүрүп,
Баратышты бел ашып.
Алдыдан чыкты жолугуп,
Алооке кандын баласы –
Атын койгон Коң төрө,
Кытайга кийин чоң төрө –
Бээжинде жакын тууганы
Беш жыл анда кетиптир.
Окушун окуп кытайдын
Он сегиз жашка жетиптир.
Бээжинден кайтып келатып,
Көчкөн элди көрүптүр.
Билген соң көчкөн себебин
Жини катуу келиптир.
«Кенже балам келди!» – деп,
Өбөйүн десе атасы,
«Өппөй өлүп калгын!» – деп,
Кагып салып баласы,
Жакындатпай энесин,
Жаман көрүп атасын
Айткан кебин карагын:
– Анжыян болчу турагың,
Ушул кылган ишиңе
Айраң болуп турамын!
Манжурия, тыргооттун
Баарын кайда жоготтуң?!
Кара калмак калкыны,
Билбепсиң элдин баркыны,
Ферганадан качырып,
Кетирипсиң тарпыны!
Кыргызга кыргын салбапсың,
Кытайга элди сүйрөбөй
Кырылып неге калбапсың!
Бээжинде кытай уругуң,
Фергенада, атаке,
Кимден коркуп курудуң?!
Өңкөй кытай кеттиби,
Бээжинге качып сен барсаң,
Өлбөскө көзүң жеттиби?!
Кызылдай дүйнө чачаарбы,
Кыргыздан кытай качаарбы!
Коңурбай наалып бүткөндө,
Алооке айтты мындайды:
– Айтасың, балам, кыйынсып,
Касташканын соо койбос,
Манас арзан көрүнбөйт!
Кылайтып кырып салгыдай,
Кыргыз арзан көрүнбөйт!
«Атамдын жерин бергин» деп,
Алтайдан келип камады.
Заары катуу Манасы
Кетирип салды чамамды.
Көпкөнсүң белем, балам, сен?
Бээжин да мындан соо калбас!
Кара күчкө эсирбе,
Какан да мындан доо калбас!
Бедөөнүн жалын өрүп ал,
Бейжай сөздү мага айтпай,
Беттешем десең Манаска,
Бээжиниңден көрүп ал!

Алыңа карап ойногун,
Акылың менен ойлогун!
Айбатына, сүрүнө
Акас болду жетпедим.
Курусун жалган дүнүйө,
Кутулаар жагын беттедим.
Качуу керек, арга жок,
Бекерге айтпа сөзүңдү,
Бээжинге жеткир өзүмдү.
Кытайга Манас барганда
Көрөмүн шондо өзүңдү!

Атасы муну айтканда
Коң төрө тили байланды,
Кың дебеди Коңурбай
Отуруп калды жер карап,
Тарыпка конгон жорудай.

## ШООРУК КАНДЫН МАНАСТАН ЖЕҢИЛГЕНИ

Алайдын түштүк жагында,
Ары чети Тагарма,
Башы Даң-Дуң тоосунда
Маймундуктун Шоорук кан
Көпкөнүнө чыдабай
Өзүнчө минтип оолуккан:
– Кабакарт менен Тооруктур
Каптап кыргыз толуптур.
Ысарга жетип бир чети,
Бизге да келмей болуптур.
Бачагар кыргыз бүткөндүн
Басайын такыр демин! – деп,–
Кыйындыгын көрөйүн,
Кыргыздан жылкы бөлөйүн!
Кошуун жыйып, кол жыйып,
Кошуунду арбын мол жыйып,
Кысмакты буга кылайын,
Кыйыктык кылган кыргызды
Кылычка салып кырайын!
Айдап тоодон ашырып,
Алайдан ары сүрөйүн! –
Катуу келип жаалына
Каарданып Шоорук кан
Кабар берди баарына.
Уулдан үчөө, кызы экөө
Шоорук кандын баласы.
Акылай улуу кызы экен,
Ургаачынын сарасы.
Он алтыда жашы бар,
Оролгон кундуз чачы бар.
Асемдеген топчудай
Келишкен кара кашы бар.
Колу күмүш зымындай,
Бели канжар кынындай.
Сонундугу этинин
Кынап койгон чынидай.
Карагаттай көзү бар,
Канттан ширин сөзү бар.
Кыздын кеткен үшү бар,
Түндө көргөн түшү бар:
– Ата, сизге кеп айтам,
Алысты самап жортуулга
Аттанбаңыз деп айтам!
Жетиген жактан сел келди,
Сел менен көчүп жер келди.
Сел баткакка калыпмын,
Сенделип качып алыпмын.
Агып сууга өлөөрдө,
Алтын барик чынарга

Тырмышып чыгып барыпмын.
Ачасында олтурсам,
Атаке, келдиң кашыма.
Терекке калдык тербелбей,
Кериде калдык кебелбей.
Суу каптады, сел болду,
Кыян менен кыжылдап,
Агып жүргөн эл болду.
Жоручуңуз бар беле,
Атаке, бул түш не болду?
Жүрөгүм чочуп айрылып,
Жүдөдүм жаман кайгырып,
Алтайдан келген кыргызга
Асылып алып, атаке,
Жүрбөңүз тактан айрылып.
Түшүн жоруп түгөнгүр
Кан Шооруктун кеби бул:
– Кыян, сел каптап келгени,
Кыргыз деген эл келди.
Чыккан чынар терегиң,
Чындап кудай бергени.
Чаап алып кыргызды
Тагына минген өзүмдүр,
Так ушу, кызым, түшүңдүр!
Ушундай жоруп Шоорук кан,
Добулбасы кагылып,
Тууга байрак тагылып,
Алтайда жаткан кыргызга
Кошууну келип кол салып,
Нойгуттун жерин чалыптыр.
Опшурдун айлын оңдурбай,
Окчуну чаап алыптыр.
Окчу кыргыз уругу
Ойбой салып куруду.
Жети миңдей жылкыны
Желеден Шоорук айдады.
Тополоңго түшүрүп,
Калаба кылды калчасы.
Кырга чыгып кутулду
Кыргыздардын канчасы.

* * *

Жума күнү кечинде,
Бешим өткөн кезинде
Күлүшменин тоосуна
Кийик атып, аң уулап,
Келиптир Манас ушунда.
Кабыланга кабар айтмакка
Акбоз атын моюндап,
Ак сакалын коюндап,
Акбалта жетти акырып,
Айгай салып бакырып:
– Жакыптын уулу Манасым,
Кытайдан бөлөк жоо жок деп,
Кыялыңа алыпсың.
Адамыңдын баарысын
Алайга таштап салыпсың.
Каранар минип даңкайган
Оңкогой мурун, чуңкул көз,
Оозу жүйрүк, башка сөз,
«Ажалай» экен урааны,
Айылга кирип, кол салды.
Аткылашып биздин эл,
Кыйласы өлүп сулады.
Кыз-катындын баарысы
Кырга качып чуулады.
Төө минип жүрүп найза алган
Төбөдөн урган кандай журт?
Кете электе, бат барып,
Калабаны кылалы!

Атпай кыргыз күңгүрөп,
Алдын карай дүңгүрөп,
Манас баштап баарысы,
Акбалта, Жакып карысы,
Алтымыш миң кошууну
Ат коюшуп келатты.
Аш бышымга калбады
Он эки миң кошуунун
Ойрон кылып таштады.
Ошондо Шоорук акырды:
– Качыр! Качпа! Койбо! – деп,
Кайраттанып бакырды.
Айдап кирди майданга
Сексен төрт миң каапырды,
Аз экен деп ойлонуп,
Арстан Манас баатырды.
Уруш болду Алайга,
Ажал жетти далайга.
Айбалта, кылыч алышып,
Качырышып көп кошуун
Аралашып салышып,
Төө мингени төбөлөп,
Жөө жүргөнүн тебелеп.
Айманбоз менен чуратып,
«Ажалаган» канчасын
Ачалбарс менен сулатып,
Артынан чаңын буратып,
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл, Бакай карысы
Күн обого толгондо,
Жер жайнаган душманды
Жексен кылып салышты.
Шоорук кандын шору экен,
Жүрүп келген кошууну
Үч жүз миңче кол экен.
Өлдү көбү теңделип,
Жаны тирүү калганы
Жарадар болуп сенделип.
– Түбүң түшкөн кыргыздан,
Бири миңден коркпогон,
Баатырды көрүп келдим! – деп,–
Карaанын көрсөң өлөсүң,
Кача көргүн, элим! – деп. –
Өкүмсүп туруп, өрттөндүм,
Кыйынсып туруп, кырылдым,
Олжосу болдум кылымдын.
Катылаарга катылбай
Кадемим минтип жатаарбай!
Жолугаарга жолукпай
Жолум мындай катаарбай!
Калың кыргыз журтуна
Кабат келген бу бир доор.
Аңдабай барып асылып,
Кайнаган кези менде шор.
Өзүнө барып жыгылып,
«Өлтүрбө» деп сыйынып,
Кыл деген ишин кылайын.
Кабылан Манас баатырга
Багынып берип тынайын.
Көсөмсүнгөн кан Шоорук
Келди ушинтип эсине.
Бармак болду тартуу алып,
Эр Манастын өзүнө.
Ордодо жүргөн отуз кыз
Кымбат баа кийим кийгизип,
Кылтылдак жорго мингизип,
Жасантып кыздын баарысын
Таштады Шоорук намысын:
– Акылай балам! – деп айтып,–
Тилиңди, балам, албадым,

Тигилди капка арманым.
Тим кетти, балам, дарманым.
Жаным тирүү калса деп,
Тиледим да, зарладым.
Нукталып алган эл экен,
Урушка туулган эме экен.
Түптөлүп калган эл экен,
Түк качпаган өлүмдөн
Дүмөккө туулган эме экен.
Алсаң, балам, кебимди,
Атакеңди өлүмдөн
Ажыратып калсаң дейм.
Тартуу кылып барайын,
Таап турам эбиңди.
Тартуу тартып багынып,
Жан аргасын кылбасак,
Аман калбас элибиз!
Деп айтты Шоорук кызына,
Кыз сүйлөдү тышына:
– Мейли, өзүмдү алпарып,
Тартуу кылсаң канына
Болоормун мүмкүн мен дабаа
Далайлардын жанына.
Акал кызы мындай деген соң
Шооруктун жаны жай алып,
Кымбат баалуу буюму
Кызыл кымкап, зер алып,
Кырк бир кызыл нар менен,
Кыйла сонун шаң менен,
Отуз бир сулуу кыз менен,
Нан көтөрүп, туз менен
Астына барды Манастын.
Алтымыш нөкөр кашында,
Алтындуу таажы башында,
Чыккан экен Шоорук кан
Элүү сегиз жашына.
Бото куру мойнунда,
Эки колу боорунда:
– Болдум душман сизге,– деп,–
Каар салдың бизге,– деп,–
Арстан Манас, баламсың,
«Ата жолун изде» деп,
Тартып келдим кызымды.
Жайыңды билбей катылып,
Далай элим кырылды.
Жалынып жаным сурайын,
Жалпы журтум кысылды.
Акылым жоктон жаңылдым.
Ажалым жоктон өлбөдүм,
Акыр аргам кеткенден,
Акылай кызым баш кылып,
Тартуу алып жөнөдүм.
Айтты Шоорук мүдөөсүн.
Арстан Манас баатырдын
Адам билбес мүнөзүн,
Кылая багып күлбөгөн,
Күлгөндүн сырын билбеген,
Күңгүрөнө сүйлөгөн,
Күлпөңү арткан дүйнөдөн.
Каалгадай кашка тиш,
Калайыктан башка тиш
Кашкайып чыгып алыптыр.
Абакеси Бакайга
Арстан эр сөз салыптыр:
– Абаке, бу сөз кандай? – деп,–
Арсандап күлүп калыптыр. –
Астыңа келди каныңыз,
Ачууңдан, аба, жаныңыз.
Өзүңүзгө сый уруп,
Өтүнүп келген жан экен,

Мүдөөсүн макул табыңыз.
Орчун кыйын көпчүлүк:
– Оң сөз! – дешип калганы.
– Ордоңузга киргин – деп,
Оболунда Шоорукту
Манас баштап барганы.
Шоорук кирди сарайга,
Шоораты кетти далайга.
Кыргыздар турган кыйкырды:
– Бейбак кыздар, көзүңдү ач,
Мамындагы кары-жаш,
Самап турган силерди,
Каракыргыз эл болот.
Кимиң кимди тандасаң,
Ошол сага эр болот.
Сакал-мурут тарашып,
Кыздарды жардап карашып,
Кырданта кийип бөрктөрүн,
Кыз үчүн оңдоп көрктөрүн
«Каалаган бардыр бизди» деп,
Канча түрлүү жан турду
Тамаша буруп сөздөрүн.
Кыздын баары кысылды,
Тер боюнан сызылды.
Шооруктун кызы Акылай,
Шоодураган капырай,
Кыздардан чыгып бөлүнүп,
Кыргоолдой мойну көрүнүп,
Сунала басып суйкайып,
Суу чыбыктай буралып,
Башынан көрүп жүргөнсүп,
Баатырдын барып кашына,
Айкөл шерди Акылай
Тандап алды багына.
Отуз кыздын калганы
Отуз жигит тандады.

## МАНАС АТАСЫНА ТААРЫНЫП, АШТЫК АЙДАГАНЫ

Кызыр чалган зор Манас
Кыйын султан кан болуп,
Алтайдан көчүп келгени.
Кең Талас буга жай болуп
Төрт түлүгү шай болуп
Батып калган кезеги.
Кең Таласка келгенде,
Өзү билгендердин баарысын.
Ок өтпөгөн тон кийген,
Ок жетпеген ат минген
Оён келди Манаска,
Миңди көрсө шашпаган,
Миңден жүдөп качпаган
Жолборс келди Манаска.
Багалектен алышкан,
Балтырдан чапчып чалышкан,
Жан аяшпай чабышкан,
Бука моюн буура сан
Балбан келди Манаска.
Азамат келсе алкынган,
Ат күлүгүн мингизди.
Баатырларга эр Манас
Тон мыктысын кийгизди.
Сары казы, кыйма жал
Чоросуна тарттырды.
Ала-Тоону айланып,
Аркар атып байланып,
Күндө күлүк таптатып,
Күндө жарак чактатып,
Балбандары чалышып,
Баатырлары жарышып,
Ат үстүнөн алышып,

Кара күчү карт толуп,
Кабыландын чоросу
Өңкөй баатыр кырк болуп,
Таң тамаша оюнга
Батып калган кезеги,
Кырктап таман ордону
Атып калган кезеги
Кысыр бээ, тайлардан
Атаандашып сайышып
Ата конуш жер болуп
Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас.
Жаткан экен эр Манас
Нээти сараң Жакып хан.
Ойноп жаткан Манаска
Келип калды күүлөнүп
Күпүлдөп катуу сүйлөнүп:
«Уулум, Манас, өлсөңчү!
Кууратты го жанымды!
Өзүмдү жерге көмсөмчү!
Жеп ичкенче жоготтуң
Мен жыйнаган малымды.
Укпай койдуң сөзүмдү,
Көрүнгөнгө ат берип
Жөө калтырдың өзүмдү.
Балалуу болдум деп жүрсөм,
Куубаш болгон экенмин
Санаамдан кеткис чыр кылдың,
Сан караны миң кылдың
Тону жокко тон берип,
Картайып калган кезимде
Мүшкүлдү мага сен кылдың!
Кайнаган түмөн мал кайда?
Өндүрүү Алтай жер кайда?
Байгеге сайдың малымды,
Кетирдиң менин алымды,
Кош колдоп чачтың талаага,
Колумдагы барымды!
Калың малдан айрылып,
Өлгөнү келген экенмин,
Сен Манастын кордугун
Көргөнү келген экемин.
Тараттың кундуз түлкүмдү,
Сары кылып жоготтуң,
Казнадагы мүлкүмдү!
Ушубу сенин кылганың,
Атаңды сыйлап турганың?!
Атаганат, куу дүйнө,
Тараттың Манас, ар кимге,
Талаага кетти жыйганым!".
Муну укканда Манастын
Кежири катуу кармады,
Кабыландын ызгаары
Бетине чыга калганы.
«Атам менен айтышып
Бажаңдашып нетейин,
Колуна малын карматып,
Башка жакка кетейин!
Кара ниет атама
Кажылдашып нетейин
Анчалык малың жеп кетсем,
Калк кыдырып кетейин».
Деп ушинтип баатырың,
Күңгүрөнүп күүлөнүп,
Кара ниет Жакыпка,
Өз ичинен сүйлөнүп,
Кара-Буура, Чаткалда
Калк уйкуда жатканда,
Каарданып, таптанып,
Таластан чыкты атганып.
Беш-Таштын башы Бек-Жайлоо,

Бек-Жайлоону ашты эми,
Ар жагында Анжыян,
Боз-Талаага кирди эми.
Ак сакалчан абышка
Бет алдынан чыкты эми.
Абышка туруп муну айтат,
Кызыктырган кеп айтат:
«Беренимсиң, белимсиң,
Пендеден артык туулган
Берен көк жал шеримсиң!
Балам Манас тилимди ал,
Ай талаа бетин жайлайлы,
Аштыкты мыктап айдайлы.
Кетмендеп жерди ачалык,
Кочуштап тукум чачалык.
Кара жерди как жарып,
Орток аштык айдайлык.
Ошол аштык бышканча,
Боз талааны жайлайлык!».
Абышка айткан бул кепке
Кубанды Манас баатырың.
Колдон келет оокат деп,
Куп көрдү чалдын акылын.
Айта-буйта дегинче,
Ачып көздү жумганча,
Тике жолун төтөлөп,
Алып келди ошол чал
Эки өгүздү жетелеп.
Сокону Манас колго алып.
Жердин бетин ачты эми!
Кочуштап тукум чачты эми.
Аштык бышкан күз жетип,
Кызарып кырман толуптур,
Күрүчтөй болгон ак буудай,
Кызылы кырдай болуптур,
Абышка айтат бир сөздү,
Акылга салат бул сөздү:
– Алтайдан бери көчкөндө
Кезиксем деп жүргөмүн.
Орток аштык айдаган
Дыйканчынын көзүмүн,
Абышка болуп кубулган
Баба дыйкан өзүмүн!
Түшүмдү бүткүл өзүң ал,
Буудайды сатып пулуна
Татыктуу тулпар сатып ал!
Батасын берип аксакал
Кайра түштү жолуна.

* * *

Лоп дайранын боюнда,
Жашайт экен эзелтен
Нойгуттун каны Карача,
Так ошого табылган
Кайыптан келген куу байтал
Ак-кула кулун тууптур
Чаранасы кете элек,
Тууганда жерге жатпаптыр,
Энесинин үстүнөн,
Он эки жолу аттаптыр.
Билгичтин бары сынаптыр:
«Бул жаныбар Кулатай
Тулпардыгы укмуштай,
Алты ай минип жол жүрсө,
Арыбас сыны бар экен,
Чү десе жанга жеткирбес
Дулдулдун сыны бар экен.
Куланы жакшы баксаңыз,
Ойдогуңду болтурат,
Бир күнү хан Карача

Казынаңды толтурат.
«Айгай укса шашпаган,
Кетмен туяк, кең соору,
Керишке минер мал экен.
Салгылашкан жоо келсе,
Сайышка минер жан экен.
Башына нокто катыңыз,
Баркын билген адамга
Багын ачып сатыңыз.
Жыл он эки толгондо,
Карачанын калкына
Каатчылык жетиптир.
Карачанын көп нойгут
Нан таба албай зарланып,
Чама чарчап, ал кетип,
Туш-туш жакка барыптыр.
Нойгут ханы Карача
Аккуланы жетелеп,
Аштык издеп темселеп
Ай тарапка барыптыр.
Боз талаага келгенде
Көрсө көңүл бөлүнөт,
Кырдай кызыл ак буудай
Ай талаада көрүнөт.
Ай-балтасын жазданып
Кырманчы болуп кайтарып
Жанында Манас дөө жатат.
"Байтал бээнин кулуну –
Жылкынын нак дулдулу –
Асый чыкма Куланы
Кырманчынын алдына
Тартуу кылып көрөйүн» –
Деп ошентип Карача
Окоро түйгөн ак чылбыр
Мойнуна бүктөп артты эми,
Аккуланы жетелеп,
Көк жалды көздөй басты эми.
Оң жагына толгонуп,
Ойгонуп Манас караса,
Тартууга келген Аккула,
Найза кармап, топ бузуп,
Дууга минер мал экен,
Айгай кулак тундурган
Чууга минер жан экен.
Сүйүндү Манас барбайып,
Чаначтай мурду дардайып,
Арыстандай чамынып,
Ордунан турду камынып.
Нойгуттардын Карача
Аккуланы жетелеп,
Тулпардын мойнун буруптур,
Ак буудайдын четинде
Бура тартып туруптур.
Карача туруп муну айтат:
«Турпатың башка көрүнөт,
Байкасам, көөнүм бөлүнөт.
Жанында тоодой буудайың,
Жаратканга сыйынып,
Жөнүңдү сурап турам»,– дейт.
Анда Манас кеп айтат:
«Ала-Тоо биздин жерибиз,
Жайы кышы эт жеген
Кызырдуу кыргыз элибиз.
Сугун арта келгендин
Сурун кеспей койбойбуз.
Кармаша чыккан жоо болсо,
Кабыланча сомдойбуз.
Жөнүмдү билсең, хан-Төрөм,
Манас деген мен болом
Баба дыйкан чал менен

Ортоктош буудай айдадык,
Баш алып буудай бышкыча,
Боз талааны жайладык».
Муну укканда Карача
Өчкөнү кайра жангандай,
Кеткени келип калгандай
Береке батман тоо болуп,
Бет алдында тургандай,
Күүсүнө келип кеп салат
Көргөн жан айран калгандай:
– «Балам Манас сен болсоң,
Берген экен кудайым,
Кабылан тууган кулунум,
Аман жүргүн ылайым!
Кырк уруу кыргыз журтуңдун
Бир уруусу мен элем.
Атагым нойгут, ушу журт,
Карааның көрсөм сенин деп,
Тилек кылып жүрчү элем.
Айбандан артык Куланы
Тартуу кылам мен сага.
Тартып турган Аккула
Туура тулпар мал эле,
Айкөл Манас өзүңө
Ылайыктуу жан эле.
«Аккула» деп ат коюп,
Артыкча күтүп жүргөмүн.
Анда Манас муну айтат:
«Аккула тартсаң абаке,
Дегениңе көнөйүн,
Кырман толгон ак буудай
Калтырбастан берейин».
Баатырың мындай деген соң,
Карача турду бакырып,
Төө жетелеп келишке
Нойгуттарын чакырып.
Токсон нарды чөгөрүп,
Капка салып буудайды
Үйө жүктөп жиберип,
Капка батпай калганын
Кочуштап жерден алышты,
Куржунуна салышты.
Аккула колго тийгенде,
Манастын көөнү жай болуп,
Таластын жайын ойлонду.
Нойгут ханы Карача
Аккула берип Манаска,
Кыбыланы бет алды,
Батасын берип кол жайды:
«Кулунум Манас, өлбөсөң,
Катылгандан кан чыгар,
Телегейиң тең болсун!
Конушуң дайым кең  болсун!
Теминишкен душманың,
Тирешсе сенден кем болсун!» –
Деп ошентип Карача,
Ак боз бээни алды, дейт,
Арыстаныңдын алдына
Ай туякка чалды дейт.
Токсон төөгө жүк артып,
Топук кылып жол тартып,
Жөнөп кетти Карача.

Көңүлү жай кабылан
Аккула минип болкоюп,
Накери бутта чойкоюп,
Сыр найза колдо койкоюп,
Жалындап көзү чок болуп,
Оозунан чыккан илеби
Саадактан учкан ок болуп

Айманбозду жетелеп,
Кайра тартты Таласка.

Бир кезде Манас караса,
Боз талаа бети жымыңдап,
Боз адыр жели зымылдап,
Жер түбүнөн чыккансыйт
Жезнайдын үнү чыңылдап,
Күрөөкө соот, жаркырап,
Устүндө эрлер алкылдап,
Алдыдан бир топ жан келет
Боз адырды алкымдап.
Энтеңдете бастырып,
Эрендин көбүн шаштырып,
Сапырылтып душманга,
Салып жүргөн дүмөктү,
Көк рапыс тон кийген,
Көк ала тулпар ат минген,
Жети түмөн кол келсе,
Желиккен бойдон бир тийген,
Ач айкырык, куу сүрөөн,
Атса, мылтык өтпөгөн,
Чапса, кылыч кеспеген,
Кууса качкан кетпеген,
Качса, кууган жетпеген
Кыргыздардын кыраанды –
Акбалтанын Чубагы –
Арыстандын бири бу дагы,
Кара мылтык карс этсе,
Качпай турган эренден.
Чогол мылтык чорт этсе,
Чочубаган беренден!
Арыстан Манас баатырдын
Астында жүрсө ак жолтой,
Ак асаба туу кармап,
Артында жүрсө, сан колдой,–
Эр Чубак келип калганы;
Аттан түшүп алганы,
Айкалышып көрүшүп,
Бет алдында турганы.
Чырм этип уйку албаган,
Уйкусу жок, жолго сак,
Атка жеңил, тайга чак,
Сундурса найза тартпаган,
Сумсайып жоодон качпаган,
Аталаш жакын тууганы
Кабыландын Сыргагы,
Тууралжын келген, бою пас,
Тулку бою кара таш,
Өмөлүшө жоо келсе,
Өлүмдөн жанын аябас,
Алтымыштын артыгы,
Кырк чоронун кыйыны
Кыйкырган жоону беттеген
Кыраан баатыр чыныгы,–
Эр Сыргак келген кези экен,
Баатырыңдын чоронун
Баарысынан кичүү экен.
Бек кучактап мойнунан,
Ыктап турган кези экен,
Абасынын ийнинен
Бала Сыргак буркурап
Жыттап турган кези экен.
Ошол кезде карасаң,
Сөз сүйлөшүп жабырап,
Катар жүрүп дабырап,
Кылымга маалим кырк келди;
Кыраандары бүт келди,
«Кайыгып качкан Таластан

Кабыланды таптык» – деп келди.
Ошол кезде карасаң,
Эл аманын кааласаң,
Акылга терең даанышман,
Кеңешин курган алыстан,
Сан жыйынга нарк айтып,
Жалгыз чыккан жарыштан;
(«Э» – дегени эки эмес,
Кебин сура калыстан)
Маңдайында багы бар,
Баатырлыгы дагы бар;
Баары журтту текшерип,
Байкап турар чагы бар,
Кемтиги жок кебинде,
Кеби кетпейт тегинге,
Жалган айтып көрбөгөн,
Жаралып абаң өмүрдө,
Караңгыда көз тапкан,
Капыя жерде сөз тапкан,
Көңкү журттун камы үчүн,
Көчө келген Таласка,
Жакыптын уулу Манасты
Багып жүрүп тал кылган,
Адамзаат пендеде
Теңдеши жок жан кылган,
Ак шумкардай жаркылдап,
Аста сүйлөп баркылдап,
Боз жоргосу жайкалып,
Алдыңа Бакай келиптир,
Ошондо Манас арбайып,
«Амансыңбы, аба? – деп,–
Артык айтар сөзү жок,
Кылмыштуудай кылыят,
Бакайды карап мулуят.
Абасы Бакай кеп айтат,
Көр жемесин бек айтат:
«Жем издеген бөрүдөй,
Желип кетиш не жорук?
Эрин чанган катындай,
Качып кетиш не жорук?
Жолдошуна сыр айтпай,
Жолго чыгыш не жорук?
Жолу каткан бир чалга
Таарынганың не жорук?
Кең талаада кош тартып,
Кетмен чабар сен болсоң,
Ак буудайдан дан чачып,
Кетмен, күрөк байланып,
Кошо келет элекко!
Айран, кымыз көлдөтүп,
Көчө келет элекко!
Кара жер бетин ачыпсың,
Боз талааны гүлдөтүп,
Булкунуп буудай чачыпсың,
Көрдүм, баатыр, күчүңдү,
Жаман дебейм ишиңди;
Көмөккө алсаң болбойбу
Көңүлүң сүйгөн кишиңди!
Кеп салса бирөө зерикпей,
Кенен ташта ичиңди!
Тапкан малың Аккула,-
Таалайга бүткөн ат тура.
Мындайыңды билгенде,
Кыраандарга кабарды
Сала кетсең болбойбу,
Калтырбай Чубак,Сыргакты
Ала кетсең болбойбу.
Эр Чубак өгүз айдашса,
Сокону Сыргак кармашса,
Үчөөңө тиймек экен го

Тоодой болгон үч Кула".
Абасы мындай дегенде,
Чоролор карап калышты.
Кантер экен дегенсип
Манаска көзду салышты.
Каалгадай кашка тиш,
Калайыктан башка тиш
Кашкайып чыгып алды эми.
Кайран Манас баатырың
Каткырып күлүп калды эми.
Аны көргөн чоролор
Каткырыкты салды эми.
Чаначтын оозун чечишип,
Чаңкап кымыз ичишип,
Баатырдын жарпы жазылды,
Баарында кабак ачылды.
Дагы Бакай кеп айтат,
Эр Манаска бек айтат:
«Баатырым Манас, сени издеп,
Биз кечпеген суу калбай,
Биз баспаган тоо калбай,
Төгөрөктүн төрт бурчун
Тинтип чыктык ар кандай.
Бир мүнөзүң карасам,
Адам айран калгандай.
Таарындым Жакып чалга,– деп,–
Талаада жатып алба, – деп,–
Калкың кыргыз барында,
Кем болбоссуң малга,– деп,–
Эрегиштен не пайда
Эси кеткен чалга,– деп,–
Эчтемең сенин кем болбойт,
Эли-журтуң барда,– деп,–
Милдетиң алсаң элиңдин,
Намысың күтсөң жериңдин,
Эми мындай кылба,– деп,–
Айтпай сапар жол жүрүп,
Балакетке салба!» – деп,
Ким коргойт анда душмандан
Ата-журтту, жериңди,
Бир тууган кыргыз элиңди,
Чек кайтарган сакчыны,
Жайлоодогу малчыны,
Неберени, балдарды
Суйкайган сулуу кыздарды,
Келин, кемпир, чалдарды?
Баатырың менен чоролор
Өз ара сүйлөп кеңешти.
Каткырып күлүп жыргашып.
Кечирим сурап, элдешти,
Айманбозду жетелеп,
Таласты көздөй кетишти...

## АЛМАМБЕТ БААТЫРДЫН ОКУЯСЫ

Кытайлардын Карыкан,
Алооке кан, Азизкан,
Эсенкан төртөө бир тууган –
Какан кандын уулу экен.
Кырк дарбаза Бээжинден
Карыканы Кытайды
Билип турган кези экен.
Бир тууганы Азизкан
Карыканга айтканы:
«Алтымыш катын алсам да,
Туяк көрбөй каламбы,
Тандап туруп элимден
Катын алып бергин» – деп,
Мына ошондо Карыкан
Дүңкүлдөгүн урдуруп,

Сурнайларын бакыртып,
Баары журтун чакыртып,
Эл-журтуна жар салып,
Кылган экен буйрукту:
– Жыйырма үчтөн төмөнкү
Он беш жаштан илгери
Кыз калбасын үйүнө,
Кытайдан чыккан тандамал
Уз калбасын үйүнө!
Бул кабарды укканда,
Кырк кан эли кытайдын
Кызы бүткүл жыйылган
Бээжиндеги коргонго.
Алтымыш күн бүт чубап,
Кыз табылбас болгондо,
Кырк кандын эли кытайда
Соорондук деген бар экен,
Түбү кыргыз чал экен.
Сексенге жашы толуптур,
Он эки кызы болуптур.
Он эки кыздын кенжеси,
Соорондуктун эркеси
Ургаачыдан уз экен,
Алтынай аттуу кыз экен.
Кытайлардын  кырк аяр
Сындан сынга толтуруп,
Сынай карап олтуруп,
Кызды кармап алыптыр.
Ошондо байкуш Алтынай:
«Таталаган кытайга
Кантип, кокуй, тием!..» деп,
Ары-бери туйлаптыр,
Өкүрүп, боздоп ыйлаптыр.
Кытайлары ошондо
Ыламасын жыйыптыр,
Калмагынча калдырап,
Кытайынча кыжылдап,
Алтынайдай сулууну
Азизке нике кыйыптыр.
Азизканга келгени
Тогуз айга толуптур.
Убакты жетип Алтынай
Тубар чагы болуптур.
Түн ичинде жашынып,
Алмамбетти төрөптүр.
Төрөлгөндө Алмамбет
Чекеси жерге жеткени.
Каканчындын Бээжинге
Жетимиш күнү жамгыр жаап,
Жер титиреп кеткени...
Алты жашка келгенде,
Суук-Төр деген жеринде,
Жалгыз көздүн элинде,
Аверден барып окууга,
Күндүзү бүркөк, түнү ачык,
Бурганактап шыбыргак
Кубултуп күндү бузууга,
Атышка кирсе алдырбас
Согуштун жайын окууга
Жөнөп кеткен Алмамбет,
Арты болот кандай кеп?!.
Каражой уулу Шыпшайдар
Өнөрүн чындап токуду,
Ажыдаардын окуусун
Артык билип Алмамдан
Алты ай ашык окуду.
Окуусун бүтүп Алмамбет
Алтын кылыч, айбалта
Билегинде чалынуу.
Азизкандын ак болот

Кылычы кында салынуу
Толуп турган кези эле,
Жазгы күндөй жадырап,
Болуп турган кези эле.
Бир күнү туруп Азизкан
Мына мындай кеп салган:
– Алмамбет, уулум сен,– деди. –
Ак сакал болдум мен,– деди. –
Арызданган адам көп,
Ак-карасын текшерип,
Сурак жүргүз сен,– деди.
Ата сөзүн кайтарбай
Алмамбет такка илинди.
Ар ишинен баланын
Адилдиги билинди.
Арыз-муңду текшерип,
Келген шаары Кирешти.
Жети адамды жетелеп,
Өлтүрүүгө энтелеп,
Алып кирип келишти.
Сурады Алмаң жөндүү кеп:
– Бу кандайча ишиңер,
Чынжыр салган мойнуна,
Жашын төккөн койнуна
Шордуу кандай кишиңер?
Кирешти шаар баң-баңы
Жооп бере салганы:
– Сиздейлерге мурунтан
Урмат кылган ишибиз!
Садага кылып жолуңа
Чаба турган кишибиз!
Өлүм жаза алганды,
Колго түшүп калганды,
Арызданган арамды
Урматына чалабыз
Улуктардын жолуна.
Айраң болду Алмамбет
Азыркы уккан жообуна:
– Өлтүргөнү турсаңар
Буларды менин жолума,
Белек болсун силерден,
Бергиле менин колума!
Деди Алмамбет ошондо
Өкүм кылып оң-солго,
Жетөөн өзү алганы,
Өлтүртпөй алып калганы.
Актап турду Алмамбет
Андайлардан далайды,
Таңшаң түгүл Алмамбет
Какан журтун башкарды.
Канча түркүн калк барды,
Кара кылды как жарды.
«Каары бизге тиет» деп,
Улуктардын баарысы
Өз өзүнөн чочулап,
Үрөйү учуп калышты.
Атакеси Азизкан
Мына ошондо кеп айтат:
– Муну билгин,– деп айтат. –
Атакеңдин Кан-Жайлак
Коңурбай ээлеп алыптыр.
Көсөмсүнгөн чоң калча
Көтөрүлүп калыптыр.
Калчанын көрүп иттигин
Кантип чыдаар жөнүң бар,
Кай жериңде кемиң бар?!
Жайлоому кайрып бербесе,
Калчага алың келбесе,
Кайра келбей өлүп ал!
Атасы мындай дегенде,

Алманын жини келди эми.
Коңурбайдын алдына
Кан-Жайлак сурап барды эми.
Кебез белбоо, кең өтүк,
Кечилдин каны Коңурбай,
Келберсиген чиркин-ай,
Алгара атын булкунтуп,
Алты миң жайсаң, миң калдай,
Атагы кыйын Коңурбай.
Мыкты болуп Кытайга
Толуп калган кези эле.
Кандык атка калдайып,
Конуп калган кези эле.
Көпчүлүктө Алмамбет
Салам берип ийилди.
Аны көргөн Коңурдун
Кабагы карыш түйүлдү.
Алмамбет эми кеп айтат:
– Ук, Коңурбай,– деп айтат.–
Атакемдин Кан-Жайлак
Кайра кайрып бересиң.
Напсиңди сен, Коңур,
Тартыбыраак жүрөсүң!
Улуктар кылса чоңдугун,
Көрсөтпө мага зордугуң!
Журт мүңгүрөп куурады,
Жутунганың койгунуң!
Анда Коңур кеп айтат,
Ачууланып бек айтат:
– Азизкандын арамы,
Калжыраба! – деп айтат. –
Жер дегениң эмине?
Жериңди бербейм дегеле!
Журт дегениң эмине?
Эрбеңдейсиң тим эле!
Кайдан чыккан калыссың,
Кара көзүң оёюн!
Кашыма келчи жакындап,
Каныңа бүгүн тоёюн!
Өлүгүңдү жүктөтүп,
Эсенкандын алдына
Тартуу кылып коёюн!
Ал сөздү айтып Коңурбай
Очогорун октоду.
Көзүнөн жалын шыркырап,
Күйүп кеткен окшоду.
Алмамбет кирди акырып,
Сырнайзасын сундуруп,
Коңурбайга бакырып.
Алманбеттин үнүнө,
Ажыдаардай сүрүнө
Токтолуп Коңур туралбай,
Качырып найза суналбай
Атына камчы салганы,
Алапайын табалбай
Алактап качып калганы.
Акырып Алмаң жеткени,
Калчага найза неткени.
Аңырайган чоң Коңур
Алгаранын үстүнөн
Аңтарылып кеткени.
Зымырап учту жеткирбей
Коңурбайдын кара аты,
Кара атынын бар экен
Капталында канаты.
Капкасы болот коргонго,
Эсенкандын ордого
Кирип барды Коңурбай
Таазим кылып бүгүлүп,
Ийилип турду жүгүнүп:

– Айланайын улугум,
Коломтодон кор чыкты!
Азизкандын арамы
Соопчул болуп зор чыкты!
Аттан сайып түшүрүп,
Кан жөткүрттү өзүмдү.
Экөөбүздү сулатып,
Ойгону турат көзүңдү!
Колуңдан өкүм алам дейт,
Сенин илийиңди оторуп,
Башка жолго салам дейт!
Тактыдан сени түшүрүп,
Өзү келээр көөнү бар.
Кебиме, каным, кулак сал!
Жете келген Алмамбет
Ордого кирди чамынып:
– Алоокенин Коңурбай
Азапка журтту салганы!
Бул Коңурбай заңгарды
Тыйып койоор жан барбы?!
Укса, укмаксан Эсенкан
Эрди-мурду былк этип,
Койбой-дебей чырт этип,
Чыгып кетти коргонго.
«Эсенкан эмес, эсер го,
Эл бийлеши бекер го?!
Адилет киши деп жүрсөм,
Журт куруткан көөсөр го?!» –
Муну ойлонуп Алмамбет,–
Ордодон чыгып муңайып,
Айнектей болгон сулуу кыз
Алдынан чыкты суйкайып,
Кыздын аты Бурулча,
Эсенкандын эркеси,
Акыл-эси кыйынча.
Бурулча сулуу кеп айтат:
– Ук, Алмамбет! – деп айтат. –
Эсенкан атам сени айтты,
«Азизкан өзү жайласын.
Райымсыз көпкөн баласын»
Ушундай деген кеп айтты:
– Атаңа, Алма, ишенбе,
Атакең салат кишенге.
Бара турган жер камда,
Бата турган эл танда.
Имерилип атаңа,
Аркан-жипсиз байланба.
Балтырың сыйаар жер тапсаң,
Өлгөнчө турам сөзүмдө,
Үмүтүм болоор өзүңө!
Убадамды актаармын,
Алты жыл жолуң сактаармын.
Желелеп жибек түйөөрмүн,
Жети жыл сени күтөөрмүн.
Кол кармашып коштошуп,–
Бурулча туруп калганы.
Кылчак-кылчак бурулуп,
Алмамбет жолго салганы.
Бурулчаны Алмамбет
Бир көргөндө сүйүптүр
Суйкайган сулуу келбетин
Жүрөгүнө түйүптүр
Кылжейрен атын чуратып,
Алмамбет келди коргонго,
Атасынын ордого.
Салам берди бүгүлүп,
Кол куушуруп жүгүнүп:
– Атакем, укчу! – деп айтат.–
Абайладым көп ишти,
Арты жаман жумушту.

Эсенкан агаң, атаке,
Ниети бузук турбайбы!
Тобокелге саламын,
Көптөгөн кошуун аламын,
Эсенкан менен Коңурга
Кылгылыкты кыламын!
Тактыдан канды түшүрүп,
Өз колума аламын!
Алмамбетти укканда,
Азизкан чочуп өкүрдү:
– Угузба мындай сөзүңдү,
Уйпалап коёт өзүңдү!
Жалынсаң укпайм зарыңды,
Чымындай кыям жаныңды!
Каңгайдын түпкү канына,
Жамандык болсо оюңда,
Бул жолуңдан кайт, балам,
Бузулсаң мага айт, балам!
Кан төгүүдөн кайтпасаң,
Угуп кой менин сөзүмдү,
Эсенкандын колуна
Салып берем өзүңдү!
Зыңгырап Алман турду да,
Жаалы келе калды да,
Жаманга көөнү бузулуп,
Кылычын кындан алаарда,
Араңдан зорго карманып
Айтаар сөзү жок болду,
Катуу сөз айтып койгондон
Чыгып кетти коргондон.

Энеси үйдөн кеп айтат:
– Кулунум, укчу,– деп айтат. –
Жаңырыктуу кыядан,
Жалгыз элең уядан.
Улуктун калдың каарына,
Убара салаар жаныңа.
Тегерегиң темирден
Торго калдың, кулунум.
Тереңдиги кырк кулач
Ордо калдың, кулунум!
Же сабырдык да кылбадың,
Жан күйөөр жолдош жыйбадың!
Жайдарым жалгыз Алмамбет,
Энекеңди кыйнадың!
Кагылайын каралдым,
Кыясы кымбат бел тапкын.
Кыйындык түшсө башыңа,
Кыйышпай турган эл тапкын.
– Таалайым менин, энекем,
Табылгыс менин берекем!
Коңурбай башым тепседи,
Кармашсам күчүм жетпеди.
Өңгөсүн айтып нетейин,
Атама сөзүм өтпөдү!
Кош, энеке, аман бол,
Күн батыш кетти биздин жол!
Ал сөздү айтып Алмамбет,
Мамысына байлаган,
Эликтей көзү жайнаган,
Окторулуп ойногон,
Ок жыландай сойлогон
Кылжейренди минди эми!
«Алмамбет качып кетти» деп,
Ордого кабар жеткенде
Жаалы келип Эсенкан
Балбандарын чакырды,
Бардыгын жекип бакырды:
– Өзөгүмдөн өрт чыкты,
Өз ичимен жоо чыкты!

Азизкандын Алмамбет,
Арам сийдик уул экен!
Кытайдын белин ашырба,
Бурутту көздөй качырба!
Эки колун байлап кел.
Өлтүрбөстөн чочкону
Бээжинге тирүү айдап кел!
Жолдуката кыйнап кел!
Эр Коңурбай баш болуп,
Калың каңгай козголуп,
Артынан жөнөп калыптыр.
Алоокенин Коңурбай
Келе жатат күркүрөп.
Алпты көргөн адамдын
Бүткөн бою дүркүрөп.
Бел байлаган бели жок,
Колдоосуз калган курусун,
Караан кылаар деми жок,
Алмамбет жандан түңүлөт.
Энеси муну билиптир
Түрмөктөлгөн кара чач
Төбөсүнө түйүптүр.
Тору бээни миниптир.
«Ажал жетсе өлөм – деп,–
Асылым жалгыз уулума
Караан болуп берем – деп,–
Өлбөй тирүү турганда,
Кай муратка жетем» деп,
Белсенип жоого кириптир.
Кызыл түпөк сырнайза
Энекең колго алыптыр.
Алоокенин калчасын
Капталдан тосуп калыптыр.
«Өпкө боор бети – деп,–
Жүрөктүн төмөн чети – деп,–
Атын сайсам, жедим – деп,–
Анан өлсөм мейлим» деп,
Кыска кармап найзасын
Көздөп энең сайарда,
Көзүн ирмеп алганы.
Кере карыш сырнайза
Коңурга тийбей калганы.
Ошондо кыраан Алмамбет
Кызыл кумду буратып,
Тунук күлүк Кылжейрен
Коңурбайдын соңунан
Кетип барат чуратып.
«Түп этектен алсам – деп,–
Түртүп барып калчаны
Алгаранын үстүнөн
Ыргыта сайып салсам» деп,
Артынан жөнөп калды эми.
Коңурга Алма жетерде
Ыргыта сайып кетерде.
Төмөн жакка көз салса.
Жалгыз турат тору бээ
Энесинен бош калган.
Калың кытай жабылып,
Добулбасын кагыптыр.
Алтынайдын өлүгүн
Бир качырга артышып,
Бээжинге жөнөп калыптыр.
Жетип Алмаң кытайдын
Тополоңун тоз кылды.
Кармашып жүрүп каңгайдан
Тартып чыкты энесин.
Сырнайзаны жерге уруп,
Көзүнөн жашы төгүлдү,
Кабыргасы сөгүлдү.
Ошентип ал турганда,

Душманды көр, селди көр,
Туш-тушунан каптаган
Калың кытай элди көр.
Каңгай менен согушсам,
Кайран асыл энемдин
Көмүүсүз сөөгү калат – деп,–
Этине жору тоёт – деп,–
Эки көзүн оёт» деп,
Белинен эңип бүктөдү,
Тору бээге жүктөдү.
Караган черди аралап,
Көк-Булуңдун токойго
Энесин көмдү аманат...
Таң кашкайып сүргөндө,
Жерге жарык түшкөндө,
Кетейин деп ойлосо,
Каңгай курчап алыптыр.
Жолун тосуп калыптыр.
Өткөрө жандан түңүлдү.
Кара кытай, манжуунун
Камоосунда жүргөнчө,
Каран түн түшүп башыма
Айдоосунда жүргөнчө,
Кытайдан алыс кетейин,
Мындан башка нетейин.
Чылбырды колго алганы,
Ушуну айтып Алмамбет
Кылжейрен санга салганы.
Дубалды карай бет алып,
Кытайдан качып калганы.

## АЛМАМБЕТТИН КӨКЧӨГӨ КЕЛГЕНИ

Эртишке жетип келгенде,
Турнабай колго алганы,
Тунарып жаткан талаасын
Кайкалап Алмаң карады.
Эртиш суунун оюнда
Кылкылдап калың эл жүрөт.
Кайнаган топтун четинде
Көк ала атчан бир киши
Айбаттуу эрдей көрүнөт.
Бастырып келип Алмамбет
Салам айтты калмакча.
Эр Көкчө алик алды да:
– Жолуң болсун, баатыр деп,
Сурап калды казакча.
Анда Алмамбет кеп айтат:
– Уругум кытай эл болот,
Кыйындар менен кагыштым,
Кырчылдашып салыштым.
Асмандан мөндүр тутулуп,
Артыман жеткен куугундан
Араң келдим кутулуп.
Муну укканда хан Көкчө,
Бир сары улак таптырды,
Садагасын чаптырды.
Калың казак камынып,
Кары дебей, жаш дебей
Баары келди жабылып,
Керней тартып бапылдап,
Ырчылар сайрап какылдап.
Алмамбет баатыр келгенге,
Чал Айдаркан кубанып,

– Алманы өзүм алам – деп,
Киргизип алды үйүнө.
Алмамбет барды сүйүнө.

* * *

Арасында казактын
Кимдин болсо мүдөөсү
Алмамбетке жүгүрөт.
Уурулугун, айыбын,
Уруш-талаш, майыбын,
Эрден чыкчу зайыбын
Алмамбет – калыс бүтүрөт.
Арызчы, муңчу баарысы
Алмамбетке барышчу.
Кара кылды как жарган
Алманды калыс салышчу.
Казактын канча калкы бар,
Калк ичинде баркы бар –
Төрөзаада, бекзаада,
Канзаададан канча бар,
Көрө албаган, ичи тар,–
Андайлардан канча бар.
«Балаа болду калмак,– деп,–
Пастады биздин арбак – деп,–
Четтетип барат бийликтен,
Каражолтой Көкчөгө
Калабалуу бу кытай
Кайдан келип кийликкен?!
Ага-иниден чыр чыкса,
Өзүбүз жообун тапчу элек.
Анча-мынча пара жеп,
Ооз майлап, кетчү элек.
Казакты кудай урдубу,
Каңгып келген бир кытай
Бийликке келип турдубу?
Көкчө баатыр эр эле,
Көлдөн терең көр эле.
Дүнүйөсүн бүлдүрсөң,
Кенебеген кең эле.
Катының бирөө караса,
Касапта турган жер эле.
Башка жакка калганда
Паашалыгы бар эле.
Эсеби жок тар неме.
Катын жакка калганда
Албай ичи тар эле!
Катының менен Алмамбет
Ойнош болуп алды деп,
Ушак-айың таратсак,
Өлбөгөн жерде калбас» деп,
Ата-уулунан казактын
Алтымышы жыйылып,
Акылдашып алышты.
Алмамбеттен айрууга
Кеңеш кылып салышты.
Көкчө чыкса бир жакка,
Көргөнү барса мал жакка,
Ууга чыкса кийикке:
– Аңдып жүргүн, баатыр,– деп,–
Акеркеч деген катының
Алмамбет менен жакын – деп,
Айта берип ар кими
Көкчөнүн көөнүн калтырды.
Көкчө келип үйүнө
Көп аңдыды катынды:
«Алмамбет сага жакын» – деп,
Алда канча такыды.
Такыганда Акеркеч
Чыдай албай күүлөнүп:

– Не болду? – деп сүйлөнүп,–
Адамдын баркын билбейсиң!
Алмамбетти ким дейсиң?
Кайнаталуу келиндей
Тик карабайт бетимди.
Көңүл артсам ошого,
Көрүнөө кудай урбайбы!
Кантейин сени, кан Көкчө,
Каарланган сөзүңө!
Кас душмандар биригип,
Кылмакчы экен өзүңө!
Казактын сен канысың,
Калк жакшысы көрө албайт
Алманбеттин калысын.
Бузуктун тилин алаарсың,
Алмамбетти өлтүрүп,
Астына жердин салаарсың.
Ишенсең, Көкчө, муну кой,
Ишенбесең сөзүмө,
Аны кой да, мени сой!
Өлүп калаар бир катын,
Өксүбөсүн казагың!
Алмамбет турса колуңда,
Алтындан болоор чарбагың,
Ааламды басаар салмагың.
Алмамбеттен айрылсаң,
Арылбай калаар арманың!
Кетсе дагы Алмамбет,
Өлсө дагы Алмамбет,
Өзүң өчүп калаарсың!
Бул Алмамбет келгени
Саны түмөн казагың
Сары-Арканы жердеди,
Жанчышып калмак жеңбеди!
Акеркеч айтса акыл кеп,
– Айтканың сенин макул – деп.
Кан Көкчө муюп токтолду:
Казакта болгон ата-уулу,
Алтымыш экен баарысы,
Жолуккан сайын Көкчөгө
Озунуп айтып саламды,
Жылдырып коёт акырын
Бузукулук арамды:
«Акеркеч жеңгей үйдөбү?
Акеркечтин жанында
Алмамбет эргул жүрөбү?..» –
Какшык айтса бектери,
Айдаркандын Көкчөгө
Катуу тийет кептери.
Ар ким айта берген соң,
Бузулуп көөнү кеткени:
– Азып келген бир кулдан
Арманда болуп өлбөйүн.
Ага-инимди чогултуп,
Аңгырап сөзүн көрөйүн.
Арамдыгы бар болсо,
Ант урган кулду көмөйүн!
Казактан чыккан ата-уулун
Чогултуп Көкчө жыйыптыр.
Чоң үйдө өтчү чогулуш
Кичи үйгө эптеп сыйыптыр.
Эр Көкчөнүн үстүнө
Журт билчүлөр барыптыр.
Алтымыштан башканын
Баары сыртта калыптыр.
Күчтүү болсун арак деп,
Күчаладан салыптыр.
Масчылыктан көз жаштап,
Баатыр Көкчө сөз баштап:

– Чыгарыңар, жакшылар,
Чыр кылуучу ишим бар.
Алмамбет менен жакын дейт,
Акеркеч деген итим бар.
Айтыңарчы анығын,
Аңдасам соодой көрүнбөйт
Алмамбет кулдун калыбын.
Арамдыгы чын болсо,
Азыр кармап соёлук.
Адалдыгы чын болсо,
Апсана сөздү коёлук!
Олтурган орчун бийлерсиң,
Оңой-олтоң иш эмес,
Чындыгын гана сүйлө! – деп,
Көкчө өтүндү элинен.
Алтымышы адашпас
Антташып алган кебинен:
– Бир кишини көрө албай
Билбей айтсак жамандап,
Бизди кудай урбайбы!
Бирибиз эмес баарыбыз,
Жашыбыз эмес-карыбыз,
Ак болсо, кантип булгайлы!
Бизге ишенбей турсаңыз,
Алган жарың Бийдайгүл,
Жаш токолдон сурайлы! –
Баталашкан немедей
Баары чуулап калганы.
– Катын, кандай көрдүң? – деп,
Токолуна бурулуп,
Көкчө көзүн салганы.
– Көргөнүңдү айткын! деп
Төрөлөр жаалап калганы.
Өңү сулуу болсо да,
Өзүндө акыл аз экен,
Арак ичип бир чыны
Бийдайгүл да мас экен:
– Бузук да болсо байбичең
Менден жакшы,– деп айтты.–
Чын айтпасмын, күңүмүн.
Чыгаандыгын аныңдын
Күндө көрүп жүрүмүн.
Токолу айтса күбөлүк
Кан Көкчөдөй баатырдын
Калды көөнү түбөлүк:
– Андай болсо, эл,– деди,–
Алмамбетти чакырып,
Азыр алып кел! – деди.
Азабын берем мен! – деди.
Тузум урган кул! – деди.
Азыр аны сойбосом,
Алганым калсын тул! – деди.
Калкымда жүрүп караандап,
Катынымды арамдап,
Жалган го деп ишенбей
Жакшылардын сөзүнө,
Жакынсынып жүрүпмүн
Жанкечти кытай өзүнө.
Жамандыкты мен бүгүн
Көргөзөйүн көзүнө!
Алмамбет кулду соёюн,
Акеркечти бир далай
Азапка салып коёюн.
Жайдак атка мингизип,
Казакка бүткүл билгизип,
Эл кыдыртып жүргүзүп,
Кааласам, катын кылайын,
Каардансам, жанын кыяйын!
Киргенде калмак бул үйгө
Канжардын курчун алгыла,

Как жүрөккө малгыла!
Өлүүчү жерин туштаңар,
Өткүр бычак муштаңар!
Мас болду Көкчө күүлөнүп,
Өңгү-дөңгү сүйлөнүп.
Аябай ичкен арагын,
Азгырганын карагын!
Мас болгон казак баарысы
Баатыр болуп калышты.
Алмамбетти жутмакка
Баталашап алышты.
Эки жигит чаптырды,
Алмамбетти таптырды.
Казактан кастык болот деп,
Кайран эрде капар жок,
Ар нерсе ойлоп Алмамбет
Бастырып жетип баргамы,
Жигиттер атын алганы.
Салам айтып бийлерге
Эр Алмаң үйгө киргенде,
Айбатынан баатырдын
Апкаарыша калышып,
Тура калды дүрбөшүп,
Саламга алик алышып.
Бакырды Көкчө бектерге:
– Ажыдаар башын салдыбы?!
Арстан кире калдыбы?!
Баатырсынып эми эле
Айткан сөзүң эмне эле?!
Атпай казак баарыңды
Арбак уруп салдыбы?!
Кытай кул үйгө киргенде,
Кызыталак «кыйындар»,
Кырыла жаздап калдыңбы?!
Суук сөздүү кеп чыкты,
Эки оозунун бир оозу
«Кытай», «калмак» деп чыкты.
Кадырлуу бектин баарысы
Кырка отуруп калышты.
Ортодо калды Алмамбет
Отураарга орун жок.
Алмамбет кайдан аянды,
Төрдө жаткан Көкчөнүн
Тизесин барып таянды.
Көкчө баатыр күүлөнүп,
Көкжал Алмаң султандын
Көзүнө айтып сүйлөнүп,
Суук сөздү салганы.
«Алда кимди айтат?» деп,
Адегенде Алмамбет
Айраң-азыр калганы.
– Ачууландың кимге? – деп,
Жадаганда Алмамбет
Жайын сурай салганы.
– Бузук кул, сени айтам! – деп,
Буту менен Алманды
Көкчө түртүп калганы.
«Оюнбу?» деп, «чынбы?» деп,
Алмамбет ойго алганы.
– Бууданым Көкчө, сенби? – деп,
Мындайың мурда жок эле,
Бузук сөз кайдан келди? – деп,–
Жамандык көрсөң, жайың айт,
Жашырбай журтка жайып айт!
Тийген болсо, тилимди айт,
Күнөөм болсо, билип айт!
Биле албасаң, эр Көкчө,
Жамандык сөздөн жанып кайт!
Урмат кыл, Көкчө улугум,
Урушкандай сөз айттың,

Убайым тартып турумун.
Алмамбет антип сурады,
Ата-уулунун баарысы
Апкаарышкан убагы.
Ары баатыр, ары мас
Айдаркан уулу эр Көкчө
Алмамбетке ичи кас:
– Каңгайдан келген калмакты
Кет десеңер болбойбу!
Жергесине кытайдын
Жет десеңер болбойбу!
Көкжал Алмаң ошондо
Ачуусу келип калганы:
– Адам болбой жит, Көкчө,
Кара жер сорсун нээтиңди,
Акылдан тана ичипсиң,
Карартып кудай бетиңди!
Ата-уулуна бир карап,
Анда Көкчө кеп айтат:
– Сураганын алсынчы,
Сурданбай жолго салсынчы!
Каалаганын алсынчы,
Камсыкпай жолго салсынчы!
Анда Алмамбет муну айтат:
– Айныбагын сен, Көкчө,
Айтканымды бер, Көкчө!
Казатка чыгаар касым бар,
Майданга чыгаар башым бар.
Жакындан болгон жатым бар.
Жан кыйбасым эр Көкчө,
Каалаганым Көкала
Атыңды берчи, минейин.
«Каалаганың алгын» деп,
Адам айтаар сөздү айттың,
Айтканыңдан жанба эми.
Басынтып Көкчө кеп айтат:
– Алмурут чыккан жерлерге
Итмурун чыгат дечү эле.
Ит ичпей турган ашынан
Үмүт этет дечү эле.
Арстан баскан жерлерден
Аюу жойлоп турарбы?!
Атымды сурап бул калмак,
Атаа, мындай кудай ураарбы!
Ачуусу келип Алмамбет
Жалын чыкты көзүнөн,
Жаалы чыкты сөзүнөн:
– Алмурут Көкчө сен болсоң,
Итмурун жыгач мен болсом,
Мен да куруп калайын,
Ит Көкчө, сенден кем болсом!
Арстан Көкчө сен болсоң,
Лапшыйган аюу мен болсом,
Адам болбой өлөйүн,
Айбаным, сенден кем болсом!
Элиңде туруп эркексиң,
Элиңден карыш сен чыксаң,
Бооз катын шелпексиң!
Акылы кеткен азыраак,
Арак ичкен масыраак
Көкчө чындап тарыкты:
– Кулду кармап муузда! – деп,
Көбүнө кылды жардыкты.–
Тентиреген бу кулду
Тез өлтүр – деп,– бычактап!
Канын төк – деп,– кылычтап!
Канжар сал – деп,– кардына! –
Күүлөндү Көкчө баарына.
Суурup алып кылычын

Алмамбет турду октолуп.
Кайрат кылаар бир жан жок,
Ата-уулдан алтымыш
Кымырынды токтолуп.
«Өлтүрмөк тура иттер! – деп,
Өткүр Алмаң ойлонуп,
Кылычын кынга урду да,–
Итчилик кылса, бул кылсын,
Азыр сабыр кылайын.
Өлөңдүү жерди өрттөбөй
Өзүм кетип тынайын!»
Эч бирөөнү карабай
Эшикти көздөй бет алды.
Жолун тоскон бир жан жок,
Алмамбеттин багытын
Ача берди казактар.
Казатка минээр Кылжейрен
Атына Алмаң барганы,
Оолжуй басып Акеркеч
Ордодон чыгып калганы.
Дарайы көйнөк шоодурап,
Караса көзү жоодурап,
Акеркеч сыпаа кеп айтат:
– Аярла, аяш, – деп айтат. –
Ата-бала урушат,
Ага-ини жулушат,
Анткен менен кетишпей
Айланышып турушат.
Не түрлүү чыры болсо да
Эртеси өңүн көрүшөт.
Өлүп калса бир бирин
Өкүрүп, ыйлап көмүшөт.
Кылчайбай атка минишиң
Келбес бекен эбиңиз?
Мас таркаса, соо болоор,
Бир сапаркы ачууну
Минтпей мага бериңиз?
Көзүн жаштап Алмамбет:
– Аяшым, уккун – деп айтат,–
Толгонсом жоктур өнүмүм,
Токтолсом болоор өлүмүм.
Кайтадан болбос өнүмүм,
Кайрылсам болоор өлүмүм!
Аман болгун, жеңе,– деп,
Бурулбасы билинип,
Кетмекчи болгон беренге
Акеркеч жөндүү кеп айтат:
– Жарашып калган жериң жок,
Жакшы айтышкан эриң жок,
Жайнаган кытай элиң жок,
Жээниң да жок, тайың жок,
Жердеп тураар жайың жок.
Эңкейип кетсең, жөлөк жок,
Кайрылаар жок тууганың.
Уккан, көргөн эл болсо,
Кабарың алып турайын,
Кай жерде болоор турагың?
Анда Алмамбет мындай дейт:
– Терек көрсөм коноормун,
Термелбестен көтөрсө,
Ошого жолдош болоормун.
Кайышпай кайың көтөрсө,
Ошо жерде болоормун.
Не түшсө башка көрөөрмүн,
Ажалым жетсе өлөөрмүн.
Так ошондо Акеркеч
Кара жашы төгүлүп,
Кайышып көөнү бөлүнүп:
– Андай болсо мен да айтам,
Ардактап күтөөр эрди айтам!

Көөнүң калса Көкчөдөн,
Жетпей кайтпа Таласка,
Кайрылбай өтүп кетпегин
Көкжал төрө Манаска.
Төрүнө өтсөң, жектебес,
Кейишке салсаң, кет дебес,
Бүлүндүрсөң кейибес,
Кадырың билээр как ошо.
Канзааданын баарысы
Кашында жүрөт аа кошо.
Пейлиңди билээр бек ошо.
Бекзааданын баарысы
Бетинде жүрөт аа кошо.
Бул сөздөн кийин боздошуп:
«Аман болгун, жеңе» деп,
Акеркеч менен коштошуп,
Алмамбет жолго салыптыр.
Масы таркап эртеси
Кылыгын Көкчө туюнду,
Агып жашы куюлду:
– Сынган экен таягым,
Сыздаган экен аягым!
Кетилген экен туягым,
Кемиген экен сыягым!
Үзүлгөн экен канатым,
Токтолгон экен санатым!
Кылмак элең, бийлер! – деп,
Өрттөндү ичи күйүт жеп.

## АЛМАМБЕТТИН МАНАСКА КЕЛГЕНИ

Бир күнү Манас кеп айтат:
– Азаматтар, – деп айтат. –
Бекер жатып беш айча
Эки жакка жылбадык,
Эркектин ишин кылбадык.
Ушак менен айыңдын
Айтылганын тыңдадык,
Айылдан карыш жылбадык.
Мылтыктын ичи дат болду,
Кур семирген ат болду.
Көйкашкалар, аттаныp,
Адырдан аркар аталык,
Курбудан кулжа аталык,
Кубанычка баталык.
Кийик издеп, аң уулап,
Талаага көнгөн курган баш
Бут-колду чечпей уктайлык.
Жан-казан ашын сагындык,
Жай билбеген катынга
Жакшы эле жатып багындык.
Төрө Манас жолборсу,
Төрт жүз жигит жолдошу.
Күндө кийик атышты,
Күлкүгө мыктап батышты.

* * *

Ошондо баатыр Алмамбет
Казактан чыккан кайгырып,
Кадырлашы Көкчөдөн
Каргаша болуп айрылып,
Узак-узак жол басып,
Чыканак жерге салбастан,

Чырм этип уйку албастан,
Жалгыздык түшүп жадына,
Тили кургап таңдайга
Эрини чарта кесилип,
Ачкадан боору эзилип,
Жолдо келет Алмамбет.
Айнектей көзү сүзүлүп,
Акыр жалган дүйнөдөн
Күдөрү абдан үзүлүп:
«Кадырлашкан казагым,
Колума берди азабым!
Каңгып калган шум башым,
Кандай жолду басамын?
Жалындым, Кудай, өзүңө,
Жайлуу жерден бир ажал
Жеткире көр өзүмө!»
Тоо түгөндү, уч болду,
Жол түгөндү, түз болду,
Суу түгөндү, чөл болду,
Жол үч ача бөлүнүп,
Алмамбет анда тел болду.
Жол сураарга жоро жок,
Айыл сураар адам жок
Жолдо турду дел болуп.
Ийри-буйру кара суу,
Булут көчсө көрүнгөн
Кара суунун тунугу.
Илегилек, көк кытан,
Ийри тумшук, бир казан –
Суу кушунун баары бар.
Саздуу жерди ээлеген
Ызылдак ызгыч дагы бар.
Уча качса башка куш,
Ызгыч кара кашка куш
Катуу келип дүрүлдөп,
Качыра бермей адамды
Качантан берки адаты.
Аттатып кара суулардан
Алмамбет качты кутулбайт
Ызылдаган кургурдан.
Кыжыры кайнап кырданып,
Суу көтөрбөй сиркеси
Кыраанын Алмаң сурданып,
Ызгычка айткан бир сөзү:
– Ызылдаба, ызгыч куш,
Канаттуудан сен жалгыз,
Карабаштан мен жалгыз,
Куруп келем жапжалгыз!
Койсоңчу, ызгыч, кордобо,
Уяң менен ишим жок,
Жолумду менин торгобо» –
Дегенге болбой ызгыч куш
Качыра берди күүлөнүп,
Алмамбетти тушма-туш.
Кашайып жаны Алмамбет
Коломсокко кол салды,
Кол салды да ок алды.
Өлтүрө атпай ызгычтын
Сындыра атты канатын.
Эңип алып ызгычты
Карап көрсө, жок алы.
Бөдөнөдөй өзү бар,
Бөтүрөйгөн көзү бар.
Насыят кылып ызгычка
Алмамбет айтаар сөзү бар:
– Алыңды чактап билбедиң,
Айланып сага тийбедим.
Катылба десем, болбодуң,
Кадалып жолум торгодуң.
Кадемиң каткыр, оңбодуң.

Тийбегин десем, болбодуң,
Титиреп жолум торгодуң,
Тийгенден кана оңгонуң?!
Сенден бетер мен дагы,
Ажалга байлап башымды,
Алымды билбей оңбодум.
Калбасын жетим балдарың,
Бейкүнөө жанга тийбей жүр,
Канатыңды оңдоюн,–
Деп Алмамбет берениң
Кайнатма кара дарыдан
Сүйкөй салып жаратка,
Кырмызы кытай дарыны
Канатка кынай таңганы. –
Уяңы тапкын эми – деп,–
Учуруп ийип ызгычты,
Артынан карап калганы.

* * *

Аң уулаган жеринен,
Бото-Мойнок белинен
Аккула минип болкоюп,
Манас кырда золкоюп,
Баятан байкап туруптур,
Оюн буга буруптур:
«Алдам, бердиң бишарат,
Арстан Алмаң арбайып,
Келе жатыр калдайып.
Башында жыга бөркү бар,
Падышалык көркү бар.
Кайратына жан тургус,
Канга ылайык каркыбар.
Ошо келе жатышы
Жыйырма сегиз жашы бар.
Алмамбетти көргөндө
Эр Манас өтө таң калды,
Чоролорун чогултуп,
Буйрук берип, кеп салды:
– Белиме таңуу беш баатыр,
Көк колот ылдый салыңар,
Көрүнбөстөн барыңар.
Жаныңа жакын келгенде,
Айгай салып бакырып,
Каракчы болуп чыгыңар.
«Койбойм түрүү жаның!» деп,
Коркутуп кыйкыр баарыңар.
Жүткүндүрүп келиңер,
Жүрөгүн сынап билиңер.
Алкындырып келиңер,
Акылын сынап билиңер!
Кулдурдун уулу Чалыбай,
Күлдүргүчү Ажыбай,
Сырттан Сыргак, Кутунай,
Акбалтанын Чубагы –
Көй баатырдан бешөөсү
Көк колот ылдый салышты,
Көрүнбөй тосуп калышты.
Мылтык атып, тарс коюп,
Добул согуп, карс коюп,
Жеп ийчүдөй бакырып,
Жакын жерден качырып,
Жабылып чыга калышты.
Келе жаткан Алмамбет
Чил учкандай селт этип,
Бир да карап албады.
Барса да баары бакырып,
Бар кайратын чакырып,
Кайраты мындай ким болду.
Каары катуу беш баатыр
Катыла албай тим болду.

Кыраан Алмаң бастырган
Кылжейрен менен калкайып,
Кыйкырып барган беш баатыр
Кошулуп калды бастырып.
Төрт төбөлүү көк чатыр,
Кыргыл, Бакай кары бар,
Төрө Манас жанында,
Кыйындардын баары бар.
Манаска Алмаң барганда,
Салам берди заңк этип.
Арстан Манас, эр Бакай
Алик алды барк этип.
Абакеси Бакайга
Колун сунду ийилип.
Абасы Бакай кол берди,
Төрө Манас баатыры
Колун берди ал дагы.
Оңолгон Алмаң боруму,
Ортодон алды орунду.
Ошондо Манас кеп айтат:
– Ой, азамат,– деп айтат. –
– Кай жакта болот жериңиз?
Кабарын айтаар бекенсиз,
Кайда болот элиңиз?
Жооп берди Алмамбет:
– Ой жетпеген иш издеп,
Оң караган киши издеп,
Ооп жүргөн бир жанмын.
Ат жеткисиз жол издеп,
Азып жүргөн бир жанмын.
Алымды билээр адам жок,
Басып жүргөн бир жанмын.
Бараарыма жерим жок,
Маңгып жүргөн бир жанмын.
Батаарыма элим жок,
Каңгып жүргөн бир жанмын.
Карсак жүрбөс калыңда
Карайлаган бир жанмын.
Кара башым өлүмгө
Даярдаган бир жанмын.
Безип жүргөн элинен
Алмамбет бакыр өзүмүн.
Жолдо жатсам, көрөөр жок,
Өлүп жатсам, көмөөр жок.
Бир Кудай деп бел байлайм,
Мендей курган карыпта
Андан бөлөк жөлөк жок.
Тууган кылсаң, кырк баатыр,
Турууга келдим мен акыр.
Тур десең, кантип турбайын,
Ынтымагың сурайын.
Кудай берсе ынтымак,
Куусаң кетпейт ырыс-бак!
Алиги турган кырк баатыр:
«Акылыңа бали!» деп,
Кол көтөрүп дубага
Бата берип колдоду,
Алмамбет кетпес болгону.
Айкөл Манас баатырдын
Көңүлү көлдөй толгону:
– Акырет мага дос болуп
Алмамбет балаң келди деп,
Алдам тилек берди деп,
Бай Жакыпка барыңар,
Энеме кабар салыңар,
Сүйүнчүсүн алыңар!
Ак сакалдуу чалдардан,
Айылы жакын жандардан
Атакеси Жакып бай
Алтымышын камдаган.

Чыйырды эне баш болуп,
Он эки кемпир алыптыр.
Торко тон кийип жайкалып,
Алдынан тосуп чыгыптыр.
Атынан түшүп, жөө басып,
Алмамбет урмат кылыптыр.
Бакдөөлөт угуп кабарды
Барбай токтоп турабы!
Он эки катын ээрчитип,
Жолго чыккан бу дагы.
Тогузга Манас толгондо,
Кичи энеси Бакдөөлөт
Абыке уулун төрөгөн.
Андан кийин көргөнү
Кытмыр кыял Көбөшү.
Абыке, Көбөш экөө тең
Кошо чаап жөнөдү.
Бай Жакып бар башында,
Бакайы бар кашында,
Кырк жигиттин баарысы,
Жашы менен карысы
Чогулуп кан сарайда
Өткөрдү Манас улуу той
Сегиз кан кыргыз журтуна.
Той тарады кеч болду,
Алыскылар кете албай,
Конок болор кез болду.
«Ата уулунда кыз болсо,
Акылга дыйкан уз болсо,
Алмамбетке берсем» – деп,
Сурамжылап элинен,
Оюна Манас алыптыр.
Ойку-кайкы бастырып,
Ар тарапка барыптыр.
Манастын өргө үйүнө
Эми келип Алмамбет
Манасты таппай калыптыр.
Карабөрктөн кеп сурайт
«Кайда кеткен» – деп сурайт.
Карабөрк катын кеп айтат:
– Канышынын үйүнө
Баргандыр төрөң – деп айтат.
Эркесинин койнунда
Жаткандыр төрөң,– деп айтат.
Эми Алмамбет билбеди:
«Эрке деген ким?» – деди.
Карабөрк анда кеп айтат,
Катуу күлүп, бек айтат:
– Э, кокуй күн, Алмамбет
Көрө элек белең жеңеңди,
Какчаңдаган кара бет,
Шооруктун кызы Акылай,
Шоодураган капырай,
Акылай сулуу дегенди,
Көрүп кой барып жеңеңди?
Койнунда жатат Манас – деп,
Карабөрк айтты какшык кеп.
Акылайдын үйүнө
Барып калды Алмамбет,
«Адам барбы үйдө?» – деп,
Эшигинен сурады.
Олтурган төрдө Акылай
Орунунан турбады.
Анда Акылай катыны:
«Байбичеңин үйүнөн
Чыкпай калган Манасың
Маа жолобойт такыр», – деп,
Жообун берди Акылай.
Көрсө Манас баатырың,
Бойдок экен капырай! –

Деп ойлонуп Алмамбет.
Үйүнө барды Жакыптын
Атасынын төрүндө
Эс алып Манас жатыптыр.
Алмамбет күлүп кеп айтты,
Тамашалап бек айтты.
«Карабөрк менен Акылай
Катыным деп жүрүпсүз,
Калыңдык менен кайгырбай,
Баатырдык менен байкабай,
Карабөрк менен Акылай
Катыным деп ойлопсуз,
Карап турсам, өзүңүз
Кадимкидей бойдоксуз».
«Алмамбет сөзү ырас!» – деп
Ойлонуп Манас калды эми.
Жакыпка салмак салууга,
Жаңыдан катын алууга,
Оолугуп Манас калды эми.

## МАНАСТЫН КАНЫКЕЙГЕ ҮЙЛӨНГӨНҮ

Карабөрк менен Акылай
Катыным деп санабай,
Никелүү катын алууну,
Жакыпка түйшүк салууну
Кан Манас ниет кылыптыр:
– Караган атам сен болсоң,
Кабарың жок эч иштен,
Карызың бар мойнунда –
Катын алып бермегиң.
Кайып даңдын Карабөрк
Катын жатат койнумда.
Калмактардын Кайып даң
Ымалайдын тоосунда
Кастык кылып, жолум бууп,
Колго түшүп курганда,
Карабөрк кызын аргасыз
Олжого берип кутулган.
Алигиче жүрөмүн
Кыялыма толбостон,
Жар алгандай болбостон.
Алтайдан көчүп келген соң,
Өзү өчөшүп катылып,
Шоорук кан ойрон болгондо,
Кызын тартуу кылган соң
Кутулган эле талоондон.
Шооруктун кызы Акылай
Олжого келген талаадан
Пуштундар турган калаадан.
Куда түшүп кайындап,
Кутулбадың карзыңдан.
Жашым жетти отузга,
Баланы ата үйлөмөк
Баштагынын наркы экен.
Жаман да болсо балаңыз
Кыргыздан чыккан даңкы экен.
Малга кароо сырың бар,
Мал жагына калганда
Басылбаган чырың бар.
Катын алып бербейм деп,
Калбаны бөөдө көрбөгүн,
Чыгымы канча болсо да
Нагыз өзүм төлөймүн.
Атам өзүң билесиң,
Анча-мынча ургаачы
Купулума толбосун.
Эрке талтаң ээн өскөн
Жалгыз кыздан болбосун.

Акылга дыйкан айлалуу,
Ааламга толук пайдалуу,
Көңүлү сылык, пейли кең,
Төрт тарабы болгон тең,
Жылдызы ысык, жылуу сөз,
Чырагы жарык, жоодур көз,
Акыл менен эр баккан,
Ыйман менен эл баккан
Ойротто жок уз болсун,
Ою терең кыз болсун!
Болсо болсун болгондой,
Көзү көргөн пенденин
Көңүлүнө толгондой!
«Кыз табылса кокустан,
Кысынып кантип турам – деп,–
Кызыл чака пул бербей
Кулдукту кантип урам?» деп,
Алтымыш жамбы пул менен,
Жан жөөкөрү кул менен
«Кудай!» деп жолго салыптыр.
Самаркан элин аралап,
Жарды-байын аралап,
Оротөбө, Жызакты,
Онун баарын кыдырып,
Кечип дайра Сырынан.
Тынчып Жакып олтурбай
Кыдырып өтүп Букардан
Кечип өттү Кейипти.
Карып калган чагында,
Кыз издетип кылымдан
Жакыпты Манас кейитти.
Эки жамбы пул берип,
Кыз жайын Жакып сурады
Шаар башчы Алымдан.
Алым мырза кеп айтат:
– Аксакал, анда – деп айтат.–
Кыз жактырбай кылымдан
Кыдырып келген экенсиз.
Жага турган бир кыз бар,
Кантип алаар экенсиз?
Атасы анын Атемир
Отуз шаарды бийлеген
Каны болот Букардын.
Атемир делбей көбүнчө
Темиркан деп аталган.
Он эки кыздын кенжеси
Санирабийга дегени,
Он алты жарым жашы бар,
Акылдуусу баарынан.
Көргөзөм кызды жүргүн – деп,
Алым мырза Жакыпты
Бак ичине алпарды.
Кан Жакыптан башканы
Ээрчитпей сыртка таштады.
Аккан суунун четинде,
Калың куурай бетинде
Бай Жакып көзүн салыптыр:
Кырк нөкөр кыздын баарысы
Чылк жибекке чырмалып,
Жыгылчудай ыргалып,
Санирабийга кыз экен,
Суп сулуунун өзү экен,
Чылк алтындан жыгасы
Оң чекеде кырданып,
Акыл толгон кези экен.
Олоңдой кара чачы бар,
Келишкен кара кашы бар,
Жазык маңдай, кара көз,
Жатык тилдүү, ширин сөз,
Аркасы кайкы, аркар төш,

Ай чырайлуу, бото көз
Кызылдуу жүзү нурданган,
Кыпча бели буралган.
Жаман деп киши айтпаган
Сыйлуу болоор киши экен.
Болжолу жок боорукер,
Эзилтип адам көңүлүн
Эт боорунан жаралган,
Үзүлгөнүн улаган,
Көзү чалган пенденин
Үзүрү болсо сураган,
Жеткире акыл ойлогон
Тереңдик жайы бар экен.
Кызылдай бою сарамжал,
Кастарлуу жайы бар экен.
Ордого Жакып барды да,
Ордодогу супага
Отуруп алды даңкайып,
Олуттуу бийдей чалкайып.
– Аркалыктай мүнөзүң,
Аксакал, кайдан жүрөсүң?
Ордосуна паашанын
Кайдан келдиң сен өзүң? –
Олтурба – деди – бу жерге! –
Эки желдет, бир беги.
Жакып байга алардын
Жаман тийди бу кеби:
Анда Жакып кеп айтты:
– Желдеттерим деп айтты
Ногойдун уулу – Жакыпмын,
Ордого келип калыпмын,
Алоокени кубалап,
Түркстанды бошоткон
Атасымын Манастын.
Деди Жакып күүлөнүп
Уккан экен желдеттер
Эр Манастын атагын,
Жүрөгү кетип кабынан
Желдет жылып жөнөдү
Бай Жакыптын жанынан.
Атемир канга кириптир,
Манастан жуучу келди деп,
Бардыгын айтып бериптир
– Жуучуга бир чал келди – деп,–
Башкада эмес, Саанида
Ушу чалдын талабы.
«Балам Манас баатырга
Кызын берсе, берсин – деп,–
Бербесе бербейм десин» деп,
Каапыр чал бизди камады!
Акылмандын баарысын
Атемир кан жыйнады:
– Ушунда бир чал жүрөт,
Жаман ой менен келбептир.
Кенже кызым Саанини
Көрүп алып дегдептир.
«Манаска бер – деп – кызыңды»
Кыстап сурайт кызымды.
Көбүңөр буга не дейсиң?
Кызды бербей биз койсок,
Тумшугу жок кыргызды
Жеңебизби урушуп?
Эл ичинде эстүүлөр
Канына акыл салганы:
– Мурункулар кеп айткан,
«Ырысы жокко доочу деп,
Ырыстууга жуучу деп,
Ырысы качкан кай бирөө
Жуучу келсе, куучу» деп.
Балаңыз өсүп кетиптир,

Он алты жарым жашына
Ушу быйыл жетиптир.
Кабылан Манас баатыры
Оңой-олтоң эместир.
Бербеймин деп узатсаң,
Азапка элди саласың.
– Сөзүмдү менин алыңар,
Аркалыктын өзүнө
Арбын салык салыңар,
Түркүн дүйнө, түркүн мал
Айтып-айтып калыңар.
Кыйналсын кыргыз таба албай,
Кызды калсын ала албай.
– Угузалы муну – деп,–
Узаталы жанакы
Паашалык менен Атемир
Салам айтып, сөз салды:
– Келгениңиз кут болсун,
Кас кишиңиз журт болсун.
Аман-эсен жатабы
Кара кыргыз элиңиз?
Кабарсыз кандай келдиңиз?
Жообун айтты бай Жакып:
– Менин мында келишим
Жараткандын буйругу.
Кыдырдым далай жер кезип,
Уулума ылайык кыз издеп.
Көңүлгө толду көргөндө,
Сиздин кичүү кызыңыз
Куда-сөөк болуп калабыз!
Падышам, кулдук урамын,
Алдыңызга чөгөлөп
Куда түшүп турамын!
Кол салып Жакып куржунга,
Шаңшуурдан тандап, чоңду алды,
Санап туруп, онду алды,
Тайтуяктан онду алды.
Баарысына татырлык
Алтындан койду бир жамбы.
«Бата аякка берди!» деп,
Бектердин баары таңданды.
«Кыргыздын заңы кандай? – деп,
Биле алышпай турушту. –
Билбесек да кийсин – деп,–
Биздин эл кылган жумушту
Бу да көрүп кетсин» деп,
Кызыл кымкап дейилде,
Үч сарпайы кийгизди,
Башайы менен бейкасам
Тогуз сарпай кийгизди.
Жарашып куда болушуп,
Жакыпты жолго киргизди.
Үч күн жүрүп арада,
Чөлбиябан талаада
Келди элине Жакып бай.
Ага-иниси, эл-журту
Жаткан кезде жайма-жай.
Ак сакалдуу бай Жакып
Кыргызга кабар салыптыр.
Не кыйындын баарысын,
Жашы менен карысын
Кашына жыйып алыптыр.
Алардын анан үстүнө
Алмамбет, Манас барыптыр.
Бай Жакып сөздү баштады,
Эл тыңдады, шашпады:
– Балдарым үчүн кыз издеп,
Далай жолду басканым.
Кейип деген жер экен,
Кеңири тажик эл экен.

Канынын аты Атемир,
Абылкасым иниси,
Шаатемир экен кенжеси.
Мага абдан жакканы
Санирабийга кызы экен.
Кыз атасы Атемир
Арбын калың мал бычып,
Бербестин кылды амалын.
Кырк миң дилде пул деди.
Ургаачылуу-эркектүү
Эки киши кул деди.
Коржоңдойсуң, Манасым,
Кайнатаң айткан малын тап.
Карыганда кыз үчүн
Каңгыраттың чалыңды.
Камдап эми таба гой
Калыңга берчү малыңды.
Атпай калың кыргызга
Арстан Манас карады.
Ага-иниден кошумча
«Беребиз!» деп чуулады.
Он эки тайпа кыргызы
Ошо жерде дуулады.
Кырк баатырдын баарысы
Кысталышта ар качан
Кылат экен намысты.
«Катын алса, Манастан
Кантик аяп калалык! –
Кара журттун баары айтты.–
Канча десең турдук!» деп,
Кан Манаска баары айтты.
Ынтымактуу элинин
Камбыл тура балдары.
Куда башы болмокко
Карпаңдады чалдары.
Айтканынан үч эсе
Арбын малды камдады.
Кырк үйдөн бир кой чыгарып,
Отуз миң кой айдашып,
Нардан жүздү жетелеп,
Үч миң жылкы айдатып,
Бара жаткан жолунун
Астын-үстүн жайнатып,
Көкөтөй баатыр канына
Жакыпты кошуп жанына,
Бара жатыр кыргыздар
Букара кандын шаарына.
Сыйда сакал, кер мурут
Он эки миң жигити
Эр Манасты жандады.
Толук жаштуу аксакал
Тогуз миңи тандалды,
Бай Жакыпты жандады.
Кудагыйы Чыйырды
Тогуз жүз кемпир камдады.
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл, Бакай карысы
Кыйрына кабар салыптыр,
Бир миңден таштап, бир миңден
Кырк миң аскер алыптыр.
Комузчудан жүздү алып,
Кош ооздуу кернейи
Отуз жети жигитте.
Сыбызгы менен чоорунан,
Айчыгы алтын, найы жез
Алтымыш төрт сурнайчы
Безилдеген дабышы.
Керней тартып бапылдап,
Сурнайдын үнү такылдап,
Чилмардан кагып шакылдап,

Көпчүлүктүн жүрүшү
Көчкөн көчтөй калкылдап,
Асты-артына көз жетпей
Бара жатыр закымдап.
Жез най үнү ызылдап,
Сыбызгы үнү тызылдап,
Кой айдатып чубатып,
Уй мөөрөтүп чуулатып,
Кишенетип жылкысын
Он эки конуп арада,
Ой-Бийабан талаада,
Он үчүнчү кеч менен
Барып конду кыргыздар
Букара деген калаага.
Кырмызыдан чатырын
Кыдырата тигишип,
Бир бирине кошуна
Кызматкерлер киришип.
Батпай кетти келген мал
Кейип-Бадаң шаарына.
Ээ боло албай малына
Түйшүк түштү бу күнү
Эл-журтунун баарына.
Манас баатыр зымпыйып,
Алгыр куштай кымпыйып,
Кыз кызыгы бар үчүн
Жүрөгү дегдеп тынбады,
Токтоого такаат кылбады,
Ажыбайды кошчу алып:
– Кыз кайтарган сакчыга
Ак жамбыдан бер,– деди,–
Бараар жолду тазалап,
Макул кылып кел,– деди.
Ажыбай барып келгени:
– Ачылды, баатыр, жолуң – деп,
Арстанга жооп бергени.
Кыздын самап кызыгын
Кыраан Манас дегдеди.
Ооздо бөлмө ордодо,
Алтындаган тактада,
Алтымыш кабат пактада
Жайнап жаткан Сааныга
Колун сунду эр Манас.
Ар-намыстуу Саани кыз
Ичиркенип бой жыйып,
Баатырдын көрдү ыраңын:
– Уруксатсыз бу жерге
Келип турган сен кимсиң?
Тарткын азыр колуңду,
Тапкын кайра жолуңду!
Жооп айтпай төрөң турабы:
– Атаңызга мал берип,
Айры өркөчтүү нар берип,
Алтын, күмүш зар берип,
Санирабийга, өзүңдү
Алганы келген мен Манас.
Карк алтынды үрөндөй
Чачып келген мен Манас.
Алтын капка ордонун,
Атакеңдин коргонун
Ачып келген мен Манас.
Баркымды билер жарым деп,
Шашып келген мен Манас!
Кыз кыйындап кеп айтат:
– Ынтыкпагын – деп айтат. –
Жеткин тойдун соңуна,
Ошондо барам колуңа.
Аты Манас деп койсо,
Ошого кантип көнөйүн!
Намысымды булгатпайм,

Азыр кайта жөнөгүн.
Азыр чыгып кетпесең,
Анык сенин өлөөрүң!
Айтып сөзүн кан кызы
Алды канжар колуна.
Манастын келип ачуусу
Шап билектен алаарда,
Колуна канжар жеткени.
Чийдей кызыл кан атып,
Шыркырап агып кеткени.
Баатыр Манас көкжалдын
Эрдиги эмей неткени,
Ызасы катуу келсе да,
Бурулуп чыгып кеткени.
Айбаттанып каарданып,
Ызаланып сурданып,
Арстан барды кошунга
Көп аскеринин кашына.
Чогултуп баарын короого
Буйругун берди Чорого:
Дарбазасын талкалап
Өрттөгүлө Букарды
Күң кылып мага баргыла
Кан Теңирдин кыздарын!
Урушка какчу добулбас
Ушу замат кагылды.
Самсып жаткан көп кошуун
Аттарына жабылды.
Абыр-шабыр ат минип,
Ат мингенде бат минип,
Мылтыктуу мылтык октоду,
Мылтыкка милте чоктоду.
Саадактуу жаасын октоду,
Каптап келип калааны
Калың аскер токтоду.
Буйругун күтүп улуктун,
Башталышы качан деп
Кансыраган бүлүктүн.

* * *

Ажарын салып Саани кыз
Атасына кайрылды:
– Канеткенде коёмун
Калктын баарын сойдуруп,
Каршы чыксам астынан
Кайтараармын койдуруп.
Кара кыргыз канына,
Никесине кирүүгө
Барайынчы алдына.
Барча тажик, эл үчүн
Багыштадым башымды.
Мен ачуусун таппасам,
Кылчаючу жан эмес
Кыргыздын кыраан баатыры.
Мен барайын акыры.
Букарды сактап калууга! –
Деп ошентип Саани кыз,
Кызыл-тазыл кийинип,
Ак жоолук байлап желекке,
Асемдүү шербет аш куюп,
Алтындан кылган челекке,
Колуна токоч-нан алып
Каптап келген кошуунду
Тосуп чыкты алдынан,
– Таарындың, баатыр,
бизден – деп,–
Талабым артык сизден – деп,–
Букардын жоктур күнөөсү,
Кыялыңды билмекке
Кыз жарың кылган мүнөзү.

Тажиктин жоктур күнөөсү,
Теңтуштукка чиренип,
Коркутуп сизди койгону
Колуктуңдун мүнөзү.
Чырдын баары биздики,
Чыйраксынып чыр салган
Чыдамсыздык сиздики.
Канжарым тийди колуңа
Билмек үчүн пейлиңди.
Кара башым чын тартуу,
Эр Манас, сенин жолуңа!
Түйүндү, төрөм, чечиңиз,
Дүүлүккөн ачууң кечиңиз!
Таарынып элди кыйратпай
Талабыңа жетиңиз!
Букардын сулуу селкиси
Алдында турду бүгүлүп,
Ак жоолук кармап жалдырап,
Кыргыздарга жүгүнүп.
Атынан түшүп эр Манас
Тажиктин кызын тургузуп,
Бооруна башты кучактап,
Көздөрүнө жаш алды.
Жаш баладай бышактап
Жеңилгис баатыр эр Манас
Душмандарын кулаткан.
Далай элдин кандарын
Багындырып сулаткан.
Бирок мындай жеңишти
Көрбөсө керек эч качан.
Тажик кыздын жүрөгү
Махабатка агылды,
Бул дүйнөдө көрбөптүр
Манас өңдүү асылды.
Алтын менен күмүштүн
Ширөөсүнөн бүткөндөй,
Асман менен жериңдин
Тирөөсүнөн бүткөндөй.
Айың менен күнүңдүн
Бир өзүнөн бүткөндөй.
Алды калың кара жер
Жерлигинен бүткөндөй,
Ай алдында дайранын
Толкунунан бүткөндөй,
Абадагы булуттун
Салкынынан бүткөндөй,
Асмандагы ай-күндүн
Жаркынынан бүткөндөй!
Ушундай болуп көрүнөт.
Жалындуу жүрөк болгон соң,
Сүйүү деген чиркинге
Кумарданып мас болсоң!
Муну көргөн кан баатыр
Жер жаңырта бакырды.
«Согуш эмес! Той!» – дешип
«Манастап» ураан чакырды.
Далдырап калган Атемир
Коркунучу жазылып:
– Казыначы кайда?! – деп,
Кыз, күйөөнүн жолуна
Жүз миң дилде чачылып,
Кырк бир мыкты үйүнү
Шаардын сырткы четине,
Кең талаанын бетине
Катар тигип салышып.
Кырка тиккен үйлөргө
Кыздар кирди тептегиз.
Он алты жарым аягы,
Астынын жашы – он сегиз.

Бир бир үйдөн кириштi,
Бир бирден күйөө тиерин
Айтпай-дебей билишти.
Атемирдин кичүүсү,
Аруукеге барыптыр,
Алмамбет ага бет алып,
Асталай басып жанына.
Азизкандын Алмамбет
Аруукени жандаптыр:
– Акыреттик жар бол! – деп,
Саамайын сылап сулуунун
Колунан назик кармаптыр.
Кырк баатыр кырка туруптур.
Арбактуу элден кыз алып,
Ошондо кыргыз тунуптур.
Тойго какчу нагара
Атемир кан чалдырды:
Ат, кунанын чаптырды,
Жалпы журттун баарысын
Тамашага баткырды.
Отуз күнү ойнотуп,
Эшикке эшен жыйдырды,
Эки күн нике кыйдырды.
Тажиктен кыз алам деп
Баатырлар кырка барыптыр
Арбактуу элден кыз алып
Ошондо кыргыз каныптыр
Санирабига дегенди
Түпкү атын кыргыз түк билбей
Кан никейи болгон соң
Каныкей – деп калыптыр.

## КӨЗКАМАН МЕНЕН КӨКЧӨКӨЗ

Эсенкандын алтын так,
Тегерете чынар бак,
Мунаранын үстүнөн
Добулбасын чалыптыр.
Дүңкүлдөгүн укканда,
Журт жыйылып калыптыр.
Жашы менен кары бар,
Кырк уруу кытай манжуунун
Кыйынынын баары бар.
Тагына чыгып акырын,
Эсенкан айтат акылын:
– Манас оңой жоо эмес,
Манасты алдап сойбосок,
Өлүм кылып койбосок,
Татытат шордуу тузуңду,
Умачтай ачат уйкуңду.
Кара баскан Манасты
Күм-жам кылып келгенге
Алтын таажы кийгизем,
Кытай менен маңгулдун
Бир кандыгын билгизем!

* * *

Орозду, Үсөн, Бай, Жакып –
Ногой кандын балдарын
Туш-тушка кытай сүргөндө,
Көзкаман аты коюлган
Каңгайга кеткен Үсөнгө.
Уулунун аты Көкчөкөз,
Угулбаптыр кыргызга
Манасты барып өлтүрүп,
Башын кесип жеткизип,
Эсенкандын алдына

Белек кылып берет деп,
Акысына мен өзүм
Мангулдун каны болом деп.
Арам ойлуу Көзкаман
Эр Манаска кат жазган.
Жазган катын окусаң,
Ыйлап, боздоп бек жазган:
«Кабылан Манас баатырым,
Түбүбүз тууган – деп жазган. –
Чоң атаң Ногой өлгөндө,
Кытай, калмак кыргызды
Малдай айдап бөлгөндө,
Алы куруп кыргыз журт
Ар кайда тентип калганда,
Ала-Тоону көрө албай,
Атаганат дүнүйө-ай,
Курган баш болду арманда!
Бээжинди көздөй бет алып,
Тентиген арман түн көрдүк.
Кара кытай, манжуунун
Бадасын багып, күн көрдүк.
Бел тутуп сени арыбас
Сага биз кантип барабыз?
Атабыз бирге ыймандаш
Айладан чыгып чарабыз?
Бул катты Манас көргөндө,
«Тууганым азып келет – деп,–
Туйгунуң жашын имерип,–
Алыстан тосуш керек» деп,
Алдынан киши жиберип,
Бапыратып баарысын
Алып келди Таласка.
Агайын-тууган болгон соң
Айылдаш конду Манаска.
Көкжал Манас ошондо
Казына оозун ачтырды,
«Тууганым Үсөн келди» деп,
Күрөй-күрөй чачтырды
Көзкамандар күнүгө
Тел кулун союп жей берди,
«Манасым менин» дей берди.
Айыл-апада жүргөндөр
Элдир-селдир кеп угуп,
«Көзкамандын үйүндө
Көкчөкөздөр чогулуп,
Колодон кылган бурканга
Тобо кылат» деп угуп,
Каныкей чочуп, санааркайт:
«Түбүбүзгө Көзкаман
Жетээр бекен?» деп санайт.
Кырк чоронун баарысы
Күлүп-ойноп, дуулдап,
Кыйын оюн салганда,
Каныкей жеңең ошондо
Ак өргөөнүн ичинде
Аколпок жасап калганда,
Арстан Манас баатырды
Көкчөкөз менен Көзкаман
Көрүнөө алдап алганда,
Аларга кеткен Манастан,
Кызыкка баткан кырк кыраан,
Түк кабарсыз турганда,
Көкжал арам ойлобой
Көкчөкөзгө барганда,
Көкчөкөз менен Көзкаман
Чийген экен сызыкты,
Арстан тууган Манаска
Көрсөткөн экен кызыкты.
Үйүнө Манас киргенде,
Көзкамандын айтканы:

– Манасым, сага келгени,
Арык элек, семирдик,
Ачыккан элек, тоюндук,
Кеңелип пейил, чечилдик,
Кетилип келип, жетилдик.
Азат кылдың, айкөлүм,
Калмактан качкан башымды.
Анда-мында бир келип,
Ичпедиң менин ашымды.
Көзкаман айтып калганда,
Көкчөкөз өөдө турду эми.
Кылт этсе, өлүп кетүүчү,
Жыттаса, ажал жетүүчү
Уу коргошун коштурган,
Калмакча тарткан арактан
Мелтирете куйду эми:
– Түбүбүз бирге тууган! – деп,
Көкжал Манас баатырга
Көзкаман аяк сунду эми.
Көзкаман сунган аракты
Баатырың тартып жиберди,
Ошол замат бүк түшүп,
Төбөсү менен тик түшүп,
Кайрылбай кетчү немедей,
Жыгылды Манас, тили жок,
Өлүмгө орток, жан бирге
Кыраандардын бирөө жок.
Айгай укса качпаган,
Ажалдан кайра тартпаган
Кырк чоронун баары жок.
Көкчөкөздүн тогуз уул,
Көзкамандын тогуз уул
Бурканына жалынып,
«Ууланган Манас көк жалды
Курмандыкка чалсак – деп,–
Башын кесип, байланып,
Эсенкандын алдына
Сүйүнчүлөп барсак! – деп,–
Алтын таажы кийсек! – деп,–
Алтын такка минсек! – деп,–
Кара сурдун сулуусу,
Аялзаттын нурдуусу,
Эрке катын Каныкей
Олжо кылып алсак!» – деп,
Эр Манас көзүн жумганда,
Качырып калат калмактар
Чапмак болуп камынып,
Арстан көзүн ачканда,
Кайра качат жабылып.
Асмандын күнү бүркөлүп,
Арстаныңдын башына
Алтымыш мүшкүл бир келип,
Көңүлү жаман бөлүнүп,
Ажалы жакын көрүнүп,
Асыл бир жандан түңүлүп,
Эстеп турду кайраның
Кырк чоро өңдүү баатырын:
«Кара ниет калмактан
Өлгөнү келген экенмин.
Тирүүлүктүн кордугун
Көргөнү келген экенмин!
Тегиз бир кондуң Таласка,
Темселеген шүмшүктөр,
Акыры сенин кылаарың
Ушул беле Манаска?!
Кырк чоронун бирөө жок,
Кызыталак куу башым,
Кыраандар болуп жанымда,
Анан кийин өлсөмчү!»
Ошол кезде Каныкей

Токтоно албай жээлигип,
Ичи өрттөнүп ээлигип,
Таң кашкайып сүргөндө,
Жерге жарык тийгенде,
Аккуланы токунуп,
Ээрге ныктай отуруп,
Кабырга сөөгү сөгүлүп:
«Кабыланым кайда?» деп,
Ойлосо ою бөлүнүп,
Кирип келди сабалап,
Көзкамандын ордого.
Урчу кудай ошондо
Уруп салган кези эле.
Кабылан Манас сумсайып,
Куруп калган кези эле.
Аны көрүп Каныштын
Көзүнөн жашы төгүлүп,
Аккула санга бир салып,
Алдыңкы топ калмакка
Аралап кирди кол салып.
Караан таппай шор кайнап,
Казылуу чуңкур ор болуп,
Кайнаткан катуу шор болуп,
Камандар камап турганда,
Төө көтөргөн Акаяр
Айкөл Манас баатырды
Өңөртө салды Канышка.
Ашып-шашып Каныкей
Астында тулпар Аккула
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Беш-Таштын башы Бек-Жайлоо,
Бек-Жайлоо көздөй качты эми.
Качып чыга берište
Көкчөкөз менен Көзкаман
Жамгыр кылып жаа тартты,
Мөндүр кылып ок атты.
Кетип барат Каныкей
Булчуңун окко булдуруп,
Көзкамандын огуна
Эмчек этин жулдуруп:
Акжоолук башын туу кылды,
Аял башын эр кылды.
Арстанды кетти куткарып,
Мындай эрдик ким кылды!
Уйпачу ууну жандырып,
Уу ичкен Манас дары ичсе,
Ооруган жери басылды,
Жумулган көзү ачылды.
Байдын уулу эр Бакай,
Аргын кандын Ажыбай,
Акбалтанын Чубагы,
Улак кандын Сыргагы,
Ырамандын Ырчыуулу,
Үзөктөй калпак эр Шууту
Качырып колду салды эми.
Ошол кезде Көзкаман
Кайнап көзү тунарып,
Келип калган кезинде,
Сырттан Алмаң бакырып,
«Манастап!» ураан чакырып,
Куштай учуп жетти эми,
Көзкамандай балбанды
Көмө коюп өттү эми.
Кайран Бакай абакең
Көктулпарды бир салып,
Кылболотту колго алып,
Көзкаманга жеткени,
Башын кесип кеткени.
Акбалтанын Чубагы
Көкала санга бир салып,

Көкчөкөзгө кол салып,
Качырып ага жетти эми.
Жеткен жерде Чубакең
Башын кесип кетти эми.
Кең Таластын боюнда,
Жылгындуунун оюнда
Атпай кыргыз чогулуп,
Канаты карыш жетилип,
Касташкан жоосу кетилип,
Алтымыш күнү той болду,

## КӨКӨТӨЙДҮН КЕРЭЭЗИ

Көкөтөй ооруп,
Ажал тооруп,
Кабыргадан кагынып,
Каса ажалы табылып.
Акылынан жаңылып,
Как төбөдөн сезгенип,
Шайманы кетип,
Ажалы жетип өлөөрүндө,
Бул өтүрүк дүйнөдөн
Чын дүйнөгө жөнөөрүндө,
Биргелешкен тууганы
Баймырзаны чакырып
Керээз кылып кеп салды:
– Ажалым жеткен окшоду,
Аманат жанды копшоду.
Жалгыз балам жаш калды,
Эркелетип эл жүрүп,
Элге кошо мен жүрүп
Бокмурун болуп атагы,
Атын жакшы койбогон
Атасынын чатагы.
Өлгөнүмдү билдирбей,
Өз малымды бүлдүрбөй,
Кемпирди коюп жаткансып
Кедейдин ашы кылгыла.
Эки, үч кара союңар,
Бир, эки кийит кийгизип
Эптеп мени коюңар.
Өзөнгө бүтөр байтерек,
Өлгөнгө да мал керек,
Өтүрүк чачып не керек
Тиккенден өсөр байтерек,
Тирикке да мал керек,
Ат семирсе жал керек,
Атасы өлгөн балага
Ар иш кылса мал керек.
Тогуз миң токсон жылкым бар,
Токсон миң беш жүз коюм бар,
Ошончо малды окустан
Жалгыз балам Бокмурун
Чачабы деген оюм бар.
Он бир жерге кыз бердим,
Ойроттон он бир күйөө бар.
Алты миң сексен сыйыр бар,
Адам уулу мал бакмак –
Атабыз салган чыйыр бар.
Сандыкка жыйган алтын бар,
Алты ата кыргыз калкым бар,
Ааламга кеткен даңкым бар.
Жалгыз балам Бокмурун,
Билесиң анын шоктугун,
Баламда акыл жоктугун.
Жашы быйыл он беште,
Ооганда Акун, Түлкү дейт,
Түлкүнүн кызы Канышай
Самаганы, санаасы
Оюн менен күлкү дейт.

Ошого балам кетиптир,
Ошондон кайтып келгиче
Оңбогон ажал жетиптир.
Көрбөй кеттим баламды,
Балам кетип алыска
Көңүлгө салды аланды,
Жыйналган бойдон пул калды,
Алганым жесир тул калды.
Жалгыз балам Бокмурун
Акылды терең ойлосун,
Бекерден-бекер мүлкүңдү
Ааламга чачып койбосун!
Казына оозун ачпасын,
Карк алтынды чачпасын!
Орчун дүйнө бош калды,
Он беште балам жаш калды,
Бай Көкөтөй өлдү деп
Дүнүйөгө даң кылып,
Жердин жүзүн чаң кылып,
Капыр менен мусулман
Койбой баарын чакырып,
Салыңар деп топурак,
Саны түмөн журт келип,
Аскер түшүп топурап,
Андай түйшүк кылбасын,
Адамдын баары жыйылып,
Ашыма келип калбасын,
Атпай кыргыз журтуна
Азапты кылып салбасын,
Жетиген жакка барбасын.
Айтып кабар салбасын,
Калкы адам уулунун
Каргышына калбасын!
Олуя-Ата, Ташкенди,
Оолактан жыйып көп элди,
Орчун Кокон, Маргалаң,
Ойдогу шаар Самаркан,
Бадахшан, Багдат журтуна,
Кыдырып жүрүп айтпасын
Кытай, орус калыкка.
Атакемдин өлүгүн
Кийгизем деп барыкка
Кабар салып барбасын,
Кыжылдап жаткан кытайды
Чакырып ашка албасын!
Атпай кара кыргыздын
Убалына калбасын!
Кыргыздар үлгү албасын,
Кылган бүткөн өнөрү
Кыяматка калбасын.
Көөдөнү тетик уулум бар
Бу бир жалган дүнүйө,
Эртели-кеч үн салып
Келин-кызың, катындар
Какшабасын күнүгө.
Сексен төрт келген жашымда
Жетти өлүм башыма,
Керээз-кебим укпады
Бокмурун туруп кашымда!
Кабар айтып ар жайга,
Бүлүнүштө не пайда!
Кызыл чоктуу Нескара
Кытайдын зор улугу,
Ашыгып ага барбасын.
Оюктун боюн жердеген,
Ойроттон киши жеңбеген,
Ороңгуга жетпесин
Ороңгу деген катындыр,
Орою суук капырдыр,
Келип калса ороктоп

Түйүп койгон чачынан
Чычкандар чыгат сороктоп.
Он эки таман бети бар,
Карт кокодой эти бар,
Кулабээнди байла деп,
Мындай өнөр кайда деп,
Көкөтөй деген бай өттү
Кең Түркстан жайда деп.
Оолугуп мында келбесин
Атасында бата жок,
Айтканымда ката жок,
Алп Жолойго жетпесин.
Энесинде нике жок,
Элде мындай бөкө жок.
Токшукер деген уругу,
Чоюн-Чаңда туругу,
Бозкертикке барбасын,-
Солобонун Соорондук
Чоң Бээжиндин баатыры,
Согушканын соо койбос
Чоң улук эле акыры.
Ага да өтүп албасын,
Кан Алооке кары бар,
Адамын арбын баштаган
Атышаар жоодон шашпаган
Алоокенин кыйыны –
Коңурбайга барбасын.
Уругу кытай журтунан
Узап өтүп ушундан
Кабар салып кайтпасын,
Кан Көкөтөй өлдү деп
Аралап акыр өтпөсүн,
Күн батышка кетпесин,
Желпинишке жетпесин.
Медине, Мекке жерине,
Беш дүркүм арап элине,
Байгамбардын оолаты,
Мазабыл кары өз аты,
Төрөсүнө барбасын,
Көкөтөй деген бай өттү,
Урматын көргүн жүрү деп
Айтып кабар бербесин,
Андан өтүп келбесин.
Оролдун оюу конуш бар,
Он эки тайпа орус бар
Баатыры да, балбаны
Бар ишин колго алганы,
Басташып келген душмандын
Баарынын чыгат далдалы.
Айтып кабар салбасын,
Атпай кыргыз уулунун
Азабына калбасын!
Басып өтүп келбесин
Бадакшан менен Балыкты,
Башкы атасы бир бөтөн
Бары тажик калыкты.
Айтып кабар бербесин,
Азабы журтка келбесин!
Орто-Чаткал жердеген,
Ойротко тизгин бербеген,
Ок өткөзбөстөн тон кийген
Буудайык уулу Музбурчак,
Ага өтүп албасын,
Күн жүрүшкө салбасын.
Татым кыйын, тузу арзан,
Жайы кыйын, кышы арзан,
Кыпчактардын кыйыны,
Кыйрынан кетпейт жыйыны,
Элеман деген байы бар,
Ургаачысы кийгени

Торгун, тубар, шайы бар,
Эр Төштүккө барбасын,
Ага да кабар салбасын,
Кең Таласты жердеген,
Кары кату эр деген,
Кармашып душман жеңбеген,
Нурку жери Таласка,
Улук батыр Манаска
Кан Көкөтөй өлдү деп,
Айтып кабар бербесин.
Ашын бийлеп сен бер деп
Аны мында келтирип,
Азганакай журтума
Азапты арбын жеткирип,
Эр Манаска айтып кеп,
Акыры кылган кудайы
Акыретте пайда деп,
Манаска айтып андай кеп,
Чоролорун наалытып
Кабарын айтып өтпөсүн!
Көңүлү жакын эр эле,
Көптүрбөсүн өпкөсүн!
Кылымга чечен үлгүлүү
Кыпчактардын Үрбүсү
Эгиз кара ат байлатып,
Элин сыртка жайлатып,
Көкөтөйдүн ашы деп,
Көрүүгө сонун ушу деп,
Көңкү капыр, мусулман
Кудайы ашка жыйылып
Кубанар кези ушу деп,
Чакырчууң андан өтпөсүн!
Сары Арканы жайлаган,
Сан казагын айдаган,
Салышкан жоодон тайбаган,
Көгала атын байлаган,
Алтындан наал, жез өкчө
Айдаркан уулу эр Көкчө,
Чакырдык, ашка келгин деп
Казактын Көкчө зардалы,
Кабар салат казакка,
Калтырат журтун азапка.
Жанымдагы Баймырзам,
Салдыңбы кулак кебиме?!
Болгон сөздүн баарын айт
Бокмурун деген балама.
Урматтап күтүп калкыны
Ынтымагын бузбасын
Ыраакы менен жакыны.
Мурункулар айткан кеп:
«Бир адамдын ырыскы
Бирөөгө ырыс болбойт» – деп.
Баштагылар айткан кеп:
«Башка адамдын дүйнөсү
Башкага дүйнө болбойт»,– деп.
Кайыптан күттүм баланы,
Балага айтса жетеби
Атанын айткан саламы.
Бул сөздү айтып Көкөтөй
Көк түтүнү бур этти,
Көкүрөктөн жан кетти,
Көз алдында тургандар
Көпчүлүгү чур этти.
Бокмурун келди өкүрүп,
Көрбөй көчүп кеткенге
Боздоп ыйлап өкүнүп:
– Акырет атам кеттиңби?!
Айланып мени бир көрбөй
Арманда бойдон өттүңбү?!
Укпадым урмат кебиңди,

Узактан барып келгенче
Уу өлүм тапты эбинди!
Айттырбай керээз сөзүндү,
Ажал торгоп өзүндү,
Тириликте көрбөдүм
Атакем сенин көзүндү!»
Бул сөздү айтып акыры,
Айгай салып бакырды.
Бокмурун ыйлап болкулдап,
Сууга салган чыбыктай
Тула бою солкулдап.
Кеңгиреди кары-жаш
Кең Ташкендин калаасы,
Кейибеген киши жок
Өңкөй кыргыз баласы:
«Жөө болгонго ат эле,
Залимдерге жат эле!
Ач болгонго аш эле,
Өзүбүзгө көп күйгөн
Кыргыздын анык башы эле!
Кейиште төккөн жашыбыз,
Кеттиби кыргыз башыбыз!?
Үшүгөнгө тон эле,
Ушу жалган дүйнөдө
Дүнүйөсү мол эле.
Мүнүшкөр болсо куш эле,
Бүлүнсө кыргыз балдары
Качырганын куткарбас
Карчыга кара куш эле,
Канзаадабыз ушу эле!
Бул сөздү айтып буркурап,
Албан түрдүү кара журт
Айгай салып чуркурап,
Жыбырап жылдыз толгондо,
Түн, жармысы болгондо
Кара сакал Баймырза
Бакырган үнүн басылтып,
Баланын жашын чачылтып,
Жетелеп чыгып эшикке,
Эки жакта жан жокпу,
Салып көзүн тешикке,
Олтургузуп баланы,
Ойдогу сөзүн салганы:
«Келиндин кыл деп тоюндай,
Кемпирди коюп жаткансып,
Кедейдин ашын кылгын деп,
Атакең кетер алдында.
Керээзин айтты сага кеп,
Кыргыз менин өз журтум,
Бүлдүрбөсүн теги деп.
Бүлдүргөн менен өлүктүн
Тирилип келмек наркы жок,
Зөөкүрдүк кылбай тим көмсүн,
Сөөгүмдү көмсүн баркы жок.
Калайлуу капка дарбаза
Калкыма кылып каргаша
Ачкычтап кулпуң ачпасын,
Агар алтын, ак күмүш
Дүнүйөмдү чачпасын!»
Ушундай атаң кеп айтты,
Ажалы жетип өлөрдө
Эти жаман ачынып
Элиргенин билбедим,
Жеткенин билип ажалы
Желикенин билбедим,
Атакең айткан керээзин
Адам укпас кеп экен.
Какшыкпы, чыны билбедим
Кан Көкөтөй айткан кеп» –
Баймырзаны уккан соң,

Бокмурун сөзүн баштады:
– Кызык жалган дүйнөдөн
Кыяматка кайтканы,
Кылсын деп аны айтканы!
Баймырза досу сен элең,
Баласы бакыр мен элем.
Кылалыкпы, жокпу деп,
Сен айтчы мага жоопту деп
Бокмурун кайра сурады.
Башынан куу Баймырза
Жообун айтып турады:
Кары-куру бээлерден,
Каткан чүрүш мээлерден,
Как чеке болгон тайлардан,
Анча-мынча мал жыйнап
Айылы жакын байлардан,
Кемпирдин кылып ашындай,
Келиндин кылып тоюндай,
Айтканына көнсөк деп,
Атакеңди көмсөк – деп
Айтып турду Баймырза.
Айтканын бала угуптур,
Аңкаарып карап туруптур:
– Ишенген кишим сен болсоң,
Иш кылары мен болсом!
Ал сөздү айтып Бокмурун
Алаканын уруптур.
Анан кандай болот деп
Алиги курган Баймырза
Аңырайып туруптур.
– Баймырза как баш сен белең,
Баладан бозой мен белем,
Атакем айткан керээзин
Кылбай коёр кем белем?
Кылба деп айтып салыптыр,
Кыямат кетип калыптыр.
Кыямат кеткен өзү экен,
Мени сынап атакем
Кыл деп айткан сөзү экен!
Акырет кеткен өзү экен,
Артымдагы уулдун
Аш бермеги  парз экен!
Атамдын айткан арзы экен!
Алтайдан Манас чыкканда,
Кабарын атам укканда
Каршы чыккан Пануска
Жөлөк болгон Манаска
Эр Манаска барайын,
Атакемдин керезин
Эртелеп айтып салайын!
Кызматын алса атамын
Ичинен тынар санаасы,
Атам дагы, а дагы
Атактуу кыргыз баласы!
Эртеси жок кечинде,
Күн эңкейген кезинде
Мааникер минип алганы,
Таласты көздөй бет алып
Камчылап жолго салганы.
Жебенин огун аткандай
Ар кырга барып бир тийип,
Сом туягы жер чийип,
Созулуп жаанын огундай,
Барып калды Бокмурун.
Жайдары жаткан Манаска
– Атым менин Бокмурун,
Атам өлгөн кезинде
Айлымда менин жоктугум!
Келсем атам өлүптүр,
Күйгөн шамым өчүптүр,

Акыретке жөнөөрдө
Айткан экен атакем
Эр Манаска баргын деп!
Кайгы болуп эр Манас
Ышкы ичине чок болду:
– Кызыр чалган Көкөтөй
Атамдан жакын киши эле.
Көкөтөйдүн көк туусун
Эмитен балам, аштагын,
Зор Көкөмдүн ашына
Эмитен ишти баштагын,
Калкка кабар салдырып,
Ак жоолуктан алдырып,
Атакемди жоктоткун,
Айтуу болсун көргөнгө,
Аянбайлык, Бокмурун,
Атакеңди көмгөнгө
Кан Көкөтөй абамдын
Кызматына даярмын.
Кабар берсең Таласка
Ашына келип калармын.
Көңүл айтып, кан Манас
Баланы жолго салыптыр.
Ошол түнү таңга жуук
Ташкенге жетип барыптыр,
Бокмурун кайда барганын
Адамдар билбей калыптыр.

* * *

Кан Көкөтөй өлгөндө,
Калк чогулуп көмгөндө,
Калайыктын баары бар.
Ошолордун ичинде
Баатыр Кошой дагы бар.
– Абам Кошой, карыя!
Сарпайым бар, мүлкүм бар,
Мүлкүмдү чачып көрөмүн,
Туура бир жыл өткөндө,
Атамдын ашын беремин.
Адырда жылкым алты сан
Айдап саям байгеге.
Сан жетпеген каран төө
Санабай саям байгеге.
Калмак менен кыргыздын
Алпынын баарын жыямын,
Ойдогудай кыламын!
Айланайын, абаке!
Кеңири жерди таба көр!
Аш берүүчү жерибиз
Кеңдигине жараша
Мейманга салам тамаша!

Абаң Кошой карыя,
Түйдөктөшкөн түмөндүн
Түйүнүн чечкен олуя.
Кеңешин берди балага:
– Атактуу жайлоо Каркыра,
Артыкча кенен жер ошол.
Кемегени казчу жер,
Керилген Кеген суу,– деди
Кең бойлоп, атты чаптырып,
Тамаша салчу жер,– деди.

* * *

Каркап бир жыл толгондо,
Көкөтөйдүн Бокмурун
Ташкендеги кыргызды
Каркырага көчүрдү
Аземдеген боз үйдү
Кереге, уугун бүктөтүп,

Кызыл нарга жүктөтүп,
Көкөтөйдүн көп дүйнө
Көп атанга арттырып,
Кылтылдаган кыздарга
Кызыл чапан кийгизип,
Кызыл чапан этегин
Кыйгачтап жерге тийгизип,
Айчык алтын көк тууну
Асмандатып аштатып,
Көкөтөй зайбы Күлайга
Көчтүн алдын баштатып,
Калдайтып кара кийгизип,
Кан Көкөтөй зыйнатын
Калайыкка билгизип,
Атанга жүгүн арттырып,
Алтымыштай катынга
Тындырбай кошок айттырып,
Абышка, балдар мал айдап,
Туш-тушунан чабуулдап,
Көч баратты жер жайнап.
Жер тумандап кир болуп,
Көкөтөйдүн санкара
Жер жүзү менен бир болуп,
Байлыгы жандан башкача
Түрдүү-түрдүү мал чубап,
Түркүн-түркүн жан чубап,
Маң-маң-маң басып,
Чуудаларын чаң басып,
Төө чубады бир канча.
Кулундары чуркурап,
Курсактары жер чийип,
Бээ чубады бир канча.
Шаа мүйүзүн каркайтып,
Уй чубады бир канча.
Көкөтөйдүн чоң ордосун
Каркырага орнотту.
Он эки канат ордо үйү
Түндүгүн түрүп тиктирген,
Ууктарын учтаган,
Учуна манат тыштаган,
Чийине жибек чырмаган,
Уук менен керегe
Отуз түрлүү сырдаган.
Үч жүз миң тиккен үйү бар,
Үч ата уулу бийи бар.
Үзүгүнүн баарысын
Ак манат менен тыштаткан,
Көрбөгөндүн баарысын
Көз жоосун салып караткан.

Бокмурун эми кеп айтат,
Кеп айтканда бек айтат:
– Коросон оттук чактырам.
Кара кытай, манжууну,
Кайнаган калмак урууну
Калтырбастан чакырам!
Теңсинбесе өзүмдү,
Тескери алса сөзүмдү,
Кармап түшөм кара туу,
Калкына салам ызы-чуу!

## КАБАР БЕРҮҮ

Көкөтөйдүн Бокмурун
Жаш Айдарга кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
– Ээ, жайма көкүл жаш Айдар,
Мааникердей тулпардын
Атбороюн сыдыргын,
Ай-ааламдын баарысын

Кабар берип кыдыргын.
Кең Үргөнчтүн шаарына,
Кең Оогандын айлына,
Акун кандай канына,
Көрүнгөн журттун баарына:
«Көкөтөйдүн Бокмурун
Үч-Каркыра конду – де,–
Көкөтөйдүн көп дүйнө
Жер жүзүнө толду – де,–
Көкөтөйдүн чоң ашын
Берээр кези болду» де.
Кокондогу Козубек,
Маргаландын Малабек,
Анжыйанды жердеген
Алтышаардын Алыбек,
Самарканда Санжыбек
Ушуларга салам айт.
Бирөө калбай келсин де,
Бул кызыкты көрсүн де.
Андан ары жүргөндө,
Атактуу Букар шаары бар.
Ал Букарды сураган
Атемир аттуу каны бар.
Көк кепичин тепейткен,
Аргымагын кекейткен
Атемирге салам бер.
Букардын тыяк бетинде
Жетиөзөн деген жери бар,
Жетиөзөндү жердеген
Жедигер деген эли бар
Көкжал Багыш келсин де.
Андан ары жол жүрсөң,
Чоң Букардын аржагы,
Жетиөзөндүн бержагы
Адыр-күдүр жердеген
Буудай кандын Музбурчак,
Музбурчакка салам айт.
Көкөтөйдүн санаттуу
Чоң ашына келсин де,
Төгөрөктүн төрт бурчу,
Чогулган элди көрсүн де.
Андан бери жүргөндө,
Эки Кемин жайлаган,
Эгиз атын байлаган,
Жарды жүрүп байыган,
Жалгыз жүрүп көбөйгөн
Эр Үрбүгө салам бер.
Анын бери жагында
Текече кан, Шыгай кан,
Эштектердин Жамгырчы
Үч кан эли катар бар.
Уругу кыргыз чын уулу,
Үч канга катар салам айт,
Каадалап катуу кабар айт.
Сары-Арканы жайлаган,
Сарала үйүр байлаган,
Катынын кыздай мактаган
Казактардын кан Көкчө,
Кан Көкчөгө салам бер,
Кадыр кылып кабар бер.
Андан ары барганда,
Боз мунарык көлү бар,
Ошол көлдүн бетинде
Солоон деген эли бар.
Солоондун жайын сурасаң,
Сокудай сүйрү башы бар,
Аркасында жыйылган
Сокбилектей чачы бар.
Ошонун каны Ороккыр,
Ороккырга айт кабар.

Андан ары барганда,
Алтын тоонун кени бар.
Айта берсе кытайдын
Түгөнбөгөн эли бар.
Кармаган шаары Бакбурчун,
Кыйласын билем ал журттун.
Талаага мунар көтөрүп,
Серелеген тамы бар.
Манжуу каны Нескара
Артык баатыр дагы бар.
Таш сайынган манжуунун
Тазалары келсин де.
Күрмө кийген манжуунун
Күчтүүлөрү келсин де!
Андан өтүп барып айт,
Чын калаанын боюнда
Алооке деген карыга айт,
Душманда болсо кошуна
Чакыр атам ашына.
Андан ары барганда,
Алтын казган кенинде,
Сарысуунун жээгинде
Кебез белбоо, кең өтүк,
Келберсиген койкашка,
Алоокенин Коңурбай
Келсин дегин ашыма.
Келбей койсо ашыма
Кесири тиер башына,
Ырайым кылбайм жашына!
Сулаймандын тушунда,
Журт бузулган ушунда,
Кытайдан качып кыйла журт
Жапан болуп калыптыр.
Жайы жакшы болуптур,
Жапан атка конуптур.
Көтөрүш деген эри бар,
Ошол элге айт кабар.
Деп ошентип Бокмурун
Мааникерди мингизип,
Бадана тонду кийгизип,
Жаш Айдарды чаптырды.
Төгөрөктүн төрт бурчун
Түк койбостон чакырды.
Астындагы Мааникер
Бокмурундун өз аты
Бир жумадан бир жума
Барган сайын кызыган
Так өзүнүн адаты,
Энеси аркар жел кайып,
Атасы тулпар чөл кайып,
Сексен күнү чуркаса
Күчөй турган мал эле.
Айланса дүйнө жүзүнө
Арыктабас жан эле.
Алтымыш күндү кайрадан
Аттап өтөр жан эле.
Токсон күндүк жолдордон
Эчки жүрбөс зоолордон.
«Сениби, бурут, сени!» деп
Кекенип жүргөн кеби бар:
Алакандай кыргызды
Такыр чаап алууга,
Жыйнап жүргөн кеги бар.
Көкөтөй ашы болот деп,
Кытайга кабар жеткенде.
Манжуунун ханы Нескара
Коңурбай менен Жолойду
Ордосуна чакырды:
– Көкөтөйдүн ашына
Манастан мурда баралы.

Каркыранын жайлоосун
Айлана курчап алалы,
Манас бизди кордосо,
Туш-туштан чыгып колоттон
Кыргызга кыргын салалы.
Кытайлар бекем сүйлөштү,
Жай-жайына жөнөштү.
Көкөтөйдүн ашына
Туура беш күн калганда
Көз жетпеген кол келди.
Кытай, манжуу, калмагы
Аралашып мол келди.
Каканчынын калдайы
Коңурбай келди талашка.
Манжуулардын Нескара
Ал да келди бул ашка.

## НЕСКАРАНЫН МААНИКЕР АТКА КӨЗ АРТКАНЫ

Келберсиген Нескара
Эл аралап жүрдү эми.
Каркыранын сайында
Кабылан Манас баатырдын
Жок экенин билди эми.
Күлүктөрдүн ичинен
Мааникер атты көрдү эми.
«Бээжиндин Карыканына
Ылайыктуу мал» – деди.
Коңурбай менен Жолойго
Кеңешке жетип келди эми:
– Ээ, Коңурбай, чоң Жолой,
Эр хан Манас келгенче.
Эселек кыргыз буруттун
Кемегесин талайлы,
Келгендерин сабайлы,
Аш берген жерин таптайлы.
Кычык кеп айтып, тийишип,
Башчыларын жөөлөйлү,
Малынын баарын ээлейли!
Нескара каары төгүлүп,
Жеп ийчүдөй көрүнүп,
Бокмурунду чакырды:
– Мааникер тулпар атыңды
Мага бер! – деп бакырды. –
Он эки түмөн колум бар,
Коңурбайдай зорум бар!
Кодоңдогон бурутум,
Буруттан алаар жообум бар!
Тикиреңдеп силкинсең,
Тим эле кармап аламын.
Кырк аркан бою зынданга
Алып барып саламын.
Атаңдын көрү, ит бурут,
Ошентип кегим аламын!
Сөзүмөн менин качпагын,
Аш берем деп шашпагын!
Бул ашыңа турбаймын,
Мааникер албай тынбаймын!

Нескара антип турганда,
Мындай кордук кылганда,
Көкөтөйдүн Бокмурун
Жүрөгүнөн кан кетти,
Билегинен сап кетти.
Эл атасы Кошойго
Энтеңдеп жетип барды эми,
Арманын айтып калды эми:

– Көкөтөйдүн көп дүйнө,
Атам тилин албастан,
Чачканы келген экемин!
Казылган орду байкабай
Басканы келген экемин!
Тирүүлөй көргө баш салып,
Жатканы келген экемин!
Ит көрбөгөн кордукту
Көргөнү келген экемин!
Кара кытай, манжуудан
Ажалдан мурда арманда
Өлгөнү келген экемин.
Анда Кошой муну айтат:
– Кечикпестен Таласка,
Кабар жеткир Манаска!
«Кечикпей Манас келсин – де,–
Карайлап турган кыргызды
Кара кытай, манжуудан
Ажыратып алсын» де!
Акылга бай алп Кошой
Арстан Манас баатырга
Алакандай кат берип,
Күн кылкылдап батканда,
Калмак, кытай, көп манжуу
Калдайып уктап жатканда,
Мааникерди мингизип,
Арстан төрө Манаска
Түн ичинде Айдарды
Чаптырып ийди Таласка.
Жайма көкүл жаш Айдар
Бадана сындуу тон кийип,
Мааникер сындуу ат минип,
Арага түнөп калбастан,
Өрүгүп тыным албастан
Жетип барды Таласка.
Берен Манас алдына
Басып барып жаш Айдар
Алакандай кат сунат:
– Калың кыргыз калкыңыз,
Кошой, Төштүк каныңыз
Кыйноодо калды жаныбыз!
Кан Көкөтөй ашына,
Манжуу, кытай чогулуп,
Кытайына келиптир.
Манастан мурда баргын деп,
Нескара буйрук бериптир.
Кырылмак болдук баарыбыз!
Көкөтөйдүн ашына,
Эртерээк ханым, барыңыз.
Кара кытай, манжуудан
Ажыратып алыңыз.
Бир кудайга жалынып,
«Журт куруган экен» деп,
Кабылан Манас айкөл эр
Аккуланы токунду,
Аттанып кыргыз толкуду.
Кан Манасың баш болуп,
Ажыбай, Бакай эрендер,
Алмамбет, Чубак эгиз эр,
Серек, Сыргак тегиз эр,
Найза салаар ыктуусу,
Айбалта чабаар мыктуусу,
Катылса жоону кылган мерт,
Каптаган жагы кызыл өрт
Бардыгы толкуп алыптыр,
Ашка жөнөп калыптыр.

## МАНАСТЫН АШКА КЕЛГЕНИ

Кызыл кыя кезеңден
Кымбат Манас кымпыйып,
Көрүнүп калган кези экен.
Кыйноого түшүп кыргыздар
Көлкүп турган кези экен.
«Эр Манастап!» чуу тартып,
Кырк чоро кирип барганда,
Абаң Кошой ордунан
Турбаганын карачы!
Арстан Манас барганда,
Атасын көргөн баладай
Ыйлаганын карачы!
Акырын сүйлөп, кеп таштайт:
– Айкөлүм, укчу,– деп баштайт.
Көкөтөйдүн кызык аш
Көргөнү келген экенбиз.
Таланып кара кытайга
Өлгөнү келген экенбиз.
Кара кытай, манжуунун
Албан түрлүү эри бар,
Алакандай кыргыздан
Алалбай жүргөн кеги бар.
Бейпайды салып бул ашта
Бет алышаар жери бар.

Аркасынан Бокмурун
Кошула сүйлөп калганы:
Түгөнгөн ашты не бердим,
Түгөл талап кетет бейм!
Ат Мааникер күлүктү
Сурап жатат Нескара.
Мааникерди бербесем,
Салганы турат бүлүктү.
– Бир ат үчүн жоолашпай,
Мааникерди бергин,– деп
Хан Үрбү айта салганы.
Аны укканда, Манастын
Каары келе калганы,
Толгомо түшкөн чоң камчы
Оң имерип алганы,
Обдула түшүп Үрбүнү
Оройго тартып калганы,
Жаак жарылды, кан акты.
– Э, кокуй эмне болду? – деп
Тура калып эр Кошой
Манаска катуу кеп айтты:
– Не мүнөзүң бул, Манас?!
Жакшыны жакшы билбейсиң,
Жаманды көзгө илбейсиң!
Минтип жүрсөң, катыгүн,
Кордук көрүп калаарсың.
Коюп жүргүн, кокуй күн,
Бу пейлиңди, Манасым!
«Манас, Манас» дегенге,
Барбая түшөт экенсиң.
Үйлөп койгон чаначтай,
Дардая түшөт экенсиң!
Эр Кошойду кыя албай,
Кышкы кирген буурадай,
Айбатын басып деңгиреп,
Ачуусун жеңип зеңгиреп,
Аш бышымдай тим турду
Арстан Манас кеңгиреп.
Андан соң жооп бергени:
– Мааникер алса бу күндө,
Кырыңа чыгат түбүндө!

Эртеңки күндө эсирип,
Аккуланы албайбы!
Аркы күндө дардайып,
Керкабылан атыңа
Суук колун салбайбы!
Кынык алып алган соң,
Күндө тозок салбайбы!
Өкүлдөсө бул кытай
Өлүмдөн качаар жаным жок!
Душманга тартаар малым жок!
Тулпардан туура айрылсак,
Билгенин Коңур кылбайбы,
Бириңди койбой кырбайбы! –
Деп ошентип эр Манас
Күүгүм туман көздөнүп,
Майлаган буудай жүздөнүп,
Заары көздөн төгүлүп,
Сырттандык сыры көрүнүп,
Жоо-жарагын камынып,
Ойдолотуп Кула атын,
Кайнап жаткан калмактын
Так ортосун как жарып,
Жолой менен Нескара –
Жоболоңдуу буларга
Аттын оозун бурду эми.
Аралап барып, экөөнө
Каарланып турду эми:
– Алуучу душман сен эмес,
Алдырчу кыргыз мен эмес.
Чабуучу душман сен эмес,
Чаптырчу кыргыз мен эмес!
Каадаңды бузбай отуруп,
Күчтүүсүнбөй сен, калмак!
Күрпүлдөсөң, болбосоң,
Өлбөгөн жерде калышам.
Ачып кара көзүңдү,
Коркутаар кытай сен эмес,
Коркоор Манас мен эмес!
Сыйлап ашка чакырсак,
Сыйрышканы келипсиң.
Сыртыңды салып сен, Жолой,
Кыйратканы келипсиң! –
Каарды Манас салганда,
Калмак менен кан Манас,
Чатакташып каларда,
Арстандарың ошондо
Кытайга салып жаңжалды,
Уйгу-туйгу түшүрүп,
Түбүнө чогуу жетээрде,
Кара калмак, кытайды
Түгөл кырып кетээрде,
Ороккыр менен Музкиндик,
Эр Коңурбай, Нескара
Аттан түшө калышып,
Аттарын тартып калганы.
Эр Коңурбай ошондо
Мойнуна камчы салганы:
– Ашыңа келип, күч кылып,
Айыпкер болуп калыппыз.
Бул айыпты кечиңиз,
Кечпес болсоң айыпты,
Мынакей, башты кесиңиз!
Таш сайынган калмактын
Төрөлөрү ошондо
Тизеси жерге бүгүлдү.
Эсенканын көргөндөй,
Эр Манаска жүгүндү.
Калмак, кыргыз теңдешип,
Кайра баштан элдешип,
Бузук кепти ташташып,

Тамаша кептен башташып,
Журт ошентип турганда,
Көкөтөйдүн Бокмурун
Күүгө келип калыптыр.
Кайра баштан тирилип,
Тилге келип калыптыр.
Ойго-тоого Мааникер
Жүгүргөндөй болуптур.
Өлүп калып, кайрадан
Тирилгендей болуптур.

## АТТАРДЫ ЧУБАТУУ

Ал күнү антип жатканда,
Эртеңки таң атканда,
Көкөтөйдүн көк туусу
Көтөрүлдү асманга.
– Ат чубаткын! – дегенде,
Адамдын баары дуу деди.
Кытай журту бир түркүн,
Кыргыз журту бир түркүн,
Кырым журту бир түркүн,
Ооган журту бир түркүн,
Түркүн-түркүн болушуп,
Дүнүйө жүзү толушуп,
Орчун кара кол болду,
Ортосу көчө жол болду.
«Ургаачы жолу улук – деп,–
Өзү  каңгай урук» деп,
Оронгунун Кулабээ
Чубатууга чыгыптыр.
Анын арка жагынан
Алтындап тумар тагылган
Аккула кирди чубоого.
Баатырдын аты Аккула
Этине келип ээлигип,
Эликтей башын көтөрүп,
Баскысы келип жээлигип,
Буудандын эти тартылып,
Жайына келип алыптыр.
Жаадай болуп чоң Кула ат
Табына жетип калыптыр.
Аккуланын артынан
Чаткаягы чаткалдай
Чатына киши баткандай,
Жолойдун аты Ачбуудан
Чубатууга салынган.
Аккула менен Ачбуудан
Коёндой окшош мал экен.
Ачбуудандын артынан
Бозкертиктин Бойтору,
Анын арка жагынан
Мурадылдын Кылжейрен,
Музбурчактын Телкүрөң,
Эр Төштүктүн Чалкуйрук,
Эр Кошойдун Чоңсарат,
Үрбү чапкан кош кара ат,
Көкчөнүн аты Көкала,
Ат чубаткан кең талаа.
Кебез белбоо, кең өтүк,
Кечилдин каны Коңурбай:
 – Ала көөдөн Манасты
Аккула чапса көрөм! – деп,–
Ал өңдөнгөн буруттун
Сайышып канын төгөм! – деп,
Жыйып кытай тууганын,
Амал кылып чубатты
Алгарага окшогон
Башка кара бууданын.
Ат чубатып болуптур,

Жети миң аттан калганы
Санаты миңге толуптур.
Айдаган киши алтымыш
Кыйгактуу найза алганы.
Ишенимдүү жакшыдан
Аркасынан алты миң
Аздырбас калыс барганы.
Атты айдатып ийген соң,
Улук-кичик баарысы
Жай-жайына барышты.
Кызматкерлер суу куйду,
Торгундан кылган дасторкон
Тобун жазып жайдырды.
Ар даамды бүт берди,
Эриккенче эт берди.
Көкөтөйдүн дүйнөсү
Көптүгүнөн түткөрдү.

## ЖАМБЫ АТЫШ

«Эл эригип калат – деп,–
Сегиз күндө ат келет,
Бекерге кантип жатсын – деп,–
Белсенип жамбы атсын» деп,
Каркыранын карагай
Узунунан кыйдырган
Устундан миңди жыйдырган.
Түбүнө түркүк буратып,
Алты жүз шыргый асманга
Чыгарып ийген улатып.
Кырк эки танап жамбыга
Болот зым боосун улатып,
Замбыны бийик зоо кылган,
Сары алтынды боо кылган
Көргөндүн көзүн жайнатты,
Шыргыйлардын учуна
Алтын, каухар байлатты.
Ал жамбыны карата
Мылтыктары короктоп,
Берендер чапты сороктоп.
Мээлеп жамбы аткандар
Албан түрдүү элден бар,
Атканы жазбас мерген бар,
Кыйындардан кыйла бар.
Калмак, кытай, кыргызы
Алмак-салмак атышты,
Көкөтөйдүн жамбыны
Түшүрө албай жатышты.
Кебез белбоо, кең өтүк
Кечилдин каны Коңурбай
Керилип жааны тартты эле,
Кебелген жок бул жамбы.
Манжуунун каны Нескара
Бакырып атып жиберди.
Огунун кайда кеткени
Тегеле көзгө кирбеди.
Кара кытай буркурап,
Кайтадан атты чуркурап,
Козголгон жок бул жамбы.
Калмактар атты кайталап,
Жолой атты, тийген жок.
Аткылай берип баарысы,
Ок-дарысы калган жок.
Кабылан Манас турду эми,
Кызыл алтын доолду
Тарс дедире урду эми.
Манаска жолдош кырк баатыр
Эки жаат бөлүндү.
Ачып көздү жумганча,
Үзөнгүгө салбай аякты

Шапа-шуп атка мингенин
Адамдар сезбей калганы.
Баатырлар мылтык октоду,
Баары милте чоктоду.
Карап турган Кыргылчал
Кары бою тебетей
Кайытып көккө ыргыты.
Асмандай түшүп тебетей
Кайра келе жатканда,
Кан Бакай тосуп атканда,
Жерге жетпей тебетей
Кайра кетти асманга.
Тебетейди кырк чоро
Түк келтирбей жер жакка
Асманга атып токтотуп,
Түшүрбөй турду далайга.
Арстан Манас баатыры
Эл айраң-таң болгондо,
Кагып доол салганы,
Чоролор атпай койгондо,
Тебетей түшүп калганы.
Тарс дедире дагы да
Манас доол урганы.
Жанындагы чоролор
Тепе-тең төрткө бөлүнүп,
Төрт тарапка турганы,
Төрөсү доол урганы.
Бозжорго аты теңселип,
Агала сакал сеңселип,
Качырды Бакай Кыргылды.
Бакай канды бет алып,
Баатыр Кыргыл качырды.
Бакайдан найза жеткени,
Кыйынсынган Кыргылчал
Кырданып аттан кеткени.
Сарала атты моюндап,
Алмамбет баатыр жеткени.
Бөрк эңгендей Кыргылды
Атына коюп кеткени,
Абакеси Бакайды
Аңтара салып өткөнү.
Аркасынан Ажыбай
Алмамбетке жеткени,
Кулата сайып кеткени.
Жетип келип эр Бакай
Улак эңген эмедей
Алмаңды эңип алганы,
Атына коё салганы.
Ушинетип чоролор
Бирин бири кулатса,
Оюн куруп сулатса,
Беркиси атка мингизди,
Маштыгын баары билгизди.
Кылычты кындан чечишти,
Кыйкырышып жетишти.
Шилтесе кылыч моюнга
Тийгизбестен чабышты.
Денелерин чийгизбей,
Кылычка кылыч чагышты.
Кырк баатыр баары мыкты экен
Түрдүү оюн салганы.
Түш эңкейген бешимде
Жамбыны эске алганы.
Карс дедире эр Манас
Доолду катуу урганы.
Шыргыйда бийик жамбыны
Кезме-кезек атышты,
Кезектешип жатышты.
Бозжорго атты чайпалтып,
Бакай жетип бир атты,

Бир танабын кыя атты.
Карткүрөң менен ойнотуп,
Аргын кандын Ажыбай,
Ажыбай жетип бир атты,
Бир танабын кыя атты.
Айсарала ат минген,
Сары жаргак шым кийген
Алмамбет жетип бир атты,
Бир танабын кыя атты.
Көк ырапыс тон кийген,
Көкала сындуу ат минген
Чубак жетип бир атты,
Бир танабын кыя атты.
Атка жеңил, тайга чак
Улаккандын эр Сыргак,
Сыргак жетип бир атты,
Бир танабын кыя атты.
Жашы менен кары атты,
Чоролордун баары атты.
Түшпөчүдөй бул жамбы,
Турган элди тажатты.
Арбагы бийик, опсуз эр
Айкөлүң жөнөп калганы,
Минген аты Айманбоз,
Жеткен жерде жамбыны
Аккелте менен бир атты,
Танабын түгөл кыя атты,
Жамбыны жерге кулатты!
Көктөн түшкөн жамбыны
Илип алып кеткени,
Алп агасы Кошойго
Тартуу кылып жеткени.
– Тырмак алды олжоңду,
Балам, өзүң алгын – деп,
Ырымдап Кошой алган жок.

## КОШОЙ МЕНЕН ЖОЛОЙДУН КҮРӨШҮ

Көкөтөйдүн көк туусу
Көтөрүлдү калкылдап,
Ырамандын Ырчыуулу
Жар чакырды баркылдап:
– Улуктар бизди жиберди,
Уксун деди силерди,
Уюп жаткан көп элдин
Баары арманда калбасын,
Балбандан балбан тандасын.
Жыкканы байге алсын! – деп,–
Жыгылган куру калсын! – деп,
Айтып айгай салганда,
Жар чакырып турганда,
Кара кытай, калмактар
Дарбый түшүп жазылды.
Ошондо көрдү көпчүлүк
Оңбогон Жолой баатырды.
Баары журту баалаптыр,
Балбанга аны каалаптыр.
Алты батман буудай жеп,
Дан жыттанган чоң Жолой,
Алтымыш алпты бир союп,
Кан жыттанган чоң Жолой
А дедирбей майданга
Басып чыкты чечинип.
Туурасы жоон, бою пас,
Дулдугуй бет, өңү саз.
Комдонуп жаткан жолборстой
Маңдайында кашы бар!
Козголуучу дөө эмес,
Чоң казандай башы бар.
Артына түшкөн айдары

Кыл чылбырдай чачы бар.
Кырк-элүүнүн ичинде
Кызталактын жашы бар.
Көз чуңкуру Жолойдун
Терең казган ороодой.
Көзүндөгү чылпагы
Чокчо табак шородой.
Арка жагын карасаң,
Ат жарышчу талаадай.
Эки көзү балбылдайт
Токойдун жалын өртүндөй.
Эки эмчеги капырдын
Чоң катындын көтүндөй.
Калмак, кытай, манжуу журт
Өз дининче окунуп,
Батасын кылды чокунуп,
Күн чыгышты бет алып,
Тундурду кулак отуруп.
Кыргыз, казак, башка элден
Талапкер киши чыкпады.
Балбансынып жүргөндөр
Далдаланып ыктады.
Кыргыздын Кошой балбаны
Эрлерден эрди тандады:
– Чечинип азыр чыккын! – деп,
Жолойду барып жыккын! – деп,
Баарына бирден барганы.
Айтканын эч ким укпады,
Балбанга бирөө чыкпады.
Аксур менен теңселип,
Ак сакалы сеңселип,
Салып Кошой барганы.
Сандыргалуу эр Манас
Салам айта салганы,
Абакең алик алганы:
– Кабылан, өзүң эр элең,
Кайратың ашык шер элең!
Сен түшпөсөң балбанга,
Кандай адам батынат
Дардайган Жолой айбанга!
Бул сөздү угуп эр Манас
Мукактана калганы:
– Кол-буттан чалып жыгууга,
Эзелтен жөөгө жок элем.
«Олжосуна кызыгып,
Манас өзү чыкты» деп,
Ушак сөзгө калаармын.
Карысаң да карпаңдап,
Карт буурадай тарпаңдап,
Сен түшпөсөң балбанга,
Жолойго киши жолойбу,
Жолосо да, оңоорбу!
Кан абаке, күрөшкө,
Ыгы келди, көнүңүз.
Келбесе кокус көөнүңүз,
Калмактарды дардатпай,
Байгесин барып бериңиз!
Ал сөздү угуп эр Кошой
Ордуна келди акылы:
– Атаганат, дүнүйө,
Жашаган сайын шайманың
Бошойт экен күнүгө!
Бабаң Кошой жаш болсо,
Жолой чыкса жолумдан,
Башы таштан болсо да,
Соо кетпес эле колумдан.
Абаңдын жайы кеткенде,
Сексен бешке жеткенде,
Кабылан, шагың сындырбайм,
Сөзүңдү эки кылдырбайм.
Карысам да, тобокел,

Тобокелге салайын.
Алаармын деймин намысты,
Аябай таштап арышты.
Бирок сага айтаарым:
Катыным чоркок жан эле,
Арык эчки териден
Чала ашатып шымымды
Калдыр ийлеп салды эле.
Арбак урган дөө Жолой,
Ат көтөрбөс жөө Жолой
Алаасынан албасын,
Айра тартып салбасын.
Так ошондо абаңдын
Абийири кетип калбасын!
Тартып көрсө, чоюлган,
Коё берсе, жыйылган,
Күчкө салса, айрылбас
Кандагай калкта барбы? – деп,
Карыя Кошой айтты кеп.
– Каныкейдин колунан
Кандагай шым чыккан – деп,
Бура тартып эр Манас
Көрпөчөнүн астынан,
Көмкөрө ээр үстүнөн
Кандагай шымды алганы,
Кошойго бере салганы.
Ойрон болсун Кошой дөө,
Аттан түшүп, баары жөө,
Оң жак бутун салганы,
Балтыры батпай калганы.
Сол жак бутун салганы,
Согончок өтпөй калганы.
Аны көрүп эр Манас:
– Шымың менен кургун! – деп,
Акырайып Канышка
Кандагай серпип салганы.
Атемир кызы Каныкей
Аркардай таңын кылайтып,
Ак тамагын булайтып,
Ээрчиткени кырк келин,
Акырын айтты ал кебин:
– Ичин буулум ичтедим.
Алты жыл тынбай тиштедим,
Кыз-келин сайып жатканда,
Жакпаган жерин сөктүрдүм.
Табак-табак болотту
Ортосуна төктүрдүм.
Ченин ченеп тургамын,
Алты сөөм, төрт эли
Багалектин учунан,
Май куйруктун кашаттан
Капшырып койгон жерим бар.
Алмамбет, Чубак эки шер
Тамандашып тартсынчы,
Бүктөөсүн шымдын жазсынчы.
Айтканындай эки шер
Тамандашып тарткан соң,
Каарданган канкоруң
Кара жаак булдурсун
Кармай калып имерди,
Кандагайды олоңдоп,
Ортого тартып жиберди.
Дыр деп шымы сөгүлүп,
Бүктөөсү чыгып чечилди.
Абакең Кошой карыя
Кийип алса багалек
Баптап койгон немедей,
Май куйрукка май куйрук
Чаптап койгон эмедей.
Баатыр Кошой карыя

Олуя заада келиндин
Ошондо сынын көрдү эми.
Көрүп алып жактырып,
Ыраазы болуп турду эми.
Баатырдын зайбы Каныкей
Тизеси жерге бүгүлүп,
Калк атасы Кошойго
Турган эле жүгүнүп.
Капкайда сермеп көңүлүн,
Кошой сынайт келинин:
«Ай, Каныкей, байкушум,
Телегейиң тең экен,
Он эки мүчөң кең экен.
Кайраты кыйын, заары күч
Шерди туучу неме экен.
Сөөмөйү алтын уз экен,
Ургаачыда болбойт ко,
Өзү олуя киши экен.
Касиеттүү Манаска
Кадыр түндүн өзү экен».
Анан айтты батасын:
– Телегейиң тең болсун,
Теңиз Манас тукуму
Атасындай шер болсун!
Казылышкан душманын
Өгөөлөсүн темирдей,
Акыры туусаң эркек уул,–
Теңирден тилеп, кол жайып,
Кошой бата бергени.
Кытай, калмак, көп манжуу
Кошо бата бергени.
Кылымдын Кошой балбаны
Ак сакалы сеңселип,
Нар буурадай теңселип,
Аста басып барганы
Алышууга белсенип.
Олтурган Жолой олчоюп,
Олут алып соксоюп,
Ооздон оту буркурап,
Көздөн жалын шыркырап,
Ордунан турду «күр» этип,
Аны көргөн адамдын
Оно бою «дүр» этип.
Кошойду кордоп кеп айтат:
– Компойбой калгын! – деп айтат.
Кара сакал агында,
Каруундун кеткен чагында,
Казаң жакын табында,
Ажалыңдын жеткени,
Абийириңдин кеткени,
Кетпегенде неткени!
Атым менин Жолойдур,
Жолойго киши жолоорбу,
Жологон пенде оңоорбу!
Бир башыңда, Кошой чал,
Миң жаның болсо, коёмбу!
Каныңды ичсем, тоёмбу!
– Оболдон бери, Жолоюм,
Оё жүргөм көзүңдү,
Ойрондоп жүргөм өзүңдү!
Аркы-терки салышып,
Алып жүргөн мен элем,
Алдырып жүргөн сен элең.
Алың жетсе, мына! – деп,
Кошой тосту билегин.
Билектен Жолой тутканы,
Колун Кошой булкканы.
Бир булкуу менен Жолойдон
Билегин сууруп алганы.
Жолойду анан эр Кошой

Шап билектен кармады.
Эки жулкуп, эр Жолой
Эптеп сууруп алганы.
Шыпырылып кол тери
Кошойго кетип калганы.
Намыстанып чирешип,
Акырек менен тирешип,
Согончок тийген жерлерин
Түп-түз кылып жирешип,
Караган эл таң болду,
Кара тозоң чаң болду,
Чаң жашырды сан колду.
Алышып жүргөн эки дөө
Бирин бири жыга албай
Жыбырап жылдыз толгондо,
Түн ортосу болгондо,
Жолойдун үнү күркүрөп,
Доошун уккан пенденин
Жон териси дүркүрөп.
Кыргыз журттун баарысы
Үмүтүн үзүп ошондон:
«Майданда балбан Кошойдон
Не үчүн чыкпайт доошу? – деп,
Кобурашып чочулайт,–
Кошойдун шайы бошпу...» – деп.
Түн ортосу кеткенде,
Таң жакындап жеткенде,
Кошойдун үнү карк этип,
Доошу чыкты барк этип,
Кыргыздар кетти сүйүнүп.
Жолойдун колу кандай уу!
Абакеңиз Кошойдун
Жонундагы баягы
Уюп калган сары суу
Боюна тарап кетиптир.
Аткып Жолой жүрүптүр,
Ары-бери сүрүптүр.
Абакеңдин соорусу
Кармаганын сүйүптүр.
Күн обого толгондо,
Жалган түш жаңы болгондо,
Алышып жүрүп абаңыз
Көзү илинип бүлбүлдөп,
Көшүп кетип үргүлөп,
Уйкуга бабаң кириптир,
Ушуну Жолой билиптир.
Абакеңиз Кошойду
Алпарып ташка урууну
Көөнүнө Жолой алыптыр.
Кайран абаң Кошойду
Көтөрүп жонго салыптыр.
Калың кыргыз буркурап:
«Карангүн, Кошой өлдү!» деп,
Кыйкырып ийди чуркурап.
Көрө салып эр Манас
Айгай салып акырды:
– Абаке! – деп бакырды.
Кошой абаң кулагы
Манастын доошун чалыптыр.
Ачса көзүн акыры,
Ачканда келди акылы.
Ташка урууга баатырды
Жолой даяр калыптыр.
Карыя абаң Кошойдун
Кайраты толуп кеткени,
Аягы жерге жеткени.
Артылып колун салыптыр,
Дөө Жолойдун шымынын
Кашатынан алыптыр,
Тоодой Жолой балбанды

Томкоруп жерден алганы!
Көтөрүп жерге урду дейт,
Көпчүлүк көрүп турду дейт!
Басып Кошой калганда,
Башынан аттап алганда,
Күрмө кийген манжуунун
Күчтүүлөрү күркүрөп,
Таш сайынган кытайдын
Төрөлөрү дүркүрөп,
Калмактардын Ылама,
Ызаланган каңгайдын
Ар-намысын сураба:
– Басып алмак бар деген,
Баш аттамак жок деген!
Көтөрүп урмак бар деген,
Көөдөндөн аттоо жок деген!
Кызыталак буруттун
Бул эмине кылганы,
Каныбыз Жолой баатырдын
Башынан аттап турганы!
Кол салчудай түктүйүп,
Кытай, калмак, манжуу журт
Баары тегиз үксүйүп,
Кыргызды каптап кетчүдөй,
Кыргын салып өтчүдөй,
Урушка кагар добулбас,
Добулбас катуу кагылды.
Каңгайды кудай урганы,
Каарын салып жабылды.
Онбашысы ороктоп,
Элүүбашы сороктоп,
Жүзбашылар жүгүрүп,
Миңбашы жандан түңүлүп,
Каарды каңгай салганда,
Атпай кыргыз балдары
Акылынан жаңылып,
Качып берди корккондон
Манасты көздөй жабылып.
Ошондо Манас кабылан
Кайраттанып бөлүнүп,
Арстан түрү көрүнүп,
Каардантып булкунтуп,
Кайран Бакай абакең
Манасты кармайт жулкунтуп:
– Калмак, кытай, манжууну
Адам деп ашка чакырсак,
Оңураңдап, кокуйгун,
Оңбой калган экенсиң.
Аш үстүндө чыр баштап,
Болбой калган экенсиң!
– Коё бер! – деп Бакайга
Манастын заары төгүлүп,
Кырк чоро чыкты бөлүнүп,
Кыргын салаар эмедей
Каары катуу көрүнүп.
Аламан салып ийчүдөй
Айгайлап кирип барды эми.
Каңгайлыктын төрөлөр,
Айыбын сезген эмедей,
Аттан түшө калды эми.
Кыргыз, кытай элдешип,
Кайрадан оюн мелдешип,
Улантып жыйын салды эми.
Кан Көкөтөй ашында,
Калың жыйын кашында,
Түгөнбөгөн кеби бар...

## МАНАС МЕНЕН КОҢУРБАЙДЫН САЙЫШЫ

Көкөтөйдүн Бокмурун
Жана жардык айттырды:
– Ат кайрылып келгенче,
Баатырлар чыгып сайышсын,
Бакандары майышсын.
Сайганы байге алсынчы,
Сайдырган куру калсынчы!
Ырчыуул мындай дегенде,
Каңгайлардын калың журт
Алооке баштап карысы,
Калмак, кытай баарысы
Кашына келди калдайдын.
Аккуласын эр Манас
Чабаарын калча билгенде,
Алгара атын атайы
Чаппай калган кези эле.
«Аккуладан айрылып,
Арбайып жөө калса – деп,–
Манас менен сайышып,
Өксүтүп өчтү алсам!» деп,
Алоокенин Коңурбай
Алгарасын жулкунтуп,
Кылагар көзүн кылыйтып,
Майданга чыгып турду эми.
Октой болгон Алгара
Окторултуп бастырып,
Кылычы белде кыңгырап,
Көк найзасы зыңгырап,
Сайышууга Манасты
Талап кылып турду эми.
Коңурбайды көргөндө,
Азизкандын Алмамбет
Мойнуна кемер салынып,
Манаска турду жалынып:
– Кектешип жүргөн Коңурбай
Өзү келген экен го!
Кержектешээр ит менен
Кезим келген экен го!
Алакан жайып, батаң бер,
Кайкалаган калчага
Качырып найза салайын,
Сайышка мени коё бер?!
Калча чыкты сайышка,
Кезекти мага берсеңчи?!
Кытайдын гүлдүү көк тонун
Кийише жүргөн Коңурбай.
Бала кезден басташып,
Тийише жүргөн Коңурбай.
Арманым чоң чочкодо,
Дос экениң чын болсо,
Уксаңчы, Манас, кебимди.
Ошо күндөн ушу күн
Ала албай жүрөм кегимди!
– Ай, Алаке, көкжалым,
Кара кытай, манжуу журт
Ушак кылып жебейби,
Азизкандын жалгызын,
Качып барса бурутка,
Аябастан өлүмгө
Салып берди дебейби!
Кытай шылдың кылбайбы,
Кыргызды кудай урбайбы.
Сен сайышка чыкканда,
Уят болот мунубуз.
Дос экениң чын болсо,
Калыска карап туруңуз.
Астындагы Сарала

Алышка минээр мал экен,
Күчүн берсең, Сарала
Күлүгүңдү минейин,
Күчтүүсүнгөн калчага
Күрпүлдөшүп кирейин.
Берен Манас көкжалга
«Бербеймин» деп айта албай,
Берендин көөнүн кайтарбай,
Айтканына көнгөнү,
Ай тийгендей Сарала
Айкөлүңө бергени.
Бакай, Кошой сабылып,
Моюнга курун салынып,
«Манасты колдой көргүн» деп,
Кудуретке жалынып,
Батасын берди баарысы,
Жашы менен карысы.
Алоокенин Коңурбай
Алтындан чылбыр булкунтуп,
Алгараны жулкунтуп,
Атынын оозун буруптур,
Жекеге чыгып туруптур.
– Кезегиң ал, кытай! – деп,
Кашатка турду кан Манас.
Качырып сайды Коңурбай,
Сырттан көкжал кабылан
Өлөмүн деп кенебейт.
Коңурбайдын сырнайза
Кыйрап сынып кеткенин
Бучкагына теңебейт.
– Кезегиң алгын, бурут! – деп,
Керилип турду Коңурбай.
Эрлердин жөнү ушундай!
Алмак-салмак сайышып,
Айкырып найза сундурду.
Коңурбай, Манас ошондо
Алтымыш найза сындырды.
Алоокенин Коңурбай
Найза сунуп бакырып,
«Мөндүлөп!» ураан чакырып,
Манаска эми жеткени,
Жеткен жерде сырнайза,
Жете сайып өткөнү.
Эми кулап кетээрде,
Жерге Манас жетээрде,
Ачып көздү жумгуча
Арстан Манас оңолуп,
Опол тоодой күркүрөп,
Коңурбайга жеткени.
Калың кытай каканга
Буйтап качып кеткенче,
Караны тоодой калчаны
Каарданган эр Манас
Катуу сайып өткөнү.
Алгаранын үстүнөн
Алоокенин Коңурбай
Күлтүйүп кулап кеткени.
Жеткилең Манас көйкашка
Жебеден мурун жеткени.
Коңурбайдын Алгара
Жетип кармап чылбырдан
Олжо кылып кеткени.
Алоокенин Коңурбай
Тизеси жерге бүгүлүп:
– Алгара берип кеткин?! – деп,
Манастын турду алдында
Келин болуп жүгүнүп.
Коңурбай минтип турганда:
– Айкөл Манас, соогат! – деп,
Алмамбет жетип келгенче,

Коңурбайдын Алгара
Соогат кылып кеткенче,
Ичинен ойлойт эр Манас:
«Бирөөнүн тону тон болбос,
Бирөөнүн аты ат болбос.
Баатыр эле Коңурбай,
Атын тартып алганда,
Не муратка жетейин?!
Андан көрө бу жерде
Өзүнө берип кетейин».
Жүгүнүп турган калчага
Сын кылды Манас канчага:
– Мына, Коңур, атың! – деп,
Окоро түйгөн чылбырды
Калчаны көздөй ыргытты.
Күйбөгөн жери күл болуп
Жемелеп кирди Алмамбет:
– Айланайын хан досум.
Кокуй алат, балакет,
Качан сергек болосуң?
Колго тийген коёнду
Коё берген оңоорбу,
Алгараны маа берсең,
Чийбейт белем сызыкты.
Салбайт белем калчага
Канчадан берки кызыкты!
Бул Коңурбай өлбөсө,
Кыямат жүзүн көрбөсө,
Кыргыздын иши оңолбойт,
Башыңдан түйшүк жоголбойт.
Деп өкүндү Алмамбет.

## КОҢУРБАЙДЫН ЧАТАГЫ

Олуядай Бакайдын
Айтып турган сөзү бул:
– Баары журтум, угуп тур!
Кан Көкөтөй ашыдыр,
Калың чырдын башыдыр.
Ат айдалды алты күн,
Күлүктөр келээр күн бүгүн.
Түтөп жаткан кытайдын
Ичи толо кеги бар.
Кыргыздардын бууданы
Келатса чыгып алдыга
Кыргын кылып жүрбөсүн,
Кыйрата жыгып кирбесин!
Аккулага окшотуп,
Жолой кандын Ачбуудан
Аны сүрөп албагын.
Кан Манастын кырк чоро,
Тулпардан мыктап мингиле,
Байгеге жакын келгенде,
Баарыңар сүрөөн салгыла.
Чыгып келсе Аккула,
Баш байгесин алгыла. –
Бакайдан угуп мындай кеп,
Атты сүрөп келүүгө
Кыргыз колу чу койду.
Сараланы Алмамбет
Абайы менен жабуулап,
Кытайча таажы кийиптир,
Ал таажынын үстүндө
Шуру отогот, маржан таш
Төбөсүндө жаркылдап.
Калың кытай каканчын
Алмамбетти таанабай

«Кайсы биздин кан бул?» деп,
Бүшүркөнөт элеңдеп.
Алакең кетип баратат,
Жойкумасын белендеп,
Ээр белдей белестен
Сарала оозун бурду эле.
Сандыргалуу кайран эр
Дүрбү салып турду эле.
Бузулган кумдун бетинде
Оргуп-оргуп чаң чыгат.
Оргуган чаңды караса,
Аккуланын чаңы экен,
Куюндай учкан чагы экен.
Башын жерге салыптыр,
Баатырыңдын Аккула
Башкача арыш алыптыр.
Эр Жолойдун Ачбуудан
Куландай кулак жапырып,
Куюндай жерди сапырып,
Учуп келет дыркырап,
Баскан ташы быркырап.
Аккула соңу ал экен,
Артыкча тулпар мал экен.
Аккула менен Ачбуудан
Коёндон окшош мал экен.
Амалкөй Алмаң кайран шер
Кытайынча кыжылдап,
Ачбуудан сүрөп алгансып,
«Какандап!» ураан чакырып,
Кабыландын Аккула
Артылта сүрөп алыптыр.
Калың кытай баарысы
Алакеңди көргөндө,
«Атактуу кытай ханы» деп,
Кошо сүрөп калыптыр.
Кыраан Алмаң кабылан
Бөксөгө атты салды эми.
«Мөндү-мөндү-мөндү» деп,
Манжууча сүрөп калды эми.
«Жагы-жагы-жагы» деп,
Калмакча сүрөөн салды эми.
Жайнап жаткан көп калмак
Жабыла сүрөп алды эми.
Берен Алмаң көкжалдын
Берендиги билинди.
Ары бара түшкөндө
Кыргыз журтка илинди.
Кыраан эрдин кырк чоро
Кыйкырып сүрөп алды эми.
Жаныбарың Аккула
Байгеден чыгып барды эми.
Кеч болуп, түн киргенде
Кыргыздын баары кудуңдап.
Байгелерге мактанып,
Шылынып отко кактанып,
Аракка тоюп мас болуп
Аң-сезими пас болуп.
Коркурап уктап калганда,
Алооке, Жолой, Нескара
Бир үйгө баары чогулду,
Кара баскан Коңурбай
Каарданып отурду:
– Журт жыйылган бир байге
Албайт деген эмине?!
Кытайча кийим кийинип,
Алмамбет бизди алдады!
Элинен качкан чыккынчы,
Арамдыгы калбады.
Ачбуудан деп сүрөттү
Манастын Аккуласын

Кыргыздардын тулпары
Чоң байгени жалмады.
Шылдыңдап күлүп чоролор
Аябай бизди жүдөттү.
Эл башкарган хан Манас
Калыстыгын кылган жок.
Чакырып алып ашына
Чоролорду тыйган жок!
Чогултуп алып журутту,
Шылдыңдап бизди курутту.
Ар-намысты алалы.
Талкалайлы бул түнү
Мас болуп жаткан бурутту!
Ай батып түн катканда,
Кенебей кыргыз жатканда.
Катынын кара баскандай
Жаңжалды кытай баштады,
Кыргызды кырып таштады.

Кытайдын каны Коңурбай,
Калмактардын кан Жолой,
Солоондордун Ылама,
Кыжылдаган кытайдын
Бул зордугун сураба!
Топурак учуп, тоз күйүп,
Толгон кытай эл каптап,
Келаткандай сел каптап,
Каканчылуу бел экен,
Көкөтөйдүн ашына
Келип алып бул кытай
Кагыша турган кези экен.
Кыз-келинди зордуктап,
Кытайлар чыкты ошондо
Кыргыздарды кордуктап.
Жылкыдан күлүк тандаптыр,
Жылдырып бөлүп айдаптыр.
Аралап буудан тандаптыр,
Айкырып кууп айдаптыр.
Бет алдына келгендин
Колу-бутун байлаптыр.
Каяшаяк бергендин
Кылычтап башын алыптыр.
Кыйырында жүргөн кыргызды
Кыргын кылып салыптыр.
Кереге жатат кыйраган,
Кемеге жатат түтөгөн.
Келген эл ашын тебелеп,
Кейишти көрчү күчөгөн.
Кан Коңурбай, Нескара,
Кара кытай, көп манжуу
Кең Каркыра бетинен
Керилтип жылкы тийиптир.
Текестин суусун кечирип,
Жылдызды карай кетиптир.
Көп жылкы кумдай куюлуп,
Токтоор эмес буюгуп.
Уюган чаңга көмүлүп,
Куюндап бара жатыптыр.
Жер көчкөндөй дүңгүрөп,
Не болгонун ким билет!
Чуудан кулак чуулдайт,
Кара бороон дуулдайт.
Карагайдан кол калың,
Кыйкырсаң жанга угулбайт.
Көкөтөйдүн ашында
Көмөлөнгөн үйдү айтпа!
Токтоо бербей шамаалга
Томолонгон үйдү айтпа!

Кыз-катынды олжолоп,
Кызыл алтын дорболоп,
Кайнап калмак өтүптүр,
Калабалап кетиптир.
Кабылан Манас баатырдын
Каары катуу кайнаптыр.
Каалгадай кашка тиш
Бөлө-бөлө чайнаптыр:
– Кечээ кең Таластын оюнда,
Жылгындуунун боюнда
Алдымда турса Алакем,
Алдырбайм жоого дечү элем!
Жанымда жүрсө эр Чубак,
Жардыртпайм жоого дечү элем!
Кызыкты көрдүк бул ашта
Барсыңбы аман, кырк кашка?!
Таалайга жазган жазууну
Көрүшө турган күн окшойт.
Ажал жетип, күн бүтсө,
Өлүшө турган күн окшойт!
Каптаса кытай, калмакка
Дардайып туруп нетели!
Кол куушуруп, бел бүгүп,
Не мураска жетели!
Зордукчу кара кытайды
Каңгайга дейре сүрөлү.
Кара кытай, манжууну
Каканга айдап кирели.
Басынып берсек болобу,
Башчысын кармап соёлу.
Кызыккан экен кыргызга,
Кыргын кылып коёлу.
Туулмак бар, өлмөк бар!
Алда Таала Теңирден
Не жазганды көрмөк бар!
Тагдырда болсо, ким көрбөйт,
Ажал жетсе, ким өлбөйт!
Беталышып күрөшүп,
Талкалашып калбасак,
Кытай, калмак кутуруп,
Кыргызды көздөй жутунуп,
Кайра келип калат ко.
Кыйынсынган кызталак
Кырга чыгып алат ко!
Көк найзасын көтөрүп,
Бара турган эр кайда?!
Каңгайга намыс кетирбей
Ала турган эр кайда?!
Абаке Бакай, жол башта,
Атпай кыргыз эл кайда?!
Аш үстүндө бизди эми
Коңурбай чаап алабы?!
Козголбой кыргыз бүткөнү
Коңулда жатып калабы?!
Ошондо Бакай кеп айтат:
– Ойлонгун, Манас,– деп айтат. –
Айдалган малдын дартынан
Коңурдун кууба артынан.
Кытайга кирип барганда,
Ажырап калып жүрбөйлү
Азаптуу кыргыз калкыңан.
Тил алсаң, артка баралык,
Ар жерде жатат алты кан,
Аларга кабар салалык.
«Калды – деп,– бизден айбыгып»,
Кытайга барып, кол курап,
Коңурбай келет кайрылып.
Жиберсек кабар суранып,
Алты кан келсе куралып,
Айгайлаган чуу менен

Алдынан тосуп чыгалык.
Биримдик болсо арабыз
Бүлгүндү чогуу салабыз,
Эл-жерди коргоп калабыз.
Антпесек Коңур ылгайбы,
Алты элди бирден кырбайбы!
Артынан азыр кубалап,
Акылсыз ишти кылбайлы.
Дегенде Бакай карысы,
Акылга көндү баарысы.
Көп элге кеткен кабары
Көкөтөй ашы тарады.
Көкөтөйдүн ашы,– деп,
Чоң чатактын башы,– деп.
Эсинде калган эл айтат,
Миң жылдан ашык өтсө да
Ошондогу зор түйшүк,
Унутулбай келатат...

## КАНДАРДЫН КАСТЫГЫ

Балыктынын башына,
Аңырдын Кара-Сазына,
Сары-Колдун оюна
Алты кан келип чогулду
Эр Төштүктүн тоюна.
Кыйындар кыйла олтуруп,
Кызык оюн болтуруп,
Кыжаалат кепти салышты:
– Каркыранын башы деп,
Кан Көкөтөй ашы деп,
Барып көрдүк мазакты,
Манас менен Кошойдон
Тартып келдик азапты.
«Манас, Манас» деп койсо,
Барбайганы күйдүрдү!
Сууга салган чаначтай
Дардайганы күйдүрдү!
Азган-тозгон кедейди
Зор кылганын көрдүңбү!
Кангайдан келген чорону
Кан кылганы күйдүрдү!
Качып жүргөн бузукту
Тең кылганы күйдүрдү!
Алмамбет, Чубак, Сыргакты
Эркелетип, эсиртип,
Шер кылганын көрдүңбү!
Бул Манасты чаппасак,
Эсебин мыктап таппасак,
Бузукту Манас салат ко,
Калайыктын баарысын
Жеке бийлеп алат ко!
Тең атанын уулубуз,
Теңиримдин кулубуз.
Таягын жеп, тил угуп,
Тарап кетип, тим болсок,
Теги болбос мунубуз.
Бир тууганcың баарыңар,
Эштек уулу Жамгырчы,
Музбурчак турат карыңар,
Элемандын Төштүгү,
Казактан Көкчө каның бар.
Анжыйандык Санжыбек
Аксакалды эл билет.
Бирибизди сүйлөтпөй,
Бирибизге бийлетпей
Канкор тууган кан Манас
Баарын бийлеп алды го!
Теңтайлашып Манаска
Сүйлөгөнү келатса,

Эрме Таздын Үрбүсүн
Камчы менен кан Манас
Как төбөгө салды го!
Эл көзүнө Үрбүнүн
Эми абийири калдыбы?
Ойлонгула, алты кан,
Же бизде намыс калдыбы?
Камалып корко бергидей,
Ал бадырек канкордун
Айылы бизден арбынбы,
Адамы бизден баатырбы?!
Өбөгү бийик өрдөбү,
Өзү бизден өйдөбү?!
Өткүр Манас канкордун
Өнөрү болсо көрөлү!
Актан келген ажалга,
Арга барбы, көнөлү.
Адегенде элчиден
Чакырып кагаз берели.
Келип калса, кошуунун
Миңге бирден бөлөлү.
Бирине бирин көргөзбөй
Бириндетип жөнөйлү.
Бегин бейпай кылалык,
Бектерин тамам кыралык.
Көрсөтөлү кордукту,
Уктаса кирсин түшүнө.
Ушинетип канкорду
Келтирели үшүнө!
Ойгонсо келсин оюна,
Андан кийин бу Манас
"Челишээр кыргыз бар тура,
Чеберлейин эми" деп,
Ченеп иш кылсын боюна.
Кырк жигитин кыйратып,
Кыз-келинин ыйлатып,
Боздогу малын жыйнатып,
Обол Манастын өзүн чабалы.
Ошондон кайтып келген соң,
Катагандын Кошойдой,
Оогандын каны Акундай
Чалдардын эбин табалы!
Ушу сөздөн жанганды,
Убададан тангaнды
Төбөсү ачык көр урсун,
Төшү түктүү жер урсун!
Асманы бийик көк урсун!
Бул сөздү айтып буркурап,
Паашалардын баарысы
Батасын кылды чуркурап.
Манаска элчи салмакка,
Байкап ишин алмакка,
Бүтүмдөрүн ыйгарды.
Алты кандан алты элчи
Атайы тандап чыгарды.

## ЭЛЧИЛЕРДИН МАНАСКА БАРГАНЫ

Капкасы алтын коргондо,
Каныкейдин ордодо,
Оң жагында баатырдын
Отуз эки каны бар,
Сол жагында олтурган
Кырк баатырдын саны бар,
Астында алтын тагы бар,
Башында дөөлөт багы бар.
Албарс кылыч байланып,
Ордонун чебин сыртынан
Айландыра кайтарган

Алты миң аскер дагы бар.
Коргону коло тоо экен,
Арыгы темир коо экен.
Мунун баарын көргөндө,
Кандардан келген элчилер
Не кыларын биле албай,
Эр Манастын үстүнө
Эбин таап кире албай
Санаалары бузулуп,
Тер боюнан сызылып,
Эстээр кеби жок болду,
Эт бышымдай токтолду.
Дарбазанын башчысы
Казактардан Жоорунчу
Карап көрүп алтоонун
Элчи экенин билгени.
Экчеңдей басып бүгүлүп,
Эр Манаска киргени:
– Эшиктен көрдүм алты адам,
Тааный албай болдум таң.
Алыстан келген элчи окшойт,
Аттары жадоо, ченчи окшойт.
Айтканда, баатыр билди эми,
Кыл муруту солк этип,
Кыраанын Манас күлдү эми:
– Андай болсо, Жоорунчум,
Кербендерден кеп уктум,
Келгендерден мен уктум,
Кеңеш кылып алты кан
Мага каршы чогулуп,
Басканы жүрү деп уктум.
Кандардан келген элчидир,
Кастыкка жүргөн ченчидир?
Сырттандыгын билгизгин,
Сыяпат менен киргизгин.
Төрөсү минтип айтканы,
– Макул болот, баатыр,– деп,
Баянын угуп Жоорунчу
Арты менен кайтканы.
Элчилер кирип ордого
Хан Манаска келишти
Кандардын берген кагазын
Өз колуна беришти.
Ойрон болгон султанын
Мазмунун каттын билди эми,
Мыйыгынан күлдү эми:
– Тийишкен экен бектерим,
Тилекти кудай бериптир.
Көктөн тилеп жүргөнүм
Өзү эле колго келиптир!.. –
Деп кубанды кан Манас
Элчилерди урматтап
Хан сарайга киргизди,
Шек алдырбай кан Манас
Айкөлдүгүн билгизди,
Алмамбет менен Бакайды,
Кеңешке Манас чакырды:
– Ант бериптир алты кан,
Таластагы Манасты
Чакырып алып Алайга
Алабыз деп тактыдан,
Даярданып, күтүнүп
Чоролор менен баралы!
Алтоону тең Алайда
Торойто чаап салалы!
Дагы кандай ойлор бар?
Тартынбай мага айтыңар!
Кеп-сөзүнөн жаңылбай

Айтып турду кан Бакай:
– Чапчаңдык кылып шашпайлы,
Шарт болгон ишти тыңдайлы.
Угуп жүрөм арызын
Ал кандар сага наарazы:
«Душманды биз чаптык,– дейт
Атагы тийип Манаска,
Биз талаада калдык! – дейт.
Кыргыздын журтун башкарат,
Качып келген бер кытай,
Биз бер жакты калдык, дейт,
Бирибиз бокко жарабай!»
Көкөтөйдүн ашында,
Калыс кетип Манастан
Камчы жеди кан Үрбү.
Тастайган таз башына.
Ошону көргөн ойрондор,
Капа болуп түңүлдү!
Каркыранын токою
Таласка тиккен бак беле,
Дардайып жатар чак беле?!
Күчүнө көпкөн чоролор
Аракка тоюп мас болуп,
Аң-сезими пас болуп,
Чалкайып уктап калышты.
Муну билген кытайлар
Кыргызга кыргын салышты!
Эл журттан түшөт көп арыз,
Түшүнсөң, Манас падышам,
Күнөөлүүбүз баарыбыз!
Актабайм мен өзүмдү,
Ачык айтпай жүрүпмүн,
Акылман калыс сөзүмдү!
Эл курултай чогултуп,
Талаптарын угалы.
Моюнга алып катаны,
Калыстык ишти баштайлы!
Ак жүрөктөн алалы
Элибиз берген батаны!
– Абамдын сөзү туура,– деп
Жиреди сөзүн Алмамбет. –
Бакемдин сөзүн тактайын!
Жанагы кандар тынчыбайт,
Бийликти бизден алмайын.
Максаты бар өзүнүн!
Ар кандай  ушак таратат,
Буруш керек башкага
Бузукулар көңүлүн!
Каркырага барганда,
Кытайлардан кеп уккам.
Нескара, Жолой, Коңурбай,
Элине барып күч курап,
Кыргызга кол салчудай.
Ошондуктан, айкөл шер!
Кандарыңа буйрук бер.
Аскерин жыйып Таласка.
Толугу менен келсин,– де!
Келбегенди бир-бирден
Кырка кырып салам,– де!
Ошондо кандар тынчыйт,– деп.
Кеңешин берди Алмамбет.
Макул болуп кан Манас,
Молдолорун чакырды,
Кебин, оюн толуктап,
Кандарга кат жаздырды.
Элчилерге эр Манас
Алты аргымак ат берди,
Колдоруна кат берди:
– Бар, элчилер, кайт,– деди –
Немене көргөн-укканың
Кандарга барып айт,– деди.

* * *

Элчилер кайтып элине,
Карматты катты бегине,
Кармап катты бетине,
Окуду ордо молдосу:
«Буйрук кылат каныңар!
Билимди билген алты кан,
Акыл айттым, ойлонгун!
Кошуундарың бүт алып,
Ары чети, болжолум,
Кырк күндө мага келесиң!
Кырк күндөн кийин калганың
Талкаланып өлөсүң!»
Катты укканда, алты кан
«Барабыз» деп күүлөнбөй,
Же барбас жагын сүйлөбөй
Кырка олтуруп уңкуюп,
Үндөбөдү дуңкуюп.
Чыдай албай кандарга
Төрө Төштүк күүлөндү:
– Оолугуп калса, кан Манас
Айбатына жол тосуп,
Тура турган кимиң бар?!
Төгүлбөй турган кан болбойт,
Өлбөй калган жан болбойт,
Тобокелге салалык,
Толкуган аскер алалык.
Токтолбостон баралык.
Бу сөздү угуп кандары,
Үйлөрүнө тарады.
Убада сааты толгондо,
Убакты күнү болгондо,
Артыш басып жол менен,
Асты түмөн кол менен
Астында жүргөн Жамгырчы,
Экинчиси эр Төштүк,
Үчүнчү болгон Үрбүңүз.
Сары-Аркадан жол алып,
Саны түмөн кол алып,
Көкчө жүрдү Манаска.
Орчун Кокон, Маргалаң,
Анжыйандын Санжыбек
Жети түмөн кол менен
Ал да жолго салганы.
Опаасыз дүйнө жалганы,
Буудайыктын Музбурчак
Элим алыс дегенсип,
Он эки жүз миң кол алып,
Бу да чыкты жол алып.
Алды болуп Таласка
Эң мурунку келгени
Эр Жамгырчы зор экен
Жети жүз миң кол менен.
Ал аңгычы артынан
Желеги алтын туу менен,
Жер жарылган чуу менен
Эр Төштүктүн аскери
Жайнап келип калганы.
Куюндуу Мерки жол менен,
Айчык алтын туу менен,
Айгайлаган чуу менен
Үрбү келип калганы.
Сары-Арканы жайлаган,
Сан казагын айдаган
Өзөнгө сыйбай буркурап,
Өлөңүн айтып чуркурап,
Баатыр Көкчө келгени.
Аңгыча коюу чаң чыкты,
Анжыян элин айдаган
Эр Санжыбек кан чыкты.

Букарай-Шарып ары жагы,
Бузулган Чамбыл бер жагы,
Буудайыктын Музбурчак
Ал да келип калганы,
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл, Бакай карысы,
Ар кимиси аземдеп,
Аскерди бөлүп алганы.
Бөлүнгөн аскер колдорун
Бөлөк-бөлөк кармады.

## ЧОҢ КАЗАТ

Арстан Манас баатыры
Аккула минип акыры,
Оң жагында жыйырмасы,
Ойротту бузган жыласы.
Сол жагында жыйырмасы,
Жоо бөрүсү жыласы.
Аралап келип аскердин
Ортосуна турганы.
Падышалык көк доол
Тарс дедире урганы.
Кабылан Манас падыша
Кышкы кирген буурадай
Астыңкы эрди албайып,
Үстүңкү эрди калбайып,
Кабагы каран түн болуп,
Кайра жаар күн болуп,
Бетине чыккан ызгаары
Беш байпактык жүн болуп,
– Жанагы кандар кайда? – деп,–
Кандарды бери айда! – деп,
Салды заман акырды.
Бөрк ал десе баш кескен
Желдеттер жетип барганы.
– Амансыңбы кандар! – деп
Жанталашкан жандар! – деп
Каарын төгүп бакырды,
– Үрбүнү уруп койду! – деп
Башкарды өзү тойду,– деп
Түшүрөбүз кандыктан,
Дегениңер эмне кеп?
Каптап келсе кытайлар,
Каршы турар кимиң бар?
Көтүңөрдү кыскыла!
Буйругумду уккула!
Кытайдын каны Коңурбай
Бизге каршы кол курап,
Келгени жатат деп уктум.
Ажалы жеткен доңуздун
Астынан тосуп чыгалык.
Кылычты кындан чыгарып,
Кытайлар келсе, кыралык.
Өз жерди жатка бербестен
Өлүмгө каршы туралык!
Аргабыз кетсе, не чара,
Ажалга моюн суналык.
Эси чыгып кандары
Элейишип калганы:
– Аттиңе, дүйнө азаптуу,
Арам өлгөн экенбиз! –
Ушинтип кудай урдубу?
«Барбайбыз» деп айта албай,
Баатырдын сөзүн кайтарбай:
– Кайда барсаң, турдук! – деп,
Кандар айтып салганы.
Каарданган канкордун
Ырайы кайра жанганы:
– Андай болсо келгин – деп,-

Келе мөөрүң, бергин! – деп,
Катчыга катын жаздырды.
Жыйып алып кандардын
Жыгалуу мөөрүн бастырды.
– Ээ, калайык,– деп айтат.
Атка минип «алла» – деп,
Арбактарым колдо»,– деп,
Жүргөн журтум, барсыңбы?
Өчөшкөндү соо кылбай,
Жүргөн, журтум барсыңбы?
Бээжинди беттеп жол менен
Барчу, журтум, барсыңбы?
Капсандын кара тоосунда,
Капкалуу Бээжин оозунда.
Кан Коңурбай калча бар,
Калкында баатыр канча бар,
Коркпой согуш Бээжинге
Салчу, журтум, барсыңбы?
Өмүрү өтүп согушта
Көнгөн, журтум, барсыңбы?
Деп Манас сурап турду эми
Элди кудай урду эми:
– Аттиң, кокуй, катыгүн!
Ашкере түштү каран түн!
Атабыз көргөн жер эмес!
Энебиз уккан кеп эмес,
Кыргыздар барар жер эмес!
Ээрчигенде нетебиз!
Манас айткан жерине,
Канча күндө жетебиз?
Аттиңа дүйнө, азаптуу
Арманда өлөт экенбиз!
Арбак урган кандар, ай!
Алаптаган заңзар, ай!
Атка минип сербейип,
Найза кармап дердейип,
Таласка биз не келдик?
Манаска кантип теңелдик.
Атыбыз начар, басалбайт!
Бээжинге басып жете албайт!
Кайра чыкпас капаска
Өзүбүз түшүп алдык, ээ!
Калкка кесир кылдык, ээ!
Катынды жесир кылдык, ээ!
Балдарды жетим кылдык, ээ!
Жыйылбай жылас болдук,– деп,
Үйлөргө жетпей өлдүк,– деп,
Арылбаган дуу болду,
Басылбаган чуу болду,
Барамын деген жок болуп,
Көңкү журттун баарысы,
Толкундап, кайра токтолуп,
Элдин шайы кеткени,
Эч бир айла табалбай,
Жарым күнгө жеткени.
Толкуган элди тыялбай,
Манастын айла кеткени!
Алдында турган аскерге
Кайрадан Манас кайрылды:
– Эмесе, мындай кылалы,
Ошону менен тыналы:
Атым начар дегениң,
Арман менен келгениң,
Барбайбыз деп айткыла
Таластан кайра кайткыла!
Барамын деген баатырлар,
Сөз ачыгын айткыла.
Калганың менен кол курап,
Чыгабыз эртең казатка.
Каңгайга барып баарыбыз,

Чоң олжо менен кайтабыз!
Деп бүтүрдү хан Манас.
Ажыбай менен Чалыбай
Аттарына минишип,
Аралап колго киришип,
Алтын доол урулуп,
Ата улуулап турушуп:
Арстан Манас каның,– деп,
Жарлыгы ушул анын,– деп,
Кайтуучуңар кайтасың,
Кайтабыз деп айтасың!
Калуучулар каласың,
Тобокелге саласың!
Бул сөздү айтып Ажыбай,
Аралап кабар алганы,
Аскердин баары кудуңдап,
Кубанышып калганы.
Колдун баары буркурап
Маарады койдой чуркурап:
– Уктуңарбы, ага-ини,
Кудай жалгап салыптыр,
Улук Манас хонгордон
Улуксат келип калыптыр!
Олжосунан кечели,
Ой, акелер, кетели!
Ээрчийбиз деп нетели?
Элибизге кетели!
Эгин айдап, мал багып,
Эл ичине биз барып,
Эмгек күндө өтөлү!
Ойрон болгон хонгордун
Олжосунан кечели!
Ой, акетай, кетели! –
Таласка келген аскерлер
Элүүдөн, кырктан жандашып,
Кетүүчү жолун камдашып,
Кол бузулуп алыптыр,
Ата уулдан сабыркап
Араң бирден калыптыр,
Калк бузулуп жатканда,
Кан Манастын алдына,
Алмамбет чаап барыптыр:
– Кокуй алат, Манасым!
Минтип айтсаң аскерге,
Болжогон ишти бузасың!
Бири да чыкпайт казатка,
Катылабыз азапка.
Кандарың турат бужүрөп,
Өз ара тымыз божурап.
Барбаса алар Кытайга,
Эл-журтка барып жамандап,
Кандыктан сени түшүрөт...
Бул сөзүн айтып Манаска,
Алдыга чыкты Алмамбет
Кеңешин айтып эл-журтка.
– Ант урган кытай жеринде
Кан болуп жүргөн, мен бармын,
Жаба журтун жадатып,
Сүргөн чороң, мен бармын.
Кара күрмө, жеңи жок,
Калдайы бар, беги жок,
Атка минсе эби жок,
Жибеги бар, чайы бар,
Чөптөн алган майы бар.
Ат минген жоону көргөндө
Дыркырап качкан жайы бар.
Арбак урган капырдын
Канын суудай сапырган,

Кызы талак капырдын
Кыргынын мендей көргөн жок.
Чоң Коңурбай баатырдын
Шорун Алмаң катырган.
Алгарадан албайтып,
Найза сайып далбайтып,
Коңурдун торун сапырган
Капкалуу Бээжин шаарынан
Чыккан чороң мен бармын!
Бээжинге биз барабыз,
Таш коргондуу шаарды
Сыртынан курчап алабыз,
Суу киргизбей ичине
Дайрасын буруп алабыз,
Каршыга чыккан аскерин,
Суусатып кырып салабыз! –
Алмамбет айтып токтоду,
Алты кан турду тултуюп.
Кың деген жок култуюп.
Калк унчукпай турганда,
Арстан Манас кеп айтты,
Алманын сөзүн улантты:
– Биз Кытайга барганда,
Бээжинди курчап алганда,
Согушуп жаңжал кылбайбыз!
Алооке менен Коңурбай
Илгертен бизге көп карыз,
Бир кезде кан Алооке
Кыргызды кырып, айдаган
Жан соогалап сандалып,
Араңдан келдик Алтайдан.
Баласы залим Коңурбай,
Каркырага келгенде,
Көкөмө аш бергенде,
Түн жамынып, байкатпай,
Канчаны кырып өлтүргөн
Боёлгон канга суу – Түргөн.
Курман болгон кыргыздын
Кытайдан кунун алабыз!
Бербейм десе карызын,
Ошондо кыргын салабыз.
Ушундай милдет кылабыз.
Айласы кеткен кытайлар,
Карызынан кутулар.
Ошондо биздин баатырлар
Кытайдан чыккан уз алып,
Кызыкканы кыз алып,
Каалаганча нар алып,
Алтын, жибек, чай алып,
Миңдеген жылкы, мал алып
Эсептешип жайма-жай,
Элдешип кыргыз, зор кытай
Жай-жайына тарайбыз...
Барамын деген баатырлар,
Уксаңар мени баарыңар.
Жарлыгым ушу билиңер:
Жабылып атка миниңер!
Кош башына бир айгыр
Кош тартууга коюңар.
Кош башына бир байтал
Коштоп келип союңар,
Бүгүнкү түнкү коногуң
Өз мойнумда болуңар.
Эр башына бир атты
Өзүңөр тандап алыңар,
Бул сөздү уккан көпчүлүк:
– Жаның жайыл, Манас! деп,
Балаадан болсун калас деп,

Учуӊ узар, Манас! – деп,
Атка мине салышып,
Найзаларын сербейтип
Укурук кылып алышып,
Арстан эрдин жылкыга
Аламан жөнөп калышып,
Эр башына бир аттан,
Чукул коштоп алышып,
Кош башына бир айгыр
Кош тартууга коюшуп,
Кош башына бир байтал
Коштоп келип чоюшуп,
Кошуундун баары тоюшуп,
Өз алдынча болушуп,
Азууларын аркайтып,
Күлүк тийди колго деп,
Жакшы болду жолго деп,
Күдүӊдөгөн андан көп.
Күбө болсом экен деп
Бүжүӊдөгөн андан көп,
Жоргосу тийди колго деп,
Тизгинге колу карышып,
Өөдө-төмөн жарышып,
Кумардан чыккан мындан көп.
Ошондо аскер кеп айтат –
Кеп айтканда нени айтат:
Манасыӊар бул болсо,
Бар кудайга кул болсо,
Доол келсе жел тийбес
Чытырман токой турбайбы,
Доочу келсе мал бербес,
Жүгүрүк чечен турбайбы.
Жазайыл атса ок тешпес,
Жасалуу коргон турбайбы.
Ушу Манас турганда
Жалтансак кудай урбайбы!
Аӊдадык, көрдүк акыры,
Ааламдан ашык акылы
Арстан Манас баатырдын
Аркасында жүрөлү,
Атышкан жоосун сүрөлү,
Аӊгемесин көрөлү,
Ажалдуубуз өлөлү,
Катарында жүрөлү,
Кармашкан жоосун сүрөлү,
Күнүбүз бүтсө өлөлү!
Бармак болуп баарысы
Макул кылып алышты.
Жалгыз-жарым кайта албай,
Кайтамын деп айта албай,
Жандын баары буркурап,
Барабыз деди чуркурап,
Калыӊ журт айгай салыптыр,
Баатырыӊ буга кубанып,
Көӊүлү тынып калыптыр.
Элди бүтүн караса,
Эсеп кылып санаса
Үч жүз түмөн болуптур,
Көз жеткен жердин баарысы
Көп аскерге толуптур.
Эл ошентип атканда
Эркинче болуп жатканда,
Атка минип эрмекке,
Аралап колду көрмөккө,
Арстан Манас жолборсу,
Алты нөкөр жолдошу,
Аралап колго киргени.
Төрөӊүз колду сыдырып,
Төштүктүн элин кыдырып,
Жамгырчы колун саралап,

Музбурчак тобун аралап,
Көрүп Көкчө колуну,
Аралап Үрбү тобуну,
Алардан өтүп алганы,
Арстан Манас барганы.
Ортого кеп салганы:
– Чоң казатка чыкканда,
Уюштургуч жан керек,
Кол баштаган кан керек,
Жол баштаган кан керек!
Таарыныч кийин болбосун,
Кимиңер кан болосуң?
Болгонду Теңир колдосун!
Уккан уруу кандардын,
Бири да «мен» деп айтпады,
Ортого кеңеш салбады.
– Кандайсың буга, кан Үрбү?
Бир кандыкты алсаңчы.
Колубуз жолго чыкканда,
Жанымда болуп, кан досум,
Жардамчы болуп калсаңчы!
Макул болсоң жооп бер,–
Деп сурады эр Манас.
Эки Кемин жайлаган
Өз сөзүнөн тайбаган
Жообун айтты Үрбү кан:
– Султаным, айтсам чынымды,
Ичимде жаткан сырымды,
Алдыңда турам боюм пас,
Төбөгө чыккан чачым жок,
Бала кезден башым таз.
Кеминдин каны болсом да,
Элимдин көбү мага кас.
Таласка жөнөп жатканда,
Кээ бири боздоп ыйлады,
Барбайм деп мени кыйнады.
Миңдеген түмөн аскердин
Урматы мага тийбейт го,
Буйрук берип жумшасам,
Баштарын мага ийбейт го!
Жаңылып, каным, калбайлы,
Менден көрө башканы,
Кеңешип туруп шайлайлы!
Кан Манас кайра кеп салды:
– Хандыкка киши чыкпады,
Арманың ичте калбасын.
Өзүм бир адам камдадым.
Кара кыргыз журтунан
Кара Ногой Нуркунан
Мен өзүм канды тандадым.
Атка минсе – ак жолтой,
Атышкан жоодо – сан колдой,
Жортуп чыкса – ак жолтой,
Жоого тийсе – сан колдой,
Кеңешкенде сырдашым,
Наалышканда муңдашым.
Ак сакал Бакай абамды,
Калк атасы бабаңды,
Кан көтөрсөк канетет?
Бул сөздү макул көрдүк деп,
Бакайга кандык бердик деп.
Колдун баары кубанып
Айгайды бийик салганы,
Ак сакалдуу абаңды
Карып калган чагында
Кол башчы кылып казатка,
Кан көтөрүп алганы!
Калк үшүнтүп турганда
Айкөл Манас кеп айтат:
– Ай, калайык, деп айтат.

Баарыңарга эп болсо,
Бабаңар айтаар кеп болсо,
Айтканын макул көрөлүк,
Жол баштаган бийлигин
Алмамбетке берелик.
Дабаан ашса ашууга,
Жол бийликти ушуга,
Берип койсок кантет – деп
Сурап Манас калганы,
Журт бейлине салганы.
Айтканын угуп аскери,
Азар-түмөн көп эли:
– Макул айтат төрөбүз,
Баарыбыз, кабыл көрөбүз!
Билип айтты төрөбүз,
Биз сураса экөөнө
Миң мертебе беребиз!
Макул, баатыр, макул деп,
Баары журтка болгон эп.
Айгайды аскер салганы,
Алмамбет, Бакай экөөнү.
Кан көтөрүп алганы.
Алмамбетке жол берди,
Кан Бакайга кол берди.

* * *

Ал күнү аскер жатканы.
Эртеңки таң атканы,
Супа садык салганда,
Таң агарып калганда,
Найзанын учу жылтылдап,
Аскердин башы кылкылдап,
Жер союлуп былкылдап,
Туулар тууга урунуп,
Чаң обого бурулуп,
Арстан Манас баатырың
Бастырып жолго салыптыр.
Астыңкы ээрди алბайып,
Үстүңкү ээрди калбайып,
Оозунан чыккан сөзү жок,
Каарын салып бүркөлүп,
Капаланып калыптыр.
Муну көргөн кырк баатыр
«Не болду?» – деп айта албай,
Кырк баатырдын баарысы
Күбүрөшүп калышты.
Үтүрөйгөн Манастын
Артынан келип Алмамбет
Бастырып калды жанаша:
– Султаным, уксаң дартымды,
Атемир кызы Каныкей
Ордосуна барсак бейм,
Оң батасын алсак бейм?..
Айтканын угуп, эр Манас
Арсаңдап күлүп калганы.
«Катын жандуу канкор» – деп,
Катарында кырк баатыр
Күбүрөшүп калганы.
Каныкей үйүн бет алып,
Айкөлүң жолду баштады.
Каныкейдин кырк келин
Астын тосуп алыптыр.
Баштап басып Каныкей
Баатырга беттеп калыптыр.
Кырк баатырдын баарысы,
Кыргыл баштап карысы,
Кыргын тийген эмедей,
Кыйрап түшүп калганы.

Арасында албайып,
Аттан ооп калдайып,
Баатыр түшүп калганы.
Ак тамагын булайтып,
Каныкей атын алганы:
– Сапарга чыксаң, жол болсун,
Жараткан эгем колдосун!
Элден мурун ат байлап,
Эшик ачты баатырга.
Андан кийин кырк баатыр
Улуулаша киришти.
Ошо кирген кырк баатыр,
Албан түрдүү сонун аш
Адам татса болгон мас –
Кымызга бою кызышып,
Сөөк тери ысышып,
Дууга кирип алганы.
Ал аңгыча Каныкей
Нуска сөзүн баштады:
– Басташып душман жеңбеген,
Барса келбес жер деген,
Уругу кытай улуу журт
Көптүгүн көрсөң кара курт.
Кылым кытай эл деген,
Кыяматка жеткенче
Кылайып душман жеңбеген
Кыйын жоого бет алып,
Кыраандар, чыктың аттанып.
Алыска болду сапарың,
Ажалдан болоор капарың.
Кара жан үчүн кийээрге,
Кажыбай жоого тийээрге,
Жогу болсо табайын.
Жолдошуң сайын бир-бирден
Сарпайы кийим жабайын.
Кырк чорого кырк бедөө
Кыйладан бери бактырып,
Соорусуна баарынын
Жолборс үртүк жаптырып,
Дилде жүгөн каттырып,
Куранды ээр токутуп,
Кундуз көрпө тарттырып,
Касбуудандын баарына
Бирден соот бөктөрүп,
Өзүнүн атын боштотуп,
Жолдошуна коштотуп,
Койгон экен баарысын
Коёндой кылып окшотуп.
Кылганын көрүп алышты,
Ыраазы болуп, бой балкып,
Кырк баатыр айран калышты.
Андан кийин Каныкей
Чоролорго муну айтты,
Туура сүйлөп муңайтты:
– Бээжин ысык жер деген,
Ысыгы маза бербеген.
Сайса найза тешпеген,
Чапса кылыч кеспеген
Кырк чорого кырк калпак,
Ысылуу күндө кийип бак.
Кыш кийээрге тумагын,
Туулганын сыртынан
Тумчуланып кийсин деп,
Ичин суусар ичтеттим,
«Ак калпак кыргыз калкмын» деп,
Чөмөрө басып кийээрсиң,
Намысым деп билээрсиң,–
Каныкей көзүн жаштады,
Кайгылуу сөзүн баштады. –
Алмамбет уккун сөзүмдү,
Арстандардын баарысы

Алыска сапар жөнөлдү,
Ар кими ойлойт өлөөрдү.
Аттанган жандар аманат,
Алда билет силерди
Аман кайтып көрөөрдү.
Таянаар жалгыз төрөмдү,
Жаман жолго жөнөлдү,
Жанын тирүү көрөмбү?!
Айрылып калып айкөлдөн
Армандуу бойдон өлөмбү?!
Каптаган калың жоо болсо,
Кабылан төрөң толгонсо,
Кашында киши жок болсо,
Камоодо төрөң токтолсо,
Жалгыздык жайын билесиң,
Кайрылышаар сиз деймин.
Камалап кытай кыстаса,
Кайратты сизден издеймин.
Эр Алмамбет шол жерде
Эскиси түштү эсине:
– Аттигине, жеңеке,
Айкөлдү «жалгыз» дедин, ээ!
Пенденин баары  бейдарман,
Бек тапшырма маа айттың,
«Жалгыз» дейсиң баатырды,
Жайнап жаткан көп кыргыз
Кимге тууган акыры?!
Энеси бөлөк болсо да,
Артында айкөл баатырдын
Абыке, Көбөш ини бар.
Алдында мен шордуунун
Өзүнөн бөлөк кими бар?!
Сөөктөш кытай элим жок,
Кытайга кылган пейлиме
Кылчайып азыр карасам,
Узап кетээр жерим жок,
Өрттөп өзүм элимди,
Өткүрө бузуп бейлимди,
Жалмадым таш боор элимди,
Жаман бузуп бейлимди.
Сулаттым султандарымды
Сумсайттым тууган баарыны.
Өз элимди өрттөдүм,
Шам элимди жалмадым.
Кадырын билбес Көкчөнү
Канчалыкка кармадым.
Эңсеп бараар элим жок,
Кадырым билээр калкым жок,
Кадимкидей баркым жок.
Карсылдашып жоо келсе,
Кача турган салтым жок.
Өчтөшүп жүргөн доңуздан
Өлүп калсам окустан,
Арбагым сыйлап, ким ыйлайт?!
Артымдан караар ини жок,
Айланаар тууган бири жок!.. –
Алманбет арман кылганы.
Муну укканда Каныкей
Агызып жашын ыйлады.

* * *

Кырктын башы Кыргылы
Кагып доол салганы.
Аскердин арка жагынан
Баатырлар жөнөп калганы.
«Бээжин шаар оңойбу,
Бул козголуш оңорбу?!
Аттанганы алыс жол,
Отуз түмөн орчун кол
Он кишиче көрүнбөс,
Сапарга чыкты оң мен сол!

Жараткан, өзүң жардам бол!» –
Бул сөздү айтып буркурап,
Амандык тилеп чыркырап,
Катын, бала, чал, кемпир
Талаада калды чуркурап.

## АЛМАМБЕТТИ КОЛ БАШЧЫ КЫЛЫП КӨТӨРҮҮ

Каар суунун боюна,
Өйүз менен бүйүзгө
Колдун алды жабылып,
Найзалар жерге сайылып,
Асабасы жайылып,
Аттын баарын чидерлеп,
"Арбын экен шибер» деп,
Чапанын чечип алышып,
Чатыр кылып салышып,
Чалкадан жатып алышып,
Көлөкө кылып салышып,
Кол ушинтип жатканда,
Эркинче болуп атканда,
Артынан келип Алмамбет
Аскердин кейпин жактырбай
Ачуусу келди аябай.
Сары аякка бал салып,
Чатыраш ойноп даң салып,
Туу байталды сойдуруп,
От ордундай даңкандан
Отуз-кырктан койдуруп,
Олтурган баатыр кошунда.
Оюна түшүп ар жумуш,
Алмамбет келди ушунда,
Арстан Манас баатырдын
Бейкут жаткан тушуна:
– Кабылан Манас, барсыңбы?
Катасыз уккун арзымды!
Аскердин ээси деп жүрсөм,
Ашкере чыккан карсыңбы?
Жыйганың отуз түмөн кол,
Барарың Бээжин алыс жол.
Кыйгактуу найза бооладың,
Кытайдын журтун жооладың,
Кытай деген – калың журт,
Көптүгүн көрсөң – кара курт.
Кыйла чыгар кыяры,
Мындай жүрсө жарабайт
Аскериңдин кыялы!
Тартибиңиз бу болсо,
Кудай билет адамың
Аман бири каларын!
Жолуңду баштап нетемин!
Жолдошуң бейли бу болсо,
Жообуңду бер, кетемин!
Колуңду баштап, нетемин?
Колуңдун түрү бу болсо,
Кытайга барбайм, кетемин!
Чатыраш ойнуң, чачылсын,
Уйкудан көзүң ачылсын,
Кумалак ойнуң курусун,
Минткенде катар ырысың,
Ушу кылган ишиңе,
Ушу жыйган кишиңе,
Ичим кантип жылысын!
Алмамбет айтты ушуну,
Кандардын түрү бузулду.
Кырк баатырдын баарысы,
Кыргыл баштык карысы
Кыңк эте албай турушту.
Анда Манас кеп айтат:

«– Азаматтар,– деп айтат,-
Сегиз кандын үстүнө
Арбак сүйөп дөө болгон,
Кан кылганым нээ болгон?
Карып өзү калганбы,
Эр Бакайга не болду?
Эмине үчүн башкарбайт
Эндөөлөтбөй көп колду?
Айдаган колу аз эмес,
Андабайт, билбейт дегидей
Абакем Бакай мас эмес!
Ажыбай, Серек баарыңар
Алда эмине кылат деп
Уялбасын жаныңар,
Ак сакал Бакай карыга,
Айтып салам бериңер,
Кол башчылык өкмөттүн,
Кандыгын сурап келиңер!
Айтканым макул көрсүн де,
Азыркы жолку кандыгын
Алмамбетке берсин де! –
Эр Манас муну айтканда,
Кырк чоронун баарысы
Элейишип калышты.
Ажыбай, Серек эки бек
Кудай өзү колдо деп,
Атынын боору баткактап,
Багалчагы шаткактап,
Бакайга жетип барышты.
Желдеттер тосуп алышты.
Бакайга келип эки кул
Салам айтып бүгүлүп,
Кол беришти жүгүнүп,
Сөз айталбай бүкчүйүп,
Оң капшытта ал экөө
Олтурушту чүкчүйүп,
Эр Бакай анда кеп сурайт:
– Кана, балдар, деп сурайт,
Не келдиңер өзүңөр?
Айтууга барбы сөзүңөр?
Ажыбай сөздү салганы:
-Туура желек байлады,
Кандыкка сизди шайлады.
Кече берген кандыкты
Кайта сурап келгин деп
Кан Манас бизди айдады!
Өлүмгө келдик экөөбүз,
Мында жок биздин күнөөбүз!
Айтканын угуп эр Бакай
Каткырыгы таш жарып,
Катуу күлүп калганы:
– Атым Бакай болгону,
Арбагым башка конгону,
Нече жерде кан болдум,
Караңарчы, балдарым,
Башыма мүйүз чыккан жок.
Нече жерде бек болгон
Далай жолу абаңа
Кетпеген дөөлөт токтолгон.
Абакеңиз Бакайда
Таруудай тарлык жок болгон!
Жарлыгын жалган ким кылсын
Жайдары Манас төрөмдүн!
Жалдырабай, эки кул,
Чапчаңыраак жөнөгүн!
Ал Алмамбет арстанды
Манастан артык көрөмүн,
Бир сураса ал үчүн,
Миң кайтара беремин.
Баатыр Алма султанды

Баламдан жакын көрөмүн,
Башкарып алсын аскерин,
Бачымыраак жөнөгүн!
Катчыга катын жаздырып,
Касиеттүү эр Бакай
Калдайта мөөр бастырып,
Ажыбай менен Серекти
Хан ордого жөнөттү
– Бириң эмес, баарың ук!
Жалпы аламан, баарың ук!
Бакайдан кандык кетти деп,
Бадышалык өкүмөт
Алмамбетке өттү – деп.
Ырамандын ырчы уул,
Тебетейи чоктуу кул,
Айтар сөзү шоктуу кул
Жаратып атка минди эми.
Жалпы журттун баарына
Жар чакырып ийди эми!
Жарлыкты уккан эл айтат,
Эл айтканда нени айтат:
– Манаска эми жол болсун,
Кызыктай ишке барыптыр.
Бакай сындуу жолдошун,
Кечээ күнү кан кылып
Бүгүн алып салыптыр!
Калмактан келген жай таппай,
Казактан келген бай таппай,
Тентиген кулду сай таппай,
Кан көтөрүп салыптыр!
Калк бирдигин алыптыр!
Анысы кимди оңдурат?
Ырайымсыз куу кытай
Алыс жолдо бүт элди
Айдап жүрүп кууратат!
Айткан сөзү бу болду,
Баштан-аяк көпчүлүк
Арасында дуу болду,
Басылбаган чуу болду.
Эл ушинтип жатканда,
Эркинче болуп атканда,
Токсон нөкөр оңунда,
Алтымыш сакчы соңунда,
Алмамбет кирди колуна,
Ата уулунун тобуна:
– Кайра баштан караймын,
Калайык, сени санаймын!
Бу санаттан калганды
Этибарга албаймын.
Жалынса жанын койбосмун.
Жалбарган менен болбосмун.
Каргантпай соём өзүңдү,
Караттпай тешем көзүңдү,
Калайык, уккун сөзүмдү!
Кайра баштан келгин, деп.
Эсебиңди бергин, деп
Алмамбет айгай салганы.
Калабалуу калмак деп,
Кай балаага салмак деп,
Калайык айран калганы.
Бакайда тынчтык бар эле,
Балкытып жүрчүү жан эле.
Атты өзгөртсө бээ кылат,
Ант урган калмак не кылат?
Кылганы болсо көрөлүк,
Кызыталык кытайдын
Өнөрү канча бар экен,
Өкүмүнө көнөлүк!
Ат кайтарган бар экен,
Онун санап өтүптүр,

Он кишиге бир киши,
Он башы коюп кетиптир.
Оён Алма султаның
Ошентип түпкө жетиптир.
Жүзүн санап алганы,
Жүз адамга бир адам
Жүз башы коюп салганы.
Миңин санап алганы,
Миң кишиге бир киши
Миң башы коюп салганы.
Он миңди баатыр башы деп,
Ойлонсоң жумуш ушу деп,
Жүз миңге барып бек кылды,
Дүйнөгө сонун кеп кылды.
Түмөн колдун баарысы
Түңүлдүк деп шек кылды.
Отуз болду бек саны,
Ойбойду Алмаң бек салды,
Ойлогун журтум деп салды.
Он миң деген бир түмөн,
(Дүйнөдө мындай ким жүргөн).
Бек белгиси туу болду,
Бет алган жагы чуу болду.
Он миңге керней келтирди,
Орчун колдун баарынын
Эсебин алып болтурду.
Туу саны отуз болуптур,
Турганга дүйнө толуптур,
Үч жүз керней бапылдап,
Үч миң сурнай такылдап,
Байрактын саны отуз миң,
Казатта мындай болгон ким?!
Эсебин элдин алган соң,
Өкүмөтүн башкарып,
Өзүнөн коюп салган соң,
Эми  Алмамбет кеп айтат:
Ээ калайык,– деп айтат,–
Ушу турган кара журт,
Бириң түгүл баарың ук,
Жашың менен карың ук,
Жалпы аламан баарың ук!
Өкүмүм экөө болот деп
Өзүм барда ойлобо,
Өлгөнчө мага ойнобо!
Жарлыгым жалган болот деп
Жаныңда турса да ойлобо!
Байкап жүргүн ойлоно!
Мындан ары карата
Ат чалдырып өтпөйсүң!
Арык ичип көппөйсүң!
Чыканак жерге салбайсың,
Чырым уйку албайсың,
Бу жүрүшкө кандайсың?
Ат керт этип чөп жебей,
Чөп жесе да көп жебей,
Эр кылт этип суу ичпей,
Күнү-түнү бел чечпей,
Аз гана эмес мол жүрүп,
Аз болгондо арада
Үч ай-токсон жол жүрүп,
Күн чыгыштын жолуна,
Күбөлүктүн боюна,
Күрпүлдөктүн шоруна
Алты ай кыштап алаарсың,
Ат кара тил болгондо
Бээжинге чалгын салаарсың.
Андан бери карата
Үйдөгүдөй болом деп,
Үлпөт көрүп оңом деп,
Айылдагыдай болом деп,

Азем күтүп оңом деп
Акыры түбү ойлобо,
Алмамбет менен ойнобо!
Эл менен эсен барармын,
Эгер барсак ал жерге
Эсебин элдин алаармын,
Ушу болгон он башы,
Койнуңа толоор көз жашы,
Ондун бири жоголсо,
Ортодон азып токтолсо,
Караң түгүл каныңдан
Ката дебей, калайык,
Үмүтүң үзгүн жаныңдан!
Ушу болгон жүз башы,
Жүзүңдү жуур көз жашы,
Жүздөн бири жоголсо,
Жүдөп жолдо токтолсо,
Кашык тамбас каныңдан,
Үз үмүтүң жаныңдан.
Ушу болгон миң башы,
Миңиң аман келбесең,
Билип эсеп бербесең,
Ажалыңдын жеткени,
Абийриң анык кеткени.
Түмөндү билген бектерим,
Түк кап калдык дебеңер,
Түшүнтүп айтып бергеним.
Жалган болбос жарлыгым,
Жалпы угуңар барлыгың,
Жалган болсо жарлыгым,
Жарабасын кандыгым.
Экөө болбос өкүмүм,
Өзүңөрдөн өтүндүм,
Өкүмүм экөө дегенди
Өрнөгүм ушу – өлтүрдүм!» –
Алмамбет кебин жат кылды,
Алмабаш мылтык аттырды,
Ар тарапка Алакең
Алтымыш желдет чаптырды.
Аралап желдет калганы,
Алигини айтып акырын,
Айгай салып, бакырып,
Желдеттер кирди колуна.
Алардын кебин уккан соң,
Жээлигиш кирди тобуна:
Түбү душман кытайды,
Түмөн көрдүк мындайды,
Бээжинге барат дегенге,
Бекер каар кылмакка,
Бечара карып кыргызды
Жеткирбей жолдо кырмакка
Алмамбет кылган иши го?
Арстан Манас дегениң
Кыра берсин, мейли деп
Кылчайбай турган киши го?
Кытайдан улук кылган соң,
Кырылат деген ушу го?
Карыдан каргыш алдык,ээ,
Катынды жесир салдык, ээ,
Баланы жетим кылдык, ээ,
Байкуш жанды кыйдык, ээ!
Ат чалдырып өтпөгөн,
Азык ичип көчпөгөн
Адамдын кылаар ишиби?
Ушу сөздү айткан соң
Оңдуруучу кишиби?!
Чыканак жерге салбаган,
Чырым уйку албаган
Бенденин кылар ишиби?
Бейли бузук бу кытай

Мерт таптырбас кишиби?!
Каранга калган экенбиз,
Кайгырган менен нетебиз?
Калмакка берип бийликти
Капилет өлгөн экенбиз!
Кайгы баскан калың кол,
Карап турса оңду-сол,
Каңырыгы түтөшүп,
Кайгырып айткан сөз ошол.
Айткан сөзү бу болду,
Аскеринин баарысы
Капаланып дуу болду.
Картаңдары буркурап,
Жаштары ыйлап чуркурап,
Ат чылбырдан кармашып,
Алты канды каргашып,
Үй жайын санап алышты,
Үшкүрүп жүрүп түн бою,
Ал күнкү асыл уйкудан
Дагы куру калышты.
Кайгыланып кол жатты,
Караңгы кетип таң атты.
Супа садык чалганда,
Таң агарып калганда
Алмабаш мылтык чаңырды,
Аттангын деп бу түндө
Ач кыйкырык жаңырды.
Калдайган аскер кол менен
Артып жолго салыптыр,
Айдалып жолго киргени
Кырк күн болуп калыптыр.
Кырктын башы Кыргылга
Кылыгы чатак Бозуул
Он башы болуп алыптыр,
Күнү кырк бир болгондо
Кыргыл чал жүдөп калыптыр.
Жүрө албай чокчоюп,
Ак сакалы арбайып,
Кыл муруту сарбайып,
Жүрө албай Кыргыл шалдайып,
Бозуулга жетип кеп айтат:
Болбоду шайым, – деп айтат,–
Ээ, кулунум, Бозуул,
Көңүлүң жакын дос уул,
Кол баштаган кытайың
Калабалуу доңуз кул
Калмак кулдун зарпынан,
Каңгай кулдун дартынан
Жүрүп-жүрүп жүдөдүм,
Жете албадым артынан.
Кылым кыргыз баласын,
Не болгонун билбеймин
Эсепсиз эсер Манастын,
Калмакка берип өкүмдү,
Карап турсам бу канкор
Кан ичмектей шекилдүү!
Жолу каткан бу кытай
Жол билүүгө бекилди,
Конуш алып кондурбай,
Жолдо кырат окшоду!
Орун берип оңдурбай,
Ушундай зордук болобу?
Он күндө бир кондурбай!
Ушу бүгүн карасам,
Эсеп кылып санасам,
Күнү кырк бир күн болду,
Түнү кырк бир түн болду.
Эсеп кылсам экөөнү

Сексен эки күн болду.
Кара аламан букара –
Калктын аты ким болду?!
Мындай ыраак жүргөндө
Мыктылык кылыш бекер деп,
Кол кырылып кетер деп,
Кырылып кетсе кокустан,
Ушунчалык көпчүлүк,
Убалы кимге жетер деп,
Ойрон Кыргыл мен болдум,
Он башы Бозуул сен болдуң,
Азапты артык көргөнчө,
Айдалып жүрүп өлгөнчө,
Баланы башка көргөнчө,
Байлоодо жүрүп өлгөнчө
Башымды кесип алсаңчы,
Манасыңа барсаңчы!
Кыргыл баатыр өлдү деп,
Кыяматты көрдү деп,
Кызыталак калмакка
Барып кабар салсаңчы!
Чалажан болуп жүргөнчө,
Туулбай эле калсамчы,
Атагым Кыргыл болгону,
Алтымыш жашка толгону
Азапты мындай көрбөдүм!"
Кыйналгандан Кыргыл чал
Кырданып айтып турганы,
Бозуулду кудай урганы.
Ак сакал, Кыргыл, не дейсиң?
Аскердин камын не жейсиң!
Колду санга салганда,
Эсебин элдин алганда,
«Тирүү калды тогуз – деп,-
Кыргыл менен он болчу,
Өлдү Кыргыл доңуз" – деп,
Эсебиңди беремин.
Эгер андай кылбасам,
Манастан балаа көрөмүн.
Каарына калып ким жүрсүн
Кан Алмамбет төрөнүн.
Андан көрө, Кыргылым,
Калжырабай жөнөгүн!"
Аксакал Кыргыл күүлөнүп,
Манаска барды сүйлөнүп:
Манас, сенин кордугуң,
Баш жутуучу зордугуң!
Элкин келген кытайды
Эл бийлетип зор кылдың,
Эл журтуңдун баарына
Эрибеген шор кылдың!
Каңгып келген бир кулду
Кан көтөрүп зор кылдың,
Берен калсын Бээжиниң,
Кыргын алсын кытайың,
Ким билиптир мындайын!
Ат чалдырып өтпөстөн,
Азык ичип көчпөстөн,
Уктап уйку канбастан,
Уучтаган колду жазбастан,
Узакка сапар кылууга,
Уруштурбай кытайга
Убара кылып кырууга
Каалаган белем калмак кул?!
Кара санаа кытайдын
Каршылык иши мына бул!
Каршылык болбой не болду –
Калктан кайрат жоголду,
Душмандык болбой не болду –
Журттан кайрат жоголду!

Конуп калса нетер деп,
Койгулашып жоо чыкса
Кол кырылып кетер деп,
Колду кырып салган соң
Компоюшуң бекер деп,
Кырылып кыргыз калган соң
Кимге жетет убалы!
Кыйкырып салып Кыргылчал
Кыйла сөз айтып турганы.
Кыйналганын билгени,
Кыраан Манас бу жерде
Кыл муруту солк этип,
Мыйыгынан күлдү эми:
«Оройлукту, Кыргылчал,
Ушу жолу коё сал,
Ойроту билээр карыбыз,
Оён Алма – каныбыз,
Капалык менен оройлук
Ушу жол коё салыңыз.
Күпүлдөбөй, аксакал
Он башыңа барыңыз!» –
Ал сөздү айтып Манасы
Атын санга салганы,
Маңкандата бастырып
Алдыга жөнөп калганы.
Түңүлгөн соң баатырдан
Каргады баарын Кыргылчал
Манасың менен куруп кал!
Казатың менен чирип кал!
Калмагың менен чогулуп
Баарың жерге кирип кал!
Бээжиниң менен берен кал,
Кытайың менен кулап кал!
Талаада калды сөзүм деп,
Буга окшогон кордукту
Көрө элек эле көзүм деп,
Баятадан чапкылап
Ооп калды эсим деп,
Ооруп калды көтүм деп
Чаңга жуулду бетим деп
Кыргылчал токтоп калыптыр.
Он башысы Бозуул
Тогузун айдап топулдап,
Кыргылга жетип барыптыр.
Кыргылчал узап кеткенде,
Кыйла жерге жеткенде,
Туйгунуң Манас бир кырдан
Турнабай көзгө салыптыр,
Аскерди карап калыптыр:
Жетелөөдөн кош кетип,
Кош ат колдон бош кетип,
Эки көздөн төгүлгөн
Он эки талаа жаш кетип,
Ооган жакка баш кетип,
Өбөктөгөн андан көп.
Өөдө болуп, бастыр деп
Жөлөктөгөн андан көп,
Жедеп шайы кеткенди,
Өлүмгө жакын жеткенди,
Жүрө албаган дартынан,
Жыга тартып атынан,
Боо окшогон адамды
Чатырга кошо бүктөшүп,
Узунунан уңкуйтуп,
Дөңгөч арткан эмедей
Эки-экиден жүктөшүп,
Отун арткан эмедей
Кол-аягын сарпооштоп
Ууруга түшкөн эмедей
Байлап жүргөн андан көп.

Кай бирөөнү караса
Он башысы ормоюп,
Оозу кетип борбоюп,
Өзү жалгыз сороюп,
Кай бирөөнү караса
Миң башысы биле албай,
Миңинин бири тил албай,
Кайсы экенин биле албай,
Казбай көргө кире албай,
Кайгырганы андан көп.
Аны көрүп эр Манас
Ашыгып жүрүш бекер деп,
Кол кырылып кетер деп,
Ушунча аскер кырылса
Убалы кимге жетер деп,
Аккула менен тепендеп
Алмамбетке жетем деп
Эр Манас жөнөп калыптыр.
Эңкейген сары талаада
Жол баштаган Алмамбет
Эгиз туусун көтөрүп,
Астындагы Сарала
Баладай жалы былкылдап,
Макмалдай жүнү жылтылдап,
Басыгын салып зыпылдап,
Төрт аяктын такасы
Таш кагышса чыртылдап,
Баатыр Алмаң баратыр
Мас немедей шылкылдап.
Азыр атка мингендей,
Эми эле жолго киргендей,
Эригүүчү эр эмес,
Майышуучу неме эмес,
Бардашына караса
Бадышадан кем эмес.
Анда Манас кеп айтат:
– Алмамбет, уккун,– деп айтат,
Аскердин атка мингени,
Айдалып жолго киргени
Сексен эки күн болуп,
Жер жайнаган көп элдин
Үстүнө каран түн болуп,
Элдин шайы кетиптир,
Өлүмгө жакын жетиптир,
Андан келип карасам,
Айландыра санасам,
Аскердин шайы кетиптир,
Ажалы жакын жетиптир.
Арстан Алмам, бу жолго
Конуш кылсак нетиптир?
Ал сөздү айтып салганы,
Айтканын угуп Алмамбет
Ачуусу келип калганы:
– Катыгүн, төрөм, не дейсиң?
Аскериңди шылтоолоп,
Как өзүңдү карасам,
Алсырап калган кедейсиң!
Алаткүн, төрөм, не дейсиң?
Аскердин камын не жейсиң?
Жалган болсо жарлыгың,
Жарабаса кандыгым,
Кандыгымды алыңыз,
Калабалуу жумуштан
Качып жүргөн бир кулду
Калыс кылып салыңыз.
Өзүңдөн, төрөм, өтүндүм,
Экөө болсо өкүмүң,
Өлмөк болду аскер деп,
Өзүңдө болсо өкүнчүң,
Өкүмдү алып тоюңуз,

Өкүнгөнүң коюңуз,
Кылымда мындай кол болбойт,
Асили чынын айтканда,
Кыргылың өлбөй жол болбойт,
Кыргыл чалың өлбөсө,
Кыяматты көрбөсө,
Кыргыздын иши оңолбойт!
Астындагы атына,
Арстан Алмаң токтолбой
Жөнөп кетип калганы.
Кыдырата санабай,
Кыраан Алма султаның
Кылчайып артын карабай,
Аз жүрбөдү, мол жүрдү,
Жаалданган Алмамбет
Жана күндүк жол жүрдү.
Шараптын улуу кырына
Салып чыгып барганы,
Санаага иш алганы,
Сандыргалуу Алмамбет
Эсеп катын карады.
Карап көрсө катына,
Айтканындай баатырдын
Күнү кырк бир күн болуп,
Түнү кырк бир түн болуп,
Эсеп кылса экөөнү
Сексен эки күн болуп,
Сезип Алмаң калганы
Болжолу жок дүрбүнүн
Боосун албай мойнунан,
Сууруп алып колунан
Көзүнө Алмаң салыптыр.
Көпчүлүктүн баарысы
Көк жал Алмаң караса
Көшүүн тартып алыптыр,
Көбү жүрбөй калыптыр.
Асты келет айдалып,
Арты келет байланып.
Мыктуулардын баарысы
Артынан түшүп аскердин
Айдап келе жатканы,
Ат үстүндө сорпоштоп
Байлап келе жатканы.
Алмамбет көрүп алганы,
Эми жүрсөм бекер деп,
Кол кырылып кетер деп,
Убалы кимге жетер деп,
Ошону ойлоп Алмамбет
Кобулдуунун өзгөнгө
Колду күтүп турганы,
Аскердин алды келгенде
Конуңар деп бул элге
Алтыдан доол урганы.
Кудай жалгап салды деп,
Конмок үчүн бул жерге,
Уруксат тийип калды деп
Кай бири аттан түшүшүп,
Маталып калган байкуштар
Баса албай жерди сүзүшүп,
Кайсы бирөөн карасаң
Аттан түшөөр алы жок,
Аа карашар дагы жок,
Кулап аткан андан көп,
Өлүмдү алып оюна
Сулап жаткан сандан көп.
Аттын бары бош кетип,
Артылган бойдон бош кетип,
Ооган жерге баш кетип,
Көпчүлүктүн көзүнөн
Он эки талаа жаш кетип,

Көрөөр болсоң калыкты ай,
Көбөөттөгү балыктай,
Үстү үстүнө тыгылып
Үңкүрдөгү салыктай
Кара журт жатып калганы,
Ат-атыңды байла деп
Кан Алмаң айгай салганы.
Айгай үнүн укпады,
Аттарын киши тутпады,
Акирет кетчү немедей,
Аңтарып көзүн уктады
Аттын баары бозуп жүр,
Алмамбет айдап тозуп жүр.
Кай бирөөнө караса
Ээри кетип бооруна,
Куюшкан кетип сооруна
Сүйрөп жүргөн андан көп,
Жүдөгөндөн жыгылып,
Сүйрөлгөнү сандан көп.
Ээр-токум калдырап,
Ооздугу шалдырап,
Бошоп барган кол аты
Боз көбөөң отту чалганы.
Ак доолду карс коюп,
Алмабаш мылтык тарс коюп,
Алмабаш үнү чаңырып,
Алмамбеттин айгайы
Ач кыйкырык жаңырып,
Алмамбетти көрүңүз,
Аттарын айдап кууганын,
Айгай салып урaанын,
Каңгай, каңгай, каңгай деп,
Калдай, калдай, калдай деп,
Аттын баарын үркүтүп,
Адамдын баарын дүргүтүп,
Коркоктун баарын мүргүтүп,
Колду койдой үркүтүп,
Аскерге кирди аралап.
Кужулдады көпчүлүк,
Колго түштү көп түлүк.
Ыштан салды кылгандар
Ыргып тура калышып,
Шымын бутка салышып,
Мүдүрүлүп жыгылып,
Жүрөк оозго тыгылып,
Ычкырларын үзүшүп,
Үстөмөндөп түшүшүп,
Алсырап барган көпчүлүк
Аркы-терки сүзүшүп,
Кыйрап жаткан андан көп.
Калмакка кудай бардыр деп,
Ыйлап жаткан сандан көп.
Ыштанына байланып,
Туйлап жаткан андан көп.
Кудай бардыр калмак деп,
Колун жыйып кытайдын
Койгон экен камдап деп,
Кор кылмакка биздерди
Келген экен бу жерге
Кондурбастан айдап деп
Каргап жүргөн андан көп.
Караңгыда аламан
Биринин атын бири кууп,
Кармап жүргөн сандан көп.
Эл ушинтип жатканда,
Элдирешип атканда,
Эми Алмамбет кеп айтат,
– Ээ, калайык деп айтат,
Маңдайкы жак баткалда,
Жадоо, Чулун, Чаткалда,

Кокон менен Кашкарда,
Букар менен Ташкенде,
Сары-Арка менен Сары-Колдо
Жайылган элиң оң-солго,
Иле менен Чүйүңдө,
Жатып алып үйүңдө
Кыйгыл суудан бир жутсаң
Кыздын тынчын аласың,
Кыйынмын деп каласың.
Ачкыл суудан бир жутсаң
Ат уйкусун аласың,
Айылга дүрбөөн саласың.
Аттанып түштүм, эрмин деп
Адамсынып каласың.
Эки күнү жол жүрсөң
Эс-акылдан танасың,
Эми жайың кандайсың!?
Бээжин кайда, жер кайда?
Кытай кайда, эл кайда?
Конуп алып арада,
Куру дүрбөш не пайда!
Андайдын иши бузук деп,
Оң кулагым укпасын,
Уккан болсо кулагым,
Билесиң го калайык,
Жаныңдын тирүү чыкпасын.
Сол кулагым чалбасын,
Чалган болсо кулагым,
Билесиң го калайык,
Жаныңдын тирүү калбасын!
Али да Бээжин кыйла деп,
Атыңды таңга ашырып,
Анан уйку сыйла деп,
Абыдан жатып кыйра деп,
Алмамбет айтып мындай кеп,
Аскерди багып калганы.
Акылманы кеп айтып,
Алмамбеттин деп айтып,
Элким жалгыз бу кытай,
Эр экен го куу кытай!
Эр экени чын экен,
Эч бир ноюп койбойт деп,
Не түрдүү ойду ойлойт деп,
Аскеринин баарысы
Айткан сөзү бу болду,
Арылбаган дуу болду.
Кеменгерин чогултуп
Алмамбет баатыр кеп айтты.
Эсептеп элди көрөм деп
Эл бийлеген эрендер
Эсебин энди берсин, – деп,
Баатырларга кеп айтты
Буйругун элге таратты
Он башысы ороктоп,
Найзасы колдо сороктоп,
Ал Алмаңдан өткөрдү,
Өткөргөнүн көз көрдү.
Жүзбашысы далактап,
Жүр бери деп шалактап,
Бу да Алмаңдан өткөрдү,
Өткөргөнүн көз көрдү.
Миң башылар келгени,
Минтип эсеп бергени.
Отуз жүз миң орчун кол
Баарынан эсеп алыптыр,
Манастын кошу калыптыр.
Оёндор, санап бил – деди.
Баатырыңдын кошууну
Он башчысы ким? – деди
– Он башчысы ушу – деп.

Тазбайматты көргөздү.
Алмабет ага токтолду,
Аңдап көрсө Байматтан
Бир кишиси жок болду.
– Билерманы сен болсоң
«Бир кишиң эмне кем?» – деди.
– Жадоо, Чулун боюнда,
Короготу оюнда
Тогузу тийген колума.
Айдап аман тогузун,
Өзүм менен он кылып,
Жүрөмүн элдин соңунда,-
Деп Тазбаймат кеп айтат,-
Колума тийген тогузун
Аман айдап астыңа
Алып келдим – деп айтат.
Анда Алмамбет кеп айтат,
Ачууланып бек айтат:
– Отуз жүз миң орчун кол
Ошонун бары соо болсо,
Так эле сенден бир киши
Жоголгону жаман го!
Өкүмүм эки болбос! – деп,
Алмамбет айтты кабарын.
Тазбаймат башын чабууга
Алты желдет жабылып,
Даярданды камданып.
Так ошондо ордунан
Серек тура калганы:
– Ой, баатырлар! – деп айтты.–
Каталык жумуш болбосун
Казатка чыккан чоң жолдо.
Кагазың оку, молдо, – деп,
Эр Серек айтты жөндүү кеп.
Кадырсейит молдосу
Кагазга көзүн салганы.
Манастын аты Байматтын
Онунан чыгып калганы.
– Байкабай кара бастым – деп,–
Баатырым Манас, сен үчүн
Кытайдан келген кулуңдан
Кызылдай өлө жаздым!-деп,
Кыйкырып Баймат калганы.
Кыргыздын баары каткырып,
Кыйлага күлүп жыргады.
Анда Манас кеп айтат:
– Куруп кеткен Тазбаймат,
Улук кишим сен болсоң,
Унуткан кишиң мен болсом,
Серекти айтпай койдурбай,
Сени ушу жерде сойдурбай.-
Баатыр Манас болкулдап,
Башкача күлдү солкулдап.

* * *

Эр Манастын үстүнө
Эми Алмамбет барганы:
– Султаным Манас баатырым,
Чалгынчы жибер алдыга,
Чатак иш көп алдыда.
Бээжинден чалгын чалчуң ким?
Көрбөгөн жерге барчуң ким?
Барууга киши жок болду,
«Мен чалам» деп тобунан
Белсенип чыккан болбоду,
Баарысы чочуп токтолду.
Ошондо Манас кеп айтат:
– Эр Алмамбет, – деп айтат,–
Барган менен баатырлар
Кытайдын жайын биле албас.

Ченин көрүп өлчөөсүн,
Жерин билип жүргөнсүң.
Аскерден тандап, адам ал,
Алмамбет, өзүң чалгын чал!
Баатырдын сөзүн кайтарбай,
«Барбаймын» деп айта албай,
Ордунан туруп Алмамбет
Отурбай туруп кеп айтат:
– Оо, султаным, – деп айтат,–
Чалгын чал десең, чалайын,
Чарчабастан барайын.
Сундуруп найза тартпаган,
Сурданып жоодон кайтпаган,
Өзүңдү миңге баалаймын
Сырттан Сыргак баатырды
Жолдоштукка каалаймын.
Жетимиш түрлүү тил билген
Ажыбайдын Карткүрөң
Алыска кетсе азбаган,
Кошуп ийсе жылкыга
Бир жаңылбай баштаган
Аркар сындуу мал экен,
Коштоого бергин алайын.
Анда Манас кеп айтат,
Ыраазы болуп деп айтат:
– Алмамбет, Сыргак эгиз эр,
Аман келгин, бөрүлөр!
Сурап берем Карткүрөң,
Коштоп алып кетиңер.
Кабары катуу Бээжинден
Эсен-аман келиңер!
Эр Манас бата кылганы,
Баары туруп кол жайды.
Ат колуна тийген соң,
Алакең көөнү тынган соң.
Кытайдын жерин чалганы
Алмамбет, Сыргак аттанды.

## ЧУБАК МЕНЕН АЛМАМБЕТТИН ЧАТАГЫ

Кырктын башы Кыргылчал,
Кыркында көпкөн кызык чал.
Эртели-кеч жамандык
Ойлогону бузук чал.
(«Каныкей менен Чубакты
Абдан ысык ойнош» деп,
Сөз тараткан чагы бар).
Аралда жаткан Чубакка
Айтканын барып угуп ал:
-Акбалтанын Чубагы,
Чубак болбой куруп кал!
Нойгуттан кыраан сен болсоң,
Кытайдан келген кызталак
Алмамбеттен кем болсоң!
Таластан Кеңкол кең эмес,
Манастан Чубак кем эмес!
Арака тоюп алганда,
Алакөөдөк акмагым,
Ааламды бузам дечү элең...
Алмамбет чалгын чалаарбы?!
Кеңеште жок кепте жок
Келберсиген эр Чубак
Оорукта жатып калаарбы?!
Муну Чубак укканда,
От чагылды көзүнөн.
Көмкөрө ээр, көк токум
Көк тулпарды токунуп:
– Нойгуттар, атка мингин! – деп,
Добулбасты карс уруп,–

Алмамбетти соём! – деп,
Акбалтанын Чубагы
Жөнөп калган убагы.
Кароолго чыккан эр Бакай
Жаалы катуу Чубактын
Караанын көрүп калыптыр.
«Кол бузулган экен, – деп,–
Койдурбасам бекер»,– деп,
Ак сакалын коюндап,
Уларбозун моюндап,
Арстан Манас кошуна,
Айкөл эрдин кашына
Шашып жетип барыптыр:
– Бузукулар Чубакка
Бузук сөз айтып салыптыр!
Нойгуттун оён Чубагы
Алмамбеттин артынан
Жулунуп жөнөп калыптыр?
Арстан Манас кеп айтат:
– Абаке Бакай! – деп айтат. –
Акылга дыйкан өзүңүз,
Кошуундун болгон бузугун
Көрүп турат көзүңүз.
Акбалтанын Чубагын
Сабырга тартаар кезиңиз.
– Алмамбет, Чубак эки шер,
Манас, сенден башканы
Туягына теңебейт!
Артынан барып, сен өзүң
Акыл сөзүң айтып кел,
Жараштырып кайтып кел.
Жөнүн тапкын, баатыр,– деп,
Абасы Бакай айтты кеп.
Муну Манас уккан соң
Аккуланы булкунтуп,
Эки шердин артынан
Жөнөп калды жулкунтуп.

* * *

Аны таштап салыңар,
Алмамбет менен Сыргактын
Кабарын угуп алыңар.
Аттанганы ал экөө
Күнчүлүк жерге жетиптир.
Жаадай болгон Сарала ат,
Коштогону Карткүрөң,
Жараган тулпар Көкчебич,–
Аттарын чөпкө чалдырып,
Чалгынчы жөнөп калганы.
Эр Чубакты көргөндө,
Азизкандын көкжалы
Бура тартып турду эми.
Күүлөнүп Чубак келгенде,
Арстан көкжал Алмамбет
Кашкайып салам айтканда.
Аликти Чубак албады.
Алмамбет көздөп калбады:
– Баатыр Чубак, береним,
Каарданып калыпсың,
Кылычыңды кармалап,
Кынынан сууруп алыпсың!
Акбалтанын Чубагы
Ачуусун кайдан тыйганы:
– Кең Таластын оюнда,
Жылгындуу өзөн боюнда
Кошо билип кыргызды
Жыргап турган чагында,
Ошондо жазган кат кана?

Кудайлашкан ант кана?
Сенден сурап сабылгам:
«Бээжинге сапар кылганда,
Мени жолдош кылгын» – деп,
Пейлиң жаман кытай кул,
Безеленип жалынгам!
Мени ойлоп койбостон,
Оорукка неге таштадың?
Он эки түркүн кол баштап,
Чалгын чалаар сенсиңби?!
Кеңеште жок, кепте жок
Оорукта калаар менминби?!
Мен да бирге барайын,
Көнөсүңбү, кытай кул?
Көнбөс болсоң сөзүмө,
Азыр менин колуман
Өлөсүңбү, кытай кул!
Анда Алмамбет кеп айтат:
– Кетирбечи шайымды,
Мени «кытай» дей берип,
Кейитпечи жанымды!
Бузбачы бөөдө канымды!
Бээжиндин жолу беш анжы,
Берейин Чубак ала гой! –
Деп ошентип турса да,
Кайра баштан эр Чубак
Кайраттанып оолукту:
– Калп эле «чалгын чалам деп»,
Ордолуу журт кыргызды
Таштайын деген экенсиң!
Бээжин сенин белиңби?
Кызыталак кытай кул,
Бузайынбы чебиңди?!
Сындырайын белиңди,
Суутайын демиңди!-
Деп ошентип жинденип,
Жулкунуп Чубак турганда,
Чубакты кудай урганда,
Азизкандын жалгызы
Каарданды бул дагы:
– Ойлосоң боло сен, Чубак,
Олоңдогон кызталак!
Бээжинди чалам ким үчүн?
Артымда кыргыз эл үчүн!
Байкасаң Чубак, сен үчүн!
Кызыл күрмө кытайдын
Кыйынынын уулу элем.
Элеңдеп «жолду бер» дейсиң,
Кай жерде сага кул элем?!
Качан болсо, ит Чубак,
Кытай атым калбады!
Аңылдаган ит Чубак,
Кан кыл дедим киминди?!
Кагайынбы жиниңди!? –
Деп ошентип Алмамбет
Казык моюн Сарала
Кайкалатып кайран шер
Эки миздүү кылычын
Сууруп алып кынынан
Качырып калды Чубакты.
Көкала минип зыргытып,
Токтолбостон эр Чубак
Оң жеңин чечип ыргытып,
Калканын кармап, жонго алып,
Аянбай кирди Чубагың
Ач албарсты колго алып.
Асылкеч өскөн эки шер
Бирин бири кыя албай,
Кыйкырып кылыч чаба албай
Кежендешип турду эле.

Ал аңгыча ар жактан
Алтындуу доол кагылды,
Жетип келип эр Манас,
Чоролорго бакырды:
– Бөлүнсөк бөрү жеп кетет!
«Бөлүнүп калды кыргыз»,– деп,
Бөлөк элге кеп кетет!
Чуу көтөрбөй бу күндө,
Султандык кылаар кезиңер.
Ынтымакты унутуп,
Кайда кетти эсиңер?!
Астыга салса ак жолум,
Атышка кирсе, сан колум
Алмамбет, Чубак – эгизим,
Ааламды бузган тегизим!
Кылычты суурул кынынан,
Акмак болсоң эки дос,
Экөөңүн тең өлгөнүң!
Манасты тирүү көмгөнүң! –
Бул сөздү айтып айкөлүң
Сарала атты оң колдоп,
Оозлугунан алды эми.
Көкаланы тизгиндеп,
Сол колуна чалды эми.
Эки жакка айрылтып,
Арачалап калды эми.
Буластаган эр Чубак
Манаска сөзүн айтты эми:
– Угуп кой, Манас кебимди!
Бир келген кезде жетимди!
Он үч жашар кезимде,
Келгемин сага, эр Манас
Алтайдын алыс жеринде,
Калгандыр, Манас, эсиңде!
Кылычтын мизин жаланып,
Ант бергембиз кечинде!
Кыргызым деген эл үчүн
Ар намысты талашып,
Душманга кыргын салганбыз!
Кан төгүшүп, кармашып.
Өлүмгө далай барганбыз
Эркиндик менен жүрөктү,
Кумарга байге сайганбыз!
Тентиген элди чогултуп
Каганат түзүп алганбыз!
Жоону сайса биз сайдык –
Атагы калды Манаска!
Багынтып койдуң сен мени
Качып келген калмакка!
Ар качан жумуш кыласың,
Алмамбет менен кеңешип.
Кытайың тизгин алганы,
Талаада Чубак калганы!
Кызматың кылган кырк баатыр
Кыңк этпей калды таптакыр,
Каңгайдан келген кытайды
Ташын талкан кылам! – деп,
Күүлөндү Чубак булкунуп.
– Арамдын канын чачайын,
Коё бергин, Манас! – деп,
Алмамбет кирди жулкунуп.
Муну көргөн Манастын
Каңырыгы түтөдү:
– Күпүлдөгөн эки арам,
Кайра тартып казаттан
Качайын деген экенсиң!
Курап келген колумду
Чачайын деген экенсиң!
Арада жолду талашып,
Алмамбет, Чубак, күйгүздүң!

Ушу турган Бээжинге
Экөөңсүз эле жетемин!
Ажалым жетсе кытайдан
Армансыз өлүп кетемин!
Аңылдаган эки арам,
Өлүшө берчи көрөйүн! –
Оң жагында Алмаңды
Оңго силкип жиберди,
Сол жагында Чубакты
Солго силкип жиберди.
Түгү чыгып бетинен,
Капа болуп буларга,
Жеке барып отурду
Кара белес кырaңга.
Акбалтанын Чубагы
Мойнуна күнөө түшкөнсүп,
Ыктагансып алыптыр.
Шайтаны кетип кейпинен
Жумшаргансып калыптыр:
– Батыр Алмам, береним,
Бакырып «кытай» дегеним,
Артыңдан чаап келгеним,
Байкасам мунум, зор уят.
Чалгынды чалсаң, жол мына!
Байлап алсаң, кол мына!
Салайын десең, ор мына!
Кайнатып кетсең, шор мына!
Башымды кессең, мен мына!
Канымды төксөң, жер мына!
Оёнум Алмам, кечип кой,
Башым тартуу сага! – деп,
Аттан түштү эр Чубак,
Эки колу боорунда.
Кулдук уруп досуна.
Ичинде калбай эч бир кек
Ыраазы болду Алмамбет.
Аттан түшүп түйүлүп,
Сараланы жетелеп,
Камчысын салып мойнуна:
«Күнөөмдү кеч» деп Чубакка
Алмамбет турду алдында
Жаш келиндей жүгүнүп.
Батыр Манас алдыртан
Көзүн салып караса,
Асмандагы жылдыздай
Коштолушуп калыптыр.
Алмамбет, Чубак эки шер
Дос болушуп калыптыр.
Ак буудайдын унундай
Жуурулушуп калыптыр.
Ак бөкөндүн кылындай
Суурулушуп калыптыр.
Көргөндө муну эр Манас,
Каалгадай кашка тиш,
Калайыктан башка тиш,
Кашкайып чыгып калганы.
Эки шерди кучактап,
Жашыды айкөл бышактап...
Жолдошу Сыргак баатырды,
Жол талашкан Чубакты
Жолдош кылып акыры
Эрендер атка миништи.
Элкин бийик бел жакка
Төртөө тең бирдей киришти.
Кечке жете мол жүрүп,
Тыным албай жол жүрүп,
Талчокуга таянса,
Чокусунда кары бар,
Этек жаккы өтөктө
Бийик чыккан талы бар.

Үстү тайпаң, бурчтанат,
Айланасы керемет
Жыты жыпар жыттанат.
Асмандагы Талчоку
Ашуусу бийик бел экен.
Эки башка көп элдин
Ортосунда чеп экен.
Тал чокунун үстүнөн
Мунарыгы чачылып,
Булуту кетти ачылып.
Чоң дүрбү Манас колго алып,
Бурамасын имерип,
Буруп көзгө жиберип,
Мунарыктап бөлүнгөн
Бурчун көрдү Бээжиндин,
Кумурскадай кайнаган
Журтун көрдү Бээжиндин.
Айнектей сулуу суналган
Талаасын көрдү Бээжиндин,
Дүпүйүп түтүн каптаган
Калаасын көрдү Бээжиндин,
Капкалуу калаа көз жеткис
Баарын көрдү Бээжиндин,
Кара кытай, манжунун
Жерин айтты Алмамбет
Кара курттай жайнаган
Элин айтты Алмамбет
Булуңча болуп бурчтанган
Чет-Бээжин деген жер ошол,
Чериги түмөн эл ошол.
Көрүнүп турган Чет-Бээжин
Көйнөгүм чечип, жууган жер,
Энекем мени тууган жер.
Күн чыгыш жакка четинде
Оркоюп турган кара тоо
Алтын алчу кен ошол,
Эсенкандын эли ошол.
Каршылашып келгенде,
Каптап кетээр сел ошол.
Анын бери жагында
Кыр мурундуу, кызыл көз
Алооке кандын Конурбай,
Кылымды бузган зор ошол.
Жетиген тарап жагында
Катындан чыккан Ороңгу,
Ороңгу кандын жери ошол.
Анын бери жагында
Манжуулардын эли ошол,
Нескаранын жери ошол.
Андан бери жагында
Солоондордун эли бар,
Бороончу кандын жери бар.
Андан бери жагында
Тыргоот, шибээ эли бар,
Ороккыр менен Бозкертик
Эки кандын жери бар.
Каспан тоонун артында
Көкө-Ноор көлү бар,
Көкө-Ноор боюн жердеген
Чоң Жолойдун эли бар.
Көкө Ноор көлдүн аржагы
Кырк күнчүлүк чөлү бар.
Шомо чөлдөн өткөндө,
Түптүү кытай эли бар.
Түртүшөм деген душманга
Дүмөктү салаар жери бар,
Түп-Бээжинде Карыкан,
Бүт кандардын зору ошол.
Топон суу тоздоп кирбеген,
Сулайман сурак албаган,

Үрүстөм, Дастан, Искендер,
Ошолор изин салбаган
Толкуп жаткан Бээжинге
Азирет Аалы барбаган.
Төрт түлүгү тең келген
Шайдын көбү кытайда.
Чөптөй чыккан жердеги
Чайдын көбү кытайда.
Өчөшкөн жоосун жайлаган
Өжөр келет ушул эл.
Кытайдын ханы кайрыкер,
Эл журту өзү боорукер.
Биз Кытайга жетпейбиз,
Каңгайды көздөй беттейбиз.
Кармашарың чоң Коңур
Тетиги тоодо оңбогур!
– Баатырлар, болсун жолуң! – деп,
Ордунан чыксын оюң! – деп,
Кош айтышып, айкашып,
Кыса кармап колунан
Арстан Манас, эр Чубак
Кайра тартты жолунан.
Арстан тууган Алмамбет
Өзү билген жол менен,
Өзөндүү булак суу менен,
Ашуусу бийик тоо менен,
Аскар жаткан зоо менен,
Ирмеп алаар чөбү жок,
Чык этээрге суусу жок,
Үстүнөн ысык кетпеген,
Төбөсүнөн айланып,
Канаттуу учуп өтпөгөн,
Кылчайбай жолго салышты
Кытайга жакын барышты.

## ЧАЛГЫНДА

Сыргак менен Алмамбет
Тешик-Таштын оюна,
Агарган талдын боюна
Жакын кирип барганда,
Арманын айтты Алмамбет.
Туулган жерин көргөндө,
Көңүлү жаман бөлүндү.
Көзүнүн жашы он талаа
Көлдөй болуп төгүлдү:
– Береним Сыргак, угуп тур,
Туулуп-өскөн эл ушул,
Алты жашар кезимде
Көйнөгүм чечип жүгүрүп,
Көпөлөктү кубалап,
Чоңоюп өскөн жер ушул,
Береги жаткан кара кыр
Чай алуучу жер ошол.
Кайнаган манжуу, кытайдан
Качып келген мен ошол.
Ак-ала мойнок көрүнгөн
Алтын казаар кен ошол
Сарала кум, кызыл чап
«Алмамбет ойноп жүрсүн» деп,
Атам тапкан төр ошол.
Ойлосом, ичим чок болот,
Айтпасам, көөнүм бук болот,
Санаамды кантип жоёмун,
Эмгегим калган кайран жер
Эстебей кантип коёмун,
Кырка тиккен сары тал,
Алмамбет сайган тал ошол.
Карарып турган кара там
Атакем тулпар байлаган

Ата кыры, жери ошол.
Куурап калган арбайып,
Ортодо турган чоң чынар,
Асыл энем Алтынай
Мени тууган жер ошол.
Мен туулган чынарым
Бүткүл чирип тамыры
Такыр куурап алыптыр.
Төбөсүндө чачырап,
Жалбырагы калыптыр.
Энем айткан кеп эле:
"Кокус, кайра сен келсең,
Тукум калса өзүңдөн,
Чынарыңдын түбүнөн
Чырпык чыгат" деди эле,
Айтканы анык келиптир,
Түбүнөн чыккан чырпыгы
Чынарга чалыш болуптур.
Кайсы бирин айтайын,
Бузулуп кетээр санаа бар,
Эркек болсо деп тилейм,
Курсакта калган бала бар,
Жаңгагым жарым болуптур,
Не шумдуктун жышааны
Чынарым суудан калыптыр,
Зор кытайдын чегинде,
Туулуп өскөн жеримде
Кармашып жүрүп мен өлөм
Ушундай өзүм түш көрөм
Көз ачып көргөн жубайым
Суйкайган сулуу Аруукем
Кабылбасын талашка.
Ичиндеги баласы
Төрөлүп жетим калбасын.
Аман жетсең Таласка
Жесир калган жеңеңди
Аялдыкка өзүң ал,
Төрөлгөн эркек баласын
Асырап өзүң багып ал.
Айланайын Сыргагым,
Ичимде бар арманым:
Эсенкандын колунда
Бурулча деген кызы бар,
Жаш кезинде сүйүшүп
Ант беришип калганбыз,
Алмамбет качан келет деп,
Күтүп жүрөт шордуу кыз,
Кудалап келген кандардын
Бирине да барган жок.
Бурулчамды бир көрүп,
Анан өлсөм арман жок,–
Деп буркурап Алмамбет
Жанындагы шумбул тон
Эр Сыргакка кийгизди,
Кынай курчап Сыргакты,
Жыйырмада чунакты
Ушинтип жасап салганы.
Кытай кандын артынан
Калбай ээрчип сактаган
Жигити болуп калганы.
Ийри-буйру суу менен,
Ит жойлобос жол менен
Келе жатат баатырлар
Кайың деген төр менен.
Ошол төргө барганда,
Караса көзгө илинбейт
Түркүн-түркүн көп жылкы
Кумурскадай жыбырап,
Кайсы экени билинбейт.
Кыргыздардын мал-мүлкү

Жоого кеткен жылкыны
Баатырлар тааный калганы.
Шаты-Кечүү, Таш-Кечүү
Алмамбет билген маш кечүү,
Кечүүдөн кечип барганы.
Жылкы айдаган Карагул
Алдынан чыга калганы,
Митаамдыгы ашкан кул,
Жай сураша салганы:
-Асмандагы булуттай
Аркы-терки айланган
Алп мүчөлүү сен кимсиң?
Качыруучу жолборстой
Марап турган сен кимсиң?
Кытайча сүйлөп кыжылдап,
Кыраанын Алмаң барганы:
– Шаарым менин Чынмачын,
Жайымды менин тыңдагын.
Кангурлардын калкымын.
Бакбурчунга падыша
Бир атадан жалкымын.
Торайгыр минген Карагул
Бура тартып алганы,
Сырттан Сыргак баатырга
Көзү түшө калганы:
– Кытайбы деп ишенип,
Кала жаздым өзүңө.
Жолдош болгон жигитиң
Жоо көрүндү көзүмө.
Кыйшыктыгы көрүндү,
Кайраты ашык мунуң ким?
Анда Алмамбет айтканы:
-Атасы мунун зор улук,
Какандан келди тоорулуп,
Кыйкырсаң, кулак укпайт – деп,–
Сүйлөсө тили чыкпайт,– деп.
Жаадай болгон Торайгыр,
Жаалы катуу Карагул
Жакындабай кеп сурайт,
Жайы-күйүн бек сурайт:
– Коштогонуң күрөң ат
Кандай жылкы? – деп сурайт. –
Бекер куйрук-жал эмес,
Бээжиндиктин малы эмес!
Эр Алмамбет кеп айтат:
– Ээ, абыгый! – деп айтат,–
Чабуулдан түшкөн ат экен
Бурут деген бир журттан.
Соогатка берди бизге – деп,–
Колго кабар берүүгө,
Капсаң, Туңша калаага
Келген элем быякка.
Коржоңдогон арамды
Коштоп жүрүп нетейин?
Кошуп коюп жылкыңа,
Кайра келе жатканда,
Коштоп алып кетейин.
Айтып туруп Алмамбет
Шыпырып алды жүгөндү.
Амалы кыйын болсо да,
Арам ойлуу Карагул
Айласы катуу түгөндү.
Эси кетип элеңдеп:
– Ай-ай-ай-ай-ай! – деп,
Астынан тосту делдеңдеп.
Тосконго болбос Карткүрөң
Желе басып, ойт берип,
Жылкыга кирип кеткени.
Окуранып, жытташып,
Аралашты өз малга,

Жол баштаар эми баарына.
Шекшип калган Карагул,
Кум салган оор куржунун
Ала качма Айгырдын
Шыпырып ийип ээринен,
Булуттай учкан Торайгыр
Бучкакка камчы салганы,
Буркуратып тозоңду
Кентунга жөнөп калганы.
-Кулду кудай урду! – деп,–
Кууганда болбос муну,– деп,
Эми туруп иш болбойт,
Жылкыны тийип алалы.
Кыргыздан келген жылкыны
Жолуна айдап салалы.
Үйрү менен Карткүрөң
Үйрүп баштап алаар,– деп,–
Канык болгон жаныбар
Ээрчитип жолго салаар – деп,–
Сыргакка айтып Алмамбет
Болот учтуу найзаны
Кагып-кагып калганы.
Какканда, найза күңгүрөп,
Түмөндөп жаткан сан жылкы
Түп көтөрдү дүңгүрөп.
Алты жүз экен жылкычы,
Үрккөнүндө жылкысы
Шашып тура калышып,
Шымаланып дүргүшүп,
Шымын таппай мүргүшүп,
Жүрөк оозго тыгылды,
Уйгу-туйгу жыгылды.
Алар минтип жатканда,
Ак доолду карс коюп,
Алмабашты тарс коюп,
Аяк-башы күнчүлүк
Аралдагы жылкыга
Алмамбет айгай салганы.
Арстан Сыргак баатыры
Аралдагы жылкыны
Башынан ылдый жапырды.
Айгайын Алмаң салганда,
Астына түшүп жылкынын
Карткүрөң жөнөп калганда,
Оорукка чапкан Карагул
Түркүгү алтын чатырга
Жетип барып бакырды
Эр Коңурбай баатырга:
-Буруттан куугун жетти! – деп,–
Жылкысын айрып кетти! – деп,
Жеткириптир кабарды.

* * *

Аларды таштап салыңар,
Манас менен Чубактын
Кабарын угуп алыңар.
Базартоонун оюнда,
Маралдуу-Суунун боюнда
Баатыр Манас, эр Чубак
Алмамбет менен Сыргакты
Күтүп аткан жолунда:
– Алмамбет, Сыргак нетти? – деп,
Не кечигип кетти? – деп,–
Баатыр Манас кеп айтып,–
– Калкы жакка кангайдын
Баргын, Чубак! – деп айтып,–
Жолдошуң Сыргак, Алмамбет
Ошону билип келгин – деп,–
Жоо көрсөң кайра келээрсиң.
Жообуңду мага берээрсиң!

Кайра тартып келе көр,
Кабарды мага бере көр!
Барып келгин, Чубагым,
Барып алып кечигип,
Жата көрбө, чунагым!
Эр Чубакты жиберип,
Аттан түшүп эр Манас
Ээр токумун жазданып,
Эс алганы жатыптыр.
Нечен күнү уктабай
Кирпиги жаман катыптыр.
Сырттан Манас сүзүлүп,
Алп уйкуга батыптыр.

## СОГУШТУН БАШТАЛЫШЫ

Этеги жайык көк күбө
Эр Коңурбай ушу дөө
Тоодой боюн топчулап,
Тула боюн үпчүлөп,
Нардай болгон Алгара
Найдай кылып жаратып,
Астындагы кара атты
Асман көккө каратып,
Жолдун чаңын баргытып,
Өңү суук калчанын
Өңү бышкан өпкөдөй,
Сакалына караса,
Сарапты тешип өткүдөй,
Көзү өгөгөн темирдей,
Мурду тоонун сеңирдей.
Кабак-кашын карасаң,
Чала күйгөн токойдой
Эриндери чунактын
Жылкычы кийген чокойдой
Кайратына карк толуп,
Качырган жолборс баштанып,
Алдын-артын карабай,
Намыс үчүн Коңурбай
Токтолууга жарабайт,
Өлгөнүнө карабайт.
"Өлсөм, өлүп жөнөйүн,
Кызыл чок ойрот журтума
Кызмат кылып көрөйүн,
Кызыталак буруттун
Сазайын колго берейин!
Сакал менен мурутун
Санап туруп терейин!
Талпагын ташка керейин!
Кайрып жылкы айдаптыр,
Бири да мага калбаптыр!
Кайратын эми көрөйүн!
Алдыман түмөн кол келсе,
Сапырып кырып жөнөйүн!
Журтумду коргоп буруттан
Ар-намыс үчүн өлөйүн».
Бу сөздү ойлоп Коң төрө –
Калмактан чыккан чоң төрө
Кыйкырып жолго салыптыр.
Калмак, кытай кылкылдап,
Жер союлуп былкылдап,
Кайрылып жөнөп калыптыр.
Кошуун чукул келатыр,
Көргөндө муну үч баатыр,
Чочулап бр аз калышты.
Шашкалактай, кеңешип
Айласын ойлоп табышты.
Ошондо баатыр Алмамбет
Эр Чубакка айтат кеп:
– Астынан тосуп алайын,

Жалгыз өзүм калайын.
Жакын кирип келгенде,
Качып берем калдаңдап,
Эки этегим далдаңдап.
Алмамбет менден качты деп,
Арбагым андан ашты деп,
Мактанып кубат ал мени,
Как тушуңа келгенде,
Өзүңдөн өтө бергенде,
Капталынан жете көр,
Калабалуу Коңурду
Ыргыта сайып өтө көр!
Коңурбай калса жыгылып,
Кол салары аз калар,
Беттешүүдөн жазганар.
Ылдам жөнөй бергин – деп,
Алмамбет айтты акыл кеп,
Жал-Камыштын ичине
Баатыр Чубак барыптыр,
Найзасын колго алыптыр.
Алгараны моюндап,
Көк кутуну коюндап,
Очогор мылтык ийнинде,
Орчун кошуун кийнинде,
Алгара менен алкылдап,
Тоту куштун куйругу
Аркасында калкылдап,
Келе жатат Коңурбай.
Аркасында Коңурдун –
Кырмуз шаанын Мурадыл.
Кызыл желек, сыр найза,
Тоо көчкөндөй бир сайса,
Белинде күрсү казандай,
Бет алган жоодон жазганбайт. –
Аркасында Нескара
Чабдар атты чуратып,
Чаңды артынан буратып,
Нескара деген батыры
Эч биринен кем эмес
Оңбогурдун акылы.
Өжөрдөнгөн оёндор
Кара таандай чуркурап,
Чаң созулуп буркурап,
Кошууну келет дүркүрөп –
Күрсүлүү балбан баарысы,
Жааган күндөй күркүрөп.
Аларды көрүп Алмамбет,
Эр Коңурбай калчанын
Жолун карап какчайып,
Күтүп турду жолунда.
Күркүрөгөн Коң төрө,
Күчү артыкча чоң төрө
Аркасында калың кол.
Чаң артында буркурап,
Жакын келип калыптыр
Коңурбайды көргөндө,
Эр Алмамбет бакырды,
«Баатырсынган чочко!» – деп,
Коңурбайды качырды.
Кара аттын башын бура албай,
Кайрат кылып Коңурбай,
Каары катуу Алмаңа
Качырып найза ура албай,
Атына камчы салды эми.
Аркасын көздөй бет алып,
Ант ургур качып калды эми!
Кызыл жейрен ат минген
Кырмуз шаанын Мурадыл
Алдынан чыгып алыптыр.
Мурадылдын найзасын

Кагып ийип, Алмамбет
Төшкө найза салганы.
Каңгайдын кыйла балбаны –
Кыйынсыган Мурадыл
Кырданып кетип калганы.
Мурадыл калды жыгылып,
Чаңга башы тыгылып.
Кайрылып келип Коңурбай
Атына камчы салганы,
Кошуундун арка жагынан
Күркүрөп жүрүп калганы.
Калың кошуун кыжылдайт,
Кара курттай быжылдайт.
Ушаң менен Бороончу,
Улуктун бири Нескара,
Бакырыгы баш жарып,
Айкай үнү таш жарып,
Алмамбетке бет алып,
Болжошкондой Алмамбет
Аяттын кара суусуна
Алакең качып кеткени.
Акбалтанын Чубагы
Качырып келип, Ушаңга
Капталдан найза урганы.
Чубактан найза жеткени,-
Калдайган бойдон Ушаң дөө
Камгактай учуп кеткени.
Муну көрүп Алмамбет,
Кайра тартып алыптыр.
Ушаңды сайган Чубакка
Бороон дөө найза салыптыр.
Алтын кемер четине,
Айдалынын бетине
Эр Чубактын ошондо
Кан куюлду этине.
Айбатын салып Алмамбет,
Ураан тартып, чакырып,
Чубакты сайган Бороонго
Найзанын учун батырып,
Капталга найза салыптыр.
Жыгыла турган болгондо
Чубакка сайган найзасын
Бороон дөө тартып калыптыр.
Найзадан Чубак кутулуп,
Айдаган жылкы артынан,
Сыргакты көздөй жулунуп
Алмамбет, Чубак жөнөдү.
Аркасынан кыжылдап,
Каңгайдын журту өмөлдү.
Алмамбет, Чубак – ал экөө
Аянбай качып алыптыр.
Аркасынан көп каңгай
Айгайлап кууп калыптыр.
Аны көрүп, эр Сыргак
Алдындагы Көкказык
Атка камчы салганы.
Болот учтуу найзаны
Бетине кармап алганы,
Алды жакта кабактан
Бугуп тосо калганы.
Токшигердин Бозкертик
Керкүлүк атып моюндап,
Бататарды коюндап,
Алдынан чыга калганы.
Эр Алмамбет баатырга
Тайманбай найза салганы.
Кыраан Сыргак ачынып,
Кыйгактуу найза жапырып,
Кырдан чыкты акырып.
Караанын көрүп, Сыргактын

Кайра тартты Бозкертик.
Кабылан Алмаң баатырың
Капкара чаңга батыптыр.
Бозкертик сайган жарасы
Мойнунда экен караса.
Чамбыл ала чаң болуп,
Соот, чопкут жакасы
Кызыл ала кан болуп.

* * *

Маралдуу – суунун жээгине,
Чарчаган Манас эс алып,
Уктап жаткан жерине
«Баатыр, өөдө тургун!» – деп,
Бакырып Чубак барыптыр.
Козголуучу Манас жок
Коңуругу таш жарып,
Чоюлуп уктап калыптыр.
«Калмакты кудай урду,– деп,–
Катүгүн, төрөм, тургун!» – деп,
Көтөрүп алып көк жалын,
Күч кайратын чоң кылып,
Өжөрлөнүп эр Чубак
Өз боюна тең кылып,
Коё берсе, далк этип,
Өлүп калган кишидей
Жыгылды Манас шалк этип.
«Айкөлдү кудай урганбы?
Балакет басып алганбы?
Ажалы жетип калганбы?
Кызыталак калмактын
Колуна түшүп өлгүчө,
Кордукту абдан көргөнчө,
Азыркысын Манаска
Найза сайып жөнөйүн,
Ажалым жетсе, өлөйүн;
Акыр кандай болсо да,
Азабын кийин көрөйүн!».
Деп ойлонуп, эр Чубак
Атына мине салганы,
Найзаны колго алганы,
Качырып келип эр Чубак,
Как сооруга малганы.
«Эмне болуп кетти?» – деп,
Эр Манас чочуп алганы.
Чиркей чаккан эмедей,
Ошондо да кебелбей,
«Баатыр Чубак, неттиң? – деп,–
Эмне болуп кеттиң? – деп,–
Найзаң тийип мага,– деп,–
Жин тийгенби сага? – деп,–
Кулжуңдаган Чубак,– деп,–
Кутурдуңбу, чунак?» – деп,
Манасың деле кебелбейт.
Анда Чубак кеп айтат,
Ашыгып сөзүн бек айтат:
"Наалат күн, төрөм! – деп айтат.–
Кадимки Каңгай жер болсо,
Каптаган калмак эл болсо,
Кармашаарың, баатырым,
Кан Коңурбай эр болсо,
Урпактай көрдүң ушу эрди,
Уктай турган бу жерби?!
Келген жолуң алыс жол,
Алдыңда жүрөт көп кыргыз –
Азар түмөн калың кол.
Эчтеме албай оюңа,
Таласыңдын боюнда,
Каныкейдин койнунда,
Колуңду артып мойнуна,

Бейкут жаткан эмедей,
Не жатасың кебелбей?!
Уктай турган жер эмес,
Ушул уйку эп эмес!..
Таласка тиккен бак барбы?
Дардайып жатар чак барбы?!"
Анда Манас кеп айтат:
– Ашыкпа, Чубак,– деп айтат. –
Урунбай жүргөн тоо барбы?
Урушпай жүргөн жоо барбы?
Жоо болсо, биз нетербиз.
Жолуң болгур, бакырба!
Уруша чыгып кетербиз!
Ал сөздү айтып баатыры
Ашыгып койбойт акыры.
Кенебейт да, кебелбейт,
Анын үчүн Манаска
Жөн жүргөн адам теңелбейт.
Анда Чубак эмне дейт:
«Аты да Манас турбайбы,
Заты да Манас турбайбы.
Өзү да Манас турбайбы.
Манас болсо жолборсум,
Алмамбет болсо, жолдошум!
Кол келди деп калмактан,
Корксом кудай урбайбы!»
Эр Манас минген Айманбоз
Энтелеп Чубак жүгүрүп
Тура тартып калыптыр,
Соорусунан кан чыгып,
Арыстан Манас баатырдын
Далысынан жал чыгып,
Айбатынан жан чыгып,
Күңгүрөнүп унчугуп,
Бар жарагын байланып,
Жоо жарагын шайланып,
Каар жүзүнө айланып,
Шаңы чыгып сур жолборс,
Аккүбөнү жамынып,
Атышар жоого камынып,
Арыстандай чамынып,
Накери бутта чойкоюп,
Айманбоз минип болкоюп,
Сыр найза колдо койкоюп,
Болот учтуу сыр найза
Булгап колго алганы.
Бууданга камчы салганы,
Алмамбет менен Сыргактын
Арыстан менен эр Чубак
Алдынан тосо барганы.
Айманбоз минип акырын,
Айбатын салып бакырып,
Астыңкы келген кошуунду
Астын кайра жапырып,
Алыскы, жуук айныбас,
Ортосу болот, оозу албарс,
Бүтүнү туман, түбү ыспан*,
Кароолу ажал, огу ажал
Касиеттүү Аккелте
Астынан тосуп бир койду,-
Аламан келген көп кошуун
Кайра тартып дыр койду.
Аккелте үнү жаңырды,
Алдыңкы келген көп кошуун,
Акылы кетип жаңылды.
Алмамбет, Чубак, Эр Сыргак
Башынан түтүн арылбай,
Мылтыктын үнү басылбай,
Мөндүрдөй түштү аткан ок,
Милтенин баары – кызыл чок.

Бууп жолун алганы,
Буудандар уруш салганы.
Алмамбет баатыр Сыргакка
– «Мурунку келген жол жакка,
«Чаба көр!»– деп бакырды.
«Барбаймын» – деп айта албай,
Алмамбет сөзүн кайтарбай,
Кайра тартып кошуунга
Эр Сыргак жөнөп калды эми.
Алмамбет, Чубак, Манасы
Көңкү кыргыз баласы
Алдынан чыккан кытайды
Үчөөлөп тосуп калды эми.
Аңдап көрсө, соңунда –
Ак асаба, кара туу,
Айгайлаган ызы-чуу,
Көк асаба, кара туу,
Көк жаңырган улуу чуу.
Жазайыл аткан сандан көп,
Замбирек аткан андан көп.
Жаалары өгүз белиндей,
Аттары сырттын желиндей;
Ар мүчөсү перидей,
Алпын көрсөң, андан көп,
Баатырлары сандан көп,
Дөөлөрүн көрсөң, андан көп.
Ат минбеген артында
Жөөлөрүн көрсөң, андан көп.
Буттары бар мунардай,
Колдоруна карасаң,
Көп токтолгон чынардай.
Алптын зору анда бар,
Айдаган койдой жайнаган
Калктын көбү анда бар.
Күрсүсү үйдөй балбан бар,
Күрөшкөнүн алган бар.
Оозунан тиши оркоюп,
Камандан мурун чалган бар.
Баарысынын баатыры
Эр Коңурбай зардал бар.
Кырмуз шаанын Мурадыл,
Кызыл чоктуу Нескара,
Калмактардын Ушаңы,
Кара жалдуу Бороончу,
Каңгайлардан Оронгу,
Доңуз мүнөз эр Жолой,
Токшигердин Бозкертик,
Колун айдап которгон
Солобонун Соорондук
Түпөктүү найза кылкылдап,
Дүнүйө жүзү былкылдап,
Кошуунга толуп алыптыр.
Миңди бир деп санаса,
Токсон миң болуп калыптыр.
Көптүгүнөн жол тийбей,
Жол тийсе да мол тийбей,
Шыкалып кошуун турушуп,
Атыш, чабыш – калаба
Өз-өзүнөн урушуп,
Шыкырап кошуун калыптыр.
Бер жактан барган үч баатыр,
Жолун бууп салыптыр.

Туурасы жоон, бою пас,
Дулдугуй беттүү, өңү саз,
Келберсиген чоң Жолой
Келген экен жаңыдан,–
Кездешкен душман табылган.
Жакыптын уулу Манас деп,

Кайдан табам аны деп,
Каршы алдынан жолукса,
Калбас эле жаны деп,
Кетер эле саны деп,
Жолго Жолой салыптыр.
Күн жүрүш жактан күркүрөп,
Аркасынан Жолойдун
Алда канча көп кошуун
Келе жатат дүркүрөп.
Жолойго Чубак жеткени,
Ачбуудан аттын үстүнөн
Алиги Жолой баатырың
Аңтарыла кеткени.
Калмактан Ушаң жеткени,
Көсөм Чубак баатырды
Көмө коюп кеткени.
Калабалуу Чубактын
Чылбыры белге байланып,
Баатырдын аты Көгала
Эр Чубактын үстүнө
Тегеренет айланып.
Чабынып жаткан Алмамбет,
Бура тартып караса,
Буйдалып Чубак калыптыр.
Жанына Алмаң барыптыр.
Алтын кемер, бото кур*,
Аткый кармап алыптыр.
Акбалта уулу Чубакты
Сырттан Алма баатырың
Үч баатырды көп кошуун
Каптап келет дүркүрөп,
Колунда Манастын,
Аккелтеси күркүрөп,
Ат койгон калмак баарысы
Алооке баштап карысы,
Эр Коңурбай баш болуп,
Эми келип калышты.
– «Олжого алган жылкынын
Астын кайра тоскун» – деп,
Бакырып жүрөт Коңурбай.
– «Арзан көрбө бурутту,
Эзелден бери көрбөдүм
Ушундай өжөр журутту!
Үчөө десем миң окшойт,
Үчөө тең бирдей пил окшойт.
Жандан тойгон жан окшойт!
Көрбөдүм мындай журутту,
Ашына барып буруттун
Олжолоп жылкы алганбыз.
Күчкө ченеп иш кылбай
Балакетке калганбыз!
Бу сөздү айтып Коңурбай,
Үч баатырдан өтө албай,
Улуу черүү кол менен,
Буйдалып токтоп калды эми.

* * *

Муну коё салыңар,
Кыргыздардын кошуунга,
Мурунку кеткен эр Сыргак,
Кабарын угуп алыңар!
Чамбыл ала чаң болуп,
Кызыл ала кан болуп,
Жараты бар боюнда,
Жайнап жаткан кошуунга
Кабар бермек оюнда,
Калкына кирип барганы.
Элдин бери четинде,
Улар-Таштын бетинде,
Абакеси эр Бакай

Алмамбет чалгын чалды деп,
Сыргакты жолдош алды деп,
Жолу каткан Манасың
Жоголуп кетип калды деп.
Кеткен жагын көрмөккө,
Кебелбеген эр Бакай
Кейиш тарткан бир далай.
Ал аңгыча болбоду,
Көкказыкты койгулап,
Сырттан Сыргак жеткени.
Көңүлгө коркуу жык толуп,
Кайраты бойдо жок болуп,
Куруп барган эр Сыргак
Кулагына чаң толуп
Көзү көрбөй көр болуп,
Көзүнө тозоң жык толуп,
Кулагы укпай кер болуп,
Бойдон кетип дарманы,
Өнө бою тер болуп,
Калмактын кылым кошууну
Ойбойлогон ызы-чуу,
Көтөргөнү кара туу,
Көк жаңырган улуу чуу,
Көрүп барган Сыргак бу.
Ак сеңирдин жонунан
Апкаарып келген Сыргакты
Абакең тосту жолунан.
Ашыгып калган, эби жок,
«Аба-аба-аба!» – дейт,
Андан башка кеби жок.
Ашыгып коркуп алыптыр,
Алты, жети кайталап,
«Абалап» сүйлөп калыптыр.
Ошондо келип ачуусу,
Абакеңиз эр Бакай
Оройго камчы салыптыр:
– Ачылып келген көзүң жок,
Аялдап жыйган эсиң жок!
Адамдыктан кетипсиң,
«Абадан» бөлөк сөзүң жок!
Капкасы болот коргону,–
Кабылан Манас оо барбы?
Алмамбет, Чубак эки шер
Эсен-аман соо барбы?
Анда Сыргак кеп айтат:
– Ээрчип жүрүп калмакты,
Эс-акыл менде калбады.
Кыйласын союп жалмады.
Каспан тоонун оюнан,
Кара суунун боюнан,
Жылкынын түштүк изине,
Жетип бардык өзүнө,
Ажакемдин Карткүрөң
Баштап жылкы алганда,
Үйүрүн таанып кошкуруп,
Кайра жолго салганда,
Туш-туштан чыкты душмандар
Кара курттай куюлуп.
Мылтыктын калды огуна,
Жазайыл менен тобуна,
Жатып калды баатырлар
Жалын менен чогуна!
«Калың кыргыз тобуна
Барып кабар бергин» – деп,
Алмамбет буйрук кылганы.
Не болгонун билбеймин,
Эми келдим мында,– деп,–
Кебим ушу тында! – деп,
Эр Сыргак айтып салганы.
Ашыгып Сыргак сүйлөшүн,

Абакең билди мүнөзүн.
«Капсалаң салчуу баласың,
Кытай курчап калды,– деп,–
Кыйкырып колго сен барсаң
Аскерге бүлүк саласың!
Байкабаган баласың,
«Басып калды кытай» – деп,
Бакырып кирип барганда
«Балакетке каласың!».
Бул сөздү айтып эр Бакай,
Акылы арбын бир далай,
Боз жорго атын чайпалтып,
Ак сакалын жайкалтып,
Артынан чаңды баргытып,
Жөнөп калды аргытып.
Жандап алып Бакайды
Жай бастырып жөнөлүп,
Шашпаган киши өңдөнүп,
Калаба көрбөй келгендей
Кайран Сыргак зымпыйып,
Ээрчишип экөө калыптыр,
Элге кирип барыптыр.
Абакең Бакай баркылдап,
Ак сакалы жаркылдап,
Кошуунга минтип айтыптыр:
– Кудай берип салыптыр,
Куруп калган кытайдан
Жылкыны кайрып алыптыр.
Үргүлтүп айдап жүрө албай,
Үч баатыр анда калыптыр.
Сырттандар эрте келсин деп,
Сыргактан кабар салыптыр!.
Эр Бакайдын айтканын
Баатырлар угуп дүрбөштү
Биринен бири уулашып,
Миңи, саны чуулашып,
Найзанын баарын учташып,
Албарстын баарын курчташып,
Айбалта ташка кайрашты,
Кошуундун баары жайнашты,
Ат аттарын кармашты.
«Паландын аты күлүк» – деп,
Айгайды бийик салышып,
Аттарын оттон алышып,
Кылычты курга байланып,
Баарынын көөнү жайланып,
Калкандарын тартынып,
Каруу-жарак артынып,
Бет алышкан душманга
Бел булуттай айланып,
Арбын-дарбын дүрбөшүп,
«Аттана көр, жүр!» – дешип,
Атынын баары тобурчак,
Ак ала сакал Музбурчак,
Кошуунун айдап сүрүптүр,
Душманды көздөй жүрүптүр.
Казатка барган калың кол
Отуз жүз миң санаты.
Аламан чабуул жүргөндө
Жазылды элдин канаты.
Балбан менен баатыры
Баары жүрдү акыры.
Кошуундун арка жагынан,
Салтанаты бир башка,
Сандан чыккан сайгашка,
Кыраан Манас жөкөрү,
Кыргыздын чыккан кырк бөрү,
Абасы Бакай карысы,–
Арыстандардын баарысы
Күлүктүн бели ийилген,

Көрсө, көңүл сүйүнгөн,
Көйбаатырлар жөнөдү
Көпкөк темир кийинген,
Алтын айчык туу аштап,
Ак асаба буластап,
Абаң Бакай жол баштап,
Кырк баатырдын баарысы
Кырк миң серүү кол баштап,
Аккуланы бош коштоп,
Аргымакты жалпооштоп,
Алдыңкы жүргөн кошуунду
«Ач жолду!» – деп, бош-боштоп,
Эр Бакай жолго салыптыр,
Арбай-дүрбөй көп кошуун
Казатка жөнөп калыптыр.

## КОҢУРБАЙ МЕНЕН МАНАСТЫН БЕТТЕШҮҮСҮ

Коңурду Манас көргөндө
«Тиктегеним келди, – деп,–
Тилекти кудай берди,– деп,–
Соксоңдогон шум калча
Соо кылбасмын сени» – деп,
Атына камчы салыптыр,
Манас менен Коңурбай
Маңдайлашып калыптыр.
Арыстан Манас баатырың
Кытайдын ээр кашына,
Как жүрөктүн башына
Айкырып жайда салганы.
Найза төшкө так этти,
Чарайнага чак этти,
Алаптаган Коң төрө
Нардай болгон кара аттын
Соорусуна шылк этти.
Ал аңгыча болбоду,
Чоктуу кара Бороончу
Артынан келип байкатпай,
Манаска найза салды эми.
Найза тийди бооруна,
Атынын кетип сооруна,
Эр Манас атын теминди.
Коңурбай келип өзүнө,
Аламын деп кегимди,
Жамгырдай кылып жаа тартып,
Мөндүрдөй кылып ок атып,
Артынан түшүп алды эми.
«Мөңдү, мөңдү, мөңдү!» – деп,
Чуулдаган андан көп.
«Жабуу, жабуу, жабуу» – деп,
Жабууланган сандан көп.
Асты жагы Иткечпес
Аргасы кетип эр Манас
Айманбозду камчылай
Дайраны көздөй чапты эми.
Имерилген Кара-Суу.
Аргымак түшсө, ойнобойт,
Найза салса, бойлобойт.
Үйдөй болгон кара тал
Тамыры менен суурулат.
Доңгочтой болгон балыктар
Камыр болуп жуурулат.
Айгайлаган калмактар
Жамгырдай кылып жаа атып,
Жалгыз эрди жадатып,
Айкөлгө жетип чурулдап,
Найза сайып жыга албай,
Кабылан Манас баатырың

Көл-Кечүүдөн чыга албай,
Аты менен агыптыр
Алмамбет, Чубак – эгиз эр,
Атка камчы салыптыр,
Аркасынан баатырдын
Экөөлөп кирип барыптыр.
Жамгырдан бетер жаа атып,
Жазайыл мылтык дагы атып,
Мөндүрдөн бетер ок атып,
Алмамбет, Чубак артынан,
Келип калды дайрага
Жан-жагына жабылып.
Айбалта кылыч чабылып,
Өжөрлөнүп көп кытай,
Өмөлүп кирди артынан,
Көл-Кечүү болду кызыл кан,
Өжөрлөнүп кытайлар,
Артынан келди канча жан.
Көл-Кечүүдөн Айманбоз
Агып кетип баратыр.
Ар жактан келген Коң төрө
Көзөмөлдөп баатырды
Багып кетип баратыр.
Найза бою келгенде
Бет алдынан баатырдын
Коңурбай найза серпкени.
Өлчөгөн көзгө найзаны
Учунан Манас кармады.
Темири Манас колунда,
Сабы баатыр Коңурда,
Алгара менен Коңурбай
Кургакты басып алыптыр,
Айманбоз менен эр Манас
Сууга сүзүп калыптыр
Коңурбайдын найзасын
Жулуп Манас алыптыр.
Жулдурган соң найзасын
Журтун көздөй бет алып,
Коңурбай качып калыптыр.
Коңурбайын качырып,
Колдун четин жапырып,
Алмамбет, Чубак – эгиз эр
Чаңды обого сапырды,
Камалап келген кытайды
Кайрып айдап жапырды.
Айманбоз суудан чыкканда,
Кошуундун асты жеткени.
Азаматын шайдооттоп,
Аргымагын жалпооштоп,
Аккула атын бош коштоп
Абакеңиз эр Бакай
Манаска жетип калганы.
Аккуладай тулпарды –
Айбандан бүткөн шумкарды
Арыстан баатыр Манастын
Астына тарта салганы.
Кырк баатырдын баарысы
Кыргыл баштап карысы,
Калың кошуун, түмөн кол
Кыйкырып кирип калышты.
Аткычылар жаа чоюп,
Мылтыктын огу тарсылдап,
Доолдун үнү карсылдап,
Саадактын огу шаркылдап,
Кылычтары жаркылдап,
Асаба желек жалпылдап,
Каптап кирип калганы,
Бири бура тартпастан
Жалпы кирип барганы.
Аларды коё туруңуз,

Арыстан Манас баатырдын
Астындагы тулпардын
Аңгемесин угуңуз!
Маңдайында багы бар,
Ай караңгы түн болсо,
Туман баскан жылчыксыз.
Жер көрүнгүс күн болсо,
Кулагында шамы бар,
Айсыз түндө бөлүнгөн,
Караңгыда жол тартса,
Кулагынын шамынан
Жоо жоголбой көрүнгөн
Астындагы чоң Кула
Атка камчы салганы.
Даугер уста Бөлөкбай
Жай, кышында кадаган,
Учун кайкы чыгарган,
Уу булактан сугарган,
Түн ичинде суурса,
Өрттөй жанып кызарган,
Уруштуу күндө узарган,
Ободогу мунардан
Арып менен сугарган,
Ажыдаар заарынан
Үч ай таштап чыгарган,
Того чапса, таш кескен,
Шиберге койсо, өрт кеткен,
Шилтегени мүрт кеткен
Кылычты кындап алыптыр,
Аккула менен чуратып,
Кытайды беттеп калыптыр.
Айбаты башка көрүнүп,
Асманга тозоң бөлүнүп,
Айкырып баатыр киргенде
Кытайдын чети сөгүлүп,
Аккула менен чуратып,
Астына каршы келгенди
Сыр найза менен сулатып,
Алыскысын найзалап,
Жакынырак келгенин
Ач албарс менен кайсалап,
Оң көзүнөн от чыгып,
Илебинен оп чыгып,
Сол көзүнөн чок чыгып,
Аккелтеден ок чыгып,
Алыска, жуукка айныбас,
Ортосу болот, оозу албарс,
Түтүнү туман, түбү ыспан,
Кароолу жаал, огу ажал
Аккелте мылтык күркүрөп,
Астын баштап кошуундун,
Акырып баатыр киргенде,
Качты кытай дүркүрөп.
Жебенин огу зыркырап,
Тийген жери быркырап,
Кан төгүлүп шыркырап,
Калаасын көздөй бет алган.
Темири кулач сыр найза
Теминип кирген баатырлар
Теше сайып мылгытып,
Тебетей сайган немедей,
Кыжылдаган каңгайды
Тегеретип ыргытып,
Урушууга жарабай,
Каңгайлар качып калыптыр,
Кара кытай, көп каңгай,
Эч бир кайрат кыла албай,
Жайнап качып калды эми.
Күн экени билинбей,
Асман ачык, жер бүркөк,

Жердин бети көрүнбөй,
Кара жер топон чаң болуп,
Адамдын баары дал болуп,
Күрпүлдөктүн чоң дайра,
Мунарык болуп көрүнбөй,
Чоң дайранын суусуна
Калмак, мунжу киргенде
Кайсы экени билинбей,
Күрпүлдөктөн кече албай,
Аман-эсен өтө албай,
Сууга кетти көп каңгай,
Кошуунуна жете албай.
Кыргызга кыргын салам деп,
Буруттун жинин кагам деп,
Ойлонгон экен Коңурбай,
Айтса, бүтпөс, бир жомок,
Аягы болду момундай.

## ЖАЛГЫЗ КӨЗДҮҮ МАДЫКАН

Көк букачан Мадыкан
Маңдайда жалгыз көзү бар,
Келип калган кези экен.
Ошончо калың каңгайдан
Бул Мадыкан артык эр
Ок өтпөс темир калканды
Кийип алган кези экен.
Башында жалгыз мүйүзү,
Чоңдугу шодой Көкбука
Минип алган кези экен.
Астындагы буканын
Желгенине жел жетпейт,
Алышкан менен ал жетпейт.
Бука минип күүлөнүп,
Олоңдогон Мадыкан
Мурун кирди кол салып.
Аны-муну дегенче,
Ачып көздү жумганча,
Жебеден мурун жетти эми,
Музбурчак менен Кошойду
Кабат сайып өттү эми.
Булар аттан түшкөндө,
Арт жагынан миң кечил,
Музбурчак менен Кошойду
Кошуп байлап кетти эми.
Мындай бура тартканча,
Бокмурун менен Көкчөгө
Дагы кабат жетти эле,
Мааникер менен Көгала,
Бул экөөнүн үстүнөн
Ыргыта коюп өттү эле,
Жагалмайдай эр Чубак,
Бокмурунга жетти эми.
Жерден эңип кетти эми.
Мааникерге мингизип,
Аман алып кетти эми.
Көк тулпарга камчы уруп,
Көп калмакка жеткизбей,
Айдаркандын Көкчөсүн
Көгалага мингизип,
Куткарып алып өттү эми.
Кысталаң түшүп кыргызга
Кыйын уруш болду эми.
Кошой менен Музбурчак,
Булар колго тийгенде,
Колу, бутун бек байлап,
Качырга артып алыптыр.
Баатыр Сыргак кайран эр
Адамдан артык чамасы
Көкказыкка камчы уруп,

Качырып кирип барыптыр
Мадыкандын жөөкөрүн
Көмөлөтө сайыптыр.
Музбурчак менен Кошойдун
Аттарына мингизип,
Аман алып өттү эми,
Казылган чуңкур аңды көр,
Каршы-терши жыгылып,
Калмак менен кыргыздын
Өлүктөрү жыйылып,
Туйлап жаткан жанды көр!
Алмамбет, Чубак, эр Бакай,
Сыргак менен Ажыбай,
Жалпы берен кырк чоро
Мадыкандай балбанды
Тегеректеп алганы.
Көкбука менен Аккула
Катар жүрөт жарышып,
Камыкпастан эр Манас
Мадыкан менен салышып.
Алмамбет, Сыргак баатырлар
Тегеректеп калганда,
Бирдей найза салганда,
Зың-зың этип тийген жер,
Сайганын билбейт Мадыкан,
Кан Манастан башкасын
Көзүнө илбейт Мадыкан.
Кайраттанып, чамынып,
Кырк чоронун баарысы
Текши кирди жабылып.
Кезеп турат Мадыкан,
Керилип саят Манас кан.
Кебелбей койду Мадыкан,
Букасына камчы уруп,
Буркурай түшүп күркүрөп.
Оозунан жалын өрт чыгып,
Кошколдоп саят Мадыкан,
Козголбой турат эр Манас.
Жашы менен карысын
Бирин койбой жапырып
Айдап жүрөт Коңурбай
Кайнаган каңгай көп экен,
Көптүгү мунун чөп экен,
Өлгөн сайын өрчүгөн
Өлөрман тууган эл экен.
Түгөнөт десе, түтөгөн,
Тумандай басып күчөгөн,
Түптүү каңгай эл экен.
Калыңдыгы кытайдын
Кумурскадай мол экен.
Айланасы Каңгайдын
Кумдан калың кол экен.
Кан Коңурбай айдаса,
Бөрүкөз менен Музкиндик
Кошо кирди камынып,
Чоң Ылама балбаны,
Чоң Жолойдой калмагы
Чогуу кирди жабылып.
Талаанын бети чаң болуп,
Найзанын учу кан болуп,
Калмак, кыргыз тирешип,
Кумурскадан мол болуп,
Сансыз кошуун эл келди,
Сар талаа бети термелди.
Каканчынга бет болуп,
Кайнаган кыргыз кол келди.
Сараладай ат минген,
Сары жаргак шым кийген,
Түпөгү жок найза алган,
Жалаң кылыч байланган,

Азизкандын эр Алма.
Аралап кирди буларга.
Көк ырапыс тон кийген,
Көгаладай ат минген,
Узун бойлуу, кең далы,
Акбалтанын Чубагы,
Ааламдын алы жетпеген,
Арыстан тиши өтпөгөн,
Аянбастан согушка
Айкырып кирди бу дагы.
Ал Чубактын артынан,
Артында жүрсө, сан колдой
Көктулпардай ат минген,
Көк сүлөөсүн бөрк кийген,
Жоодон кайра тартпаган,
Ажал десе, кайтпаган,
Байдын уулу эр Бакай,
Ошо кирди согушка.
Кайраты ташкан убагы,
Аралап кирди калмакка
Айкөлүңдүн Сыргагы.
Берендин баары чамынып,
Кытайга кирди жабылып.
Кан Манастын кырк чоро,
Тегерете карабай,
Чымын жанын аябай,
Чындап кирди согушка.
Түгөнгөн калың калмакка
Түздөп найза сунганы,
Аштан келген көп кошуун
Кошо каптап турганы.
Музбурчак, Көкчө оңдонуп,
Кошой, Төштүк толгонуп,
Дагы кирди согушка.
Асман бүтүн чаң болуп,
Көргөн жандын баарысы
Эси кетип, дал болуп,
Жер айланып, жошулуп,
Кайсы экени билинбей,
Кытай менен кыргыздар
Тизгиндешти өмөлүп
Кошула түшүп сөгүлүп,
Жиги ажырап бөлүнүп,
Ушул уруш майданда
Жатып калды көп өлүк.
Ажалы жеткен өлүшүп,
Кызыл канды төгүшүп,
Нечен тулпар ат өлүп,
Азамат менен эр өлүп,
Кызып калган эрендер
Кайрадан-кайра алышып,
Ат үстүнөн жулушуп,
Ары-бери булушуп,
Аты өлүп калганы
Жөө-жалаңдап күрөшүп
Бирин-бири жыга албай,
Дал-дал болуп кийими,
Ары-бери сүрүшүп,
Башын кесип алышып,
Иче-кардын жарышып,
Бирин-бири аябай,
Аз-көбүнө карабай,
Канды суудай агызды,
Канга батып калышты.
Арыстан тууган Алмамбет
Саралага камчы уруп,
Бөрүкөзгө жетти эле,
Бөрүкөздөй балбанды
Көмө коюп өттү эле,
Көптү көргөн кыраакы,

Кайран Бакай кабылан,
Калмактын бир балбаны
Көтөрүп атка салганча,
Башын чаап өттү эми.
Акылга дыйкан Ажыбай
Карткүрөң кармап миниптир,
Калкылдаган каңгайга
Кылчайбастан кириптир.
Түсүн жоого буруптур,
Түз кирип найза сунуптур.
Калың уруш туманда
Ажыбай чабыш кылганда,
Чоң найза менен жетиптир,
Калмактардын кан Жолой
Карткүрөңдүн бууданы
Чоң Ылама калмактын
Колуна түшүп кетиптир.
Кылкылдап калмак жүгүрүп,
Кыстап келип калганда,
Ажыбай жандан түңүлүп,
Нескара менен Каражой
Кандары келип калды эми.
Ажыны кармап алууга
Жабылып калмак кирди эми.
Улак кандын Сыргагы –
Айбалта менен чапкылап,
Астындагы душманды
Аралап кирди талкалап.
Айтылбаган дүмөктү
Салып чыкты эр Сыргак;
Ала качып бөктөрүп,
Ажыбайдай баатырды
Алып чыкты эр Сыргак.
Мына ошондо эр Бакай
Көк тулпарга камчы уруп,
Кылча жанын аябай,
Кан Жолойго жетти эми.
Калмактын каны Жолойду
Ачбуудандын үстүнөн
Көмө коюп өттү эми.
Калың балбан Жолойду
Аман алып кеткенче,
Чубак баатыр жетти эми.
Камандай болгон Жолойду,
Жеткен жерден эр Чубак
Башын кесип өттү эми.
Хан Алмамбет баатырың
Ороккырга жетти эми,
Ат үстүнөн далдайтып
Аңтарылтып өттү эми.
Кечилдин каны Коңурбай
Капталынан жетти эми,
Акбалтанын Чубагын
Көгаланын үстүнөн
Көмө сайып өттү эми.
Акбалтанын Чубакка
Акжолтой Бакай, Алмамбет
Аралай чаап барды эми,
Ала качып Чубакты
Көгаланын үстүнө
Көтөрүп келип салды эми
Найза менен сайышып
Кылыч менен чабышып,
Айбалта менен салышып,
Мылтык менен атышып,
Саадакты жаа тартышып,
Ок түгөнүп калган соң,
Жулкулдашып булкушту,
Кылча жанын аябай,
Кырылышып урушту.

Мунарланган чаңды көр,
Былчылдашып салышкан
Өлүп жаткан жанды көр.
Жүргөн жерде кан чыгып,
Добушунан жан чыгып,
Калың кытай түгөнгүс,
Баары жолдош болуптур.
Каңгайлардын Мадыкан
Кез келгенин союптур.
Кылчайбастан оңкоюп,
Элемандын кенжеси
Эр Төштүккө жетти эми,
Чалкуйруктун үстүнөн
Аңтарылтып өттү эми.
Качыр минген Каянбоз,
Качырып калды кызталак,
Төштүктүн башын кескени.
Каянбоз жетип келгенче,
Кабыланың эр Манас
Качырынын үстүнөн
Каянбоздой балбанды
Жыга сайып өттү эми.
Баягы Бакай кайраның.
Каянбоздой балбандын,
Башка калмак жеткенче,
Башын кесип өттү эми.
Жөөлөп калган Төштүккө
Арыстан Чубак жетти эми,
Жетип атка мингизип,
Аман алып кетти эми.
Жалпы каңгай кошууну
Кыргынына чыдабай,
Кыйкырыкка тура албай,
Жабыла качты Манастан.
Жалгыз калды Мадыкан.
Жалгыз калган каңгайды
Баатыр Манас баш болуп,
Ортосуна алышты,
Дүпө-дүпө салышты.
Өрттөн кайра тартпаган,
Жоодон коркуп качпаган
Каңгайлардын Мадыкан
Күндөй болуп күркүрөп,
Айбатын көргөн адамдын
Азат бою дүркүрөп,
Качырып калды Манасты,
Кыраан Бакай баатырың
Каптал жактан жанашты.
Кан Бакайдын соңунан
Арыстан тууган Алмамбет
А да сайып өттү эми.
Кабылан Манас баатырың,
Аккула менен зыргытып,
Мадыканга жетти эми.
Көкбуканын үстүнөн
Көмө сайып өттү эми.
Камданып турган эр Сыргак
Алдындагы буканын
Башын кесип кетти эми.
Букадан Мады түшкөндө
Ошол чакта зор Бакай
Ач болотун колго алып,
Айкырып мурун жетти эми.
Жеткен жерде Мадынын
Башын кесип кетти эми.
Чет Бээжин карай бет алып,
Кара туусун көтөрүп,
Калмак болуп калдырап,
Кытай болуп балдырап,
Качып Алмаң калганда,

Бул амалды салганда,
Темир торун жыя албай,
Теги кытай, көп манжуу
Тең болуп уруш кыла албай,
Чаң асманга буркурап,
Кара кытай, көп манжуу
Качып калды дыркырап.
Каарданып кан Манас
Чамдап калган кези экен.
Тегерегин эр Чубак
Айдап калган кези экен.
Бир жак четин зор Бакай
Сүрүп айдап баратат,
Бирин артка таштабай,
Берен Сыргак кыраанын,
Ары жагынан бир чыгып,
Бери жагынан качырып,
Кара кытай, манжууну
Түрүп кетип баратат.
Калың колу чуркурап.
Баары жалпы качкан жер.
Талаага өлүк жан толуп,
Далай тулпар бош калып,
Чылбырын тепсей баскан жер.
Кебез белбоо, кең өтүк,
Кечилдин каны Коңурбай,
Астынан чыгып Манастын,
Алгара оозун бура албай,
Айбаты артык көк жалдын
Кашына каршы тура албай,
Кыйкырып найза суна албай,
Кымындай такоол бере албай,
Ээр белдей белести
Ашып калган кези экен;
Манастын каарын көргөндө,
Шашып калган кези экен;
Каңгайды көздөй дыр коюп,
Качып калган кези экен.
Коңурбайдын Алгара
Букадай мойну бултулдайт,
Өр таяна келгенде
Манас кандын Аккула
Чакмактай көзү жылтылдайт.
Эңкейишке киргенде
Коңурбайдын Алгара
Эликтей колу сайылат.
Өөдө жерге келгенде
Манас кандын Аккула
Жал, куйругу жайылат.
Эң ылдыйга келгенде
Кечилдин каны Коңурбай
Узап кетет закымдап;
Өөдө жерге келгенде,
Кадимкидей эр Манас
Кирип барат такымдап.
Кара жанын аябай,
Качып барат Коңурбай,
Ит жүрбөс кыя, далай бел
Ашып барат Коңурбай.
Артына түшүп көгөрүп,
Найзасын оңдоп имерип,
Жетип сайып калсам деп,
Кууп жүрөт эр Манас.
Оң далынын чети деп,
Өпкө-боор бети деп,
Найза менен бир койду.
Денеге найза тийгизбей,
Теги калча эр экен.
Кылычын сууруп имерди,
Айкөлүңдүн найзасын

Ортосунан Коңурбай
Үзө чаап жиберди.
Качып барат Коңурбай,
Чет Бээжиндин салынган
Капкасына жакындап.
Жанын таштап эр Манас
Калчаны кууп калганын
Алмамбет баатыр көрдү эми.
«Капкага кирсе кан Манас,
Кытайды кудай урат,– деп,–
Арыстан эрди өлтүрүп,
Өрт өчкөндөй кылат» – деп,
Ошонетип эр Алмаң,
Дарбазага киреpде,
Кара кытай, манжуунун
Колуна Манас тиерде,
Дарбазаны жабаарда,
Кара кытай, көп калдай,
Манастын башын алаарда,
Жебеден мурун жетти эми,
Жетип келип Алмамбет,
Энтиктирип, жулкунтуп,
Эр Манасты булкунтуп,
Илип алып чылбырдан
Кайра тартып кетти эми.
– Теңелбегин калчага!
Карарып жаткан кара бел,
Адам ашар бел эмес,
Алоокенин Коңурбай
Кайран Манас, оңбой кал!
Качан болсо, тил албай
Казмак болдуң орумду,
Кайнатмак болдуң, кабылан,
Ичимдеги шорумду!
Ачылып турган дарбаза –
Эсен кандын эшиги,
Калаасына киргизип,
Карааңды башка салбайбы?
Ар жагында каңгайдын
Камдап койгон балбандар
Эсебиңди таппайбы!
Эригип жаткан балбандар
Айбалталап башыңды
Эше-эше чаппайбы!»
Деп ошентип Алмакең
Ээликтирип, жулкунтуп,
Эри өлгөндөй булкунтуп,
Кармап чыкты Манасты.
Музбурчак, Көкчө эрлери,
Сыргак, Чубак шерлери,
Калың кытай кошуунун
Ийрип жүргөн кези экен,
Кырып, жоюп кыйратып,
Ителги таанга тийгендей,
Тийип жүргөн кези экен,
Артына түшүп каңгайдын
Манастап ураан чакырып,
Кыраан эрлер бакырып,
Кууп жүргөн кези экен.
Арыстан Манас баатырың
Алышканын токтотуп,
Туу түбүнө барды эми.
Өлгөндөн калган калың кол
Чогулушуп алышып,
Доолбасты кагышып,
Калк эсебин алышып,
Элүү башы, он башы,
Жүзү менен миң башы
Эсеп кылды кыйласы.

Калк атасы кан Кошой,
Калк каттаткан ал болду,
Эштектердин Жамгырчы,
Эсептеген бу болду.
Нечен мыкты киши жок.
Эл эсебин алганда
Музбурчак, Көкчө эки кан,
Булардан өлгөн далай жан.
Шыгай менен Бокмурун,
Ок жаңылып аты өлгөн,
Ушундай экен дүйнө бок.
Аты өлүп, өзү аман,
Жаралуу болгон далай жан.
Кошой менен Үрбүнүн
Калдайган канча тобу жок,
Жарымчалык колу жок.
Жалпы эсепке киргенде,
Жеке жоктоп келгенде,
Элемандын Төштүк жок
Кырк чорону жоктосо,
Белгилүү берен Чубак жок,
"Калың уруш, кагышта,
Кан агызган салышта
Азапты булар көрдүбү?
Алышып жүрүп жоо менен,
Ара жерде өлдүбү?
Көмүлбөстөн көрүнбөй,
Эч кабары билинбей,
Эр Чубактын Көгала
Калмактар олжо койдубу?
Акбалтанын Чубагын
Кармап алып көп каңгай
Эки көзүн ойдубу?
Талаада өлүм болдубу?
Карга, кузгун, сагызган
Кайран Чубак баатырдын
Ак этине тойдубу?»
Ушинтип Манас күпүлдөп,
Тоодон учкан чоң таштай
Жер айланып дүпүлдөп,
Түтүн чыгып оозунан,
Манастын катуу арманы.
«Чубак менен Төштүк жок,
Эр Чубактан айрылып,
Эми кантип жүрөмүн?
Канатымды чалдырып,
Кайратымды алдырып,
Кара кытай, манжуудан
Кантип тирүү кетемин!» –
Кейип-кепчип кеп айтып,
"Эми канттик?" – деп айтып,
Туйлап жүргөн мындан көп.
"Атаны кайран эрлер!" – деп,
Ыйлап жүргөн мындан көп.
Асмандан жылдыз бириндеп,
Талаанын жели дирилдеп,
Тараза жылдыз батканда,
Таң кашкайып атканда,
Уйкудагы калың кол
Жаңыдан туруп жатканда,
Манжуунун каны Нескара,
Нескараны баш кылып,
Кырк төрөсүн каңгайдын
Эки-экиден кошоктоп,
Акбалтанын Чубагы
Жалгыз айдап алыптыр.
Сүйүнгөндөн айкөлүң
Тура калды барбактап:
– Эр Чубак! – деп дардактап. –
Эсиңдеби, Нескара?

Такыядай Таласты
Талап алам дечү элең!
Таластагы Манасты
Кыйратамын дечү элең!..»
Хан Манастын алдында,
Жаны кейип үрпөйүп –
Жалдырады Нескара
– Өлтүрсөң да айлам жок!
Тирүү койсоң өзүмдү,
Кызматыңда турайын!
Чет-Бээжиндин көп манжуу
Элимди тартуу кылайын.
Алтын кеним, жайлуу төр
Жеримди тартуу кылайын! –
Жанталашып Нескара
Жаагын жанып турганда.
Көкжал баатыр Манасың
Сууруп алып кылычын,
Арстан көзү жайнады.
Так ошондо Алмамбет
Манастын колун кармады:
– Береним Манас, шашпагын!
Кара кытай, манжуунун
Коңурбайдан кийинки
Баш ийүүчү ханы ушул.
Өлтүргөн менен пайда жок,
Айткан сөзгө кулак сал,
Ачууланбай тилимди ал,
Нескараны кармайлы,
Кырк төрөсүн камайлы!
Ажыбайды коштотуп,
Эсенканга барууга
Бир төрөсүн берелик.
Не дейт экен Эсенкан
Тамырын тартып билелик.
Мындай сөздү укканда,
Абасы Бакай баш болуп,
Кеңеш кура салды эми.
«Алманыкы туура» – деп
Бардыгы айтып калды эми.
Аргын кан уулу Ажыбай
Жетимиш бурку тил билген
Чечендиги бир далай,
Ок өтпөс тонду кийгизип,
Карткүрөңдү мингизип,
Ичинен кылыч илгизип,
Кытайдын Эсенканына
Ажыбайды жөнөттү.
Элчиликке барууга
Эйбит кандын Үрбүсү
Жолдош болду жанына.
Чет-Бээжиндин канына,
Кыргыздан элчи барганда,
Эсенкандын жанында
Айжаңжуң менен Күнжаңжуң
Бирге олтурган чагы экен.
Элчилерге кошулуп,
Ашпозчу болуп аларга,
Ээрчий келген Шуйкучу
Тизеси жерге бүгүлүп,
Эсенкандын алдында
Кытайынча жүгүнүп,
Жаны калбай безилдеп,
Сайрап берди Шуйкучу:
– Буруттан чыккан Манастын
Телегейи тең экен,
Он сегиз миң ааламды
Кырып кетээр шер экен.
Калың уруш салганда,
Нескараны баш кылып,

Кеп-сөзүнө келбесе
Нескараны, Бээжинди
Кырып салар түрү бар, –
Деп сүйлөдү Шуйкучу.
Айжаңжуң менен Күнжаңжуң,
Эсенкан үчөө ээрчишип,
Буруттун жайын көрмөккө
Мунарга чыгып караса,
Темирден көпкөк тон кийип,
Тегиз тулпар ат минип,
Түбүнө азыр жетчүдөй,
Коё берсе, Бээжинди
Азыр бузуп кетчүдөй
Текши бурут камынып,
Тепсеп кетээр немедей
Тегеректеп жабылып,
Жабылганын көргөндө,
Алек болду Эсенкан.
Эмне десе буруттар
Көнмөк болду Эсенкан.
Чет-Бээжиндин кандыгын
Бермек болду Эсенкан.
Алача келин, сулуу кыз
Айдап берип тартууга,
Кан көтөрүп Манасты,
Жан соогалап өлүмдөн
Калмак болду Эсенкан.
Кан Эсенкан баш болуп,
Капкадан чыкты Манаска:
– Журтту бекер кырба? – деп,–
Эр Манастын алдына
Тартуу тартып суранып. –
Каканчылуу Бээжиндин
Кандыгын бердим, алгын,– деп
Астымдагы алтын так
Сизге бердим, эр Манас,
Нескара каным өлтүрүп,
Сындырбаңыз белимди.
Куру бекер кан төгүп
Ыйлатпаңыз элимди
Айтканыңа көнөйүн.
Кыргында өлгөн аскердин
Кундарын толук төлөйүн!
Кароол кандын баарысы
Таазим кылып Манаска
Кулдук уруп ийилди,
Кырк жылы сууга чыласа,
Кыярып өңү оңбогон
Алтын түстүү килемди
Алып келип жайды эми.
Айкөл Манас султанды
Ак килемдин үстүнө
Отургузуп алды эми.
Кан Эсенкан баш болуп,
Көтөрүп алып барды эми.
Эсенкандын алтын так,
Алтын такка мингизип,
Какандар Чет-Бээжинге
Кан көтөрүп салды эми.

* * *

Чоң Кытайдын төрүнө
Түп-Бээжиндин өзүнө,
Бүт кандыкты кармаган
Карыкандын үстүнө
Жеткен экен Коңурбай:
– Каным, Чет-Бээжинди
Буруттарга алдырдык!
Кармашканда кан өлдү,

Караламан баары өлдү!
Кулагы темир Чоңбалбан,
Кутан алп барып жайланды.
Кырк төрөсү баш болуп,
Манжуунун каны Нескара
Колго түшүп байланды.
Кара калмак калкыңдан
Кайран Жолой кан өлдү.
Төмөнкү шибээ канынан
Ылама балбан дагы өлдү.
Манасың кыйын эр экен,
Шай колдогон шер экен.
Бир караса, бир киши,
Айкырып найза сунганда,
Арстан жолборс сүрү бар,
Каарданган, миң киши! –
Деп ушинтип Коңурбай,
Чоң канына барганда,
Көөдөнгө батпай көп санаа,
Кытайлардын Коңурбай
Көзүнүн жашы он талаа.
– Ашып кетсе Бээжинге
Алты ай Манас кан болоор,
Андан кийин жай болоор! –
Минтип айтып Карыкан
Курчтун жайын билүүчү
Усталарын жыйды эми,
Кылыч, найза чаптырды,
Учуна ууну жаптырды,
Буйругун берип Каракан
Кандарына, болушка
Коңурбайды баш кылып
Даярдады согушка.

* * *

Үзүкпөй калпак Шууту,
Жалмаңдады камчылап
Жетип барды Таласка:
«Бээжинге Манас кан болуп,
Алтын такка минди» – деп,
Сүйүнчүлөп, айгайлап.
Укканда бул кабарды,
Каныкей өксүп ыйлады.
– Бээжинди алды дегенче,
Бейпайга калды десеңчи!
Алтын так минди дегенче,
Ажалы жетти десеңчи!
Бээжинге туруп кан болсо,
Кыраандардын баарысын
Кытайга курман чалдырат!
Алдындагы тактысын
Коңурбайга алдырат.
Чет-Бээжинде мерт болсо,
Артында эркек бала жаш,
Арка кылаар тууган жок,
Агайындын баары кас! –
Кайгырып ыйлап Каныкей
Үзүктөй калпак Шуутуга
Алты күлүк ат берди. –
– Кайта бачым баргын! – деп,
Алакандай кат берди.

* * *

Шууту жетип Манаска
Таластан кабар салганда:
– Төрөлгөн уулуң Семетей
Балтыр бешик болуптур.
Зайыбыңыз Каныкей
«Таласка тездеп кайтсын – дейт,

Бели катуу Бээжинге
Курман болбой качсын», дейт
Ушинтип какшап турса да,
Айкөлүң тилге көнгөн жок.
Таласка кайтып кетүүнү
Оюна көкжал илген жок.
Алты кандын баарысын
Калтырбастан келсин деп,
Чоролорун чаптырды.
Чогулганда калың калк
Эр Манас сөздү баштады:
– Калайык калың көзмө-көз
Баарың мында турасың.
Зордугум болсо, кечип кой!
Оолуккан сөзүм бар болсо,
Ордолуу журтум, кечип кой!
Орчун кандар, баарыңды
Бээжинге казат кылам деп,
Айдап келдим кембайлап.
Убалың менде калбасын,
Атам кары дегениң
Азыр кайткын жериңе.
Өзүм начар дегениң
Кете бергин элиңе.
Деп ушинтип эр Манас
Жардык айтып турганда,
Сүйүндү кошуун, элди эстеп,
Каткырып жыргап, кубанды,
Киндигинен кан тамган,
Ойноп өскөн жерди эстеп.
Кетмек болгон кыргызга
Кыраан Бакай баш болуп,
Жакыптын өзү көз болуп,
Кайтмак болду Таласка.
Катагандын кан Кошой
Журтума жетип өлсөм деп,
Кошо чыкты элине.
Элемандын эр Төштүк,
Нойгуттардын Акбалта
Алар да кайтты жерине.

* * *

«Буруттун көбү кетти» деп,
Кытайга дароо даң болду.
Укканда муну Коңурбай
Сугарып ууга жалаткан
Түпөгү алтын найзаны
Асемдеп колго алганы,
Күндүзүндө тынчы жок,
Түн ичинде уйку жок,
Манасты аңдып калганы.
Найзаны бекем колго алып,
Кылыч жанда кыңгырап,
Айбалта белде шыңгырап,
Асынганы очогор
Оң ийнинде оркоюп,
Чет-Бээжин карай бастырды
Опол тоодой зоңкоюп.
Кырк дарбаза Бээжиндин
Капкага жакын барганда,
Ар эшигин кайтарган
Ар биринде бир чоро,
Таң мезгили болду деп,
Бекем уктап калышкан.
Ачык турган эшикке,
Алгара минип Коңурбай,
Кан сарайга жеткени.
Басканы жанга билинбей
Ичине кирип кеткени.
Манасты бүгүн кайтаруу

Ажыбайдын кезеги.
«Тыштан жоо келбейт» деп,
Ат үстүнөн найзасын
Кара жерге сайыптыр.
Карткүрөңдүн үстүндө
Катуу уктап калыптыр.
Көкжал Манас баатырың
Басып сууга барды эми,
Колун сууга малды эми,
Кол дааратын алды эми.
Бутун сууга малды эми,
Бут дааратын алды эми.
Таң алдында багымдат,
Сыйынууга камынып,
Опол тоодой эр Манас
Өтүгү жок, жылаң бут,
Туулгасы жок, топучан
Дарыянын боюнда
Чепкенин турду жамынып.
Жаратканга жалынып,
Эр Манас ойлойт муңайып. –
«Падышамсың, бир Кудай,
Барлыгыңа сыйындым!
Башымды байлап өлүмгө
Барча журтум жыйылдым.
Асман-жердин ээсисиң,
Улуу Теңир, бир өзүң.
Көрүнбөй туруп колдодуң,
Ыраак туруп жакынсың,
Кичиге-кичи, чоңго-чоң
Ырыс берип жатырсың.
Өзүңө өзүм ишенип,
Майдан куруп жатырмын.
Баш байладым өлүмгө
Бабамдан калган жер үчүн!
Суу ордуна кан төктүм,
Бөрк ордуна баш кестим,
Жараткан, өзүң кечиргин!
Жүрөк берип бирөөгө
Баатыр кылган өзүңсүң.
Дүнүйө бербей бирөөгө
Бакыр кылган өзүңсүң.
Аягы менен бастырып,
Адам кылган өзүңсүң.
Акыл бербей бирөөгө
Наадан кылган өзүңсүң.
Жаркыратып жайнатып,
Күн жараткан өзүңсүң.
Кара зулмат караңгы
Түн жараткан өзүңсүң.
Бирди кылып пайгамбар
Билиндирген өзүңсүң.
Минтип биздей кулуңду
Бүлүндүргөн өзүңсүң.
Акыл жетпес затыңа,
Жалынам жалгыз атыңа,
Жападан жалгыз Кудайым,
Жеткиргейсиң даатыма!
Атамдын жерин талаштым,
Кытай арбын, кыргыз аз
Аянбай жардам бергин!» деп,
Бою балкып шер Манас,
Эки колун көтөрүп,
Куптага туура турганда,
Кечилдин каны Коңурбай
Алтын жебе найзаны
Ала коюп имерди.
Арстан баатыр Манасты
Кыр арканын сүбөгө
Матыра сайып жиберди.

Ошондо Манас бүк түштү,
Эсинен таныл көкжалың
Төбөсү менен тик түштү.
Уктап калган Ажыбай
Умачтай көзү ачылды.
Ала коюп найзасын
Коңурбайды качырды.
Коңурбайга жете албай,
Манасты таштап кете албай,
Кайра тартып калды эми.
Аркага кирген кыйгакты
Бурап сууруп алды эми,
Найзанын учу кырт этип,
Белинде сынып калды эми.

* * *

Алтындаган чатырда
Арстан Манас баатырдын
Алы кетип баратты.
Азизкандын Алмамбет
Медет деген дарыны
Жаратына сыйпатты,
Себеп деген дарыны
Сээп туруп байлады.
Дарыны мынча салган соң,
Жараттын уусун алган соң
Көкжал Манас султандын
Ооруган жери басылды.
Кубаты  жок болсо да,
Айкөлдүн көзү ачылды.
Жанынан кетпей Алмамбет
Күндө турду дарылап.
Байтал бээнин казысын
Жаратына тарттырып,
Айкөлдү атка мингизди:
«Жылгындуу Кең-Кол боюна,
Кең Таластын оюна
Жалгызыңды көргүн» деп,
Кан Манасты жүргүздү.
Азык-түлүк мол берди,
Нечен миң-миң кол берди.

## БААТЫРЛАРДЫН КЫРЫЛГАНЫ

Алоокенин Коңурбай:
«Манасты жайлап келдим!» деп,
Баарына кабар салды эми.
Топурак учуп, тоз болуп,
Толгон кытай козголуп,
Жердин бети кылкылдап,
Асабасы калкылдап,
Калкандары шаркылдап,
Көйрөңдөнүп Коңурбай,
Көк канжасы куркурап,
Көп кошуунун каптатып,
Келе жатат чуркурап...
Ушул чакта Бээжиндин
Калың аскер, көп каңгай
Коңурбайы баш болуп,
Жетип келди кылкылдап.
Кыргыз жаткан чөйрөнү
Айлантып алды он курчап.
Кайраттанып кудайлап,
Алмамбет, Чубак, эр Сыргак,
Ажыбай жана Музбурчак,
Жамгырчы менен эр Көкчө
Ирээт-ирээт кол болуп,
Манас кандын кызыл туу
Ажыбайга карматып,
Кыраандардын баарысы

Урушка кирди жабылып.
Кууп келген каңгайды
Уйгу-туйгу түшүрүп,
Уй куймулчак Сарала
Уюлгутуп Алмамбет
«Манастап!» ураан чакырып,
Кайра айдады сапырып.
Орто жерин Алмамбет
Оюп кирип кетти эле.
Тегерегин эр Сыргак
Чоюп кирип кетти эле.
Акбалтанын Чубагы
Ок жыландай жетти эле.
Кан Манастын кырк чоро
Бөлүп-жиреп кетти эле.
– Качпагын! – деп кытайды
Кыйкырып кууду Айжаңжуң.
– Кырылгыр! – деп бакырып,
Айдап кууду Күнжаңжуң.
Кача түшүп көп кытай
Кайра тартып жабылып,
Аралашып кеткенде,
Айбалта менен чабышып,
Кыргыз, кытай кошууну
Былчылдашып салышып,
Канча тулпар мал өлүп,
Кайраты зор эр өлүп,
Өлүк тоодой үйүлүп,
Түптүү кытай калың журт
Түбүнөн түрө козголуп,
Миңи өлсө булардын,
Кайрадан миңи кошулуп,
Караса көзгө илинбейт,
Кытай менен кыргыздын
Кайсы экени билинбейт.
Ажал жетип, окко учту
Көкөтөйдүн Бокмурун
Туура тартып турганда,
Мааникер минип керилип.
Калмак, кытай, манжуусун
Кара малдай токмоктоп,
Айдап кирди Коңурбай.
Толкуп каңгай киргенде,
Мунарык көр, чокту көр,
Бузулбай тийген окту көр.
Казып койгон орду көр,
Кайнатылуу шорду көр!
«Какайлап!» ураан чакырып,
Каптаган кытай колду көр!
Көк көрүнбөс чаңды көр,
Чаңга аралаш көмүлүп,
Агып жаткан канды көр!
Түгөнгөн сайын түтөгөн
Түптүү кытай элди көр!
Каңгайлардын Күнжаңжуң
Кайраты кабат эр экен,
Кыйкырып октой жетээрде,
Сараланын үстүнөн
Алмамбетке асылды
Көмө коюп кетээрде,
Көнүк болгон эр Чубак
Көкаласын зыргытып,
Тоодой болгон Жаңжуңду
Тоңкойто сайып өттү эми.
Кулап Жаңжуң түшкөндө,
Наркескен сууруп эр Сыргак
Ылаачындай жетти эми,
Жеткен жерде кылычы
Башын кесип кетти эми.
Бул кабарды укканда,

Кан Коңурбай, Айжаңжуң
Кылкылдатып кол айдап,
Кызыкты катуу кылды эми.
Чаң уюлтуп, жер жайнап,
Манжуу кирди бир жактан.
«Каңгайлап!» ураан чакырып,
Калмак кирди бир жактан.
Шибээ, солоон – эки уруу,
Бу да кирди бир жактан.
Тыргоот, кара кытайы
Алар да кирди бир жактан.
Айласы күчтүү Коңурбай
Даярдантып баратыр
Балбандарын тындырбай.
Эр Сыргактын башына
Ыргытып чалма салалбай.
Каары катуу эр Сыргак,
Астындагы Көкчебич,
Айланса болот тулпарга!
Көкүлдү көккө ыргытып,
Туягын жерге мылгытып,
Араандай оозу ачылып,
Башын жерге салыптыр.
Куштай учуп жаныбар
Эти кызып алыптыр.
Үстүндөгү Сыргагы
Ээрдин кесе тиштенип,
Жакын кирип барганда,
Кармайбыз деген көп каңгай
Жабыла качат дыркырап.
Алоокенин Коңурбай
Айгай салды буркурап:
– Кытай болбой жерге кир!
Кайратты качан кыласың?!
Жалгыз Сыргак буруттан
Жабыла баарың качасың!
Манастын баатыр чоролор
Жетип кирип келгенде,
Алмамбет, Чубак бир жактан
Алар кошо киргенде,
Анда кандай кыласың?!
Каптагыла Сыргагын,
Тирүү кармап алалы,
Эмне качып турасың! –
Деп ошентип өкүрүп,
Калың манжуу, кытайды
Айдап жүрөт Конурбай.
Так үшүнтүп көп каңгай
Жабыла каптап калганда,
Жан кашайып эр Сыргак
Жапааны жалгыз тартканда,
Алмамбет, Чубак түгөйү
Аркыратып келатат,
Анда-мында бир тийип,
Заркыратып келатат.
Жеткен жерде эки шер
Айбалта менен чабышып,
Кылычташып оңду-сол,
Жүрөккө найза малышып,
Каңгайды кирди качырып,
Самандай жоону сапырып.
Кытай, манжуу калың эл,
Каптаганы кыян-сел.
Калкынан киши калбастан
Катуу уруш салган бейм,
Өлөөрүнө карабай
Өжөрлөнүп алган бейм,
Жабылып каңгай кирген соң,
Салышып жүргөң үч берен,
Бел байлаган бели жок,

Белгилүү Манас шери жок:
– Кайра тартып калалы,
Ит урушту салалы!
Деп ошентип кеп айтып,
Кача берсе эр Чубак,
Алмамбет калып салышты.
Алмамбет чыга бергенде,
Сыргак калып салышты.
Сыргак чыга бергенде,
Чубак кирип салышты.

* * *

Келберсиген Коңурбай
Таш тагынган каңгайдын
Тазаларын бир бөлүп,
Кырмызы күрмө кытайдын
Кыйындарын бир бөлүп,
Астына түшүп алыптыр.
Артынан айдап каңгайды
Айжаңжуң жүрүп калыптыр.
Чабдарат менен бир четте,
Куткарып Манас жиберген
Нескара келет кыйкырып,
Калыңдыгы кытайдын
Деңиз, дайра, көл болуп.
Муну көрүп алыстан
Аргын кандын Ажыбай,
Үзүктөй калпак эр Шууту,
Ырамандын Ырчыуулу,
Жаалы катуу Бозуулу,
Төө көтөргөн Акаяр,
Жайма көкүл жаш Айдар,
Серендеген Сереги,
Төлгөчү Каратөлөгү,
Таздын уулу эр Үрбү,
Кырктын башы Кыргылчал,
Баймат менен Байчоро
Өлбөгөн жерде калдык деп,
Бүт каптады кырк чоро.
Качырып кирди бир жактан
Көкчө баатыр, Музбурчак.
Мелтиретип найзасын
Кошо кирди эр Чубак.
Астыда кетип баратат
Алмамбет менен эр Сыргак.
Кармашкан жерге чуу салган
Кабыландын балбандар
Аралап кирди урушка.
Өлгөнүнөн калгандар
Баары кирди урушка.
Баатырлар барат бакырып,
«Манастап!» ураан чакырып.
Кылчайбастан салышып,
Кырып-сүрүп кетти эми.
«Какайлатып!» кытайды,
Ылаачын тийген таандай,
Кайра сүрүп Бээжинге
Айдап кирип кетти эми.

* * *

Сүйүнө турган кытайдын
Күнү тууп калыптыр.
Аркалуу мерген Шыпшайдар
Анык келип алыптыр.
Ызы-чуу болуп кытайлар
Сурнай тартып калыптыр.
Кан Манастын чоролор,
Алмамбет, Чубак аралаш
Аянбай кирди согушка.
Музбурчак, Көкчө эки кан

Кайта кирди согушка.
Манастан башка кошуундун
Баары кирди согушка.
Казыналык чоң мерген
Огу жаза кетпеген
Каражой уулу Шыпшайдар
Айдаркандын Көкчөнү
Чекесин жара бир атып,
Каткырып кытай турганда,
Кытайдын каны Айжаңжуң
Беттешип тура калганда,
Азизкандын Алмамбет
Өлтүрө сайып өттү аны.
Узун бойлуу, кең далы
Акбалтанын Чубагы
Чабдар атчан Нескара
Чыга калган чагында,
Аңтара сайып өттү эми.
Нескараны эр Сыргак
Жара чаап кетти эми.
Буудайык кандын Музбурчак
Телкызыл менен ээлигип,
Жети сан кытай, манжууну
Жеке кирип аралап,
Коңурбайга жетти эми.
Түп этектен алаарда,
Чын алаамат салаарда,
Туу түбүндө Шыпшайдар
Кыйкырып жүргөн Бурчакты
«Оң жак чеке өзү – деп,–
Өксүп тийсе, көзү!» деп,
Белендеп турган машаасын
Ирмеп ийди Шыпшайдар –
Музбурчакка ок тийип,
Как жарылды курган баш.
Жыйырма бирде эр Сыргак,
Астындагы Көкчебич
«Чу» дедирбей чуратып,
Чуу түшүрүп кытайдын
Кез келгенин кулатып,
Каршы чыккан каңгайдын
Канча бирин сулатып,
Көкчебичке камчы уруп,
Капталынан калчага
Кайран Сыргак жетти эми.
Алгаранын үстүнөн
Аңтара сайып кетти эми.
Алачыктай барбайып,
Ат үстүнөн Коңурбай
Учуп түштү дардайып.
Жыйырма бирде эр Сыргак
Алгараны олжолоп,
Ойнотуп коштоп алды эми.
Жалгыз ат баспас жаман жол,
Жаман жолго түшкөндө,
Астындагы Көкчебич
Мүдүрүлүп өткөнү.
Башында болот туулга
Учуп түшүп кеткени.
Жерге түшкөн туулга
Эңкейип илип алганча,
Башына кийе салганча,
Каражой улуу Шыпшайдар:
«Эки көздүн ортосу
Өлчөлүү жердин өзү – деп,–
Төмөндөсө көзү!» деп,
Мээлей калып тарс атты.
Эр Сыргак аттан тик түштү,
Тик түшкөндө, бүк түштү,
Чекеден кара кан кетти.

Астындагы Көкчебич
Буйтап чыга берерде,
Каражой уулу Шыпшайдар:
«Ооз омуртка тушу – деп,–
Өлөөр жери ушу!» деп,
Көкчебичти сулатты.
Көөдөнгө батпай көп санаа,
Азизкандын Алмамбет
Көзүнүн жашы он талаа,
Тегерегин карабай,
Тегеле жанын аябай
«Манастап!» ураан чакырып,
Токсон сан кара кытайдын
Тобун бузуп сапырып,
Калдайган калың кытайга
Жеке кирди качырып.
Калмак, кытай дүркүрөп,
Калчасы баштап күркүрөп,
Алмамбетке жетээрде,
Аңтара салып кетээрде,
«Артыкча досум Алмаңды
Ажыратып алам!» деп,
Узун бойлуу, кең далы
Акбалтанын Чубагы
«Манастап!» ураан чакырып,
Астындагы Көкала
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Каарданып бакырып,
Калмак, кытай, манжууну
Кыйратып кирди сапырып.
Жалпы каңгай, эр калча
Жамгырдай кылып жаа тартып,
Мөндүрдөй кылып ок атып,
Салышкан жери Итөлбөс,
Аккуу учса, канаты
Күйүп кетчү чөл экен.
Чымчып оттоор чөбү жок,
Кырк күнчүлүк жол экен.
Калдайган четин эр Чубак
Камап келип берди эми.
Орто жерин Алмамбет
Оюп келип берди эми.
Тегерегин чоролор
Союп келип берди эми.
Ошол талаа согушта
Азууларын аркайтып,
Ат өлүгү тоо болду.
Муруттарын сербейтип,
Эр өлүгү зоо болду.
Кечилдин каны Коңурбай
Жебеден мурун жетти эми.
Жеткен жерден Чубакты
Көмө коюп кетти эми.
– Тирүү байлап алгын! – деп,
Калкына буйрук этти эми.
Алты миң калдай, сан балбан
Калың кытай, көп манжуу
Чубакты каптап калды эми.
Ошондо Чубак көкжалың
Чогуу жандан түңүлгөн.
Өөдө-төмөн карабай,
Өлөмүн деп санабай,
Жанындагы Ачалбарс
Сууруп алып кынынан,
Алдынан кирген кытайды
Ат үстүнөн кулатып,
Туурасынан келгенди
Томурайтып сулатып,
Башына чалма салдырбай,

Толкуп жаткан кытайды
Тосуп турду Чубагың
Тогуз күнү алдырбай.
Ошол кезде Чубагың
Көкаладан жөө калган.
Колундагы суркелте
Оңго ооп бир атып,
Оёндорун сулатып,
Өөдө-төмөн жүгүрөт
Денеге торду чалдырбай.
Уй куймулчак Сарала
Уюлгута чуратып,
«Эгизим Чубак кайда?!» деп,
Жоктоп жүрөт Алмамбет.
Ээр белдей кайкыдан
Чыга калып караса,
Жайнап жаткан көп караан
Акбалтанын Чубагын
Курчап алган кези экен.
Кыраан Алмаң көйкашка
Жебеден мурун жетти эми.
Жеткен жерде Чубагын
Бөктөрө качып өттү эми.
Жолунда турган Көкала,
Мингизе чаап кетти эми.
Чубак атка минген соң,
Тизгини колго тийген соң,
Азизкандын жалгызы
Кейип айтып турду эми:
– Эреним Чубак, жан досум,
Таласка эсен тартпайбыз,
Кытайдан аман кайтпайбыз!
Кел эмесе, сырттаным,
Кош айтышып алалык!
Акылдан кетип алтандап,
Айласын таппай кыргыздар
Качып калган кези экен.
Орто жерин Коңурбай
Түрүп кууп келатат.
Арт жагынан көп кытай
Сүрүп кууп келатат.
Манас кандын чоролор,
Акбалтанын эр Чубак
Артынан кирди жабылып,
«Манастап!» ураан чакырып,
Кайнаган кара кытайды
Кайра сүрдү жапырып.
Акбалтанын Чубагы
Коңурбайга жетээрде,
Башын кесип кетээрде,
Шыпшайдар мерген тарс атты,
Акбалта уулу Чубактын
Ок жаңылды төшүнө.
Айбан досу Көкала
Өлөөр-өлбөс жан менен,
Жан көрүнбөс чаң менен,
Жараланган Чубакты
Ала качып жоголду.
Качкан атка жете албай
Душмандын жолу торолду.
Каражой уулу Шыпшайдар
Караса көзгө илинбей,
Кайда экени билинбей,
Кайнап жаткан кыргызга
Мөндүрдөй кылып ок атты.
Жайнап огу тийгенде,
Кабылан Серек эр өлдү,
Кадимки Үрбү шер өлдү,
Төлгөчүдөй бөрү өлдү.
Көк жалдардын көбү өлдү,

Жайма көкүл жаш Айдар,
Төө көтөргөн Акаяр –
Зор балбаны дагы өлдү.
Төгөрөктүн төрт бурчка
Төптөп кабар берчү өлдү.
Аркан үзөр Акжолтой,
Манаска жакын бала өлдү.
Байчоро баатыр дагы өлдү,
Анжыйандык Санжыбек,
Ажалың кургур, а да өлдү.
Бээжинге кирип кайрылып,
Берендерден айрылып,
Көкжал Алмаң эр жалгыз
«Манастап!» ураан чакырып,
Кайкалатып кытайды
Берендер өчүн алмакка
Өөдө-төмөн карабай,
Өлөмүн деп санабай
Коңурбайга жетээрде,
Алгаранын үстүнөн
Аңтара сайып өтөөрдө,
Белен турган машаасын
Тартып ийди Шыпшайдар.
Алмамбет окко учканда,
Туйлап чыкты Сарала.
Жамбашка ок жаңылып,
Бутуна буту чалынып,
Көздөн учту Сарала.

* * *

Каран башка күн түшүп,
Күн көрүнбөй түн түшүп,
Бээжинге кирип кайрылып,
Берендерден айрылып,
Ооруктагы Манаска
Ырамандын Ырчыуулу
Ыйлап жетти кеп айтып:
– Арстаным Манас! - деп,-
Бел байлаган белдерден,
Айрылдык асыл шерлерден!
Согушуп жатып кырылдык!
Бейпай кылды белиңди,
Кырды кошуун элиңди!
Каражой уулу Шыпшайдар
Кайнатып салды шоруңду!
Жаралуу Манас ошондо
Кабырга сөөгү сөгүлүп,
Көөнү жаман бөлүнүп:
– Асылдардан айрылып,
Кыйналып тирүү турганча,
Туубай туна чөгөйүн,
Манас болбой өлөйүн! –
Деп, ошентип айкөлүң
Калаар эмес аянып,
Аккелтесин таянып,
Аккуласын жетелеп,
Кармашка чыгаар болгондо,
Каражой уулу Шыпшайдар
Тизеси жерге бүгүлүп,
Жин ургандай жүгүрүп,
Мергендиги ашынып,
Жеткен экен жашынып.
Манасты атса ок өтпөйт,
Жанындагы Кулага
Аңдып турган Шыпшайдар
Жебенин огун неткени,
Жеткен жерде Куланын
Ооз омуртка сөөгүн
Таарып өтүп кеткени.
Кабыланыңдын Аккула,

Күрөөдөн кара кан атып,
Бир кишинеп алганы.
Тегеренип Манаска
Ээгин артып калганы.
Коштоюн десе, турбады.
Тоо кулаган эмедей
Биротоло сулады.
Айрылбас досу Куланын
Көкүлүн кесип алды эми.
Куркурата бир жыттап,
Курдашым Кулам! – деп жыттап,
Берениң Манас көкжал кан
Каарданып турду эми.
Жаралуу Манас ошондо
Аккелтенин оозуна
Уучтап дары салды эми.
Касиеттүү болот ок
Күр дедире урду эми.

Аккелте үнүн укканда,
Калың кечил чуркурап,
Шибээ, солон, манжуусу
Бөлөк-бөлөк быркырап,
Сегиз дөөсүн жыкканда,
Качты баары дыркырап.

## МАНАСТЫН АКЫРКЫ КАЙРАТЫ

Кайран жеңең Каныкей
Уйкудан чочуп ойгонуп,
Оң жагына толгонуп,
Най тамагы кылайып,
Ак эмчеги булайып,
Айкөл Манас баатырдын
Как өзүнө ылайык.
Булбул үндүү, кой көздүү,
Ургаачыдан баа сөздүү,
Тоту куштай үндөнүп,
Алда нече түрдөнүп,
Алдага сөзү зар эле,
Колтугунда жеңеңдин
Үч айлык бала бар эле.
Касиеттүү жеңеңдин
Кабырга сөөгү сөгүлүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Түндө көргөн түшүнөн
Ой ойлонду шек көрүп:
«Тултук мүйүз көк бука
Суу түбүндө өкүрөт,–
Сырттаным Алмам өлгөн бейм?!
Карга айдаган акшумкар
Канаты жок калыптыр,
Акбалтанын Чубагы
Бир кордукту көргөн бейм?!
Узун бойлуу көк чынар
Кыбыла көздөй сулаптыр,
Кымбатым Сыргак өлгөн бейм?!
Айкөлүм минген алтын так
Буту кыйрап калыптыр,–
Аккула окко учкан бейм?
Жалгыз калган Манастын
Түбүнө кытай жеткен бейм?!
Бийлебей жатса, өлөт,– деп,–
Абасы жетип айтсын,– деп,–
Башы аманда кайтсын,– деп,–
Тилимди айкөлүм алсын,– деп,
Кытай менен кармашып,
Аман калган баатырын
Кур-бекер кырып албасын.
Быякта калган эл-журтун

Азапка катуу салбасын,
Апасын көргөн уулубуз
Атасыз жетим калбасын!
Буркурап ыйлап кат жазып,
Беренимтөрөм келсин деп,
Тилимди алса, баатырым
Бейпайлуу сөзгө көнсүн деп,
Бир үйүр күлүк ат берип
Алакандай кат берип,
Карт Бакайды баш кылып,
Чууга кирсе, таанылбас,
Караңгыда карсактын
Изиң кууса, жаңылбас
Тайбуурулду булкунтуп,
Жөнөттү кошту жулкунтуп.
Ошондо Бакай кабылан
Учкан куш менен жарышып,
Окоро түйгөн ак тизгин
Тарталбай колдо карышып,
Күндөп-түндөп жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Күндүзүндө уйку албай,
Түн ичинде тынч албай,
Ташкын-ташкын, ташкын суу,
Тал башынан ашкан суу,
Чолок Терек, Кашка-Суу,
Андан өтүп алды дейт.
Булуң-булуң Кара-Тоо.
Бурулуп аккан Сары-Суу,
Ушуга жетип барды дейт.
Арыстан Бакай ээликти,
Асты жакы белестен
Кайнаган журтка кезикти.
Жылдыз чыккан мунарып
Жылдыз десе, от экен,
Дүмүрөйгөн көп караан
Токойбу десе эл экен,
Кыргыздарды көп каңгай
Курчап алган жер экен.
Кара кытай, көп манжуу
Жарадар болгон Манасты
Тирүү кармап алууга
Тегеректеп алыптыр.
Бадана кийип балкылдап,
Алдынан чыкты Манастын
Абаңыз Бакай жаркылдап.
– Атышка кийген сур чепкен
Алып келдим, кийгин,– деп,
Тайбуурулду мингин, деп
Манаска чепкен кийгизди.
Көңүл чөгүп турганда,
Кайратын кайра тиргизди.
Курдашым Алмам, Чубактын
Буюрса кегин алам деп,
Каарданып сурданып,
Кара боюн чыңданып.
Алтын жаак айбалта
Билекке кынай чалды эми,
Алыска атар Аккелте
Айдалыга илди эми.
Манас алган Зулпукор.
Касташкан кыйын жоо келсе,
Каршы-терши шилтесе,
Кармаган жанды кубанткан
Кынай белге чалды эми.
Тутам жери сырдалуу,
Туйгунуңдун сыр найза
Чымын консо, зыңк эткен,
Камчы тийсе, окустан,
Добулбастай заңк эткен.

Каарданып кайран эр
Сыр найза колго алды эми,
Асаба колдо калкылдап,
Айбалтасы, кылычы
Бүткөн бойдо жаркылдап,
Астын сала бергенде,
Ач арыстан сүрдөнүп,
Аркасын сала бергенде,
Ажыдаардай түрдөнүп,
Кабылан Манас эр ошол,
Кыраандардан айрылып,
Кырылышаар жер ошол.
Кан Бакайы жанында.
Аргын кандын Ажыбай,
Кырктын башы Кыргылчал,
Өлгөндөн калган чоролор,
Кытай менен кыргыз кол
Ээн чөлдө беттешип,
Кабылан Манас, Бакайың
Кайкалатып кытайды
Камап айдап алды эми.

* * *

Эсенкан менен Коңурбай
«Шери Манас келди» деп,
Бээжинге кирип камалып,
Дарбазасын бекитип,
Калың кытай жашынды.
Эшигин бузуп кире албай
Эрлердин турат арманы.
Каарданып канкор шер
Кара жаак айбалта
Кармай калып имерди,
Каалгасы темир эшикти
Карсылдатып жиберди.
Так ошондо асмандан
Манаска аян угулду:
«Чалыяр тийбес Бээжинге
Чаркың келбейт, кетсеңчи!
Кудайдын жазган буйругу,
Жериңе тирүү жетсеңчи!»
Топон суу тоздоп кирбеген,
Сулайман сурак албаган.
Үрүстөм, Дастан, Искендер
Ошолор изин салбаган
Толкуп жаткан Бээжинге
Азырет Аалы барбаган
Топон суу каптап келгенде
Кытайдан Нук пайгамбар
Кайыкка адам албаган:
Кытай деген калың журт
Элиңе бүлүк салбасын.
Сен кетсең жер жүзүнөн
Кыргызың өксүп калбасын?»
Аян угуп эр Манас
«Токтогула!» – деп айтты.
Кайталы деп Таласка
Чоролорго бек айтты.
Өлгөнүнөн калгандар
Бет алган жайга жыйылып,
«Алда!» деп чыкты Бээжинден.
Көкчөсүнөн айрылып,
Сары-Аркага жол тартты,
Капалуу казак Бээжинден.
Музбурчагын алдырып,
Кырым журт кетти жерине.
Кең Ташкенди жердеген
Көкөтөйдүн аскери
Бокмурундан айрылып,

Алар да тартты элине.
Кайсы бирин айталы,
Айткан менен эмине!
Кандарынан айрылып,
Каралуу болуп кошууну
Каран түн түшүп Манаска,
Баатырлардан айрылып,
Жүрөгүнөн кан агып,
Жол тартышты Таласка.
Айкөлүң атка мине албай,
Эстен танды тура албай.
Ойлоп туруп кан Бакай
Арчадан табыт кактырды:
Манасты таңып жаткырды.
Желмаян-төөгө арттырды.

## МАНАСТЫН ДҮЙНӨДӨН КАЙТКАНЫ

Далай күн тынбай жүргөндө,
Таң кашкайып сүргөндө,
Эрмендүүнүн жонунда,
Ачмаралдын боюнда
Эрбейип караан көрүнөт.
Арбакпы, же адамбы –
Ага не көңүл бөлүнөт?
Ай тийгендей жаркылдайт,
Аманат кылып табыштап,
Алмаңдын сөөгүң жүктөгөн
Келген белем Сарала?
Төтө жолдо төп жүрүп,
Желген белем Сарала?
Алмаңдын сөөгүн артынып,
Абаң Бакай алдына
Келген тура Сарала.
Атбашыда Чечтөбө,
Кабылан Бакай карыя
Чечтөбө жонун ойгончо,
Ичи ачышып, бүк түшүп,
Азизкандын жалгызын
Мүрзөсүнө койгончо,
Жаныбарың Сарала
Эмне иш болуп жатканын
Тиктеп турду түшүнбөй.
Түшүнгөн соң чапчылап,
Мүрзөнүн чачып топосун,
Ыйлап ийди кишидей.
Каркайган арык денеси
Керженңдеп чурап кетти эми,
Жетип барып аскадан
Төмөн кулап кетти эми.

* * *

Кайран жеңең Каныкей
Алты айчылык азапты
Кадимкидей дапдаана
Билген жеңең эмеспи.
Шектүү азап түшүп башына,
Чыркырап ыйлап тура албай,
Карагашка аргымак
Токунуп байкуш минди эми.
Таласка жакын калганда,
Кызырлуу Манас кайран шер
Ок өтпөгөн Аколпок,
Жоого кирчү немедей,
Кийип алган кези экен.
Аркалуу тулпар Тайбуурул
Минип алган кези экен.
Каныкей чыкты сумсайып,

Айкөлүнүн алдынан:
– Барса келбес Бээжинден,
Падышам, эсен келдиңби?
Берендердин баарысын
Кытайга «белек» бердиңби?!
– Булунтпочу санаамды!
Алып келчи бержакка
Өлгөндө көргөн баламды!
Бозала туйгун болпоңду,
Бозкарчыга чолпоңду! –
Деп турса, Каныш көнгөн жок,
Баласын шерге берген жок.
Кундактагы баланы
Кымтып турат көргөзбөй,
Көргөзбөгөн себеби,
Балага баатыр Манастын
Сугу түшсө, оңчу эмес.
Көзүндө кара калы бар,
Жүзүндө жаман заары бар,–
Караганда баланы,
Бала аман калчу эмес.
Сырын билген Каныкей
Сырттанынын камчысын
Уулунун чекесине тийгизди.
Чекеге тийген камчыны
Кубат кылып курган шер
Куркурата жыттады.
Жакынырaak барганда,
Таластын чети көрүндү,
Алмамбет, Чубак асыл деп,
Көңүлү жаман бөлүндү.
Алтын жаак айбалта
Алкымдан кармап имерип.
Бөйрөккө таяп жиберип,
Коңгурап үнду салды эми.
Алмамбет, Чубак ордого
Өкүрүп жетип барды эми:
«Аккула окко учурдум, аяш!
Алтын айдар, чок белбоо
Алмамбет шейит кетирдим, аяш!
Канатымдан кайрылдым,
Караан кылып отурган
Эр Чубактан айрылдым, аяш!
Кытайга каршы жол тартып.
Бээлесе, жанга табылбас,
Сыргагымды жеп алдым, аяш!
Канатым окко жулдурдум,
Кабыландан айрылып,
Каран күн жанды тындырдым!
Тебээлеп келген Кытайдан
Намысым кайрып мен алдым,
Эл намысы деп жүрүп,
Мен эгиздерди жеп алдым, аяш!
Канатым өрткө калдырдым,
Кабыландын баарысын
Мен Каканчыка алдырдым, аяш!
Эгиз козу түгөйүн,
Экөөнү катар жеп алып,
Өлбөй кантип жүрөмүн, аяш?!
Кара каңгай каканчын
Мен кармап гана турбадым, аяш!
Кытайлар айлым таласа,
Кандайча кайрат кылбаймын,
Ач арыстан, ары шер
Жардыгында өлбөдүм, аяш!
Алмамбет, Чубак, Сыргагым
Бардыгында өлбөдүм, аяш!..»
Манас минтип турганда,
Кайың ыйлап, тал ыйлап,
Калайык журттун баары ыйлап,

Кызыл кырчын кыз балдар
Кызылдан кара кийишип,
Кырк токтолгон катындар
Карадан кара кийишип,
Буркурап кемпир-чал ыйлап,
Толгон журттун баары ыйлап,
Жетим калган бала ыйлап,
Ала көөдөн акылсыз
Он экиде жаш ыйлап,
Боору жетик эр ыйлап,
Аза күттү зар ыйлап,
Чоролордун баары ыйлап.
Армандуу болгон Арууке,
Алмамбеттин жесири
«Тоодогу жылкың канчалык,
Тобурчак, буудан аралаш,
Тосуп алар жаман ат,
Томсортуп жанды кууратпай,
Мени да төрөм, ала жат!..
Бармактайда баш кошкон,
Канжыгаңа чала кет,
Караандаша жатканга,
Мен бейбакты ала кет!»
Кошок айтып чыркырап
Алмамбеттин зайыбы
Арууке ыйлап буркурап,
Айкөлүнүн алдынан
Үч айым чыкты чыркырап
Ай чырайлуу нур беттен
Каны менен жаш кеткен
– Ай караңгы болгондо,
Түндү эмне кылабыз?
Артында калган бала жок,
Күндү эмне кылабыз?!
Баатырларды чалдырдың
Алмамбет, Чубак шериңди.
Каңгайга белек алдырдың!
Кыймалуу жагын көрдүңбү?
Кызырлуу шердин баарысын
Каңгайга белек бердиңби?!.
Шерлеринен айрылып,
Өзүң жалгыз келдиңби? –
Катындар ыйлап турганда,
Манаска доомат кылганда,
Манаста арман күчөдү
Токтоно албай алп Манас
Каңырыгы түтөдү:
– Кечээ кара жаак Зулпукор
Кындап жаткан кезимде,
Кол сала келген каңгайдан
Ошондо өлбөй не болдум?!
Алдырып ийдим – жаман ат,
Берендерим, ала жат!
Алышкан жоону талкалап
Буй кылганда өлбөдүм!
Коңурбай балта чапканда,
Кансырап жаным жатканда,
Кыйындардын барында,
Ошондо неге өлбөдүм!
Кара каңгай камбылын
Камаганда өлбөдүм,
Өлбөй өксүп келдимби?
Бээлесе колго тийбеген
Берендердин баарысын
Кытайга кармап бердимби?!
Кармаган туум сындыбы,
Касташкан жаным тындыбы?!
Отуз миң түмөн баатырын
Кара жерге сордуруп
Кайгыга кирип кайгырган

Мендей шордуу бар бекен?
Аскеринен айрылган?!
Канаты сынып кайрылган
Менден шордуу бар бекен?
Найза муштап заңгырап
Өкүрдү Манас аңгырап.
Чогулган эл тарабайт.
Буркурап ыйлап бирөө да
«Кой» дегенге жарабайт!
Кайран жеңең Каныкей
Баатырыңдын алдына
Басып келди сумсайып:
– Айтса, арман арылбайт,
Акырет кеткен эгиздер.
Арман кылса табылбайт.
Телегейиң тең өткөн,
Алмамбет, Чубак, Сыргактай,
Оболтон канча эр өткөн.
Кайгырса жүрөк камыгат
Кайрат кылчы, баатырым,
Кайрандар кайдан табылат?!
Кадырлашым Алмамбет
Табылгалуу колотуң.
Талыккан менен айла жок,
Кимиси келет кайрылып,
Кейиш тартып муңдансаң?!
Мына ошентип Каныкей
Баатырды алды колтуктап,
Жайлап аттан түшүрүп.
Төрт-Күлдүн төмөн жагына.
Алып карап кучактап.
Арка моюн арасы
Кабылдап калган кези экен
Найза тийген жарасы.
Кайран катын Каныкей
Кайнатма кара дарыдан
Шыбай жаап салды эми.
Найза учун далыдан
Тышынан сууруп алды эми,
Ооруган жери басылып,
Айкөлдүн көзү ачылып,
Кубаттанып калды эми.
Эсине келип кабылан:
«Айым, ушул сөзүмдү ук!
Ажалым жетип мен өлсөм,
Өзөн бойлой конбогун,
Өрт өчкөндөй болбогун!
Байкабай шорго малынба,
Башыңдан торго чалынба!
Жыйган алтын чачып кет,
Темир кан көздөй атаңа
Букарага качып кет!
Темир канга барганда,
Колуңдагы Семетей
Балтыр бешик чунакты
Уялаш бир тууганың
Ысмайылга бере көр!
Мойнуна тумар тага көр!
Ата жайын билгизбей,
Эне жайын туйгузбай,
Семетейди бага көр!
Он экиге келгенде,
Ок өтпөс тонду кийгизгин,
Ата-журтун билгизгин.
Менин көзүм өткөндө,
Бу Талас сага жер болбойт,
Ага-иним сени жөн койбойт.
Абыке, Көбөш – эки арам,
Чыйбыт, Кочкор – төрт арам,
Адыбай, Көлбай – алты арам

Акылсыз иттер бирикпейт.
Өлүмгө дейре барышат.
Манастан калган бийлигин
Бир биринен талашат.
Жетилип калган уулуңду,
Айласын таап алты арам
Бир күнү майып кылышат.
Белгилүү жерге сен көмсөң,
Колум тийген кандар бар,
Кордук көргөн жандар бар,
Кутулбачуу доолор бар.
Кан төгүшчү жоолор бар.
Өлүктөн өчүн алчуудай,
Көрүмдү ачып албасын,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарбасын,
Бул жагына сак болгун!
Кетмендеп көрүм оё көр,
Бир адамга билгизбей,
Бир адамга көргөзбөй,
Кеңеш салып Бакайга
Билинбес жерге коё көр!
Берен жарым Каныкей,
Берендигиң ашыргын,
Бек акыл ойлоп өзүмдү,
Жашыруун жерге жашыргын!
Кең Турпанды кыштаган
Карача кандын кыз Сайкал
«Өлөрүңдө кырк күнү
Зыйнатыңда турам» деп,
Ант байлашкан жери бар,
Кыз Сайкалга кабар бер.
Жоого ылайык Аколпок,
Жаап койгун үстүмө.
Кандуу мылтык Аккелте,
Жөлөп койчу жаныма.
Кадимден берки Бозкисе,
Илип койчу жаныма.
Касиеттүү Зулпукор,
Коюп койчу башыма.
Сайышка алган Сыр найза,
Жөлөчү жакын кашыма.
Тасма тарткан Булдурсун,
Аны да илчи кашыма!
Кулаалы жыйып, куш кылдым,
Куранды жыйып, журт кылдым.
Алтын жыйбай, эл жыйдым,
Ушу турган калкыма
Тентиген эрди бий кылдым.
Калктын туруп башында,
Өтмөк болдум дүйнөдөн
Элүү эки жашымда...

* * *

Үй көтөрүп Таласка,
Көргөзбөй баатыр Манасты
Кайран катын Каныкей
Олондой болгон кара чач
Төбөгө кынап түйүптүр.
Эсил жеңең акылман
Эл башкарып жүрүптүр.
Алты жүз атан комдотуп,
Күлботонун топурак
Кире менен алдырып,
«Алты кылым өткөнчө,
Айкөлүмдүн күмбөзү
Аман турсун» деп салды.
Алты миң эркеч майына
Кыш кайнатып, бек салды.
«Ачык көмсөм асылды,

Көрүн ачып алат – деп,–
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарат» деп,
Байкуш катын Каныкей
Бир адамга билдирбей,
Желпиништин элинен
Жетимиш балбан алдырды.
Эчкилүүнүн кара тоо,
Мелмилдеген бийик зоо,
Зоонун бетин каздырып,
Жалгыз киши баткандай
Ооз жагын ачтырып.
Аржак жагын көөлөтүп,
Алты миң кой жаткандай.
Ичи жарык жатсын деп,
Жакут таштан жардырып,
Алтын жаткыч салдырып,
Үстүнө суптан жаптырып,
Асты чирип кетет деп,
Арчанын күлүн төктүрдү,
Жалгыз жанга туйгузбай
Багып жатты айкөлдү.
Карасаң Манас кайран эр
Кээде тилге келе алса,
Кээде тилге келе албай
Азып калган чагы экен.
Жан көрүнбөй көзүнө,
Өлүм келип эсине
Көк жалдын айтып турган
кези экен:
– Сарамжалың бүттүбү?
Алып кир эми алптарды,
Көзүмдү бир салайын.
Кыяматтык досторго
Кош айтышып калайын.

Манас кандын чоң ордо
Эшигин Каныш ачты эми.
Чакырылган достору,
Калкы кошо күтүрөп,
Айкөлдү көздөй басты эми.
Кыраандардын баарысы
Кол алышып өттү эми.
Кылт этип Манас кабылан
Кыямат көздөй кетти эми.

* * *

Кабылан Манас айкөл шер
Сапар салып дүйнөгө,
Опат болгон жери ошол.
Калайык ыйлап, баары ыйлап,
Кошой, Төштүк дагы ыйлап,
Ажыбай, Бакай кары ыйлап,
Кан Манастын чоролор
Найза сайып бакырып,
«Айкөлүм!» деп чакырып,
Алты күнү ай чыкпай,
Ай караңгы түн болду.
Жер титиреп дүңгүрөп,
Аска, зоолор урады.
Омкорулуп түбүнөн
Чер токойлор сулады.
Чайпалып турган кара жер
Жети күндө токтолду.
Жети күндүн ичинде
Кыбыр этип кыймылдап,
Тик баскан пенде болбоду.
Жалпак өркөч каранар –
Желгенине жел жетпес,
Басканына мал жетпес –
Башында алтын нокто бар,

Ок-дарынын баарысын
Жүктөп жүргөн Желмаян
Манас жаткан капшытка
Чөгүп алды Желмаян.
Көзүнүн жашын он талаа
Төгүп алды Желмаян.
Анын бержак жанына
Кум-Булактын белинен
Таап алган Кумайык,
Аягына Манастын
Жатып алды Кумайык.
Араандай оозун асманга
Ачып алды Кумайык.
Даам татпай нечен күн
Улуп калды Кумайык.
Манас кандын Акшумкар
Тегеренип калдактап,
Тескери учуп чалкактап,
Алтындан таккан боолорун
Тытып кетти Акшумкар.
Асманды карай көкөлөп,
Сызып кетти Акшумкар.
Асый чыкма Тайбуурул
Баатыр Манас өлгөндө,
Байлап салса токтобойт,
Коё берсе оттобойт,
Аза күтүп алыптыр
Айбан да болсо жаныбар
Күйүткө батып калыптыр.
Кайран катын Каныкей
Кандуу бети жыртылуу,
Калың чачы жайылуу,
Кара кийген башында
Кабыландан айрылган
Отуз эки жашында.
Аргасыз тартып тозокту,
Аябай кошту кошокту:
– Тунугу кетти жылдыздын,
Туйгуну кетти кыргыздын!
Арбагы жеткен жылдызга
Ата болгон жан эле
Ак калпактуу кыргызга!
Ар уруудан көйнөгүм
Тартсам жетпейт мойнума.
Талыктырбай, айкөлүм,
Тарта кетчи койнуңа!
О дүйнө сапар жол жүрүп,
Булгунттуң менин санаамды.
Кимге таштап кеткениң,
Алты айлык жалгыз балаңды?!
Өксүгөн өксүп, тим болоор,
Өтүп кеттиң дүйнөдөн,
Өрнөгүң ээси ким болоор?!
Кейиген кейип, тим болоор,
Кеттиң өтүп дүйнөдон,
Кеңешиң тапкан ким болоор?!
Ай батканда түн болоор,
Айдыңың журтка дүң болоор.
Атпай кыргыз көп журтуң
Артыңдан издеп, тим болоор?!»
Жапалуу Каныш курганда,
Ушинтип ыйлап турганда,
Абыке, Көбөш – эки арам,
Чыйбыт, Кочкор – төрт арам,
Адыбай, Көлбай – алты арам,
Алты арам түштү адырдан.
Манас менен аталаш
Алты арам кичи катындан.
Аларга өлүм тамаша:
«Эсил кайран!» деп коюп,

Анда-мында оңгурап,
Өкүргөн болот зоңгурап.

* * *

Күн кылкылдап батканда,
Элдин арты жатканда,
Кайран катын Каныкей
Баатыр Манас сөөгүн
Кошой, Төштүк эрлерге
Адалдатып жуудуруп,
Супка салып буудуруп,
Табытына салды эми.
Жаназасын баатырдын
Алп Кошойго окутуп,
Килемге кынап таңдырып,
Чоролорго сыр билги
Жөө көтөртүп алдырып,
Асыл жеңең Каныкей
Тайбуурулду минди эми.
Тандалгандын баарысын
Ээрчитип чыгып түн менен
Төтө жолго салды эми.
Өлө электе Манаска
Жай каздырган зоосуна,
Эчкилүүнүн тоосуна
Өзү баштап барды эми.
Төштүк, Кошой карысы,
Кирип кетти үңкүргө
Жакындардын баарысы.
Буйругу катуу теңирдин
Буйругуна өкүнүп,
Жайына коюп Манасты,
Киргендер кайра чыгышты.
Үңкүрдүн оозун билгизбей
Таш уратып жыгышты.
Таң кашкайып сүргөнчө,
Кан Манастын ордого
Кайрылып баары киришти.
Чексиз чебер Бакай шер
Бөлөк эл, бөлөк жерде өлгөн
Кемпирдин сөөгүн таптырды.
Дал Манастай дардайтып,
Табытына жаткырды.
Колуна колун тууралап,
Боюна боюн окшотуп,
Супка салып оротуп,
Чарайнага чаптатып,
Булгаары менен каптатып,
Ак кийизди жаптырды.
Алты арам кирип келгенде,
Айттырбастан көндү эми.
Табытта Манас жаткансып,
Алты арамга берди эми.
Алып басты алты арам
«Айкөлүм» деп оңгурап,
Кан Манастын күмбөзү –
Күмбөзгө алып барды эми.
«Айкөлүм» деп шек албай
Аялды көөмп салды эми.
Кошой, Төштүк турушту,
Өлүүчү антты кылышты:
«Айкөлдөн калган бала жаш,
Найзага желек тагалык,
Айкөл шердин баласын
Жашы он экиге келгенче,
Көз салып жүрүп багалык.
Кан өлгөндө, баары өлүп,
Өрт өчкөндөй кылбайлык!..
Урумкандын Көкбөрү,
Карача кандын Сайкалы,

Убаданы кылгыла,
Манастын ашын бергенде,
Туу түбүндө тургула.
Калк атасы кан Кошой,
Кабыланың Манаска
Аш башкарып тура көр.
Элемандын Төштүгү,
Сен да ошондо тура көр.
Кан Манастын бир ашын
Өлбөсөк берип тыналы.
Кан Көкөтөй ашынан
Артык болсун санаты!»

* * *

Коңгурап ыйлап токтобой
Кошой кетти элине.
Бегирээк кейип, ич күйүп,
Төштүк кетти жерине.
Карачанын Сайкалы
Касиеттүү жан экен,
Канкор Манас султандын
Кыяматтык жары экен.
Каралуу бойдон калдайып,
Кайран Сайкал кайтты эми.
Атасы анын Карача:
«Кызым кейип келди» деп,
Алтымыш катын кошокчу,
Тул салдырып берди эми.
Ошол түнү кыз Сайкал,
Бир түнөбөй ордого
Бул дүйнөдөн кайтыптыр.
Тирүүсүндө антташкан
Кыямат жары Манастын
Кучагына барыптыр...

* * *

Абыке, Көбөш эки арам
Каныкейди зар кылып,
Мүшкүлдү катуу салган дейт,
Кан Манастын ашына,
Төштүк келбей калган дейт.
Катагандын кан Кошой
Ал да келбей калган дейт.
Убада кылып бектери
Айкөлүнүн ашына
Бири да келбей калган дейт...

**Соңу.**

# Семетей



## ЖОМОК БАШЫ

Ээ..й! Көбү төгүн, көбү чын,
Көпчүлүктүн көөнү үчүн,
Көрүп келген киши жок,
Көбөйткөн менен иши жок.
Атаңардын жомогу,
Айтпай койсок болобу!
Уламадан уккан сөз,
Улам бирге жуккан сөз.
Карылардан калган сөз,
Каттай жаттап алган сөз.
Байыркынын жомогу,
Таң калардык калкы көп!
Эр Манастан жаралган,
Бир уянын жалгызы,
Сермешкендин каргышы,
Бала жолборс Семетей
Баатырлардын бириккен,
Жүрөгүнөн жаралган,
Азап көргөн элинин
Тилегинен жаралган.
Пайгамбардай Кошойдун
Батасынан бүткөн дейт.
Көк жал Манас айкөлдөй
Атасынан бүткөн дейт.
Кан Манастын акылман
Зайыбынан бүткөн дейт.
Айланчыктап арбактар,
Азиз кылып кеткен дейт.
Бала төрө Семетей
Элине тутка болгон дейт.
Ошол күндөн ушул күн,
Төккөн кумдай күн өттү,
Түгөнбөс нечен түн өттү.
Эсеп жеткис жыл өттү,
Сыр найзалуу эр өттү,
Санжыргалуу шер өттү.
Аты калып, наркы жок,
Эчен түрлүү эл өттү.
Ошол күндөн ушул күн,
Сай бузулуп, тоо болду,
Тоо бузулуп, коо болду.
Ошол күндөн, ушул күн
Түтөп өскөн жомокко
Сөз кошулуп, ыр кетти,
Манас менен Семетей,
Жазып калган эмедей,
Алысындан көп болуп,
Атпай журтка кеп болуп,
Унутулбай бул жетти.
Качан болсо, бул жомок
Кайрат берер кеп экен.
Кыйла кылым өтсө да
Калк баатырын жомоктоп,
Карыбасы эп экен!..
Муну мындай таштайлык,
Алдас уруп шашпайлык,
Баатырдын уулу Семеңдин
Тарыхынан баштайлык.

## КАНЫКЕЙДИН КӨБӨШ КАНДАН ЧАБЫЛГАНЫ

Кан Манастын иниси
Көпкөн Көбөш кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Сен улуусуң, Абыке,
Каныкейди өзүңө
Алып берем», – деп айтат.
Абалдан адам өлүүчү,
Кайгыны калкы көрүүчү,
Жесири калса агадан,
Жеңесин кайни алуучу».
Деп ошентип калганда,
Абыке туруп кеп айтат:
«Мен албаймын,– деп айтат,–
Энедей болуп калыптыр,
Койнуна кантип жатам?» – дейт.
Көбөш анда кеп айтат:
«Сен акмаксың! – деп айтат.–
Сен албасаң, мен алам,
Садага кеткин катындан,
Куру калдың бактыңдан!
Агасынын катынын
Иниси ээн таштабайт?!
Чогулуп кеңеш кургула.
Түнөргөн тул жеңемди
Көндүрүп мага тынгыла!
Манастан калган кырк чоро,
Өзүмө чоро болгула!
Каалаcаң, кара, жан мына!
Калың элди башкарчу
Иниси Көбөш кан мына!
Көбөш менен Абыке
Шер Манастын иниси.
Кыргыл аба, Тазбаймат,
Каныкейге баргыла!
Жесир калган жеңемдин,
Убадасын алгыла!» –
Деп, ошентип көр Көбөш
Чоролорго сөз айтты:
Ошондо Кыргыл кеп айтат,
Кеп айтканда эп айтат:
«Аркар аяк, жез билек
Атты Манас мингизди.
Тонсуз келген чорого
Келеме кериш, кең күрмө,–
Тон мыктысын кийгизди.
Оймок ооз, бото көз,
Ойкуштаган жал-жал көз,
Кырмызы көйнөк, найча бел,
Кылактаган сулууну
Алып берди зор Манас.
Үйсүз келген чорого
Чылк жибектен чалдырган,
Борумдап ордо салдырган
Ордо берди шер Манас.
Малсыз келген чорого
Адырда жылкы ала баш,
Аргымак, буудан аралаш,
Бөлүп берди шер Манас.
Үзүлгөндү улады,
Чачылганды жыйнады.
Өчкөн отту тамызды,
Өлгөндөрдү тиргизди.
Берен Манас – Көк жалдын
Этегин кармап эр болдук,

Эр уулуна тең болдук.
Жүргөн жерден чаң чыкты,
Денибизден жан чыкты.
Кабылан Манас каныдын
Арбагы карап турганда,
Ордого кантип киребиз!» –
Ошондо Көбөш дүпүлдөп,
Кирген суудай күпүлдөп:
«Кыргыл чал менен Тазбаймат,
Азыр экөөң барасың,
Жеңемден кабар аласың!».
Деп ошентип калганда,
Кыргыл чалың канетсин,
Айбалта белге калды эми,
Тайманбаган Байматты
Жолдош кылып алды эми.
Кан Манастын ордого
Экөө жетип барды эми.
Эки чоро элеңдеп,
Айтар сөзүн белендеп,
Каныштын барды кашына.
Замана түшүп зарланган
Каныкейдин башына.
Октоорулган Кыргыл чал
Ойлонуп карап турбады:
«Жамандык кантип санайын,
Кулак салгын, сен, айым,
Өлгөндөр кара көрдө бар,
Кайгылуу арман элде бар,
Жесирдик арман сенде бар.
Эр Манастан айрылып,
Кайгырган кара жесир бар.
Атасынан айрылган,
Семетей деген жетим бар.
«Кайниме тийбейм»,– дептирсиң,–
Каныке, сенде кесир бар.
Эр Көбөш эстүү бала экен,
Жалгыз балаң жетимге
Арка болчу жан экен.
Бакдөөлөт тууду дебесең,
Манаска жакын бар экен.
Өлгөндөн жесир калуучу,
Өрнөктүү жолго салуучу.
«Өз жесирим алам» деп,
Кайниси каалап алуучу.
Кайниси каалап турганда,
Каралуу катын, жаш балдар
Качканда кайда баруучу?!
Жактырбай койбо сөзүмдү,
Жаман көрбө өзүмдү.
Айтканы келдик өзүңө.
Кашкөйлүгүн карматып,
Каршылык кылба сөзүмө!
Инисин «алып калам» дейт,
Ал өзүмдүн балам – дейт,
Тил албаса бул жесир,
Айдап жолго салам – дейт.
Ачык айтып, ак сүйлөп
Убадаңды бересиң,
Убадаңды бербесең,
Көргүлүктү көрөсүң!».
Ушул сөздү укканда,
Каныкей карап турбады,
Чындап жаны кашайып,
Чымындай сабыр кылбады.
– Арачы болуп сөз айтар
Экөөндөн башка эл жокпу?
Карабет болуп эри өлгөн
Калкында мендей кем жокпу?!

Асылымдын өлгөнү
Кырк күнгө да толо элек,
Мен карабет шордуунун
Башынан кара түшө элек.
Артында калган жетимиң,
Сүйлөп сөзгө кире элек.
Кырктын башы Кыргыл чал,
Акылман тууган эр элең,
Арага келчүү сен белең?!
Мен карабет Каныкей,
Тартынбаймын өлгөндөн,
Уялсаңчы, эки акмак,
Арачыга келгенден!
Мен Каныкей кашка,– деп,–
Чоролор оюң башка,– деп,–
Болоттон соккон ак канжар,
Кармай калып сабынан,
Сымбатын бузуп кумсарып,
Сууруп алды кабынан,
Чоролор күтүп турбастан,
Качып чыкты бурбастан,
Кара мүртөс кан Жакып
Күрпүлдөдү муну угуп:
«Акмакты барып сойгула,
Жаш жетимден айырып,
Жалгыз кылып койгула!»
Деп ошентип калганда,
Кепке-сөзгө келбестен,
Абыке айтса көнбөстөн,
Алактады көр Көбөш
Ачуусун жанга бербестен:
«Катындан кордук көргөн соң,
Кан болуп кантип турамын.
Колумдан келсе, долуга
Кордукту мыктап кыламын!». –
Ошентип Көбөш аттанды,
Көптөгөн жоого чыккансып,
Көрүнгөнгө мактанды.
Аныктап жанга батканcып,
Алыстан душман тапкансып.
Козутуп алган кол менен,
Аз гана эмес мол менен
Басып кирди кан Көбөш
Сарайга кирчү жол менен...
Ал-аңгыча Каныкей
Келгендерден кеп угуп,
«Чапмак болду» деп угуп,
«Соо койбойт деп баламды»,
Сарамжалын бүтүрүп.
Келерин билип ойлонуп,
Кейип ыйлап толгонуп.
Баламды союп кетет,– деп,
Түбүмө чогуу жетет,– деп,
Жалгызымдан айрылсам,
Кантип күнүм өтөт? – деп,
Чыйырдыга кеп айтат:
«Энеке, тыңша! – деп айтат. –
Уулуңдан калган ботоңду,
Боорубузга бассак дейм!
Мелтиреп жаткан кара зоо,
Ошону көздөй качсак дейм!
Арамдар келсе, он кылбайт,
Жалгызыңды соо кылбайт!
Асылыңдын жалгызын
Алдырып койсок жаманат!
Энеке, менин жетимим –
Бир өзүңө аманат!..
«Эри өлгөндө катынга,
Төркүнү жакын» – дечү эле.

– Душмандын көзүн тойдуруп,
Баламдын көзүн ойдуруп,
Бул жерде жүрүп нетейин?
Букарды көздөй кетейин.
Тоодогу жылкы алабаш,
Тобурчак, буудан аралаш,
Томсортпой журтту күтүүчү
Аркамда эркек бала жаш.
Алдырып салдым иттерге,
Айыпка мени кааласаң,
Асылым туйгун ала жат!
Алтынды жыйган сен болдуң,
Азабын тарткан мен болдум.
Күмүштү жыйган сен болдуң,
Күнүндү көрүп алты арам,
Күйүтүн тарткан мен болдум.
Кара-Буура, Чаткалым,
Кайрылып турар чама жок,
Кайран жерим, эсен бол!
Аппак калпак, көк чепкен,
Коштошо албай баратсам,
Кайран элим, эсен бол!
Кызыл көйнөк, найча бел
Кыз балдарым, эсен бол!
Келенкер чачпак, кең соору!
Келиндерим, аман бол!
Кара эгинден күрүч көп,
Калайынан күмүш көп,
Боз коёндон түлкү көп
Бокчого жыйган мүлкү көп
Кайран жер, Талас, аман бол!
Ак сакалын жайкаган,
Адамдын сырын байкаган,
Арипташкен адамды
Алаканда чайкаган;
Көк сүлөөсүн бөрк кийген,
Көк ала калкан ойноткон,
Астыга салса, ак жолтой,
Аркага жүрсө, сан колдой,
Капилеттен сөз тапкан,
Караңгыда көз тапкан,
Кысталганда бу жандын,
Амалын таап берүүчү
Абакем Бакай мында жок.
Ай караңгы түн экен,
Megдей жесир байкуштун
Азапты тартар күнү экен.
Деп, ошентип, Каныкей
Атышта кийсе ок өтпөс
Аколпокту таба албай.
Манастан калган суп чепкен,
Суп чепкенди кийинип,
Ошого деле сүйүнүп,
Алмамбеттин Сырбараң
Сырбараңды таянып,
Окчундай басып жай алып,
Талоондоп калган буюму,
Аз да болсо, көп болуп,
Кара сур өңү чөп болуп,
Кайраттанып бел байлап,
Кайгырып ыйлап, көз жайнап,
Канчалык жери жарадар,
Кангырап басып шор кайнап,
Акырек эти бөлүнүп,
Капталынан аккан кан,
Этегинен төгүлүп,
Бүлдүргө болор жип калбай
Бүлкүлдөп үрөр ит калбай,

Как этип учкан карга жок,
Кук этип учкан кузгун жок,
Кара кылар адам жок,
Кайсап алар тамак жок,
Кең дүнүйө тар болуп,
Таластан кетти Каныкей
Муңдашарга зар болуп.

## КАНЫКЕЙ ЧЫЙЫРДЫ МЕНЕН СЕМЕТЕЙДИ АЛЫП КАЧКАНЫ

Кең дүнүйө тар болуп,
Келберсиген Каныкей
Кемирчекке зар болуп,
Канча жара моюнда
Басып барат ошондо,
Үйүрмө кырдын оюнда,
Жаралуу бою зыркырап.
Үшкүргөндө Каныштын
Оозунан түтүн буркурап,
Кайран энең Чыйырды
«Коёюн,– деп,– ыйымды»,
(Көзүнүн жашы дарыя
Далайды көргөн олуя)
Балтыр бешик баласын
Бооруна басып алыптыр.
Темселеп турган жесирге
Телмире көзүн салыптыр.
«Ой, Каныкей кулунум!
Ыйлай бербе буркурап,
Боздой бербе чыркырап!
Берениң, төрөң өлгөн соң,
Белиңди байла, Каныкей!
Бүгүн көргөн эртең жок,
Ушундай экен дүйнө бок.
Күн ушундай болгон соң,
Атакеңдин шаарына
Тезирээк барып жетели!
Ажалы келсе, өлөрбүз,
Азабы болсо, көрөрбүз.
Жалгызың эптеп эр жетсе,
Бир жакшылык көрөрбүз!
Найзага таккан желегим,
Айкөлдөн калган белегим.
Тулпардан калган туягым,
Ушу турган Семетей –
Туйгундан калган чунагым;
Асманда жарык жылдызым,
Жакамда жакут, кундузум;
Оозумду ачып өпкөнүм,
Көзүмдү ачып көргөнүм».
Деп, ошентип Чыйырды,
Күрсө-күрсө жөтөлүп,
Балтыр бешик жетимди
Алмак-салмак көтөрүп,
Белести басып өтө албай,
Караган, бута, таш көрсө,
Бекинген менен бата албай,
Чарчап, ыйлап, басалбай,
Чапчактын белин аша албай,
Кепич кийбей, байпакчан
Кейип басат курган жан.
Басайын десе ал кетип,
Балтырдан кара кан кетип,
Жиликтин башы зыркырап,
Таманы ташка былчырап.
Эки катын, бир бала
Батпай кетип баратат,

Адыр-адыр белести,
Ашып кетип баратат,
Камчыланып тынымсыз,
Шашып кетип баратат.
Адам баспас жол менен
Басып кетип баратат.
Мээ кайнаган чөл менен
Тайтору менен Акборчук
Кылт дегизип суу жутпай,
Кырт дегизип чөп чалбай,
Жамбаштап уйку кандырбай
«Беренем төрөм өлбө!» – деп,
Белгилүү туулган Каныкей
Куурап кетип баратат.
Көөкөргө куйган азык-сүт
Ат үстүнөн жетимге
Упчу менен эмизип,
Бышырган жилик, эттерди
Чыйырдыга жегизип,
Күндүзүндө тынч албай,
Түнүчүндө уйку албай,
Түндө тынып калбастан,
Күн мезгилин албастан,
Күндөп-түндөп жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Эчен белден ашты эми.
Күмүш кайың, гүл токой,
Гүл-Токойго жетти эми.
Оң-тетири теминип,
Аябас алыс жол жүрүп,
Мунарык түшкөн чөл менен,
Будур-будур бел менен,
Имерилген жол менен,
Ийри-буйру суу менен,
Далай-далай чөл басты,
Букарга келди жол асты.
Далай жерден өткөндө,
Каныкей бала кезинде
Ойноп өскөн Чоң-Ак-Чий
Чек арага жеткенде,
Көңүлү көпкө бөлүндү,
Көнгөн жерди көргөндө,
Көзүнүн жашы төгүлдү:
«Кагылайын энекем,
Таянган медер берекем!
Эсиме келди балалык,
Ушу турган Букарга
Жаралганым айтайын.
Букарда атам Темир кан
Он эки кыз көрүптүр.
Оё бычып калың жеп,
Он эки канга бериптир.
Он үчүнчү бир болуп
Мен шордууну көрүптүр.
Тоюма токсон союптур.
Тоодой этке тойдуруп.
Мен бейбактын атагын.
Санирабига сулуу коюптур.
Мойнума тумар тагыптыр,
Эркелетип багыптыр,
Мен экиге келгенде,
Ысмайылды төрөптүр.
Жетиге чыгып келгенде,
«Жеткилең болот балам» – деп,
Мойнума жакут тагыптыр,
Бүткүл Букар элдери
Эркелетип багыптыр.
Желбес жорго ат минип,
Мойнумда мончок шаркылдап,
Желбегей торко тон кийип,

Алтын тонум жаркылдап,
Сейилдикте жүрчү элем.
Чоң Букарга жеткиче,
Чоочун жолдон өткөнчө,
Кемегедей коосу жок,
Буурусун тийген чийин жок,
Адыр-адыр бел келет,
Азабы катуу тер келет.
Куландардын туягы
Куйкаланган чөл ошол.
Ошол чөлгө барганда,
Кагылайын энеке,
Айлабыз чогуу кетпесин,
Алдейлеп жүргөн жетимдин,
Ажалы бөөдө жетпесин?..»
Муну мындай таштайлык,
Букардын каны Темиркан,
Ошолордон баштайлык.
Акылы терең, колу март,
Касиеттүү жан эле.
Балдарынын кенжеси
Ысмайыл аттуу бала эле.
Эмирдин уулу Ысмайыл,
Толуп калган чагы экен.
Эл оозунда макталып,
Болуп калган чагы экен.
Былк эткизбей көп журтту
Бийлеп калган чагы экен.
Ит агытып, куш салып,
Ат арытып, жер чалып,
Элдин четин сак сактап,
Жүрүп калган шер экен,
Ит-Торпунун боюнда,
Кан Букардын оюнда,
Түгөнгөн тоонун урчукта,
Дүмүрөйгөн тумшукта
Алыстагы караанды,
Ысмайыл көрүп туруптур.
– Көгөрүп булут көрүнөт,
Эрбеңдеп караан бөлүнөт.
Жүргүлө, эрлер, баралык!
Басып келген жоо болсо,
Төбөсүнөн басалык.
Жортуп жүргөн эр болсо,
Жолдон кармап алалык,
Курмандыкка чалалык!
Темир кандын Ысмайыл
Айбаттанып бакырып,
Букардап ураан чакырып,
Айкырыкты салганда,
Чыйырды менен Каныкей
Өлүп жерге кире албай,
Жоо экенин биле албай,
Бүткөн бойдон ал кетти,
Өңдөн кызыл кан кетти,
Көздөрүнөн жаш кетти.
Кайран киши Каныкей
Колундагы жарагын
Карбаластап алганы,
«Бата бер,– деп,– энеке!»
Кайраттанып алганча
Жигиттер менен Ысмайыл
Жетип келип жакындап,
Эжекесин тааныды.
Жаралууну тааныды.
Алдынан чыгып Каныкей,
Кайгылуу капа кеп айтты,

Буркурап ыйлап бек айтты:
– Жездең Манас өлгөндө,
Асылың жерден өткөндө,
Артында бала калды жаш
Жаш жетимди калкалап,
Энекемди аркалап,
Таштап качтым Таласты.
Айланайын Ысмайыл,
Жетимди сага берейин.
Мойнуна тумар тагып ал.
Жетимимди кор кылбай,
Өз балаңдай багып ал!
Кууну кушка жегизбе,
Курганда көргөн жалгызды
«Бирөөнүн уулу» дегизбе!
Көкөтөйдүн ашында,
Көп жыйындын кашында,
Батасын берип жалгаган.
Батадан бүткөн Семетей,–
Көрөргө канча күнүм бар,
Ушундан башка кимим бар?
Темир кандын Ысмайыл
Эжеси берген жетимди
Бала кылып алды эми.
Кош аттап жигит чаптырды,
Букарга кабар айттырды.
Букарга жете барганда,
Он жети күнү той кылып,
Бакандары майышты,
Баатырлары сайышты,
Семетейдин тоюна
Көп казына жайышты,
Алыстан келген сынчылар
Аябай тойду жеп кетти.
«Аман болсо бул бала
Ааламга татыйт», – деп кетти.
Кыйладан келген көп сынчы
Кызыктуу тойду жеп кетти:
«Кыраан экен бул бала,
Кылымга татыйт»,– деп кетти.

## СЕМЕТЕЙДИН БАЛА ЧАГЫ

Кыраан Манас көкжалдын
Ата экенин билгизбей,
Кеңирсип жаткан кең Талас
Жери экенин билгизбей.
Артыкча тууган Каныкей
Эне экенин билгизбей,
Таманын жерге тийгизбей,
Маңдайын күнгө күйгүзбөй,
Тай атасы Темир кан
Садагасын бактырды,
«Көңүлү эркин өссүн» деп
Күндө улак тарттырды,
Беш жашына келгенде,
Берендиги билинди,
Каруусуна ок-саадак
Кадимкидей илинди,
Жети жашка келгенде,
Желиккендей күүлөнгөн,
Мылтык атып, жаа тартып,
Жан тең келбей үйрөндү.
Сегиз жашка келгенде,
Шер өңдөнүп жулунду.
Жазгы жүргөн үйөрдөй
Жан-жагына урунду.
Тогуз жашка келгенде,
Тоого колу сунулду.

Тоого чыккан токойдун
Түп тамыры жулунду.
«Тоодой болгон бул тентек,
Топту бузат эми» – деп,
Толгон элге угулду.
Он жашына келгенде,
Оболоп учуп дегдеди.
Оюна түшкөн кыялын
Бир бендеге бербеди.
Обу жок чыккан тентектин
Сазайын берип колуна,
Окшото кыйнап тергеди,
Кабылан тууган чунакка
Каршы бир жан келбеди.
Он бир жашка келгенде,
Оттой жигит ээрчитти.
Оюндагы жумушун
Ого бетер өөрчүттү.
Он экиге келгенде,
Алоолоп турган өрт болду.
Ачуусуна тийгендер
Аябастан мерт болду.
Жер кыдырып, суу бойлоп,
Ондогон жигит кошчу алып.
Бар жарагын тегиздеп,
Ит агытып, куш салып,
Мылтык атып, жаа тартып,
Жол күзөтүп, жоо кезеп,
Найзаны жерге мадатып,
Күүлдөгөн бектерин
Күчсүз кылып жадатып,
Тентектиги ашынды.
Темир кан анда кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
– Өлгөндө көргөн балага
Зарып кылып малымды,
Казынам оозун ачайын,
Дүнүйөмдү чачайын!
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төптөп кабар салайын.
Атагын уккан кишиге.
Манастын ашын берейин!
Билбей калган адамга
«Баламдын тою, же» дейин.
Калкыма кабар салайын,
Сегиз кан элин чогултуп,
Ат чаптырып той кылып,
Бир тамаша салайын!
Он экиге толгондо,
Коёр бекен тентегин?
Ай ортосу болгондо.
«Баарың тойго кел»,– дейин.
Деп, ошентип, Темир кан
Эшенине, элине
Той жөнүндө айттырды,
Төгөрөккө чаптырды.
«Той берет» – деп Темир кан
Алакандай кат кылды:
«Күрүчкө күлүк таптаган,
Күйлөнүп үйдө жатпаган
Буудандуу келсин тоюма!
Найзаны мыкты сайышкан,
Ат буралып майышкан
Найзакер келсин тоюма!
Кабыландай кармашкан,
Ат үстүндө арбашкан,
Тоодой болгон жоон билек
Мыкты келсин тоюма!
Белгилүү болгон күрөштөн,

Берендер менен күрөшкөн.
Жолборс билек, от жүрөк,
Балбандар келсин тоюма!
Мээлегенин жазбаган,
Менсинип жоодон качпаган,
Калдайтып кисе байланган,
Жамбыны жаза атпаган
Мергендер келсин тоюма!
Кара тилин кайраган,
Кан алдында сайраган,
Оозундагы ширин сөз
Арашандай кайнаган,
Кара жаак, жез таңдай
Ырчы, чечен аралаш,–
Баары келсин тоюма!
Өзүнөн-өзү ээликкен.
Жоо көрбөсө жээликкен,
Кан багалек, кандуу кол
Эрлери келсин тоюма!
Калың элдин атасы
Кары келсин тоюма!
Калдайган элин башкарган
Букардагы сегиз кан,–
Баары келсин тоюма!
Жесир катын Каныкей
Бул кабарды укканда,
Тайторудай бууданды
Чабайын деп бул тойго,
Ырым кылып калды эми.
Күрүчтөн күрөп жем берип,
Күнүнө терин алды эми.
Алапайын таба албай.
Адамга акыл сала албай,
Өзүнөн өзү камыгып,
Өксөп ийди Каныкей
Өзөктө өрткө чалынып,
Атпай кыргыз – кең Талас,
Өзүнүн элин сагынып,
Байге чапсам Торуну,
«Жеңемдин аты экен» – деп,
Белсенип сүрөп алгандай,
Белгилүү кыргыз элим жок!
Октой болгон Тайтору
Белгилүү күлүк мал эле,
Береним төрөм өлгөндө
Катагандын кан Кошой
(Кагылайын абакем!)
Асага берген мал эле.
Анык тулпар Тайтору
Байгени нечен көрдү эле.
Мөрөйүн бербей бөлөккө,
Олжону нечен бөлдү эле:
Ушу быйыл жаныбар
Каржалар кези болду эле.
Азуусун жалап жаныбар,
Алтымыш асый болду эле.
Төлгөгө чаап көрөйүн
Тайтору күлүк атымды.
Астыга келсе Тайтору,
Ушул турган Букардын
Баш байгесин бөлөйүн!
Артта калса Тайтору.
«Ары жок катын» дедирбей,
Ажалдан мурун өлөйүн!
Тентиреп жүргөн чагымда,
Кагылайын жалгыздын
Бактысын сынап көрөйүн!
Чыгып калса Тайтору,
Ичимдин муңун ачайын!
Чыкпай калса Тайтору,

Жүрөгүмдө кара кан
Ай талаага чачайын!
Кагылайын Семетей,
Атасын тарткан шер болсо.
Көпкө тууган эр болсо,
Таласка кудай кондурса.
Төлгөгө чапкан Тайторум,
Талашканды жыгып кел,
«Таалайсыз катын» дегизбей,
Тай талашпай чыгып кел!
Териңди суудай сыгып кел,
Аркардай арыш арбытып,
Тайтору атым чыгып кел!
Артта калсаң Тайтору,
Ажалдан мурун өлөйүн!
Астыга келсең, Тайтору,
Ушул турган Букардын
Байгесин чачып көрөйүн!
Капа болгон бул баштан
Кайгы кетер күн болсо,
Касиеттүү кыргызды
Кайрылып көрөр күн болсо,
Ыйлаган ыйым басылып,
Умачтай көзүм ачылып,
Таласка жетип, жеримде
Өлө турган күн болсо.
Падышалык кайран журт
Көмө турган күн болсо,
Тайтору атым чыгып кел!».
Асмандаган буудандын
Оозу менен алышып.
Окоро түйгөн чоң тизгин
Алаканда карышып,
«Кантээр экен эртең» – деп.
Көзүнөн жашы төгүлүп,
Тал чыбыктай бөгүлүп,
Ийменгенсип кылчактап,
Чыйырдыны кучактап,
«Төлгө кылдым эне!» – деп,
Аттан түшө жүгүрүп,
Жаңы келген келиндей
Тизесин бүгүп жүгүнүп,
Батасын сурап энеден,
Мойнуна камчы салынып,
Туруп калды Каныкей
Токсондогу жөлөгү –
Энесине жалынып.
– Айланайын энекем.
Өзүңдө менин берекем.
Элибиз элден кем эмес,
Атыбыз аттан кем эмес.
Жашы менен карысын
Көрүп келдим баарысын,
Сынап келдим акмалап,
Бууданынын баарысын.
Бакты баштан тайбаса,
Абакемдин Тайтору
Бере койбос намысын!
Чыгып калса Тайтору,
Букарга кызык салайын,
Батаңды берчи, энеке,
Падыша атам алдына
Эркекче болуп барайын.
Дубаңды менден аяба,
Үмүткөр болгон балаңа!
Медерим, менин энекем,
Каршылык кылбай, кайгырбай,
Батаңды бер, берекем!.

Ак байбиче Чыйырды
Барбайып колун көтөрүп,
Күрсө-күрсө жөтөлүп,
Кол көтөрүп зар ыйлайт.
«А дүйнө кеткен Манасым,
Колдой көр»,– деп дагы ыйлайт:
– Ажыбай, Бакай – эки кан,
Арка болуп колдой көр!
Айланайын жараткан,
Каныкей ишин оңдой көр,
Чубак, Сыргак эгизим.
Жесириңе көзүң сал!
Кайгыга тууган жеңеңди,
Кансыратпай сүрөп ал!
Ишин теңир оңдочу,
Келинимди колдочу!
Үмүткөр болгон байкушту
Жер каратып койбочу!
О, Каныкей, кулунум,
Тилегиң теңир берсинчи,
Ушу турган Тайторуң
Байгеге чыгып келсинчи!
Тилекти кудай берсинчи.
Телмирип турган жесирдин
Торусу чыгып келсинчи!
Каралуу катын Каныкей
Чыйырдыдан бата алып,
Сан санаага маталып.
Букарды көздөй аттанды
Бөксөнүн жолун тотолоп,
Тайторуну жетелеп,
Касабасы калкылдап,
Жабдыгынын баарысы
Жай-жайында шаркылдап.
Букардагы сегиз кан
Как жарылып дыркырап.
Эки колу боорунда,
Салам айтты чуркурап,
Узун кулак сарысы,
Көк ала сакал карысы.
Бирөө эмес, дүркүрөп,
Букарлыктын баарысы:
«Белгилүү экен, бек экен,
Биздин элге белгисиз,
Кайдан чыккан эр экен!»
Алар антип жатканда,
Тайторудай бууданды
Кара кийген Каныкей
Кошуп туруп калды эми.
Ат айдагыч жигиттер
Булактатып желегин,
Айдоого атты даярдап.
Тосуп туруп калды эми...
Каныкейдин иниси,
Кан Ысмайыл баатырдын
Жоругунан баштайлы.
«Ат чабам» деп ээлигип,
Эркек киймин кийинип,
Эселек мындай болобу?!
Катын кылбас бул жорук,
Эл аралап тетөлөп,
Алтымыш асый Торусун
«Чабамын» деп жетелеп,
Сегиз кандан эр издеп,
Болбой калган кезиби?!»
Деп, ошентип, Ысмайыл
Барабанын ургузуп,
Баарына жардык салды эмн.

«Бери кел» – деп белсенип,
Семетей уулун чакырып:
«Ой, Семетей кулунум,
Келгендерден кеп уктум,
Жесир эжең кесепет
Ат чабам деп ээлигип,
«Желип жүрөт» деп уктум.
Бузуктукка бел байлап,
Намыссыздык кылган го?!
Тур, Семетей, барып кел!
Астыга келсе Тайтору,
Бери сүрөп алып кел!
Артта калса Тайтору,
Кармай калып тулпарын
Канын суудай агызып,
Курмандыкка чалып кел!
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарып кел!»
Бул сөздү угуп Семетей,
Алтымыш балбан эр менен,
Адыр-будур бел менен.
Бүткөн бою зыркырап,
Жөнөп калды дыркырап...
Касиеттүү Каныштын,
Каалаган журту мында жок,
Бел байлаган бели жок,
Белгилүү атпай эли жок.
Кабырга сөөгү сөгүлүп,
«Кагылайын Семетей,
Эси кеткен шордуунун
Эне экенин биле элек.
Киндик кесип, кир жууган,
Кеңирсиген кең Талас
Жери экенин биле элек.
Ак калпактуу эр кыргыз
Эли экенин биле элек».
Деп, ошентип, Каныкей
Манастан калган дүрбүнү
Мойнунан жулуп алды эми.
Акборчук оозун бурду эми.
Бурамасын имерип.
Дүрбүсүн салып турду эми.
Кең кепенин четинде
Деңиздин берки бетинде,
Оргуп-оргуп чаң чыгат,
Оргуган чанды көргөндө,
Каныштан сызып жан чыгат.
Оргуган чанды караса,
Атасынын Актулпар
Арыштап чуркап алыптыр,
Калың чандан бөлүнүп,
Жалгыз болуп алыптыр.
Куйругу көзгө дирилдеп,
Көкүлү көккө бириндеп,
Закым болуп калыптыр.
Кең-Мойноктун жонунда
Башын жерге сала албай,
Аркардай арыш алалбай,
Каргадай бала жонунда
Келе жатат Тайтору
Үч жүз аттын соңунда...
Капа болуп, Каныкей
Чымындай жандан түңүлдү,
Мурдунан суусун тарталбай,
Көзүнүн жашын арталбай,
Кабыргасы сөгүлүп,
Кан аралаш аккан жаш

Акборчуктун жалына
Шорголоп турду төгүлүп...
Акборчук оозун бурду эми,
Арбагы күчтүү Манаска
Жалынып ыйлап турду эми..
Ит-Торпунун жолунда,
Кезең кырдын оюнда
Санап көрсө Тайтору,
Келе жатат кайран мал
Алтымыш аттын соңунда.
Башын жерге салыптыр,
Аркандай арыш алыптыр.
Мойнун жерге салыптыр,
Болжолсуз арыш алыптыр,
Желгенине жел жетпей,
Жеткилең чуркап калыптыр;
Басканына мал жетпей,
Башкача чуркап алыптыр...
Кара талаа боюнда
Келе жатат Тайтору
Отуз тулпар соңунда.
«Ой жаныбар, бууданым,
Белгилүү күлүк мал элең,
Ардыгым айтам кудайга,
Алтымыш асый так элең!
Кезендинин жонунда
Келе жатат карт буудан
Кең-Ак-Чийдин боюнда,
Он эки тулпар соңунда.
Алтын айдар, чок белбоо,
Азиз кандын жалгызы
Арыштаган бууданды
Алмамбет сүрөп алыптыр,
Анын бери жагында
Кырк чоронун кыраанын,
Акбалтанын Чубагы,
Ач кыйкырык, куу сүрөөн,
Адамдын алы жетпеген,
Арстан тиши өтпөгөн;
Көк рапыс тон кийген,
Көгала сындуу ат минген,
«Жеңекемдин аты»,– деп,–
Акбалтанын Чубагы
Торуну сүрөп алыптыр,
Айгайды катуу салыптыр.
Асты жагын карасаң,
Капилеттен сөз тапкан
Кабылан Манас Сыргагы
Бакырыгы баш жарып,
Кыйкырыгы таш жарып,
Өбөктөп чаап калыптыр,
Этек-жеңи дирилдеп,
Бакырып сүрөп алыптыр.
Анын артын караса,
Аккула минген шер Манас
«Байкушумдун аты,– деп,–
Угулду мага даты» – деп,
Тайторуну соорулап
Коштоп, сүрөп алыптыр.
Ажыбай, Бакай-эки кан
«Байкушум аяш аты,–деп,–
Угулду бизге даты» – деп,–
Булар да кууп калыптыр.
Кайран каныш Каныкей
Арка чачын бир бөлүп,
Өрбөй калган эмеспи;
Антташканы Манасты
Он эки жылы болгончо,
Көрбөй калган эмеспи.

Чын төрөсүн көрүүгө
Куса болуп саргарып,
Кумар болгон эмеспи?!
Асыл тууган Каныкей
Арбактарды көргөндө
Ыйлады жаны чыркырап
«Аташкан төрөм, көк жалым,
Ала кет»,– деп буркурап,
Тентип жүргөн жесирди,
Кең дүйнөсүн тар кылба,
Жетим менен жесирди
Чыркыратып зар кылба!
Карагаттай көзүнөн
Камчы бою жаш кетти,
Көздөн учкан төрөсү
Тирүүсүндөй көрүнүп,
Арманынан чыккан  жаш
Ак жүзүнөн жорголоп,
Кан аралаш ысык жаш
Агып турду шорголоп...
Кең-Мойноктун жонунда
Келе жатат Тайтору
Алты буудан соңунда
«Тайторудай бууданга
Сүрөөнү мыктап салайын!
Айланайын таянчым –
Арбагына кыргыздын
Бир жалбарып алайын».
Кайгысы күчтүү Каныкей
Кылча жанын аябай,
Алды-кийинин карабай,
«Арбактар!» – деп бакырып,
«Айкөлүм!» – деп чакырып,
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Эр адамча бакырып,
«Манас!» – деп ураан чакырып,
Колдоочунун бардыгы
Кошо сүрөп калды эми!
Эпсиз күлүк Актулпар
Ал да күлүк мал экен.
Эңкейишке киргенде
Тайтору озот мойнунча,
Өргө чыга бергенде,
Актулпар озот мойнунча.
Эрегише жарышып,
Эки үзөңгү кагышып,
Томуктай жерде тоосу жок,
Токумдай болгон коосу жок,
Буурусун чийген чийин жок,
Суур казган ийин жок
Кумдуу жолго барганда,
Кузгундай көзүн кызартып,
Актулпардын алдына
Тайторудай бууданды
Алты бута узартып,
Кум талаага барганда,
Жейрендей көзүн кызартып,
Алтымыш асый Торуну
Алып чыкты Каныкей
Жети бута узартып.
Арка чачын он бөлүп,
Бууп чыгып келатат.
Асылдан калган байкушум
Куру дүрмөт ок менен
Анда-мында бир атып,
Тайторудай бууданды
Кууп чыгып келатат.
Эр мүчөлүү Каныкей
Эки көзү өрт болуп,

Жайнап чыгып келатат.
Куру дүрмөт ок менен,
Күпүлдөтүп аткылап,
Алтымыш асый Торуну
Айдап, сүрөп келатат.
Айбандын зору Тайтору
Башкача чуркап алыптыр.
Мойнун жерге салыптыр,
Болжоосуз күлүк Тайтору
Болбой чуркап алыптыр.
Алты жүздөй нак буудан
Алда кайда калыптыр.
Алтымыш асый Тайтору
Жейрендей көзү кызарып,
Актулпардын алдына
Түшкөн экен куюндай,
Туягы жерге илинбей,
Карылыгы билинбей,
Акыркы күчкө салыптыр.
Чоң казандай даңканы
Төбөсүндө чыркырап,
Кум аралаш майда таш
Куюн тийген эмедей
Учуп жүрөт зыркырап.
Аркардай арыш узарып,
Кулжадай көзү кызарып,
Араандай оозу ачылып,
Кан аралаш ак көбүк
Жол боюнда чачылып,
Оодукту каккылап,
Тал жибектей куйрукту
Чаткы аякка чапкылап,
Келе жатат Тайтору
Учкан куштай калкылдап.
Бала туйгун Семетей
Астындагы тулпарга
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Айбаттуу ураан салды эми.
Кайран катын Каныкей
Асмандан күнү бүркөлүп,
Азап көргөн башына
Алтымыш санаа бир келип:
«Айланайын кудай-ай,
Атын ээси алдыбы?!
Артыкча көөнүм жадырап
Тилекти берип салдыбы!
Көрөргө эми күнүм бар,
Ушундан бөлөк кимим бар?!
Тулпардан калган туягым,
Туу казанат чунагым!
Найзага таккан желегим.
Асылдан калган белегим!
Алыста калган элиңе
Аныктап тиер керегиң!».
Деп, ошентип, сабылып,
Карасын кайра салынып,
Атасындай чунактын
Карaанына жалынып!..
Эч бир жанга көрүнбөй,
Бир кишиге билинбей
Ордону көздөй жөнөдү.
Тоодой болгон Тайтору
Алдыга чыгып келди эми.
Байгесин алып Семетей,
Убадасын бузбастан,
Балбандарга бөлдү эми.

Калайыктын баарысы
Улуу, кичүү, карысы
«Кандай укмуш бала!» – деп
Таң калып карап калды эми...

## СЕМЕТЕЙДИН САРЫ ТАЗГА ЖОЛУККАНЫ

Бала жолборс Семетей
Опол тоодой көрүнүп,
Кыя жол болуп бөлүнүп,
Астындагы мингени
Темир кандын тулпары,
Колундагы алганы
Ысмайылдын шумкары.
Букардан чыгып бөлүнүп,
Көк урчук тоодой көрүнүп,
Ашып-шашып жол жүрүп,
Чоң Ак-Чийди сыдырып,
Май-Булакты кыдырып,
Кыз чагында Каныкей
Сейилдикке чыгуучу
Касиеттүү Кең-Колчүк,
Бала чыга келди эле,
Кээ бир, кээ бир жеринен
Үйдөй чынар көрүнөт,
Ал чынарды көргөндө,
Баланын көөнү бөлүнөт.
Кыдырып ойнор жер экен.
Касиеттүү, мөмөлүү,
«Гүл Токой-Ата» дээр экен...
Имерилген суу менен,
Куштардын үнү чуу менен,
Кубанып бала зыргытып,
Көк шумкарды ыргытып,
Каз-өрдөктү илдирип,
Көкшумкарды белендеп,
Ыргап жүрөт Семетей,
«Көп кубаныч тамаша,
Көрдүм бүгүн кызык» – деп,
Жыргап жүрөт Семетей...
Карап турса Семетей,
Ал токойдун боюнда,
Төрт аркан бар жонунда,
Эчки тону этинде,
Эрдик сүрү бетинде,
Жаткан иттей кашы бар,
Жан казандай башы бар,
Көмүрү менен көө болгон,
Көп токойго ээ болгон
Дөө сыяктуу таз көрдү.
Шумкардын боосун колго алып,
Көргөнүнө таң калып,
Карап калды Семетей.
Ошол кезде Сары таз
Төө мойнундай чоң орок
Белине мыктап таңылуу,
Кошколдоп кармап алды эле.
Тик багып адам баргысыз,
Аюу чыдап алгысыз,
Тикенектүү токойду
Орок менен койгулап,
Түбү менен жойгулап,
Төөчө жөөлөп алды эле.
«Күү дегизе бир үйлөп,
Кырк кулач көсөө колунда,
Тегерегин үйүрүп,
Кара көрсөң калтырбай,

Жолум үйдөй чүйүрүп,
Көмүрлөрү көрүнүп,
Көнөктөй болгон көпкөк чок.
Көсөө менен бөлүнүп,
Бул көмүрчү тазыңдын
Камбылы көзгө көрүнүп,
Алты көнөк суу баткан
Өгүз баш кара жанаяк
Кайнар кара булакка
«Күп» дегизе малды эми,
Жаймалантып төгүлтүп,
Сууну сузуп алды эми.
«Күр» дегизе бир ууртап,
«Күп» дегизе бир бүркүп,
Ачып көздү жумганча
Бир бүрккөн жок, миң бүркүп,
Кырк кулачтай көсөөнү
Көмүрүнө салды эле,
Көк букадай чапчылап,
Тегерете жайды эле,
Алтымыш төөгө жүк көмүр
Өчүп жатып калды эле...
Бул эрдигин көргөндө,
Чыдай албай Семетей;
Салам айтса сөзү жок,
Салам турмак тазыңдын
Көрүп койгон көзү жок.
Зыңгырап ал таз кенебей
Семетейдин саламын
Бучкагына теңебей,
Кылчайып да койгон жок,
Укпай калган эмедей.
Алдыра турган жетимди
Карайын деген көзү жок.
Көмүрүн шилеп карабайт,
Темир кандын эркесин
Кишиби деп санабайт.
Муну көрүп Семеңдин
Жүрөгү күйүп жаралай,
Илебин тартып тына албай,
Кайраты артык жетимиң
Каарданды тура албай:
– Салам берсем, алик жок,
Көмүрдөн башка ишиң жок,
Адамбы десем, сөөгүң жок,
Баатырсыңбы, таз киши?
Башка менен ишиң жок,
Каапырсыңбы, таз киши?!
Сары Таз анда кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Атаңдын көрү, жетим кул,
Эрбең-эрбең толгонсуп,
Эми киши болгонсуп,
Койкоңдойсуң жөнү жок,
Темир кандын шаарына
Теңизин таштап Таласка
Тентип жүргөн сен кандай!?
Тулпарды минип желипсиң,
Оюңда жок эчтеме
Өз атыңды мингенсип,
Өз тонуңду кийгенсип,
Эмне мынча желиктиң?
Кызаңдаган жетим кул,
Кымбатың кыргыз, кең Талас,
Элиңе качан жетесиң?!
Бул токой сага жер эмес,
Атаң Манас көк жалдын
Өпкөсүн жарып өлтүргөн

Коңурбай калча мен эмес!
Белиңди бекем бууп ал,
Берен болсоң, сен жетим,
Кара кытай – кан Коңур
Атаңды мойсоп таштаган,
Ошондон кунун кууп ал!
Токоюм – талаа жер эмес,
Энекеңди алам деп,
Кең Таластан качырган
Абыке, Көбөш мен эмес!
Көк жал атаң өлгөндө,
Кара кийген энекең
Каныкей шорду көргөндө,
Абыке, Көбөш, жоо болуп
Атаңдан калган дүйнөнү
Камчыга ченеп бөлгөндө,
Кыйналып тентип Каныкей,
Букарга качып келгенде,
«Бала кылып алгын» – деп,
Бооруна баскан жетимди
Ысмайылга берди эле.
Эр болсо элин табар – деп,
Элинен кабар алар деп,
Артыңан качып мен келип,
Көмүрчү болуп сенделип,
Көрүнгөндөн тил уккан
Мендей шордуу бар бекен?!
Энесин «эжем» деп жүргөн,
Темир кандын бакмасы
Сендей байкуш бар бекен?!.
Көмүрчүдөн кеп угуп,
«Элиң бөлөк» – деп угуп,
Кечикпестен кеп угуп,
«Кыямат кеткен шер Манас
Өзүңдүн атаң» – деп угуп,
Семетей жетим сабылды,
Көзүнүн жашын көлдөтүп
Көмүрчүгө жалынды:
«Кагылайын, Сары аба,
Эмине дедиң балаңа?
Билбегенди билдирдиң,
Ойго келбес санааны,
Көңүлүмө илдирдиң.
Кечиргин, аба, сөзүмдү,
Керек болсо, чукуп ал
Айнектей эки көзүмдү!
Сөзүм тийди, абаке,
Актулпар сындуу малымды ал!
Башымды тосуп берейин
Чыркыратып жанымды ал!
Кагылайын, Сары аба,
Билбегенди билгиздиң,
Тентиген жетим балаңа
Туйбаганды туйгуздуң,
Келе, абаке, колуңду!
Айткандарың чын болсо,
А дүйнө кеткен шер Манас
Ата экени чын болсо,
Байкуш жесир Каныкей
Эне экени чын болсо,
Таласка өзүм барармын.
Тууган элим кыргызга
Шаң көтөрүп алармын!
Айтканыңды кылбасам,
Төбөсү ачык көк урсун,
Төшү түктүү жер урсун!
Атагы урсун Таластын,
Арбагы урсун Манастын!»

Ант берди жаш Семетей
Атасын көргөн эмедей.
Көмүрчүдөн кеп угуп,
«Атаң Манас» деп угуп,
«Жериң Талас» деп угуп,
Эки көзү жалтылдап,
«Сары абасын» кучактап,
Боодон алып шумкарды
Моюнга чаап тулпарды,
Букарды көздөй чү коюп,
«Айкөл атам Манас» – деп,
«Мекеним эркин Талас»,– деп.
Жер суюлтуп закымдап,
Желдей учкан Семетей
Букарга келди жакындап.
«Темир кан менен Ысмайыл
Тегимди айтпай койду» – деп,
Тегеле жаман таарынды.
Колундагы Көкшумкар
Чынарды көздөй зыргытты,
Үстүндөгү суп чепкен
Жерге чечип ыргытты.
Акылман каныш Каныкей,
Айыңдардан кеп укту,
«Он эки күнгө Семетей
Тамак ичпей, сүйлөбөй,
Ооруп жатат» деп укту.
Кабырга сөөк сөгүлүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Өкүрүп-өксөп тура албай
«Эмне болуп кетти» – деп.
Көзүнүн жашын тыя албай,
Айласы кетип буркурап,
Буйругу күчтүү кудайга
Мунаажат кылып чыркырап,
Өлгөндө көргөн чунакка
Курман болуп кетүүгө,
Бар дүйнөдөн түңүлүп,
Ашып-шашып жүгүрүп,
Айласы кетип алсырап,
Акылынан Каныкей
Танып калган кези эле,
Өпкө-боору от болуп,
Арып калган кези эле.
Энесин Семең көргөндө,
Колун сунуп кеп айтат:
«Карааным, энем!» – деп айтат.–
Керилип турган кара кыр
Кайып тосор желемсиң,
Толкуган көлдөн жетимди
Көтөрүп өтөр кемемсиң.
Мен жетимди көтөрүп,
Качып келген экенсиң.
Он экиге келгенче
Оролуп элди көрбөпмүн.
Азапты тарткан энекем,
Элим кайда? Мен кайда?..
Атакемдин күмбөзү,
Кыргыз деген эл кайда?
«Ой, кулунум, угуп ал,
Муңумду айтам бир далай,
Казылып калган орумду ук,
Кагылайын жетимим,
Кайнап жаткан шорумду ук!
Салгылашкан эки журт
Сабылышып калганда,
Сенин атаң эр Манас
Коңурбайга алдатып,

Кокус жерден өлүмгө
Жакасынан карматып,
Калган болчу арманда,
Кытайдын каны Коңурбай
Атаңды аңдып жетиптир.
Кыр арканын үстүнөн
Далыга сайып кетиптир.
«Атаң, тарс-тарс жөтөлүп,
Жаздыктан башын көтөрүп,
Баш көтөрүп «аа!» десе,
Табак-табак кан кетти,
Алагай көзү жумулуп,
Акырет көздөй кетерде,
Көзүн ачып кеп айтты:
«Кокуй, айым» деп айтты,
«Каны өлгөндө катынга
Төркүнү жакын» деп айтты:
«Бул Талас сага жер эмес,
Көрө албаган алты арам,
Силерге такыр эл эмес,
Темир кандын шаарына
Атаңа барып күнүң көр!
Өлгөндө көргөн чунактын
Мойнуна тумар тактыргын,
Уялашың, бир тууган
Ысмайылга бактыргын.
Он экиге келгенде,
Таласын эске саларсың,
Сенин атаң Манас – деп
Балама сырың айтарсың.
Арбагым анда бар болсо,
Алдынан чыгып барармын,
Жолунан тосуп алармын».
Кан атаң кылган убада,
Кайсы бирин айтайын!?
Арбагын сыйлап атаңдын,
Кагылайын кулунум,
Аман барсаң Таласка,
Арстан Бакай олуям,
Айласы жетик шер ошол.
Кайран абаң кан Бакай,
Эки көзү ириңдеп,
Көкүрөгү кирилдеп,
Тирүү болуп элде жок,
Өлүп кетип жерде жок,
«Көк жал Манас өлбө!» – деп,
Куруп жүргөн кезидир.
«Тилегим качан берет,– деп,–
Жетимим качан келет?» деп,
Ыйлап жүргөн кезидир.
Кулунум, эсен жолуксаң,
Кайраның Бакай кан ошол.
Кан атаң Манас ордуна
Медер болчу жан ошол...
Кагылайын кулунум,
Калкыңдын жайын айтайын.
Көк сүлөөсүн, кундуз бөрк
Чалдары сыпаа кыргыздын.
Кармашкандын жолунда,
Балдары баатыр кыргыздын.
Аргытып, атка чабышкан,
Айкашкан жоодо салышкан,
Келини сонун кыргыздын.
Өрүүдө үйүн оңдошкон,
Көчкөндө төөсүн комдошкон,
Кызылдан кийген күрмөнү,
Жаш кайыңдай буралган,
Тал чыбыктай суналган,

Алганына жарашкан,
Кызыл беттүү, кымча бел,
Кыздары сонун кыргыздын.
Бейкут болуп жайланган,
Белдемчисин байланган,
Кымыз менен сүт берип,
Балдарына айланган,
Кемпири сонун кыргыздын.
Телегейи теп-тегиз,
Жери жакшы кыргыздын.
Өзөгүн берген өз десе,
Эли жакшы кыргыздын.
Талас менен Сары-Өзөн,
Атпайдын жүргөн жери ошол.
Сенин элиң кыргызда
Отор малдан, жылкы көп,
Жашыгынан курчу көп,
Жан жыргаткан ырчы көп.
Элдеринде салты көп,
Экиленген марты көп,
Арамдары көрсөткөн
Алда канча дарты көп.
Борсулдаган күлкү көп,
Жылмаңдаган жубан көп,
Кеткенинен келген көп,
Базарынан кербен көп,
Бараң аткан мерген көп.
Атандын калкы кыргызга
Аңдыша турган шыбыш көп.
Жүз жанбаган баатыр көп,
Баатырды тапкан катын көп,
Карысынан жашы көп,
Өзөн-өзөн суусу көп,
Өрдөк-чүрөк куусу көп.
Каркылдаган казы көп,
Каз ойногон сазы көп.
Арышы жок бечел көп,
Айтышканга чечен көп.
Кайсы бирин айтайын
Алабата, күүдүрөк,
Төөнүн жери кең Талас.
Бетеге белден жошулган
Бээнин жери кең Талас.
Талас өңдүү жер барбы,
Атпай өңдүү эл барбы?!
Кагылайын кулунум,
Бакайдай абам кайда бар?!
Бакайдан саа пайда бар!
Байдын уулу эр Бакай
Жакын тууган Манаска,
Барганда, балам, табарсың,
Баатыр Бакай Таласта.
Бакайды тапсаң өлбөйсүң,
Ак сакалын жайкалтып,
Сыңарым качан келет деп,
Сыпатын бузбай, нарк айтып.
Күмүш тоодо жаткандыр,
Күйүткө башы баткандыр.
Семетей жетим сен үчүн,
Бакайдын шору каткандыр,
Эки Кең-Көл чатынан.
Кең Таластын башынаң
Арстан Манас баатырдын
Күмбөзүнүн кашынан
Бакайга, балам, барарсың,
Бакайды таап аларсың.
Түбү кытай кырымы,
Келтирип чебер жасаган,

Кемтиги жок кылымы,
Сыртын көкжал өгөгөн,
Сыртына күмүш бөлөгөн,
Кароолуна келтирип,
Калкайтып алтын чөгөргөн,
Сайын салып келтирген,
Аткан жоосун өлтүргөн,
Кундагын сырга сырдаткан,
Көргөн жанга сындаткан,
«Тануусу бекем болсун» деп.
Сары алтын зымдан чырматкан.
Баскан жерде «даңк» эткен,
Машаадан мурун «тарс» эткен,
Түтүндөн мурун ок жеткен,
Ажалдан мурун жан кеткен,
Ыраакы, жуук ылгабас,
Болоттон соккон Аккелте.
Ойноп атса, очогор,
Чындап атса, замбирек,
Кагылайын кулунум,
Барганда баарын көрөрсүң,
Атаңдын көрүп күмбөзүн,
Көзүңдүн жашын төгөрсүң.
Чоң атаң Жакып баш болуп,
Абыке, Көбөш кас болуп,
Эзелден душман өзүңө,
Байкабастан жаш жетим,
Жалган сөзгө ынанып,
Келтирбе зыян өзүңө.
Эң оболу жолуккун,
Кан Бакайдын өзүнө,
Эмне десе абакең,
Ишенгин, балам, сөзүнө!
Эсен барып, кулунум,
Эсен келгин өзүмө!..»
Каныкей минтип кеп айтат,
Бардыгын толук эп айтат.
«Касиеттүү Манаска
Тапшырдым, балам» – деп айтат.
Актулпарды мингизип,
Ак темир соот кийгизип,
Жолдун баарын жат айтып,
«Жолун ач» – деп бата айтып,
Жаштыгына баланын
Көңүлү токсон бөлүнүп,
«Кандай заман болот» – деп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Кыйла түркүн ой менен,
Кырк кабырга сөгүлүп,
Мойнунан бекем кучактап,
«Аман болгун, чунак» – деп,
Жаш баладай бышактап,
Коштошкондо Каныкей
Калаалуу Букар зар ыйлап,
Калайыктын баары ыйлап,
Таятасы Темир кан
Букардын мыкты өзү ыйлап,
«Эр жалгызы шер эле,
Атактуу Манас баатырдан
Белек калган эр эле.
Аркасында тууган жок,
Өзү жалгыз неме эле.
Өлбөй, житпей, бул жетим
Аман жүрсүн деги эле!».
Деп ошентип кол жайып,
Калаалуу Букар зыркырап,
Кары-жашы чуркурап,
Каныкей менен Чыйырды
Кош айтышты буркурап,
Баары бата бергенде:

– «Кош, апаке, берекем!
Манасты тапкан энекем!
Айланайын элимден,
Адашып калган мен экен!»
Деп, ошентип, Семетей
Аттан түшүп бүгүлүп,
Бардыгына жүгүнүп,
Кош айтышып кол берди,
«Аман бол, Букар эли» – деп,
Актулпарга жол берди!..

## СЕМЕТЕЙДИН ТАЛАСКА КЕЛИШИ

Боз мунарык керүүнүн
Бою менен кыдырып,
Сыр-Дайра кечип жол тартып,
Ашуу ашып, таш басып,
Бөөт-бөөт бел көрүп,
Бөксөлүү эчен жер көрүп,
Ичке талдан сыдырып,
Чыйырчык, Салар – эки суу
Бою менен кыдырып
Актулпарды чалдырбай.
Жатып уйку кандырбай,
Эски Ташкент, Чалдыбар,
Эңкейип жетим басты эле,
Казы-Курттун чоң талаа,
Ал талаага келгенде,
Жер соорусун көрдү эле,
Оң кол жагын караса,
Мунарыктуу чоң белес,
Өзөнчө кайкаң көрүнөт.
Ошол жерди көргөндө,
Көрүп турган жетимдин
Көңүлү жаман бөлүнөт,
Эңкейип көрсө көк чалкак,
Таластын жери көрүнөт.
Чыдай албай жетимдин,
Көзүнүн жашы төгүлөт...
Жылгындуу Кең-Кол, чоң Талас –
Жер соорусу турбайбы,
Жердеген адам тунбайбы!?
Адырдан аркар куюлуп,
Адырдын чөбү суюлуп,
Будурдан бугу куюлуп,
Тектирден теке камалып,
Текенин жүнү сабалып,
Жаткан экен кең Талас!
Эчтемесин аябай,
Берген экен кудайы!
Жер мыктысы турбайбы,
Жердеген адам тунбайбы?!
Ушундай жерин билбесе,
Жетимди кудай урбайбы?!
Таластын суусу ташыптыр,
Таш башынан ашыптыр.
Түбүнөн ташы калдырап,
Үстүнөн көбүк жалбырап,
Аңтарылып, сөгүлүп,
Төө өркөчтөп төгүлүп,
Төмөн жагын карасаң,
Жаткан экен ченемсиз
Төрт дайрадай көрүнүп.
Андан ары караса,
Түгөнгөн тоонун урчукта,
Дүмпүйүп жаткан тумшукта,
Кара жолдун үстүндө,
Заңкайып күмбөз көрүндү.
Ак күмбөздү көргөндө,

Көзүнүн жашы төгүлдү.
Алтын жаак айбалта,
Ач бөйрөккө таянып:
– Алдымда турат бейитиң.
Он эки пирге кол берген,
Ойронум, атам, өлдүңбү?!
Он экиге чыкканда
Оролуп араң келдимби?!
Жалгызың келди өкүрүп,
Күйгүлтүк атам, ойгончу!
Кабылан атам, өлбөй кал,
Жалгызың жетим калбай кал!
Атам Манас бар болуп,
Актулпар оозун бурбадым,
Өзүңдүн көзүң өткөндө
Өксөгөн элдин ичинде
Кызматында турбадым!
Деп, ошентип, Семетей
Арманын айтып бакырып,
«Атакелеп» чакырып,
Ысмайылдын Сырнайза
Атасынын күмбөзгө
Босогого урду эле.
Сырнайзаны таянып,
Атакелеп турду эле.
Карап Бакай карыя,
Акылы элге дарыя,
Көкчологун теминип
Семетейди көргөндө,
Көзүнүн жашы себилип,
Чындыкпы деп толуктай,
Сурап калды кан Бакай:
– Урааның ким, дайның ким?
Уругуң ким, айлың ким?
Кай уруктан болосуң?
Тукумуң ким, дайның ким?
Туура чыккан айлың ким?
Киндигиң кескен жериң ким?
Өнүп-өскөн элиң ким?
«Семетей эмей кимсиң» деп,
Шектенип турам өзүңдөн.
Маңдайыңа карасам,
Ырыскың толуп төгүлөт,
Бар тулкуңа карасам,
Чын Манастай көрүнөт!
Эр Семетей кеп салды,
Кеп салганда деп салды:
– Айланайын абаке,
Арзып келдим эл үчүн.
Абакем Бакай, сен үчүн,
Акшумкардай айланып,
Акыры келдим жер үчүн.
Кан Манастын жалгызы,
Букарда жүргөн көзүмүн,
Семетейдин өзүмүн!
Баладан бул сөз чыкканда,
Баатыр Бакай укканда:
– Манастан калган өбөгүм.
Кагылайын чырагым,
Манастан калган тирегим!
Каныкей эсен бар бекен?
Чыңырып кеткен Чыйырды,
Чоң энең эсен бар бекен?
Армандуу Бакай кантейин,
Ажырап калдым жеримден.
Чоң атаң сенин Жакып кан,
Аман-эсен дагы эле.
Арага адам жибербей
Үстүнө баса баралы,
Өң көргөндө жүз таят

Өзүнөн кабар алалы!
Кан Жакып болсо, арыган,
Башкача пейли тарыган.
Пейли кара түгөнгүр,
Акылынан алжыган.
Көбөш абаң, көр эле,
Ниети кара жер эле.
Көр Көбөштүн өзүнөн
Жакшылык күтпө дегеле!
Абыкеде айып жок,
Акылга дыйкан неме эле.
Мен Жакыпка барайын,
Барып кабар салайын!
Долу чалды дүрбөтүп,
Сүйүнчүсүн алайын!
Аста-секин аяңдап,
Аркамдан жете келерсиң,
Балакетиң алайын!».
Деп, ошентип кан Бакай,
Жетип барса Жакыпка,
Олтуруптур сербейип,
Ак калпагы башында,
Бакдөөлөтү кашында.
Баштагыдай шартылдап:
– Абаке, Жакып, сүйүнчү,
Душманга болсун күйүнчү!
Семетей келди, тосуп ал!
Жакып менен Бакдөөлөт
Сүйүнчүңдү берип сал!
Жакып кан турду ойлонуп,
Тескери карап толгонуп,
Кара каска жойлонуп.
Карсылдап Жакып күлгөнсүп,
Кан Бакайды сүйгөнсүп:
– Болсун, Бакай, болсунчу!
Баламды бачым алып кел,
Көрүп көзүм тойсунчу!
Сагынган балам келиптир,
Тилекти кудай бериптир! –
Деп, ошентип, кан Жакып
Эр Бакайды жөнөтүп,
Катынына кеп салды
Кеп салганда деп салды:
– Эми байбиче Бакдөөлөт,
Семетей келип калыптыр,
Башынан бузук, ит Бакай,
Баланы колго алыптыр.
«Балаң келди» дегенсип,
Мага кабар салыптыр.
Бул кара тумшук жайрагыр,
Каныкейден кеп укту.
«Кан Жакыптын тукуму
Жакшылык кылбайт» – деп укту.
Туубай жатып туйлаган,
Туурга конбой талпынган,
Чаппай жоону коркуткан,
Кечпей сууну толкуткан,
Узабагыр өлбөсө,
Уят кылат балдарды.
Колу жетсе кор кылат,
Кан Жакыптай чалдарды.
Мындай сөздү билбеген,
Ушул кезде жан барбы?
Өжөр жетим соо турбайт,
Өчөшкөнүн соо кылбайт.
Өлмөйүнчө тынбайт го,
Кытайдын каны Коңурдан?
Манастын кунун алам деп,
Кыргыздын канын төктүрбөй
Казатка элди айдайт го!

Абыке менен Көбөшкө
Эч жакшылык кылбайт го?
Жаш жайрагыр жетилген,
Жакшылык болбойт жетимден,
Өзүм ичкен идишке
Бакайга арак суу бергин!
Шербетке чылап аябай,
Семетейге уу бергин!..
Аракка Бакай дуулансын,
Заар ичип, жетим уулансын!
Байбичем, бачым тургун,– дейт,–
Бакай кайтып келгинче,
Даяр болуп тургун! – дейт!
Жакыптан бул сөз чыкканда,
Бакдөөлөт муну укканда:
– Өз баласын өлтүргөн,
Э кокуй, сендей жан болбойт!
Небересин өлтүргөн
Эзелде, сендей чал болбойт!
Ууңду Жакып, чылабайм,
Айтканыңа чыдабайм!
Жаңы өспүрүм жандарга,
Убалың тиет балдарга!
Кабарың кетет кандарга,
Жамандыгың угулат,
Өзүң теңдүү чалдарга!
Бул сөзүңдү койгун! – деп,
Бакдөөлөт айтып турганда...
Бычагын кындан сууруп,
Бакдөөлөттү кууруп,
Жакып турду калтылдап,
Бакдөөлөткө баркылдап:
– Азыр сени соёюн,
Унчупас кылып коёюн!
Өчүмдү сенден аламын,
Заматта жайлап саламын!
Шамшарын алып колуна,
Оолугуп Жакып турганда,
Коркконунан Бакдөөлөт,
Аякка ууну чылады.
Коркконунан Бакдөөлөт,
Не кыларын биле албай,
Эсинен таньп сулады...
Ал аңгыча болбостон,
Семетей менен кан Бакай
Кирип келди «салам!» – деп.
Семетейди көргөндө,
Бакдөөлөт менен Жакып кан
Басып калды «балам» деп.
«Армандуумун» – деп баштап,
Каныкейге тек таштап,
Кайгыргансып кан Жакып,
Алдында турду кеп баштап,
«Жетимим сени сүйдүрбөй,
Чебер-чендүү күйдүрбөй,
Арстаным Манас өлгөн соң,
Чыйырды эстен адашты.
Каныкейге кошулуп,
Чындап бетбак жанашты.
Качып кетти тил албай,
Таштап коюп Таласты.
Кайсы бирин айтайын!
Көрдүм балам көзүңдү,
Агаларың сагынып,
Күтүп жүрөт өзүңдү!
Туйгунум келдин болду эми!
Атандан калган туурга
Асылым туйгун конду эми!
Ой, байбиче Бакдөөлөт!
Арак, шербет куйсаңчы,

Суусап келген балама
Шербеттен бачым сунсаңчы!
Өзүм ичкен арактан
Эр Бакайга сунсаңчы!
Бакайга арак куя кой!
Баркыңды билчү кайниңе
Басып келип суна кой!».
Кумурадан Бакдөөлөт
Куюп сунду аякты
Ичип алды кан Бакай.
Шербетти сунду уу салган
Калбайын деп балаага
Чайкады башын балага.
Семетей алып аякты,
Кайра сунду Жакыпка.
Адашпайын жолуман
Сыйлаймын чоң атамды
Арбагың улуу чоң атам,
Ичип кой менин колуман!

Деп, ошентип, Семетей
Тура калып сунганда,
Жакып кан шашып жалдырап,
Сөз баштады балдырап:
«Кулунум, уккун чынымды,
Айтайын бардык сырымды,
Сапар кетер чагымда,
Кыстаба, балам, «ичкин» деп,
Кыямат кетер табымда.
Манастан калган бир жалгыз,
Көрсөттү кудай башыңды.
Таттырба даамын мунуңдун,
Ичип кой, сүйгөн кулунум!».
Жакып кан ичпей койгон соң,
Манастын уулу эр Семең,
Басалгалуу эр немең
«Атам-энем татпаган,
Шарабын кантип ичемин?»
Деп, ошентип Семетей,
Өзүнүн ишин баштады.
Ит аякка толтуруп,
Шарапты куюп таштады.
Маңгыт-даңгыт иттери,
Жыттаганда кулады.
Ана-мына дегиче,
Жансыз болуп сулады...
Жашырган иши чыккан соң,
Жакып калды алдырап,
Эч ылаажы таба албай,
Эки көзү жалдырап.
Эми Бакай кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Сабыр кыл, балам Семетей,
Ачууга акыл алдырба!
Арапчы шайтан азгырса,
Адам калбайт жаңылбай.
Жаңылып калган Жакыптан
Кетелик балам, өч албай,
Иттигин көрчү Жакыптын,
Жүрөгүнө муз катып,
Жүрүптүр сени сагынбай».
Ошентип айтып кан Бакай,
Ак сакалын жайкалтып,
Бозчологун чайпалтып,
Көөлдөгөн Көбөшкө
Кирип келди кеп айтып.
«Ажардуу туулган шер келди
Кас, душманга күйүнчү,
Сенделип кеткен Семетей,

Сергегим келди, сүйүнчү!..
Канатың келди тосуп ал!
Кайгырып кеткен ииниңди
Кадырлап элге кошуп ал!»
Бул сөздү Бакай салганда,
Көөлдөгөн көр Көбөш
Ачуусу келип, чыр салды.
Кубанып келген Бакайды
Кол бакан менен бир салды.
Кан Бакайдан ал кетти,
Чоролор чуркап барышып,
Көбөштү кармай калышып,
«Кечиргин аба, кечир!» – деп,
Бакайдын башын таңышып,
Карылары Көбөштү
Тилдеп жатат жабышып.
Карап турган калың эл
Киши өлгөндөй чуркурап,
«Семетей келип калды» – деп,
Кубанып ыйлап, буркурап,
Бир-бирине айтышып,
«Мен сүйүнчү алам» – деп,
Айылга чаап кайтышып,
Сүйүнчүгө ат алып,
Жыргаганы андан көп,
«Элдин ээси келди» – деп,
Ырдаганы андан көп.
Түпөктүү найза колго алып,
«Семетейди тосом» – деп,
Ыргаганы андан көп.
Тебетейин колго алып,
«Жүр, Семетей келди» – деп,
Бирин-бири чакырып,
Булгаганы андан көп.
Кубангандан бир жерде,
Турбаганы андан көп...
Ошондо курган Абыке,
Кан Бакайга какшады.
«Эми жаным калбайт» – деп,
Абыке сөзүн баштады:
«Арбак урган Көбөштү
Анык кудай алды го?!
Армандуу дүйнө кантейин,
Иш бузулуп калды го?!
Абаке Бакай, сабыр кыл,
Азапка мени салды го?!
Баш айрылса, жабылуу
Бөрк ичинде калса экен!
Жетимим келсе, жетилип,
Сүйүнбөй кантип коёмун?!
Кетип калган бир жалгыз,
Келип турса оёнум!
Арманым катуу, дартым зор,
Көбөштөн күйүп, болдум кор!
Энелеш болуп калганым –
Маңдайымда калың шор!
Жетимчем келсе, жетилип,
Көтөрүп аттан алайын,
Манастан калган эл-журтун
Өз колуна салайын!»
Тосуп чыгып Абыке
Амандык-соолук сураштьы.
«Чымчыктай кезде айрылган,
Чырагым, аман келдиңби?
Чырпыктан өсүп жетилген,
Чынарым, аман келдиңби?
Манастан калган бактыма,
Мурадым, аман келдиңби?
Эли-жерин сагынган,
Жеңем аман жүрөбү?

Жерине «жетип өлсөм,– деп,–
Качырып калган Чыйырды –
Энем аман жүрөбү?
Карып калган чагында,
Темир кан аман жүрөбү?
Байбичеси Темирдин
Барпыжан аман жүрөбү?
Кан Темирдин баласы –
Кан кудам аман жүрөбү?
Букарга тентип кеткениң –
Көр Көбөштүн чатагы.
Менден улуу түгөнгүр,
Айтсам албайт тилимди.
Кагылайын Семетей,
Каран кылды күнүмдү!
Иттигин көрчү Көбөштүн,
Каныкей менен касташты.
Уят менен иши жок,
Ургаачы менен басташты.
Ашы-жытын бердирбей,
Асага адам келтирбей,
Астыртан айтып кеп коюп,
«Аламын сени» деп коюп,
«Акылай» деген энеңди,
Алып койду ит чиркин.
Каныкей «тийбейм» деген соң,
Манастын айлын көр агаң
Бүлдүрүп чаап таштады.
Зордук көргөн Каныкей,
Жалгыз сени калкалап,
Кан Темирдин шаарына
Качып кеткен аркалап.
Эсен-аман эр жетип,
Жалгызым келди, болду эми!
Тулпардан калган бир туяк,
Туурума туйгун конду эми!
Атпай кыргыз көп тууган,–
Эл сеники Семетей!
Керилип жаткан кең Талас,–
Жер сеники Семетей,
Аягы Талас, Сары-Өзөн,–
Чүй сеники Семетей!
Атагы кеткен чоң ордо,–
Үй сеники Семетей!
Жайылып жаткан сан кара,–
Мал сеники Семетей!
Жалпы кыргыз тууганың,–
Ал сеники Семетей!
Айланайын жалгызым,
Сен билбеген түркүн бар.
Атаңдан калган аманат
Жоого кийчү мүлкүң бар.
Кан Шыгай менен Көбөштөн
Катуу тийген дартың бар.
Карыя Бакай каның бар».
Абыке ыйлап буркурап,
Арманыңнн айтты зыркырап,–
Эр Семетей кеп салды,
Кеп салганда деп салды:
«Абыке агам, айбың жок,
Ыраазы болдум сөзүңө.
Энемде экен кежирлик,
Көрүндү ачык көзүмө.
Айтып өткөн сөзүңдү
Алып жүр, аба, эсиңе!
Карыса да жеңеңди
Алып берем өзүңө.
Атамдын ордун бастыргын,
Атаке болуп өзүмө,
Женеси «тийбейм» деген соң,

Желикпей Көбөш канетсин
Ургаачынын сөзүнө?
Баарыңды жайлап алайын,
Баштакы салтка салайын!
Абыке, Көбөш – эки агам,
Семетей сенин маанайың.
Өргө чыксам, өбөгүм,
Төмөн түшсөм, жөлөгүм.
Калдайып турган калайык,
Элим эсен барсыңбы?
Атамдан калган агайин,
Белим эсен барсыңбы?»
Семетей антип турганда,
«Аман жүрсүн жалгыз!» – деп,
Абыке ыйлап турганда,
«Балам аман жүрсүн!» – деп,
Кан Бакай ыйын тыйганда,
Бата берди көп кыргыз,
Эр Семетей баланын
Баарысы бирдей чуркурап.

Аны таштай салалы,
Аяр энең Каныкей
Андан кабар алалы.
Айкөлдөн калган бир туяк
Арстан Семең баланы.
Ойлосо күйүп жүрөгү...
Жакшылык жалгап бар бол! – деп,
Жалгызга эгем жар бол! – деп.
Барчындай чыр-чыр айланып
Балапан баскан түнөктөй
Уйку качып жол карап,
Уйпаланып түн өтпөйт.
Жыгыла жаздап ыргалып
Жылга айланып күн өтпөйт.
Темирден соккон мунарга.
Кайран энең Каныкей
Камыкпай чыгып барды эле.
Алтын ооз чоң дүрбү
Аныктап көзгө салды эле.
Атасы Манас өңдөнүп..
Асынганы ак келте,
Айдалыда жаркылдап,
Астындагы Ак тулпар
Алып учуп алкылдап,
Коштогону Тайбуурул
Кошо келди жүгүрүп
Семетей келди шартылдап.
Семетей эсен келгенге,
Таятасы Темиркан,
«Кудайы ырым жолуна –
Кулдугум бар» – деп, каратты.
Жетим мискин, жесирге
Жетиден жамбы таратты.
Чоң таята Темиркан
Чоң Букар каны баштагы.
Семетейге кайрылып
Нускалуу кебин баштады:
«Желке көйкөл тон болбойт»,
Жээн деген – эл болбойт»,
Эзелтеден дегендей,
Эли бар киши кем болбойт.
Калбаасы күчтүү чуу бала...
Үйлөнтпөй кантип жиберем,
Ак калпак кыргыз журтуна –
Айчыктуу кызыл туу бала!
Калыңсыз кыз кайда – деп,
Каралдым тартпа убара!
Көрөөр көз нур сулуудан
Коштото жүктөп кыз себин

Колукту алып беремин!
Букардын кандай экенин
Буйгутта кыргыз эл билсин.
Тобурчак атым топ үйүр,
Токумдап жабдып эр минсин.
Суктангандар билишсин,
Ардагым алар колуктуң
Букарда жетпес болгон кыз,
Буруусуз сынга толгон кыз,
Аймакта жетпес болгон кыз
Эр зайыбы болчу кыз,
Эптүү, сулуу илегер!..
Шаатемир кызы Чачыкей
Кан кызы эмес тегин ал.
Билсең мындай, кулунум,
Бир таканчык жери бар...
Жедигер ханы Толтойго
Кудалап койгон эри бар.
Өз агаң аргын Таластан,
Өктөм эр, өткүр кеби бар
Түбү чыр иш экен – деп,
Түпөйүл болбо бereним!
Кар жаагандай эселеп,
Кайырып калың дегенин...
Кажаңдаса чыр баштап
Катыра жообун беремин.
Шаатемир менен таятаң,
Ага-ини болот аталаш
Ашы бирге баталаш.
Койгонбуз кепти бүтүрүп
Жолборс уулум, ал эртең
Жол тартууңа күтүнүп
Бардашы агам экен – деп
Бактыңдан жанган кол тартпа!..
Балталашар душман көп,
Баатырым, жалгыз жол тартпа»,–
Деп, ошентип Темиркан
Чакырып Букар элдерин
Ажырашаяк, үйлөнүү,
Аталаш өтчү той кылды.
Дүңгүрөтө сый кылды
Молдолорун жыйдырды
Чачыкей менен Семеңдин
Ак никесин кыйдырды.
Дөөмөт сөз бүтүп баягы
Сандык толо сары алтын
Сарамжалдап килиттеп.
Ооматы шунча күч болду
Шайы жууркан, куш жаздык
Он атка сылай жүк болду.
Кара нарга алтымыш
Калың килем жаптырып
Канча бир дүкөн буюмун
Кайкалата арттырып.
Жебилгиси жер чийип,
Жибектен аркан тарттырды
Узатышты баатырды.
Токсон беште Чыйырды
«Тобо!» – деп, ичтен чыйралды
Кара кашка аргымак.
Каныкейге мингизди.
Көркү көңүл ийгизди!
Көгүчкөндөй Чачыкей
Көк торгун көйнөк этегин
Көйкөлтө жерге тийгизип
Эрке келин Чачыкей,
Эрдинен жымың күлгүзүп
Энчилеп берген атасы
Чийтору тулпар мингизип
Көкжалың Семең жол баштап

Самаркан кыйгай кыдырып
Колтугу Кокон, чоң Ташкент
Койбой баарын сыдырып.
Сыр-Дайра бойлой кечишти
Таласты көздөй кетишти?
Кайнарга калың көч келип
Токтогонун көргөндө,
Мал удургуп жайылып
Оттогонун көргөндө,
«Жетимдин көчү келди,– деп,
Анык кудай берди» – деп,
Эр Бакай айтып келгенде,
Айлына кабар бергенде,
Өчкөн оту тамгандай,
Өксүгү толуп калгандай,
Калктын баары жабырап,
«Барабыз» деп дабырап,
Жылкыдан кармап ат токуп,
«Кимдин аты» дебестен,
Ат токуса бат токуп,
Сүйүнгөндөн жан калбай,
Жатып ичер чал калбай,
Бакайдын уулу Байтайлак,
Минген аты Кержайдак
Камкатай минген Кержорго,
Жезбилек минген Суржорго,
Айлынан адам калтырбай,
Ээрчитип келди эр Бакай.
«Манасты тууган тунжурум –
Чыйырды аман барсыңбы?
Чын көрүүгө зар болгон
Каныкей аман барсыңбы?
Кагылайын журт күтөт,
Калың журттун алдына
Көрүнөргө барсыңбы?»,–
Деп ошентип, жаркылдап,
Бакай келди баркылдап,
Чыйырды менен көрүшүп,
Чындап Бакай эришип,
Каныкей менен көрүшүп,
Каймак майдай эришип,
Байтайлак ыйлап булкулдап,
Жезбилек ыйлап, солкулдап.
Бакай ыйлап, буркурап,
Камкатай ыйлап зыркырап,
«Энебиз аман келди» деп,
Эренден калган жетимдер
Эркеп ыйлап чыркырап,
Карап туруп көз көргөн,
Киши өлгөндөй чуркурап.
Чыйырды ыйлап чыңырып,
Бакайды баса жыгылып,
Каныкей ыйлап камсыгып,
«Кубангандан так бүтүн,
Кетпейт» неден жан чыгып?»,
Сүйүнгөндөн ыйлашып,
Кадырын салбай сыйлашып,
Ый басылып, күлүшүп,
Күлкүнү баштап жыргашып,
Туш-тушунан ырчылар
Жар салышты ырдашып.
Сур найзага туу байлап,
Сайып койду ыргашып...
Үй тигилер кезинде
Каныкей туруп кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:

«Көк жалың Манас өлгөн журт,
Башыма балаа келген журт,
Төрт түлүк малдан айрылып,
Төркүнүн кашкөй көргөн журт.
Кайненемди ээрчитип,
Каныкей тентип кеткен журт...»
Каныкей айтып турганда,
Ушул сөздү курганда,
Эр Семетей кеп салды,
Кеп салганда деп салды:
«Айланайын энеке,
Арка кылган абакем,
Ардагым Бакай мынаке.
Абакем сөздү тыңдасын,
Анык жерин ылгасын.
Бул – Манас конгон майлуу журт
Манаска жаккан жайлуу журт,
Кудайым берген куттуу журт,
Сагынып келдим мыктуу журт.
Каныкей мени тууган журт,
Киндик каным тамган журт.
Аягы Талас, башы Чүй,
Атпай кыргыз өскөн журт.
Жамандык кылган душманы
Жан аябай кырган журт.
Бакты, дөөлөт конгон журт.
Атагы чыгып дөө болуп,
Баатырлар өсүп, өнгөн журт.
Ушул жерден аттанып,
Жоо келсе жообун берген журт!».
Угар замат Абыке
Өзүнө-өзү кеп салды,
Кеп салганда деп салды:
«Семетей көчүп келиптир,
Тилекти кудай бериптир.
Жакыпка кабар салайын,
Көбөштү кошуп алайын.
Байбичеге Жакыпты
Баштап алып барайын.
«Семетейге барсак,– деп,
Барып тосуп алсак,– деп.
Барып тосуп албасак,
Ыраазы болбойт арбак» – деп,
Актелкини каргытып,
Абыке келди Көбөшкө.
«Семетей көчүп келди,– дейт,
Иттигиңди карматпа,
Анык кудай берди,– дейт.
Аттангын Көбөш атка,– дейт,
Бекер карап жатпа,– дейт.
Убалга Көбөш каласың,
Жиниңдин баарын ташта,– дейт,
Акмактык кылып элирип,
Акылыңдан шашпа,– дейт.
Жамандык албай оюңа,
Жакшы жолго башта,– дейт.
Чыйырды менен Канышка
Учурашып келелик!
Карыган кезде энемдин
Барып жүзүн көрөлүк!»
Деп, ошентип, Абыке
Бура тартып дыргытып,
Актелкисин жулкунтуп,
Абыке, барып Жакыпка,
Салам айтып кеп салды.
Санжыргалуу Абыке
Кеп салганда деп салды:
«Манастан калган жалгызың –
Семетей көчүп келиптир.
Сүйүнчү, ата, сөзүмдү ук,

Сага кудай бериптир.
Таарынчың болсо кечиргин,
Ичтеги кирди кетиргин,
Айланайын атаке,
Жазыгы жок жетимдин.
Убалга, ата, калбагын,
Бул сөзүмдү кармагын.
Тумшугу жок киши элең,
Тукумду үзүп салбагын!
Ойлонбостон башында
Ойрон кылдың чарбагын,
Ойлогун Манас арбагын!
Айланайын атаке,
Оозуңду кармап калбагын!
Байбиченин алдында
Бакдөөлөттү ээрчитип,
Бала-чака калдайып,
Баарыбыз барып көрөлүк,
Байкуштардын муңдарын
Баарыбыз орток бөлөлүк!»
Абыке айтып турганда,
Ушул сөздү урганда,
Кан Жакып турду күпүлдөп,
Каршы сүйлөп дүпүлдөп:
«Бул Абыке акмак оңбойт го,
Ар качандан бир качан,
Акмактыгын койбойт го?!
Намыс кылсам бул ишке
«Коркутам» деп ойлойт го?!
Жекеден чыккан бул жетим
«Тууган кылып алам» дейт.
Тумшугу жок ит коркок
«Туура жолго салам» дейт.
Семетей тууган болчу эмес,
Эл аралап алган соң,
Элирип мындан кеп чыгат.
Эси жок акмак билбейсиң,
«Эл меники» деп чыгат.
Калк аралап алган соң,
Калк ичинен кеп чыгат,
«Калкты бийлейм» деп чыгат.
Кара тумшук жайрагыр,
«Калк меники» деп чыгат.
Кадыры болот бетинде,
Калк айланат жетимге.
Калкындын түрү башкача,
Нээтинин баары жетимде.
Жетимди ээрчип эл кетсе,
Кара тумшук Абыке,
Каласың көрдүн четинде.
Ажары болсо бетинде,
Журт айланат жетимге.
Зордоп элди тыйбайсың,
Тумшугу жок Абыке,
Жүрөсүң журттун четинде.
Эки күн өтпөй эсирип,
«Эл меники» – деп айтат.
Энеси бетпак үйрөткөн,
«Жер меники» – деп айтат.
«Жалпы жайык, калың журт,
Жан меники» – деп айтат.
«Жайылып жаткан сан кара,
Мал меники» – деп айтат.
Манастын кунун алам,– деп
Коңурдан өчүн алса,– деп
Эр-жигиттин баарысын,
Керек болсо карысын
Зордуктап айдайт казатка.
Кытайдын көбү кырылып,
Кыргыздар калат азапка.

Мындайды далай көргөнбүз,
Атасы Манас барында
Баатырды далай көмгөнбүз.
Артында калды кээсинин
Жетимдери, жесири!
Абыке акмак,  билбейсиң,
Айткан тилге кирбейсиң.
Эч болбосо, ит чиркин,
Оозунду басып жүрбөйсүң!
Көбөш балам, кайдасың?
Жетимдин тапкын айласын!
Кара тумшук жетимге
Камындырбай барып кел,
Айдап жолго салып кел!
Жерди-сууну булгатпай,
Жетимдин башын алып кел!
Колуңда кандык турганда,
Чаларыңды чалып кел!
Элдин баарын ээрчитип,
Жетимге бүлүк салып кел!
Тил албаган кишиңди
Тирүү койбой жарып кел!
Желмогузду жоготуп,
Албаган кекти алып кел!
Алагды кылбай айтпадың,
Жеримде тынчтык болсун деп.
Элирген эки канчыкты
Айдап жолго салайын».

Абыке айтып кеп салды,
Кеп салганда деп салды:
«Айланайын атаке,
Айтсам тилим албайсың,
Ар качандан бир качан
Кыянаттан танбайсың.
Азапка тууган курган жан,
Арам өлсөң кандайсың?!
«Коркок» деп мени ойлойсуң,
«Кой» десем, тилим албайсың,
Кор болоруң билбейсиң
Бир бейлиңден жанбайсың,
Колу тийип жетимдин,
Кокустан өлсөң, кандайсың?
Айланайын атаке,
Салмакчы болдуң караңды.
Элдин ээси келгенде,
Кубанбастан душманча
Чабуул коюп барамбы?
Андан көрө, кан Жакып,
Калкың менен тосуп ал
Адам болчу баланды!
Айып эмес, айтканым,
Менин тилим алганың!
Кылбаганың жок эле,
Чыйырдынын алдына
Кечирим сурап баргының!».
Жалынса Жакып болбостон,
Жардыгын Көбөш койбостон,
Жакып менен көр Көбөш,
Күүлөнгөн бойдон токтобой,
«Семетей кетсин,– деп келди. –
Жерди, сууну боктобой!».
Кепке, сөзгө келбестен,
Сөзгө жооп бербестен,
Жакып кан чырды баштады.
Жарлык айтып көр Көбөш,
Семетейдин айлына
Чабуул коюп таштады.
Манастын уулу эр Семең,
Басалгалуу эр немең:

«Ата сендей болбойт го,
Атамдын арты оңбойт го,
Ата турса чыр баштап,
Айлыбыз жакын конбойт го?
Тууган мындай болбойт го,
Туугандарым оңбойт го?!
Тигинтип жүргөн ит чиркин
Тынчытып мени койбойт го?!
Тумшугу жок курган жан
Туугандан душман чыкканда,
Кармаша чыксам иттерге,
Алыстан уккан кеп айтар,
Атасы менен сайышып,
Манастын уулу Семетей
Алышып жатат деп айтар.
Эл көзүнө уят го?!
«Уят» десем иттердин,
Кордугу өтүп турат го?!
Кара жолтой Көбөштү
Кандай пенде тыят,– дейт,
Тыюучу пенде өзүм,– дейт,
Ачайын мунун көзүн,– дейт.
Кесепеттүү чиркиндин
Келтирди кудай кезин,– дейт.
Айлына чабуул келгенде
Аянамын несин?» – дейт.
Деп, ошентип, эр Семең.
Сырнайзаны булгалап,
Каргып атка минди, дейт,
Качырып эми кирди, дейт.
Кирген жерде сүрүнтүп,
Кара жандан түңүлтүп,
Аттан сайып түшүрдү
Көр Көбөштү бүгүлтүп.
Кармап алды качырбай,
Абыкени жүгүнтүп.
«Бул пейилден жанар,– деп,
Ак көңүл болуп калар» деп,
Көр Көбөштүн кордугун,
Көңкү Журтка жардатып,
Абыке менен Көбөштү
Орго салды зарлатып.
Карылар анда кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Айланайын Семетей!
Жалпы журтум тынгыла,
Семетей балам жан соога?!
Жазык жок жалпы калкында!
Баш көтөрөр дарман жок,
Манастын калдык артында.
Эр Семетей кеп салды,
Кеп салганда деп салды:
«Журтум менде жазык жок,
Жалпы журтум тынгыла,
Жайланып оокат кылгыла!
Кыргыз эли чырдашса,
Араң турган Коңурбай
Олжо кылып кетпейби?!
Илгеркидей тентитип
Түбүбүзгө жетпейби?!»
Деп, ошентип, Семетей
Кеңеш айтып турганда,
Элдин баары эп көрүп,
Жетилип келген жетимге
Чогулуп моюн сунганда,
Бакай менен Жакып жок,
Эл көңүлүн бурганда,
«Көрүнбөйт» деп көзүмө,
Калың элин ээрчитип,
Чыга келсе Семетей,

Кара тоонун ташында,
Туюк колот башында,
Жан адам жок кашында,
Жакып, Бакай арбашып,
Аянбастан кармашып,
Колдорунда жарак жок,
«Кой» деп койгон адам жок,
Жакыпты Бакай талпайтып,
Аттан сүйрөп алыптыр.
Чылбыр менен кол-бутун,
Бекем байлап салыптыр.
Манастан калган Кең-Колдо
Кырк кулач казган ору бар.
Түртсө кетет түбүнө,
Түшкөн жандын шору бар.
«Алпарып орго салсам» деп,
Эр Бакайдын оюу бар.
Сеңирдей болгон буудандан
Семетейди көргөндө,
Байдын уулу эр Бакай
Кан Жакыпты байлатып,
Катыра шорун кайнатып,
Абыке менен Көбөштүн
Үстүнө салды жайлатып.
Анан Бакай кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Жакып болсо жайланды,
Көбөштүн жолу байланды.
Алды каткан Абыке
Ак-карасы билинбей,
Карага иши айланды,
Кастыгы жок кармалды.
Манастын уулу Семетей
Жаңыдан конду Таласка.
Эсиң болсо көп кыргыз,
Бийликти мындан талашпа!
Жакып кан менен Көбөшкө
Жакын барып жанашпа!
Манастан калган кырк чоро,
Баарыңа жагар кеп айтам.
Башчы болгон Кыргыл чал,
Карыңа жаккан эп айтам.
Манастан калган баатырга
Чоро болуп алгыла,
Кеңеш берип жетимди
Келтирип жолго салгыла!
Келе турган жоолор көп,
Биригип жолун чалгыла!
Ким кубанбайт калайык,
Семетей көчүп келгенге!
Күтүп жүргөн баланы,
Жеткирип кудай бергенде,
Ойлоно турган ой болот,
Жакында чоң той болот.
Ынтымактан качкандар
Ыгы жок өзү кор болот!».
Ушинтип Бакай кеп айтып,
Чогулган элди таратты,
Карап турган калың эл
Бакайдын сөзүн жаратты.

*Кыргыл чал баштап кырк чоро Манас өлгөндөн кийин Көбөшкө чоро болуп калышкан. Анын айтканын кылып, Кыргыл менен Баймат Каныкейге ыдык көрсөтүшкөн. Кыргыл эми өзүнөн өзү Семетейден чочуп, чоролорду азгырды: «Чоң атасы Жакыпты, эки бирдей агасын кармап алды, тайманбай орго салды. Алар кутулбас куяга калды, эми бизге күн жок»,– деп коркутту. Чоролордун ар кимиси өзүнчө жандарынан түңүлүп, болгон чатакты бири-биринен көрүшүп, бирин-бири сөгүшүп, акылынан ажырашты. «Эми айла кантет» деп кеңешип да көрүштү. Кай бирөөлөрү Семетей менен Бакайдын сөздөрүн «анчейин алдоо» деп чечишти. Бирок, душманга кол салгансып, Көбөштүн буйругу менен мурун Каныкейди чапкандарын, эми көчүп келген Семетейге чабуул койгондорун, чоролор «барып турган ыймансыздык» деп ойлошуп, «уят – өлүмдөн катуу, Семетей менен элдешүү чоролорго жарашпайт, баары бир мында калсак өлөбүз, өлбөсөк да чунактан көргүлүктү көрөбүз, кытайды көздөй качалык; кармашып чыкса Семетей, канды аябай чачалык, кетчү жолду ачалык,кытайга башты каталык»,– дешти. Кай бирөөлөр ыргылжың болушуп калтаарышты. Ошондо Тазбаймат баатыр чоролордун намысына тийди.*

## ЧОРОЛОРДУН ЧЫККЫНЧЫЛЫГЫ

Тазбаймат айтты такылдай
Кырк чорого бакылдап:
– Эй, чоролор, чоролор!
Канткенде ишиң оңолор?
Семетейге уялбай
Кантип жакын барабыз?
Кыргыл чал кылган иши үчүн
Балаага эми калабыз!
Каныкейди какшаткан,
Канчалык ишин аксаткан,
Элден-журттан кубалап,
Эркенин маңын бастаткан.
Жанга кеңеш салбастан,
Адамдын тилин албастан,
«Чоролор менден чыкпайт» деп,
Кирип кеттик Көбөшкө.
Мен кетемин, турбаймын,
Жолум даяр жөнөшкө.
Семетей менен Бакайда –
Ойной турган доо болбойт.
Калчуулардын биринин
Кара башы соо болбойт.
Өкүнүч болуп жүрбөсүн,
Балаа салып куу башка,
Балакетти кылбасын.

Кытайды көздөй бет алып,
Семетей бизди кырбасын.
Кырылбай тирүү калалы,
Ажалдан мурда тирүүлөй,
Ooганга барып тыналы!
«Байматтын сөзү» туура деп,
Кетмек болду баарысы.
Чоронун жашы, карысы.
Катын-бала чуркурай,
Чоролор качты Ooганга
Түн жамынып, буркурап.

* * *

Бир күн өтүп кеткенде,
Экинчи күнгө жеткенде,
Семетей кабар кеп угуп,
«Чоролор чогуу Ooганга
Качып кетти», деп угуп:
«Бул кара жолтой чорого,
Качан кылдым зордукту?!
«Ай» деп койгон жерим жок,
Жаман айткан кебим жок.
Чоролор менден жатыркап,
Коркуп качар эби жок.
Кырк чорого барайын,
Токтотуп алып калайын,
Ынтымакка келтирип,
Чоро кылып алайын!».
Качкандарды кубалап,
Жөнөп калды Семетей
Жоболоңдуу жорукка
Карызы бар немедей...
Муну мындай таштайлы,
Чочуп калган Канынштын
Жоругунан баштайлы:
«Көбөштү көргө киргизип,
Дүйнөдөн көзүн жоёлук!
Чоролор антип жаткан соң,
Арамдарды бул жерден
Тындым кылып коёлук!»,–
Муршаптар карап турбастан,
Буйрукту эки кылбастан,
Кепке-сөзгө келбестен,
Жакыпты жайлап таштады.
Көбөштү ордон чыгарып,
Көз алдында жайлатты.
Абыкени алдырып,
Каныкей сөздү баштады.
Баштан аяк бар сөзүн
Ачык айтып таштады.
– Капа болбо атаңа,
Кайгырбагын агаңа!
Кыянат болсо, бир тууган
Кылмышын тартат ар качан.
Аман койдук Абыке
Ниетиңдин агынан,
Канчалык кордук болсо да,
Иш бүтөт экен агынан.
Абыке туруп кеп айтат,
Өзүнө макул эп айтат:
«Ак да болсо, башыма
Азаттык сурап албаймын!
Бул сөзүмдө жалган жок,
Атам менен агама
Айтпаган сөзүм калган жок.
Ошентсем да Каныкей,
Атам өлүп, мен калып,
Агам өлүп сандалып,
Калк ичинде уялбай

Кантип жүрөм жан багып?!».
Абыке айтып турганда,
Ушул сөздү курганда,
Чыйырды турду чаңырып,
Карт жолборстой чамынып,
Каныкейге каарданып,
Этек-жеңин кагынып:
– Кара жолтой кан Жакып –
Мен касташкан кара жоо,
Кан Жакыптын күчүгү –
«Абыке, Көбөш – баары жоо.
Муршаптарың турбастан,
Абыке кулду сой,– деди,–
Жезит чалдын тукумун
Бир жолу үзүп кой!» – деди.
Каныкейге ээ кылбай,
Чыйырды чырды баштады.
Кадыры калган Чыйырды
Бул чырынан качпады.
Абыкени актабай,
Аны да жайлап таштады,

* * *

Куугунга кеткен Семеңдин
Айта турган кеби бар,
Кейий турган эби бар.
Кара-Колдун башында,
Сандык, Тармал-Сазында
Чоронун жетти артынан
Жалпак-Таштын кашында.
Жеткен замат Семетей
Чоролорго кеп айтты:
«Чоролорум,– деп айтты.
Кылайган менин өзүмдө
Кине барбы,– деп айтты.
Чоролор токтой тургула,
Чогулуп кеңеш кургула!
Менден айып иш өтсө,
Кечирип сабыр кылгыла!
Кечээ келдим калкыма,
Атпай кыргыз жалпыңа.
Айып кетсе өзүмдөн,
Айтып турган сөзүмдөн,
Айланайын чоролор,
Кечиргиле жетимди!
Аңдып жүргөн жоолор көп,
Жалаа менен доолор көп,
Силер минтсең, чоролор!
Эл ичинен эп кетет!
Бөлүнүптүр кыргыз деп,
Бөлөк элге кеп кетет!
Кан жыттанган Коңурбай
Көп кытайын ээрчитип,
Жерибизди тепсетет!
Аккан канын кечирип,
Кыргыз атын өчүрүп,
Алда кимдер жеп кетет!
Кагылайын чоролор,
Атым тартуу, силерге
Башым тартуу, силерге
Деп, ошентип Семетей
Тартып калды бууданды.
Кыйгачтаган Кыргыл чал
Кыйкырып туруп кеп айтат:
«Байкушум тапкын жөнүңдү,
Койгун бизге кебиңди,
Моюнга алдык өлүмдү.
Биз кайтпайбыз Таласка,
Бекер бизге тырмышпа!
Аянбастан бел байлап,

Атышып туруп кетебиз!
Ажал жетсе, өлмөк – чын,
Аянып сенден нетебиз?!
Аянбастан атышып,
Ажырап сенден кетебиз!».
Кара-Колдун боюнда,
Капка-Таштын оюнда,
Кара жолтой чоролор,
Кайрылбады турушка.
Кыянатчы кырк чоро
Аянбай чырды баштады.
Ызасынан Семетей
Өлүп кете жаздады.
«Аттиң-арман, жаштыгым,
Жакындан көрдүм кастыгын,
Армандуу дүйнө кантейин,
Ар кимден көрдүм кордукту,
Эрегиш кылып элиме,
Эки агам кылды зордукту!
Чогоолдугун карматып,
Чоң атам кылды кордукту!
Чогулуп алып чоролор
Көрүнө кылды чоңдукту.
Армандуу дүйнө кантейин,
Арбакка, иттер, койдум!» – деп,
Аккелтесин дүрмөттөп,
Аянбай Семең ок атты.
От чагышкан чородон
Онун бирдей сулатты.
Анттан кайтпас чоролор,
Айкырышты бакылдап.
«Койгула эми, чоро!» деп,
Семетей келет жакындап.
«Аянбай, чоро, киргин» деп,
Кыргыл чалы какылдап...
Антташып алган чоролор,
Жалгыз келген Семеңди
Тегеректеп жөө тартып,
Тытып кетчү немедей,
Найзаларын сунушуп,
Кылычтарын алышып,
Кыйгай түшүп чабышып,
Чоюнбашын чамдашып,
«Чокуга!» – деп камдашып
Тайбуурулдун соорусун
Суу төккөндөй кандашып,
Чындап кирген кезинде
Кочкордун төмөн четинде,
Бала жолборс Семетей
Көп каргага бир шумкар
Жалгыз тийген эмедей,
Оң жагынан келгенин
Ойрон кыла баштады.
Сол жагынан келгенин
Солдойто чаап таштады.
Тегиз кыргын болгончо,
Текебердүү чоролор
Тегеренип качпады.
Атка бекем баатырлар,
Жан оозунан кеткиче,
Жан соогалап шашпады...
Каарданган чорого
Каран түндү салганда,
Кара жердин бетинде
Кайтпас болуп калганда,
«Кандай иш кылып койдум,– деп,
Эрегиш кылдым, сойдум!» деп,
Семетей кирди арманга.
Өздөн чыккан өрт жаман,
Өздөн чыккан жат жаман.

Кыянат кылган чиркиндин
Көргөнү, кокуй, тигине!
Каршылашпай, элдешсе,
Бербейт белем жанымды,
Жалгыздыкка карабай,
Ошолордун бирине!..».
Деп, ошентип, Семетей
Атайын келген эмедей,
Кочкордун калкын жыйдырып,
Кол алдына сыйдырып,
Жердин бетин ачтырып,
Көрүн терең каздырып,
Кара жерди ойдуруп,
Ашын мыктап сойдуруп.
Келген элдин баарысын
Этке-майга тойдуруп,
Кырк чоронун бейитин
Кыркалата койдуруп,
Кызматы өткөн Манаска,
Кырк чоронун жоругун
Уруулуу журтту сындатып,
Ар бирөөнүн эрдигин
Жомокчуга ырдатып,
Атактуу уста алдыртты,
Ак күлбото чалдыртты,
Арбагына ардактап,
Ак күмбөздү салдыртты.
Эрикпеген чунагың
Эки ай жатып күтүнүп,
Кырк чорого кырк күмбөз
Кыялдатып бүтүрүп,
Акысына устанын
Төө өркөчтөн нар берип,
Алда канча мал берип,
Алтын, күмүш зер берип,
Кырк күмбөзгө кырк найза,
Желегин байлап жөлөдү,
Кыялында зарланып,
Кыя тартып Семетей,
Күңгүрөнүп жөнөдү.
Манастын уулу Семетей
Кырк чоронун артынан
Кочкорго кууп барганда.
Салгылашып кан төгүп,
Кыркын тең кырып салганда,
Чоролордун көчүнөн
Эки бала таалтыр.
Экөөнү атка мингизип,
Каныкейге барыптыр.
Балдарды көрүп энеси
Семетейге айтыптыр:
– Биринин аты Күлчоро,
Биринин аты Канчоро.
Күлчоронун атасы
Кан Алмамбет арстаны,
Канчоронун атасы
Акбалтанын Чубагы.
Эки толо эки эрден
Артында калган туягы.
Эки баатыр жаратып,
Жагып кеткен чырагы.
Чубак менен Алмамбет
Казаттан каза тапканда,
Атакең Манас – береним
Канатынан айрылып,
Кечирим сурап, буркурап
Таласка жалгыз кайтканда,
Сен жалгызым Семетей
Алты айлык бала болчусуң.
Калыйча менен Арууке

Толготуп калды бир күнү
Эр Чубактын Калыйча
Түнүндө тууду уулду,
Алмамбеттин баласы
Аш-кайнам артта туулду.
Калыйча менен Арууке
Таңга жетпей экөө тең,
Төрөтүнөн көз жумду.
Душмандардан жашырып.
Балдарды өзүм алгамын,
Коколой эки жетимге
Мен өзүм эмчек салгамын.
Күлчоро эмген эмчектен
Аппак сүтүм чуурган.
Канчоро эмген эмчектен
Тамчылап каным куюлган.
Эч кимге муну айтпадым,
Үчөөңдү тең эмизип
Өзүм койдум аттарын.
Бирөөнүн атын «Күл» – дедим
Бирөөнүн атын «Кан» – дедим.
Эмчектен чыккан сүт, канга
Жараша атын тергедим.
Букарга качып кетээрде
Жашыруун барып балдарды
Чоролорго тапшырдым,
Андан кийин не болду
Билбедим балдар тагдырын?
Манастын уулу Семетей,
Эки жетим балага
Той берем деп жар салды,
Канчоро менен Күлчоро
«Инилерим» – деп калды.
Эмчектеш эки досуна
Тон тиктирип кийгизди,
Колуна найза карматып
Ат жакшысын мингизди.

## ЧЫНКОЖОНУН СЕМЕТЕЙДЕН АТ СУРАТКАНЫ

Чынкожонун кеби бар,
Чымырканар эби бар.
Кан Шыгайдын баласы,
Кай жеринде кеми бар?!
Кайнап чыкты кастыгы.
Чынкожону эсирткен
Семетейдин жаштыгы.
Кан Чынкожо ойлонуп,
Ок жыландай толгонуп,
Эртиш, Токо чоросун –
Чакыртып келип өзүнө
Бул сөздү айтты эгешип:
«Семетей» десе дардайып,
Уктап жатат барбайып.
Эси жок жетим жаш болуп,
Этке, майга мас болуп.
Канын чачкан кытайдан
Манастын кунун куубады.
Акун канга барбады.
Аныктап кабар салбады.
Кудалап койгон колукту –
Айчүрөктү албады.
Кара тумшук ит кулду,
Кантип кудай жалгады?
Айчүрөктөн айрылса,
Арманын айтып зарлайт го,
Тайбууруладан айрылса,
Кармашар күчү калбайт го?!
Талас, Чүйдү бир чапсак,

Айчүрөк бизден качпайт го?!
Айчүрөктү алгандын,
Эч арманы калбайт го?!
Бууруллду сурап баралык!
Тайбуурул колго тийген соң,
Тамашаны салалык,
Талас, Чүйдү чабалык,
Олжону мыктап табалык,
Акун канга баралык!
Аягы Букар, Самаркан,
Бүтүн колго каратып,
Букара кылып салалык!
«Жан жолдошум, эр Токо,
Кезегинде, эр Током,
Семетейге барганда,
Аста секин кеп айткын!
«Чынкожо агаң жиберди,
Ат сурап келдик,– деп айткын! –
Буруу-терүү санабай,
Мал көзүнө карабай,
Тууганды алыс санабай,
Чынкожонун көөнү үчүн,
Бууруллду бергин»,– деп айткын!
Айткан сөзгө кирбесе,
Кадырыңды билбесе,
«Буурул атты бергин,– де,
Бул сөзүмө көнгүн,– де.
Буурул атты бербесең,
Бул сөзүмө көнбөсөң,
Көргүлүктү көрдүң,– де.
Тайбуурулду бербесең,
Чынкожодон өлдүң!» де.
Тайбуурулду бербесе,
Таластын жолун чалып кел!
Камап туруп аламын,
Кайнардагы калаасын,
Талап туруп аламын!
Калжыраган жетимди
Аябай сабап саламын!
Чаап алам Таласын,
Талап алам калаасын!
Тирилтип келбейт Семетей,
Өлүп калган Манасын!
Эртиш менен эр Токо
Адырандап жөнөдү.
Чынкожо буйрук кылган соң.
Барбаганда өлөбү?!
Суру кетип, суу кечип,
Арада нечен күн өтүп,
Эртиш менен эр Токо
Жетип барды Кең-Колго.
Таласты көрүп көз салып,
Карап турган кезинде,
Түш кылтайган бешимде
Калың жылкы көрүндү.
Чынкожонун тапшырган
Буйругун эки кылбастан,
Жакын келди отоого
Тизгинин жыя тартпастан,
Секин-секин кеп айтат,
«Семетей кайда?» – деп айтат.
Акырын аста кеп айтат,
«Арстаның кайда?» – деп айтат.
Камбардын уулу Канчоро,
Алмамбеттин Күлчоро
Эртиш менен Токону
Көрөр замат таанышты.
«Аман аке, койгун!» деп,
Токтотушту наалышты.
Эртиш менен Токону

Ат үстүнөн алышып,
Алдына төшөк салышып,
Айтып сөзгө канышып,
Аңгеме сөзгө барышып,
Кымыз куюп сунушуп,
Абыдан ичти тунушуп.
Күлчоро эми кеп айтат.
Кеп айтканда деп айтат:
– Эртиш, Токо – эки ага,
Эсен-аман болдубу,
Санааңа алып тууганды,
Сагынганда келдиңби?
Аксыдан көчкөн көп нойгут
Тууган аман жатабы?
Шыгайдын уулу Чынкожо –
Буудан аман жатабы?
Жалпы нойгут саламат,
Элиң аман жатабы?
Абам Шыгай камынып,
Азыраак сөзгө таарынып,
Анжыянга жамынып,
Көчүп кеткен көп нойгут,
Эми сизге кеп келди,
Агалар аман көрүштүк,
Айтсаңар сөзгө эп келди!».
Чынкыжодон элчиге
Жиберилген эр Токо
Мына мындай кеп салды:
Шыгайдын уулу Чынкожо
«Көрүп кел» деп силерди.
«Таластагы тууганга,
Барып кел – деп жиберди.
Тайбуурулду баатырдан
Сурап кел – деп жиберди.
Семетей берсе, Буурулду
Алып кел – деп жиберди.
Манастын уулу Семетей
Туугандыкка келбесе,
Тайбуурулду бербесе,
Ордосунан чыгарбай,
Кордук менен алабыз!
Кыймылдатпай ордунан,
Зордук менен камайбыз!
Талкан кылып таштайбыз,
Билип койсун Семетей,
Чынкожонун  чамасын!
Күлчоро менен Канчоро
Көндүрүп койсун абасын!
Көнбөсөңөр чоролор,
Чынкожонун калың кол
Кең Таластан табасың!
Байкагыла чоролор,
Шыгайдын баатыр баласын!..»
Канчоро менен Күлчоро
Ачуусу келип арбайып,
«Айткан сөзү кандай» – деп
Ант ичкендей саргайып,
Күлчоро туруп кеп айтты:
«Буурулду бергин,– дегениң,
Буудакың өлсүн,– дегениң!
Асырап сактап өстүргөн
Тууганың өлсүн – дегениң!
Атыңды бергин – дегениң,
Абамды өлсүн – дегениң!
Ардактап баккан Канчоро
Агамды өлсүн – дегениң,
Буурулду сурап келгениң,
Бул эмине дегениң?
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Жашырып жүргөн кеби бар,

Ала албай жүргөн кеги бар.
Тайбуурулдан айрылса,
Жайлаймын – деген чени бар.
Каражолтой кош баатыр,
Эми эле билдим чыныңды.
Башыңды чагып талкалап,
Басайын сенин чырыңды!»
Деп, ошентип, калганда,
Токону кудай каргады.
Кончундагы нар кескен
Дароо сууруп алганы.
«Азыр мууздап салам»,– деп
Канчорону кармады.
«Андай эмес, мындай» – деп,
Канчоро менен Күлчоро
Эртиш менен Токону
Тепкилекке алышты,
Өлбөгөндөй кылышты,
«Куйкаңды тилип мурч салам!
Далыңды тилип туз салам:
Деп, ошентип, Күлчоро
«Чынкожо бегиң көрсүн» деп,
Тамга салды бетине.
Каршы-терши тепкилеп,
Көк ала салды этине.
«Мындан кийин түз келип,
Көрүнсөңөр көзүмө
Жору менен кузгунду
Кондурамын төшүңө.
«Айта баргын» – деп айтты,
Эр Чынкожо тил алса,
Келип жүрсүн эсине!»,
Деген экен чоролор
Чынкожонун бегине.
Муну мындай таштайлык,
Айчүрөктүн айлалуу
Учушунан баштайлык.

## ЧЫНКОЖО, ТОЛТОЙДУН ЗОРДУГУ, ЧҮРӨКТҮН УЧУШУ

*Чынкожо Тайбуурулду алдап ала албады, Семетейге кол салуудан коркту. Манас Чоң Казатка чыкканда Толтойдун атасы Багыш кытайларга өтүп кеткендиги үчүн өлтүрүлгөн. Ошондуктан Чынкожо Толтойду Семетейге каршы көкүтүп, Семетейдин колуктусу Акун кандын кызы Айчүрөктү Толтойго алып берүүгө аракет кылат. Толтой: «Семетейге каршы барбайлык, Чүрөктү албайлык, андан көрө Семетей менен жакындашып туугандашалык»,– дейт. «Намысың жок, сен эр эмессиң! Сен барбасаң өзүм барамын. Айчүрөктү өзүм алам»,– дейт Чынкожо. Акырында Толтой намысына келет. Ошентип, эки баатыр Акун кандын элине «Айчүрөктү берсин» деп элчи жиберишет.*

«...Айдай болгон кызымды
Күйгүзүп кармап бергендей,
Баламда кандай күнөө бар?
Айчүрөк деген кызымдын
Издеп келер шери бар,
Кудалашкан эли бар.
Манастын уулу Семетей
Келечекте эри бар.
Алыстан кабар кеп угар,
«Кудалашкан жарыңды,
Чынкожо алды» деп угар.
Аттанып чыгар жол алып,
Алтымыш түркүн кол алып,
Кысып салар элиңди,
Сындырып салар белиңди!
Айтып баргын каныңа,
Мен Чүрөктү бербеймин.
Бермек түгүл алардын.
Жүздөрүн да көрбөймүн!.
Бул кабарды уккан соң,
Кан Шыгайдын Чынкожо –
Даярдатып тезинен
Чабышарга балбанды,
Жаза чаппас мыктууну,
Жоого тиер ыктууну,
Тууну берип Толтойго,
Акун кандын шаарына
Чабуул коюп калды эми.
Акун кандын аскери
Астынан торгоп урушуп,
Карагай найза кагышып,
Как жүрөккө малышып.
Качпай туруп салышып,
Айбалта колго алышып,
Аябай башка салышып,
Болоттон соккон калканды
Талкалашып калышып,
Тоо түбүндө турушуп,
Тоону кандап урушуп,
Айбалта тийип чекеге,
Алда канча жигиттер
Өлүп жатты жекеде.
Тайманбастан Чынкожо
Дүмөктү мыктап салды эми,
Чалгынды мыктап чалды эми.
Алты сай элин дем кылып,
Камап жатып калды эми...
Акун кандын Айчүрөк
Ошондо туруп кеп айтат,
– Олжо катын болгончо,
Минтип кордук көргөнчө,
Эр Семетей баатырды
Издеп келем өлгөнчө.
Семетей анык эр болсо,
Толтойдон мени куткарат,
Айыгышкан душмандан,
Салгылашып өч алат! –
Деп, ошентип Айчүрөк,
Акылы жандан табылып,
Ак куу кебин жамынып,
Канатын күнгө каккылап,
Куйругун кумга чапкылап,
Асманга учту сыдырып,
Ай ааламды кыдырып,
Чет Бээжиндин оюнда,
Жекендүү көлдүн боюнда,
Сары ала жылкы сандан көп,
Сур жылкысы андан көп,
Коңурбайдын көп жылкы

Жаткан экен жер жайнап,
Жашылданган төр жайлап.
Алгара минип койкоюп,
Чоң өтүк бутта чойкоюп,
Алтындан топчу чоң күрмө
Айдалыда жаркылдап,
Алдындагы Алгара
Алчыланып шартылдап,
Аркасында айдары
Аргымактын жалындай,
Каардуу кытай башы бар,
Калпакта шуру ташы бар.
Муруту буурул болуптур,
Далай жашка толуптур.
Адырайган баатырдын
Абыдан бою солуптур.
Айдалысы кең экен,
Адамдан чыккан эр экен.
Асылышкан эрлерди
Алары да эп экен.
Муну көрүп Айчүрөк,
Андан ары учту эми.
Чоң-Ополдун оюнда,
Сары-Көлдүн боюнда
Канатын Чүрөк сылады.
Буудайык кандын Музбурчак
Сакалы бар бир кучак,
Асмандан байкап сынады.
«Сакалынын агы экен,
Сапар кетер чагы экен.
Жалдуу кара шер экен!
Кармашкандан кайтпаган,
Бир кезде жигит эр экен!»
Деп, ошентип, Айчүрөк
Санаасы санга бөлүнүп,
Кабырга сөөгү бөлүнүп,
Мындан кайтып өттү эле.
Алайды басып сыдырып,
Анжыян менен Ташкенди
Аралап учуп кыдырып,
Кара-Буура, Чаткалдан
Кайра айланып чыкты эле,
Асманда жүрүп ой-ойлоп,
Семетей таппай ойбойлоп,
Көңүлүн көпкө бөлдү эле;
Ак булуттун астынан,
Ак мунардын үстүнөн
Аныктап жерди көрдү эле.
Төрт-Күлдүн төмөн жагында,
Манастын тиккен багында,
Кайнардын кара көзүндө,
Как чынардын өзүндө,
Кең-Колдун маңдай жагында,
Айга баккан ак сарай
Абыдан көрүп алды эми.
Асмандагы Айчүрөк
«Издеп келген Семеңди
Таптым го?!» деп калды эми.
«Жердеген жери Талас – деп,
Атасы баатыр Манас» деп,
Уккан экен укмуштан.
«Жетигимдин күмбөзү
Жети кылым өткүчө
Турар бекен» деп салган.
Кайнатам Манас баатырдын
Үстүнөн учуп өтпөйүн,
Арбагына чет болуп,
Арам болуп кетпейин!».
Деп, ошентип, Айчүрөк
Ала-Тоо башын айланып,

Ар жагы менен учту дейт.
Алмалуу-Булак, Шумкар-Таш
Ашып учуп түштү дейт.
Төрт-Күлдүн төмөн жагында,
Баатырдын тиккен багында,
Кайнардын кара көзүндө,
Как Чынардын өзүндө
Он эки канат ордосун
Окчун тигип салыптыр,
Кермесине ат толуп,
Журт казандап калыптыр.
Өйүз-бүйүз эки ордо
Көрүнөө тигип салыптыр.
Маңдай жагы боз секи,
Боз секиге Айчүрөк
Жетип барып конду, дейт.
Аккуу кебин чечинип,
Анык адам болду, дейт.
Ал аңгыча болбоду,
Эрке катын Чачыкей
Ордодон чыкты маңкайып,
Ак кулжадай даңкайып,
Наакери бутта тайпайып,
Элечек башта кайкайып.
Алтындан кылган чоң сөйкө
Акыректе жаркылдап,
Шурудан тизген чач мончок
Аркасында шаркылдап,
Басып чыкты Чачыкей,
Ак булуттай калкылдап.
Жеңи жерге сүйрөлгөн,
Желбегей басып үйрөнгөн,
Алтынга боюн шыбанган,
Чачыкейди Айчүрөк
Көрүп туруп кубанган.
«Эр Семетей баатырдын
Никелүү зайбы ушудур,
Ургаачынын узудур.
Арзы-муңум айтайын,
Акылдашып кайтайын»,–
Деп, ошентип, Айчүрөк
Арка чачын булайтып,
Ак тамагын кылайтып,
Татынакай кыз болуп,
Басып барды муну айтып:
– Сары алтындай эжеке,
Соо-саламат жүрдүңбү?
Эжеке, мага кулак сал,
Айта турган кебим бар!
Шыгайдын уулу Чынкожо
Асмандан мунар боз болуп,
Жедигердин Толтойго
Жетип барып дос болуп,
Шаарымды басып сабады,
Жайы-кышы камады.
Жазында эгин салдырбай,
Күзүндө аштык алдырбай,
Элиме бүлүк салганда,
Качып келдим аркалап,
Кара башка иш түштү,
Антташкан жары Чүрөктү
Кан Семетей баатырың
Талашып барып алабы?
Толтойго бүлүк салабы?
«Күнү болуп калат» деп,
Көңүлүңө албагын!
Атап туруп ант берем,
Атабыз Манас арбагын!
Өрүдө үйүң оңдоюн,
Көчкөндө төөң комдоюн,

Жалган айтсам оңбоюн!
Кырк жылы кызмат кылайын,
Акылың болсо, эжеке,
Айтканыма көнөрсүң!
Деген кезде Чачыкей
Чочуп кетти солк этип,
Чочугандан жүрөгү,
Чыга жаздап болк этип.
Чогоол-чогоол кеп айтты,
Кеп айтканда деп айтты:
– Шайтан сүрөт карабет,
Шакылдабай ары кет!
Суудан чыккан суксуңбу,
Жерден чыккан жексиңби,
Жээ жез тумшук сенсиңби?
Талас-Талас болгону,
Таласка төрөм конгону,
Калдайган атпай элинде
Мындай укмуш болбоду.
Карысыңбы, жашсыңбы,
Каркылдап учкан казсыңбы?
Кайдан келген долусуң,
Кандай жандын шорусуң?
Кызылды кийген оңорбу,
Атасынын төрүндө
Эр издеген оңорбу?!
Эр албаган эски күң,
Кашка таман, кески күң,
Акун кандын төрүндө
Көп олтуруп зак болгон,
Саамай чачың ак болгон.
Сага окшогон чор таман
Чачыкейге тең эмес!
Айтканыңды кылгандай,
Арачы кишиң мен эмес.
Баатырдын уулу Семетей
Сени алуучу шер эмес.
Кара таман, ак саамай,
Бул айтканың кеп эмес! –
Деп, ошентип, Чачыкей
Долуланып, чамынып
Кайта басты кагынып.
Таманын жерден тарта албай,
Көзүнөн жашын арта албай,
Олтуруп калды Айчүрөк...
– Айланайын эжеке,
Айныбай жыйна эсиңди,
Ак болоттой төрөңө
Айтып берип сөзүмдү.
Чынкожо, Толтой деген жоо,
Чын төрөм менен кас экен.
Чымчыкты көзгө мээлеген.
Чыдагыс мерген маш экен.
Эрегишкен эки кул –
Экөө бирдей жаш экен.
Камсыз жаткан төрөмө
Кара боору таш экен.
«Акундун кызын алам,– деп,
Айдап жолго салам,– деп,
Айчүрөктү алган соң,
Армансыз болуп калам,– деп.
Анын арка жагынан,
Семетейге барам,– деп,–
Такалуудан тай калбай,
Таласты талап алам» деп,
Камап жатат калааны,
Какшатып жатат баланы.
Мага эже сен болсоң,
Сага сиңди мен болом,
Тамаша менен таң атсын,

Күлкү менен күн батсын!
Алты күнү саа жатсын,
Акыркы күнү маа жатсын!
Жети күнү саа жатсын,
Жетпеген күнү маа жатсын,
Көчкөндө төөнү айдайын.
Өрүдө бээни байлайын,
Кололуу кумган колго алып,
Кол жуугучуң болоюн,
Бедерлүү кумган колго алып,
Бет жуугучуң болоюн!..
Асыл төрөң Семетей,
Аргасын мунун табабы?
Аташканын алдырып,
Же намысы жок балабы? –
Деген кезде Айчүрөк
– Чачыкей туруп кеп айтат:
Чачыңды кесип албасам,
Күң кылып ишке салбасам,
Таманыңды тилбесем,
Эшек кылып минбесем,
Чачыкей болбой өлөйүн,
Туубай туна чөгөйүн! –
Кыжыры келип Айчүрөк
Чачыкейге муну айтат:
– Эрке катын Чачыкей,
Баатырдын уулу Семетей,
Талаага чыкса, меники!
Үйдө калса, сеники!
Мергенге эрте барганда,
Акшумкарын салганда,
Кара суунун боюнда,
Ак була болуп бурулуп,
Алты түрдүү кубулуп,
Үч көрүнүп көзүнө,
Сыр көрсөтүп өзүнө,
Жолго жатып калбасам,
Шумкарын колдон албасам.
Акшумкарын издетип,
Азапка башын салбасам!
Андан айла келбесе,
Кара суунун көлчүктөн
Туура кечип өткөндө,
Ак балык болуп кылтылдап,
Алтындай болуп жылтылдап,
Үч көрүнүп көзүнө,
Сыр көрсөтүп өзүнө,
Балык болуп калбасам,
«Балык» деп басып алганда,
Канжыгага чалганда,
Колундагы шумкарын
Эптеп кармап албасам,
Элине бүлүк салбасам!
Андан айла болбосо,
Өрдөк көлдөн өткөндө,
Эр Семетей баатырың,
Куш салар маалы жеткенде,
Жекендүү көлдүн жээгине,
Шабырлуу көлдүн четине
Аккуу болуп албасам,
Башымды көлгө салбасам,
Кара күчкө кукулдап,
Балырды сүңгүп калбасам,
«Куу» деп кушун салганда,
Эптеп кармап албасам,
Эр төрөнү ээрчитип,
Элиме алып барбасам!
Өзүнө тиет карабет,
Өкүмсүп кылган далбасаң!
Ушул иштi кылбасам,

Туубай туна чөгөйүн,
Айчүрөк болбой өлөйүн!
Шаатемирдин Чачыкей,
Сактап калчы, көрөйүн!
Жети-Сууда жердеген
Эл меники, Чачыкей!
Жер бетинде көйкөлгөн
Көл меники, Чачыкей!
Абамдын уулу Семетей –
Эр меники, Чачыкей!
«Эски» деп айтып торгойсуң,
Эп сөз айтса, болбойсуң,–
Деп, ошентип, Айчүрөк
Кукулдап учуп калды, дейт,
Куюн шамал салды, дейт.
Шыңкылдаган чунагың
Шыпылдап учуп калды, дейт,
Шыбыргак шамал салды, дейт.
Караса көзгө илинбей,
Кай кеткени билинбей,
Көздөн кайым болду, дейт...

* * *

Ошол кезде эр Семең
Тайбуурулдай күлүккө
Жолборстон үртүк жаптырып,
Жибектен кежи тактырып,
Алтын менен саптаган,
Пил терисин каптаган,
Чымын тийсе заңк эткен,
Камчы менен чапканда,
Мылтык аткан эмедей,
Тоо жаңырып «даңк» эткен
Алтын алкак доолбаш
Кайра байлап капшырып,
Канжыгага тапшырып,
Алдыңкы кашы карк алтын,
Арткы кашы чылк алтын,
Эки каптал эн темир,
Эбелеги сом темир,
Эптеп кылган акканкы,
Тайбуурулга чак каңкы
Баса токуп алды, дейт.
Куймалуу алтын үзөңгү
Теппей ыргып минди, дейт.
Ошол кезде Күлчоро,
Жоого чыкса миң чоро,
Абасынын жанында
Жан кубантар бир чоро
Төрөсүнө келди, дейт,
Келип салам берди, дейт.
Эми Чачыкейдин кеби бар.
Келтирип айтар эби бар.
Акырын басып шаңкылдап,
Айнектей көзү жаркылдап,
Алтындан кылган чач мончок,
Аркасында шаркылдап,
Шаатемир кызы Чачыкей
Төрөсүн кармап тизгинден,
Семетейге кеп айтат,
«Токточу, төрөм! – деп айтат,–
Бүгүн күнгө шейшемби,
Сапар кылар күн эмес.
Акшумкарды колго алып,
Сыртка чыгар күн эмес
Эрдигиң бар, эсиң жок,
Эчтеме менен ишиң жок.
Эки бала эрмегиң,
Жаныңда башка кишиң жок.

Үч күн туруп аттангын,
Үч күндөн кийин ишим жок!».
Деген кезде Семетей
Ант ичкендей саргайып,
Ачуусу келип арбайып,
«Кан кармабас тизгинди,
Карабет долу, кармадың,
Жан батпаган жанымды
Кара жиндей арбадың.
Коё бер, долу, тизгинди,
Келтирбе менин жинимди,
Сүйлөшөбүз келгенде!»
Деп, ошентип, эр Семең
Жүрүп кетти мергенге.
Теңирсинген Чачыкей
Теңселип араң козголуп:
«Аксымдык кылып салдым, деп.
Армандуу болуп калдым», деп.
Күлчорону чакырды,
«Кагылайын Күлүсүм.
Кабак ачат күлүшүң,
Бура тургун атыңды,
Абаң укпай кеткен соң,
Сага айтамын датымды.
Жолуңардан үч түркүн
Сыр көрүнөт көзүңө,
Зыян тийип жүрбөсүн,
Ишенем, Күлүс, өзүңө!
Акбула жатса, албагын,
Акчабак көрсөң барбагын,
Аккууга кушту салбагын!
Бул үчөөнүн биринен
Азапка башты салбагын!
Жеңендин айткан бул сөзүн
Унутуп кокус калбагын?!
Алыстатып жибербе
Абаңа конгон арбагын!
Ушул ишти сен кылсаң,
Атасы эле барктуудан,
Энеси асыл нарктуудан,
Кытаттай кара чачтуудан,
Алгыр тынар баштуудан,
Каламдай кара каштуудан,
Айткан сөзү наздуудан,
Мурду порум мистедей,
Аппак эти чүчтөдөй,
Колу асыл күмүштөй,
Тиши аппак күрүчтөй
Сулуудан тандап келемин,
Бир күнкү кылган ишиңе
Ушундай тартуу беремин!
Ушул айткан жумушка
Тиеби, Күлүс, керегиң?»
Анда Күлүс кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Ишенгин, жеңе ишенгин,
Эркелигим эп болбос,
Абакем укчу кеп болбос
Акбуланы алгызбайм,
Ак балыкка баргызбайм!
Актайлактай аккууга
Акшумкарды салгызбайм!»
Деп, ошентип, шарт коюп,
Жүрүп кетти Күлчоро;
Ошол кезде Чүрөгүң,
Болкулдатып жүрөгүн,
Акмалап учуп калды, дейт,
Абайлап сынап алды дейт –
«Эр Семетей баатырың

Айтканындай бар экен!
Кара көздөн нур жанган,
Кармагандан кан тамган,
Чоңдугу төөнүн нарындай,
Толкуну көлдүн шарындай,
Ысыгы күйгөн жалындай,
Маңдайына карасаң,
Кара кашка тынардай,
Тулку боюн карасаң,
Сайга чыккан чынардай.
Жорго минип шартылдап,
Жүрөр күнүм бар бекен?!
Эр Семетей баатырга
Тиер күнүм бар бекен?!
Чабуусунан Толтойду
Жарар күнүң бар бекен?!».
Деп, ошентип, Айчүрөк
Акмалап жүрдү асмандан,
Алда канча кайрылды,
Төрөсүн көрүп шашкандан.

* * *

Алмамбеттин Күлчоро
Жоого кирсе, миң чоро,
Жекендүү көлдүн оюнда,
Семетейге жакындап,
Кирип келген кезинде,
Семетей туруп кеп айтат:
«Күйдүргү чунак,– деп айтат,–
Бул жерге кербен жетиптир,
Түн катып өтүп кетиптир.
Түн катып өткөн кербендер
Түштүк жерге жетиптир.
Буласы жатат бурулуп,
Эчен түркүн кубулуп.
Далай мүлкү калган го,
Шашкандардан куюлуп.
Чором, атындан түшүп ала көр,
Ак куржунга сала көр!»
Күлчоро анда кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Талаада жаткан буланы
Уялбай кантип алайын,
Жоктон тапкан эмедей,
Куржунга кантип салайын?!
Керек болсо ак була,
Анжыянга барайын,
Алтымыш ала жорго алып,
Ак була сатып алайын!»
Деген кезде эр Семең,
Сөзгө элпек эр немең,
«Эмесе чунак мейлиң» деп,
Акшумкарды алды, дейт,
Томогосун шыпырып,
Таманга кагып калды, дейт.
Түрөгөй өрдөк, бала каз,
Туура салып илдирип,
Канжыгасын кан кылып,
Каз, өрдөккө билдирип,
Балапан өрдөк, бала каз
Барпыратып илдирип,
Кара-Сууну айланып.
Өрдөк менен каздарды
Канжыгага байланып,
Тайбуурулду тер кылып,
Багалегин кир кылып,
Кара-Суунун көлчүктөн
Туура кечип өтөрдө,
Агын суудан шаркылдап,
Алтын балык жалтылдап,

Аярдыгын билгизип,
Аябай ичти күйгүзүп,
Ыргып түшүп шартылдап,
Ылайга жукпай жаркылдап,
Суудан чыгып жылтылдап,
Сууга кирип кылкылдап,
Ойноп жаткан балыкка
Семетейдин жүрөгү
Туйлап кетти зырпылдап.
«Күйдүргү Күлүс, карачы,
Күмүштөй болгон балыкты
Угуп-көргөн эмесмин,
Балыктан мындай жарыкты.
«Алтын» десем, күмүштөй,
Кабыгы аппак күрүчтөй,
«Күмүш» десем алтындай,
Көрүнөт көзгө жаркылдай.
Ушуну кармап алалык,
Кайнарга кайтып баралык,
Атамдан калган көлчүккө
Ак балыкты салалык!
Тамаша кылып жүрөлүк,
Таң каларлык түбөлүк!
Суусу тайыз кармагын,
Жаздым болуп калбагын!».
Деп, ошентип, Семетей
Бууруулдун башын бурду эми,
Буйрук кылып турду эми.
Бала жолборс Күлчоро,
Жоого чыкса миң чоро.
«Абаке балык кайда,– деп,–
Алсак балык,– пайда» деп,
Көрбөгөнсүп жалтактап,
Кара сууну баткактап,
Аябай сөөгүн кыйратып,
Айчүрөктү ыйлатып,
«Көрбөй калды көзүм – дейт,–
Чындап аба, уялып,
Чыга жазды эсим» дейт.
«Билбедим» деп чамасын,
Күлүмсүрөп Күлчоро
Жайкап койду абасын.
«Болуптур эми, чунак» деп,
Асманга шилтеп шумкарын,
Атырылтып тулпарын,
Кербездигин билдирип,
Кечке өрдөк илдирип,
Тамашага батканда.
Талыкшып кайра тартканда,
Кечки салкын бешимде,
Кете турган кезинде,
Балырлуу көлдүн оюнда,
Баатырдын жүргөн жолунда,
Удургуп агып суу турат,
Кукулдап аппак куу турат.
Муну көрүп Семетей,
Бура тартып тулпарын,
Күлчорону жумшады,
«Агыткын!» деп шумкарын.
Күлчоро анда кеп айтат,
Күйдүргү сөздү эми айтат:
«Айланайын абаке!
Канаты менен жер сабайт,
Карып калган куу белем,
Далай жашка жабыркап,
Барып калган куу белем.
Куйругу менен кум сабайт,
Уя басып уча албай,
Туруп калган куу белем.
Алдырып койсок шумкарга,

Жетим калар балдары,
Жетимдикти көрдүк го,
Жаман экен салмагы!
Салбаймын аба шумкарды,
Зая болор жандары!
Убалы бизди уктатпас,
Энесиз калса балдары!
Куу да куштун асылы,
Тукумун үзүп койбойлу!
Асылга асыл катылса,
Башыңа кесир болбойбу?
Убалына калбайлы,
Акшумкарды салбайлы!».
Семетей анда кеп айтат,
Ачуусу келип бек айтат:
«Күлүмсүрөп сүйлөгөн
Күйдүргү чунак, оңбойсуң!
Кана тийген кесири?
Карып калган куундун
Кайдан тийсин кесири!
Оң кылган ишиң ушубу?
Келе, бери кушумду!»
Деп, ошентип, Семетей
Сары жибек узун боо,
Үзүп алды колунан,
Кесепеттүү куу туяк,
«Келер – деп,– ишим оңунан»,
Кууга салып шумкарын,
Карап калды соңунан.
Жанындагы Күлчоро,
Телкүрөңгө камчы уруп,
Оңдоп-солдоп каршы уруп,
Акшумкарга жеткенче
Кууну кудай уруптур,
Тамандап өөдө туруптур.
Чагарактуу алтын боо,
Жыя кармап алыптыр,
Чыркыратып Шумкарды
Бооруна басып алыптыр.
Эргий-эргий чалкактап,
Ак канаты калкактап,
Көтөрүлүп алыптыр,
Асмандап жолго салыптыр...
Күндү жайлап туңдуруп,
Борошо жамгыр урдуруп,
Бөксөгө мөндүр жаадырып,
Жакага жамгыр куйдуруп,
Борошо жамгыр, муздуу кар,
Боройлотуп урдуруп,
Туман салып жазгырып,
Айлананын баарысын
Куюн, шамал алды, дейт.
«Акылы болсо билди,– деп,–
Акшумкар колго тийди!» деп,
Ак канатын сабалап,
Ак туман менен аралап,
Куюн, шамал, эпкиндей,
Телкүрөңгө жеткирбей,
Караса көзгө илинбей,
Кай кеткени билинбей,
Дареги чыкпай жок болду,
Дал болуп чоро токтолду,
Күйбөгөн жери күл болуп,
Түтүнү жок чок болду.

## АКШУМКАРДЫН ДАЙЫНЫ

Көк жал Күлүс чоронун
Көңүлү санга бөлүнүп,
Көзүнөн жашы төгүлүп,

«Кандай заман болду?» деп,
Эч айласын таба албай,
«Эмне болуп кетти,– деп,–
Шер абамдын колунан
Эми ажалым жетти» деп,
Эки көзү жалдырап,
Эт жүрөгү калтырап,
Атынын башын тарта албай,
Аккуу жайын айта албай,
Алактаган Күлчоро
Шашкан бойдон кеп айтты,
Кеп айтканда деп айтты:
«Айланайын абаке,
Адам көргүс иш болду,
Аккуу болуп көрүнгөн,
Алда кандай күч болду!
Мурун жетип алам деп,
Муңбай чапкан менденби?
Артта туруп байкаган,
Абаке, кырсык сенденби?
Же болбосо асмандан
Желип жүргөн желденби?
Билбей калдым шумкардын
Эмне болуп кеткенин.
Алда канча дем кылып,
Ант урганга жетпедим!
Болгонун өзүң көрдүң го,
Болжой албай өлдүм го?!
Жетпей калды тулпарым,
Аппак кууга алдырып,
Алда кимдин колуна
Түшүп кетти шумкарың».
Деген кезде Күлчоро,
Семетей туруп кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Күйдүргү чунак Күлчоро,
Ушул бүгүн үч кылдың,
Аягында күч кылдың!
Ак була көрдүм албадың,
Балыкты көрдүм баспадын.
«Аккууга кушуң салба» деп,
Шектүү сөздөн баштадың!
Айта койгун шумкарды,
Арытпагын тулпарды!
Асыл жанга керегим,
Атамдан калган белегим –
Акшумкар колдон кеткени –
Ажалымдын жеткени!
Эртең менен жеңеңдин
Башкача болгон кылыгы.
Айланайын Күлчором,
Ал ушул күндүн чырыбы?!
Айтпай койсо кушумду,
Чачын кыркып алсын де,
Кементайды кийгизип,
Кер байталга мингизип,
Шаатемирдин колуна
Эртеңден калбай салсын де!
Аттангын, чоро, кете бер,
Эртеңден калбай, эрте кел!»
Эки чоро жарышып,
Үзөңгүсү кагышып,
Чачыкейге барышып,
Ачуусу келген Күлчоро
Аттан түшпөй кеп айтат,
Арстандай болгон түгөнгүр,
Ачууланып бек айтат:
«Ак ордодо Чачыкей,
«Ак була болсо алба,– деп,–
Аккуга кушун салба,– деп,–

Ак балыкка кызыгып,
Азапка анык калба» деп,
Аныктап жатып тапшырдың,
Армандуу кылып жазгырдың!
Акшумкарды алдырып,
Абама мени жаздырдың.
Кадырманым жеңеке,
Аябагын чыныңды,
Айтып бергин сырыңды!
Ак була болуп жаткан ким?
Алтын балык болгонсуп,
Аярдыкты каткан ким?
Ак тайлактай койкоюп,
Аккуу болуп калган ким?
Акшумкарды көтөрүп,
Асманга алып кеткен ким?
Айта койгун токтолбой,
Азапка бизди ким салды,
Акшумкарды ким алды?
Айткан сөзгө теригип,
Ачуусу келип урушуп,
Чачыкей туруп кеп айтат,
Чочугандай деп айтат:
«Бул кебиңди ит уксун,
Ит укпаса ким уксун?
Үйдө олтурган катындын
Ашы менен иши бар,
Кушу менен неси бар?
Качарында Акшумкар,
Кылчайып үйгө кайтыппы?
«Кош болгун, жеңе, кеттим» деп,
Кайтпас сөзүн айтыппы?
Төрөмдүн айтар кеби жок.
«Кушумду катын тапсын» деп,
Тапшыра турган жөнү жок.
Талаадан кушун качырса,
Таамайлап кылган шеги жок!
Талаада жүргөн сен болсоң,
Үйдөгү катын мен болсом,
«Шумкарды тапкын» дегениң –
Тамаша кылып келгениң;
Жекирип келип турганың,
Жеңеңе кордук кылганың!
Буланы качан мен айттым?
Муну да жалган сен айттың!
Балыкты качан мен айттым?
Баарысын жалган сен айттың!
Ак ккуну качан мен айттым?
Аны да жалган сен айттың!..
Жекирип келип турганың,
Жетишер ушу кылганың!
Оолугуп мында турбастан,
Ойрон болгон арам кул,
Обочолоп жолго сал!».
Деп, ошентип, Чачыкей
Кайта басты бурулуп,
Жинди болгон эмедей,
Өзүнөн өзү жулунуп.
Жолборс мүнөз Күлчоро –
Ачуусу келип калыптыр.
Алакандай чолпон көз
Арбагандай жалтырап,
Оозунан түтүн буркурап,
Көзүнөн жалын шыркырап,
Күйбөгөн жери күл болуп,
Көңүлү кара түн болуп,
Толгомолуу чоң камчы
Толгой кармап алды эми.
Кайта баскан катынды
Капталга басып калды эми.

Кырмызы кызыл көйнөгү
Кыр-кырынан бөлүндү.
Кыянаттуу сулуунун
Кылгырып жашы төгүлдү.
Ылаачындай Күлчоро
Ыргып түшүп атынан,
Колуна буруп имерип
Колондой кара чачынан:
«Кыянат кылган карабет,
Чачынды кыркып салбасам,
Чолок байтал кылбасам,
Жайдак атка мингизип,
Жалпы журтка билгизип,
Кементайды кийгизип,
Шаатемирдин колуна
Бүгүндөн калбай салбасам!
Же болбосо долунун
Башын кесип албасам,
Уяты жок тилиңден
Канжыгага чалбасам,
Күлчоро болбой өлөйүн,
Туубай туна чөгөйүн!
Денеңдеги каныңды,
Тепсеп жатып төгөйүн!
Сенден келген кордукту
Так төбөдөн көрөйүн!
Так ушуну кылбасам,
Төбөсү ачык көк урсун,
Төшү түктүү жер урсун!
Аккелтенин огу урсун,
Ак милтенин чогу урсун!».
Деп, ошентип, айтканда,
Айласы кеткен Чачыкей
Өксөп-өксөп кеп айтты,
Кеп айтканда деп айтты:
«Өрттөнүп кеткен Күлчоро,
Качып кеткен шумкарды
Акун кандын долусу –
Айчүрөк алды!» – деп айтты.
«Чынкожо, Толтой – эки дөө –
Чырмалган балаа» – деп айтты.
Чыдашып келген дөөлөрдүн
Чыр кылар жерин бек айтты...
Бала куштай барк этип,
Жайкы күндөй жарк этип,
Ачуусу тарап Күлчоро
Чачыкейге баш ийип
«Кечиргин» деп жалынды.
Аттанып калды шарт этип.
Кубангандан куу чунак,
Күлүп койду демигип.
Алагар көзү жылтылдап,
Ач бөрүдөй желигип,
Жогунун жообун табышып,
Учкан куш менен жарышып,
Семеңе жетип кеп айтты,
Кеп айтканда деп айтты:
«Абаке,сага сүйүнчү,
Душманга болсун күйүнчү!
Сымбаттуу сулуу сеники,
Суйкайган күлүк меники.
Айтылуу сулуу сеники,
Ашкере күлүк меники!
Сүйүнчүгө каалсам,
Аламын аба тулпарды!
Оң кулагың он уксун
Айчүрөк алган шумкарды!
Жүрөгү майлуу толтолуу,
Ашык болсо абама,
Шумкардан Чүрөк коркобу!

Чүрөктүн жайын сурасаң,
Көбүк кардай эти бар,
Кызыл кандай бети бар,
Калемдей кара кашы бар,
Кундуздай сулуу чачы бар,
Берметтей таза тиши бар,
Журттан башка иши бар.
Кара жерге кар жааса,
Карды көр да, этин көр,
Кар үстүнө кан тамса,
Канды көр да, бетин көр!
Ургаачыдан шок дешет,
Укмушта мындай жок дешет.
Перизаттай мелтиреп,
Ак берметтей мөлтүрөп,
Ак куу болуп сүзөт, дейт,
Айланасы Чүрөктүн
Адам өткүс күзөт, дейт.
Аман болсом, абакем,
Айланып учкан аппак куу
Койнуңа сенин түшөт, дейт.
Айчүрөк болсо алганың,
Акшумкар болсо салганың!
Атпайдын баатыр баласы,
Айланайын абакем,
Кай жерде калат арманың?!».
Анык жерден кеп угуп,
«Айчүрөк алды» деп угуп,
Аркасынан шумкардын
Баатыр Семең муну угуп.
Бакайдан жолду сурады,
Бакай кан анда кеп айтат:
«Байкагын балам,– деп айтат. –
Баатырдан калган шумкарым,
Бабадан калган урпагым,
Абаңдын айткан сөздөрүн
Аянбай, балам, тыңшагын!
Алтымыш күндө кулунум.
Ooганга кирип барасың.
Акундун кызы Чүрөктү
Ошол жерден табасың…».
Деп, ошентип, кан Бакай
Жолдун баарын каттады,
Жоо жарагын баптады.
Муну уккан Семетей,
Асаба кызыл туу менен,
Айбаттанган дуу менен,
Туяктан чаңын бургутуп,
Тайбууурулду чулгутуп,
Чоролорду мингизип,
Чоктой кызыл кийгизип,
Бөкөйдүн бөксө жол менен,
Бөксө-бөксө дөң менен.
Бөлүнгөн нечен көл менен,
Кара тулаң чөп келсе,
Чалдырбай жүрүп баратат,
Кара булак суу келсе,
Каптырбай жүрүп баратат.
Чынары бар мунардай,
Чымчыктардын үнүнө
Чыдап пенде тура албай,
Талдары бар түркүктөй,
Таранчысы бүркүттөй,
Таң каларлык жаралган,
Бүркүттөрү үзүктөй,
Сар чычканын карасаң,
Жергелүү эл конгондой,
Желесин тартып койгондой,
Үйдү тигип салгандай,
Семетей төрө чунагың,

Жерди көрүп ар кандай.
Күндөп-түндөп жол жүрдү,
Көңүлүн ачып зарланбай.
Ушул жерди көргөндө,
Семетейдин оюна
Сонун кыял тарады.
«Токтой тургун, Күлүс! – дейт,–
Алты күнү бул жерге
Ат өргүтүп алалы!
Бүткөн бойду сергитип,
Акун кандын шаарына
Андан кийин баралы!
Артык тууган Чүрөктөн
Анан жообун алалы!
Жолукса Толтой, Чынкожо,
Аянбай найза салалы!
Атабыз Манас болгон соң,
Айткандан кантип калалы!
Уурдангансып барбайлык,
Уктап жаткан калааны
Уялбай басып албайлык!
Тынч калаага кол салсак,
Эрден сыймык кетпейби,
Каракчыдай иш кылып,
Абийирибиз кетпейби?!».
Деп, ошентип, эр Семең
Кеңеш кылып кеп айтып,
«Кошту түшүр» – деп айтып,
Төбөсү бийик чоң чатыр
Танаптарын тарттырып,
Жез бурама казыкты
Жерге мыкты кактырып,
Кемегесин ойдуруп,
Кер байталды сойдуруп,
Аттардын баарын кермеге,
Аркы-терки астырып,
Кайкаң сары белесте
Кабыландай комдонуп,
Кара кулак жондонуп,
Кайгырбаган эр Семең,
«Ушул жерде болом» деп,
Кайрылып түштү, «коном» деп.

## КҮЛЧОРОНУН ЧАЛГЫНЫ

Төрөнүн уулу Семетей
Төрдөн туруп октолуп,
Кермеден атты алдырып,
Керүү жерге чалдырып,
Кара суудан кандырып,
Кара шибер тулаңга.
Кайсаңдата чалдырып,
Кылычын кыя байланып,
Кырга басып айланып,
Сырнайзасын таянып.
Чарк айлана карады.
Үргөнчтү туман чалыптыр,
Тунарыктап калыптыр.
Ала карга, сагызган
Айланганы билинбейт,
Каран калган Үргөнчтүн
Кайсы экени билинбейт.
Карарган туман, калың бак,
Кароолонгон алма шак,
Дүмпүйгөн кара калаадан
Бөлүнүп чыкты бир топ жан,
Жаш Семетей чунагың
Таанып албай болду таң.
Андан бери караса,
Аккан суунун боюнда,

Ак-Кыянын оюнда,
Кызыл-тазыл бөлүнөт,
Суйкайган кыздар көрүнөт.
Муну көрүп Семетей,
Кыялына чөмүлдү.
Кыялданып күлгөнү
Күлчорого көрүндү.
Күлчоро туруп кеп айтат:
«Айланайын абаке,
Эмне көрдүң?» – деп айтат.
Семетей анда кеп айтат:
«Ой, чунактар! – деп айтат,–
Карарган калың калаадан,
Бер жагында талаадан
Бөлүнүп чыкты бир топ жан;
Тааный албай болдум таң.
Анын берки жагынан
Кызыл-тазыл көрүндү,
Кыздын көркү болбосун,
Көңүлүм буга бөлүндү.
Теңирсиген дөө бекен,
Темтендеген жөө бекен?
Жээ болбосо чунактар,
Теңтуш Чүрөк уз бекен?
Издегени биз бекен?
Көңүлү бизге түз бекен?
Кыя тартып карасам,
Кырка түтүн бөлүнөт,
Кызыл чатыр көрүнөт.
Кызыл тердик, куш баш ээр,
Кыздын аты көрүнөт,
Агарып чатыр көрүнөт,
Асмандан түтүн бөлүнөт,
Абайы көпчүк, ак быштан
Аргымак аттар көрүнөт.
Ажыратып биле албай,
Таң калып көңүл бөлүнөт.
Калдайып жаткан көлбү дейм,
Калкынын четин торготуп,
Каздырып койгон орбу дейм?!
Же болбосо, түгөнгүр,
Кайнатып койгон шорбу дейм?!
Айланайын чоролор,
Булдуруктап көрүнгөн,
Бул эмине, билгиле!
Текөөрлөшөр эр болсо,
Теминишип киргиле!
Жолоочу болсо, жолго сал,
Жортуулчу болсо, башын ал,
Бадачы болсо, кабар ал!
Кайкалаган жоо болсо,
Кагышпастан кайра сал!»
Деп, ошентип, калганда,
Болом го деп арманда,
Канчоросу кеп айтат:
«Кабылан абам! – деп айтат.–
Кайкалаган жоо болсо,
Качырып кирсем, миңдеймин,
Катын-кызга туш келсем,
Кантеримди билбеймин.
Кыйытып айтар кебим жок,
Кыз-келинге эбим жок!
Тил алсаң, аба, барбайын.
Кыз-келиндер туш келип,
Уят болуп калбайын?!
Күйдүргү Күлүс шок эле,
Сөзүндө сөлтүк жок эле.
Чукугандай сөз тапкан,
Чуулдап учкан ок эле.
Эрдиги менен элдиги

Бирдей келген эме эле.
Бул жагынан Канчоро
Күлүскө качан тең эле?!
Тили чечен, өзү шок,
Тирүүдөн мындай эме жок!».
Канчоро минтип калганда,
Күлүс күлүп кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Айланайын абаке,
Чалгынды өзүм чалайын,
Чалбай кантип калайын?!
Көрүнүп турган Үргөнчкө
Көз ачканча барайын!
Азабым болсо көрөйүн,
Ажалым жетсе өлөйүн!»
«Кагылайын Күлүсүм,
Кудутуп баргын чалгынга.
Куттуу болсун жүрүшүң!»
Деп ошентип Семетей
Чорону салды жолуна.

## ҮРГӨНЧ ДАРЫЯДАН ӨТҮҮ

Алдында Буурул койкоюп,
Көкжеке бутта чойкоюп,
Асаба колдо калкылдап,
Бозкисе жанда шаркылдап,
Атагы чыккан Аккелте
Ай далыда жаркылдап;
Кылычы кында кыңгырап,
Үстү-башын карасаң,
Ай тийгендей жаркылдап,
Алыстан көргөн адам зат
Айбатынан калтылдап,
Үну чыккан Үргөнчкө
Алманын уулу Күлчоро
Кирип келди шартылдап.
Маңдай жагын караса,
Отуз келин, отуз кыз,
Ортосунда Чүрөк уз.
Теректин башын бурушуп,
Аркы-терки турушуп.
Селкинчегин тебишип,
Акийнегин айтышып,
Бирин-бири жеңишип,
Чорону көрүп карашып,
«Кимиси» деп талашып,
«Суудан кантип өтөт,– деп,
Бизге кантип жетет,– деп,
Кече калса, бул чунак
Агынды болуп кетет» деп,
Акундун кызы Айчүрөк
Око бөркүн оң кийип,
Он эки түркүн тон кийип,
Кошо басып Калыйман,
Кол артканы Бурулкан,
Жандай баскан Тынымкан,
Жароокөрсүп сөз айткан
Жарашыктуу Калыйман,
Жаш балага таң калып,
Карап калды жарданып.
Үргөнч деген суу экен,
Үстү көбүк буу экен,
Уккан жанга чуу экен.
Болжолу жок чоң Үргөнч
Бопбоз болуп алыптыр,
Болбой кирип калыптыр.
Кыпкызыл болуп алыптыр,
Кыйын кирип калыптыр.
Киргенинде карал жок,

Алакандай арал жок.
Таш агызып күркүрөп,
Чоң суунун жайын көргөндө,
Чоронун бою дүркүрөп.
Ак чалма болуп ылайлап,
Жаткан экен чоң Үргөнч,
Жанына келген пендеси
Жакасын кармап кудайлап
Төө өргөчтөп көрүнүп,
Жайнай түшүп төгүлүп,
Жекендин башы желпилдеп,
Камыштын башы калкылдап,
Талдын баары жайпалып,
Теректин баары теңселип,
Үстү көбүк кир болуп.
Капчыгай менен бир болуп,
Агыны катуу шар агып,
Үстүнөн үйөр, кар агып,
Орто жерин карасаң
Билектей кара кан агып,
Имерилип оң агып,
Иледен канча чоң агып,
Тегеренип оң агып,
Теңизден канча чоң агып,
Тегирмендей кара таш
Тегеренип калдырттап,
Үстүндөгү көбүгү
От жаккандай жалбырттап,
Жаткан экен чоң Үргөнч
Өзүнөн өзү сүйлөнүп.
Карагай кайың короюп,
Толкундан чыгып балыгы,
Өлүп жатат тороюп,
Ар кайсы жерде булактап,
Сайда жатат сороюп.
Жарылып тийген жерине
Жар туруштук бере албай,
Бурулуп тийген жерине,
Муз туруштук бере албай,
Чыбырын түлкү жойлобой,
Толкундап чыккан көбүгү
Чылбыр салса бойлобой,
Алыстан келген жолоочу
Кечемин деп ойлобой,
Адырын түлкү жойлобой,
Аралга жаткан үйөргө
Найза салса бойлобой,
Аркы четин карасаң,
Ысык-Көлдөй көлкүлдөйт
Берки четин карасаң,
Баш айлантып мелтилдейт.
Теңирсиген чоң Үргөнч
Теңиздей болуп ташыптыр,
Тал башынан ашыптыр.
Атыла түшүп бөлүнүп,
Жайнай түшүп төгүлүп,
Карап турган адамга
Жан алчудай көрүнүп,
Күкүк болуп күүлөнүп,
Күңгүрөнүп сүйлөнүп,
Алда канча түрдөшүп,
Адам болуп сүйлөшүп,
Бай карагай, балаты
Тамыры менен суурулуп,
Жардын башы туурулуп,
Үйдөй болгон боз чалма
Камырдай болуп жуурулуп,
Күкүк болуп күүлөнүп
Күңгүрөнүп сүйлөнүп,
Агымы катуу шар агып,

Ар жыгачтын баары агып,
Арча менен тал агып,
Аюу, жолборс, баары агып,
Аңтарылып сал агып,
Кирген экен чоң Үргөнч
Кечерге пенде зар болуп,
Муну көргөн адамдын
Кең дүйнөсү тар болуп.
Муну көргөн адам зат
Буусуна жакын келгисиз,
Толгонуп тийген жерине
Тоо туруштук бергисиз,
Кечмек түгүл бул суунун
Тозуна жакын келгисиз.
Муну көрүп Күлчоро,
Акылы кетти алдырап,
Айланчыктап бул суугa
Карап туруп жалдырап.
«Абакемдин жанынан
Канчородон кырдуусуп,
Мында келдим тыңдуусуп.
Ушул суудан кечпесем,
Карап турган кыздарга
Уялбай кантип беттешем.
Суудан коркуп кечпесем,
Кабарын алып кетпесем,
Күлчоро болбой өлөйүн,
Туубай туна чөгөйүн!».
Деп, ошентип, куу чунак
Кыдырып кечүү карабай,
Кызды көргөн түгөнгүр
Кылча жанын аябай
Жардын башын уратып,
Суугa кирди чуратып.
Таш ургандай чулп этип,
Чөгүп кеткен эмедей,
Суунун үстү шырп этип,
Карап турган кыздардын
Жүрөктөрү зырп этип,
Кирген жерде жоголуп,
Сүрлүгө түшүп онолуп,
Анда-санда Буурулдун
Кулагы чыгат кылт этип,
Анда-санда чоронун
Төбөсү чыгат жылт этип.
Ак болотун дат алып,
Адис болгон Тайбуурул
Агынын көздей маталып,
Суу үстүндө ыргыштап,
Кайып беле Тайбуурул,
Суу түбүндө чөкпөгөн
Кайык беле Тайбуурул,
Туура сүзүп ыргыган
Балык беле Тайбуурул!
Суунун бети былк этип,
Теңирсиген дайрадан
Ыргып чыкты кылт этип,
Болот така, күмүш мык
Төрт туякта жылт этип...
Накта жолборс Күлчоро
Маңкаң-маңкаң бастырып,
Жолдун четин каздырып,
Жолум үйдөй көбүктү
Жол четине чачтырып,
Кароолчу койгон Кара кыз,
Сакчы койгон Сары кыз,–
Экөөнү бирдей шаштырып,
Шыңкылдашкан кыздардың
Шыбырларын бастырып,
Жакын кирип келгенде,

Маңдай жарык бото көз,
Моймолжуган ширин сөз,
Күмүш үндүү, колоң чач,
Кош каркыра, керме каш,
Акак тиштүү, ай нурдуу,
Алма моюн, түймө баш,
Ак кочкордой даңкайып,
Ак маралдай шаңкайып,
Акча бети жарк этип,
Алтындан кылган чоң сөйкө
Акыректе шарк этип,
Жылаажындуу дабышы
Жез комуздай шаңк этип,
Акундун кызы Айчүрөк
Күлчорого кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Кызыл буурул ат минген,
Кыл куйругун шарт түйгөн,
Солкулдаган чыбыксың,
Көтөрүлүп зоболоң,
Сонун жолго чыгыпсың.
Чоочун бала экенсиң,
Кайсы жакка барасың?
Кайдан келген баласың?
Көзү кара кочкордой
Токчоңдогон сен кимсиң?
Эркек кара каргадай
Чокчоңдогон сен кимсиң?
Жайыңды толук айтпасаң,
Жашыңдан жайрап каласың».
Анда Чоро кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат;
«Ким экениң билбеймин,
Айчүрөк дебей ким деймин?
Менин жайым сурасаң,
Жок качырып элимден,
Суроо салып келемин.
Качырганым Акшумкар
Чүрөк сенден көрөмүн!
Акшумкардын бутуңда
Ак жибек, алтын боосу бар,
Жоготкон болсоң Шумкарды,
Алтымыш кыздын доосу бар.
Билбегенсип кеп айтып,
«Ким болосуң?» деп айтып,
Керилип сөздү кеч айтып,
«Өлөсүң!» деп пеш айтып,
Коркутпа, жеңе, Чорону,
Сенден корккон оңобу?!
Ар сөздүн башын көрсөтүп,
Аңдышкан жоосун көргөнсүп,
Аңдыганың болобу!».
Муну уккан Айчүрөк
«Абийри жок шум чунак!
Кандай курган баласың!
Азапка башың саласың,
Оозуңду желге көптүрүп,
«Шумкар» деген эмине,
Таанышпай жатып, «жеңе» деп,
Шоктоносуң тим эле!
Аксымданган түгөнгүр,
Сенин өзүң ким элең?!
Туткун болуп түшөсүң
Айчүрөктүн колуна!
Кутула турган жадың жок,
Түшүрө турган тор мына!».
Анда Чоро кеп айтат,
«Айчүрөк, жеңе!» деп айтат,
Ачуусу менен кубанчы
Аралашып бек айтат:

«Жерибиз Кең-Кол, кең Талас,
Атабыз артык шер Манас,
Калкыбыз атпай көп кыргыз,
Кыргыз, кыпчак аралаш,
Ногой деген уруктан
Жайдары туугaн эр Манас.
Эр Манастын баласы,
Жетим калып жетилген,
Ак болоттой кетилген.
Семетейдин иниси –
Мен, иниси эмей кимиси!
Атамдын аты – Алмамбет.
Арстан Манас батасы,
Азиз кандын баласы.
Айтып турган сөзүмдөн
Калдыбы, жеңе чаласы?!
Сени «жеңе» дегендин
Кайсы жерде талашы?
Акшумкардын артынан,
Айчүрөк жеңе дартыңан,
Он төрт күлүк айдатып,
Жоо жарагын шайлатып,
Арчатору бууданга
Аяктай кебез байлатып,
«Бүгүндөн калбай барам,– деп,
Айчүрөк сени алам!» – деп,
Душманга салып күйүнчү,
Аташканың Семетей,
Келип калды сүйүнчү!»
Деп, ошентип, Күлчоро
Аттан ыргып бат түшүп,
Таманы тийген жерине
От ордундай так түшүп
Аралашкан кезинде,
Белесте калган эр Семең
Дүрбүнү кармап имерип,
Күлүстү көздөй жиберип,
Кыз экенин билген соң,
Токтоно албай, түгөнгүр,
Чилдедеги буурадай,
Тура калды чиренип,
«Канчоролоп» чакырып,
«Ат току!» деп бакырып:
«Акжолтой туугaн Күлчоро
Айчүрөк таап алганбы,
Жеңеси менен биригип,
Абасын күтүп калганбы?
Кереметтүү куу Чүрөк
Келерим билип алганбы,
Эртелеп тосуп калганбы,
Же болбосо дүрбүнүн
Көрсөткөнү жалганбы!
Айчүрөк болсо, алалы,
Чынкожо менен Толтойду,
Айланайын Канчоро,
Ойрон кылып салалы!
Кечүүнү мыктап чалалык,
Акшумкар алып колунан,
Күлүстөн кабар алалык,
Айчүрөк тоссо жолуман,
Акундун кызы Чүрөктү
Алдырып койбой Толтойго,
Эртең эле баралык!»
Деп, ошентип, Семетей
Тоодой болуп көрүнүп,
Кызды көргөн түгөнгүр,
Кыялына чөмүлүп,
Даңканын көккө бургутуп,
Актелкини чулгутуп,
Жинденип жаткан дайрага

Кирип келди зыргытып.
Деп, ошентип, Семетей
Канчорону камалап,
Он төрт атты сабалап,
Жардын башын уратып,
Сууга кирди чуратып.
Кирген жерден чоң дайра
Алып кетти сулатып.
Кан Манастын арбагы
Колтугунан алды, дейт.
Кырк чоронун арбагы
Сууну бөгөй салды, дейт...
Карап турган кыз-келин
Айчүрөктөн кеп сурайт:
«Айтчы эжеке,– деп сурайт –
«Семетей» деген ушубу?
Алып келген Буудайык
Так ушунун кушубу?
Чыныгы жездем эр экен!
Чарк айланып ааламды
Издегениң эп экен!..».
Деп, ошентип, күлүшүп,
Семетейди көрүшүп,
«Айылыбыз бирге консо,– деп,
Манастын уулу Семетей
Алган жарым болсо,– деп,
Азгана ойноп-күлсөк,– деп,
Моюндашып жүрсөк,– деп,
Моокум басып күлсөк,– деп,
Таң атканча жүрсөк,–деп,
Тамашалап күлсөк» деп,
Кыздардын баары мелтиреп,
Мас болгондой энтигет.
Ар кимиси өзүнчө
Жоруктанат мөлтүрөп.
Ар кимиси өзүнчө,
Чыдай албай чайпалып,
Билип коёт дегенсип,
Өз бойлорун кайтарып,
Карап турган кезинде
Суудан чыкты жарк этип,
Ителги куштай барк этип.
Күңгүрөнүп күүлөнүп,
Күлчорого сүйлөнүп,
Талымсып Семең кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Тезек терген кыз болсо,
Теңтуш болуп аласың,
Куурай терген келинге
Курдаш болуп каласың!
Минтип жүрүп абаңды
Бир балаага саласың!
Бул эмине кылганың,
Аттангын, чунак, тезирек,
Бул эмине турганың?!».
Анда Чоро кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Асылым аба, тура тур,
Атыңдын башын бура тур!
Издегениң – Акшумкар,
Эңсегениң – Айчүрөк,
Качырган Шумкар колуңда,
Кадырлуу жеңем жолуңда,
Акшумкар таптым, салып кет,
Айланайын абаке,
Айчүрөк таптым, алып кет!
Же болбосо Чүрөктүн
Мойнуна күнөө чалып кет!..».
Семетей анда кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:

«Жыргап жаткан жеримден,
Жылас Чүрөк, козгойсуң,
Козгогонго жараша,
Кол куушуруп тоспойсуң!..».
Анда Чүрөк кеп айтат
«Кантээр экен» деп айтат:
«Жолоочу киши жол менен,
Чоочун киши сый менен,
Кол куушуруп тоскондой,
Карап турган каның жок,
Доомат кылып сүйлөгөн,
Ким болосуң дайның жок!
Чынкожо аттуу жээним бар,
Толтой аттуу эрим бар.
Жолоочуну тоскондой,
Кандай менин эбим бар!».
Манастын уулу Семетей
Ачуусу келди арбайып,
Алдыңкы ээрди калбайып,
«Акундун кызы Айчүрөк,
Акшумкар берчи, кетемин!
Таянганың Чынкожо
Баатырыңды кул кылам!
Айымыңды тул кылам!
Менсинип жүргөн эрлерди
Талпакча сабап жүн кылам!
Көрсөтөт белем бириңе!
Күбө болгун, Айчүрөк,
Күйдүрүп айткан тилиңе!
Арка кылып таянган
Эриң келсин урушка,
Ай ааламды буй кылган
Шериң келсин урушка!»
Акундун кызы Айчүрөк
Анда шашып кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Сенин атаң шер Манас
Алтымыш эки нар алып,
Ак куржунга зер алып,
Алтымыш жорго айдатып,
Баштыкка кебез байлатып.
Бел куда болгон жери бар.
Кан Манас менен Акундун
«Куда» дешкен кеби бар.
Карыганча келбеген
Кадырлуу төрөм сенденби?
Арбакты аттап өтө албай,
Кылчактап алыс кете албай,
«Жаш төрөм качан келет» деп,
Карганча күткөн менденби?!
Эркек болуп, эр болуп,
Сен келбедиң мени издеп,
Арбакты аттап өтөм деп,
Кыдырып учтум сени издеп.
Мен арбактан кутулдум,
Сен кутулбай арбактан
Чабам деп элге жутундуң!
Арытпастан тулпарды
Ачууң келип калыптыр,
Ала койгун Шумкарды!».
Калыйман анда кеп айтат:
«Ой, жездеке! – деп айтат,–
Ачуунду мага бериңиз,
Ак чатырга кириңиз!
Бизден кеткен иш болсо,
Деңиздей жезде, кечиңиз!».
Деп, ошентип, кашкайып,
Күзгүдөй бети тастайып,
Эңкейип үйгө киргизип,
Эптүүлүгүн билгизип,

Ошондо Семең кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Кечиргин, Чүрөк, сөзүмдү,
Аныктап издеп таптым го,
Айнектей кара көзүңдү.
Сөз менен жыгып алдың го
Качандан берки өчүңдү!..».
Деп ошентип калганда
Көрбөгөндөр арманда.
Кубангандан Акун кан
Көзүнөн жашын агызып,
Суу мончоктой куюлтуп,
Сакалдан ылдый тамызып,
Күтүп турган Семеңе
Атасындай жабышып,
Кучактап алып кеп айтат:
«Кулунум жетим,– деп айтат,–
Амансыңбы, жалгызым?
Жетпегениң бар болсо,
Жараткан өзү жабдысын!
Жолуңду кудай жолдосун,
Жолборс атаң колдосун!
Жолукса Толтой оңбосун!
Ишиңди эгем оңдосун,
Эрегишкен душманың
Эгерде эки болбосун!
Чынкожодой кесепти
Сунган колуң сомдосун.
Кор болбо балам эч качан,
Кол салган душман оңбосун!»
Батасын алып Семетей,
Узун боюн пас кылып,
Кызыл өңүн саз кылып,
Урмат кылып унчукпай,
Акун кандын алдына
Семетей турду баш уруп...
Таңга жакын калганда,
Уктап уйку канганда,
Чуркураган чуу чыкты,
Адамдын үнү көп чыгат.
Басылбай ураан чакырып,
«Баатырым Толтой!» деп чыгат.
Басылбай мылтык тарсылдайт,
Добулдун үнү карсылдайт.
Асмандан учкан жылдыздай,
Ок асманда жаркылдайт.
Шыгайдын уулу Чынкожо
Чындап тууган шер экен,
Бактысы төмөн болбосо,
Башкача тууган эр экен.
«Манастын уулу кайда,– деп,
Баатырсынган канкордун
Башын чагып, жайла! – деп,
Аттын башын бурбастан,
Артка качып турбастан,
Манастын уулун сойгун,– деп,
Башка сөздү курбастан,
Жерге басып койгун!» деп,
Кылычын алып колуна.
Кирип калды Чынкожо
Кан төгүшөөр жолуна.
Жедигер, нойгут кылкылдап,
Толуп келген кезинде,
Качырып кирди эр Семең,
Карсылдатып атышып,
Кызыл канга батышып,
Далай адам окко учуп,
Жерге сулап жатышып,
Учу болот сырнайза,
Как жүрөккө малышып,

Кайра тартып алышып,
Чалкасынан салышып,
Как жүрөккө малышып,
Кылыч менен чабышып,
Кызыл канды агызып,
Чочмор менен чабышып,
Чокудан канды агызып,
Орто жерин эр Семең,
Оюп кетип баратат,
Эки четин чоролор
Жоюп кетип баратат.
Найза менен сайышып,
Жойуп кирди бир баштан,
Сан жедигер, нойгутту
Кырып кирди бир баштан.
Тоо таянып турушуп,
Тосуп-тосуп урушуп,
Токтобостон үч күнү
Мыктап майдан кылышып,
Калың кошуун кылкылдап,
Качканы жок тырышып,
Туу түбүндө турушуп,
Тулпар минип урушуп,
Чаң созулуп тунарык,
Жер көрүнбөй мунарык,
Чаң-тополоң болушуп,
Тартынбастан согушуп,
Далай адам найза жеп,
Турбай жатат солушуп.
Айрылбаган баш калбай,
Алжайбаган каш калбай,
Абышка өлүп, жан калбай
Биринен-бири жазганбай,
Кыйла өнөр көрсөттү,
Кылышпаган маш калбай.
Намыс үчүн кайышып,
Кара болот Сырнайза
Канга жашып майышып,
Кылыч менен чабышып,
Кылыч сынып кеткенде
Чаны колдо калышып,
Айбалта менен салышып,
Айбалта ыргып кеткенде
Сабы колдо калышып,
Найза менен сайышып,
Найза сынып кеткенде,
Кыйгагы колдо калышып,
Жарак колдон кеткен соң,
Жакасынан алышып,
Аянбаган чоролор
Асылыша келгенди
Аттан сүйрөп салышып,
Чалкасынан дардайып,
Сулап жаткан андан көп.
Жер кучактап тура албай,
Кулап жаткан андан көп.
«Кор болдук» деп кокуйлап,
Колу сынган андан көп.
«Бу кордуктан өлдүк» деп,
Буту сынган мындан көп.
Көпчүлүктөн найза жеп,
Көзү чыккан андан көп.
Элден качып элирип,
Эси чыккан мындан көп.
Буту-колдон айрылып,
Чолок болгон андан көп.
Кулагынан айрылып,
Мулук болгон мындан көп.
Тилден калып бир жолу
Дудук болгон андан көп.

Манастын уулу эр Семең
(Эрикпеген эр немең)
Жаңыдан майдан салганда,
Эр Семетей киргенде,
Семетейдин айбатын
Кан Чынкожо билгенде,
Карат менен чаргытып,
Көк жорудай айланып,
Учуп жүрөт зыркырап
Чынкожонун Караты.
Капталында бар окшойт
Калдайган эки канаты.
Шыгайдын баатыр Чынкожо,
Чыныгы баатыр чын ошо!
Алеңгир жаа, сыр жебе
Кошо тартат Чынкожо.
Зыркыраган жаа менен
Арчатору кулады,
Ала салып Семетей
Аты менен сулады...
Шыгайдын уулу Чынкожо
«Чыныгы баатыр өзүм,– деп,
Өз колумдан келген соң,
Тартынамын несин,– деп,
Семетейди сойдум,– деп,
Союп таштап койдум,– деп,
Эрегишкен канкордун
Эки көзүн ойдум» деп,
Карат менен каргытып,
Кубанганын арбытып,
Туман менен аралаш
Жүргөн жолун чаргытып,
Учуп жүрөт асмандап.
Жоо бөрүсү Күлчоро
Жарып өтүп жоолордон,
Жеткирип берди Бууруlду.
Буурулду Семең мингенде,
Жедигер, нойгут тура албай,
Не кыларын биле албай,
Дагы майдан салышты,
Эртиш менен алышты,
Токо менен салышты.
Качырганын жайлаган
Карышкырдай Канчоро,
Кагышып жоого киргенде,
Жалгыз эмес, миң чоро.
Өтүп турат, ошентип,
Чынкожонун санаты.
Ал-аңгыча болбоду,
Асманды булут торгоду.
Шыгайдын уулу Чынкожо
Карат менен закымдап,
«Семетейди соём» деп,
Жетип келди жакындап.
Камынып жаткан Күлчоро
Көп-көк темир кийинип,
Чынкожо менен Каратты
Кар жиликтин түбү деп,
Өлчөлүү жердин тушу деп,
Өлөр жери ушу деп,
Кароолуна кабылтып,
Машааны басып таштады.
Он жилигин сыя атып,
Жерге түшө бергенде,
Чынкожону башка атты.
Найза тийбей корккондон,
Кулап жаткан андан көп.
Анткорлонуп өлгөнсүп,
Сулап жаткан андан көп.
Көзүн ирмеп чүмкөнүп,

Көрбөй жаткан андан көп.
Өлүп калды десин деп,
Өлбөй жаткан андан көп.
Жер кучактап жыгылды,
Ат үстүндө эр калбай,
Жедигер, нойгут жатпаган
Талаада жер калбады.
Семетей чындап киргенде,
Чоролор жоону сүргөндө,
Жедигердин Толтою
Суркоёнго камчы уруп,
Чаңына чаңы кошулуп,
Толтой качты закымдап,
Семетей барды жакындап.
Жедигердин эр Толтой
Каарданып бакырып,
Арбактарын чакырып,
Үстөмөндөп теминип,
Найзасын сунуп жиберип,
Желигип сала бергенде,
Как жүрөктүн тушу деп,
Өлөр жериң ушу деп,
Эр Семетей бек сайды,
Жедигердин эр Толтой
Суркоёндон кулады,
Жели чыккан чаначтай,
Үнгө келбей сулады.
Ошол кезде чоролор
Экөө бирдей жарышып,
Үзөңгүсүн кагышып,
Ар кимиси өзүнө
Ылайыктап табышып,
Күлчоро мурда кеп айтат,
«Меники соога!» деп айтат.
Канчоро дагы кеп айтат,
«Мен алам атты!» деп айтат,
Эр Семетей биле албай,
Бирине сүйүп бере албай,
Эки чоро эреңдин
Бирин жакын көрө албай:
«Айланайын чоролор,
Калыстыктан качпайын,
Суркоёндун чылбырын
Ортоңорго таштайын.
Мурун сермеп озунуп,
Кол жеткениң алгыла».
Деп, ошентип, Семетей
Ыргытып калыс чылбырды,
Талашканын тындырды.
Ылаачындай Күлчоро
Озунуп илип алды, дейт.
«Абам атты берди» деп,
Кубангандан Күлчоро
Айкырыкты салды дейт.
Кара мүртөс Канчоро
Кусамат сөздү салды, дейт:
«Улуу болсом, мен болсом,
Сайсам жоого, тең болсом,
Өлгөнүм жакшы бул көрө,
Өз олжомдон кем калсам.
Анткорсунган абакем
Суркоёндун тизгинин
Күлчоронун жолуна
Ийе таштап салды го!»,–
Деп, ошентип, Канчоро
Капаланып, кагынып
Күнүлөшүп Күлчорого,
Кекенип калды таарынып.

## СЕМЕТЕЙДИН КОҢУРБАЙГА КАРШЫ АТТАНГАНЫ

Кең-Колдо бейкут жатканда,
Көп кызыкка батканда,
Келберсиген эр Семең,
Айтканын эки кылбаган,
Ойлонсо тынчып турбаган,
Түндө жатып түш көрдү,
Бир көргөнүн үч көрдү,
Жер астында тумчуккан
Манас көзгө көрүндү.
Айсарала ат минген,
Алмамбет көзгө көрүндү.
Калың жоо менен кармашкан
Чубак көзгө көрүндү.
Чырм этип уйку албаган,
Беттешкенин арбаган
Сыргак көзгө көрүндү.
Кийген кийим ак жибек,
Айры сакал Сынжыбек,
Ал да көзгө көрүндү.
Алтын наалы өкчөсү,
Айдаркандын Көкчөсү,
Калың казак абасы,
Кан Манастын бажасы,
Ал да көзгө көрүндү.
Эки Кемин жайлаган,
Эгиз кара ат байлаган
Кара жаак эр Үрбү,
Ал да көзгө көрүндү.
Эрендерче салышкан,
Ээн талаада калышкан,
Эрмек кылып чокушкан,
Ала карга, сагызган,
Чолпондой болгон чоролор
Баш көтөрөр алы жок,
Байлашарга жаны жок,
Баары көзгө көрүндү.
Ойгонгондо Семеңдин
Көзүнүн жашы төгүлдү.
Ошондо Семең кеп айтат
Өзүнө өзү бек айтат:
«Атайын салып эсиме,
Арбактар эми көрүндү.
Арсыз адам болгунча,
Көрсөм боло өлүмдү.
Эрлерди кырган Коңурдан
Алсам боло кегимди.
Асыл Бакай абама
Айтсам боло кебимди.
Алышкан жоону талкалап,
Актасам боло тегимди!».
Ал аңгыча кан Бакай
Ылдам минип бастырып,
Өзү келди шаштырып,
«Ой, абаке! – дейт Семетей,–
Сулайман сурак кылбаган,
Искендер изин салбаган,
Манастан башка барбаган,
Бээжиндин бетин ачсам, дейм.
Кара кытай төрөсү
Коңурбайдан Манастын
Кунун алып кайтсам, дейм.
Кармашарым кан Коңур
Даярданып жатат, дейт.
Алдын алып көрсөм, дейм,
Элдин канын чачтырбай,
Жердин бетин бастырбай,
Алышып жүрүп өлсөм, дейм,

Камынып жаткан Коңурдун
Алдын ала барсам, дейм,
Үйүмдөн күтпөй Коңурду
Үстүнө барып калсам, дейм.
Мынабу турган кош чоро
Кылоосу түшүп бүтө элек,
Эрдигин сынап көрсөм дейм.
Кыйындардын куну үчүн
Көрбөгөндү көрсөм дейм.
Элдин кегин куубасам,
Кыбырап жүрбөй өлсөм бейм?»
Ак сакалын жайкалтып,
Асылдыгын байкалтып,
Анда Бакай кеп айтат:
«Э, кулунум Семетей,
Кекене кирсең, жол да көп,
Олжолоп алсаң, пул да көп,
Кырылышып өч алсак,
Кылымга татыр күн да көп.
Казылуу жаткан ор да көп,
Кармаш кылар кол да көп,
Кулунум, көкжал Семетей,
Айта берсем дат да көп.
Аңдышып жүргөн жат да көп.
Ойлонуп көр, кулунум,
Бээжиндеги Коңурбай
Ойлобой кирер жоо эмес.
Касиеттүү чоң Бээжин
Кармашпай өтөр тоо эмес.
Карыганча мен Бакай
Далай укмуш көргөмүн,
Кытай өңдүү кыйынды
Кылымдан такыр көрбөдүм.
Кумурскадай сан жеткис
Кубаты көп эл ошол.
Каарына алганда
Каптап кетер сел ошол.
Берекелүү чоң Бээжин
Нур төгүлгөн жер ошол.
Кар жатпаган кара тоо
Чай алуучу кени ошол.
Беттегенден кайтпаган,
Бели бекем эл, ошол.
Өз кылганын бербеген
Өжөрлөнгөн эл ошол.
Анда Семең кеп айтат:
«Ойлонгондон кайтпаймын...
Ажалым жетсе, өлөмүн,
Алтын жан эсен бар болсо,
Коңурдан олжо бөлөмүн.
Каптаган селдей кол болсо,
Кармашып канын төгөмүн.
Эки чором соо болсо,
Тынчытпаган Коңурдун
Тынчын алып көрөмүн...».
Деп, ошентип, калганда,
«Болуптур» – деп кан Бакай
Даярдыкка кирншти...
Үйдө жатса күйүнгөн,
Тышка чыкса сүйүнгөн
Канчоро менен Күлчоро
Мурутунан күлүштү.
Эртең менен болгондо,
Темир кийип жаркылдап,
Жоо жарагы шаркылдап,
Ак чатырды бүктөшүп,
Ак борчукка жүктөшүп,
Ок дарыны мол алып,
Сарамжалын бүттөшүп,
Түпөктүү көк туу менен,

Кербендей ызы-чуу менен,
Бакай каны башында,
Эки чоро кашында
Жүрмөк болду Семетей
Жыйырма беш жашында.
Эми Айчүрөктүн кеби бар,
Арманын айтар эби бар.
Адамдан башка дабышы
Кай жеринде кеми бар.
Таңгы булбул үндөнүп,
Олондой болгон кара чач.
Үкүнүн жүнү өңдөнүп,
Акырын басып шоодурап,
Эки көзү жоодурап,
Таманы жерге тапылдап,
Көмөкөйү какылдап,
Чоюла басып шаркылдап,
Чолпондой көзү жалтылдап,
Ак тамагы балкылдап,
Айдай бети жаркылдап,
Аяктай алтын сөйкөсү
Акыректе шаркылдап,
Олоңуна оролуп,
Чылбырына чырмалып,
Семетейдин алдына
Тура калды муңайып:
«Айланайын хан төрөм,
Быйыл барба казатка,
Башыңды салба азапка!
Түндө жаман түш көрдүм,
Дегеле шумдук иш көрдүм,
Канжыгадан баш көрдүм,
Кан сыяктуу жаш көрдүм,
Кол көөкөрдөн аш көрдүм.
Сары өзөн ылдый сел жүрдү,
Аягы өйдө өрт күйдү,
Ак жалбырак чалдыкты,
Сен жортуулдан кайтканда,
Эр чырагы эки көз
Жумулуңку көрүндү,
Темир кийген тулку бой
Солдоюңку көрүндү.
Эр чалгыны эки кол
Шалдайыңкы көрүндү.
Алчыланган Тайбуурул
Жетеленип калыптыр,
Үстүндөгү Аколпок
Бөктөрүлүп калыптыр,
Алтын кулак Аккелте
Өңөрүлүп калыптыр.
Ала тоонун жорусу,
Айланып көктөн көрүндү
Айланайын жан төрөм,
Бул түшүмдү жоручу!».
Кара мүртөс Семеңдин
Кабагы карыш салынды,
Ак жолборстой чамынды.
«Сары өзөн ылдый сел жүрсө,
Аягы өйдө өрт күйсө,
Ак жалбырак чалдыкса,
Жылкы оттой турганы,
Коңурбайдын сан жылкы
Сандатып чала турганым.
Биле бергин Коңурдун
Алдыма кулдук кылганын.
Эр чырагы эки көз
Жумулуңку көрүнсө,
Күндүр-түндүр жоо сайып,
Уйкум келе турганы.
Темир кийген тулку бой

Солдоюңку көрүнсө,
Аттан түшпөй кармашып,
Аягым талый турганы.
Эр чалгыны эки кол
Шалдайыңкы көрүнсө,
Күндөп-түндөп жоо сайып,
Колум талый турганы.
Алчыланган Тайбуурул
Коштолгонун сен көрсөң,
Коңурбайдын Алгара,
Аны мине турганым.
Үстүндөгү Аколпок
Бөктөрүлүп көрүнсө,
Коңурбайдын Кылгара,
Муну кие турганым.
Алтын кулак Аккелте
Өңөрүлүп көрүнсө,
Коңурбайдын очогор,
Аны асына турганым.
Асмандан учуп көрүнсө
Ала-Тоонун жорусу,
Менден өлгөн душманга
Ак кажырдын конушу.
Анын несин айтасың!
Баатырлардын алдынан
Түлку чыкса кылактап,
Олжо болот дечү эле
Баатырлардын алдынан
Катын чыкса булактап,
Жолто болот дечү эле.
Жолума туура турбагын,
Жолума кесир кылбагын!».
Таманы жерге тийбеген,
Маңдайы күнгө күйбөгөн,
Акыл менен эсептеп
Адептүү сөздү сүйлөгөн,
Акундун кызы Айчүрөк
Эсинен танып ыйлады.
«Жолто кылган катындар
Так ушундай болот» деп,
Кылчайбай баатыр бастырды.
Артынан карап Айчүрөк,
Көзүнүн жашын тыйбады.

## СЕМЕТЕЙДИН КАРАГУЛГА АЛДАТКАНЫ

Көп жылкысын аралап,
Келип калды кечинде.
Сурнайын катуу тарттырып,
Асемин башка арттырып,
Добулдун үнү дүңгүрөп,
Жер көчүрүп күңгүрөп,
Алтымыш кечил, кырк төрө
Жандай чуркап алыптыр.
Коңурбайдын оозунан
Буркурап чыккан көк түтүн
Жөө туман болуп калыптыр,
Түркүн-түркүн сан жылкы
Жерди жайпап калыптыр.
Кыл-Эртиштин боюнда
Чыйырчыктай кара ала
Чыпка куйрук сары ала»
Макмал жүндүү, капкара,
Башайыдай кара ала,
Ар кайсысы ар башка,
Калдайып жаткан сан жылкы,
Бир жагында Торкашка...
Муну көрүп кан Коңур,
Жылкычыга кан болгон,

Атагы журтка даң болгон,
Карагулга кеп айтат:
«Мен жердин баарын чардадым,
Барбаган жерим жок болду,
Каргашалуу Семетей
Кара жерде турганда,
Кабыргама ок болду.
Качан болсо кун үчүн,
Келбей коёр эби жок.
Келип калса бул чунак,
Жекелешип чыгууга
Менден башка теңи жок.
Жортуп жүрүп жер кезип,
Коңурбай да карыды.
Желдей учуп дем албай,
Алгара да арыды.
Мен ордомо кетемин,
Мында туруп нетемин.
Жылкыны жакшы багыңар,
Чалгынды мыктап чалыңар.
Кокустан мага жоо келсе,
Тезирээк кабар салыңар?!
Сөөгү агарсын Алгара,
Көп минилди жаныбар;
Көп жылкыга ээрчитпей,
Бөтөнчөлөп багыңар.
Каргашадан кабар жок,
Аман-эсен калыңар!
Кырдаалында Алгара
Кебелбей чуркаар чагы бар
Кунун кууса Семетей.
Коңурбайдын колунан
Ага турган каны бар!
Кун куубаса, жаманды
Баш көтөртпөй басууга
Коңурбайдын камы бар!
Ушул сөздү Карагул
Унутпаңар, баарыңар!.
Карагул, эми кош бол» деп,
Кайра жолго салды эми.
Ал кеткенде Карагул
Кош жаздыкты койдуруп,
Тел кулунду сойдуруп,
Жылкычынын баарына
Колу-бутун чойдуруп,
Жаткан эле дардайып,
Козу кирип жаткыдай,
Кош таноосу барбайып.
Ошол кезде жылкычы,
Семетейди көрүптүр.
Көргөндөрүң такылдап,
Карагулга айтыптыр.
Карагул туруп ордунан
Семетейди жолунан,
Жүгүнүп тосуп чыгыптыр:
«Ишимди кудай оңдосо,
Семетей болуп жүрбөгүн?
Семетей болсоң, арман жок,
Аман көрдүм жаныңды,
Издеген жогум табылды.
Мен Манастын эли элем,
Карагул деген мен элем.
Кабылан Манас барында
Карагул кимден кем элем?
Манастын көзү өткөндө,
Сен Букарга кеткенде.
Көкчөнүн уулу Үмөтөй
Жылкычы кылды өзүмдү,
Бирдеме десем коркутту,
Аламын деп өтүңдү;

Теҥ атаны теҥ кылбай,
Укпады айткан сөзүмдү.
Ошондо келдим Кытайга.
Жаны курсун темселеп,
Жан багып жүрөм ушунда!
Жадырап жаткан элим жок,
Арбактын калдым тышында».
Деп, ошентип, Карагул
Ыйлап турат безилдеп,
«Айланайын Семетей,
Куткарып алар кезиң» деп,
Жалынып, мойнун кучактап,
Жалооруп ыйлап, бышактап,
Сыздап турду Карагул.
«Жан үчүн калмак болдум» деп,
Боздоп турду Карагул.
Семетейдин намысын
Козгоп турду Карагул.
Карагулдун астына
Семетей түштү «абам» деп,
«Бакайды кошуп абама,
Ага кылып алам» деп,
Тургузуп алып кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Алгараны абаке,
Кармап бергин,– деп айтат,–
Коңурбай менен кармашам
Аты жок калып калсын», деп.
«Кара баскан Алгара
Кызыбаса жүгүрбөс,
Кырк күнчүлүк жол чапса
Кыйналып арып бүгүлбөс!
«Алгараны алгын» деп
Кадимки дулдул тулпар деп.
Камчы салса баспаган,
Желгенинен жазбаган,
Таш токум болуп арыган,
Өзү кашаң карыган,
Кыйды кара атанган
Чоң каратты жетелеп
Берип койду Карагул
Алгараны алкынтып,
Ашкан аяр Карагул
Өзү минип бастырды,
Чаң тополон түшүрүп,
Көп жылкыны шаштырды.
Кычыратып тиштерин,
Ойлоп келет ичинде,
Кыла турган иштерин.
«Каканчыга барамын,
Каныма кабар саламын!
Карагул далай алдаган
Какшатып сендей баланын».
Деп, ошентип, Карагул
Калабаны арбытып,
Качып калды кайрылбай.
Алгара менен аргытып...
Кабар угуп Коңурбай,
Капа болуп тултуюп
«Эрлердин кунун кубалап,
Семетей келген турбайбы,
Семетейге алдырсам,
Ушул турган Конурду
Көкө теңир урбайбы!
Көзүм тирүү турганда,
Көпөлөктөй жетимдин
Көрүнөмүн көзүнө.
Баатырлар, кулак салгыла,
Айтып турган өзүмө!
Кармап турган калын кол

Жардыгымды тыңдасын!
Бири да моюн бурбасын.
Эрдемсинген жетимге
Тамашаны салалык.
Талпактай сабап алалык,
Тайбуурулду баш кылып
Буруттардын тулпарын
Олжо кылып калалык.
Эчен жолу бурутту
Чаба жүргөн кол ушул,
Буруттарга бүлүктү
Сала жүргөн кол ушул.
Кансыктатып катынын
Ала жүргөн кол ушул.
Аттандым бурут дартынан,
Калкылдаган калың кол
Келе берсин артыман!».
Айгайлаган чуу менен.
Алтын ала туу менен,
«Аттангыла!» – деп айтып.
Ачууланып бек айтып
«Ушул жолдун тоомунан
Чыкпагыла!» – деп айтып.
Түпөктүү найза калтылдап.
Көзүндө таштек жаркылдап,
Семетейдин артынан
Жөнөп калды баркылдап.

## СЕМЕТЕЙ ЖАРАЛАНЫП, АЙЧҮРӨК ОК АТТАГАНЫ

«Каары катуу Коңурбай
Каалап күттүм келбеди,
Кайратын толук көрсөтүп,
Кармалашып көрбөдү.
Баатыр болсо өлтүрүп,
Же колумдан өлбөдү.
Сара ала калың жылкыдан
Үмүтүн үзүп калган го?
Коркутуп айтып Карагул,
Коңурдун үшүн алган го?
Камы келбей Коңурбай,
Камыгып жатып калган го?
Калдайдын калың жылкысын
Уурдагансып кетпейин,
Түн жамынып, жашынып,
Туурдагансып кетпейин.
Баатырдыгы чын болсо,
Куубай койбос Коңурбай,
Күтпөгөнүм жөн болбос,
Жоругу жок баатырдай,
Тоспой кантип кетейин,
Эрдик менен алышпай,
Элге барып нетейин.
Көк-Кыядан өткөндө,
Көк-Өзөнгө жеткенде,
Үч күнү жатып ал жерге,
Өрүүн болуп алайын.
Өчөндөгөн чоң манжуу,
Арманы жок алышсын,
Тулпарларды зыргытып,
Найзаларды кылгытып,
Жекелешип калайын».
Айжан-жуңга таралган
Кажыбас баатыр Коңурбай
Жолун тосуп Семеңдин,
Желбегей бейкут Семеңе
Жеткилең көзүн салыптыр.
Семетейди көргөндө,
Арман кылып өзүнчө,

Күңгүрөнүп алыптыр.
«Манастан калган жетимди
Томуктай бала деп жүрсөм,
Тоодой баатыр турбайбы.
Токсон миң адам келсе да,
Толгоп башын жулбайбы?
Атасы Манас баатырдан
Алты эсе мыкты көрүнөт,
Айбатынан ажалдын
Көлөкөсү көрүнөт.
Ушундай бала бербеген
Көкө теңир – буркандар
Мага эле сараң көрүнөт.
Айкөлдөй болгон Семетей
Менин уулум болсоңчу,
Айдап жүргөн көп жылкы,
Атаганат кор дүйнө,
Менин кунум болсоңчу!
Колумдан келсе чунакты
Тирүү кармап калсам, ээ!
Элчилигин алсам, ээ!
Берендерге тең кылып,
Манжуулардын элине
Бейкут кошуп салсам, ээ!
Ушундан туулган баланы
Унчукпай туруп Манжууга
Кан көтөрүп алсам, ээ!
Жалбагай ооз, жар кабак,
Адамда мындай болобу!
Баатырды баатыр дебестен,
Кемиткен адам оңобу!
Ааламга топон суу келсе,
Алсыраган көп элди
Көтөрүп алчуу неме го?
Жазы маңдай, жалын көз,
Кара кылды как жарган,
Калыс болчу неме го?
Көбүрүп турган чунакка
Көңүл айтсам болбойт го!
Көрүнүп койсом көзүнө,
Көз ачканча сомдойт го!
Айткандан кайтпас неме экен,
Көнөктөй болгон башымы
Көөдөнүмдөн толгойт го!».
Деп, ошентип, эр Коңур
Ала тоодой жондонуп,
Ач жолборстой комдонуп,
Очогоргo от коюп,
Олпоксуз ачык төшүнө
«Өлчү жердин тушу,– деп,–
Өлгөнүң, балам, ушу» деп,
Кош дүрмөттү салды эми,
Коржоюп турган чиркинди
Колкого тартып калды эми.
Семетейдин көзүнөн,
Көк жалын чыгып төгүлдү,
Көшүлүңкү көөдөндөн
Кош кабырга сөгүлдү.
Көөдөнүнөн аккан кан
Агып турду көнөктөп,
Айкашарга алы жок,
Тайбуурулга өбөктөп,
Эңгезердей Семеңди
Тайбуурул алып бурулду.
Аркардай болгон шыйрагы
Жерге тийбей сунулду.
Очогордун дабышы
Обочо кеткен Күлүскө
Онтогондой угулду.
«Коңурбай келип калган го?

Абамды жайлап салган го!»
Деп, ошентип, Күлчоро,
Сараланы камчылап,
Ачуусуна чыдабай,
Кырга чыгып караса,
Тайбуурул жолго салыптыр,
Алгараны камчылап,
Коңурбай кууп калыптыр.
Бөрү тил найза жалтылдап,
Буурулга жакын барыптыр.
Кан жыттанган Коңурбай
Манжуулап ураан салыптыр.
Семетей солго шылк этсе,
Тайбуурул кошо былк этет.
Семетей оңго ооганда,
Тайбуурул кошо кылт этет.
«Манас! Манас! Манас!» деп,
Оозунан түтүн буркурап,
Тездиги – учкан булдурук,
Теминип найза сундуруп,
Күркүрөгөн Күлчоро
Качырып кирип калды, дейт.
Кан көксөгөн Коңурбай
Кайрылып карап алды, дейт,
Миң кишилик кайратын
Чородон көрө салды, дейт.
Алгарасын зыргытып,
Атырылган чорого
Кайрылып найза мылгытып,
Бир-биринен жалтанбай
Аттын башын чулгутуп
Ар кимиси өзүнчө
Аламын деп тырышып,
Эки дөөнүн найзасы
Тийген жерден ыргышып,
Чамынды болуп бөлүнүп,
Сыныктары асмандан
Чырылдап учат көрүнүп.
Найзаны таштап жиберип,
Айбалта менен имерип,
Жакадан алып булкушуп,
Ат үстүндө чидерип,
Кармашып жаткан кезинде,
Ажал карап тургансып,
Коңурбайдын бетинде:
«Адам эмес, шер экен,
Кулак уккан баатырдан
Бөтөнчө бүткөн эр экен.
Баладан өлсөм, кармашып,
Кытайлар кандай дээр экен!»,
Деп, ойлонуп, Коңурбай
Чала жара болсо да,
Алды-кийнин карабай,
Алгараны камчылап,
Качып калды зыркырап.
«Өлтүрбөй кантип тынам» деп,
Коңурбайдын артынан
Күлчоро кууду бургутуп.
Алгара аяк кергенде,
Эңиштен чыга бергенде,
Өрү калган ат менен
Өксүй шилтеп калды эле.
Куюндай болгон Алгара
Кулачын кенен салды эле.
Карылык баскан Көгала
Бут атым алыс калды эле.
Күйүттүү болгон Күлчоро,
Эч айласын табалбай,
Өкүрүктү салды эле.
«Кубалай берсем Коңурду

Көгала кургур жетеби!
Жетип союп келгиче,
Абамдын көзү өтөбү?
Алы кеткен абамды,
Аманында көрөйүн»,
Деп, ошентип, Күлчоро,
Бура тартып бургутуп,
Көгаласын чулгутуп,
Жетип келсе кайрылып,
Жаткан экен Семетей
Акыл-эстен айрылып.
Бакай менен Канчоро,
Эч айласын таба албай,
Ок кирген жери чарадай,
Көрүнүп турат жүрөгү,
Солуп жаткан баладай.
Анда Бакай кеп айтат:
«Семетейдин жарасы,
Өлтүрө койчу жара эмес,
Бул жарадан өлгөн жан
Манастан туулган бала эмес!
Айланайын Күлчоро,
Аткара турган ишиң бар,
Минтип жаткан абаңа
Көрсөтө турган күчүң бар!
Сен аттангын Таласка,
Көрүнбөй жалгыз кишиге.
Кыргыздын кылган ырымын,
Кылалык да кичине!
Атасы Акун олуя
Улук киши деди эле.
Айчүрөк өзү даанышман
Тунук киши деди эле.
Эркекке көңүл бурбаган
Умайдай киши деди эле.
Алып келгин Чүрөктү,
Ок аттатып калалык.
Аттаган огу түшпөсө,
Айла кетсе бычактап,
Токтогон огун алалык».
Деп, ошентип, бар сөзүн
Күлчорого билгизип,
Шамал менен жарышкан,
Суркоёнду мингизип,
Алдастап жаткан Семеңди
Чоң чатырга киргизип,
Олуя Бакай олтурду,
Аккан канды чорого
Картык менен соргузуп...
Алмамбеттин Күлчоро
Ак булуттун астынан,
Калдайган жердин үстүнөн
Жерге тийбей кылактап,
Этек-жеңи булактап,
Үч күн, үч түн жол жүрүп,
Жетип келди Таласка.
Айчүрөккө Күлчоро
Амандык сурап кеп айтат,
«Арстандай болгон абама
Ок жаңылды» деп айтат.
Очогордун чоң огу,
Абамдан чыкпай токтолду,
Канча дарман кылсак да,
Түшүрөр айла жок болду.
Жашынан жолдон азбаган,
Жамандык ишке баспаган,
Өз эринен башкадан
Этегин кайрып ачпаган.
Таза ургаачы аттаса,
Анан огу түшөт! дейт,

Ок түшкөндө өлүм жок,
Кадимкидей бүтөт, дейт.
Көптү көргөн эр Бакай
Тазалыкка чыгарды,
Айчүрөк жеңе өзүңдү
Уктуңбу, жеңе, сөзүмдү!».
Кейип, ыйлап Айчүрөк,
Кара көзгө жаш алып,
Кандай заман болот деп,
Кызыл өңү кумсарып,
Толук кабар уккан соң,
«Аркамдан өзүң келгин,– деп
Тилекти кудай бергин!» деп,
Таң кашкайып атканда,
Тараза жылдыз батканда,
Канатын жайып калкылдап,
Куйругун жайып жаркылдап,
Асман менен зыпылдап,
Айчүрөк учту шыпылдап,
Ай канаты жаркылдап,
Бакайга жетип барганда,
Бакай көрө салганда,
Артык тууган Айчүрөк
Кулдук кылып калганда,
Батасын алып Бакайдын,
Айчүрөк окту аттады.
Аттаса огу түшпөдү,
Экинчи Чүрөк аттады,
Анда да огу түшпөдү.
Канчоро менен Кулчоро
Жазалуу кылып Чүрөктү
«Аттаган огу түшпөйт» деп
Салганы турат дүмөктү.
Сай сөөгү бүтүн зыркырап,
Эми Айчүрөк ыйлап буркурап:
«Айланайын сырттаным,
Издеп келип шумкарың,
Чоң-Үргөнчтүн боюнда,
Төрт-Күлдүн кенен оюнда,
Перинин кызы Чүрөктү
Шашып өпкөн жериң бар,
Жалыныңа чыдабай,
Эрип кеткен жерим бар.
Мындан башка шегим жок,
Шек кылып айтар кебим жок.
Жалган жерден шум дүйнө,
Жүзүм кара болбойбу!
Арам деп ойлоп төрөмдүн
Ичине кайгы толбойбу.
Бактысы жок бейбакты
Тирүүлөй кылбай шерменде,
Же кара жер азыр сорбойбу?!
Ай-ааламды кыдырып,
Өзүңдү издеп жүргөндө,
Көрүнүп калдым ар жерге,
Көзүгүп калдым көп элге.
Мындан башка өзүмдө
Эч жазыгым жок эле.
Ак этектен түшпөгөн
Арманга бүткөн мына бул
Алда кандай ок эле!!!».
Деп, ошентип, Айчүрөк
Озондоп ыйлап солкулдап,
«Шерменде болбой өлөм» деп,
Көөдөндүн баары болкулдап,
Семетейдин үстүнөн
Акырын аттап жылжыды,
Аяктай болгон коргошун
Эр Семеңдин ичинен
Кулаткан таштай ыргыды!

Кытайдын кырма дарысын,
Кырып алган сарысын,
Кайнатма кара дарысын,
Кайнатып алган сарысын
Ала чуркап Күлчоро,
Кырка коюп баарысын,
Бирин ичке себишип,
Бирин сырттан жагышып,
Улам-улам дарыны
Семетейге беришип,
Омкорулуп кыйраган,
Кабырганы коңдуруп,
Кабыландай баатырды
Кадимкидей болтуруп,
Көңүлдөрүн жайлашып,
Текести тепсеп өтүшүп,
Тууган элге жетишип,
Жаратынан айыгып
Семетей тирүү келди деп
Түлөө берди Таласка.
Кадырлуу Бакай кашында,
Сары каны башында.
Ит агытып, куш салып,
Кең Таластын сазында
Бейкут жатып калды, дейт,
Манастын уулу Семетей
Жыйырма беш жашында.

## КОҢУРБАЙДЫН ТАЛАСКА ЧАБУУЛУ

Манжуулардын Коңурбай
Казынасын ачтырып,
Карк алтынын чачтырып,
Калдайып жаткан тоолорду
Калдыратып каздырып,
Коргошунун агызып,
Калдайган болот темирди
Каршы-терши чабышып,
Кулак уккан, көз көргөн
Усталарын жыйдырды,
Найзага каскак даярдап,
Калдайган калың токойдун
Катууларын кыйдырды.
Жетимиш миң найзаны
Жеткилең ууга сугартып,
Тилсимдүү жерге койдурду.
Токсон күн чапса жоюлбас,
Албарс кылыч, чоюн баш,
Жетимиш миңден кылдырып,
«Бул жагы камсыз болду» деп,
Муну да койду жыйдырып.
Тоо текесин аттырып,
Мүйүзүн кылдат чаптырып,
Бугунун өөгүн тилдирип,
Жебеге кере тарттырып,
Жетимиш мин саадакты
Керип буттү кылдырып.
Өрттөй болгон бурутту
Коёюн деп тындырып,
Муну да койду жыйдырып.
Миң кулач милте кылдырып,
Очогор огун куйдуруп,
Канат коюп, жаа жасап,
Тоодой кылып жыйдырып,
Кекке туулган Конурбай
Муну да бүтүп тындырып,
Муну да коюп жыйдырып,
Заңгилерге кеп айтат:
«Баарың уккун,– деп айтат,–

Кайратымдын барында,
Күчүм толук чагымда
Эчен жолу талкалап,
Буруттарды айдадым.
Акырында Манасын
Кан жуткузуп жайладым.
Өзүңөр көрүп турган иш,
Өзөккө түштү мүшкүл иш!
Мен Бээжинге киргени
Жаңжуңду жеке билгемин,
Алакандай буруттун
Ак үйлүүсү кирбеди.
Манастын уулу Семетей
Манжуудан чыккан Коңурдун
Ким экенин билбеди!
Таанытайын өзүнө,
Көрсөтөйүн көзүнө,
Унутканын буруттун
Салайынчы эсине!
Келтирейин бурутту
Чачыла калган кезине!».
Деп, ошентип, Коңурбай
Алгараны чулгутуп,
Кылкылдаган туу менен,
Кыжылдаган чуу менен,
Очогор мылтык октошуп,
Отуз, кырктан топтошуп,
Найзаларын таянып,
«Калбайбыз» деп аянып,
Көк желектер кылкылдап,
Сел каптаган эмедей,
Жердин бети кылкылдап,
Алда канча дөө менен,
Ат көтөрбөс жөө менен,
Адам билгис шаң менен,
Асман жапкан чаң менен
Түндө жүрүп билинбей,
Тынып жатат таң менен.
Күн көрүнбөй күүгүмдөп,
Ат көрүнбөй бүлбүлдөп,
Сыйышып алып аласка
Кан Коңур келди Таласка.
Буйрук кылып Коңурбай,
Ошондо мындай октолду:
«Как эткен карга болгон жок,
Камынтпай басып калгыла!
Манастын жалгыз жетимин,
Үйүнөн байлап алгыла!
Жолуккан эле адамды
Жол боюна жаргыла!
Капарсыз жаткан бурутка
Катуудан казан калтырбай,
Жумшактан күлүн сапырып,
Талоонду мыктап салгыла!
Жетпегениң сулуудан
Бештен, ондон алгыла!
Олжону канча алсаңар,
Күчүңөр эле келбейби!
Жаккан отун өчүрүп,
Түндүгүн жерге түшүрүп,
Сапыралык бурутту
Таласынан көчүрүп!».
Зор айлакер Коңурбай
Жолдун баарын торгоду,
Тышка адам чыгарбай,
Ичке адам киргизбей,
Курчап алды ордону.
Ким экениң билгизбей,
Жер бети толгон эл болуп,
Элдин деми жел болуп,

Жер силкинткен үндөрү
Каптап кетчү сел болуп,
Каркайып турган кара тоо
Омкорулуп кетчүдөй
Кара жер менен тең болуп,
Баатыр Семең башында,
Бала жолборс кашында
Айкырыкты салышты,
Айгайлаган манжууга
Аянбай кирип калышты.
Кара кытай калың жоо
Манастап ураан чыкканда,
Семеңдин үнүн укканда,
Чаң асманга созулуп,
Туш-туштан колдор кошулуп,
Замбирек атып топ коюп,
Жазайылга от коюп,
Каптаган калың сан менен,
Калкан кийген эр менен,
Үйөр жүргөн сел менен,
Үпчүн кийген эр менен
Туу түбүндө турушуп,
Тулпар минип урушуп,
Чочмор менен чабышып,
Чокудан канды агызып,
Айбалта менен салышып,
Сабы колдо калышып,
Кылыч меиен чабышып,
Чаны колдо калышып,
Жарак колдон кеткенде,
Жакасынан алышып,
Аттан кулап калышып,
Буттан торой чалышып,
Чалкасынан салышып,
Айрылбаган баш калбай,
Алжайбаган каш калбай,
Кара кытай, кыргыздар
Кырылышты эс албай.
Бир-биринен жазганбай,
Болот найза мылгытып,
Оозунан канын кулгутуп,
Найзага келген адамды
Тебетейдей ыргытып,
Ортосунда баатырлар
Калың жоону дыргытып,
Бадана кийген оёндор
Башын кесип туйлатып,
Көй баатырлар киргенде,
Кара кытай черүүсү
«Көкө теңир, буркандап»,
Качып жүргөн андан көп.
«Кантип аман калам» деп,
Шашып жүргөн андан көп.
Найза тийбей өзүнчө,
Кулагандар андан көп,
Өлгөн болуп коктуга
Сулагандар андан көп.
«Оңбо, Коңур, оңбо!» деп,
Бышакташкан андан көп.
«Кандай заман болот» деп,
Кучакташкан андан көп.
Чаң-тополоң болушуп,
Чарчаганча согушуп,
Таластын үстү чаң болуп,
Талаанын баары кан болуп,
Кыймылдабай кылтасы
Кылыч тийген андан көп.
Кый сүбөөдөн жардырып,
Кыңылдаган мындан көп.
Айбалта тийген андан көп,

Алсырап жаткан мындан көп.
Кан токтобой шаркырап,
Кансырап жаткан андан көп.
Жүрөгү түшүп токтобой,
Сүзүлүп жаткан андан көп.
Ат үстүнө тура албай
Үзүлүп жаткан мындан көп.
Топурак учуп, чаң басып,
Тоо көрүнбөйт адамга,
Кимиси душман, кимиси эл,
Жоо көрүнбөйт адамга,
Кан кечишкен майданда
Качкан кыргыз жок болду,
Кара кытай, манжууга
Качангы кеги козголду...
Кабагын салып эр Коңур,
Өзүнө-өзү кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Кандай кайгы күн болду,
Төрөсүнөн чоросу эр
Кара кытай калың кол
Болуп калды кириптер.
Мени тилеп калганбы
Канга тойбос кара жер!»,
Деп, ошентип, Коңурбай
Акыркы күчүн жыйнады,
«Бергин, бурут, бергин!» деп,
Алдындагы каранын
Тизгинин тартып жыйынып,
Кол башындай алтын бут
Койнунан алып сыйынып,
Элден оолак чет болуп,
Семетейге бет болуп,
Өзөккө түшкөн өчтөрү
Жетеге жетчү кек болуп.
Жекелеп Коңур чапканда,
Семетей чыкты бет болуп.
Кармашкан жоолор калтырап,
Карап калды тек болуп.
Жер силкинген эмедей,
Кезенген үндөр күркүрөп,
Карап турган жандардын
Бүткөн бою дүркүрөп,
Тайбуурул менен Алгара
Бир-бирине беттешип,
Учуп жүрөт диркиреп.
Кайраты жок далайы
Качып жүрөт зиркиреп.
Эсепте жок эки дөө
Найза менен сайышат,
Найзалары тайышат,
Калкандары кагышат.
Айбалта менен чабышат,
Калкандардын бетине
Кадимкидей жалындар
Тутанып барып калышат.
Баатырлардын башынан
Буркурап көпкөк буу чыгат.
Тулпарлардын этинен
Булактап кара суу чыгат.
Карап турган элдерден
Жер козгогон чуу чыгат.
Баатырлардын оозунан
Көк жалын менен буу чыгат.
Семетей менен Коңурбай
Алыша албай бир-бирин,
Кылыч менен салышты,
Бир-бирине экөө тең
Берер эмес намысты!
Мындан айла таба албай,

Алкалардан алышып,
Аркы-терки барышып,
Кол тийген жерин булкушуп,
Коржоңдошуп жулкушуп,
Үзөңгүсүн тебишип,
Кол кармашып эңишип,
Аттардын бели бүгүлөт,
Карап турган калың журт
Жандарынан түңүлөт.
Жойкундусу кан болуп,
Жер бузулган чаң болуп,
«Кандай айла болот?» деп,
Адамдын башы маң болуп,
Тайбуурул менен Алгара,
Алар да айла издешет,
Тартышып турган учурда
Бирин-бири тиштешет.
Чунаңдашып кетишет,
Бирин бири тебишет.
Ошол кезде эр Коңур
Асабадай Семеңди
Алкымынан алды, дейт,
Артка тартып калды, дейт.
Айласы кетип Семетей,
Ала салчу немедей,
Арткы кашка барды, дейт.
Карап турган көп кыргыз
Чыдай албай өкүрүп,
Чуркурашып калды, дейт.
«Буруттун күнү бүттү» деп,
Карап турган калың жоо
Кубанычты салды, дейт.
Ошол кезде Конурбай
Үстүнөн басып Семеңди
Мыкчып-мыкчып алды эле,
Карап турган адамга
Кайрылбастан Семетей
Кыяматка барды эле,
Ошол кезде Семетей
Жер көтөргөн эмедей,
Ана-мына дегиче,
Ачып көздү жумганча,
Жаш чыбыктай толгонуп,
Жаш жолборстой жондонуп,
Коңурдун колун имерип,
Колтукка муштап жиберип,
Манастын уулу Семетей,
Оңолуп минип алыптыр,
Ала тоодой калчаны,
Ачып көздү жумганча,
Бакалоордон алыптыр,
Чыкыйга колду салыптыр!
Дем ала албай Коңурбай,
Оозун ачып калыптыр.
Карап турган көп кыргыз
«А, кудайлап!» чуркурап,
Тегеректеп алыптыр.
Ошол кезде Коңурбай
Эптеп колдон бошонуп,
Топурактай бозоруп,
Оозунан каны тамчылап,
Алгараны камчылап,
Качып жүрүп калыптыр.
Ачынып калган Семетей
Ак жолборс чапкан эмедей,
Атырылып кекенип,
«Манастап!» ураан салыптыр.
Алгараны узатпай
Айкалышып калыптыр.
Тоодой болгон Коңурду

Тоо кулаткан эмедей
Алгаранын үстүнөн
Ажыратып салыптыр.
«Кан Коңурбай өттү» деп,
«Калктын кеги бүттү» деп,
Башын кесип ыргытып,
Кара канын, жылжытып,
Бура тартты Семетей
Тайбуурулду чулгутуп.
Ошол кезде карасаң,
Кара кытай кайгырып,
Калчасынан айрылып,
Өлүктөрүн сай кылып,
Дөөгүрсүгөн олжокеч,
Дөөлөрүнөн айрылып,
Канаттары кайрылып,
Алсыраган жармачтар
Кол куушуруп калды, дейт.
Алдуулары кылчайбай,
Алыс жолго салды, дейт.
Олжо кылам дегендер,
Ойрон болор баштарын
Араң коргоп калды, дейт...
Алакандай аз кыргыз
«Анык жоону жеңдик,– деп,–
Азыр тийди теңдик,– деп,
Үпчүлөрүн чечишип,
Үч кайтара бекишип,
Олжолорун бөлүшүп,
Ою менен өбүшүп,
Эл эсебин такташып,
Эрдиктерин макташып,
Семетейдин кылганын
Ырчылары макташып,
Элин эсен сакташып...
Тынчып жатып калды, дейт,

## ҮМӨТӨЙДҮН СЕМЕТЕЙГЕ КОЛ САЛГАНЫ

Сары-Арканы жердеген,
Салышып адам жеңбеген,
Беттешкенин кыйраткан,
«Жалгыз жолборс мен» деген
Көкчөнүн уулу Үмөтөй
Көп келгенден кеп угуп,
«Манастын уулу Семетей
Коңурбайды өлтүрүп,
Тынчып калды» деп угуп,
Чоң казатта эр Көкчө
Өлгөнүн салып эсине:
«Семетейдин кылганы
Кудайга жагар иш эмес,
Өзүнөн башка бир баатыр
Семетейге киши эмес!
Мени менен кенешпей,
Мага боюн теңешпей,
Намысты жеке кубалап,
Манастын ушул жетими,
Кайдан чыккан сугалак!
Чоң чабуулдун күйүтүн
Калдайган казак көрбөппү?
Айдаркандын Көкчөсү
«Манас» деп барып өлбөппү!
Атамдын өчүн куугузбай,
Белимди бирге буугузбай,
Коңурду жалгыз талкалап,
Олжолоп үлүш бербестен,
Жатып алды чалкалап.
Бул Семетей жетимден
Атамдын кунун аламын,
Ээрчитип жүрүп атасы

Көкчө канды баш кылып,
Казактардын далайын,
Жылас кылып таштаган,
«Үлүшүмдү бергин,– деп,–
Олжону тептең бөлгүн» деп,
Салайынчы эсине,
Бербеймин десе, белсенип,
Аянамын несине?!
Карын бөлө болсо да,
Кадырыма жетпесе,
Көрүнөйүн көзүнө!
Колумдан келип турганда,
Таарынайын несине!
«Айтпастан жоону жендиң,– деп,–
Атамдын кунун бергин!» деп,
Чаалыгып турган кезинде
Бөлөмдүн көзүн ачайын!».
Деп, ошентип, Үмөтөй
Эрлерин жыйнап кеп салат,
«Билгичтер уккун» деп салат:
«Армандуу атам Көкчөнү
Жашында Манас өкчөдү.
Айдап барып манжууга
Кандарды кылды көкбөрү.
Кетер эмес көңүлдөн
Атамдын канын төккөнү.
Коңурбай болсо, өлүптүр,
Кордукту мыктап көрүптүр.
Менин бөлөм Семетей,
Олжосун өзү бөлүптүр.
Жоолаштырбай жоосуна,
Доолаштырбай доосуна,
Көкчөнүн уулу Үмөтөй
Семетей үчүн өлүктүр!
Шыбагага ээ болбой,
Үмөтөй качан өлүптүр?!
Семетей менен күрөшөм,
«Атамдын кунун бергин» деп,
Олжосун тең-тең бөлүшөм!
Бул сөзүмө көнбөсө,
Семетей менең өлүшөм!
Тоодой болгон Бууруллу
Күч менен тартып аламын!
Дөөгүрсүгөн эрлерин
Төбөгө чаап, кул кылып,
Үйүмө жумшап аламын!»
Деп, ошентип, чамынып,
Үмөтөй сөздү курганда,
Эч айласын таба албай,
Эрлер тилсиз турганда,
Айдай болгон Акеркеч:
«Ой, балам! – деп кеп айтат,–
Тууганың сенин Семетей
Тыңшагын элим! – деп айтат. –
Кадырманың Каныкей
Өзүм менен бир тууган,
Семетей менен Үмөтөй –
Экөөнөн чыккан бир тууган.
Бир туугандар чабышса,
Ким да болсо айтпайбы,
Казакты кандай жин урган!
Айтканың, балам, кеп эмес,
Акылга түшөр эп эмес!
Семетейди багынтып,
Серүүндөп келчү сен эмес,
Ал дагы – ата жалгызы,
Сен дагы – ата жалгызы;
Эки жалгыз кармашса,
Кудайдын тиер каргышы!
Семетей кылган кайратты

Кылганың жок, Үмөтөй!
Сары-Аркадан күндүк жол
Чыкканың жок, Үмөтөй!
Атаңдын кунун манжуудан
Кууганың жок, Үмөтөй!
Кун кубалап белиңди
Бууганың жок, Үмөтөй!
Семетейди шер тууган,
Сени качан кем тууган?
Семетей менен Үмөтөй –
Бир-бирине тең тууган.
Кагылайын кулунум,
Кун доолап барсаң, өлөрсүң,
Кордукту мыктап көрөрсүң!
Семетей оңой шер эмес,
Кылчайбай сайып кеткендей,
Кыргызың оңой эл эмес.
Өлгөн сайын өрчүгөн,
Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Эрдиги бөтөн келген журт,
Кытайга кайрат берген журт.
Кармашканын койбогон,
Караңгыда калт этпес,
Кабыландай жойлогон,
Элдешсең, жолу даңгыр журт,
Эрегишсең, жеңилбес,
Ак ыйыктай алгыр журт.
Жамандашсаң, өлөсүң,
Жадалын салса Семетей,
Көрбөгөн кордук көрөсүң.
Андан көрө Үмөтөй,
Алтымыш кызыл нар айда,
Ал жеткендей мал айда?
«Уялашым, бөлөм,– деп,–
Бөлөмдү быйыл көрөм» деп,
Элден тандап элчи алып,
Жакшылашсаң, Семетей
«Уялашым келди» деп,
Урматтоочу шер ошол.
Көлүгүңдү жоорутпайт,
Көңүлүңдү оорутпайт,–
Көөнүңдү табар эл ошол!
Кун доолабай достошсоң,
Күлкүңдү ачар жер ошол!
Карын бөлөң Семетей
Караан кылат өзүңдү,
Мыктап угат сөзүңдү,
Кыяматтык кыйышпас,
Күтүп алат өзүңдү.
Казак менен кыргызың
Бир буудайдын тукуму,
Бир адамдын укуму.
Билгин, балам, ушуну!
«Эриш-аркак болсок,– деп,–
Жакындап айыл консок» деп,
Семетей көк жал бөлөңдүн
Көтөрүлүп жүрөгү,
Маңдайкы тунук булактан
Чоролор атын сугарар,
«Кан Үмөтөй» дедиртип,
Даңкыңды кыргыз чыгарар.
Сениң атаң эр Көкчө
Кабыландай эр эле,
Каралашып тең өскөн,
Бир-бирине кадырман
Манасы менен тең эле.
Жоону бирге жоолашкан,
Доону бирге доолашкан,
Манас экөө шер эле.
Ошентип, өткөн атандын

«Кунун алам, чабам!» деп,
Желигесиң сен эле.
Тилимди алсаң, кулунум,
Манас менен атаңдай,
Достошуп өткүн тим эле!
Жашырбагын, кулунум,
Сени азгыран ким эле?
Тилимди алып кой, балам,
Кыянат ойду жой, балам!
Үмөтөй менен Семетей
Бириксеңер,– той, балам!».
Эне сөзүн Үмөтөй
Элес кылып койгон жок,
Ичинде турган кара кир
Ойлонуп чунак жойгон жок.
Көңүлүндө баатырдын,
Кор болом деген ойдо жок...
«Шыбагамды жетимден
Эрдигим менен аламын,
Семетейдин Таласын
Курчап алып чабамын!
Токтото албайт эч бир жан
Үмөтөйдүн кадамын».
Деп, ошентип, эр немең
Эки сан баатыр кол менен,
Эңкейиш тарткан жол менен,
Кирген суудай шаркырап,
Ак сооту жаркырап,
Сан эрендер шалкылдап,
Таласка кирип келди, дейт.
Карап турган сакчылар
Келген жоону көрдү, дейт.
«Жоо» дегенде сүйүнгөн,
Көпкөк темир кийинген,
Алмамбеттин Күлчоро,
«Жолоочу болсо, коноктоп,
Жолуна өзүм салам,– деп,–
Докчу болсо, доолашып,
Олжо кылып алам,– деп,–
Кармаша турган жоо болсо,
Кармашты мыктап салам» деп,
Жоо-жарагын шайланып,
Алгыр куштай айланып,
Үмөтөйдүн колуна
Жетип келип кеп салды,
– Ак тулпардай сүрөөндөш,
Ак буудайдай үрөөндөш
Үмөтөй бөлөм аманбы?
Ата конуш Сары-Арка
Белиң аман жатабы?
Ала байрак көк жебе,
Айтылуу казак үч урук
Элиң эсен жатабы?
Тартылган желе, кызыл кыр,
Жериң эсен жатабы?
Акеркеч аттуу тая эжем,
Энең эсен жатабы?»
Деген кезде Үмөтөй
Үзүр сөзгө келбеди,
Үйрүлүп жообун бербеди.
Арпасын чийки оргонсуп,
Атасы көк жал Көкчөнү
Манас кармап сойгонсуп,
Каарданып күүлөнүп,
Кан Үмөтөй сүйлөнүп,
Кагып ийчүү токмоктой,
Күпүлдөдү күүлөнүп:
«Эр Көкчөнү жеп салып!
Жалтандатпа сөзүңдү,
Ар кандай кылып өч алам,

Айдаркан уулу Көкчөгө!
Атамдын кунун күтөмүн!
Абаңа азыр баргыныӊ,
Кеңешип туруп эми эле,
Жообуңду бере салгыныӊ!
Буурул атты баш кылып,
Тулпардан тандап ат жыйна!
Кырылышып өлүшпөй,
Кыйындык салбай бат жыйна!
Бербей турган бейлиңди айт!
Бейилсинбей жөнү жок,
Бет алышчуу жериңди айт!
Айтканым азыр болбосо,
Айланып туруп нетейин,
Кылча көрбөй бул жерди
Кырылыша кетейин!
Манастын көпкөн уулуна
Кол салганы келгемин!».
Күлчоро анда муну айтат:
«Мен Күлчоро болгону,
Жетим туруп жетилип,
Эрешен тартып эр болуп,
Эр уулу менен тең болуп,
Аккүбө тонду кийгени,
Көкчө кандын Үмөтөй,
Көөдөктү сендей көрбөдүм!
Кадимки баатыр эр Манас
Чоң чабуулда атаңды
Кан көтөрүп алыптыр,
Көп менен өлгөн Көкчөнүн
Арманы кайда калыптыр?!!
Качан болсо олжону
Кан Көкчө өзү бөлчү экен,
Чабуулга барган баатырлар
Санасы менен болчу экен.
Ошондой өткөн атаңа
«Кун алам» деп турганыӊ
Бөлө да болсоӊ айтайын,
Өзүңдү-өзүң урганыӊ!
Кагылыштан кармашта,
Атаң Көкчө кан өлгөн,
Адамдан баатыр Алмамбет,
Кармашып жатып ал өлгөн.
Кырк чоронун кымбаты,
Кыйын Сыргак дагы өлгөн.
Кылымды бузган кыйындын
Кымбатынын баары өлгөн.
Каада ушул, кеп ушул,
Атактуу Кең-Кол, чоң Талас
Сен камоочу жер эмес,
Манастын уулу Семетей
Сен коркутчуу эр эмес!
Кыйыгына тийсеңер,
Кылча койбой бирөөңдү
Кыргын кылып жүрбөсүн.
Оолугуп кетсе Семетей,
Оң, солдун алы жетеби?!
Каарданса Канчоро,
Кагышкан аман кетеби?!
Өз дүйнөңдү чачпагын,
Өрөпкүп келген Үмөтөй,
Тийишем деп жолборско,
Айбыңды өзүң ачпагын!
Айтканым ушул, билип ал,
Чатакташпай, чырдашпай,
Азыр, бөлөм, тилимди ал!
Суу үстүндө кемем бар,
Кежир сөздү тыюучу
Энеӊ менен бир тууган
Каныкей аттуу энем бар.

Жамандашпай, чырдашпай,
Жакшы бойдон калалы!
Олжо болсо бөлөрбүз,
Ойлонушуп көрөрбүз.
Өткөн-кеткен айыпты
Ортобузга төгөрбүз».
Деп, ошентип, Күлчоро
Акыл кептен салды эми,
Каарланган Үмөтөй
Канды кудай алды эми.
Алты канды Кытайга
Артынан тосуп аңдышкан,
Эс алдырбай кырк күнү
Кошуунду кыйнап айдаткан,
Көп баатырдын баарысын
Чет-Бээжинде кыйраткан.
Артында жетим-жесирди
Боздотуп күндө ыйлаткан,
Чыккынчы кытай карабет
Атакең сенин Алмамбет.
Каарданган Үмөтөй
Айткан жайды кенебей,
Айыгышып жүргөн эмедей,
Келип турган чорону
Бучкагына тенебей:
«Алмамбет уулу Күлчоро,
Каныңды азыр төгөйүн!»
Деп, ошентип, найзасын
Толгой кармап алды эми,
Туруп берген чорого
Тундура найза салды эми.
Күтпөй турган Күлчоро
Калкан тозо калды эми.
Кекке туурган Үмөтөй
Айткандан кайтпас неме экен,
Адамда жок шер экен.
Жаралуу болгон камандай,
Саргарып өңү самандай,
Ачуусу келип күүлөнүп,
Жаман сөздү сүйлөнүп:
«Каныңды сенин жутпасам,
Семетей туусун жыкпасам!
Төшү түктүү жер урсун,
Төбөсү ачык көк урсун!».
Деп, ошентип, бакырды,
«Көкчөлөп!» ураан чакырды,
Ак мылтенин чогу урсун!».
Кайтпасын билип Күлчоро:
«Өз убалың өзүңө,
Эми кара көзүңө!»
Деп, ошентип, эр чоро
Айкырыкты баштады,
Калдайып турган кара жер
Айкырыкка чыдабай,
Жарылып кете жаздады.
Мелтиретип найзасын,
Үмөтөйдөй баатырды
Тоо томкоргон эмедей,
Ыргыта сайып таштады.
«Эби жоктон элирген
Каныбызды сойдуң,– деп,–
Тартышкандай талаш жок,
Бизди аман койгун» деп,
Үмөтөйдүн калың кол
Кол кайырбай калды эле.
Ачуусу келген Күлчоро
Айкырыкты салды эле.
«Бекер болду мунуң» деп,
Ээлигип калган чорону
Жетип келип кан Бакай

Чылбырынан алды, дейт.
Жеңилген колду ээрчитип,
Семетейдин алдына
Алып жетип барды, дейт
Акылман тууган Каныкей
Семетейге кеп айтат.
Дос, душманын көрсөтүп.
Салт сыяктуу эп айтат:
«Кабылан чыккан чунагым,
Ушулбу сенин кыларың?
Ээликкен менен Үмөтөй
Чын эле сенин тууганың.
Тууганыңды өлтүрүп,
Муунуңду өзүң муунадың!
Ансыз деле куу көк жал,
Кармашкан душман аз эмес,
Канатташ тууган казак журт,
Ойлосоң балам, кас эмес.
Жакыныңды жат кылган,
Жүрөккө калчуу дат кылган,
Арада шайтан бар окшойт,
Экөөңдү бирдей азгырган.
Айланайын абаке,
Чунагың жакшы кылган жок,
Жакалашып жоо келсе,
Казактан жакын тууган жок.
Бир тууганым Акеркеч
Жалгызынан айрылды,
Кайкалап жаткан көп казак
Канына  катуу кайгырды.
Элиң менен сүйлөшүп,
Кек калтырбай эки элге,
Тарткыла мыктап айбыңды!».
«Кайгырып катуу Семетей,
Жер каптаган мал менен,
Көз кайкытар зер менен
Калың казак элине,
«Үмөтөйдүн куну,– деп,–
Акеркечтин алдына
Алпаралык муну,– деп,–
Эчен төөгө жүктөлсүн,
Кундуз менен куну» деп,
Калкына кара кийгизип,
Атпай кыргыз баатырга
Кайгырганын билгизип,
Бөйрөктөрүн таянып,
Кошок менен ыйлатып,
Жылуу жумшак сөз тапкыч
Чечендерди жыйнатып,
Үмөтөйдүн эрдигин
Ырчыларга ырдатып,
Өзү билип Семетей,
Бөлөк тизип тулпарды,
Ар бир эрдин колуна
Бирден берип шумкарды,
Тулпарлардын баарысын
Үртүк менен үптөттү,
Үмөтөйдүн өлүгүн
Нар буурага жүктөттү,–
Жөнөрүндө Канчоро
Абаке деп кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Айланайын абаке!
Уят кылды абыдан
Жаш Күлчоро кабылан.
Кир сактатпай тууганга,
Кексиз болуп кетелик,
Бирге тууган бөлөндөн,
Буурулду аяп нетелик?».
Макул болуп Семетей

Эртеңкисин кенебей,
Канчоронун айтканын
«Калпыспы?» деп элебей.
Жер чайпалткан чуу менен,
Аза күткөн туу менен,
Көкүлүнө Буурулдун
Карадан үкү тактырып,
Дүңгүрөтүп дүйнөнү
Добулбасын кактырып,
Акеркечтин алдына
Кабарчысын чаптырып,
Үмөтөйдүн өлүгүн
Чоролорго бактырып
«Көңүл айт!» деп жөнөттү,
Кырк нөкөрүн ээрчитип,
Сары канды баш кылып...

## КАНЧОРО МЕНЕН КЫЯЗДЫН ДОСТОШКОНУ

Канчоро менен Чачыкей
Шыбырашып, сырдашып,
Семетейге ор казып,
Ор казганда мол казып,
Өзөктөн чыккан өрт болду,
Өздөн чыккан жат болду.
Үмөтөйдүн кунуна
Тайбуурулду бергенде,
Канчоро менен Чачыкей
(Элден чыккан шерменде)
«Эми кудай берди,– деп,–
Эми кезек келди» деп,
Арамдык жолго киргени,
«Ушундай» деп бир адам
Душмандыгын билбеди.
Санаасы бузук Чачыкей
Сандуу жерге жүрбөдү.
Ар качандан бир качан
Ушак сүйлөп жүргөнү.
Күлүскө күйүт салганы,
Чачыкейге Семетей
Кылчайып ачык күлбөдү.
Канчоро болсо ар качан
Күлчородон кем болду.
Күлчоронун айтканы
Кимге болсо эм болду!
Кара көңүл Канчоро
Кабыландай Күлүскө
Кайсы жерде тең болду?
Өзүн-өзү кемсинтип,
Канчоро кекти жыйнады,
«Күлүстү артык көрөт» деп,
Күйүтү ичке сыйбады.
Ичинен бузук ойлонуп,
Өзүнө макул ой жоруп,
Семетейге кас болду,
Жүрөгү кара таш болду.
Муну билбей Семетей,
«Кадырманым, иним» дейт,
Кара көңүл чоронун
Кандайлыгы билинбейт.
Күлчоронун колунан
Үмөткө өлүм жеткенде,
Тайбуурул тартуу кеткенде,
Канчоро изин жашырып,
Душмандыгын ашырып,
Чачыкей менен кеңешип,
Семетей менен Күлүскө
Ичтеринен эгешип,

Семеңди эптеп соймокко,
Күлүстүн көзүн жоймокко,
Семетейдин атагын
Жер жүзүнөн жоймокко,
Кадырлап өзүн кан кылып,
Калк башына коймокко
Куулук, шумдук ойлонду.
Көпөлөк учуп, куш сайрап,
Жер саймадай болгондо,
Кең Таластын оюна
Калың эл көчүп конгондо.
Капарсыз жаткан калың журт
Бейпилдикке оңгондо,
Канчоро кастык ойлонуп,
Оюнда токсон толгонуп,
Таң атканда аттанып,
Кабагын ачып шаттанып,
Жоо кийимин кийинип,
Күлчорого кеп айтат:
«Тоодон кийик аталык,
Тамашага баталык.
Бечел болгон эмедей,
Үйдө кантип жаталык.
Кайып жүрчүү тоолорду,
Качырата басалык.
Качантан бери бук болгон
Черибизди жазалык.
Коогасыз жатар жыл болду,
Аттангын, досум, жүрөлүк!».
Деп, ошентип, кош алып,
Он чакты жигит кошо алып,
Кең Таластын башына,
Каркайган аска ташына,
Чыга келип жатышып,
Таштан теке атышып,
Тамашага батышып,
Эчен белден ашышып,
Эки баатыр келди эми,
Эңкейип баарын көрдү эми.
Желдей көчкөн калың эл
Жете келип жайлоого
Жергеси менен толду эми.
Капкачандан ойлонгон
Канчоронун тилеги
Кадимкидей болду эми.
Кайнардын кара көзүндө,
Көк жайлоонун өзүндө,
Бакайдын салган тамында,
Көк жал Семен, жанында,
Кара көңүл Канчоро
Баштар ишин баштады:
«Жашыруун душман келбесин,
Кордукту мыктап бербесин,
Эл семирип бук болду,
Мал семирип нык болду,
Оолактап чекке барайын,
Жакшылап жолду чалайын,
Ташкенге дүрбү салайын,
Талаанын баарын карайын.
Андан мындай салайын,
Анжыянга бет алып,
Аяктын баарын карайын.
Коконго дүрбү салайын,
Туздун кара тоосунан
Туш-туштун баарын карайын.
Жакын барбы, жат барбы,
Жол жосунун ченейин,
Эл аралап, жер көрүп,
Жер бетинде кобурду,
Толуктап айтып келейин».

Деп, ошентип, калганда,
«Мейлиң, барсаң, баргын,– деп,–
Белдин баарын чалгын» деп,
Макулдук берди Семетей
Элдин баары «эп» деди.
Карап турган карылар
«Ушул жакшы кеп» деди.
Жооп алганда Канчоро:
«Айланайын Күлүсүм!
Далай-далай тоолор бар
Аркыраган суулар бар,
Баарын артып келейин.
Суркоёнду бер» деди.
«Катар өскөн ардагым,
Атымды кантип аяйын,
Максатыңа жет» деди.
Коёнду минип кет деди.
Жоо-жарагын шайланып,
Азык-түлүк байланып,
Канчоро жолго салды эми.
Аркырата жол жүрүп,
Ал күнү катуу мол жүрүп,
Олуя-Ата, Меркини
Как ошондон беркини,
Бура тартып бир жерге,
Канчоро конуп калды эми.
Эртеси күнү болгондо,
Намангенди бет алып,
Аркырата жүрдү эми.
Туздун кара тоосунан,
Бура тартып келди эми.
Анжыянды каратып,
Абдан дүрбү салды эми.
Андан неме көрүнбөйт,
Жана мындай имерип,
Оң жагына жиберип,
Опколжуп дүрбү салды эми,
Күңгүрөнүп алды эми:
«Атаңдын көрү эр Кыяз,
Атаңа наалат кер Кыяз,
Убададан танганбы,
Унутуп мени калганбы!
Келиштирип кеп айткан,
«Келмек болду» деп айткан
Жансыздын сөзү жалганбы?».
Ишенгени эр Кыяз
Кездешер жерде жок болуп,
Ар санаасы токтолуп,
Үшкүрүп турган чагында,
Күркүрөп мылтык угулду,
Уккан жерден чоронун
Кубулуп түсү бурулду.
Капчыгайга алаңдап,
Ылдый басып салаңдап,
Ээк алдына караса.
Эр Кыяздын өзү экен.
Кубангандан Канчоро,
Бир кудайга зар айтып,
Ойку-тайкы жол менен,
Карышкырдай Канчоро
Ойго түшүп келди эми.
Антташып жүргөн досунун
Ардактуу жүзүн көрдү эми.
Канчоро баатыр кеп айтат:
«Тыңшагын Кыяз! – деп айтат,–
Курчанган курум сен элең,
Кубат кылган эр элең,
Удаасы менен кат бердим,
Уйкумду коюп, бат бердим.
Арстансыңбы, нарсыңбы?

Айткан кепте барсыңбы?
Сөз алышып, сөз берген,
Экөөбүздүн антыбыз
Кадимкидей калсынбы?
Кан Толтойду өлтүргөн
Канкорго эми кез келди.
Кагылайын кан Кыяз,
Айтышкан антты бузбасаң,
Эми бизге кез келди!
Келе бергин тартынбай,
Таласта азыр киши жок,
Элдин баары жайлоодо,
Суусамырда, тойлордо.
Ордодо турган кырк чоро,
Эчтеме менең иши жок.
Ушул кезде Семетей,
Тайбуурулдан айрылып,
Мокоп калды, мизи жок.
Он беш күндө даяр бол,
Мен барайын Таласка,
Эсебиңден адашпа!
«Атабыз өткөн Манастын
Күмбөзүнө баргын» деп,
Арбагына Манастын
Бата кылып келгин!» – деп.
Алдап алып келейин.
Кылгылыктын баарысын
Ошол жерде кылалык.
Ээрчитип келген эл болсо,
Ошол жерден кыралык!
Чынкожо, Толтой куну үчүн,
Канчоронун ары үчүн,
Жетилип турган жетимди
Кабыргадан басалык.
Канын суудай чачалык!».
Деп, ошентип, калганда,
Канчоронун тулпарын
Кыяздын көзү чалганда:
«Эртеги өткөн эр Толтой,
Эпсиз эле ак жолтой,
Мына бул минген тулпарың
Агамдын аты көрүнөт,
Көрүп туруп чыдабай,
Көзүмдүн жашы төгүлөт.
Суркоён өзү ушубу?
Туягында тура жок,
Тулпар сындуу мал эле,
Коён сындуу мал экен.
Ушуну минип алдырган,
«Тоодой Толтой» десе да,
Абакем алсыз жан экен!».
Убаданы бектешип,
Ушундай деп чектешип,
Айрылышып калды эми.
Аркыратып Канчоро
Атын жолго салды эми...
Ат аябай жол жүрүп,
Күндөп-түндөп мол жүрүп,
Бир адамга билинбей,
Бир кишиге көрүнбөй,
Бир кишинин көзүнө
Кандуу чоро илинбей,
Түндө келип күлүктү
Таң ашырып салды эми.
Чачыкейдин үйүнө
Жыла басып барды эми.
Уурулардай кыбырап,
Укмуштарын шыбырап,
Кан, канышай болгонсуп,
Кадыр менен толгонсуп,

Экөөнөн башка киши жок,
Өңгө жандын иши жок,
Кучакташа жатышып,
Кызыктарга батышып,
Бири – каныш, бири – кан,
Ой түбүнө батышып,
Ойлорунча болушуп,
Ополуудай оңушуп,
Кылган иштин баарысын
Баатырлыкка жорушуп,
Эртең менен болгондо,
Тамак-ашка тойгондо,
Кара жүрөк Канчоро
(Капасы жок ал чоро)
Семетей, Бакай, Сары кан,
Баарына келип кеп айтат:
«Кагылайын абаке!
Айлана-тынчтык,– деп айтат. –
«Как» деп учкан карга жок,
Абаке, сенин дооруңда
Кармаша турган калба жок.
Тегеренип карасам,
Терс кыялдуу мал да жок,
Телегейи тептегиз,
Айланайын абаке,
Тетири учкан карга жок.
Олуя-Ата, чоң Ташкен,
Ошонун баарын карадым.
Ар кайсы жерде мал жатат,
Жыргап, куунап эл жатат.
Жалбырак учуп, күз болуп,
Жер семирип түз болуп,
Коон бышып жай болуп,
Жердин баары май болуп,
Эгиндин баары бышыптыр,
Түркүн-дүйүм жыгачтын
Мөмөсү жайнап түшүптүр.
Өнөгү бирге элдерден
Өчөшүп сага жоо болбойт,
Ушул быйыл жоо болсо,
Бул замана соо болбойт.
Жайланып жата бергиле,
Жайлоону көрүп келгиле,
Эркин ойноп куш салып,
Ыракатын көргүлө.
Сүт бото менен тайлардан
Шеринени бергиле.
Абакемдин дооруңда
Аябай үзүр көргүлө».
Деп, ошентип, калганда,
Ыраазы болуп эл кетти,
«Эми кудай берди» деп,
Кандыгын ойлоп Канчоро
Көңүлүн көккө дегдетти...

## КАНЧОРОНУН КАСТЫГЫ

Канчоро менен Кыяздын
Белгилүү күнү болгондо,
Кармашка келген калың кол
Капчыгайга толгондо,
Көңүлдө кылдай кообу жок,
Көк жалың эркин оңгондо,
Семетейге Канчоро,
Кылдаттык менен кеп айтат,
«Айланайын Кан-Төрөм,
Бая күнү чалгынга
Сур коён минип барганда
Күмбөзүн көрүп Манастын

Аябай калдым арманда
Душмандар келип бузганбы
Чагылган түшүп урганбы,
Эшик жагы сыртынан
Кыштары урап калыптыр.
Ак күмбөзгө баралык,
Ак боз бээни жаралык,
Атабыз Манас арбагын
Бир кубантып алалык!
Көптөн бери баралбай,
Көңүлдөн чыккан турбайбы!
Тайыбасак Манасты,
Арбагы бизди урбайбы!».
Мунум «кандай кеп?» деди,
Семетей муну «эп» деди.
Чоролор менен Семетей
Ак боз бээни бош алып,
Таластын суусун кечти эми.
Өйүзүндө күмбөзгө
Чоролор барып жетти эми.
Казан асып жайланып,
Арбагына Манастын
Ак боз бээни чалды эми,
Кырк кулактуу казанга
Казы-карта салды эми.
Кабыландай Семетей,
Каржалып турган эмедей,
Кара ташка отуруп,
«Кечир,– деп, ата, жалгызды»,–
Көзүнүн жашын агызды.
Ал аңгыча болбоду,
Айлантып өлүм торгоду!
Май-Булактын башынан,
Бакайдын кызыл ташынан,
Ак ала желек туу менен,
Кыяздын колу көрүндү.
Көрө коюп Күлчоро,
«Бул эмне шумдук!» деп,
Кабыргасы сөгүлдү.
Суркоёнго жүгүрдү,
Не кыларын биле албай,
Тирүүлүктөн түңүлдү...
Ошол кезде Канчоро
Кан Кыяз менен көрүшүп,
Колун кармап өбүшүп,
Аралашып калды эми.
Ал аңгыча болбостон,
Атка буйда койбостон,
Ак ала желек туу менен,
«Кыяз!» деген чуу менен,
Ак асаба туу менен,
Асман көктө чуу менен
Семетей менен Күлүстү
Тегеректеп калды эми.
Баатырдын уулу Семетей
Не кыларын биле албайт,
Арчатору теңселип,
Семеңди алып жүрө албайт.
Ошол кезде Семетей
Атынын башын бурду эле,
Камчыдан башка жарак жок,
Кайрылып карап турду эле.
Үйдөй болгон үч баатыр
Өпкө жүрөк тушу деп,
Өлөр жери ушу деп,
Ар кимиси бир бирден
Жетип найза урду эле.
Манастын уулу Семетей
Зың-зың этип кенебейт,
Келип турган өлүмдү

Бучкагына теңебейт.
Эжелки душман өңдөнүп,
Канчоро найза салды эле.
Канчоронун найзасын
Орто белден Семетей
Үзө чаап калды эле.
Уйгу-туйгу жедигер
Баскан жерин таптады,
Жамгыр кылып, жаа тартып,
Семетейди каптады.
Ачуусу келип кабылан:
«Аргымак багып, ат бактым,
Азамат жыйдым, эр жыйдым,
Арстандарды тең жыйдым,
Айланып кетсин Канчоро
Аргымак буудан деп жүрсөм,
Байталды баккан экемин,
Канчоро тууган деп жүрсөм,
Котур ташы койнунда
Шайтанды баккан экенмин!»
Мына ошондо Канчоро
«Эми кудай берди» деп,
«Эми кезек келди» деп,
Алдынан чыга калды, дейт,
Каарын катуу салды, дейт,
Кезешип жүргөн душманча,
Араң турган Семеңе
Жандай салып барды, дейт...
Сыр найзаны булгалап,
Жүрөктү көздөй салды дейт.
Ошол кезде Семетей,
Эрип кеткен эмедей,
Кыймылдабай, унчукпай,
Көзгө түшпөй жок болду.
Кайсалактап калың жоо
Сөөгүн таппай токтолду...
Багыш кандын эр Кыяз
Аң-таң калды элейип.
Семетейди көрдүңбү?
Тирүү десең, жерде жок,
Өлүү десең, көрдө жок,
Угуп жүргөн укмушта
Бул өңдөнгөн пенде жок!
Кызыл өңү сур болду,
Өлгөн сөөгүн көрсөтпөй,
Таң каларлык сыр болду!
Жабагынын жалындай
Жалдуу тууган эр экен.
Өлүмдөн чочуп койбогон,
Өрттөнө чыккан шер экен.
Жан соогалап койгон жок,
Салмагы бүтүн жер экен!
Күлчоро анда кеп айтат,
«Күүлөнгөн иттер!» деп айтат:
«Кайсы арманды айтайын,
Жарагым жок, жөө болдум,
Каңкылдаган Канчоро,
Чымын элең, дөө болдуң,
Кылганыңды кыла бер!
Качан болсо башымды,
Кучактайт эле кара жер!
Алыстан келген жоо болуп,
Аралашып көрбөдүм,
Алышып жатып өлбөдүм.
Өзөгүмдөн өрт чыгып,
Жакынымдан жат чыгыл.
Ушундай болду көргөнүм».
Деп, ошентип, калганда,
Күлчорону сүйлөтпөй,
Чечиндирип калганда,

Жабалактап чымындай,
Күлчорого жабылып,
Тебелешип калганда,
Күлчородон ал кетти,
Оозунан курум кан кетти.
Чорону минтип таштышып,
«Жоо жеңдик» деп басташып,
Канчоро менен кан Кыяз
Жүрмөк болду ордого
Калың колду башташып.
Кан Кыяз туруп кеп айтат:
«Жазым болуп калбасын,
Манастын өлгөн баласын
Кайта барып көрөлү,
Табылып калса өлүгү,
Итке-кушка жем кылбай,
Ардактап жатып көмөлү».
Деп, ошентип, кан Кыяз
Атайлап издеп калды эми,
Жарадар болгон баатырдын
Аныктап баскан изи жок,
Аны көргөн киши жок.
Булак бойлоп кан агып,
Майып болуп кетиптир.
Чыны менен Семетей,
Кайып болуп кетиптир...
Кыяз менен Канчоро
Өздөрүнчө эрдемсип,
Эзелки жоосун жеңгенсип,
Кең-Колго бачым жетти, дейт.
Канчоро менен кан Кыяз
«Эми кудай берди» деп,
Уулап жүрүп жайлоодон,
Бейкут элди чапты, дейт.
Чыйырды менен Каныштты
Кадимкидей күң кылып.
Күлчородой жолборсту
Темселетип кул кылып,
Айчүрөктөй шордууну
Аргасыздан тул кылып,
«Айчүрөк аруу сеники,
Чачыкей сулуу меники»,
Деп, ошентип, Канчоро,
Кан болуп жатып калды, дейт...
«Семетей» деп конгондун
Башын кесип алышты,
Чачыкейдей кашканы
Каныш кылып салышты.
Карыганда Бакайды
Малчы кылып алышты.
Кайгыга түшкөн Каныкей
«Жалгызымдан калбайм,– деп,–
Жабыгып жүрүп өлбөйм,– деп,–
Тирүү жүрүп кордукту
Канчородон көрбөйм,– деп,–
Канжарды кармап, көрөм» деп,
Жарынмак болду «өлөм» деп.
Ошол кезде Айчүрөк
Кандуу жашын агызып,
Тырмак тийген бетинен
Кочкул канын тамызып,
Зарланып туруп кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Айланайын энеке,
Кайрат, акыл канаке?
Өлбөсөк, тиер күнүбүз,
Кудайга жетер үнүбүз.
Үмүттү үзбөй, энеке,
Он жыл өлбөй жүрүңүз?!
Жалгызыңдан бир туяк –

Белек калган өңдөндү.
Өсүп чыгып, кек алчуу
Зерек калган өңдөндү.
Эркек болсо элине
Тутка болор жаңыдан.
Өлбөй туруп, энеке,
Билеликчи абыдан!
Неберең, кокус, кыз болсо,
Көргүлүктү көрөлүк,
Айланайын энеке,
Ошондон кийин өлөлүк!
Акылман элең энеке,
Акылдашып алалы.
Кантип аман сактайбыз
Боюмдагы баланы?

Айы чукул калды эле,
Желдеттин тиер залалы.
Жыл өткөрүп, энеке,
Арыптап коюп, төрөйүн
Асылдан калган баланы!
Ким экенин көрөйүн,
Кагылайын энеке,
Кандай жорук болсо да,
Ошондон кийин көрөйүн!».
Деп, ошентип, Айчүрөк
Канжарын алып ыргытты,
Үмүтү менен Каныкей
Жалбара карап Чүрөктү,
Көзүнүн жашын жылжытты...

**Соңу.**

# Сейтек



## КҮЛЧОРОНУН ТУТКУНДАЛЫШЫ

Кара мүртөз Канчоро
Кырк калчасын кылычтап,
Кыргын салып кырыптыр.
Жылгындуу Кең-Кол, Чоң Талас,
Адам өлүп, кан агып,
Талоонго түшүп туруптур.
Семетей атын жоюптур:
«Канчоро кандын эли» – деп,
Журттун атын коюптур.
Канчоро, Кыяз эки арам,
Үйрүлмөнүн Сазына,
Үйрүлтүп колду жыйышты,
Чогулманын Сазына,
Чогулуп кеңеш курушту.
«Калың кара жедигер,
Калбай кел!» - деп чакырып,
Каарын салып бакырып,
Канчоро кебин баштады,
Караламан көп элди,
Кырып ийе таштады.
- Олжого канып тойлоттук
Казынасын көп талап,
Даугер уста Бөлөкбай,
Баатырларын байладык,
Семетейин жайладык.
Ээ, жедигер! Жедигер!
Олжо алганга коонуп,
Бул алганга жоонуп,
Күрпүлдөйсүң, өтөсүң,
Күлчоро деген акмагын
Тирүү таштап нетесиң?
Жалынсаң укпайт кебиңди,
Семирип алса Күлчоро,
Секиден табат эбиңди!
Күлчоро жексен болбосо,
Уккун, Кыяз, кебимди,
Адыр-күдүр ак мойнок,
Алкым жагын чалалы.
Жан жабыла бүт издеп,
Күлчорону табалы!
Колу-бутун байлагын
Башын кесип салалы,
Акыл ойлоп эр Кыяз
Канчорого муну айтат:
- Семетейи өлгөн жок,
Кайра тартпас чын жайга
Кеткенин эч ким көргөн жок.
Манастын уулу Семетей,
Чубактын уулу Канчоро,
Жетим калсаң атаңдан,
Туугандан артык көрүптүр.
Энекеси Каныкей,
Эмчегин сага бериптир!
Сени досуң Семетей,
Уялаштай көрүптүр.
Өз агаңа өч болдуң,
Баатыр сендей болобу?
Сендей баатыр оңобу?
Айтканым ушул, билип ал,
Жан досум, менин тилими ал,
Бурулуп, бузук жүрбөйлү,
Бул кызыр чалган чорого
Кайрылып эми тийбейли.
Алмамбет уулу Күлчоро
Жайнаган кызыл чок экен,
Кайраттуу опол тоо экен.
Кабылан шер, эр менен
Кас болушуп нетелик?

Желикпегин, Канчоро,
Ынтымакка жетелик!» –
Мына ошондо Канчоро
Каарланып күүлөндү,
Жедигердин Кыязга,
Болжолу жок сүйлөндү:
- Жети-Өзөн сенин жериңди
Жер экен деп жүргөмүн!
Жерге кирген, көр Кыяз,
Эр экен деп жүргөмүн!
Баатыр Кыяз деп жүрсөм,
Катын Кыяз экенсиң!
Тескери жакты ойлогон,
Жакыр Кыяз экенсиң!
Айтканым ушул билип ал,
Баатыр Кыяз, тилими ал!
Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас,
Күркүрөп күтөр жер эмес.
Алмамбет уулу Күлчоро,
Экөөбүзгө эл эмес!
Оюна койсоң ал чороң,
Ооруган жери басылар.
Ал эсине келгенде,
Кыяздын каны чачылар.
Катылбай койсоң, Күлчоро
Көрүнөө күнү туубайбы?
Көйкапка чейин куубайбы!
Бурулуп бузук салбайбы.
Кайдагы кегин албайбы!

* * *

Таң саргарып атканда,
Асманда жалдыз батканда,
Канчоро туруп бакырды.
Жөөкөрлөрүн чакырды:
– Балбансынган эриңер,
Тик качырып чорону,
Тирүү кармап келиңер!
Мына ошондо Күлчоро
Чамаа чарчап, ал кетип,
Жөөкөрлөр каптап барганда,
Күлүстү шорго маларда,
Атадан калган жойкума
Кармай калып сабынан,
Суурup алып кабынан,
Кайраттанып имерди,
Балбандардын далайын,
Ыргыта чаап жиберди.
Жедигердин эр Кыяз,
Жетип найза салууга,
Мыктап кирип барды эле.
Шай колдогон Күлчоро,
Колунда болот кылычты
Шилтеп туруп калды эле.
Оң этегин арамдын
Оё чаап салды эле.
Көкборчуктун бир санын
Соё чаап салды эле.
Ошол кезде чорону
Туш-тушунан качырып,
Балбанынын баарысы
«Кыяздап!» ураан чакырып,
Тегеректеп алды эми.
Күлчородон ал кетти,
Денеден кара кан кетти.
Эң бир баатыр эки кол,
Көтөрүлбөй шал болду.
Коюнга кара кан толду.
Казылып жаткан калың ор,
Кайнамак болду эми шор.

Эр Кыязга Канчоро
Буйрук берди күпүлдөп:
– Тууганың Толтой көк жалды
Күлчоро союп таштаган.
Бу Талас сага жер эмес,
Күлчоро сага эл эмес.
Күрсүлдөгөн куу кулдун,
Оң далысын ойгула,
Оң кечирин сойгула!
Сол далысын ойгула,
Сол кечирин сойгула!
Өлүк эмес, тирүү эмес,
Арам санаа бул кулду,
Ара жайга койгула!
Талпактай сабап кергиле
Сазайын колго бергиле!
Карыган жылкы томугун,
Аш ордуна жуткузуп,
Тогуз аяк суу берип,
Колго түшкөн чорону
Караңгы жерге камагын,
Камчы менен сабагын,
Көкбөрү кылып талагын –
Деп жазасын берди эми.
Канчоро деген капырың
Алтын таажы кийди эми,
Алтын такка минди эми!
Дарбазалуу коргонго,
Чачыкейдин ордого,
Жетип келди кабарчы:
«Канчоро кан болду!» деп.
Эрке катын Чачыкей
Сүбөлөрү былкылдап,
Сүйүнгөндөн шыңкылдап:
– Кан Семетей барында,
Күйүттүн көбүн билчү элек,
Канчоро менен экөөбүз,
Күбүрөшүп жүрчү элек.
Канчором мына кан болду,–
Чачыкей катын сүйүндү.
Тоюна токсон тай сойду.
Дүнүйөнү кең койду,
Семетейдин ордосун
Канчорого бастырды.
Агар алтын, ак күмүш
Зарып кылып чачтырды.
Кожо, молдо жыйдырды,
Ал Чачыкей катынга
Канчоро нике кыйдырды.
Байкуш Бакай абаңыз
Боздогонун караңыз:
«Кең дүнүйө тар болду,
Карганда Бакай кар болду.
Ич өрттөнүп, боору чок,
Кармашарга чама жок.
Кең дүнүйө тар болду,
Буркурап Бакай зар болду,
Берендерден айрылып,
Башкача жаман кор болду».
Аяр жаны калбады,
Жаак кайрап, тил безеп
Канчорону каргады:
– Ымыркай бала кезинде,
Мойнуна тумар таккамын,
Боорума кысып кучактап,
Алдейлеп өзүп баккамын.
Кадиксиз тууган болсун деп,
Ээрчитип жүрүп эр кылгам!
Өз уулум менен тең кылгам!—
Деп ошентип кан Бакай,

Боконо сөөгү болкулдап,
Ыйлады шордуу солкулдап.

## АЙЧҮРӨКТҮН ОЛЖОГО КЕТКЕНИ

Акун кызы Айчүрөк,
Эр Кыяздын көзүнө
Тийген айдай көрүндү,
Камап келген Кыяздын
Акылы санга бөлүндү.
Олондой болгон кара чач,
Омуроо ылдый жайылып,
Оюна келди Чүрөктүн:
- Жакындап келсе, ал Кыяз,
Өз колум менен чоң мүшкүл,
Кутурган итке салам деп,
Арамдын башын чабам деп.
Кайнатасы Манастан
Белекке калган зулпукор
Кынынан сууруп алууга,
Зор Кыязды чабууга,
Армандуу жеңең Чүрөктүн
Эки көзү төрт болду.
Жедигердин эр Кыяз
Айчүрөктү көргөндө,
Келбетин көрүп сынга алды,
Сулуулукка таң калды:
- Айдай катын Айчүрөк
Адамдан артык жан экен,
Чынкожо, Толтой тең өлүп,
Талашканча бар экен.
Алган жардын кумарын
Аччу Чүрөк турбайы?!
Эзелки капа, дартыңды,
Жазчу Чүрөк турбайбы?
Кылымга кылып тамаша,
Кыз алгандай кылбасам,
Байбичелеп сабылып,
Күнүгө кырк жол жалынып,
Кызматын кылып камынып,
Маңдайында турбасам,
Айдай катын Чүрөктүн,
Айткан тилин албасам,
Айдаган жакка барбасам,
Дегенине көнбөсөм,
Акмилтенин чогу урсун! –
Деп ошентип эр Кыяз
Канчоро канга барды эми.
Канчоро анда кеп айтат,
Айчүрөккө бек айтат:
– Кан төгүлтүп, эр өлбөй,
Эр Кыязга тийгин сен!
Эр Кыязга тийбесең,
Тал талынан бөлүнөт
Олондой кара чачыңыз,
Кесилет бүгүн башыңыз!
Айткан тилди алыңыз,
Жедигер каны Кыязга
Байбиче болуп барыңыз!.
Берен жеңен Айчүрөк
Акырын сүйлөп, бек таштайт,
Эр Кыяз менен Чоронун
Бул экөөнө кеп баштайт:
– Кузгундан туулган Кыязга,
Курдаш деп кантип тиемин?
Төшүмдү кантип ачтырам?
Төшөгүм кантип бастырам?
Кыязга кантип барайын?
Бегиңе бейпай баштапсың,

Бек Ала-Тоо, аз кыргыз
Жергеңди каран таштапсың! –
Күйүп-жанып Айчүрөк
Опсуз болот зулпукор,
Кындан суруп аларда,
Кыя шилтеп саларда,
Бадиректи соёрдо,
Өрөпкүгөн чорону
Өлүк кылып коёрдо,
Кыяздын ыктуу балбаны,
Колу-бутун байлады.
Жулуп-үзүп чыга алгыс,
Торго кетти Айчүрөк,
Жедигер ээси Кыязга
Зорго кетти Айчүрөк.
Айчүрөктү эр Кыяз –
Нике кыйып аларда,
Ага-тууган молдолор
Кан сарайга барарда,
Көп ойлонуп эр Кыяз
Сабыр кылып карманды,
Чүрөккө айтты арманды:
– Эрешен тартып эр болуп,
Эр уулу менен тең болуп,
Ордо күтүп, кан болуп,
Орунтуктуу жан болуп,
Өзүм Кыяз болгону,
Кыяз аткаконгону,
Айкырып жоого тийгени,
Алчайып атка мингени,
Жапааны жакшы салгамын,
Жанаалы кызы Жайнеке,
Күнжү кызы Каракөз
Бул – экөөнү алгамын.
Зарып кылдым азыкка,
Азар түмөн малымды,
Кырдырдым кыйла барымды.
Найза кармап, топ бузуп,
Эренден канча окко учуп,
Каалап алган катыным,
Солбуп чачын тарабай,
Мурутум буурул болгуча,
Согончогу канабай,
Аркайып тоодон кар кетип,
Ай бөксөрүп күн өтүп,
Турбай көңүл бөлгөмүн,
Бала деп какшап жүргөмүн.
Ишенгин менин сөзүмө,
Периштедей көрүндүң,
Айчүрөк, менин көзүмө.
Балалуу болом эми деп
Кайратты бердим өзүмө»,–
Деп муңканды кан Кыяз.
Чүрөктү Кыяз алды деп
Никесин кыйып салды деп
Жедигерге дуу болду
Көк асман жарган чуу болду.

## АЙЧҮРӨКТҮН ТОЛГООСУ

Чүрөктү Кыяз алганда,
Таласка талоон салганда,
Акундун кызы бейтаалай,
Өлөмүн деген оюнда,
Өлбөй тирүү калганы,
Семетейден бар экен,
Үч айлык бала боюнда.
- Кайрандан калган туяк жок,
Ушундай караан дүйнө шок.
Олжо кылып бул башты,

Күчөгөн Кыяз алсын деп,
Эр туткасы эрендин,
Эл баштаган берендин
Артына тукум калсын деп
Акылман жеңең Айчүрөк
Аргасыздан жүрчү экен.
Кеч кирип, күн батканда,
Калк уктап, дымып жатканда,
Арка чачын өрчү экен,
Зор Кыяздын койнуна
Жанындагы нөөкөрүн
Өзү кылып кубултуп,
Жаткырып аны берчү экен.
Күндүзүндө Айчүрөк
Жан кубантып жалдаптыр,
Түн киргенде Кыязды
Көз боочу болуп алдаптыр.
Күн бөксөрүп ай өтүп,
Чүрөктү Кыяз алганга
Жети айга араң толуптур.
Ич жетилип, күн бүтүп,
Тогуз ай болуп, күн өтүп,
Айдай катын Чүрөккө
Толгоо жеткен минетип.
Жуманын кадыр түнүндө
Толук толгоо жетиптир.
Таң кашкайып сүргөндө,
Таң супасы бүлбүлдөп,
Жерге жарык тийгенде,
«Баа» – деп бала бакырды,
Айдай катын Айчүрөк
Баласын көрүп кубанды.
«Маңдайга сайган желек деп,
Баатырдан калган белек деп,
Туу казына чунак» деп,
Кубангандан Айчүрөк
Ыраазы болуп болкулдап,
Сүйүнгөндөн солкулдап,
Төрөлгөндө бул бала,
Баладан башка көрүнүп,
Аркасында кара жал.
Эки айрылып төгүлүп.
Ойрону көкжал шеринин
Дал эле бала өзүндөй,
Тиктесе жүрөк жангандай,
Көрсө суусун кангандай,
Кабылан көк жал баатырдын
Оозунан түшө калгандай.
– Күндөлүк күйүт жоголсо,
Аман болуп чоңойсо,
Эрешен тартып эр болуп,
Эр уулу менен тең болуп,
Жетим жүрүп жетилип,
Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас,
Жерин табар бекен деп,
Жыргалдуу аргын, көп кыргыз,
Элин табар бекен деп,
Ар кыядан таянган
Көчүн алар бекен деп,
Канчоро менен Кыяздан,
Аман болсо бу балам,
Өчүн алар бекен деп.
Жаман катын бириндей
Боздой берип нетейин,
Андан көрө Кыязга
Ачыгын айтып берейин.
Эркек төрөп алдым деп,
Агыштын уулу Кыязга
Баланы алып барайын.
Семетейдин уулу деп

Ачыгын айтып салайын.
Бек бекитип жанымды
Жалгызымды багайын,–
Деп ошентип Айчүрөк
Киндигин кесип уулунун
Ак көйнөккө салды эми,
Аныктап ороп алды эми.
Агыштын уулу Кыязга
Баласын алып барды эми.
Болгон ишти болгондой
Кыязга айтып салды эми.
– Сен Таласка барганда,
Канчоро менен биригип,
Эл-журтка жаңжал салганда.
Семетейдин канынан
Бүтүп калган боюма.
Кулак салбай сөзүмө,
Байлап, матап, зордуктап.
Алып кеттиң өзүңө.
Мынакей балам туулду,
Кудайым берди уулду,
Күнүлөп мени ыйлатпа,
Сай сөөгүмдү сыздатпа,
Уулум менен кетиргин
Ушул түнү Таласка!
Укпасаң, Кыяз, сөзүмдү
Күм-жам кылам бул түнү
Балам менен өзүмдү! –
Деп Айчүрөк ыйлады,
Бул сөздү угуп эр Кыяз
Жаныңдай көргөн зайыбын
Жамандыкка кыйбады.
Жедигердин эр Кыяз
Желиккен жакшы жан экен
Аңгир кыял, ак көңүл
Көөдөктүгү бар экен.
– Айланайын Чүрөгүм,
Чындыкты качан айтат деп
Өзүм да күтүп жүргөмүн.
Акыйкаттын алдында
Күнөөлүмүн, сүйгөнүм,
Семетейди эстесем,
Кансырайт менин жүрөгүм...
Сен төрөгөн баланы
Өз уулумдай сүйөмүн.
Баланы ара туудум деп,
Катындарга айта бер.
Мураскор тууп берди деп,
Урматтайт сени жедигер! –
Деп ошентип эр Кыяз
Чүрөктүн башын сылады,
Бактылуу катын Айчүрөк
Сүйүнгөндөн ыйлады.
– Андай болсо, өзүңүз
Балага тумар тагыңыз,
Катыным уул тууду деп,
Берениm Кыяз, багыңыз!
Мураага келген балаңды
Өз бала кылып алыңыз!
Жети-Өзөн экен жериңиз,
Жети-Өзөндү жердеген
Жедигер экен элиниз.
Кеңиптир чапкан жолуңуз,
Аман бала чоңойсо,
Ааламга жетер колуңуз.
Дурустап жакшы санааңы,
Багыңыз каным, балаңы!
Баланы алып колуна,
Айтып турду кан Кыяз:
– Айдай катын Чүрөгүм,

Көөдөндө ысык жүрөгүм.
Алда таала кудайдан.
Ушундай бат тилегим.
Перизаада, белегим,
Таптың артык санаамды.
Таап бердиң, кургурум,
Намызды жабар баламды.
Ак сакалдуу карганга,
Көп узап жашап барганга.
Аңгеме оюн саламын,
Ат койдуруп аламын!
Жентек той берип саламын!
Деп ошентип эр Кыяз
Жасоолдорун чакырды.
– Каныбыздын зайыбы
Мураскор тууп берди! – деп
Мунарадан жарчылар
Тушө-тушту карап бакырды.
Сүйүнчүлөп эл-журтту,
Бешик тойго чакырды.
Жадырап келип тоюна
Калың кара жедигер
Балага ат табалбай,
Билген атын айталбай.
Ойлосо кыйын иш болду,
Күн чекеде түш болду.
Толукшуп күн толгондо,
Жан-жаныбар акактап,
Көлөкөдө болгондо,
Селдеси бар казандай,
Кыйкырса үнү азандай.
Асаба таяк колунда
Басып келди дубана
Анык кызыр өзү экен.
Баланын атын коюуга,
Атайын келген кези экен.
«Аты Сейтек болсун!» – деп.
Айтып салды дубана.
Кош алакан жайганда,
«Оомийин!» – деди бардык эл.
Аты Сейтек болду – деп,
Кызыр чалып баланы,
Атын өзү койду» – деп,
Калың кара жедигер
Баланын тоюн жеп кетти,
«Аман болсо, бу бала
Ааламга татыр» – деп кетти.

Айдай катын Айчүрөк
Аты Сейтек баланы
Мойнуна тумар тактырып,
Алдейлетип бактырып
Кир аяктан ичирбей,
Кирдүү кийим кийгизбей,
Канаттууга кактырбай,
Камчылууга чаптырбай,
Жетимдигин билгизбей,
Жедигер тилин тийгизбей,
Боз ала туйгун болпоң деп,
Көк жалдан калган чолпон деп,
Тулпардан калган туяк деп,
Белестен аккан булак деп,
Бегимден калган чунак деп,
Алпештеп бакты баланы.
Казыдан кесип жедирди,
Кыяздын уулу дедирди.
Жаш Сейтегин түнөтүп,
Эрдикке салып кан Кыяз

Алпештеп багып баланы,
Эрешен тарткан эр кылды,
Эр уулу менен тең кылды.
Тилегин кудай бериптир,
Он үчкө бала келиптир.
Эрге ылайык, көзү тик,
Көрсөң, бала чиркиндин
Көп адамдан сөзү тик,
Азган-тозгон элине
Бел болору көрүндү.
Бет алса жоону сүргүдөй
Шер болору көрүндү.

* * *

Аны мындай таштайлы,
Армандуу болгон Күлчоро,
Ошондон кабар баштайлы.
Оң далысын ойдуруп,
Онтоп жүрдү Күлчоро
Сол далысын сойдуруп,
Шордоп жүрдү Күлчоро:
– Капчыгай элем, жол болдум!
Айкөл шерден айрылып,
Артыкча жаман кор болдум!
Көргөн күнүм калың шор,
Чырмады бекем мени тор,–
Деп ошентип Күлчоро,
Агарып өңү суюлду,
Эки беттен аккан жаш
Акырек ылдый куюлду.
Келгендерден кеп укту,
Он экиде Сейтекти
Семетей уулу деп укту.
Жетим, жесир, мискинге,
Коргон чыкты деп укту.

Өлөйүн деп жүргөндө
Кетейин деп арынан,
Кайрат кылып жүргөнү,
Кенедей Сейтек барынан.
Семетей уулу Сейтекти
Эрешен тартып эр кылып,
Эр уулу менен тең кылып,
Белиме таңуу кылсам деп,
Кагыша кетип Кыязга
Калайманды салсам деп,
Төрө бейил Канчоро
Төбөсүнөн бассам деп,
Төбөңдөн тийген чочконун
Төрт түлүгүн чачсам деп.
Күнүгө карап талааны,
Сагынган экен Күлчоро
Көрүүгө Сейтек баланы.
«Көк жал эрдин белеги,
Сейтегимди көрсөм деп,
Андан кийин курган жан,
Каза жетсе өлсөм», – деп.
Кайгыдан чоро сабылып,
Күйүп, жанып, камыгып,
Таң кашкайып сүргөндө,
Жерге жарык киргенде,
Жылкычы башы жыластан,
Мөөнөт сурап сабылып,
Канга ийилбес шер чоро,
Салам айтып бүгүлүп,
Карагулдун алдында
Турган экен жүгүнүп:
– Салоом да, салоом алейкум,
Санжыргалуу, кан аба!
Кулуң айтат бир сөздү
Кулагың салып көр, аба,

Эчки тонум этимде,
Жаргак шым, чокой бутумда,
Кементай кетти бөлүнүп,
Эңкейсем этим көрүнүп,
Кан үйүнө баруууга
Кийим кийип, аш ичип,
Жан кубанып калуууга.
Жети күн мизат бериңиз?
Ак болот элем мокодум,
Эрлик-керлик чак кетти,
Өлө турган тап жетти.
Сөөгүм калды шалдырап,
Көзүм калды жалдырап.
Баатыр да элек, шер да элек,
Кыргызга кызыл туу элек,
Душманга ызы-чуу элек.
Чама чарчап, кан кетти,
Мен байкуштан ал кетти.
Чачып салчу чама жок,
Чалыша кетер дарман жок,
Мусапыр болду иниңиз,
Баатырдыгың чын болсо,
Бир жылкы күчүн бериңиз,
Кан-Сарайга барайын
Кийим сурап алайын!
Мындай кепти укканда,
Кайраты бар Карагул:
– Барсаң, кулум, барып кел,
Белги деп белек алып кел,
Үмүт кылсаң жаныңдан,
Жети күндөн калбай кел!
Кабыландын Бозбайтал,
Минем десең мына бул,–
Деп ошентти Карагул.
Мына ошондо Күлчоро
Боз байталды камчылап
Аябастан жол жүрүп,
Адыр-будур белди ашып,
Адырмак ашуу жерди ашып,
Жети-Өзөндүн боюнда,
Дарбазалуу коргонго,
Кан Кыяздын ордого,
Барып жетип калды эле.
Кол куушуруп камыгып,
Агыштын уулу Кыязга
Салам берип барды эле!
Кыяз турду күүлөнүп:
– Ажалы жеткен бу кулдун
Азыр башын алайын,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарайын! –
Деп ошентип эр Кыяз.
Кара жаак айбалта
Кармай калып имерди,
Шай колдогон чорону
Жыга чаап жиберди.
Артык Кыяз чапканда
Алдан тайып алсырап,
Жыгылды, чоро кансырап.
Эми айбатын саларда,
Эстен кеткен чоронун
Башын кесип аларда,
Айчүрөк жетти жүгүрүп.
Тизеси жерге бүгүлүп,
Белгилүү Чүрөк жеңең ай,
Берендигин билгизди,
Ажыратып Кыяздан
Айласы кеткен чорону,
Ак ордого киргизди.
Күйүп, бышып Айчүрөк.

Күлчорону күч кеткен,
Шакар менен жуудурду.
Жарадар болгон далыга
Кайнатма даары куйдурду.
Кыйналган байкуш чоронун
Ооруган жери басылды,
Умачтай көзү ачылды.
Араң жан келген чорого
Кийим-кече кийгизди.
Мына ошондо Күлчоро,
Ордуна келип оңолуп,
Жеңесине кеп айтат
Кеп айтканда деп айтат:
– Ук Айчүрөк, муңумду,
Өз көзүм менен көрөйүн,
Боорума басып өбөйүн,
Алып келчи уулуңду!
Эрен болсо, жалгызың
Белиме таңуу кылайын,
Экөөлөп барып Таласка
Канчоро жинин кагайын.
Кайран энем Каныкей,
Картайганда энеме,
Баатыр Бакай – экөөнө
Садага кылып чабайын.
Кашайта көзүн оёюн
Тагына басып соёюн! –
Деп ошентип Күлчоро,
Айтып оозун жыйгыча,
Ачып көзүн жумганча
Уз Айчүрөк жеңеси
Элпек басып керилип,
Эптүүлүгү билинип,
Атасы көк жал баатырдан
Артта калган чунакты,
Бат келсин деп чакыртты.
Манастын уулу баатырга,
Кулагына кулагын,
Куюп койгон немедей,
Мурунуна мурунун
Кыйып койгон немедей.
Күлчоронун ошондо
Акылы айран бөлүндү.
Абасы көк жал Семетей
Дал өзүндөй көрүндү.
Күлчоро күйбөй турабы
Баланы баса кулады:
– Баатырдан калган белегим,
Төрөмдөн калган желегим!
Белекке калган каралдым.
Качан көрөм деп жүрдүм!
Беренден калган чунагым,
Кол байланып, көз жайнап
Тордо болуп калгамын.
Кайрылып адам чыга алгыс.
Ордо болуп калгамын.
Уу ачытып күбүмө,
Канчоро жетти түбүмө.
Арагын ичип кутуруп,
Абамды сойду жутунуп!
Күлчоро кебин укканда,
Эркелеп өскөн Сейтектин
Көңүлү абдан бөлүндү,
Көзүнөн жашы төгүлдү:
– Жети-Өзөн мага жер эмес,
Жедигер мага эл эмес,
Не айтпады, энекем,
Күйүшө турган тууганды!
Талас кайда, жер кайда,
Таласта кыргыз эл кайда?

Манастын уулу Семетей
Атаң болот деп уккам.
Кең колоттуу Ала-Тоо
Жериң болот деп уккам.
Аргын, кыргыз көп уруу
Элиң болот деп уккам.
Шер Күлчоро абакем,
Бүгүн көрдүм көзүңдү,
Арманым жок кудайга,
Ата кылам өзүңдү,
Билбегенди билгиздиң.
Он үчтөгү эр Сейтек,
Комокойлуу Сырнайза,
Коройтуп колго алды эми,
Алтын жаак Айбалта
Ач билекке чалды эми.
Сейтек менен Күлчоро.
Жылкыга жетип барды эми,
Жылкычы башы Карагул
Күлчорону көргөндө,
Ач бөрүдөй жутунду.
– Байтал кармап күч берсе,
Барбайганын карачы,
Бат кел десем кечигип,
Алдаганын карачы!
Күлчорону кармап бул,
Баарылап жинин каккыла!
Укурук салып, токмоктоп,
Бир эсебин тапкыла!
Какылдаган Карагул
Кара боолуу укурук,
Кармап колго түкүрүп,
Айгырын минип калдактап,
Качырып калды дардактап.
Бул кордукту көргөндө
Семетей уулу эр Сейтек
Өрттөй көзү жайнады,
Кылычын алып колуна
Карагулду качырды.
Карагул аны көргөндө,
Жүрөгү түшүп бакырды.
Таласты көздөй дыр койду.
Жылкычы күлүп дуу болду
Асман жарган чуу болду.
Ошондо Сейтек кеп салды.
Кеп салганда деп салды:
– Дарманың кирди, кан абам,
Байыркы күчкө салыңыз!
Кармашар жооң Канчоро
Кара тоо сеңирдей
Чыңоолу кызыл темирдей.
Чамасы кетип Күлчоро,
Кең-Колдон чапса көчүңдү,
Келберсиген арамдан
Ушинтип алгын өчүңдү! –
Деп ошентип жаш Сейтек,
Токсон катар кетменди
Катар коюп берди эми,
Эрдигин сынап турду эми.
А кетменди атууга
Шай колдогон Гүлчоро
Чаманы чактап көрүүгө,
Жаасын кармап камынды,
Агасы Манас көк жалдын
Арбагына жалынды.
Талыбай жааны тартты эле,
Кетменди чоро атты эле,
Токсон катар кетменден
Токтолбостон өтүптүр,
Кетменден өтүп, жаа огу

Катар жерге жетиптир.
Муну көзү көргөндө
Баабединге бата айтып,
Атасы кандын жолуна
Ай туякты бат айтып.
Кубанып чоро сүйүндү:
– Илгерки аткан кетмендин
Сексенннен өтчү эле.
Андагыдан бу кезде,
Өөдө болгон экемин.
Жетимим келип жетилип,
Толуп калган экемин.
Деп ошентип Күлчоро
Башынан кордук жоголду,
Баатырдын иши оңолду.

## КЫЯЗДЫН ТООТОРУДАН АЖЫРАГАНЫ

Ошо кезде Айчүрөк
Арка чачы самсаалап.
Кыялы башка кыйгачтап,
Күлүп сүйлөп, «төрөм» деп.
Кыязга айтып турду эми:
– Баатыр болсоң, шер болсоң,
Берен Кыяз сен болсоң,
Айтканым мындай билип ал,
Көк жал Кыяз, тилимди ал!
Жанагы турган жаш Сейтек
Эсеби түмөн жылкыга
Барып көрүп келүүгө,
Көп болду малга кеткени
Өзөндөн аккан булакка,
Өзүм барып келейин.
Тоотору атты бериңиз!
Толуктап, тондон киейин.
Тоотору минейин!
Кайгуулга кеткен Сейтектин
Кайда экенин билейин!
– Эсепсиз тулпар – Тоотору
Катын минбес мал эле,
Кайыптыгы бар эле.
Тоотору берейин,
Айдай катын Айчүрөк
Саламат барып, сак келгин,
Сагындырбай бат келгин!
Кудайдан тилеп Сейтекти,
Курдашым сенден көргөмүн.
Оозумду ачып өпкөнүм,
Көзүмдү ачып көргөнүм,
Саламат барып, сак келгин,
Сагындырбай бат келгин!
Эсен барып, соо келгин,
Эриктирбей бат келгин!
Жеткилең балам Сейтегим,
Таласка кетип калбасын!
Кулдун тилин албасын,
Жети күндөн калбасын!
Жети күндөн кечикпей
Келсин уулум өзүмө,
Көрүнсүн менин көзүмө!
Көңүлдө далай бушман бар
Көрө албаган душман бар,
Кадуусу бийик тоо да көп,
Касташа кетчү жоо да көп.
Кежир тартып кечигип,
Көп мушкүлгө салбасын!
Жылкыга балаң барганда
Алдап койсо жылкычы,
Малды кырып албасын!

Өзөнгө чыгат байтерек,
Өлгөндө да мал керек.
Тикенден өнөт байтерек,
Тирүүгө да мал керек... –
Кан Кыяз айтып канча кеп,
Жибербеске чара жок,
Баланын жолун тосууга
Бу Кыязда айла жок,
Күлүмүш болот күпүлдөп,
Чүрөктөн коркуп эр Кыяз
Сүйлөмүш болот дүпүлдөп.
Чылгый ичи өрт болуп,
Чындап каршы боло албай,
Калды Кыяз – оңшоюп,
Деп ошентип эр Кыяз
Сүйгөн жары Чүрөктүн
Көөнүн кайра кайтарбай.
Ок өтпөгөн болумдуу
Көк күбөнү кийгизди.
Ок жетпеген жаныбар –
Тооторуну мингизди.

## КЫЯЗДЫН ӨЛҮМҮ

Таң кашкайып сүргөндө,
Асмандан жылдыз жоголуп,
Жерге жарык тийгенде,
Турган экен зор Кыяз
Уйкудан чочуп ойгонуп.
Кылкүрөңүн токунуп,
Кызталак жандан чочунуп,
Түрүн бузду бакырып,
Калың кара жедигер
Элдин баарын чакырып.
– Акундун кызы Чүрөктүн
Кеткени жети күн болду,
Берген жок мага бир кабар
Ойкуштаган катындын
Алдап кеткен түрү бар.
Кармап жинин какпасам,
Эсебин анын таппасам.
Эр алдаган капырга,
Алдастаган катынга,
Өзүм жеке барбасам,
Акыр-такыр мүшкүлдү
Ал катынга салбасам!
Сулуу катын Чүрөккө
Бирөө жетип азгырып,
Суук колун салгандыр,
Көркөмдүү катын Чүрөктүн,
Койнуна жатып алгандыр! –
Кыялы кызып кан Кыяз,
Кылым журтка чыр баштап,
Өпкөсү көөп жээликти,
Карманалбай ээликти.
Кара-Кашат тоосуна,
Кароол-Таштын боюна,
Чыгып Кыяз караса,
Көктөн түтүн бөлүнөт.
А түтүндүн алдынан,
Агарып чатыр көрүнөт.
Жезнай үнү такылдап,
Керней-сурнай бапылдап,
Келип оюн салган бейм?
Айдай катын Чүрөктү
Катын кылып алган бейм?
Алдап Чүрөк бейбактын
Кумарына баткан бейм?
Бул күйүттү тартканча
Тирүү жүрбөй өлөйүн,

Туулбай туна чөгөйүн! –
Каардуу Кыяз катуу шер,
Жаткан дөбөт каштанып,
Түлөгөн жору баштанып.
Оңдоп кармап найза алып,
Куйка чачы үксөйүп,
Алгыр кара бүркүттөй,
Кайран Кыяз сүксөйүп,
Тозоңун тоодой уратып,
Кылкүрөң менен чуратып,
Кайкы кашат, таш майдан,
Эр Кыяз чыга келди эле.
Кысык жолдун урчукта,
Чылбырдан алчу тумшукта
Караса көңүл бөлүндү,
Күлчоро көзгө көрүндү.
Күлчорону көргөндө
Азыр кайсап салуучу
Түрү келди Кыяздын,
Кара жаак булдурсун
Кармай калып имерди,
Кайып сындуу Кылкүрөң
Такымга салып жиберди.
Кыйкырып найза сунду эми,
Найза менен урарда,
Адис болгон Күлчоро,
Ашкере сунган найзанын
Ортосунан чапты эми.
Ат үстүндө Кыяздын
Үзөнгүдөн бут тайды,
Ээрден арты кылтайды,
Ыйык жалдан ала албай,
Кайра бутту салалбай
Жорудай учуп, далдайды,
Мына ошондо Күлчоро
Жүйөөсү менен жеме айтты,
Жеме айтканда деп айтты:
– Оң далым оюп кул кылган,
Ордолуумду бул кылган,
Шерим Кыяз сенсинби?!
Абамды көздөн жоготкон
Мыкаачы Кыяз сенсиңби?!
Кыйлага кыргын баштаган,
Таласты элсиз таштаган,
Күнүмдү кара түн кылып.
Койгон, Кыяз, сенсиңби?! –
Ошентип чоро бакырып,
«Манастап» ураан чакырып,
Бет алышып турушту.
Былчылдашып урушту.
Кылыч менен салышты,
Кылыч кыйрап сынганда,
Айбалта менен салышты,
Балбандардай чалышып.
Жөө кармашты салышты.
Дөбө кулап, түз болду.
Кашат кулап, сай толду.
Өнгөн чынар, чырпык, таш
Тебелеп такыр жулуптур,
Зор Кыяздын айласы
Биротоло куруптур.
Мына ошондо Күлчоро
Жыкпай туруп жыластын
Башын кесип алыптыр...

## СЕЙТЕКТИН ТАЛАСКА КЕЛГЕНИ

Берендин уулу эр Сейтек,
Баарланып сабылды,
Айчүрөк менен Күлчоро

Экөөнө бирдей таарынды:
– Бугулуу Талас, бул Кең-Кол,
Жерде өскөн эл кайда?
Кара мүртөз Канчоро
Пайгамбардай Бакайга
Каарын төгүп кордуктап,
Каарлап сабап зордуктап,
Шумдук кылды деп угам.
Таласка талоон койгондо,
Далайыңды сойгондо,
Бел байлаган бел кетип,
Белгилүү тутка шер кетип,
Журт чуркурап, бөлүнүп,
Эрендин каны төгүлүп,
Кыйындын баары байланып,
Кыз олжого айдалып,
Куруп турган кезекте,
Жанды кыйып өлүмгө
Барбай келген экенсиң,
Каныкей энем, Бакайды,
Тирүү таштап душманга
Албай келген экенсиң!
Кетем Талас жериме,
Калың кыргыз элиме,—
Баатыр Сейтек муну айтып
Элин көздөй бет алып,
Кетмек болду Таласка.
Берен Сейтек камынып,
Кара көздөн жаш кетип,
Айчүрөк келди жалынып:
– Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас,
Жериңе кетип барасың.
Бабаң Бакай карынын
Дайынын таап бара кел,
Чоң энекең Каныкей
Чоң олуя киши эле,
Амандашып, барып кел!
Адамдан артык мекенди,
Таштап салсаң, жаман ат,
Берен уулум, угуп ал,
Энекем саа аманат!
Саламат барып, сак келгин,
Шордуу энең байкушту,
Сагындырбай бат келгин!
– Кокуй, энем, не дейсиң?
Эрен шердин тукуму
Элин таппай тынабы?
Кулаалы учат жерине,
Тентиген келет элине,
Аска тоо, күдүр белиме,
Самадым жетем элиме, –
Деп ошентип эр Сейтек
Айчыгы алтын туу кылып,
Ок өтпөгөн тон кийип,
Ок жетпес күлүк ат минип,
Кылкүрөңдүн куйругун
Кыйгачынан бир түйүп,
Чоң атасы Манаска,
Элкин Кең-Кол, Таласка,
Жерине кетти эр Сейтек,

## СЕЙТЕКТИН ЧОҢ ЭНЕСИ МЕНЕН ЖОЛУГУШКАНЫ

Чын кырчындын оюна,
Чоң чынардын боюна,
Жакын жетип келгенде,
Бет алдынан буркурап,
Боздоп чыкты Бозинген,
Баатырдан калган төө экен.

Жыл он алты болгуча
Бөгүп калган кези экен,
Көздүн жашын иргелтип,
Төгүп турган кези экен.
Как чынардын өзүнө
Сейтек жетип барганда
Көңүлү жаман бөлүндү,
Күндүк менен күн көргөн
Кара кемпир көрүндү.
Торпоктор кетет сайгактап,
Сүйрөлүп кемпир чыркырап,
Таманы ташка быркырап,
Торпоктор токтой калганда,
Арманын айтып чыркырап,
Боздоду кемпир буркурап:
– Саамай чачым агында,
Сапарым жакын барында.
Кордук көрүп артылдым,
Адам эмес, шордуу баш
Айбанга көкбөр тартылдым.
Өлөйүн деп өлө албайм,
Өлчөөсү кеткен өлүмгө
Өзүм басып баралбайм,
Эр Манастын тулумун
Канчоронун кулумун.
Элин коргоп мерт болгон
Жалгыз уулум Семетей:
Адамдан артык көрүнөт,
Өзүмө сенин келбетиң.
Өзүң кимсиң, садага,
Айтып койчу сен мага,–
Деп жалынды Каныкей.
– Кагылайын энеке,
Кудайым берген берекем!
Эрешен тартып эр болгон,
Семетейдин жалгызы
Неберең Сейтек мен болом! –
Муну укканда Каныкей
Чымындай жаны чыркырап,
Ыйлады байкуш буркурап.
Энеси менен баласы
Айталаадан кезигип,
Муңдашты боору эзилип...
Бир аздан соң Күлчоро
Шай колдогон шер чоро,
Чын тилегин жараткан
Эр Сейтектин артынан
Чүрөк менен Таласка
Келип калган кези экен.
Айчүрөктү көргөндө,
Кайран жеңең Каныкей
«Чүрөгүм!» – деп чыркырап,
Алдынан чыкты буркурап.
Каныкейди көргөндө
Айчүрөк чыкты сабылып,
Энекелеп жалынып:
– Колдо болот жарагым.
Айланайын шордуу энем,
Аскар тоодой карааным!
Деп боздоду Айчүрөк.
Эне, бала кезигип,
Кошулуп ыйлап турганда,
Караган калың эл ыйлап,
Катуу кара жер ыйлап,
Жыгач боздоп, тал ыйлап,
Көргөн жандын баары ыйлап.
Эне, бала кошулуп,
Кайгылары басылды,

Капалары чачылды.
Үзүлгөнү уланып,
Жоголгону табылып,
Ай кабагы ачылды,
Калың аргын, көп кыргыз,
Күлчоро  баатыр келди деп,
Эки тизгин, бир чылбыр,
Алчу Сейтек келди деп,
Эл кыңырын түз жолго
Салчу көк жал келди,– деп,
Калк чуркурап, журт дүрбөп
Калың журт кайнап топурап,
Асманга учту топурак.
Кара-Буура, Чаткалга,
Там көтөрүп алсак деп,
Каарлуу кулду жоготуп,
Семетей уулу Сейтекти
Кан көтөрүп алсак деп.
– Канчоро чочко турганда
Кыргыздын иши оңолбойт! –
Деп зарланып артыкча
Уламалуу кары айтты,
Запкы көрүп кыйналган
Талас журттун баары айтты.
Канчоро деген бузукту
Арадан кууп жоготуп,
Каргыштап катуу салалы,
Семетей уулу Сейтекти
Кең Таластын өзүнө
Кан көтөрүп алалы!

## КАНЧОРОНУН ӨЛҮМҮ

Акыл козгоп, кеп ойлоп,
Ар санааны бек ойлоп,
Күчүнө келген Күлчоро
Кылычын кыя байлады,
Жай жарагын жайлады,
Агасы кан Канчоро,
Элдештикке келишсе,
Салам айтып барууга,
Кайрадан тууган болууга,
Бир тууган болуп калууга,
Жылгындуу Кең-Кол, Таласты,
Кайрылып өрдөп конууга,
Түндүгү алтын, эшик жез,
Канчоро кандын ордого
Күлчоро барды жүгүнүп,
Тизеси жерге бүгүлүп,
Канчоро канды караса,
Жумулган көзү ачылбайт,
Сунулган буту тартылбайт,
Чорого көөнүн түк бурбайт.
Зың-зың этип кенебейт,
Аргын, кыргыз, эл журтун
Келберсиген Канчоро
Бучкагына теңебейт.
Үмүтүн үзбөй Күлчоро,
Канына кепти салды эми:
– Салоомдон салоом алейкум,
Санжыргалуу Канчоро,
Күлчоро келди сабылып,
Мойнуна бурчак салынып.
Адырмак зеңгел кыялаш,

Жаныбыз бирге уялаш,
Акылга келсең, абаке,
Кекти сууга салыңыз!
Келгенинде бир бооруң
Тууган кылып алыңыз!?
Айрылган баш жабылар,
Кол кыйраса таңылар,
Тууган кайдан табылар!
Канчоро аба, тилимди ал!
Асмандагы жылдыздай
Эриктеше кетели,
Агарган таңдын бозундай
Бириктеше кетели.
Мурунку кекти талкалап
Түбү жок сууга салалы.
Баатыр аба, тилимди ал
Тууган болуп алалы!
Ойлон аба сөзүмдү,
Караан кылам өзүңдү!
Айтканым артык билип ал,
Асыл абам, тилим ал.
Ырыс алды – ынтымак,
Бирдикте болсок бир жерде
Катылып душман келеби?
Кунаның багып буудан кыл,
Мойнуна курун салынып,
Иниң келди жалынып,
Бул сөзүм айтып Күлчоро,
Чөгүлүп карап турду эле.
Кара мүртөз Канчоро
Каарланып күүлөндү,
Күлчорого сүйлөндү:
– Кутурган куйту арсыз кул,
Көрүнбөй жогол көзүмө,
Издебе ажал өзүңө!
Жетик буйрук бир кылсам,
Жеке туруп нетесиң?
Бир заматта арсыз кул
Жерге кирип кетесиң! –
Жинденип катуу күүлөнүп,
Канчоро турду сүйлөнүп.
Алмамбет уулу Күлчоро,
Акырын сүйлөп, бек таштайт,
Албан түрлүү кеп баштайт:
– Ай, Канчоро, өзүңдү
Тууганым деп келгемин!
Семетей абам туягы,
Белекке калган чунагы,
Тоюна токсон союлган,
Аты Сейтек коюлган,
Иниңиз келди, көрүңүз!
Асыл абам жалгызы
Баанайың келди көрүңүз!
Акылман абам сен болсоң,
Корсоңдошпой, чырдашпай,
Кекти сууга саларсың!
Асылдан калган иниңди,
Тууган кылып аларсың! –
Деп ошентип Күлчоро
Күйүп айтып турганда,
Эрке катын Чачыкей
Алдынан чыкты булкунуп,
Каарын төгүп, жулкунуп:
– Арам аргын какшаалдын
Арсыздыгын карачы!
Атадан жетим бир болгон,
Тентиген кытай баласы!
Теги бузук, түбү арам,

Бул арамды карачы!
Тыйпыл союп какшаалды,
Тындым кылып таштабай,
Капырыңдын кеги бар!
Каралды кылган жери бар!
Күл Күлчоро барында,
Таласың сага жер болбойт!
Кыргыз сага эл болбойт.
Бул ордо сага так болбойт! –
Жаагын жанып Чачыкей
Ордодо турду күүлөнүп,
Канчорого сүйлөнүп.
Каныша буйрук бергиче.
Балбан каптап келгиче,
Шай колдогон Күлчоро
Кабыландай камынды,
Айтарга сөз табылды:
– Тууган деп келсем өзүңө,
Душманча мойнуң бурасың.
Жаныңа келсем ажылдап,
Балтырдан каап турасың!
Эсирипсиң, Чачыкей!
Эриң экөөң бир болгун! –
Ачууланып  Күлчоро
Какылдаган долуну,
Кара чачтан алды эми
Коломтодо тулгага,
Чабактай чаап салды эми...
Канчорону коколоп,
Жүрөктүн толто башына,
Актинтени салды эми!
Келберсиген Канчоро
Алтын тактан кулады,
Жер кучактап сулады.
Намыздуу шердин тукуму
Баабединден бата алып,
Арстан ата жолуна
Ай туяк деп аталып,
Калайыкты чакырып,
Ай маңдайы ачылып,
Эл чуркурап той кылып,
Канчородон кутулуп,
Жалпы журттун баарысы,
Улукмандын карысы,
Даанышманы, чечени,
Иш билгени, нечени,
Нур төгүлгөн ой кылды,
Кан болгон Сейтек баатырдын
Урматында той кылды.
Жылгындынын оюна,
Кең Таластын боюна,
Төрт-Күлдүн төмөн жагына,
Төрө Манас көк жалдын
Сайып кеткен багына,
Калк жыйылып келишти.
Курун селде чалынган,
Кудайым деп жалынган,
Ала-була тон кийген,
Албан түрдүү жан келди.
Бабасы Бакай карган чал,
Карыса да баркы бар,
Бу дүйнөдө жарыктык
Жоголбогон наркы бар.
Капанын баары чачылып,
Ай кабагы ачылып,
Кайра курап эл кылды.
Семетей уулу Сейтекке
Алтын таажы кийгизди,

Бүткүл кыргыз журтуна
Кан Сейтек деп билгизди!
Сейтек такка конгондо
Казына оозун ачтырды,
Жетим, жарды, тул катын,
Малы жок кедей бакырга
Сарып кылып чачтырды.
Начар менен мискинге
Арык менен карыпка
Кылча көрбөй дүйнөнү
Камчыга ченеп бөлдүрдү.
Акылман Бакай карыя
Кыбыланы бет алып,
Батасын берди Сейтекке:
– Көлөкөлөп эл жаткан
Какырга чыккан чынарым,
Кагылайын мунарым!
Садагаң, Сейтек, кулунум
Армандуу журтту азаптан
Ажыраткын бараанын,
Медер кылган карааным!
Алтын болсун көмүрүң,
Узун болсун өмүрүң!
Мингениң алтын так болсун,
Маңдайыңа бак консун!
Душман жолу тар болсун,
Койгулашсаң душманга,
Атаң Манас арбагы
Элиңе дайым жар болсун!
Сапар жүрсөң алыска,
Жол баабедин шай атаң,
Балам, сени колдосун!
Жолугушуп касташкан,
Душмандын жолу болбосун!
Касташкандын жолуна,
Кара таш тоодой үйүлсүн,
Атагың чыгып ааламга
Айкөлдүгүң билинсин!
Кара кылды как жарган
Калыс болгун калкыңа,
Үзүлгөндү улап бил,
Чачылган журтту жыйнап жүр,
Жергелеш болгон конушка,
Журтуңдун көөнүн оорутпа!
Акылман болсун чалдарың,
Кайраттуу болсун балдарың
Мээримдүү болсун энелер,
Ыймандуу болсун ар дайым
Кыргызда кыз-келиндер.
Жаман, жакшы өткөн иш,
Кайран журтум, кечип кой?!
Ала-Тоону жер кылган,
Азаматын эр кылган,
Ак калпактуу калың журт,
Кыйрың менен эсен бол!
Биз кеткенде сапарга
Арка болор Сейтек бар.
Үзүлүп кетсе улачу,
Чачылып кетсе жыйноочу,
Берен кутман эли бар.
Кыжылдаган жоо келсе
Жолотуп жоону киргизбей,
Кайып болгон биздердин,
Жогубузду билгизбей,
Канаттууга карыттырбай
Камчылууга чаптырбай,

Журтка балаа тарттырбай,
Баш-көз болор Сейтек бар.
Бел байлаган белиң бар,
Бекип жаткан кегиң бар.
Биздер кеттик сапарга,
Өлбөс, журтум, кошкула!
Бакай мындай деген соң,
Эл арасы дуу болду,
Асман жарган чуу болду.

* * *

Көбү жалган, көбү чын,
Ошол күндөн ушул күн
Көпчүлүктүн көөнү үчүн,
Айтарга жомок бай болуп,
Бабаңардын сапары,
Ааламга жетип атагы
«Байыркы Манас сөзү» – деп
Уккандын болуп арманы
Өчпөс сөз болуп калганы.

**Соңу.**

***Ташым Байжиев,  Зияш Бектенов***

# Манас
## насааты

Кыргыз элинин улуу эпосу боюнча окуу китеби
жаңыланып редакциялаган
Кыргыз эл жазуучусу **Мар Байжиев**

*Орто мектептер жана башка окуу жайлары үчүн*
*кошумча окуу куралы катары*
*Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим*
*Министрлиги бекиткен.*

# МАНАС

**(Жалпы маалымат)**

«Манас» – кыргыз элинин миң жылдар бою оозеки айтылып келе жаткан чыгармаларынын улуу мурасы.

«Манас» дастаны кылымдар бою кыргыздардын башынан өткөн тарыхый тагдырын, душмандарга көз карандылыктан кутулуу үчүн жүргүзгөн баатырдык күрөшүн, патриархалдык-уруу курулушунун тушундагы социалдык, уруучулдук карама-каршылыктарын сүрөттөйт. Эпосто Алтай, Батыш Кытай, Күнчыгыш, Түркстан жана Түштүк Азияны ичине алган кеңири аймактагы бир нече кылымдын ичинде болуп өткөн жомоктуу окуялар баяндалган. Көлөмүнүн зордугу жана көркөмдүк жагынан «Манас» үчилтиги гректердин «Илиада» менен «Одиссеясы», Ирандын «Шах-Намэси», армяндардын «Давид Сасунскийи», орус элинин »Илья Муромеци», финдердин «Калеваласы» өңдүү дүйнөлүк эпостордун катарында турат. «Манастын» үч бөлүгү биригип 500 миң ыр сап көлөмүндө. Сагынбай Орозбак уулунан жазылган «Манас» бөлүмү гана ирандын «Шах-Намэсинен» 4 эсе, гректин «Илиадасынан» 40 эсе чоң.

Кыргыз элинин өткөндөгү көчмөндүү турмушуна «Манас» жомогу өтө зор таасир берген, анткени – ондогон кылымдар бою кыргыз элинин айттырып угуп, таалим-тарбия ала турган адабияты да, көрүп көңүл ача турган театры да, музыкасы да «Манас» болгон.

Кыргыз эли «Манасты» миң жылдан ашык эстеринен чыгарбай оозеки сактап келген. Жазуу-сызуусуз жашаган эл үчүн эпос жазылбаган романдардын, летопистердин, тарыхый маалыматтардын, этнографиялык жыйнактардын милдетин да аткарган. «Манас» байыркы замандан сакталып калган зор маданий мурас.

XIX кылымдын орто ченинде казак окумуштуусу Ч.Валиханов «Манасты» – талаа «Илиадасы», «Семетейди» – буруттардын «Одиссеясы», - деп атаган. В.В.Радлов: «Манаста» элдин бүткүл турмушунун, бардык умтулушунун элеси көрүнөт», – деген.

---

Байжиев Т.И., Бектенов З. «Кыргыз адабияты» (фольклор), Фрунзе. 1949.

«Манас» эпосунун зор маанисин кыргыз окумуштуулары гана эмес, дүйнөдөгү бир катар ири окумуштуулар да белгилешкен. Маселен, атактуу монголовед, профессор В.Л. Котвич: «Кыргыздар баатыр Манас, анын уулу жана небереси жөнүндө дүйнөдө эң зор жомокту чыгарышып, аны элдин эсинде сактап келе жатышат»,– деген.

XX кылымдын ири фольклористтеринин бири профессор В.М. Жирмунский: «Кыргыз эпосу өзүнүн эбегейсиз зор көлөмү жагынан бизге маалым эпикалык эстеликтердин баарынан өйдө»,– деген.

## "МАНАС" ЭПОСУН ЖЫЙНОО ЖАНА ИЗИЛДӨӨ

«Манасты» жыйноо жана изилдөө маселеси XIX кылымдын орто ченинде башталып, аны эң биринчи жолу кагазга түшүргөн – Ч.Валиханов болгон. Ал «Көкөтөйдүн ашын» кара сөз менен жазып алып, орус тилине которуп бастырган. Ч.Валиханов «Жунгариянын очерктери» деген эмгегинде: «Манас» кыргыздын бардык мифтеринин, жөө жомокторунун, ылакаптарынын энциклопедиялык жыйнагы, булардын бардыгы бир гана мезгилде тушташтырылып жана бир гана адамдын – Манас баатырдын тегерегине жыйналган. Бул зор жомоктон кыргыздардын жашоосун, үрп-адаттарын, географиясын, диндик, медициналык түшүнүктөрүн жана эл аралык мамилелерин түшүнүүгө болот", – деген.

XIX кылымда атактуу окумуштуу академик В.Радлов «Манастын» мазмуну менен бүт таанышып, андан 2 миң сап ырды орус тамгасы менен кыргыз тилинде бастырып, немец тилине которуп чыгарган.

«Манас» кыргыз элинин оозеки чыгармаларынын улуу мурасы экендигин XIX кылымдагы айрым окумуштуулар белгилеп кетишсе да, аны жыйноо жана изилдөө иши революцияга чейин атайылап иштелген эмес.

1922-жыл менен 1926-жылдардын аралыгында атактуу жомокчу Сагынбай Орозбак уулунун оозунан жомоктун биринчи бөлүмү (Манастын туулганынан өлгөнүнө чейинки окуя) бүт жазылып алынган. Сагынбай жаздырган «Манас» (көлөмү 500 басма табак) көркөмдүгү жана окуяларынын толуктугу жагынан башка жомокчулардыкынан алда канча жогору турат.

1930–1947-жылдардын ичинде жомокчу Саякбай Каралаевдин оозунан «Манас», «Семетей», «Сейтек» бүт (1140 б.табак) жазылган. Анын ичинен 44 б.табагы Сейтектин баласы Кенен, Кенендин балдары – Алымсарык, Кулансарыктар жөнүндөгү окуя жана ушул эле убакыттардын ичинде Жакшылык, Шапак, Багыш, Тоголок Молдо ж.б. оозунан 9 түрдүү вариант (3000ден ашык б.табак) жазылып алынган. «Манастын» айрым окуялары жыйноо иши азыр да улантылып жатат.

## МАНАСЧЫ ЖОМОКЧУЛАР

«Манасты» аткаруучу эл ырчылары жомокчулар жана жамакчыырчылар делип эки түрдүү аталат.

«Манастын» мазмунун башка манасчылардан угуп, толук өздөштүргөндөн кийин, аны өзүнүн акындык чыгармачылыгы менен, мазмунун өндүрүп, өстүрүп, кошумчулап баштан аяк аткарган ири акындарды эл **«жомокчулар»** деп атаган. «Манастын» айрым окуяларын үйрөнүп алып, ага кошумча, алымча киргизбей аткарган акындарды **«жамакчы-ырчылар»** деп аташкан. Кээде жомокчуларды да, жамакчыларды да жалпы жонунан **«манасчылар»** деп коюшат.

Ири жомокчулар чыгармачылык кубаты күчтүү, таланттуу акындар болуп, «Манасты» өздөрүнө мүнөздүү болгон чыгармачылык ыкмага салып айтышкан. Ири жомокчулар илгертен бери айтылып келе жаткан (баатырлардын келбети, аттардын сыны, курал-жарактардын сүрөтү, согуш, ат чабыш ж.б. өңдүү) эпикалык даяр үзүндүлөрдү өзгөртпөй сактап, калган окуяларын угуучулардын таламына жана өзүнүн көркөмдүк кубатына жараша, узартып же кыскартып, өзгөртүүлөр менен айтышкан. Жомокчулардын бул өңдүү чыгармачылык демилгеси «Манастын» негизги окуяларынын бутактанышына, көлөмүнүн улам кеңип отурушуна себеп болгон.

«Манастын» негизги идеясы жана сюжеттик түзүлүшү бирдей болсо да, айрым манасчылардын айтуулары бири-биринен ажырап турат.

Маселен, Сагынбай Манасты «Чоң казаттан» кайткандан кийин Мекеге баргызат. Саякбай Манасты Мекеге баргызбайт. Сагынбай

көбүнчө турмушту, үрп-адатты, табияттын көрүнүшүн өтө көркөмдүү сүрөттөйт. Ал эми Саякбай көбүнчө жоокерлик согуштардын жүрүшүн мыкты айтат.

Ири жомокчулар «Манаска» өз доорунун саясый таламына, угуучуларынын суроолоруна, өздөрүнүн саясый көз караштарына, көркөмдүк түшүнүгүнө карай түрдүүчө жаңы окуялар, жаңы акылнасаат, географиялык жаңы терминдер, жаңы сөздөр ж.б. киргизип келген.

Демек, «Манас» дастанынын түзүлүшүндө, анын көлөмүнүн кеңейишине жана анын бир канча кылым бою сакталышында жомокчулардын чыгармачыл эмгеги зор.

Жамакчы аткаруучулар болсо эпостун өнүгүшүнө катышпай, үйрөнгөн айрым окуяларын гана айтып берүү менен чектелген. «Манастын» бардык окуяларына тегиз акындык иштеп чыгуу киргизүүгө эч бир дастанчынын өмүрү жетишкен эмес. Ар бир жомокчу элге кызыктуу «Чоң казат», «Көкөтөйдүн ашы», «Семетейдин Айчүрөктү алышы» өңдүү окуяларды көбүрөөк иштеп, эл алдында дайыма аткарышкан.

«Манасты» эң биринчи айткан жомокчунун аты белгисиз. Сагынбайдын айтуусунда гана: «Манасты» эң биринчи айткан – Жайсаң ырчы. Ал үйдүн жасалгасын эле жарым күнү ырдачу экен», – деген өңдүү маалыматты кезиктиребиз. Жайсаң Манастын тушунда жашаган имиш. Профессор М.Ауэзов Жайсаң ырчы - Ырамандын Ырчы уулу (Манастын кырк чоросунун бири), Жайсаң анын экинчи аты»,– деген пикирди айтат.

«Манастагы» окуяларды бир жомокко бириктирип, көркөмдөп иштеп чыккан мындан беш жүз жыл мурда жашаган Токтогул ырчы болгон деген да оозеки сөз бар, бирок андай ырчынын болгон - болбогонун аныктаган маалымат жок.

Бизге X1X кылымдын башында жашаган Келдибек жомокчудан берки үчилтикти толук айткан Балык, Тыныбек, Акылбек, Чоңбаш, Чоюке, Байжан, Сагымбай, Саякбай, Дыйканбай, Жакшылык, Шапак, Багыш, үзүндүлөп айткан Назар, Жаңыбай, Алмабек, Тоголок Молдо, Акмат, Молдобасан ж.б. өңдүү жамакчы-ырчылар белгилүү.

## ТҮШ КӨРҮҮ МАСЕЛЕСИ

Манасчы жомокчулардын көпчүлүгү дээрлик: «Түш көрдүк, түшүбүздө Манас «даарыды», ошондон кийин «Манасты» айта баштадык»,– деп айтышат.

Бардык манасчылардын көргөн түштөрү бирине бири окшош. Алардын көбү: «Түшүбүздө Манас, Каныкей, Бакай, Алмамбеттердин бирин же кырк чоросу менен чогуу көрдүк» – десе, кээси: «Түшүбүздө Семетейди, Күлчоро, Канчоролорду көрдүк. Мындан кийин бизди ыр кылып айтып жүр дешти. Түш көрүп айтпай койгон кишини Манас же Семетей майып кылып коет»,– дешет.

Чындыгында жомокчулардын түш жөнүндө айткандары чындыкка туура келбей турган сыяктуу. Кийинки кээ бир жомокчулар Келдибекке Манас түшүндө кезигип: «Келдибек, сага түнөп өттүк, сенден кийин Сагынбай деген чыгат, ага түштөнтүп өтөбүз. Тыныбек деген болот, ага жолуга кетебиз», – деген имиш. Бул сөздөр Келдибектин мыкты жомокчу экендигине элди ишендирүү үчүн айтылган уламыштар экени билинип турат. Ал тургай: "Келдибек Манасты айтып жатканда жер титиреп, катуу шамал болуп, талаада жүргөн малдар айдатпай короого келүүчү экен»,– дешет. Албетте, бул дагы көркөм апыртманын бир түрү – гипербола.

Келдибек өз өнөрүн, талантын түш көрүү менен түшүндүргөндүктөн, андан кийнки жомокчулар да анын «Манасын» айтууну гана мурас кылып калбастан, анын көргөн түшүн менчиктеп алышкан. Жүрө-жүрө манасчылар үчүн «түш көрдүм» – деп айтуу өзүнчө бир салтка айланган. Манасчы болууну эңсеп, бардык аракетин, кыялын «Манастын» сюжетин, ырын билүүгө жумшагандыктан жана түшкө өзү толук ишенгендиктен айрым манасчылар чынында эле ошондой түш көрүшү мүмкүн. Бирок, ал түш манасчы болууга негиз боло албайт, тескерисинче, нак чыгармачыл жомокчунун түшүнө эпостун каармандары кирип, эл алдында уялбай бети ачылып, «Манас» айтууга түрткү болушу мүмкүн.

Жомокчулар «Манасты» түшүндө көргөнү таланттын, шыктын, чыгармачылык эргүүнүн таасири десек болот. Жомокчулар таланттуу акын болгон. Маселен, Сагынбай «Манасты» айта элек жаш кезинде

эле ырга шыктуу болуп, айыл арасындагы той, тамаша, кыз оюндарында «секетпай» жамактап айтып жүргөн. Ал кошок, тамсил, ыр жаратып, «ырчы» деген атка конгон. Саякбай да жаш кезинде ырга шыктуу болгон. Ал ар дайым сөзүнө жорго сөз, макал-лакап, куудулдук кошуп сүйлөгөн.

Жомокчулар «Манасты» үйрөнүүгө өтө берилип, бардык оюн, убактысын жумшап, жаш кезинен атактуу манасчыларды айлап-жылдап ээрчип, өз үйүнөн кетишкен. Уккан жомогунун мазмунун, каармандардын аттарын, образдарын, туруктуу эпитеттерди, салыштырууларды жаттап, анан окуяны өзүнчө өндүрүп акындык таланты менен көркөмдөтүп айта башташкан. Маселен, Сагынбай «Манасты» Тыныбек жомокчудан, өз агасы Алышерден үйрөнгөн. Саякбай болсо атактуу Чоюкени 2–3 жыл ээрчип жүрүп үйрөнгөн. Шапак Найманбайдан, Тыныбектен үлгү алган ж.б.

# МАНАСЧЫЛАРДЫН ӨМҮР БАЯНДАРЫ

Жомокчулардын көпчүлүгү элдин эмгекчи катмарларынан чыккан. «Манас» айтуу көп учурларды атадан балага, агадан иниге өтүп, тукум кууп кеткендиги көрүнөт. Маселен, Жаңыбайдын жети атасы «Манас» айтып өткөн, Балыктын уулу Найманбай да, Сагынбайдын агасы да, Алмабектин агасы да «Манас» айткан.

### *Келдибек Карбоз уулу*
### (1800–1880-жж.)

Бизге маалым манасчылардын улуусу - Келдибек. Келдибектен мурдагы манасчылар жөнүндө эл оозунда айтылып жүргөн гана маалыматтар бар.

Келдибек Чүй өзөнү Жел-Арык леген жерде туулуп, 80 жаштарында, 1880-жыл чамасында Ат-Башыдагы Баткак деген жерде каза болгон экен.

Ал «Манасты» 17–18 жашында айта баштайт.

Келдибек «Манас» эпосунун үчилтигин толугу менен айткандыктан кийинки жомокчуларга таасири күчтүү болгон. Ал «Манасты» түрдүү кыймыл-аракеттер менен аткаргандыктан, өзү төрдө отурган болсо да тез эле ирегеге жетип келчү дешет.

### *Балык (Бекмурат) Кумар уулу*
### (болжол менен 1793–1873-жж.)

Балыктын кайсы жылы туулуп, качан дүйнөдөн кайтканы белгисиз. Ал Таласта туулуп, 80 жашка чыккан кезинде Чүйдө каза болуп, сөөгү Боз-Бөлтөккө коюлган.

Балыктын уруусу чоңчарык аталып, сарбагыштын бир бутагы болот. Кожо, Көкүл, Толубай аттуу үч атанын балдары Таласка көчүп кетишет. Көкүлдүн неберелери, анын уулу – Кумар, андан – Бекмурат (Балык). Бекмураттын оозу балыктын оозуна окшон болгондуктан, «Балык» деген атка конгон.

Балык атасынан жашындда жетим калып, малай болуп иштейт. Ал сокуну кыйын жанчып, бир буум таруну тез эле актап койчу экен.

Туугандары: «Сокучу болбой эле, башка иш кылсаңчы» – десе, ал: «Чеке тердеп, адал кызмат кылганды артык көрөм», – деп жооп берчү экен.

Балык малайлыкта жүргөн кезде, кыргыздар Кокон канына караган. Олуя-Атада (азыркы Жамбыл) Кокон канынын беги казак-кыргыздан салык жыйдырып алып турган. Таластагы кыргыздын чоңдору тартуу катарында Балыкты бекке кызматчы кылып беришет. Балык кызматы менен жаккандыктан, улук аны койчуларына башчы кылып Наманганга кой айдатат. Балык «Манасты» айтып, Наманган-дын чоң улугу Кушубекке да жагып калат. Ал улукту Балык мактап ырдайт. Кушубек Балыкка ат миңгизип, тон кийгизип, Таластагы Ажыбек, Бүргө деген чоңдоруна: «Балыкты жакшы күткүлө», – деп буйрук жиберет.

Балык өзүнүн акындыгы, акылмандыгы менен бат эле бүткүл Таласка кадырман болот. Ажыбек менен Бүргө Балыктан кеңешсиз иш кылбай , чынында элди Балык бийлеп калат.

Барган сайын Балыктын акындыгы күчөп, даңкы бүткүл кыргыз элине жайылат. Солтонун манабы Байтик Балыкты өз жанына чакыртат, бирок ал өзү өскөн Таласты, элин таштап кете албай, эки жылча жүрөт. Байтиктен экинчи жолу киши келгенде, Таластагы элден ыраазылык алып Балык Чүйгө көчөт.

Байтик каза болгонго чейин Балык анын жанында болот. Кокон канынын Пишпектеги улугу Рахматулланын зордук-зомбулугуна каршы үндөп, аны өлтүрүү ишинде Балыктын ролу чоң болгон. Байтик каза болгодон кийин, Балык Кочкорго көчөт. Анда 3 жыл туруп, Шамен деген манап менен каршылашып, кайра көчүп келип, калган өмүрү Чүйдө өтөт.

Балык «Манасты» жигит болгон кезинде айта баштайт, көптөгөн лирикалык ырларды да жаратат. Элдин айтууларына караганда Балыктын акындыгы эң күчтүү болгон. Ал окуяны уккан кишидей эмес, Манас менен бирге жүрүп катышкандай айтчу экен.

Балыктан кийин анын уулу Найманбай да чоң манасчы болуп, атасынын ишин улантып ордун баскан.

### *Тыныбек Жапый уулу*
(1846–1902-жж.)

Тыныбек 1846-жылы Ысык-Көлдүн тескей жагындагы Кайнар деген жерде туулуп, 1902-жылы Нарында Туюк деген жерде дүйнөдөн кайткан. Тыныбектин атасы Жапый кедей болгон.

Ал жаш кезин көбүнчө мергенчилик менен өткөрүп, атасынын колунда жүрөт. 25 жашка чыкканда атактуу жомокчулардын катарына кошулуп, эл арасына даңкы жайылат.

Ошо кезде көл башындагы Назар деген акын менен айтышып, аны жеңип чыгып, жүз сом, бир ат мөрөй алат.

Ал «Манасты» айтуудан мурун ар кылдуу ырларды да аткарчуу экен. Ал эмгекчил, кичи пейил, адилет киши болгон. Кээде жатакчылардын айлына өзү барып, «Манас» айтып берчү экен.

Тыныбек Чоңбаш, Келдибек, Назар деген ири жомокчулардан таалим алып, Балыкка да барып, андан үйрөнүп келиптир.

«Манасты» сизден кимдер үйрөнүп жүрөт?»,– деп сураганда, Тыныбек: «Сагынбай, Калыгул, Тоголок Молдо, Касымбай, Байбагыш, Кожоберди, Дөңүзбай, Жакыптар үйрөнүп жүрөт» – деп жооп берчү экен.

Тыныбек өзүнүн көзү өткөндө, өз тукумунан манасчы калса экен деп, өлөр алдында баласы Сооронбай менен жээни Байбагышты айттырып көрүп: «Балам Сооронбай, сен көп арбыта албайт экенсиң, Байбагыш дурус жомокчу болуп калыптыр»,– деп баа бериптир. Кийин анын небереси Актан Тыныбеков – көрүнүктүү эл акыны болот.

Тыныбектен «Семетейдин» гана үзүндүсү жазылып, 1925-жылы Москвадан өзүнчө китеп болуп чыккан.

### *Шапак Ырысмендеев*
(1863–1956-жж.)

Шапак азыркы Кочкор району Шамшы деген жерде 1863-жылы туулган. Шапактын атасы Ырысменде оокаттуу болуп, мергенчилик да кылган.

Шапак 13 жашынан кой багып, 16 жашынан эгин эгип, жылкычы болот, «Манасты» бала кезинде эле айта баштаган, бирок манас-

чылыкты негизги кесип кылган эмес. Ал колхозчу дыйкандардын чогулган жерлеринде «Манас» менен «Семетейди» жана башка эл жомокторун айтып жүргөн.

Шапак «Манасты» 13 жашынан тартып үйрөнө баштап, өз тушундагы атактуу жомокчулардын бардыгынан дээрлик таалим алган, ал бала кезинде үч жылча Балыкты ээрчип жүрүп, «Чоң казаттан" тартып, Манас өлгөнгө чейинки окуяларды бүт үйрөнөт. Алмамбеттин жомогун Шапак Балыктан угуп Саякбайга айтып берген экен. Шапак Акылбекти да көрүп, андан «Чоң казатты» угуп, «Сейтекти» бүт үйрөнөт. Стиль, сюжет жагынан Шапактын «Манасы», «Семетейи» Саякбайдыкына окшош, кээ бир окуялардын гана өзгөчүлүктөрү бар.

1935-жылдан баштап, Шапактан 200 басма табакча «Манас», «Семетей», «Сейтек» жана «Мендирман», «Жаныбек», «Аяз» деген жөө жомоктор, макал, лакап, табышмактар жазылган.

### *Сагынбай Орозбак уулу*
### (1867–1930-жж.)

Улуу жомокчу Сагынбай Орозбак уулу 1867-жылы Ысык-Көлдүн күңгөйүндөгү Кабырга деген жерде туулуп, 1930-жылы Кочкордо каза болду. Сагынбайдын атасы Орозбак Ормон кандын сурнайчысы болгон.

Ормон өлгөндөн кийин Орозбак Кабыргага көчүп барат. Сагынбай ошо жерде төрөлүп, анын 12–13 жашына чейинки балалык чагы Кабыргада өтөт. Атасы өлүп, турмуштан кысылган кезде, Сагынбай Кочкорго көчүп, эки жылдан кийин Чүйгө, азыркы Кичи-Кеминге көчүп келет.

Сагынбай 9–10 жашка дейре козу кайтарып, эр жеткенде, эгин эгип, дыйканчылык кылган. «Манасты» айтып, элге белгилүү болгондо, кара жумушту таштап, кесиби «Манас» айтуу болуп калат.

1916-жылы эл үркkөндө, Сагынбай үй-бүлөсү менен Кытайга качат. Кыргыздар көргөн ач-жылаңачтыкты, кордук-зордукту өз көзү менен көрөт. Ал жерде да Сагынбай «Манасты» айтып, жан багат.

Сагынбай үй-бүлөсү менен Кытайдан 1917-жылы келип, көпчүлүк элдин колдоосу менен бала-чакасын өлүм-житимден аман алып ка-

лат. Ал эскиче китептерди окуй алган, дин жана шарият маселесин билген молдо болгон, бирок кат жазууну билген эмес.

Сагынбай таланттуу акын, эң чебер жомокчу болгон, аны Кыргызстандын түштүк жагы, Көл бою, Талас өрөөнү да дайым чакырып, «Манас» айттырып, сыйлап турган. Ал бай-манап өкүлдөрүнүн чөйрөсүндө чындыкты айтып ырдаган. Буга анын «Замана» – деген термеси күбө. Сагынбай бул ырында замандын бузулганын, «жакшылардын» жолдон чыкканын, турмуштун оор болуп бара жатканын, элдин эзилгенин айтат. Мурунку баатырлар заманын көксөйт, болуп жаткан тарчылык-зарчылыктын себеби кудайдан, ыймандан, калыстыктан кеткендикте дейт.

Сагынбай жашынан эле ар түрдүү мыскыл ырлар жаратып, теңтуштарын күлдүрүп жүрчү экен. Ал 16 –17 жашка чыгып, «Манас» айтып, чоң жомокчу болуп таанылгандан кийин да лирикалык ырларын уланта берген. Сагынбай элдик ырларды да көп билген, бирок алар анын оозунан жазылбай калды.

Сагынбайдын агасы Алишер да жомокчу болуп, «Семетейди» айрыкча жакшы айтчу экен, Сагымбай «Манас» айта баштаганда, Алишер: «Бир үйдөн бир эле киши айтса болот» – деп, манасчылыгын инисине берген дешет. Сагынбай Чоңбаш, Тыныбек, Найманбайлардан, Балыктан, Келдибектен үлгү алган. Ал Келдибекти 70-тен ашкан кезинде көрөт. Атагы чыккан жомокчу жаш Сагынбайга «Манасты» айттырып көрүп, жактырып, «обонго жетише элек экенсиң» – деп, обонду, кол шилтөөнү жана башка кыймыл-аракеттерди үйрөтөт.

Сагынбай бул акындардан үйрөнүү менен бирге, «Манаска» өзүнүн чыгармачылыгын да көп кошкон. Философиялык көз карашын киргизип, белгилүү окуяларды тереңдетип, устаттык менен байытып, каармандардын күлк-мүнөзүн, ички дүйнөсүн чеберлентип, поэманын сюжетин бутактантып өстүргөн. Сагынбай өзү молдо болгондуктан, «Манаска» диний элементтерди да көп киргизген. Сагынбайдын варианты Саякбайдыкынан гана эмес, эң атактуу манасчы Тыныбектикинен да өзгөчө. Тыныбек буга наразы болуп: «Сагынбай, сен «Манаска» көп кошумча кошпой, нак айт!» – дептир. «Манастын балалык чагы, Мекеге барган жерин бир топ кеңейттим»,– деп Сагынбай өзү да айткан экен.

### *Чоюке Өмүр уулу*
(1863–1925-жж.)

Чоюке Ысык-Көлдүн Түргөн деген жеринде туулуп, 1925-жылы 45 жаштар чамасында каза болгон. Чоюке атасынын Кененбай деген тууганына жигит болуп, Ат-Башы, Нарын жактарга барып «Манасты» айта баштайт. Манастын күмбөзүн көрөм деп, Таласка барат. «Манас» айтып жүрүп Чүйгө, Ысык-Көлгө келип, 1916-жылкы көтөрүлүштө эл менен кошо Кытайга качат. Ал жерде аялы жана балдары өлүп, эл-журтуна жалгыз келет.

Чоюкенин устаты Акылбек деген жомокчу болгон. Чоюке «Манасты» 20 жашка чыкканда айта баштап, үчилтикти толугу менен билген. Ал айрыкча Бакайдын аңгемесин айтканда, уккан эл ыйлап отурчу дешет.

### *Саякбай Каралаев*
(1894–1971-жж.)

Саякбай 1894-жылы азыркы Жети-Өгүз району, Жыдык-Көл деген жерде кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган.

Саякбай жаш кезинен иниси Төлөбай менен Жыкы деген байда малай болуп жүрүшөт. 1912-жылы Карала бала-чакасы менен жөө Ысык-Көлдүн батыш тарабындагы Ак-Өлөң деген айылга келет.

1916-жылкы көтөрүлүштө Саякбай 22 жашта болуп, көтөрүлүштүн туусун көтөргөндөр менен бирге Кытайга качып, бир нече жолдошу менен ак падышанын армиясынын колуна түшөт. Актар качкындардын көбүн өлтүрөт. Саякбай тирүү калып, бир кулакка 1918-жылга чейин малай болуп жүрөт.

1918-жылы Саякбай кызыл партизандар катарына кирип, Алматыга барып, аскер ишин үйрөнөт. Алты айдан кийин Чыгыш Сибирге барып, Дутов менен атаман Анненков баш болгон актарга каршы согушат. Актардын калдыктарын жойгондой кийин, Саякбай Бухара канына каршы согушка катышат. Кандын аскерин кызылдар жеңгенден кийин, басмачыларга каршы күрөшүп, 1921-жылы кайта Алматыга барат да, Үч-Арал, Тарбагатай, Чөйчөк деген жерлерде чек ара-

чы аскер катары кызмат кылат. 1922-жылы аскер кызматынан бошонуп, айлына келип, Ырдык сельсоветине төрага болуп иштейт. Ушул жерде Саякбай Чоюке менен таанышып, анын жомогун ынтаасы менен угат, таалим алат, 1925-жылдардан баштап Саякбай «Манастын» айрым үзүндүлөрүн айта баштайт.

«Ырчы болсом экен» – деп Саякбай он алты жашынан тилей баштайт. Өзү ар нерсеге ышкыбоз, шок, шайыр жана өткүр бала болот. Саякбайга чоң энеси Дакеш «Манас» жөнүндө көп аңгеме айтып берчү экен. Саякбай ошол кезде эле сүйүү ырларын чыгарып, «Манастын» ар кайсы жеринен анча-мынча айта коюп, өз чөйрөсүндөгү элге тааныла баштайт. Бирок таалим бере турган ири жомокчуга учурабагандыктан, «Манасты» анчалык көп узартып айта албайт. Ал эми Чоюкеге жолуккандан кийин Саякбай «Манас», «Семетей», «Сейтекти» бүт айтып жана мурда эч бир манасчы айтпаган Сейтектин уулу Кенен, Кенендин уулдары – Алымсарык, Кулансарыктар жөнүндөгү баянды улантат.

Саякбайдын айтуусунда кенже эпостордон «Эр-Төштүк», жөө жомоктордон «Бүркүттүн жомогу», «Делдеш баатыр», «Томор мерген» сыяктуу элдик чыгармалар жазылган.

## "МАНАСТАГЫ" КААРМАНДАР

### *Манас*

Дастандагы баардык окуялар башынан аягына чейин Манас менен тыгыз байланыштуу, ошондуктан жомок өзүнүн негизги кааарманынын аты менен аталган. Манастан ченеми жок баатырлыктын үлгүсү көрүнөт. Анын эбегейсиз күчү, ашкан кайраты тубаса өңдүү. Ал боюна бүткөндө, энеси жолборстун жүрөгүнө талгак болот. Баласы төрөлгөндө эки уучуна уюган кара кан чеңгелдеп түшөт, оозантканда үч карын майды бир жейт, ыйласа үнү отуздагы кишинин үнүндөй барылдап, энесинин эмчегин бир соргондо - сүт, экинчи соргондо кан чыгат.

Бул эбегейсиз белгилердин баары келечекте анын жеңилбес, душман алдында каардуу эр болорун билгизет. Кыргыз эли бул бала келечекте ата-мекенин коргоочу, чачылган журтту чогултуучу азамат болорун күтөт. Ал турмак душмандар да Манастын келечегинен коркуп, чоңойтпой жок кылуу жолун издешет.

Манас өсүп, жоого аттанганда, ага атса – ок, сайса – найза, чапса – кылыч өтпөйт. Ачуусу келгенде, көзүнөн шыркырап жалын чачылып, үнү күркүрөгөн күнгө окшойт. Манастын бир өзүнүн башында миң балбандын күчү бар. Душман менен беттешкенде, аны эч бир жоо жеңе албайт.

Манас качырып найза сунганда, анын айбаты, кайраты, күчү душманга, жолборс качыргандай көрүнөт. Манастын дене курулушу, ыкчамдыгы да өзүнүн күчүнө, айбатына ылайык:

«Болжолуна караса,
Болот өткүс кара таш,
Күрсү тийсе оюлгус,
Туюк сөөк, чулу баш.
Атан төөлүк жүгү бар,
Адам уулу тик бакпас,
Шыркыраган ширендей
Ажыдаар түгү бар.

Ызгардуу айткан сөзү бар,
Кызыл жалын көзү бар!

Анын баатырдык айбатынан адамдар гана эмес, ажыдаар, арстан, жолборстор да коркуп, кол сала албай, эркелеп жатып берет. Адамга боло турган эрдиктин, кайраттын, күчтүн баардык касиетине ээ болгон Манас алты жыл ажыдаардан согуш амалын окуган аяр Коңурбайды да, дүйнөдө теңдеши жок балбан Жолойду да, тегеректеги душман кандардын баарын жеңет. Демек, Манастын образы күч, кайрат, туруктуулуктун  үлгүсү.

Кирпиги жалын, көзү чок,
Кишиде мындай борум жок.
Айткан кеби аткан ок,
Айбат менен караса,
Адамда мындай сонун жок.
Миң балбандын күчү бар.
Жолборс маңдай, таш жүрөк,
Жоруну калың, пил билек.

Манас баатыр, балбан гана эмес, иштин ыгын, жүйөсүн билген акылман, калыс, адилет, көпчүлүктүн күчүнө ишенген жана көпчүлүктүн мүдөөсүнө түшүнгөн чынчыл, адамгерчиликти сүйгөн боорукер. Ал ар дайым казатка жөнөөрдүн алдында, өзүнүн жеке бийлигин жүргүзбөй, элин, чоролорун жыйнап, шартты түшүндүрүп, алар менен акылдашат. Согушка кирер алдында, аскерлерине жазыксыз катын-балага, карыган кемпир-чалдарга тийбегиле деп буйрук  берет. Тентип, чачыранды болгон кара ниет туугандары – көзкамандарды көчүрүп келип, аларга жакшы шарт түзүп, үй-жай, мүлк берет, анткени Манас  бирдиктүүлүктү, достукту, жолдоштукту, эрдикти, адистикти бийик баалайт. Чоң казатка баратканда аскерин, согуш жайын билген, жол көргөн уруусу кытай Аламбетке башкартат. Манас урууну, тектүүлүктү жактырбай, биримдүүлүктү, достукка, берилгендикти жактайт. Согушта кайрат көрсөтүп,  мамлекеттик  максат үчүн башын тиккендерди баалап кадырлайт. Алмамбет-Чубактар кытайдан өлгөндө, Алмамбеттин башын кучактап алып:

«Аккула окко учуруп,
Алмамбет шейит кетирип,
Канатымдан айрылып,
Кан Чубактан айрылып,
Караан кылып отурган
Мен кантип кетем Таласка?» –

деп эзели жаш көрбөгөн көзүнөн кан аралаш жаш төгүлүп, күйүткө түшөт. Манастын жарасы ырбап, тез каза болушуна да ошол күйүтү себеп болот.

Манас жоонун айласын билген таланттуу уюштуруучу, колбашчы. Ошон үчүн ал өзүнө наразылык көрсөтүп, аны жоготууга кол курган кандарды ык менен өзүнө тартып, баарынын башын бириктирип, чогулган күчтү чет душманга каршы коет.

Чалгындын жолун талашып Тал-Чокуда Алмамбет менен Чубак чатакташканда, Манас эч кимисине болушпай сабырдуулук менен экөөнү жараштырат. Эки баатыр тең Манастын акылмандыгына ыраазы болуп, алдына түшүп, кечирим сурашат. Жеңиш үчүн экөөнүн ынтымактуулугу өтө зарыл экенин, баатырлык, күчү жагынан Алмамбет да, Чубак да өзүнүн кем эместигин, бул экөөсүз жоону жеңе албастыгын Манас жакшы билет. Согуш өнөрү жагынан Алмамбет өзүнөн алда канча жогору экенин баалап, ага кол башчылыкты тапшырып, өзү жөнөкөй аскер катары жүрөт.

Баатырлар Манасты өтө жогору кадырлашат, айтканын эки кылбайт. «Жоону сайса биз сайдык, атагы калды Манаска» – дешет, бирок бүткүл эрдик, бийлик-даңкты чоролор Манаска беришет. Бул Манастын ашкан ыкчыл, ар иштин көзүн тааныган уюштургуч, элди башкарган мыкты кеменгер экендигин далилдейт.

Манастын каармандык, баатырдык күчү кандай зор болсо, анын сүйүүсү да ошондой зор, бирок ал жекелик сүйүүнү ар-намыстан жогору койбойт. Манас Карабөрктү согушта кезиктирип, биринчи көргөндө эле катуу сүйүп, эс-мас болот, бирок ал кыз Бакайды жарадар кылганда, кылычын кынынан сууруп, аны курмандыкка чалмак болот.

Манас ар дайым Каныкейдин акылман кеп-кеңешин угуп, анын акылы менен иш кылат. Демек, Манас жер жүзүн дүңгүрөткөн баатыр, миңдеген элдерди багынткан шер болсо да, мээримдүү акылман аялды өтө жогору баалайт. Манас куулук-шумдугу жок, калыс, ишенчээк, айкөл нак баатыр, орчундуу иштерди эл-журту менен кеңешип, акыл калчап, акылман аксакалдар Бакай, Кошойду кунт коюп угуп, тилин алат. Өзү ката кетирсе, кандай гана кыйын болбосун мойнуна алып күнөөсүн тартат, Чоң казатка барганы чоң ката экенин сезгенде Каныкейден, жетим-жесирлерден кечирим сурап, курман болгон чоролорун жоктоп, буркурап ыйлайт.

Манас ондогон кылымдар бою эл арасында жаралып, оозеки айтылып келе жаткан улуу чыгарманын сүймөнчүктүү баш каарманы. Кыргыз элине мүнөздүү болгон жоокерлик, баатырдык, туруктуулук сапат, даанышмандык ой, адамгерчилик сезимдердин бардыгы элдик таланттар тарабынан Манастын образына данакерленген, жыйнакталган. Ошондуктан Манас баатырдын көп түстүү келбетине жомокчулар чыгармачылык чеберчилигинин бардык касиетин жумшап сүрөттөгөн. Маселен, Манастын элеси асмандагы айга, күнгө, толкундуу дарыя, түбү жок деңизге, алтын-күмүштүн ширөөсүнө, асмандын тирөөчүнө, көчкөн булут, соккон желге теңештирилет. Баатырдын минген аты да өзүнө ылайык...

**Манастын аты Аккула**

Аккула деген аты бар,
Айбандан бөлөк заты бар.
Чаткы аягы чаткалдай,
Жүрүп берсе, чатына
Жүктүү төө баткандай,
Куюшкандын кошконго
Он бир карыш казанды
Ойноп, күлүп аскандай.
Болжолу жок чоңдугу,
Бооруна карандын
Момолой ийин казгандай

Таноосуна, мурдуна
Кирер болсо жорголоп,
Азыркы жүргөн адамдар
Кийми менен баткандай.
Камыш кулак, сом туяк.
Балтыры өгүз белиндей
Басканы сырттын желиндей.

Манастын минген аты да, курал-жабдыгы да өзүнө ылайык. Аны Аккуладан башка ат көтөрө албайт. Аккуласы да Манас төрөлгөн күнү туулат. Анын куйругу жибек, туралары уюткан болот, кулагынан караңгыда шам күйүп, жүрөр жолун жарык кылып турат.

Аккула жүгүрсө, жаа огундай зыркырап, басса, туягы тийген таштары таруудайдан талкаланып, турасынан учкан жолдун үйдөй даңканы бута атым жерге чыркырап турат. Аккуласы алдында болгондо, Манас качырган жоосун жеңбей койбойт. «Чоң казатта» Аккуладан ажыраган Манас, өзү да каза болот. Кыргыздын жоокерчилик турмушунда жакшы ат кандай милдет аткарып келгендигин Аккуланын элесинен баамдоого болот. Буга: «Ат – адамдын канаты» – деген макал да ачык далил.

Манастын жоо жарактары - Аккелте, Аголпок, Айбалта, Сырнайза, Аркескен жана Дүрбү. Анын Аркескен кылычы кээде кынынан өзү суурулат, душмандын башын кеспесе, кынына кайра кирбейт.

Тоого чапса, таш кескен,
Бойго чапса, баш кескен,
Шиберге койсо өрт кеткен,
Шилтегени мүрт кеткен.

Дүрбүсүн бетине кармаса, алты айчылык алысты аркан боюндай жакындатып келип көрсөтөт. Аккелтеси кызуу урушта өзү эле атыла берет. Сырнайзасынын сабы шилтеген сайын он эки кулач узарып турат. Айбалта, Сырнайза, Аркескендерин жасаган – төкөр уста Бөлөкбай. Булардын көмүрүнө түтпөй далай токойлор кыйылат, су-

гатына чыдабай толгон булак соолот. Миздери ажыдаардын уусуна сугарылган. Аголпогунан атса – ок, сайса – найза, чапса – кылыч өтпөйт.

Манастын ашкан баатыр чоролору бар. Алардын ар бири түрдүү өнөргө маш: бири кол башчы, бири акылман, чечен, бири жоонун айласын билген кычкыл баатыр, бири сыйкырчы, бири түн ичинде жол жүрсө, түлкүнүн изинен жаңылбаган чалгынчы, бири төлгөчү, бири колунан көөрү төгүлгөн уста, бири шайыр ырчы, бири далычы, бири дарыкер жана ушу сыяктуу толгон өнөрмандар.

Манастын жогорку мыкты сапаттары менен бирге анын жеке мүнөзүндө аңкоолук, кенебестик да бар. Эл башкарууда, жоонун ыгын билүүдө жана башка адамгерчилик жүрүш-турушунда Манасты бийик даражага жеткирген Каныкей менен Бакайдын акылман, кыраакылык кеңеши. Манас байкабай турган учурларда Бакай менен Каныкей кеңеш берет. Кээде Манас алардын кеңешин таңазар албай койгон учурлары да болот.

Өзүнүн кара ниет туугандары – көзкамандардын жаман оюн билбей, Каныкейдин акылына көнбөй, кенебестик кылып жүрө берип, акырында ал туугандарынан кордук көрүп, өлүп да кала жаздайт. «Чоң казатка» барарда Манас Каныкейге акыл салбайт, ошондуктан ал казаттын аягы кайгылуу бүтөт.

Эпосто «канкор Манас» деген туруктуу сынатооч монголдун «хонгор» (кайраткер, тайманбас) деген сөзүнөн келсе керек. Манас баскынчыларга, чыккынчыларга ырайымсыз, айбаттуу, бирок өзү чынында айкөл, ак-көңүл. Чоң казатка бара жатканда, онду башкарган Тазбайматтын бир аскери жетпей калат. Көрсө ал аскер Манастын өзү экен. Алмамбеттин буйругу менен Тазбайматтын башы кетерде, Манас:

«Куруп кеткен Тазбаймат,
Улук кишим сен болсоң,
Унутканың мен болсом…
Серекти айтпай койдурбай,
Сени ушу жерде сойдурбай…» – деп
Баатыр Манас болкулдап,
Башкача күлүп солкулдап… –

калтырап турган Байматты коргоп калат.

Манас пейили таза, жүрөгү кең, ниетин жакшылыкка багыштаган адам болгондуктан башкаларды да өзүндөй ак пейил көрөт, адамгерчиликке ишенет. Ишенчээктигинен далай жолу чоң кыянатка да учурайт. Жакын туугандары көзкамандарга боору ооруп, калмактардан бошотуп, жер-жай, мал-мүлк берсе, алар Манасты уу берип өлтүрүп кое жаздашат, Каныкейди олжого алууга аракеттенишет. Көкөтөйдүн ашындагы эр-сайышта Манас эзелки душманы Коңурбайды ыргыта сайып, салт боюнча минген атын олжого аларда:

«Тизеси жерге бүгүлүп,
Алгара берип кеткин деп,
Келин болуп жүгүнүп –
Турган Коңурбайды көрүп:
Баатыр эле Коңурбай,
Атын алып нетейин,
Атын тартып алганда,
Не мураска жетейин»,–

деп Алгаранын чылбырын ээсине ыргытат.

Тулпары колуна тийген Коңурбай кыргыздарга кол салат, канча жолу Манастан, Алмамбеттен, Чубактан күлүк аты менен качып кутулуп, акыры алардын түбүнө жетет.

Кытайда Коңурбай менен бийлик талашып жүрүп кандыгынан, мал-мүлкүнөн ажырап, ата-журтун таштап качып келген Алмамбетти Манас өз бир туугандарынан да, бала кезден чогуу өскөн чоролорунан да бийик урматтап, жакын көрөт, ага жан дили менен ишенет.

Алмамбеттин негизги максаты – эрегишкен душманы Коңурбайды кыргыздардын колу менен талкалап, өч алып, тарттырып жиберген бийлигин, байлыгын кайтарып, көптөн бери күтүп жүргөн колуктусу Бурулчага үйлөнүп, өз жерине ээ болуу экени Манастын капарына да келбейт.

Кара калмак манжуудан
Бул Коңурбай жоголбойт,
Бул Коңурбай өлбөсө
Кыргыздын иши оңолбойт,–

деген Алмамбеттин үгүтү менен кандуу Чоң казатка аттанат. Жолдо баратканда Алмамбет ар-кандай айла менен бара-бара бүт бийликти өзүнө алып, Манасты жөнөкөй аскер катары Тазбайматтын ондугуна кошуп коет. Манас кең пейил, кенебестиги менен буга да маани бербейт. Бээжинге жакындаганда кумурскадай жайнаган, миңдеген түмөн аскери, өз мекенин коргоодо жанын берген, тайманбас баатырлары, душман кире албаган кент-шаарлары бар экенин, кытайды жеңүү оңой-олтоң иш эмес экенин, Алмамбеттин «Кытайы бар, беги жок, атка минсе эби жок»,– дегени өтөрүк экенин билгенде Манас:

«Айта берип Бээжинди
Акылымды бүлдүрдүң,
Албан түрдүү калаасын
Айтып берип билдирдиң.
Бээжиниң бекем жер экен,
Кытайың калың эл экен»,– дейт.

Манас да, шер-мүнөз чоролору да казаттан кайра тартууну намыс көрүп, аргасыздан Алмамбеттин кол башчылыгы астында Бээжинди камап, кытайлардын анткор сыйына алданып, эбегейсиз түйшүккө учурайт, курман болот. Кыргыз эли биримдигинен, эгемендүү мамлекетинен ажырайт.

Манас:

«Берендердин баарысын
Калмакка кармап бердимби?
Кармаган туум сындыбы,
Кармашкан жан тындыбы?!.
Кайгыга кирип кайгырган
Мендей шордуу бар бекен
Алмамбет, Чубак, Сыргактай,
Үч беренден айрылган?!» –

деп зарлайт, өзү өлөр алдында:

Касташканды кармадым,...
Кыйыгыма тийгенди

Азууга салып чайнадым…
Кулаалы жыйып, журт кылдым
Алтын жыйып, таш кылдым,…
Тентиген журтту баш кылдым.
Каны болдум башында,
Өтмөк болдум дүйнөдөн
Элүү эки жашымда, –

деп керээзин айтат.

Манас өлүмдөн коркпойт. Эл-журту үчүн жанын берүүгө даяр, анын жоокерлик ураны:

Туулмак бар, өлмөк бар!
Ак жазганды көрмөк бар!
Алда берген аманат –
Ажал келсе өлмөк бар.

Баатырдын керээзинде: далай жанды курмандыкка чалып, кан шорголологон эмгек менен курулган хандыгы - эгемендүү мамлекети ыдырап, кыргыз эли кайрадан көз каранды болуп калабы деп коркот, кайгырат.

Манастын арманы - кыргыз элинин миң жылга созулган арманы болду, укмуштуу жомокко айланып, жүрөгүндө, dининде өлбөс-өчпөс үмүт болуп кылымдар бою сакталып келди.

Манас бабабыздын арманы миң жылдан кийин, жыйырманчы кылымдын акыркы күндөрүндө – 1991 жылдын 31-августунда жүзөгө ашты.

### *Алмамбет*

Жомоктун экинчи каарманы – Алмамбет. Манас анын келишине ат чаап, той берип, энеси Чыйырдынын эмчегин эмизип, ини кылып алат. Карыган кемпирдин эмчегинен Алмамбет эмгенде, кадимкидей булактап сүт чыгат. Бул окуя Алмамбет баатырдын келечекте Манаска бир туугандай берилген, үзөнгү жолдош болоруна белги болот.

Манас ага ат жакшысын миңгизип, тон жакшысын кийгизет, кыздын акылдуу-сулуусун алып берет, эл арасында анын кадыр-баркын көтөрүп, даңкын чыгарат.

Алмамбет ажыдаардан алты жыл окуп, согуш өнөрүнө каныккан, күн жайлаганды, терең дарыялардын, өзөндөрдүн суусун соолутуунун амалын билет. Анын билермандыгына, кайратына, берилген достугуна ишенип, Манас «Чоң казатка» баратканда ага кол башкарууну тапшырат. Алмамбет – жоо тараптын (кытай канынын) уулу. Ошондой болсо да Алмамбет менен Манастын мүнөзүндөгү адилеттик, чексиз кайраттуулук, достукка берилгендик, максатка жетүү үчүн башын тигүү, баатырдык намысты бийик сактоо өңдүү сапаттар бириктирет. Жомокчулар Алмамбетти келгин, качкын катарында санабай, Манастын эң жакын жан жолдошу кылып сүрөттөшөт.

Алмамбетти жомокчулар:

«Алтын кемер курчанган,
Айдай бетин нур чалган,
Узун бойлуу, кең далы,
Ары балбан, ары шер
Жекени белге курчанган,
Жети түмөн кол келсе,
Желбегей кирип кол салган,
Тагы калган Бээжинде,
Чачып ийген жыйганды,
Алтын тагын май кылган,
Атасы Азизканды жай кылган»,

деп сыпаттайт. Алмамбетте жалаң баатырдык эмес, кайгы-капалык мүнөз да бар. Анын кайгысы – элинен, жеринен ажырашы, жалгыздыгы. Ал Манаска, кыргызга канчалык берилсе да, өскөн элин, жерин унутпайт, сагынат. Эл оозунда: «Эл сагынбас эр болбос» – деген сөз бар. Көкчөнүн аялы Агеркечке Алмамбет:

«Кургабай аккан жашым бар,
Жакындан чыккан касым бар,
Тарабай ичкен масым бар,
Ыйлоодо жүргөн көзүм бар,
Арманда айткан сөзүм бар», – дейт.

Алманбет аргасыздан өз элин-жерин таштап кыргыздарга өтүп кеткенине терең капаланат. Манастын колу менен Кытайга каршы Казатка баратканда:

Кытайга кылган пейлиме
Кылчайып азыр карасам
Узап кетер жерим жок
Өрттөп өз элимди
Жаман бузуп бейлимди
Жалмадым жат боор элимди
Жаман бузуп бейлимди
Сулаттым мултандарымды.
Сумсайтып тууган баарыны
Өз элимди өрттөдүм
Шам элимди жалмадым
Кадырым келбес Көкчөнү
Канчалыкка кармадым,– дейт Каныкейге.

Кээ бир жомокчулар, артыкча Сагынбай, Алмамбет Манаска мусулман дини үчүн келген деп баяндайт. Чындыгында Алмамбет өз теңдиги үчүн Кытай кандары менен бийлик талашып, адилеттик, достук, таянар күч, ишенер баатыр издеп келген. Агеркеч «Кайда барасың?» – деп сураганда Алмамбет:

«Канаты күмүш ак туйгун,
Калкылдап, кайып учармын,
Кайыптуу жерге узармын,
Кайыңды көрсөм, конормун,
Кайышпай, кайың көтөрсө,
Так ошо жерде болормун»,– дейт.

Алмамбеттин дагы бир арманы – атадан жалгыз болушу. Ал дайыма жалгыздыгын эске алып муңканат. Өткөн феодализм доорунда атадан жалгыз калуу өтө өкүнүчтүү болгон. Бул «Манаста» да ачык көрсөтүлөт. Жөнөкөй киши эмес, кырк чоросу, Алмамбет, Чубак өңдүү берилген достору бар Манас да жалгызсырайт. «Чоң казатка» жөнөөрдө Каныкей Алмамбеттин чылбырына асылып: «Манас жал-

гыз эле, согушта башына күч келсе, көз кырыңды сала жүр!» – дейт, ошондо Алмамбет:

«Аттигиң ай, жеңеке!
Кошуундун камын жедиңиз,
Арстанды жалгыз дедиңиз.
Аягы тийди өзүмө
Ар түрдүү айткан кебиңиз!» –

деп, Алмамбеттин жалгыздыгы туруктуу эпитет менен айтылат. Сыргак экөө чалгынга барганда, бала кезинде көпөлөк кубалап өскөн жерин, өзү салдырган тамын, өзү отургузган талын көрүп Алмамбет жашып кетет. Өз элинен кеткен баатыр кандай даражага жетпесин - дайыма армандуу.

Алмамбет «Манас» жомогундагы эң бир татаал каарман. Анын жүрүш-турушу, башка баатырлардыкындай ачык-айкын эмес – астарлуу, миң сырдуу да, миң кырдуу. Алмамбет өзүнүн эл журтун жан дили менен сүйгөн, достукту, эр-намысын бийик сактаган, жоокерлик кесипти мыкты билген кеменгер, баатырлыгы Манастан, Чубактан, Сыргактан, акылмандыгы Бакайдан, сезгичтиги Каныкейден да кем калышпайт. Ошондуктан «Манасты» билген кыргыз элинде, окуу китептерде, илимий эмгектерде Алмамбет үлгүлүү, оң каарман катары бааланып келген.

Кагаз бетине жазылып, сахнада ойнолуп, манасчылардын айтуулары аркылуу элге белгилүү болгон «Манастын» мазмунунда Алмамбеттин окуясы негизинен бирдей.

Алмамбет өзүнүн Кытай өлкөсүндө Коңурбай менен бийлик талашып жеңилет, сүйгөн колуктусу Бурулчага жете албайт, өз атасы менен жоолашып, мусулман динине өтпөгөндүгү үчүн башын ыргыта чаап, казак ханы Көкчөгө качып келип Манаска өтөт. Анын максаты: Манастын күчү менен Коңурбайды жеңип, өз хандыгына кайра ээ болуп, Бурулчага үйлөнүү. Ошондуктан Алмамбет Көкөтөйдүн ашына сыйга келген Коңурбайды жектеп:

«Арстаным, сенден түңүлдүм!..
Байлоочу келсе колуңду
Буугандар келсе жолуңду...
Өлтүрбөй тирүү койдуңбу,

Башыңа бүткөн балааны!..
Коңурбай табар эбиңди!
Өлбөсө калча чыгарар,
Капкайдагы жиниңди!» –

деп Манасты көкүтөт.

Эр сайышта айкөл Манас Коңурбайды жыга сайып, чыгаан тулпары Алгарасын олжолобой, өз ээсине берип койгондо Алмамбет:

«Кокуй Манас, оңбой кал!
Эзелде эки болбой кал!
Колго тийген коенду
Кое берген оңорбу?
Адам сендей болобу,
Арстаным, сенин өзүңдү
Адам деген оңорбу!
Алгараны маа берсең,
Чийбейт белем сызыкты,
Карарып жаткан калмакка
Кылбайт белем кызыкты!..
Жеткирбейт белем картымды
Капкайдагы дартымды...» –

деп жемелейт.

Ат чабышта Алмамбет өзүнүн хандык кийимин кийип, кытай-калмак күйөөрмандарды алдап, Манастын Аккуласын сүрөтүп алдыга чыгартып, мелдештин шертин бузат.

Кабылан Алмаң барында
Калмакты алдап ат сүрөп...
Кыйын амал чын салды,
Аккуланы таанытпай
Калмактарга чыр салды.

Коңурбай алданып калганын билгенде, калмак-кытайлардын колдоосу менен биринчи чыгып келген Аккуланын байгесин талашып чыр чыгарат. Кандуу салгылашуу башталат.

Коңурбай менен эзелтен бери эрегишип жүргөн Алмамбет:

Бул Коңурбай өлбөсө
Кыргыздын иши оңолбойт,–

деп, күчүнө таянып, Көкөтөй керээзинде айткандай: «өпкөсү көөп турган» Манастын чоролорун кытай-калмактар менен кайраштырат, ыраак жерден ат арытып сыйга, мейманга келген кытай-калмактарга кыргын салып, кыргыз элинин меймандостук салтын бузат. Көкөтөйдүн ашы кызыл жаян кан төгүү менен бүтөт. Нааразы болгон кыргыздын хандары Манаска каршы жаат түзүшүп, анын хан-ордосун бузуп, тактысынан түшүрмөк болот.

Көкөтөйдүн ашы экен,
Көп чатактын башы экен!
Казылуу терең ор экен,
Кайнатып койгон шор экен!..

Кыргыз элин чогултуп, өзүнчө мамлекет түзүп, өз мекенинде жаркырап-жайнап, тынчтыкта жашап калган Манасты Алмамбет козголтуп, баскынчы казатка азгырат.

Ишенчээк, айкөл Манас анын тилине кирип хандарды аскерлери менен ордого чакырып, өз ара касташпай негизги душманыбыз Кытайга чабуул коюп, өч алалы дейт.

Аттиңе, кокуй катыгүн,
Ашкере түштү каран түн!
Атабыз уккан кеп эмес,
Адам көргөн жер эмес... –
Ээрчигенде нетебиз...
Ушул айткан жерине
Нече жылда жетебиз,–

деп хандар каршы чыкса, Алмамбет: «Казатка барбагандын башы кетет»,– дейт.

КоркКондон кандар кожурап,
Коендой көзү жоодурап,

Барбайбыз деген бекер кеп,..
Ажал азыр жетер деп,
Баарыбыздын башыбыз,
Ыргып-ыргып кетер деп,

макул болушат. Манас баргысы келбегендер кала берсин деген буйрук берет.

Колдун баары буркурап,
Койдой маарап чуркурап...
Кудай жалгап салыптыр
Улук Манас канкордон
Уруксат тийип калыптыр...
Олжосунан кечели,
Ой, акелер, кетели!
Ээрчийбиз деп нетели?
Элди көздөй кетели!
Эгин айдап, мал багып
Эл ичине биз барып
Эптеп күндү өтөлү,– деп
Элүүдөн, кырктан жандашып,
Кол бузулуп алыптыр,
Араң бирден калыптыр.

Анда Алмамбет аскерлерди токтотуп, «кытайы бар, беги жок, атка минер эби жок», аларды биз оңой жеңип чоң олжого батабыз деп кызыктырат. Манас хандар менен кеңешип, Бакайды кол башчы, Алмамбетти жол башчы кылып дайындап Чоң казатка аттанат. Манастын колу жолго чыкканда Алмамбет:

Жолуңду баштап нетемин, төрөм!..
Жообуңду бер, кетемин, төрөм!..
Колуңдун түрү бул болсо,
Корктум, кайра кетемин, төрөм,–

деп кайра кетмек болот.

Манас кол-башчылык хандыктан Бакайды түшүрүп, анын ордуна Алмамбетти дайындайт. Кол башчылык, жол башчылык бийлигинин эки тизгин бир чалбырын алары менен Алмамбет аскердин санын

алып ондон, жүздөн, миңден, он миңден бөлүп, башчыларын дайындайт, Манасты жөнөкөй аскер катары Тазбайматтын ондугуна каттайт, тартипти бузгандардын, артка чегингендердин башы кетет деген буйрук берип, эс алдырбай Бээжинди көздөй айдайт. Жоокерлер чарчап, аттары чаалыгып, кырк чорону башкарган Кыргыл-чалдын шайманы кетет. Манас аскерди эс алдыралы десе, Алмамбет:

Аскердин камын не дейсиң?
Алсырап калган кедейсиң! – деп кекетет.
Жарабаса кандыгым,
Кандыгыңды алыңыз,
Кала баалуу жумуштан
Качып жүргөн бир кулду
Калыс кылып салыңыз,– деп догурунат.

Элдин, малдын эси ооп, жүрбөй калганда гана:

Кол кырылып кетер деп,
Убалы кимге жетер деп,–
коркуп эс алууга уруксат берет.

Бээжинге жетип калганда Алмамбет Чубак менен чалгын талашып:

Жаныма тилеп амандык
Жанып кайра кетейин,
Жан сактабас кишидей,
Жабыша берип нетейин?
Башыма тилеп амандык,
Ушу жерден кетейин,– дейт.

Казаттан кайра тартуудан намызданган Манас, Алмамбеттин талабына аргасыздан макул болот.

Көкөтөйдүн ашында эр сайышта Манастан жеңилген Коңурбай да, күрөштө сексендеги Кошойдон жыгылган Жолой да, «Ороңгу чыкты ороңдоп, желке чачтын түбүнөн, жетимиш чычкан сороңдоп»,– деп апырта шылдыңдалган калмактардын жоокер кызы да, кыргыз-

дар каптап келгенде өз мекенин коргоп тайманбас баатырлык көрсөтүшөт. Алмамбеттин: «Кытайы бар, беги жок, атка минсе эби жок»,– дегени төгүн болуп чыгат. Кыргыздын чоролорунан найза жеп, Алгарасы менен качып кутулуп жүргөн Коңурбайдын жоокерлиги, айлакерлиги, көрөгөчтүгү, чындап келсе Алмамбеттен кыйла жогору болот. Манас отуз миң түмөн колу менен Бээжинди курчап келгенде, кытайлар бетме-бет согушуудан баш тартып, кыргыздарга мал-мүлк, алтын-күмүш, сулуу кыздарын тартуулап, шаардын капкасын ачып берет. Алмамбет өз хандыгына кайрадан ээ болот, сүйгөн колуктуусу Бурулчасына үйлөнүп максатына жетет. Кыргыздар чоң олжого алданып, жай алып чардап жатканда, Коңурбай көп аскер менен шаарды куурчап, Манастын колун, чоролорун кырат. Алмамбет, Чубак, Сыргак, Көкчө, Музбурчак, Көкөтөйдүн уулу Бокмурун жана башкалар окко учат. Манас оор жарадар болот.

Кансыраган Манас Таласка келип, Алмамбеттин азгыруусу менен Чоң казатка барганын арман кылып, эл-журтунан кечирим сурап, курман болгон жоокерлерин жоктоп ыйлап, көз жумат.

Чоң казаттан кийин кыргыз эли биримдигин жоготуп, эгемендүү мамлекетинен ажырайт.

Алмамбет Манаска кыргыздар жерине кайтып, күчтүү мамлекет түзгөндө келет. Манасты – Манас, дастандуу баатыр кылган боштондук, эгемендүүлүк үчүн болгон күрөшкө, кандуу казаттарга Алмамбет катышкан эмес. Тескерисинче, баскынчылык максат менен аттанып, кыргызды кыргынга учураткан Чоң казаттын демилгечиси да, жолбашчысы да, кол башчысы да –Алмамбет. Эгер Алмамбеттин окуясы тарыхта болгон болсо – бул кытайлар тарабынан атайын жиберилген тыңчы деген шек кетиши да мүмкүн.

Эл-журту миңдеген жылдары сыйынган кудайынан кечип, өз дининен чыгып, өз атасына найза сайып, башын ыргыта чаап, өз элине кол салган баатырды кандай сот актайт? Кайсы кудай кечирет?

Алмамбеттин келбетин адилеттүүлүк менен калчап көрсөк: ал өз атасын өлтүргөн кылмышкер, өз максатына жетиш үчүн мелдештин эрежесин бузган, элдин сый-сыпатын, салтын көзүнө илбеген мансапкор; ишенчээк, айкөл Манастын колтугуна кирип алып, пейилин тескери айланткан бузуку, өз элине кол салган чыккынчы. Дүнүйө

тарыхында ар кандай себептер менен өз мекенинен кеткен, качкындар көп болгон. Бирок, душман тарабына өтүп, өз элине кол салган өтө сейрек учураган көрүнүш. Мисал үчүн XVI кылымда князь Курбский Иван Грозныйдан качып, Литвага өтүп, өз элине кол салгандыгы үчүн жүздөгөн жылдар бою кечиргис чыккынчы катары аты өчпөй келе жатат.

Алмамбеттин окуясы «Манас» эпосунун дагы бир терең насааттуу сабагы.

### *Чубак*

Чубак – нойгут элинин жалындуу баатыры, Манастын кенедейинен бирге өскөн үзөңгү жолдошу, кыйышпас досу, жан-дили менен берилген чоросу.

«Акбалтанын Чубагы,
Арстандын бири бу дагы.
Найзакердин ыктуусу,
Алышкан жоого мыктуусу,
Адамдын алы жетпеген,
Акбалтанын Чубагы.
Көк ырапыс тон кийген,
Көк ала сындуу ат минген
Узун бойлуу, кең далы,
Ач айкырык, куу сүрөөн
Акбалтанын Чубагы
Манаска чоро бу дагы».

Манастын бир да казаты Чубаксыз өткөн эмес. Ал эрдик жагынан Манастан да, Сыргактан да кем калышпайт, баатырдык намысты өтө жогору баалайт, эл-журтун коргоодо жанын аябайт, айбатынан тайбайт. Тейиштин тоюнда каткалаңдын кыз-Сайкалы Манасты сайып саларда,  ортого түшүп сактап калат. Чубак кызуу кандуу, өзүн өтө жогору баалайт. Алмамбетти Манаска күнүлөп «тентип келген калмакты менден жакын көрөсүң»,– деп чатак чыгарат.

Чоң казатта Алмамбет чалгынга Сыргакты алып кеткенине ыза болуп:

Аман кантип коем,– деп
Артынан жетип акыры
Алмамбетти соем,– деп барып:
Пейли кара шум калмак...
Кайнаган калың элиңден...
Бузукуңан келгенсиң,
Бузайымбы чебиңди!
Жарайымбы, Алмамбет
Ичиңдеги челиңди,–

деп ызырынып кылычын суурат.

Анда Алмамбет:
Эки миздүү көк болот
Сууруп алып кынынан
Качырып калды Чубакты.

Бакай менен Манас ортого түшүп эки баатырды ажыратат.

Байкагын Чубак, өзүңдү!
Бөлүнсөң бөрү жеп кетет,
«Бөлүнүп калды кыргыз»,– деп
Бөлөк элге кеп кетет,– дейт Бакай.
Акбалтанын Чубагы
Мойнуна күнөө түшкөнсүп,
Алмамбеттин алдында
Уят болуп калыптыр...
Бакырып «калмак» дегеним,
Артыңдан чаап келгеним,–
Байкасам мунум – зор уят...
Башымды кессең, мен мына!
Канымды төксөң, жер мына!..
Бууган тери чылбырды
Мойнуна турду салынып

Аттан түшүп эр Чубак -
Эки колу боорунда
Тизеси жерге бүгүлүп...
Ичинде калбай эч бир кек,
Ыраазы болду Алмамбет...
Аттан түшүп түйүлүп...
Камчысын салып мойнуна
«Күнөөмдү кеч!» – деп Чубакка
Жаш келиндей жүгүнүп.

Чубак куру намыска берилип, башкалардын сөзүнө теригип, кызуу кандуулугу менен Манаска, досуна таарынып көп чатак чыгарат, бул кемчилигин өзү жакшы билет, ачуусу тараганда күнөөсүн мойнуна алып, кечирим сурайт. Чубактын ачуусу чукул болгону менен өзү ак көңүл, кең пейил, жамандыкты көңүлүнө тутпаган, кек сактабаган, арамы жок, ачык-айкөл каарман. Чубактын намыскөйлүгү анын өзүмчүл керт башынын кызыкчылыгында эмес. Алмамбет менен тиришкенде «эмне үчүн жоопкерчилиги өмүр менен өлүмгө тикеш чалгынга мени албайсың»,– деп нараазы болот.

Манасты Чубак кудайындай көрөт, сөзүнөн чыкпайт, кандай гана учур болбосун өзүнөн улуу Кошойдун, Бакайдын сөзүн угат, урматтайт. Чубак эл-журту үчүн душмандар менен тайманбай салгылашат, достук шертти өзүнүн жанынан жогору баалайт.

Бээжинге жеткенде Алмамбет, Сыргак, Чубак үчөө тең көп душмандардын курчоосунда калат. Алмамбет өз жанынан кечип: «Силер Таласка аман кеткиле, мен бул жерден өлгөнчө согушам»,– деп Айжаңжунга каршы жөнөгөндө:

Акбалтанын Чубагы,
Эр Манастын Сыргагы.
– Кайрылбастан качканда
Кай мураска жетебиз!
Кабылан тууган Алмаңды,
Кантип таштап кетебиз?..
Кудай бизди урбайбы?
Кыргыздын бели сынбайбы,–

деп кашык каны калганча салгылашып, курман болушат...

Чубак баатырлыктын, достуктун, айкөлдүктүн эл оозундагы унутулгус үлгүсү. «Жоону сайса эр сайды – атагы калды Манаска». «Манастан Чубак кем бекен?» – деген лакаптар бекеринен чыккан эмес.

***Каныкей***

Каныкейдин келбетине кыргыз зайыптарындагы ак ниеттүүлүк, калыстык, өмүрлүк жолдошуна берилгендик, элди, жерди сүйүү, душманды, кара ниеттикти жектөө өңдүү мыкты сапаттардын бардыгы чогултулган. Каныкей - кыраакы, жөн билги, акылман, колунан көөрү төгүлгөн уз аял.

Кабылан жеңең Каныкей
Зайып заттын пашаасы,
Кең көйнөктүн тазасы,
Кара сурдун сулуусу,
Адамзаттын нурдуусу,
Ургаачынын узу эле,
Темиркандын кызы эле.
Береги Манас көк жалдын
Чачылганын жыйнаган,
Үзүлгөнүн улаган,
Сайып жүрүп бак кылган,
Салып жүрүп там кылган,
Санжыргалуу Манасты
Аалам журтка кан кылган,
Калдай башын туу кылган,
Катын башын эр кылган.

Бай Жакып уулуна татыктуу колукту издеп айлананы бүт кыдырып, акыры Бухара канынын кызына туш болот.

Санирабига кыз экен,
Суп-сулуунун өзү экен.
Жыла сүйлөп шыңк этип,
Акылы толгон кез экен.

Он алты жарым жашы бар.
Олоңдой кара чачы бар,
Сары алтындан түймөдөй
Келишкен кара кашы бар...
Ботодой бели ийилип,
Жазык маңдай, кара көз,
Жатык тилдүү, ширин сөз,
Аркасы кайкы, аркар төш,
Ай чырайлуу, бото көз,
Кызыл  жүзү нурданган,
Кыпча бели буралган...

Каныкейди көргөн бай Жакып суктанып, кыздын атасына барып куда түшөт.

Күйөөлөп келген  Манас  жаш кызга одоно мамиле кылса, ал ар-намысын сактап канжар менен колго сайат. Ызаланган Манас  тажик элине кыргын салып, Бухара шаарын бузарда:

Ажарын салып  Сани кыз
Канеткенда койдурам
Калктын баарын сойдуруп,
Каршы чыгып астынан
Кайтарармын койдуруп...
Кара кыргыз канына
Никесине кирүүгө
Барамын мен жанына,–

деп эл-журтун аман сактап калат.

Манас күнөөсүн мойнуна алып, кызга мээримдүү мамиле кылганда, Каныкей анын мүнөзүн түшүнүп,  адамдык сапатына туура баа берип,  алдынан чыгат:

– Атыңыз күлүк экен деп,–
Кылайып күлүп туруптур.
– Канжар тийген колуңуз,
Каныштан болсун жолуңуз

Каарданбай, төрөм, коюңуз.
Катаалдык кылат экен деп.
Бузулбасын оюңуз...
Баарысын көрүп сабылдым,
Аял болуп турсам да
Бактыга, төрөм, табылдың!
Арстаным, бери келгин,– деп,
Атыңдан түшүп бергин,– деп,
Оюна койбой оодарып
Оендун атын алыптыр...
Самап келген кыргыздын
Никесине бердик,– деп...
Айгайды журту салыптыр.
Кандын никейинде деп,
Калайык угуп алыптыр...
Андан кийин атагы...
Каныкей атка калыптыр.

Каныкей Манасты сүйгөн жары гана эмес, акылман кеңешчиси болот. Өзү абдан жаш болсо да акылмандык, сабырдуулук, ыймандуулук менен өзүнөн улуу Манастын зайыптары менен күнүлөшпөй, тил табышып, урмат-сыйын көрсөтүп, колго алып тез арада үй-бүлөгө гана эмес бүт кыргыз элине баш-көз болуп, сыйга, кадыр баркка ээ болот.

Манасты «Манас» деген атка жеткирген - Каныкей. Ал керегинде ашкан уздугун көрсөтүп, Манаска ок өтпөс Аголпукту, бадана тонду, Кошойго кандагайды, кырк чорого бүт согуш кийимин жасаган болсо, керегинде чачын төбөсүнө түйүп, эр кийимин кийинип, жоого каршы турат.

«Биз Манаска келгени
Асыл жеңең Каныкей -
Арака чайкап бал берди,
Алтынга салып эт берди,
Жакасы алтын, жеңи жез,
Кош бадана, торгой көз,

Ок өтпөс тонду кийгизди,
Чамаңарды тийгизди» –

дейт Ырамандын ырчы уулу.

Каныкейдин иштеген иштери, акылы, максаты: кыргыз элин көз караңды кылбай душмандарга каршы туруп, ата-мекенди, биримдүүлүктү сактап калууга багытталган.

Манас Бээжинди каратып, кан болуп туруп калганда, Каныкей:

«Бээжинди билди дегиче,–
Мейнетти билди десеңчи.
Алтын так минди дегиче,–
Ажалды минди десеңчи» –

деп, катуу кайгырып, тез кайткын деп Манаска кат жазат. Аккуласы өлсө, жөө калат деп, Тайбуурулду коштотуп жиберет.

Манас жарадар болуп эстен танып келе жатканда, ага кубат берүү үчүн жаңы төрөлгөн Семетейди көтөрүп, алдынан чыгат. Ыйлаган Семетейдин үнүн укканда, кансырап атка жүрө албай келе жаткан Манас кадимкидей эсине келет.

Манас Чоң казатта аскеринен, чоролорунан ажырап, күч-кубатын, кайратын жоготуп буркурап ыйлап турганда:

Кайран жеңең Каныкей
Баатырыңдын алдына
Басып келди сумсайып...
– Баатырым, арман арылбайт,
Акырет кеткен эгиздер,
Арман кылсаң табылбайт.
Телегейиң тең да өткөн.
Кайгырса жүрөк камыгат,
Кайрат кылчы, баатырым.
Кайрандар кайдан табылат?.. –

деп эл алдында мөгдүрөп, айбатын жоготуп турган Манаска кайрат берет.

Манас көз жумганда Каныкей анын арамзаа инилеринин анткор ыйлап жатканын көрүп капа болот.

– Белгилүү Манас өлгөндө,
Уул-ой, өрт өчкөндөй болбогун!
Кыйырда турган душман көп,
Ошонун жайын ойлогун…
Тийип алып жылкыны,
Кыргын кылып жүрбөсүн!..
Таластагы кыргызга
Кан талоосун кылбасын,–

деп, аза күтүү үлпөтүн Абыкеге тапшырат.

Алты арам аргасыздан намыска келип, топурак салганы келгендерди шаан-шөкөтү менен узатышат.

Манастын сөөгүн душмандары казып алып, мазактабасын деп, кепинге дөңгөч ороп көмдүрүп, өзүн жашыруун жакка алып барып, жерге коет.

Манастан калган жалгыз туягын көрө албастар майып кылып койбосун деп үч айлык Семетейди койнуна катып, кайын энеси Чыйырдыны ээрчитип, түн менен төркүнүнө Бухарага качып сактап калат. Семетей Манастын уулу экенин жашырып багып, бой жетип жигит болгондо кыргыз эли жөнүндө, атасы жөнүндө айтып, Таласка жөнөтөт.

Эпостун уландысы болгон «Семетей», «Сейтекте» да Каныкей терең акылман, мээримдүү эне катары жашайт. Кыргыз эли Каныкейдин келбетин, келиндин, зайыптын, эненин жылдыздай жаркыраган үлгүсү катары эсинен кетирбей, оозунан түшүрбөй миң жылдан бери сактап келе жатат.

Каныкей башка элден келген, башка тилде сүйлөгөн болсо да кыргыз элин, кыргыз жерин өз мекениндей сүйөт, камкордук кылат, анткени ал никелешкен Манаска жан дили менен берилген.

Дүйнө тарыхында башка улуттун кыздары келин болуп барган элин сүйүп-күйүп башкарып, падыша болуп, чын жүрөктөн өнүп-өсүшүнө

камкордук көрүп, душмандан коргоп зор эмгек кылган инсандар болгон. Мисалы үчүн, байыркы заманда Египетке падыша болуп, араб элинин тагдырын өз колуна алган грек кызы Клеопатра, эки миң жылдан бери унутулбай келе жатат. Ошондой эле немец кызы Екатерина Россиянын падышасы болуп, орус элине жан дили менен эмгек кылып, маданиятын, адабиятын, илим-билимин өркүндөтүп, өстүрүп, душмандан коргоп, байытып тарыхта калды.

Кыргыз элинин жүрөгүнөн, ой-толгоосунан жаралган Каныкейдин залкарлыгы тарыхый инсандардан кем эмес.

***Кошой***

Кошой жомокто баардык каармандардан улуу. Ал көптү көргөн-билген акылман, кыраакы, айлакер, аяр болгондуктан, чоролор, кандар, Манас баш болуп андан ыйбаа кылып, акылын угуп, айтканына көнүшөт.

Кошой улуу ага катары кээде эч ким сөз кайрып көрбөгөн Манасты да эл алдында жемелеп, акыл айтат. Ал баатырларды, кандарды тизгиндеп, эл-журтка зыяндуу боло турган кылык-жоруктарды тыйып турат. Көкөтөйдүн ашында, Манас Үрбүнүн жаагын айра чапкандыгы үчүн, баатырлардын көпчүлүгү наразы болуп, чатак башталганда Кошой: «Дос-душмандын көзүнчө чыр чыгарбагыла, аш тарап, эл кеткенде, таарынычыңарды өз ара чечишкиле»,– деп жулунуп турган баатырларды токтотот. Кошойдун келбети аркылуу элдин улуу-кичүүгө болгон мамилеси, өз ара сыйы, адеби, жүрүш-турушундагы сый-сыпаа маданияты сүрөттөлгөн.

Кошой бой-келбеттүү, Манастын кийими да чак келбеген зор балбан. Көкөтөйдүн ашындагы калмактардын «мас болгон пилдей чамынган» балбаны Жолой менен күрөшкө эч бир баатыр чыкпай койгондо, 85 жаштагы Кошой намысына чыдабай өзү чыгат.

Кайран Кошой атаңар
Карай-карай сүйүнүп,
Кандагайды кийинип,
Кудуретке жалынып,

Ажал жетсе өлүүгө,
Дарман келсе абакең,
Кытайлардын дөө Жолой
Күрпүлдөшүп көрүүгө
Чыкмак болду майданга
Намыс алып берүүгө.
Карган Кошой абаңар,
Булчуңу бука белиндей.
Булкушканды жегидей,
Кол салуучу жолборстой
Кармашканы оңбостой,
Кошойдун жаалы ушундай
Тоодой Жолой балбанды,
Томкоруп жерден алганы
Көтөрүп жерге уруптур
Жолойду кудай уруптур.

Күрөштөн алган чоң байгесин Кошой кедей-карыптарга таратып берет.

Манас каза болгондо Каныкейдин биринчи кеңешчиси Кошой карыя болот.

### *Бакай*

Бакай акылмандыктын, сабырдуулуктун, калыстыктын, кең пейилдиктин үлгүсү. Ал адамдын ички дүйнөсүн сезет, башкалардын ой-пикирин, болуп жаткан шартты терең түшүнөт. Манас атасы Жакыпка таарынып, эл-журтун таштап кеткенде Бакай жете барып:

Жем издеген бөрүдөй,
Желип кетиш не жорук?
Эрин чанган катындай,
Качып кетиш не жорук?
Жолдошуна сыр айтпай,
Жолго чыгыш не жорук? –

деп жемелейт.

Анда Манас:

Артык айтар сөзү жок,
Атырылар кези жок,
Кылмыштуудай кылыят
Агасын карап муңаят

Уятка калган Манас өзүнөн улуу Бакайга каяша айталбай, аргасыздан күлүп жиберет:

Кайран Манас баатырың
Каткырып күлүп калды эми.
Кабыландын чоролор
Каткырыкты салды эми.

Чоң казатка чыгарда Манас чоролору менен кеңешип Бакайды кол башчы, Кытайга барчы жолду билген Алмамбетти жол башчы кылып дайындайт. Жолго чыкканда Алмамбет аскердин жүрүшүнө, тартибине наразы болуп, кейпи мындай кол менен эч кандай ийгилик болбосун түшүндүрөт. Манас улгайган Бакайдын ордуна кол башчылыкты жоокерлик кесипти тың билген Алмамбетке тапшырат.

Бакайга аскер кандыгынан түшкөнүн Серек менен Ажыбай жеткирип барат.

Айтканын угуп эр Бакай
Каткырыгы таш жарып
Катуу күлүп калганы...
– Жалгыз бенде уккан жок.
Нече жерде кан болдум,
Караңарчы, балдарым,
Башыма мүйүз чыккан жок,
Кеңдигинен атаңа
Кетпеген дөөлөт токтолгон,
Абакеңиң Бакайда
Таруудай тарлык жок болгон...
Баатыр Алма султанды
Баламдан жакын көрөмүн,

Башкарып алсын аскерин
Бачымыраак жөнөгүн,–

деп кең пейил Бакай калтырап коркуп турган чоролордун колуна кат берип, Манаска жөнөтөт.

Бакай Манасты жанындай жакшы көрөт, ал жаңылса жемелеп акыл-насаатын айтат, ийгиликтерине өзүнөн катуу кубанат.

Бакайда аталык, чоң-аталык мээрим сезими өтө күчтүү, баласаак. Манас өлгөндө, Каныкей  Абыке-Көбөштөрдөн коркуп койнуна салып кеткен Семетейди Бакай өз небересиндей сагынып:

Семетей көзүн бир көрбөй,
Канткенде тирүү турайын...
Жесиримди көрөйүн,
Жетимимди өбөйүн,
Найзага баккан желегим,
Манастан калган белегим.
Кол кайырым берейин,
Койнума салып жалгызды.
Жыттап, жыттап келейин,–

деп издеп чыгат.

Манаска бир тууган ага, кандуу майдандарда жоокерлик ишке машыккан кол башчы, тиричиликте акылман насаатчы эр Бакай – «Семетей», «Сейтекте» башынан кандай гана кыянаттар өтпөсүн өзүнүн туруктуу келбетинен тайбаган каарман.

Манастын ички-тышкы иштерине кеңеш берип, дайыма аны жандап жүргөн акылманы - Бакай. Ал тынччылыкта эл арасындагы кемкетикти бүтөп, чыр-чатакты басып, журт башкарат. Жоокерчиликте Манастын туусун кармап, кол баштап, майданга кирет. Ал согуштун ыгын, элдин салтын, баатырдык, адамгерчиликти  жакшы билген акылман.

Жомокто Бакайдын образы мындай сыпатталган:

Кабылан Бакай – дөө, султан
Ак калпагы казандай,

Абаң Бакай көк жалдын
Айкырса, үнү – азандай.
Астыга салса – ак жолтой,
Аркасы бийик сан колдой,
Олуя чалдын уулу ошол,
Амалы артык кул ошол.
Караңгыда көз тапкан.
Капилет жерде сөз тапкан,
Асмандан жылдыз козгогон,
Кабылан эр Манаска
Акыреттик дос болгон...

Бул сапаттар Бакайдын эрдигин, Манастын жеңиши, даңкы үчүн көп эмгек сиңиргендигин, элдин тилегин, мүдөөсүн айтып турган кеңешчи, тарбиячы, үйрөткүч экенин билгизет. Ал элдин бирдиктүүлүгү, баатырлардын ынтымагы үчүн күрөшөт. Маселен, Чубак Алмамбет менен чатакташканда:

Бөлүнсөң, бөрү жеп кетет,
Бөлүнүп калды кыргыз деп,
Бөлөк элге кеп кетет.
Жарылсаң, ууру алуучу,
Жай уксаң, акыл нак ушу.
Кандыгым кеткен меники,
Калкты бузуп жөнөшүң,
Кандай жумуш сеники? –

деп, ага акыл-насаатын айтат.

Бакай «капилет жерде сөз тапкан, караңгыда көз тапкан» деген мүнөздөмө да бекеринен айтылган эмес.

Көкөтөйдүн ашы жөнүндө кабар бербеген, эс-акылы токтоло элек Бокмурунга ачууланган Манаска:

Барып чаап алгыдай,
Көкөтөйдүн Бокмурун,
Сыдырмак ала тоо эмес.

Салмакташар жоо эмес.
Жетимди чапкан болобу?
Жеткилең иши оңобу?
Балага барып катылып,
Уятка ишиң чатылып,
Ошондо ишиң оңобу? –

деп каарданып турган баатырды тынчытып, кыргыздарды өз ара кан төгүүдөн сактап калган «асыл Бакай кабылан».

Чоң казатта Манас менен Алмамбет душмандардын курчоосунда калганда Сыргак зорго качып чыгып, кокуйлап келгенде Бакай:

Байкабаган баласың
Басып калды кытай деп,
Бакырып кирип барасың.
Баатырлардын баарысын
Балакетке саласың.
Кудай кулду берди деп,
Тилегибиз келди деп,
Корккондон келген эрендер
Кош атын колго албайбы.
Коңторулуп шу жерден
Кайра жөнөп калбайбы.
Ошо бойдон соо кетпей,
Ногой уулу болгонун
Ойрон кылып салбайбы! –

деп Сыргакты тилдейт.

Анда Сыргак «билмексен болуп кымпыйып, калаба көрбөй келгендей, сыр алдырбай зымпыйып» келип кытайлар кыйрап, мал-мүлкү чачылып жатат деп калп айтат. Муну уккан калың кол бири калбай Манасты көздөй жабыла жөнөйт. Кара тумандай каптап келе жаткан кыргыздарды көргөн кытай-калмактар жүрөгү түшүп, дүрбөп качат. Бу да болсо эр Бакайдын согушка ыктуулуугу, адистик акылмандыгы, адамдардын ички дүйнөсүн терең билгендиги.

Демек, чынында кабылан Бакай «астыга салса ак жолтой, аркасы бийик сан колдой» акылман шер.

### *Коңурбай*

Алтымыш уулдун кенжеси, Алооке кандын баласы Коңурбай - Манас менен жер, бийлик талашкан кыргыздардын эзелки жоосу. Ал ченебеген жоокер, согуштун ыгын мыкты билген куу, жеткен айлакер, ашкан адис, митаам.

Адырайган чоң Коңур –
Көк күбө соот бөктөргөн,
Көк найзаны көтөргөн,
Баданасын жамынган,
Мас болгон пилдей чамынган,
Баатырды көздөй камынган,
Устундан кыйып улаткан,
Учуна болот сулаткан,
Сайган жоосун кулаткан,
Өрттөй көзү кызарып,
Өткүр Коңур бу калча
Кыр мурундуу, кызыл көз,
Жоон билек, жолборс төш,
Кабагы бийик, кара сөз,
Капталы – жазы, бою – эңчер,
Кан Коңурбай деген эр.

Коңурбайдын сүрү, күчү Манастан кем эмес. Ошондой болсо да ал Манас менен беттешип, жеңилеринде качып кутулат. Коңурбай жер, бийлик талашкан, кыргыз элине жаңжал салган душман болсо да жомокчулар анын баатырлыгын, жоокерлик адистигин, саясый айлакерлигин, өз эл-журтунун азаттыгын, ар-намысын, жанын аябай коргогондугун жогору баалап, келбетин калыстык менен сүрөттөшөт. Коңурбай Манастын айбатын жогору сыйлайт, зор кеменгерлиги менен эсептешет, адилеттүүлүгүнө суктанат, айкөлдүгүн, кири жок ак-көңүлдүгүн, ишенчээктигин жакшы билет. Эр сайышта Коңурбай

Манастан жеңилип Алгарасын олжого алдырып коердо, чөгөлөп анын алдына жыгылып, жалынып-жалбарып, күлүктүгү малда жок алашатын кайтарып алат.

Ат чабышта Алмамбет мелдештин шертин бузуп, кытай-калмактарды алдап кыргыздардын Аккуласын чыгарганда, Коңурбай ызаланып байгесин талашып чатак салат. Көкөтөйдүн ашына жан-жоокерлери менен сыйга келген Коңурбай кандуу кыргынга учурайт. Бээжинди күтүлбөгөн жерден каптап келгенде, кытайлар кыргыздарга кара күч менен туруштук бере албасына көзү жетип, Коңурбай эл-журтун талоондон сактап калуу жолдорун издейт, Манастын ишенчээктигин эсине алып, кулдук уруп алдынан чыгып, олжосуна алтын-күмүш, сулуу кыздарын тартуулап, шаардын капкасын ачып тактысын берет, убакыт созуп, курал-күч, аскер чогултуп, кыргыз колун курчоого алып кыргынга учуратат; Манасты оор жарадар кылып, чоролорун окко учуруп, кыргыздарды чегинип кайра тартууга мажбур кылат.

«Өзүңдү эр деп ойлосоң, душманыңды шер деп ойло»,– деген лакап акылман элибиздин дагы бир насааты. Эр Манас душманы Коңурбайдын шерлигин этибар албай Чоң казатка чыгып, чоролорунан, аскеринен ажырап, эл-журтун зор кыянатка учуратат.

«Семетей» жомогунда да Коңурбай айбатын кетирбейт. Айчүрөк аккуу болуп Семетейге учуп баратканда Коңурбай жылкы кайтарып жүргөнүн көрүп:

Карылыгы болбосо,
Тийип алчу шер экен,– деп баалайт.

### *Жолой*

Манастын душмандарынын санында дагы бир укмуштай сүрөттөлгөн каарман бар. Бул кытай-калмактардын баатыры Жолой.

Амурдун башын жайлаган,
Шакардай күчү кайнаган,
Карлуу тоонун төбөсү,
Кара калмак төрөсү,
Алты батман буудай жеп,

Дан жыттанган чоң Жолой.
Алтымыш алпты бир союп,
Кан жыттанган чоң Жолой,
Тырмагына караса,
Ак жолборстун салаадай,
Муруттарын караса,
Тегирмендин көпчүгү –
Текши койгон барадай,
Жан казандай башы бар.
Артына түшкөн айдары,
Кыл чылбырдай чачы бар.
Кырктын анык өзүндө
Кызыталактын жашы бар.
Мунарадай бою бар,
Бул дүйнөнүн балбанын
«Койбойм» деген ою бар.
Кулактын көркү калкандай,
Чечекейи чарадай,
Атасы бар, бата жок,
Энеси бар, нуке жок,
Элде мындай бөкө жок,
Туурасы жоон, бою пас
Дулдугуй беттүү өңү саз.
Комдонуп жаткан кара иттей,
Маңдайында кашы бар,
Козголучу дөө эмес –
Колуна тийген тоодой таш
Боло турган талкандай.
Эки ийнине караса,
Эки киши конгондой,
Эки бетин караса,
Эки дангыт тойгондой.
Көзү чүңкүр Жолойдун
Терең казган ородой,
Көзүндөгү чылпагы

Чокчо табак шородой.
Балтыры өгүз белиндей,
Оозунан чыккан илеби
Улуу белдин желиндей.

Жолой – адам жеңе алгыс күчтүү алп, бирок анда адамгерчилик, ой жүгүрткөн акыл, калыстык жок. Ыймансыз, адеп билбеген, ынсапсыз, соргок, кан ичер каарман. Ал Көкөтөйдүн ашында табак тарткан сыйды күтпөй, казан башынан быша элек этти сугалактанып жей берет. Күрөштө улгайган Кошойдон жыгылат.

Көкөтөйдүн ашына келген Жолойду жомокчулар какшыктап, шылдыңдап сүрөттөйт. Бирок анын алп күчүнө тең боло турган адам жок. Жолой менен күрөшкө чыгуудан Манас да коркот. Кудайдын кудурети колдогон Кошой карыя болбосо ал чоң байгени күрөшпөй туруп эле алып кетмек. Ал эми күрөштө 85 жаштагы абышкадан жыгылган, Манастан камчы жеген ошол эле, «доңуз мүнөз» Жолой эл-журтун, мекенин коргогондо өзүнүн мал-мүлкүн аябай ортого салат, каптап келген кыргыздар менен жанын аябай салгылашат, зор баатырлыгын көрсөтөт.

Эпосто кыргыз элинин, айыгышкан душмандарынын да баатырлыгы, жоокерлиги, адистиги, айлакерлиги, өтө кылдат чеберчилик менен, калыс адилеттүүлүк менен баяндалган.

## "Манас" дастанынын негизги акыл–насааты

«Манас» эпосунун негизги идеялык максаты – ата журтту, мекенди коргоо. Мурда чабылып, чачылган уруулардын башын кошуп, кыргыз элинин эркиндиги, тынчтыгы, бирдиги үчүн душмандарга каршы туруу. Дастанда баатырдык, эл, жерин сүйүү өтө бийик даңазаланат. «Жатып өлгөнчө, атып өл», «Эр жигит эл четинде, жоо бетинде», «Убададан тангандан, антты бузганды, чыккынчылык кылганды: Төбөсү бийик көк урсун, төшү түктүү жер урсун» – деп, коркокторго, чыккынчыларга каргыш айтылат. Коңшулаш элдер менен ынтымактуу, кыз алышып-беришип, туугандашып өмүр сүрүп, жоо келсе бир жа-

кадан баш чыгарып, бир жеңден кол чыгарып, эл журтту коргош керек деген терең ойдун шаңы жаңырып турат.

«Манас» үчилтик эпосунун негизги акыл-насааты (идеясы): Манас чачылган эл журтун чогултуп, коргоп, өзүнчө эгемендүү мамлекет түзүп, душманга каршы турганда – жеңилбес баатыр. Ал эми башка элге кандай гана ураан менен кол салбасын – ал батырдын өлгөнү ошол. Эл журту да чачылып, талаада калат. Мындай акылман ойду илгерки замандарда өткөн зор кеменгерлердин тагдырлары да айгинелейт. Иса пайгамбардын айтканындай: «Кылыч менен келген, кылычтан өлөт». («Евангелие от Матфея» гл.26)

## "СЕМЕТЕЙ"

«Семетей» поэмасы – «Манастын» экинчи бөлүгү. Мында Манастын уулу Семетейдин төрөлгөндөн өлгөнгө чейинки башынан өткөргөн окуялар айтылат. "Семетейдин" идеялык мазмуну, көркөм касиеттери, аткаруу ыкмасы жана обону, окуялардын өнүп-өскөнү "Манастын" ажырагыс уландысы.

«Семетейде» да кыргыз элинин бирдиктүүлүгү, чет душманга көз каранды болбостугу, күрдөөлүн көтөрүү, элди, жерди сүйүү, душманды жек көрүү сезим шаңданып турат. «Манастагы» башкы каармандар: Манас, Алмамбет, Чубак, Сыргак, Каныкей, Бакай ж.б. образдар өзгөрүүсүз «Семетейде» да сүрөттөлөт. Кыргыздардын өз ара карама-каршылыктары Абыке, Көбөш, Чачыкей, Кыяз, Үмөтөй, Канчоролордун келбеттери, жашоо кыймыл-аракеттери аркылуу берилген.

«Манас» поэмасынын өсүп жеткен чокусу – кытайлар менен болгон согуш – «Чоң казат». Бул согуш «Семетей» поэмасында да уланылып, "Семетей менен Коңурбайдын согушу» – деп аталат. Бирок Семетейдин согушу кыргыздар Манас өлгөндөн кийин өз ара бийлик талашып, биримдигин жоготуп, эгемендүү мамлекеттен ажырап алсыздан-ган кезде болот. Манастын максаты – кыргыздарды туш-тарапка сүрүп, кытайлар тартып алган Ала-Тоо, Түркстанды кайра алып, өз жерге ээ болуу. Экинчи согуштагы Семетейдин максаты да Алмамбет, Чубак, Сыргак, Манасты өлтүргөн Коңурбайды жеңип, кайрадан чачылып, бириндеп кеткен кыргыз урууларын бириктирип, атасы Манастын тушундагы күрдөөлгө, күчкө, бирдик мамлекетке жетишүү.

«Манас» поэмасын айткан жомокчу аздыр-көптүр «Семетейди» да, «Сейтекти» да айтат. Бизге белгилүү жомокчулардан «Семетейди» айтып, «Манасты» билбей калгандары болгон эмес. Илгерки белгилүү манасчылар: Нооруз, Келдибек, Балык, Акылбек, Чоңбаш, Назар, Тыныбектер эпостун үчилтигин тең айтышкан. Атактуу манасчы Сагынбай «Манастан» да «Семетейди» көбүрөөк жана жакшыраак айтам дечү экен. Саякбай, Шапак, Багыштар да «Семетейди» көлөмү жагынан «Манас» менен барабар айтышкан.

«Семетей» «Манастын» үзүлгүс уландысы, бирок ошондой болсо да, «Семетей» поэмасы «Манастан» бир кыйла өзгөчө. «Манас» залкар баатырдык дастан болсо, «Семетей» көбүнчө лирикалык поэмага жакын. Бакай, Каныкейлердин оор абалына кайгыруу, Манастын тушундагы салтанатты, көзү өткөн мыкты баатырларды даңазалап жоктоо, сүйүү темасы, күнүлөө, жеке эрегишүү, кектөө өңдүү таламдар

басымдуулук кылат. Бул жагдай «Семетей» поэмасына лирикалык күү берип турат. «Манаста» негизги окуя, драмалык кагылышуулары чыныгы турмушка жакын, кадимки адамдардын элесин берет. Баатырлардын ой жүгүртүүсү, эңсеген максаты, кыймыл-аракети жоокерлик шаңга сугарылып, эл-журтту коргоо, кыргыз жерин бошотуп, өзүнчө эгемендүү мамлекет түзүп, аны душмандан коргоо эмес беле. Ал эми «Семетейдеги» каармандар жерди, элди коргоо менен бирге, көбүнчө сүйгөнүнө жетүүнү да максат кылышат.

Эл чыгарган дастандардын аягы көп учурда жеңиш, жакшылык менен бүтөт. Сүймөнчүктүү башкы каармандын жеңилгени, анын душманынын салтанаты убактылуу гана болот. Эл сүйгөн баатыр душман колунан курман болсо, адилеттикти кайра кайтаруу, кек алуу, жаңы жеңишке жетүү ыйык парз – өлгөн баатырдын уулуна жүктөлөт.

«Семетей» эпосунда Каныкей, Семетей, Бакай, Чыйырдылардын башына түшкөн азапты, элдин чачылышын, Айчүрөктүн зордукка учурашы романтикалык күү менен айтылып, реалисттик планда сүрөттөлөт.

«Семетейде» кыргыз уруулары өз ара биримдиги жогунан туш-туш тарапка сүрүлүп, Манас түзгөн эгемендигин жоготуп, жоокерлик күчкубатынан ажырап, душмандарга көз каранды болуп калган армандуу учур сүрөттөлөт.

«Семетей» да башка оозеки чыгармалардай, жомокчулар аркылуу ооздон оозго, кылымдан кылымга көчүп, ар кайсы доордун социалдык-тарыхый шартына карай өзгөрүп келген. Поэманын каармандарынын сүрөттөлүшү, тили, ырлары, окуя түзүлүшү кыргыз элинин оозеки чыгармасындагы көркөм салтынын негизинде жаралган.

«Семетейдин Чынкожо, Толтой менен согушуп, Айчүрөккө үйлөнгөнү» – деген бөлүмдө сүйүү, үйлөнүү жана жоокерлик согуштар мотиви менен айкалышып, кыргыздын байыркы үрп-адат, каадасалт, жорук-жосундары, салттары кеңири орун алган. Мында Айчүрөктүн кулк-мүнөзү аркылуу акылман, кайраттуу аялдын, Семетейдин келбети аркылуу сүйүүгө берилген айлакер, туруктуу, эр жүрөк, элжуртун жан-дили менен коргоп, атасы Манастын нак мураскери катары, Күлчоронун келбети аркылуу кайраттын, достукка берилгендиктин үлгүсү көрсөтүлөт. Канчоронун мүнөзүндө кыйдылык, кекчилдик, арамзаадалык, чыккынчылык чагылдырылган. Мындагы кан төгүлүп жаткан согуш кайгылуу, аянычтуу күүдө эмес, көбүнчө шылдың, кер какшык менен сүрөттөлгөн. Окуялар да угуучулардын көңүлүн

чөктүрбөй, акыр-аягы тилекке жетүү, оюн-тамаша, той менен бүтөт. Бул бөлүм дээрлик акындык, ыр түзүлүшү, көркөмдүк чеберлик менен обону жана аткаруу жагынан мыкты иштелген.

«Семетейдин өлүмү» угуучулардын үмүтүн үзүп, көңүлүн чөгөрөт, Канчоро менен Чачыкейдин кара ниеттик ыплас кылыктары зээнди кейитип, кыжырлантат. Ошондуктан угуучулар бул бөлүмдү аткарууну семетейчиден көп талап кылышкан эмес. Демек, семетейчилер да бул окуяларды анчалык этибар албай, солгунураак калтырган.

Семетейдин Букарада өсүп, Таласка келишин кээ бир семетейчилер үстүртөн кабарлап коюп, аттатып айтса, кээси бул окуяны эл алдында чанда гана аткарышкан. Бул бөлүмдү бир гана Саякбай Каралаев бутактантып, өндүрүп-өстүрүп уланткан. Илгерки, кийинки семетейчилердин эч кимиси айтпаган «Каныкейдин Тайторуну чапканы» деген окуяны Саякбай өзү чыгарган. Саякбай бул эпизодду таасирленүү менен өтө ишеничтүү, көзүнө жаш алып аткарчу. Угуучулар да муну укканда манасчы менен кошо кадимкидей жаш төгүшкөн.

«Семетей» дастанында «Манастагы» «Кылыч менен келген, кылычтан өлөт» деген негизги насаат далилденет. Коңурбайдан өч алам деп Кытайга барган Семетей оор жарадар болуп, арандан зорго аман кайтат.

Ал эми Чоң Казатта Манасты баатырлары менен күм-жам кылган жеңилгис Коңурбай кыргыздарга чабуул койгондо Семетейден курман болот. Семетейдин бир тууган бөлөсү Үмөтөй Таласка кол салганда өмүрүнөн ажырайт.

«Семетей" дастанын кагаз бетине биринчи Чокан Валиханов түшүрүп, "Көкөтөйдүн ашын» кара сөз менен жазып алган. 1862-1869-жылдарда академик В.В.Радлов «Семетейден» 3.005 сап ыр жазып, 1885-жылы өзүнүн "Түндүк түрк урууларынын эл адабиятынын үлгүлөрү» деген китебине басып чыгарган.

Октябрь төңкөрүшүнөн кийин жомокчу Тыныбек Жапый уулунан 1924-жылы Семетейдин Айчүрөктү алган окуясы жазылып, 1925-жылы Москвада басмадан чыккан.

«Семетейди» эл оозунан жазып алуу иши 1930-жылдардан баштап кызуу жүргүзүлгөн.

«Семетей» дастаны толугу менен Саякбай Каралаевдин айтуусу боюнча өзүнчө китеп болуп жарык көрдү.

## "СЕЙТЕК"

«Манастын» үчүнчү бөлүгү – Манастын небереси, Семетейдин уулу – Сейтек жөнүндөгү дастан. «Манас» менен «Семетей» элге кеңири тарап, өнүп-өсүп, көркөмдүгү такшалдангандан кийин гана «Сейтек» эпостун уландысы  катары табигый түрдө жаралганы шексиз, ошондуктан аткаруу ыкмасы, обону да бөтөнчө эмес.

«Сейтектин» мазмуну аянычтуу, мындагы окуялардын көбү кайгылуу, белгилүү каармандар оор абалда.  Окуялардын түйүнү, жүрүшү жагынан «Сейтектин», «Манастын», «Семетейдин» түз уландысы, бирок ошондой болсо да композиция жагынан өзүнчө  жаралган, бир бүтүн кызыктуу поэма.

«Сейтектин»  негизги акыл-насааты – өз ара бийлик, байлык талашып бөлүнүп кеткен кыргыз урууларын кайра кошуу, кыргыз элинин эгемендүүлүгүн чет душмандардан сактоо, атасы Семетейдин кунун кууп, чыккынчы Канчоро менен Кыязды жазалоо. Сейтек чоңойсо элдин бирдигин бузгандарды күнөөсүн тарттырып, чачылган кыргызды кайрадан чогултуп,  Манастын убагындагы күч-кубатка жеткирет деген элдин үмүтү дастандын башынан аягына чейин угулуп турат. Бул үмүт Бакайдын, чоң энеси Каныкейдин, агасы – Күлчоро, энеси Айчүрөктүн аракеттери аркылуу баяндалган. Сейтек эр жетип, өз ара бузукуларды жазалайт, Таласка келип,  уруулардын башын бириктирет. Бакай, Каныкей, Күлчоро, Айчүрөк, Семетейлердин көптөн күткөн тилектери орундалып, Сейтекке элин тапшырып:  «Эми биздин тилегибиз орундалды, күнүбүз бүттү» – деп батасын берип, кайып  болушат.

«Сейтекте» «Манастын» башкы патриоттук идеясы жаңыланып, кайрадан жоокер-баатырлык эпоско айлангансыйт. Аткени үчүнчү илтикте кайгы-капа, илгерки эгемендүүлүктү эңсөө көп орун алган.

1941-жылы Ата-Мекендик согуш башталганда «Сейтектин» сюжети да, көркөмдүгү да бир аз өнүп, өсөт. Саякбайдын айтуусунда Сейтектин неберелери Панфилов дивизиясында фашисттерге каршы согушат. Анткени бул жылдары «Манастын» патриоттук, жоокерлик кайратын элдин эсине салуу зарыл эле.

«Сейтек» дастанынын да жомокчулардын оозунан  жазылган ондон ашык варианттары бар. Саякбай Каралаев жана башка манасчылардан «Сейтектин», неберелери Кулансарык, Алымсарык жөнүндөгү баяндар да жазылып калган.

«Сейтек» дастанында кыргыз элинин биримдүүлүккө, эгемендүүлүккө куса болуп эңсегени, өз өлкөсүнө, ата-мекенине өзү ээ болуп, өз тагдырын өзү чечүүгө умтулган үмүтү баяндалган.

Атаң Манас арбагы
Элиңе дайым жар болсун!
Сапар жүрсөң алыска,
Жол баабедин шай атаң,
Балам, сени колдосун!
Жолугушуп касташкан,
Душмандын жолу болбосун!
Касташкандын жолуна.
Кара таш тоодой үйүлсүн,
Атагың чыгып ааламга
Айкөлдүгүң билинсин!
Кара кылды как жарган
Калыс болгун калкыңа,
Үзүлгөндү улап бил,
Чачылган журтту жыйнап жүр,
Жергелеш болгон конушка,
Журтуңдун көөнүн оорутпа!
Акылман болсун чалдарың,
Кайраттуу болсун балдарың.
Мээримдүү болсун энелер,
Ыймандуу болсун ар дайым.
Кыргызда кыз-келиндер.
Жаман, жакшы өткөн иш,
Кайран журтум кечип кой?!
Ала-Тоону жер кылган,
Ак калпактуу калың журт,
Кыйрың менен эсен бол! –

деп акылман Бакай карыянын хан көтөрүлгөн Сейтекке берген батасы кылымдан кылымга өтүп келе жатат...



**Ташым Байжиев,** **Зияш Бектенов**
**(1909–1952)** **(1911–1994)**

Т. Байжиев менен З.Бектенов кыргыздын көрүнүктүү тилчи, адабиятчы окумуштуулары болгон, отузунчу жылдары түштүктө ондогон мектептерди ачып, тил жана адабият боюнча биринчи окуу китептерин жазышкан, көркөм чыгармаларды жаратып, орус жана дүйнөлүк классиктердин чыгармаларын кыргыз тилине которушкан, Т. Байжиев жазган пьесалар театрлардын сахналарында коюлган. Т. Байжиев менен З. Бектенов «Манасты» биринчилерден болуп изилдешкен, кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын жанр түрлөрүн классификациялап, теория жагынан иштеп чыгышкан, В.М. Жирмунский, П.Н. Берков, А.Н. Бернштам, С.М. Абрамзон, М. Ауэзов, М. Богданова өңдүү дүйнөгө белгилүү окумуштуулар жардам берип, чогуу иштешип, кыргыздын адабий илиминин өсүп-өнүгүшүнө салымдарын кошушкан.

Т. Байжиев 1940-жылы тарых жана адабият илимий институтунун «Манас» бөлүмүн башкарып, 1941–42-жылдары өткөрүлүүчү эпостун 1100-жылдыгына даярдык көрүп, бир топ макалаларды жазып, илимий изилдөө жүргүзүп, Саякбай, Молдобасан, Акмат Рысмендеев, Шапак Рысмендеев сыяктуу белгилүү жомокчулардын варианттарын кагазга түшүртүп, фондуга алдырган. Зияш Бектенов «Манасты» кара сөз менен жазып чыккан.

Улуу Ата Мекендик согуш башталганда, экөө тең майданга кетишет. Т. Байжиев 1944-жылы Украина фронтунан жарадар болуп кайтат. З. Бектенов Иран чек арасын кайтарып жүрүп, 1946-жылы келет. Т.Байжиев СССР илимдер Академиясынын кыргыз бөлүмүндө «Манас» жана фольклор секторун башкарат. З.Бектенов илимий кызматкер болуп дайындалат, эпостун 1100-жылдык юбилейине кайрадан даярдыкты жүргүзүп, илимий изилдөөлөрүн улантышат. Сагынбайдын айтуусу боюнча «Манасты», Саякбайдын «Семетей», «Сейтегин» басмага даярдашат, түштүктөн Барпыны алып келишип, чыгармаларын фондуга жаздырышат. Арстанбек, Калыгул, Молдо Кылыч, Жеңижок сыяктуу элден чыккан улуу инсандардын чыгармаларын чогулттуруп, иретке келтиришип, өзүлөрү түзгөн окуу китептерине киргизишет.

1949-жылы З. Бектенов Саякбайды карелофин элинин "Калевала» эпосунун юбилейине алып барып, «Манастан» үзүндүү аткарып бүт дүйнөдөн келген окумуштууларды таң калтырат. Бирок кийинки эле жылы Сталиндин совет элдеринин улуттук маданиятына каршы жүргүзгөн зомбулук саясатынын негизинде Т. Байжиев менен З.Бектенов буржуазиялык улутчул катары айыптала баштайт. «Манас» эпосу, айрыкча Сагынбайдын варианты, Молдо Кылычтын, Арстанбек, Калыгулдардын чыгармаларынын идеялык багыты феодалчыл, улутчул деген чечимдер чыгат.

Т. Байжиев менен З. Бектеновдун атайын сыйлыкка ээ болгон «Кыргыз адабияты» окуу китеби, «Биздин адабият», «Кыргыз тили» деген китептери окуу программасынан алынып, мектептердин короолорунда өрттөлөт. Т. Байжиев партиядан, жазуучулар Союзунун мүчөлүгүнөн чыгарылып, кызматынан бошотулат. 1950-жылы Т. Байжиев менен З. Бектенов камакка алынып, эл душманы деген өкүм менен он жылга кесилет.

Ташым Байжиев 1952-жылы 17-февралда Караганда концлагеринде каза болот.

З. Бектенов беш жылы түрмөдө жатып, 1956-жылы акталып келатып, Кыргыз университетинде сабак берет. 1991-жылы жашы 80ге, мугалимдик стажы 60 жылга, басмадан чыккан китептеринин саны 32ге жеткенде, «ардактуу профессор» деген наамга ээ болот.

Зияш Бектенов 1994-жылы, 84 жашында дүйнөдөн кайтты.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:

1. «Манас», «Семетей», «Сейтек». Кыскартылып бириктирилген вариант. Жалпы редакциялаган проф. Б.М. Юнусалиев. Кыргызмамбас. Фрунзе. 1958-60-жж.

2. «Сейтек». Саякбай Каралаевдин айтуусу боюнча. «Кыргызмамбас». Фрунзе. 1991-ж.

3. «Манас». Кыргызский героический эпос. Издательтво «Наследие». Москва. 1995 г.

4. «Манас». Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча. «Кыргызстан» басмасы. 1978-ж.

5. «Манас». Саякбай Каралаевдин варианты боюнча академиялык басылышы. Бишкек. «Кыргызстан». 1995-ж.

6. «Манас, Семетей, Сейтек». Эпос: Үчилтик. Түзгөндөр: Ж. Садыков, К. Садыков, Р. Кыдырбаева. «ЖЭКА». Бишкек. 1999-ж.

7. «Семетей». Жусуп Мамай. Бишкек. «Шам» басмасы. 1995-ж.

8. «Манас». Айтуучу Жусуп Мамай. Шинжиан эл басмасы. 2004-ж.

9. «Манас». Кыргыздардын баатырдык эпосу. Түзгөн проф. Бексултан Жакиев. «Бийиктик». Бишкек. 2007-ж.

10. «Семетей». Баатырдык эпос. Уркаш Мамбеталиевдин айтуусу боюнча. «Турар» басмасы. 2010-жыл.

11. Манас. Энциклопедия. Бишкек. 1995-ж.

12. Т. Байжиев, З.Бектенов «Кыргыз адабияты» (фольклор). Кыргызмамбас. 1949-ж.

13. Т. Байжиев, З. Бектенов. Манас насааты. Бишкек. «Шам». 2005-ж.

14. «Судьба эпоса «Манас» после Октября». Сборник документов. Бишкек, 1995-ж.

# МАЗМУНУ

## *МАНАС*


КЫЛЫЧЕВ Э. «МАНАС» ЭПОСУНУН ЖАҢЫ ВАРИАНТЫ.
КИРИШ СӨЗ. ........ 5
ЖОМОК БАШЫ ........ 13
АЛООКЕ КАН КЫРГЫЗДАРДЫ ЧАПКАНЫ ........ 14
ЖАКЫП, ЧЫЙЫРДЫ, БАКДӨӨЛӨТТҮН ТҮШҮ ........ 17
МАНАСТЫН ТӨРӨЛГӨНҮ ........ 19
МАНАСТЫН БАЛА ЧАГЫ ........ 24
БАЛА МАНАС ЭСЕНКАНДЫН БААТЫРЛАРЫН ЖЕҢГЕНИ ........ 30
МАНАСТЫ КАН КӨТӨРҮҮ ........ 37
МАНАСТЫН КОШОЙ БААТЫРГА БАРГАНЫ ........ 40
МАНАС МЕНЕН БАКАЙ ТАБЫШКАНЫ ........ 44
АТА-МЕКЕНДИ ДУШМАНДАН ТАЗАЛОО ........ 46
ТЕКЕС КАНДЫН ЖЕҢИЛГЕНИ ........ 47
МАНАС МЕНЕН КЫЗ САЙКАЛ ........ 50
МАНАС ОРГО КАНДЫ, ЧҮЙДӨГҮ АКУНБЕШИМДИ,
ТАШКЕНДЕГИ ПАНУС КАНДЫ ЖЕҢГЕНИ ........ 53
КЫРГЫЗДАР АЛТАЙДАН АЛА-ТООГО КЕЛГЕНИ ........ 64
АЛООКЕ КАНДЫН ТҮРКСТАНДАН КАЧКАНЫ ........ 67
ШООРУК КАНДЫН МАНАСТАН ЖЕҢИЛГЕНИ ........ 72
МАНАС АТАСЫНА ТААРЫНЫП, АШТЫК АЙДАГАНЫ ........ 76
АЛМАМБЕТ БААТЫРДЫН ОКУЯСЫ ........ 83
АЛМАМБЕТТИН КӨКЧӨГӨ КЕЛГЕНИ ........ 90
АЛМАМБЕТТИН МАНАСКА БАРГАНЫ ........ 97
МАНАСТЫН КАНЫКЕЙГЕ ҮЙЛӨНГӨНҮ ........ 102
КӨЗКАМАН МЕНЕН КӨКЧӨКӨЗ ........ 110
КӨКӨТӨЙДҮН КЕРЭЭЗИ ........ 114
КАБАР БЕРҮҮ ........ 121
НЕСКАРАНЫН МААНИКЕР АТКА КӨЗ АРТКАНЫ ........ 124
МАНАСТЫН АШКА КЕЛГЕНИ ........ 126
АТТАРДЫ ЧУБАТУУ ........ 128
ЖАМБЫ АТЫШ ........ 129
КОШОЙ МЕНЕН ЖОЛОЙДУН КҮРӨШҮ ........ 131
МАНАС МЕНЕН КОҢУРБАЙДЫН САЙЫШЫ ........ 137
КОҢУРБАЙДЫН ЧАТАГЫ ........ 139
КАНДАРДЫН КАСТЫГЫ ........ 143
ЭЛЧИЛЕРДИН МАНАСКА БАРГАНЫ ........ 144
ЧОҢ КАЗАТ ........ 148
АЛМАМБЕТТИ КОЛ БАШЧЫ КЫЛЫП КӨТӨРҮҮ ........ 157
ЧУБАК МЕНЕН АЛМАМБЕТТИН ЧАТАГЫ ........ 170
ЧАЛГЫНДА ........ 176

СОГУШТУН БАШТАЛЫШЫ .................................................. 174
КОҢУРБАЙ МЕНЕН МАНАСТЫН БЕТТЕШҮҮСҮ .................................. 189
ЖАЛГЫЗ КӨЗДҮҮ МАДЫКАН .................................................. 192
БААТЫРЛАРДЫН КЫРЫЛГАНЫ .................................................. 205
МАНАСТЫН АКЫРКЫ КАЙРАТЫ .................................................. 213
МАНАСТЫН ДҮЙНӨДӨН КАЙТКАНЫ .................................................. 216

## *С Е М Е Т Е Й*

ЖОМОК БАШЫ .................................................. 226
КАНЫКЕЙДИН КӨБӨШ КАНДАН ЧАБЫЛГАНЫ .................................................. 227
КАНЫКЕЙ МЕНЕН ЧЫЙЫРДЫНЫН СЕМЕТЕЙДИ АЛЫП КАЧКАНЫ .................................................. 231
СЕМЕТЕЙДИН БАЛА ЧАГЫ .................................................. 234
СЕМЕТЕЙДИН САРЫ ТАЗГА ЖОЛУККАНЫ .................................................. 243
СЕМЕТЕЙДИН ТАЛАСКА КЕЛГЕНИ .................................................. 250
ЧОРОЛОРДУН ЧЫККЫНЧЫЛЫГЫ .................................................. 265
ЧЫНКОЖОНУН СЕМЕТЕЙДЕН АТ СУРАТКАНЫ .................................................. 270
ЧЫНКОЖО, ТОЛТОЙДУН ЗОРДУГУ, ЧҮРӨКТҮН УЧУШУ .................................................. 273
АКШУМКАРДЫН ДАЙЫНЫ .................................................. 283
КҮЛЧОРОНУН ЧАЛГЫНЫ .................................................. 288
ҮРГӨНЧТӨН ӨТҮҮ .................................................. 290
СЕМЕТЕЙДИН КОҢУРБАЙГА КАРШЫ АТТАНГАНЫ .................................................. 301
СЕМЕТЕЙДИН КАРАГУЛГА АЛДАТКАНЫ .................................................. 304
СЕМЕТЕЙ ЖАРАЛАНЫП, АЙЧҮРӨК ОК АТТАГАНЫ .................................................. 307
КОҢУРБАЙДЫН ТАЛАСКА ЧАБУУЛ САЛГАНЫ .................................................. 312
ҮМӨТӨЙДҮН СЕМЕТЕЙГЕ КОЛ САЛГАНЫ .................................................. 317
КАНЧОРО МЕНЕН КЫЯЗДЫН ДОСТОШКОНУ .................................................. 324
КАНЧОРОНУН КАСТЫГЫ .................................................. 328

## *СЕЙТЕК*

КҮЛЧОРОНУН ТУТКУНДАЛЫШЫ .................................................. 334
АЙЧҮРӨКТҮН ОЛЖОГО КЕТКЕНИ .................................................. 337
АЙЧҮРӨКТҮН ТОЛГООСУ .................................................. 338
КЫЯЗДЫН ТООТОРУДАН АЖЫРАГАНЫ .................................................. 346
КЫЯЗДЫН ӨЛҮМҮ .................................................. 347
СЕЙТЕКТИН ТАЛАСКА КЕЛИШИ .................................................. 348
СЕЙТЕКТИН ЧОҢ ЭНЕСИ МЕНЕН ЖОЛУГУШКАНЫ .................................................. 349
КАНЧОРОНУН ӨЛҮМҮ .................................................. 351
МАНАС НАСААТЫ .................................................. 356
«МАНАС» – ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ .................................................. 357
«МАНАС» ЭПОСУН ЖЫЙНОО ЖАНА ИЗИЛДӨӨ .................................................. 358
МАНАСЧЫ ЖОМОКЧУЛАР .................................................. 359

ТҮШ КӨРҮҮ МАСЕЛЕСИ ........ 361
МАНАСЧЫЛАРДЫН ӨМҮР БАЯНДАРЫ ........ 363
«МАНАСТАГЫ» КААРМАНДАР ........ 370
«МАНАС» ДАСТАНЫНЫН НЕГИЗГИ АКЫЛ-НАСААТЫ ........ 404
«СЕМЕТЕЙ» ........ 406
«СЕЙТЕК» ........ 409
ТАШЫМ БАЙЖИЕВ, ЗИЯШ БЕКТЕНОВ ........ 411
КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР ........ 413

*Адабий-хрестоматиялык чыгарма*

**Манас, Семетей, Сейтек дастаны**

Түзгөн **Мар Байжиев**

Редактору *Эсентур Кылычев*
Китепти көркөмдөгөн *Бакытбек Куренкеев*

Компьютерге терип, калыпка салган *Р. Терибаева*

Терүүгө берилди 15.09.2010.
Басууга 20.03.2011. кол коюлду.
Кагаздын форматы $70x90^1/_{16}$.
Көлөмү 26,0 басма табак.

«Бийиктик» басмасы
Бишкек ш., Абрахманов көчөсү, 170 А.
Тел.: